63.3
К-35

Т. Кененсариев

КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРУСИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ

Тарыхты үйрөнүүчүлөр үчүн

Тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти профессор, Кушбек Үсөнбаевдин редакциялоосу астында

66 265
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного университета
ИНВ № 801912

БИШКЕК "КЫРГЫЗСТАН" 1997

ББК 63.3 (2 Ки)
К—36

Кененсариев Т.
К — 36 Кыргызстандын Орусияга каратылышы
Тарыхты үйрөнүүчүлөр үчүн. — Б., "Кыргызстан", 1997.
—360 бет.
ISBN 5241-5-655-01157-3

Жооптуу редактору: Кыргызстан тарыхчылар жамаатынын төрагасы, тарых илимдеринин кандидаты
Кыяс Молдокасымов

Сүрөтчүсү *Кожоев Рыскул Эралиевич*

Китеп кыргыз элинин, Кыргызстандын бүткүл аймагынын Орусияга каратылышынын узак, татаал жана драмалуу жүрүшүнө арналган.

Бул процесс Түркстандагы, Борбордук Азиядагы ички жана тышкы саясий кырдаалдардын, Орусиянын чыгышка көз артуусунун жана англо—орус атаандашуусунун таасирине байланыштырылып, кеңири панорамада изилдөөгө алынды.

0503020911
К ——————97
М 452 (17) — 97

ББК 63.3 (2 Ки)

ISBN 5241-5-655-01157-3 © "Кыргызстан тарыхчылар жамааты", 1997.
© "Кыргызстан" басма үйү, 1997.

КИРИШҮҮ

XIX кылымдын ортосунан XX кылымдын биринчи чейрегине чейинки "колониялык доор" деп аталып келген мезгил — кыргыз эли менен Кыргызстанда жашап жаткан ондогон улуттардын тарыхый тагдырын бириктирген орчундуу доор. Бул тарыхый бурулуш Кыргызстандын жана Орусиянын ошол мезгилдеги коомунун мыйзам ченемдүү өнүгүшүнүн (объективдуу фактор) жана орус падышачылыгынын колониялык саясаты, аны жүргүзүүчүлөрдүн активдүү басып алуу аракеттери (субъективдүү фактор) менен айкалышуусунун натыйжасы болгон. Бул тарыхый татаал жараян (процесс) XIX кылымдын аягы — XX кылымдын башындагы жаңы доордун тарыхнаамасында, андан кийин совет тарыхнаамасында каралып, бир топ жандуу изилдөөлөр жүргүзүлдү. Ошону менен бирге 60-жылдардын башында советтик- -тоталитардык идеологиянын басымы менен расмий түрдө мажбурлоо аркылуу кабыл алынган "ыктыярдуу бириктүү" тезисинин негизинде XIX кылымдын жана XX кылымдын биринчи чейрегиндеги кыргыз тарыхы бир жактуу каралып, Орусияга кошулуу актысы идеалдаштырылып келген.

1985-жылдан баштап, айрыкча, 90-жылдардын башында эгемендүү Кыргызстандын түзүлүшү менен үндөшкөн азыркы тарыхнаама өткөндүн кара тактарын кайрадан изилдөөгө, ал түгүл "изилденип бүттү" деген маселелерди жаңыча көз карашта иштеп чыгууга түрткү берди. Ошондуктан XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын башына чейинки "колониялык мезгил" деп аталган бүтүндөй доордун башталышына алып келген Кыргызстандын Орусияга каратылыш процесси кайрадан кыргыз тарыхнаамасынын актуалдуу проблемаларынын бирине айланды.

а) Маселенин изилдөө тарыхнаамасы

Каралып жаткан маселе XIX кылымдын аягында эле көтөрүлүп, Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды Орусияга каратууга катышкан аскер адамдары, ал процесске күбө болгон падышалык төбөлдөр тарабынан изилдене баштаган. Жаңы доордун тарыхнаамасы деп аталган бул мезгилдеги тарыхчыларды

тарыхнаамачылар (тарыхнаама—"историография" маселелерин изилдөөчү тарыхчылар) жалпысынан үч багытка: дворяндык, либерал-буржуазиялык, демократиялык деп туура бөлүштүрүшөт. Бирок, Орусиянын Түркстанды басып алуу маселесин (жаңы доордогу тарыхнаамада "Кыргызстандын Орусияга каратылышы" деген маселе коюлушу мүмкүн эместиги белгилүү) негизинен дворяндык жана буржуазиялык тарыхчылар гана изилдешкен. Демократиялык маанайдагы изилдөөчүлөрдүн эмгектери көбүнчө падыша өкмөтүнүн саясатын анализдөөгө арналган. Ошондуктан биз жалпысынан дворяндык-буржуазиялык тарыхчылардын эмгектерине токтолгонубуз эп.

Дворяндык-буржуазиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектери мазмуну жагынан эки чоң проблемага арналып жазылгандыгын байкоо анча кыйын эмес. Биринчиси — Орусиянын тышкы саясатына жана ички орчундуу бөлүгү болгон "чыгыш маселесине", англо-орус атаандашуусуна арналып жазылган эмгектер. Бул изилдөөлөрдө Орусиянын чыгышка, Түркстанга карай жылуусунун себептери, орус—чыгыш соода байланыштары жана чөлкөмдөгү англо-орус карым-катнашы айтылат. Илимий иштердин экинчилеринде жалпы эле Түркстанды басып алуунун жүрүшү изилденген. Бул эки багыттагы эмгектер өзүнүн илимий деңгээли боюнча обзордук, жарым-жартылай булакнаамалык очерктерден чыныгы илимий иликтөөгө чейин көтөрүлгөн. Жаңы доордо жаралган эмгектердин авторлору ошол мезгилдин окуяларынын катышуучулары болгондуктан, алар фактылык материалдарды кеңири беришкен.

Орусиянын тышкы саясаты англо-орус атаандашуусу жана Орусиянын Түркстанды каратып алуусу сыяктуу маселелерге арналган эмгектерди дворяндык илимпоздор, негизинен, академиялык окумуштуулар жаратышкан. Бул багыттагы көрүнүктүү илимпоздорго К. Скальковскийди, М. А. Терентьевди, В. В. Григорьевди, Ф. Ф. Мартенсти, М. И. Венюковду, М. Грулевди кошууга болот[1].

---

[1] *Скальковский К.* Внешняя политика России и положение иностранных держав. —СПб.,1897; *Терентьев М.А.* Россия и Англия в Средней Азии.—СПб., 1875; Россия и Англия в борьбе за рынки.—СПб.,1876; *Григорьев В.В.* Русская политика в отношении Средней Азии.// Сборник государственных знаний.—Т.1.—СПб., 1874; *Мартенс Ф.Ф.* Россия и Англия в Средней Азии. —СПб., 1880; *Венюков М.И.* Поступательное движение России в Средней Азии. // Сборник государственных знаний.—Т.3.—СПб.,1877; *Грулев М.* Соперничество России и Англии в Средней Азии.—СПб., 1909 жана башкалар.

XIX кылымдын экинчи жарымында басма сөзгө карата өкүм сүргөн күчтүү цензуралык көзөмөл тышкы саясаттын талуу жерлерин жарыялоого мүмкүндүк берген эмес. Анын үстүнө мамлекеттик архив фонддоруна өкмөттүн өзгөчө ишенимине ээ болгон изилдөөчүлөр гана кире алчу. Ошондуктан жогорку аталган авторлор Орусиянын тышкы саясаты, айрыкча англо-орус атаандашуусунун айланасында өнүккөн Түркстанды каратып алуунун жүрүшү боюнча, негизинен тышкы иштер министри, падыша өкмөтүнүн көрүнүктүү дипломаты, акылдуу жана сак А.М. Горчаковдун 1864-жылкы циркулярдык расмий нотасындагы жобого окшогон көз карашты жакташат. Бул нотанын негизги маңызы ички системасы жакшы уюшулган Орусия сыяктуу мамлекеттин "бейтартип" абалдагы коңшу өлкөлөрдө тартип орнотуу үчүн өз үстөмдүгүн орнотууга умтулуусун идеализациялоодо болгон[1].

Орусия мындай цивилизациялык миссиясын англиялык колонизаторлордон озунуп мурунураак баштоосу, Индиядан жогору карай келе жаткан Англия экспансиясы ны жолун тосуу үчүн Түркстанды буфердик зона катары ээлеп алуусу, ошондой эле Орусиянын Борбордук Азиядагы соода кызыкчылыгын канаттандыруусу жогорку авторлор тарабынан орчундуу максаттар дег эсептелинген. Авторлордун айрымдары "жарым жапайы элдерди цивилизациялоо" миссиясын Англия менен атаандашуу аркылуу ишке ашырууну айтышса, Ф. Мартенс сыяктуу изилдөөчүлөр, те керисинче, Түркстанга "цивилизацияны алып келүү" үчүн Орусия менен Британия кызматташтыкта болуусу керек деген пикирде болгон[2].

Жогоруда аталган окумуштуулар Орусиянын чыгыш жылуусунун себебин саясий, соодалык факторлордон үстүнсө, А.П. Субботин, Н. Шавров сыяктуулар[3], Түркстанды каратуунун түпкү себебине соодалык-экономикалык кызыкчылыкты коюшкан. А.П. Субботин Сибирь, Орто Азия, Персия, Кавказ сыяктуу өлкөлөр жана аларга канаатташ жаткан чөлкөмдөр Орусия үчүн башка мамлекеттердин колониялык эзиктеринин кызматын аткарышы керектиги, бул жердеги сооданын борбор үчүн жалпы мамлекет-

---

[1] Орусиянын тышкы саясат архиви. (Мындан ары ОТСА).—Тышкы иштер министрлигинин. Мындан ары. ИМ) отчеттору фонду. —1864. —198—218-барактар.

[2] *Мартенс Ф.Ф.* Россия и Англия...—90—91-беттер.

[3] *Субботин А.П.* Россия и Англия на среднеазиатских рынках.—СПб., 1885; *Шавров Н.* О путях для торговли с Азией. —СПб., 1873.

тик, экономикалык жана финансылык зор мааниси бар экендиги жөнүндө жазат [1].

Орусиянын Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды басып алуусуна түздөн-түз байланышкан эмгектерди жараткан изилдөөчүлөрдөн М.А. Терентьев и, К.К. Абазаны, А.И. Макшеевди, А. Талызинди, Л.Ф. Костенкону, Д.И. Ивановду, Ф. Лобысевичти, И. Львовду жана башкаларды атоого болот[2]. Бул авторлордун эмгектеринин негизги идеясы жогоруда айтылган "миссияны" ишке ашыруу үчүн орус куралынын Түркстандагы ишмердигин даңазалоо болгон. Падышалык генералдардын "эрдиктерин" баяндаган мисалдарга толгон мындай эмгектерде чынында эле фактылык материалдар көп. Түркстанды басып алууга арналган бул чыгармаларды сын элегинен өткөрүп кароо ошол мезгилдеги драмалуу окуялардын чындыгын халыбына келтирүүгө олуттуу көмөкчү боло алат.

Жогорудагы жаңы доордун тарыхнаамасына берилген кыскача серептин акырында төмөндөгүдөй жыйынтыкка келүүгө болот. Орусиянын Түркстанды каратып алуу маселесин изилдөөдө жаңы доордун авторлорунда азыркы тарыхнаамага тийешелүү талаптар, методологиялык принциптер жок болгонуна карабастан, алардын эмгектеринде Орусиянын чыгышка умтулуусундагы саясий-стратегиялык себептердин олуттуулугун жана Түркстанды каратуу басып алуу жолу менен ишке ашырылгандыгын бай фактылар менен далилдөө аракеттерин тарыхнаамалык жетишкендик деп баалоого болот.

Советтик тарыхнаамада каралып жаткан маселени изилдөө үч доорго бөлүнөт: 1) 1917-жылдан 30-жылдардын ортосуна чейин; 2) 30-жылдардан 50-жылдардын аягына чейин; 3) 60-жылдардан 90-жылдардын башына чейин. Аталган бөлүштүрүүгө кошулуу менен 90-жылдардын башынан жаңы — төртүнчү доордун башталышын белгилей кетүү абзел. Себеби постсоветтик кооом-

---

[1] *Субботин А.П.* Россия и Англия... —75, 80—84-беттер.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии. —Т. 1—3. —СПб., 1906; *Абаза К.К.* Завоевание Туркестана. —СПб., 1902; *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана и наступательного движения в него русских. — СПб., 1890; *Талызин А.* Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855—1868 гг.) Верный, 1898; *Иванов Д.* Очерк военных действий в Средней Азии с 1847 г. до 1869 года.—Вып.2.—Т., 1881; *Костенко Л.* Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности. —СПб., 1871; *Лобысович Ф.* Поступательное движение в Среднюю Азию в торговом и дипломатическо-военном отношениях.—СПб., 1900; *Львов И.* Завоевание Туркестана.// Русский вестник, 1868.— № 7.

дук өнүгүүнүн эгемендүү Кыргызстанда жүрүшү тарыхнаамага жаңыча көз караштарды жаратуу менен ага олуттуу бурулуш киргизди.

1950-жылдарга чейин Кыргызстандын Орусияга каратылышы жөнүндө кыргыз тарыхнаамасы олуттуу эмгектерди жарата алган эмес. Себеби тарых илими жаңыдан гана телчигип келаткан эле. Ошондуктан бул маселе Түркстан чөлкөмүнө арналып жазылган эмгектерде жана кыргызстандык айрым изилдөөчүлөрдүн макалаларында чагылдырылган.

Орусиянын Түркстанды каратып алышы алгачкы тарыхчы М.Н. Покровскийдин падышачылыктын тышкы саясатына арналган изилдөөлөрүндө чагылдырылган[1]. Анын эмгектеринде негизинен падышачылыктын талоончул басып алуулары баса көрсөтүлүп[2], чет-жакаларды колонияларга айландыруу туура баалынган. 30-жылдарда жана андан кийин маселени олуттуу изилдегендердин бири А.Л. Попов болду[3]. Анын пикирлери кийинки изилдөөчүлөргө усул болуп, орус падышачылыгынын колониялык саясатын түшүндүрүүдөгү "марксисттик көз караш" аталган 40—80-жылдардагы тарыхнааманын негизги принциптерин түптөгөн. Маселени бир топ деңгелде конкреттүү изилдегендерден П.Г. Галузону[4] айтпай кетүүгө болбойт. Анын падышачылыктын колониялык саясатына арналып жазылган китептеринде алгач ага М.Н. Покровскийдин таасири катуу тийгендиги көрүнөт. Покровскийдин "соода капиталы" жөнүндөгү көз карашын өздөштүргөн П.Г. Галузо Түркстанды каратуунун башкы себебин Орусиянын "соода буржуазиясынын" гана кызыкчылыгынан көрүп, бирок басып алуунун реакциячылдыгын туура баамдаган. 1875—76-жылдардагы Кокон хандыгына жана Орус империясына каршы элдик кыймылды "революция" катары баалоосу[5] аша чапкандык болсо да, П. Галузо Фергана тургундарынын орус коло-

---

[1] *Покровский М.Н.* Дипломатия и войны царской Росии в XIX столетии. —М., 1923—1924.

[2] *Ахмеджанов Г.А.* Советская историография присоединения Средней Азии России.—Т., 1989.—36-бет.

[3] *Попов А.Л.* Из истории завоевания Средней Азии // Исторические записки (мындан ары ИЗ).—Т.9.—1940; Борьба за среднеазиатский плацдарм.—Ошол эле жерде.—Т.7; Внешняя политика русского царизма в XIX веке в "кривом зеркале" М.Н. Покровского // Против антимарксистской концепции М.Н. Покровского.—2-бөлүк.—М—Л., 1940.

[4] *Галузо П.Г.* Туркестан — колония.—М., 1929.

[5] *Галузо П.Г.* Национально-освободительное движение в Средней Азии. "Революция в Средней Азии" деген китепте.—Т., 1929.—107—108-беттер.

ниализмине каршы күрөшүнүн маңызына туура баа берген изилдөөчү болгон .

С. Павлов жана М. Рабинович Түштүк Кыргызстандын Орусияга каратылышын, 1873—76-жылдардагы элдик кыймылды туура баалап, өзгөчө Искак Асан уулу Полот ханды чыныгы эл уулу катары санаган алгачкы изилдөөчүлөрдөн[1]. Бул авторлордун эмгеги "согушчан марксизмдин таптык келишпес карама-каршылыгы" жөнүндөгү концепциясынын духунда жазылганы менен анын айрым жыйынтыктары азыркы тарыхнааманын пикирлерине үндөшүп кетет.

1930-жылы жарык көргөн В.Л. Лаврентьевдин Түркстандагы капитализм жөнүндөгү эмгегинде Түркстанды каратып алуу маселеси козголбо ону менен, анын "Түркстанды басып алуу жана андан кийинки мезгилдерде соода кызыкчылыгы падышачылыктын экономикалык саясатын аныктап турган" деген пикири ын[2] колдоого болот. Падышачылыктын Кыргызстанды каратып алуусун учкай сүрөттөгөндөрдүн бири Т. Рыскулов болду.[3] Анын Иле казактары жана Чүй, Ысык-Көл кыргыздары Орусия букаралыгын каршылык көрсөтүү менен ыктыярсыз кабыл алган деген ою коңүл бурдурат [4].

Негизинен 20—30-жылдардагы тарыхнаама Түркстандын Орусияга каратылышы жөнүндөгү маселеде, жаңы доордун концептуалдуу чыгармаларынын жыйынтыгындай эле Орусия Кыргызстанды басып алган деген көз карашта турган. Кийинки мезгилдердеги ири тарыхчы А. Хасанов 40-жылдарда так ушул пикирди колдогон[5]. Чынында басып алуучулук менен коштолгон Орусиянын Түркстандагы колониялык саясатынын реакциячыл жактары "абсолюттук балээ (абсолютное зло)" катары каралып, Кыргызстандын капиталисттик Орусиянын курамына өтүшү объективдуу түрдө цивилизациялык алакага кирүү шартын түзүүгө көмөк көрсөткөндүгү көмүскөдө калгандыгын[6] тануунга болбойт. Көрүнүктүү окумуштуу М.П. Вяткин 1941-жылы жарык көргөн эмге-

---

[1] *Павлов С., Рабинович М.* Кокандское восстание (1875—76 гг.) —"Борьба классов" деген журналда.—М., 1936.— 4.—47—56-беттер.

[2] *Лаврентьев В.* Капитализм в Туркестане.- М., 1930.—7-бет.

[3] *Рыскулов Т.* Кыргызстан.—М., 1935.

[4] *Рыскулов Т.* Кыргызстан.—27—28-беттер.

[5] *Бактыгулов Ж..С.* Историография дореволюционного Киргизстана.—Ф., 1988.—89-бет.

[6] *Бактыгулов Ж..С.* Историография дореволюционного Киргизстана.--Ф., 1988.—89-бет.

гинде мындай пикирдин бир жактуулугун жумшартуу максатында "кичирээк балээ (наименьшее зло)" терминин биринчи жолу колдонгон[1]. Бул тезис кыргыздардын башка ири мамлекетке карап кетүүсүнөн Орусияга кошулуусу "азыраак балээге" гана алып келип, мындай кадам болочокто социалдык-экономикалык жана саясий жактан келечектүү болорун көрсөткөн көз караш эле. Чынында бул тезис тарыхнаамanын Түркстанды Орусияга каратуунун реакциячылдыгы жөнүндөгү пикирден анын "прогрессивдүүлүгүн" таануучу пикирге өтө баштагандыгын чагылдырган.

40-жылдарда Б.Ж. Жамгырчиновдун, А.Н. Бернштамдын жана С.М. Абрамзондун бир топ тарыхнаамалык байкоолорун айтпай кетүүгө болбойт. Алар Кыргызстандын Орусияга кошулуу процессин али концептуалдуу изилдөөгө киришишпесе да, маселеге тиешеси бар кай бир конкреттүү суроолорду туура чечишкен. Мисалы, А.Н. Бернштам Ормон, Үмөтаалы, Балбай сыяктуу манаптардын орус букаралыгына өтүү процессиндеги "баш тартуулларын" оң образда көрсөтүп, 1873—76-жылдардагы кыймылды, кыргыз элинин Кокон хандыгына жана орус колониализмине каршы боштондук күрөшүн жана Курманжан датка, анын балдарынын 1876-жылдын жазындагы генерал М.Д. Скобелевдин жазалоочу отрядына каршы аракеттерин прогрессивдүү деп баалаган. Б. Жамгырчинов болсо Ормондун мезгилин тереңирээк изил-деп, анын жеке инсандык касиетин жогору баалап, кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттик бирикме түзүүгө умтулгандыгын белгилеген[2]. С.М. Абрамзон орус букаралыгына өтүүгө кай бир манаптардын өз кызыкчылыгын гана көздөп макул болушун, ал эми басымдуу эл массасы ага каршы экендигин, Курманжан датка, Мадалы эшен сыяктуу инсандардын боштондукка аракеттенүүсү прогрессивдүү болгондугун жазган[3]. 40-жылдардын аягында жарык көргөн айрым фундаменталдуу эмгектерде 1873—

---

[1] *Вяткин М.П.* Очерки по истории Казахской ССР.Т.1.—Л.,1941.—131—32-баракtар.

[2] *Джамгерчинов Б.Д.* Киргизия в эпоху Ормон хана (Из истории фео-дально-родовых войн киргизов в XIX в.) —Труды Института языка и литературы Киргизского филиала Академии Наук СССР (Мындан ары "Труды ИЯЛИ КирФАН СССР") —1-чыг.; *Бернштам А.Н.* Из истории международных и военных отношений киргизского народа (с древнейших времен до 1924 г.)— Известия КирФАН СССР. —1945. —1-чыг.; Ошол эле автор. Великое наследие киргизского народа. —Ошол эле жерде.; Ошол эле автор. Историческое прошлое киргизского народа.—Ф.,1948.

[3] *Абрамзон С.М.* Очерк культуры киргизского народа. —Ф., 1946. —22—25-беттер.

1876-жылдардагы окуяларды улуттук-боштондук мүнөзүндөгү күрөш төр деген пикир болгондугу маалым[1].

50-жылдарда "кичирээк балээ" концепциясы катуу сынга алынды[2] жана "кошулуу" деген термин "басып алуу", "каратуу" деген терминдердин ордуна көбүрөөк колдонула баштады. Бул мезгилдеги тарыхчылар Орусиянын Түркстанды каратуусунун прогрессивдүү жактарына басым көрсөтүшүп, падышанын эркинен тышкары метрополия менен колонияларда жашаган "эл массалары өз ара карым-катнашта боло берет" деген пикирди алдыңкы орунга коюшкан[3].

1950-жылдардын биринчи жарымындагы тарыхнаамандын концептуалдуу өзгөрүшү өлкөдөгү тоталитардык-бюрократиялык системанын күчөп бара жаткан учурундагы саясий-идеологиялык абалдын шартында өнүктү. 1947-жылы эле Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитети СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын тил, адабият жана тарых институтунун ишин талкуулап, кыргыз элинин тарыхы "улуу орус элинин тарыхынан обочолонуп изилденип жаткандыгы, ал өткөндүн мурастарын туура эмес мүнөздөөгө алып келерин" белгилеп, мындай "кемчиликтерди тезинен оңдоого" көрсөтмө берген болучу[4]. 1952-жылы сентябрда болуп өткөн Кыргызстан Компартиясынын VI съезди Кыргызстандын тарыхындагы "одоно кемчиликтерди" жоюу керектигин дагы бир жолу баса белгиледи[5]. Официалдуу идеологиянын камчысын чапкан М.П. Ким сыяктуу борбордук академиялык тарыхчылар, коммунисттик партиянын басма сөз органдары бул маселени кызуу талкуулап жатышты[6].

---

[1] История СССР. —М.,1949.—Т.2.—С.589; История народов Узбекистана.—Т.,1947. —Т.2. —С.244; *Яковлев Н.Н.* Народы Средней Азии в середине XIX в.—М.,1946.

[2] *Нечкина М.М.* К вопросу о формуле "наименьшее зло".//Вопросы истории (мындан ары ВИ).—1951. —№ 4; *Якунин А.Ф.* О применении понятия "наименьшее зло" к оценке присоединения нерусских народностей к России.—Ошол эле жерде.—№ 11; *Брагинский И.С., Раджабов С. и Ромодин В.А.* К вопросу о значении присоединения Средней Азии к России. // Ошол эле жерде.—1953.—№ 8 жана башкалар.

[3] *Бактыгулов Д.С.* Историография дореволюционного... —89-бет.

[4] Очерки истории Коммунистической партии Киргизии.—2-чыг.—Ф., 1979. —436—39-беттер.

[5] *Бактыгулов Д.С.* Историография дореволюционного...—90-бет.

[6] *Ким М.П.* Об ошибках в работах по истории Киргизии. // Вестник АН СССР.—1952.—№ 5; Правда.—1952-жыл, 8-июнь; Советская Киргизия (Мындан ары СК). —1952-жыл. —2-июнь.

1953-жылдын 12—16-майында Фрунзе шаарында Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпыланган академиялык китептин макетин, улуттук кыймылдардын маани-мүнөзүн талкуулоо үчүн Москванын, Ленинграддын жана коңшулаш республикалардын белгилүү тарыхчыларынын катышуусу менен илимий конференция болуп өттү. Конференция жогорку "кемчиликтерди" катуу сынга алып, кыргыз тарыхнаамасын ошол мезгилдин шартындагы официалдуу идеологиянын духунда өнүгүүгө багыттады. Анын резолюцияларынын эң маанилүү жыйынтыгы—XIX кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстандагы боштондук кыймылдарга баа берүү болучу. Талкуу мезгилинде ошол кездеги жаш тарыхчы К.Үсөнбаев сыяктуу изилдөөчүлөрдүн айрым баалуу пикирлерине карабастан, борбордон атайын тапшырма менен келген окумуштуу А. Пясковскийдин концепциясы кабыл алынды. Натыйжада конференциянын резолюциясы 1873—74-жылдардагы Фергана өрөөнү жана Кыргызстандын түштүгүндөгү элеттиктердин антикоколдук көтөрүлүштөрүн прогрессивдүү боштондук кыймылдар болгон деп көрсөткөнү менен ошол эле кыймылдын уландысы катары өнүккөн Полот хандын 1875—76-жылдардагы көтөрүлүшүн реакциялуу, феодалдык-улутчулдук кыймыл деп аныктады[1]. Бул тарых илимине саясаттын одоно кийлигишүүсүнүн башталышы эле.

Кийинки жылдары жалпысынан биз карап жаткан проблеманын булактык базасы кеңейип, тарыхнаамалык жактан андан ары өнүгө берди.

Түркстандын, анын ичинде Кыргызстандын соңку жаңы доорго чейинки коомдук өнүгүшү жөнүндө 1954-жылы болуп өткөн Ташкенттеги биргелешкен илимий сессия 30-жылдардан бери талкууга алынып келген[2] көчмөн элдердин таптык коомунун өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү (көчмөн элдерде таптык коом, айрыкча феодализм болгон эмес деген көз караш) жөнүндө теориянын туура чечилиши (көчмөн элдер деле отурукташкан элдер жана шаар калкы сыяктуу бүткүл дүйнөлүк мыйзам ченемдүү өнүгүүгө ээ) менен катар тарыхнааманын алдына бир катар маанилүү милдеттерди койду[3].

---

[1] Труды института языка, литературы и истории КирФАН СССР. —Вып IV. —Ф.,1954. —137—142.

[2] Основные проблемы генезиса и развития феодального общества. —М., 1933. —188—89, 381—86-беттер.

[3] Материалы научной сессии, посвященной истории Средней Азии и Казахстана в дооктябрский период. —Т., 1955.—136-бет.

Сессиядан кийинки кыргыз тарыхнаамасынын өнүгүшүндө Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхын изилдөөгө түздөн-түз киришишкен А. Хасанов, Б. Жамгырчинов сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулар жигердүү эмгектене баштады. Ушул жылдары жарык көргөн бир катар изилдөөлөр менен катар Б.Жамгырчинов 1959-жылы фундаменталдуу эмгегин басмадан чыгарды[1]. Анын артынан К. Үсөнбаевдин, А. Хасановдун баалуу изилдөөлөрү жарык көрдү[2]. Бул эмгектерде кеңири архивдик жана басмадан чыккан түрдүү булактардын негизинде падышачылыктын реакциячыл, колониалдык саясатын көрсөтүү менен катар эле, Орусиянын курамына кирүү менен шартталган прогрессивдүү жылыштарды, жалпы эле чет-жакалардагы социалдык-экономикалык, саясий, руханий өсүүнү, XIX кылымдын акырында жана XX кылымдын башында Орусиядагы революциялык кыймылдын орус эмес элдерге тийгизген "зор таасири" ачылып берилген.

1958-жылы СССР Илимдер академиясы Өзбек, Түркмөн, Тажик, Кыргыз илимдер академияларынын биргелешкен "Орто Азиянын Орусияга кошулушунун прогрессивдүү мааниси" деген конкмо илимий сессиясын өткөрүштү. Сессиянын катышуучуларынын көпчүлүгү Орто Азия Орусия тарабынан "кошулуп алынган" (присоединение) деп баса көрсөтүштү. А. Пясковский (бул окумуштуу "улуттук-боштондук кыймылдар" жөнүндө таптакыр уккусу келбеген тарыхчы катары кеңири белгилүү) түркстандыктардын Орусиянын кошуп алуусуна каршылык көрсөткөндүгүн негизинен мойнуна алып, бирок бул маселеде окумуштуулар арасында эки агым бар деп белгилей кетти[3]. А. Пясковский бул сөзүндө ошол мезгилде даярдалып жаткан "ыктыярдуу кошулуу" концепциясын эскертип өткөнсүдү. Чынында да маселе иш жүзүндө ошол жакка ооп бара жаткан.

1950-жылдардан саясаттын тарых илимине кийлигишүү тенденциясы улам катуулап, 60-жылдардын башында тоталитардык

---

[1] *Аполлова Н.Г.* Присоединение Казахстана к России в 30-х годах XVIII в. — А-А., 1948; Присоединение Средней Азии к России.—М., 1954; *Бекмаханов Е.Б.* Присоединение Казахстана к России.—М., 1957; *Джамгерчинов Г.Д.* Присоединение Киргизии к России.—М., 1959.

[2] *Усенбаев К.У.* Присоединение Южной Киргизии к России.—Ф.,1960; *Хасанов А.Х.* Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50—70-х годах XIX в.—Ф., 1961.

[3] *Бабабеков А.* Орусия Орто Азияны басып алганбы? —Кыргызстан Маданияты (Мындан ары КМ) —1990.—6 декабрь.

системанын расмий идеологиясы тарыхтагы олуттуу мааниси бар проблемалардын чечилишине түздөн-түз үстөмдүк кылууга чейин жетти. Эл достугу деген улуу нравалык категорияны "улуу ага болгон орус элине анын кичүү иниси — кыргыз элинин ысык мамилесине" айландырышып, коммунисттик партиянын ашынган жергиликтүү жетекчилери 1963-жылы кыргыз элинин Орусиянын курамына "ыктыярдуу киришинин 100 жылдыгын" белгилемек болушту. Мындай салтанатка карата Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин атайын токтому чыкты[1]. Кыргыз тарыхнаамасынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Б. Жам-гырчиновго анын Кыргызстандын Орусияга кошулуу маселесин изилдегөн эмгегине "ыктыярдуу биригүү" терминин мажбурлап кигеп жарыялашты[2]. Ошол жылы майрамга карата бир катар конференциялар өтүп, жыйнактар жарык көрдү[3].

Кыргыз тарыхчысы Б. Жамгырчиновдун 1963-жылы чыккан "ыктыярдуу биригүү" жөнүндөгү эмгеги, таланттуу илимпоздун мурунку жарык көргөн китебиндеги эле материалдар болучу. Анын темасы гана алмашканы менен, "ыктыярдуу биригүү" деп аталышынын чоң саясий мааниси болгон. Б. Жамгырчиновдун соңунан Борбордук Азиянын көп тарыхчылары эмгектерин ушундай атоого мажбур болушту. Окумуштуулардын изилдөөлөрү эрксизден "ыктыярдуу биригүү" концепциясына ылайыкталып жатты. "Республикабыздын тарых илими жетекчиликтин бюрократтык ыкмаларынан жана мансаптуу адамдардын чала-сабат кийлигишүүсүнөн" жапа чегип, "өзүн тарыхтын билерманымын дегендер ал илимди биротоло колбала кылып алышты. ... Баалуу көрсөтмөлөрүн аяшпай, өздөрүнүн тайкы пикирлерин таңуулашты. Ал түгүл тескөөчүлүктөн да кайра тартышпай, коркутуп-үркүтүүгө чейин барышты, окумуштууларга ойдо жок жарлыктарды таңышып, олуттуу саясий күнөө коюшту жана кадимки дей куугунтукка алышты", — деп жазат кыргыз тарыхнаамасынын ири өкүлү К.Үсөнбаев[4].

---

[1] СК.—1963.—20-январь.

[2] *Джамгерчинов Б.Д.* Добровольное вхождение Киргизии в состав России. — Ф.,1963.

[3] Материалы научно-теоретической конференции, посьященной 100-летию добровольного вхождения Киргизии в состав России. // Киргизский государственный институт физической культуры. —Ф., 1963; Навеки вместе с русским народом! // Сборник материалов празднования 100-летия добровольного вхождения Киргизии в состав России. —Ф., 1964.

[4] *Үсөнбаев К.* Тарыхый чындык — тактыкка муктаж. —КМ.—1989.—16-ноябрь.

Кыргызстандын Орусияга каратылышы жөнүндөгү маселе ошентип 1950—80-жылдарда официалдуу идеологиянын кийлигишүүсү астында өнүгүп келди. 1956, 1963, 1986-жылдардагы Кыргызстандын тарыхынын академиялык басылмаларында "кыргыз элинин Орусиянын курамына ыктыярдуу кириши" жөнүндөгү маселе уламдан улам бийликтегилердин жолдомолоруна ылайыкталып жазылып жатты. Борбордук изилдөөчүлөрдүн "кошулуу (присоединение)" деген терминде кала бериши[1] нен е ир кыргыз тарыхнаамасынын коңулун бурбады. Ал түгүл 1986-жылы чыккан Кыргызстандын тарыхына "Кыргызстандын Орусиянын курамына ыктыярдуу кириши жана анын прогрессивдүү натыйжалары (1855—1917)", деген атайын бап (глава) киризилди. Орусиянын Кыргызстанды каратып алыш процесси аталган бапта кыргыз элинин "өзүнүн агасы — орус элине бириксем деген эзелтен берки көксөгөн ой-мүдөөсүнүн аткарылышы" катары көрсөтүлдү[2]. Кийинки беттеридеги "ошондон баштап кыргыз эли Орусия менен түбөлүк туугандашты", "Орусия менен агаиндик бирдикте ... кыргыз эли улуу орус элинен өзүнүн бир тууганын жана коргоп калар ишенимдүү кишисин, байкесин тапты" деген сыяктуу сөздөр[3] менен коштолгон бул бапта Кыргызстандагы колониализм доору жымсалданып, анын реакциячыл кесепеттери жөнүндөгү тыянактар берилбеди.

1986-жылы аталган китептин жарыкка чыгышы бюрократиялык системанын тарых илимине одоно кийлигишүүсүнүн жемиштеринин эң жогорку апогейи болду. Чыныгы Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды, каратып алышкан орус генералдары, XIX кылымдын 60-жылдарынан 1917-жылга чейинки орус тарыхнаамасынын көрүнүктүү өкүлдөрү "Борбордук Азияны басып алуу (завоевание)" деген термин менен, ал эми XX кылымдын 20—50-жылдарында жергиликтүү тарыхнаамада бул актыны "кошулуу (присоединение)" деген термин менен аташып, ал түгүл Москва, Санкт-Петербург тарыхнаамасынын өкүлдөрү ушул мезгилге чейин "ыктыярдуулук" терминин колдонушпаса да, Кыргызстандын саясий бийлик өкүлдөрүнүн тарыхчыларга "ыктыярдуу биригүүнү" ыктыярсыз таңуулашын тарыхтын логикасына каршы туруу деп баалоого болот.

---

[1] *Халфин Н.А.* Присоединение Средней Азии к России. — М., 1965.

[2] История Киргизской ССР. —Т.2.—Ф.,1986.—26-бет. // *А. Арзыматовдун* "Жымсал сөздүн ачыгы" аттуу КМнын 1989-жылдын 11-майындагы санына басылган макаласынан алынды.

[3] *Арзыматов, А.* Жымсал сөздүн ачыгы. —КМ. —1989. —11-май.

Акрийне, 80-жылдардын экинчи жарымынан баштап сөз эркиндигинин, демократиянын желаргысы жүрүп, 90-жылдардын башында эгемендүү Кыргызстандын эркин тарыхнаамасында кыргыз элинин XIX кылымдын 50—70-жылдарында болуп өткөн орчундуу бурулушун ачып берүү дурус жолго коюла баштады. Ага акыркы мезгилде жарык көргөн бир катар макалалар жана китептер, уюшурулган талкуулар, 1988—91-жылдардын аралыгындагы Бишкектеги, Оштогу, Москвадагы, Ташкенттеги, Алматыдагы, Дүйшөмбүдөгү илимий конференциялар күбө[1]. Бирок жыйынтыктоочу концептуалдуу, атайын эмгек жазыла элек. (Тарыхнаамалык таризде 1989-жылы жарык көргөн Г.А. Ахмеджановдун китебинин белгилүү мааниси болсо да аны акыркы мезгилдин концептуалдуу чыгармасы деп санооого мүмкүн эмес. Себеби, бул китеп Түркстандын Орусияга каратылыш маселесиндеги советтик көз караштын духунда жазылган акыркы эмгек [2]).

Кыргызстандын Орусияга каратылышына түздөн-түз арналбаса да, ага тигил же бул деңгелде тиешеси бар маселелер ушул мезгилге чейин бир топ изилденип келди. Алар колуңуздардагы китептин тиешелүү беттеринде айтылат.

Жогоруда берилген ойлорго негизденип Кыргызстандын Орус империясына каратылышы али толук изилденип бүтпөгөндүгүн, анын мүнөзүнө конкреттүү баа бериле электигин жана ушул убакка чейин бул маселенин тегерегиндеги көптөгөн талаш-тартыш суроолор чечилбей келе жаткандыгын баса белгилөөгө туура келет. Ошону менен бирге бизге өткөн тарыхнаама маселе-

---

[1] *Усенбаев К.* Тарыхый чындык тактыкка муктаж. —КМ. —1989. —16-ноябрь; *Табышалиев С., Плоских В., Усенбаев К.* Поворотный пункт в судьбе народа.—СК. —1990. —5-апрель; *Бабабеков А.* Орусия Орто Азияны басып алганбы? —КМ.—1990. —16-декабрь; *Арзыматов А.* Кыргызстандын Октябрга чейинки тарыхын изилдөөнүн маселелерине карата. —КМ. —1990. —№ 2; Тарыхка тактык керек же кыргыз урууларынын Орусияга кошулушу тууралуу маек. —ЛЖ). —1990. —25-январь; *Жакыпбеков Ж.* Кыргыз историографиясынын айрым маселелери (XIX кылым). —Б., 1995; Ошол эле автор. Историография проблем истории Кыргызстана второй половины XIX — начала XX вв. —Б.,1995; *Кененсариев Т.* О некоторых методологических аспектах исследования истории Киргизии во второй половине XIX —начале XX вв. // Изв. АН Кирг. ССР. Общ. науки. (Мындан ары ИАНКССРОН). —1991. —№ 2; Ошол эле автор. Россия — Кыргызстан: биригишүүбү же басып алуубу? — Саясий трибуна (Мындан ары СТ). —1990.—№ 4; *Алымбаев Ж.* Орусия жана Борбордук Азия: Тарыхый мамилелердин айрым маселелери. —Заман Кыргыз-стан (мындан ары ЗК).—10-март.—1995-жыл.; —ЛЖ.—1990-ж.—25-январь.

[2] *Ахмеджанов Г.А.* Советская историография присоединения Средней Азии России.—Т., 1989.

нин төмөнкү жагдайларын көз жаздымында калтырып же толук изилдебей келгендей туюлат:

1. Кыргызстандын Орусияга каратылар алдындагы саясий абалы жана Орусиянын Түркстанга умтулуусунун өбөлгөлөрү, мотивдери.
2. Түндүк кыргыз урууларынын Орусияга жүз бурушунун себептери, анын мүнөзү.
3. Түндүк Кыргызстанда орус букаралыгын орнотуунун ыкмалары жана анын бекемделиши.
4. Түштүк кыргыз уруулары каратуу алдындагы Орусияга ыңгайлуу ички жана тышкы өбөлгөлөрдүн даярдалышы.
5. Кокон мамлекетинин 1870-жылдардагы саясий тарыхы менен Түштүк кыргыз урууларынын Орусия тарабынан басылып алынышынын биримдикте жүрүшү.
6. 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын өбөлгөлөрү, себептери, жүрүшү, мезгилдери, мүнөзү жана жыйынтыктары.
7. Түндүк жана Түштүк кыргыз урууларынын белгилүү инсандарынын тарых-таржымалы, алардын ишмердигин мүнөзү.

б) Маселенин изилдөө булактары

Орусиянын Кыргызстанды каратып алышын изилдөөдө түрдүү булактар колдонулду. Алар: а) мийзам актылары (мыйзамдар, жоболор); б) актылык документтер (указдар, манифесттер, уставдар, келишимдер, дипломатиялык документтер); в) иш кагаздары (отчеттор, баяндамалар, рапорттор, билдирүүлөр, көрсөтмөлөр, каттар, телеграммалар жана башкалар); г) мезгилдүү басма сөз материалдары (газета-журналдардагы макалалар, түрдүү мезгилдүү басма сөз жыйнактары жана башкалар); д) нарративдик же жеке адам тарабынан жазылган булактар (эскермелер, күндөлүктөр, мемуарлар жана башкалар). Жогорку бөлүштүрүү булактардын мааниси жана мүнөзү боюнча жүргүзүлдү. Ал эми формасы жана сакталган орду боюнча булактар негизинен экиге бөлүнөт: 1) архивдик документтер жана 2) жарык көргөн материалдар.

Колуңуздардагы изилдөөдө колдонулган булактардын негиздүүлөрүнө берилген кыскача сереп булактардын мааниси, мүнөзү жана белгилери боюнча берилди. Сереп учурунда каралып жаткан материалдын сакталган орду жөнүндө да сөз болот.

а) Мыйзам актылары негизинен Орусия мамлекетинин ички саясатын чагылдырса да, кандайдыр деңгелде тышкы саясатты жана Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды басып алуу про-

цессинин кай бир учурларын да чагылдырат. Буларга Орусиянын XIX к. экинчи жарымындагы — XX к. башындагы негизги мыйзам актылары[1], 1867-жылкы Түркстан чөлкөмүн башкаруунун убактылуу Жобосу жана 1868-жылкы Талаа облустарын башкаруунун убактылуу Жобосу[2], 1886-жылы бекитилген Түркстан чөлкөмүн башкаруунун Жобосу[3] кирет.

б) Актылык документтерди Түркстан облусун (1865), чөлкөмүн (1867, 1886) түзүү, Кыргызстандын тигил же бул чөлкөмдөрүн кошуп алуу, саясий аракеттерди баштоо жөнүндө императордун указдары, саясий-дипломатиялык келишимдер (1855-, 1863-жж. бугулардын, чериктердин антттары, 1868-, 1875-жж. орус—кокон келишимдери ж.б.) түзүштү. Бул документтер архивдик фонддордо[4] же жарык көргөн жыйнактарда[5] чагылдырылган.

в) Маселени изилдөөдө Москва, Санкт-Петербург, Ташкент, Алматы, Бишкек шаарларындагы архивдерде жайгашкан иш кагаздары кеңири колдонулду. Алардын бир тобу (1865-ж. Талаа комиссиясынын эмгектери[6], Түркстанды башкаруунун Жобосунун долбоорлору[7], Кыргызстанды каратуунун жүрүшүндөгү рапорттор жана билдирүүлөр[8]) ыңкылапка чейин эле жарык көргөн.

---

[1] Внешняя политика России XIX и начала XX вв. Документы Российского министерства иностранных дел. Серия 1. —Т.7—8. —М.,1970—1972.; Серия II. —Т.1—4.—М.,1974—1980.

[2] Материалы по истории политического строя Казахстана.—А—А.,1960. —Т.1.

[3] Положение об управлении Туркестанским краем. —Т., 1916.

[4] Архивдик фонддор жөнүндө китептин кийинки барактарынан маалымат ала аласыз.

[5] Жарык көргөн жыйнактардын жана китептердин аталыштары библиографияда кеңири берилди.

[6] Материалы по истории политического строя Казахстана...—Т.1; Проект Степной комиссии 1857 г. —СПб.,1867.

[7] Материалы по истории политического строя Казахстана.—Т.1...; Проект положения об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве генерал-лейтенанта Г.А. Колпаковского.—Т.,1881; Записка о главных началах для устройства и управления и Проект Положения об управлении Туркестанским краем комиссии графа Н.И. Игнатьева. —СПб., 1884 жана башкалар.

[8] Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник. —Вып.1—5. —СПб., 1872—1879; Военные действия против Кокандского ханства. —Военный сборник (мындан ары ВС) —1875. —№ 12; 1876. —№ 1—8; Военные действия против кокандцев в 1875—76 гг. // По официальным донесениям. —СПб., 1876; *Серебренников А.Г.* Туркестанский край. Сборник материалов для истории его завоевания. —СПб., 1865. —Т.17.—Ч.1, *Серебренников А.Г.* Кокандский поход 1875—76 гг.—Чыккан жери жана жылы белгисиз. *Серебренников А.Г.* К истории Кокандского похода.—ВС. —1897.—№ 9,1899. —№ 4.

Государственного университета
инв. № 201912

г) Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды каратуунун өбөлгөлөрү, себептерин, жүрүшүн жана жыйынтыктарын XIX кылымдын экинчи жарымынан Орусиянын, кийинчерээк Түркстандын өзүнүн мезгилдүү басма сөз материалдары чагылдырып турган. Мындай маалыматтар изилдөөдө кеңири колдонулду.

"Вестник Европы," "Русский вестник," "Исторический вестник" журналдарында чыккан кай бир материалдар булактык деңгелден тарыхнаамалык чыгарманын деңгелине чейин көтөрүлүп, Кыргызстандын Орусияга каратылышынын түрдүү жактарын чагылдырат. Журналдардын ичинен Кыргызстанды басып алуу процессинин конкреттүү жүрүшүн чагылдырууда "Военный сборник" журналы эң орчундуусу. "Военный сборниктин", айрыкча 1875—78 жана 1897-, 1899-жылдардагы сандарында орус колонизаторлорунун Кокон хандыгын, Түштүк кыргыз урууларын басып алышынын жүрүшү, 1873—76-жылдардагы элдик кыймыл жана Полот хан жөнүндөгү материалдар берилген.

Орус Географиялык коомунун (мындан ары ОГК) "Известиялары," "Вестниктери" жана "Запискалары" да изилденип жаткан процесстин тигил же бул окуяларынын бай маалыматтарын топтогон. ОГК нун мындай басылмаларында көбүнчө П.П. Семенов-Тянь-Шанскийдин, А. Голубевдин, Г.Б. Грумм-Гржимайлонун, А. Каулбарстын, А.Л. Кундун, Н.А. Северцовдун, А.П. Федченконун, Ф.П. Остен-Сакендин, В.В. Радловдун, Ч.Ч. Валихановдун, М.И. Венюковдун жана башкалардын 1850—70-жылдардагы Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Фергана, Алай чөлкөмдөрүндө болгон саясий-стратегиялык саякаттарынын мезгилиндеги жыйналган материалдары чагылдырылган.

Журналга жакын басма сөз материалдарынан "Ежегодник Ферганской области"нин 1903-жылдагы № 1-санын айтпай кетүүгө болбос. Анда 1873—76-жылдагы Фергана өрөөнүндөгү элдик кыймылдын эң орчундуу фигурасы болгон кыргыз элинин баатыры жана мамлекеттик ишмери, көрүнүктүү тарыхый инсан Искак Асан уулу Полот хан жөнүндө Н.П. Корытовдун бирден-бир даректуу макаласы жарык көргөн[1].

Газеталардан "Новое время" (Санкт-Петербург), "Санкт-Петербургские ведомости", "Московские ведомости", "Русский инвалид" (Санкт-Петербург), "Голос" (Санкт-Петербург), алгач "На рубеже", 1911-жылдан баштап "Русский Туркестан" (Ташкент),

---

[1] *Корытов Н.П.* Самозванец Пулат хан.//Ежегодник Ферганской области за 1902 г.—№ 1.—Новый Маргелан,1903.

"Окраина" (Ташкент), "Туркестанские ведомости" жана башкаларды атоого болот. Бул басылмаларда чакан болсо да конкреттүү материалдардан баштап, концептуалдуу макалаларга чейин жарык көргөн. Изилдөөдө алар керектүү деңгелде колдонулду[1].

д). 1850—70-жылдардагы Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн жана анын орус букаралыгына өтүү процессин изилдөөдө жеке адамдар тарабынан жазылган булактар (эскермелер, күндөлүктөр, мемуарлар) өзгөчө орунду ээлейт. Себеби мындай мүнөздөгү булактар көбүнчө изилденип жаткан окуяларга түздөн-түз активдүү катышкан өкмөт адамдары, аскер башчылары, Кыргызстанга саясий чалгын максаты менен келишкен түрдүү "саякатчылар" тарабынан жазылган. Бул инсандар Орусиянын Борбордук Азияга карата саясатын иштеп чыгуучулар жана аны конкреттүү аткаруучулар болгондуктан, алардын жеке пикирлери көңүл буруучу булак катары изилдөөдө кеңири колдонулду. Аталган булактардын авторлорунан төмөнкүлөрдү баса көрсөтүү абзел. Алар: Ч.Ч. Валиханов, М.И. Венюков, А. Голубев, К.П. Кауфман, Л. Костенко, А. Кун, А.Н. Куропаткин, Е. Марков, И. Мушкетов, П.П. Семенов, А.П. Федченко жана башкалар.[2] Орус саякатчыларынын эмгектери жөнүндө жазылган атайын изилдөөлөр да чыгармада колдонулду.[3]

Кыргызстандын Орусияга каратылыш тарыхын изилдөөдөгү колдонулган жарык көргөн булактардын дагы бир орчундуусу ыңкылапка чейинки жана андан кийинки, айрыкча 80-жылдардын аягы жана 90-жылдардын башында окурмандарга жеткен жергиликтуу материалдар болду. Алардын мүнөзү жана формасы ар

---

[1] Изилдөөдө колдонулган мезгилдүү басма сөз басылмалары библиографияда берилди.

[2] *Валиханов Ч.Ч.* Собрание сочинений в 5-ти томах. —А—А., 1984—85; *Венюков М.* Путешествие по окраинам Русской Азии и записки о них. —СПб., 1868; *Голубев А.* Краткий отчет о результатах Иссык-Кульской экспедиции. — ВРГО. —Ч.XXVIII. —Отд.1. —1860; *Кауфман К.П.* Проект всеподданнейшего отчета генерал-адъютанта К.П. фон-Кауфмана 1-го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства 7 ноября 1867 — 25 марта 1881 г. —СПб., 1885; *Костенко Л.* Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности. —СПб., 1871; *Кун А.* Очерк Кокандского ханства. —ИРГО. —Т.12. —Отд.2. —СПб., 1876; *Куропаткин А.Н.* Из дневника. —Красный архив.—1920.—№ 1(20); *Марков Е.* Россия в Средней Азии.—Т.2.— СПб.,1901; *Мушкетов И.В.* Туркестан.—Т.1. —Спб., 1915; *Семенов П.П.* Путешествие в Тянь-Шань в 1856—57 гг.—М., 1950.

[3] *Кадыров Ш.* Видные ученые о Киргизии. —Ф.,1963; Ошол эле автор. Русские путешественники и исследователи о киргизах .—Ф., 1973.

түрдүү. Нарративдик мүнөздөгү араб ариби менен жазылган жергиликтүү авторлордун чыгармаларынан баштап, азыркы кездеги изилдөөчүлөрдүн мезгилдүү басма сөз бетине чыккан материалдары булактардын бул тобуна кирди[1]. Атап айтсак, Молдо Нияз Хукандинин "Тарих-и Шахрухиси"[2], жергиликтүү авторлордун чыгармалары "Тасниби Гариб" менен "Ансаб ас-Салатини"[3], О.Сыдыковдун "Тарих-и Шадманиясы"[4], Б. Солтоноевдин "Кызыл кыргыз тарыхы" аттуу чыгармасы[5], "Кыргыздар" аттуу кыргыз элинин тарыхынын эң байыркы мезгилден ушул мезгилге чейин, ошондой эле XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башы чениндеги басып өткөн жолунун түрдүү кырдаалдарын чагылдырган үч томдуу жыйнагы (Б., 1991—1996), 1980-жылдардын аягында жана 90-жылдардын башында жумуриятыбыздын мезгилдүү басма сөз беттерине басылып, изилденип жаткан маселенин тигил же бул жактарын чагылдырган түрдүү макалалар[6].

Тарыхтын "ак тактары" болуп эсептелген элибиздин өткөн кылымдын 50—70-жылдарындагы саясий тарыхынын айрым жактары кийинки мезгилде кайрадан изилденип жатканы маалым. Китеп болуп чыга элек бул мезгилдүү басма сөз материалдары чыгармада кеңири колдонулду.

Изилдөөдө колдонулган жазма булактардын эң орчундуусу жарык көрбөгөн архивдик документтер болуп эсептелет. Ошондуктан чыгармада негизги басым архивдик материалдарга жасалды. Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусунун саясий-стратегиялык багытын, орус колонизаторлорунун Түркстанга жылуу себептерин, Кыргызстандын Орусияга каратылышынын жүрүшүн, анын жыйынтыктарын, кыргыз элинин XIX кылымдын 50—70-жылдардагы саясий абалын, 1870-жылдардагы Түштүк кыргыздарынын элдик кыймылын көптөгөн архивдик материалдар кең-кесири чагылдырат.

---

[1] Мындай булактардын орус тилине которулгандары гана пайдаланылды.

[2] *Мулла Нияз Мухаммед Бен Ашур Мухаммед.* Тарих-и Шахрухи. История владетелей Ферганы. // Изд. П.Н. Панкратова. —Казань, 1885. Аталган чыгарма *Т. Бейсембиевдин* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник". —(А —А., 1987) деген китебинен колдонулду.

[3] Бул чыгармалар *Р.Н. Набиевдин* "Из истории Кокандского ханства" деген китебинен колдонулду.

[4] *Сыдыков О.* Тарих-и Шадмания.—Уфа,1914.

[5] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы.—1—2-китептер. —Б:,1993.

[6] Жумуриятыбыздын газета-журналдарында жарык көргөн макалалардын кеңири тизмеси библиографияда берилди.

Чыгармада кеңири колдонулган архивдик фонддордон төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Москва шаарында жайгашкан Орусиянын борбордук мамлекеттик согуштук-тарыхый архивинин (ОБМСТА) Военно-ученый архив (ВУА) фонду, Азия бөлүмүнүн Башкы штабы аттуу 400-фонду, Түркстан аскер округунун штабы аттуу 1396-фонду Түндүк кыргыз уруулары-рын каратуунун, айрыкча Кокон хандыгынын 1870-жылдардагы ички абалы, 1873—76-жылдардагы элдик кыймылды кеңири чагылдырат. Орусиянын тышкы саясаты, анын ичинде Борбордук Азияга карата болгон саясаттын багыты жөнүндө маалыматтарды Москвадагы Орусиянын тышкы саясат архивинин (ОТСА) 1—7, 1—9 Баш архив фонддору берет.

Түштүк Кыргызстанды каратуу, Кокон мамлекетин жоюу жана 1875—76-жылдардагы орус колонизаторлорунун "Кокон", "Эки-Суу арасы", "Алай" жүрүштөрү, Искак—Полот хандын иш-аракеттери жана башка баалуу материалдар Ташкенттеги Өзбекстандын борбордук мамлекеттик тарыхый архивинин (ӨБМТА) № 1—Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясы, № 715 — полковник Серебренниковдун "Туркестанский край. Сборник материалов для истории его завоевания" деген жыйнагын жарыкка чыгаруу үчүн даярдалган материалдары, "Фергана облустук башкармасы" аттуу № 19-фонддорунда сакталган.

XIX кылымдын 50—70-жылдарындагы Кыргызстандын саясий абалына тиешелүү кай бир материалдар Санкт-Петербургдагы Орусиянын борбордук мамлекеттик тарыхый архивинин (ОБМТА), Казахстандын борбордук мамлекеттик архивинин (КазБМА) жана Кыргызстандын борбордук мамлекеттик архивинин (КырБМА) айрым фонддорунан алынды.

Бир топ ишкер материалдар, пикирлер жана маалыматтар илимий-популярдуу мүнөздөгү жана тарыхый-адабий чыгармалардан да алынгандыгын айтпай кетүүгө болбос. Мындай чыгармаларга кыргыз элинин тарыхый инсандары Курманжан, Ормон, Балбай, Байтик, Шабдан, Алымбек, Алымкул, Абдылдабек, Искак-Полот хан, Тайлак жана башкалар жөнүндөгү мезгилдүү басма сөз беттериндеги очерк, баяндар кирди[1]. Тарыхый-адабий же бейне чыгармалардан Т. Касымбековдун[2]. С. Аттокуровдун[3], А.

---

[1] Библиографияны караңыз.

[2] *Касымбеков Т.* Сынган кылыч. —Ф.,1976; Ошол эле автор. Кел-кел. —Ф.,1986; Ошол эле автор. Курманжан-датка. Тарыхый бейне. —Б.,1991.

[3] *Аттокуров С.* Тагай бий. —Б., 1994, Тайлак баатыр.—Б.,1994.

Газиевдин[1], К. Молдокасымовдун[2] эмгектери жана башка адабий китептер[3] колдонулду.

Жыйынтыктап айтканда изилденип жаткан маселенин булактык базасы жетишерлик. Бирок иштин негизгиси — аталган булактарды илимий жактан ылгап, изилдөө процессинде тарыхый актуалдаштыруу ыкмасы аркылуу аларды колдонуу болду. Ар бир автор тигил же бул маселени абсолюттук түрдө объективдүү жазууга тийиш деген ойдон алыспыз. "Абсолюттук чындык болбойт, чындыктын баары салыштырмалуу" деп бекеринен назарияттык илимде айтылбагандыр. Ошондуктан биз Орусиянын Кыргызстанды каратып алуу маселесин изилдөөдө колубуздан келишинче салыштырмалуу чындыкка жакындоого аракеттендик, жаңы доордогу жана советтик тархнаамадагы көз караштарды четке кагып койбостон, алардын азыркы тарыхнааманын пикирлерине жооп берген жагдайларын колдодук жана колдондук. Ошол эле учурда негизги жыйынтыктарды, концептуалдуу ойлорду айтууда субъективдүүлүктөн алыстоого, калыс болууга жүз бурдук.

Теманын жылнаамалык чеги түздөн-түз XIX кылымдын 50—70-жылдарын гана камтыган менен биз историзм принцибинин негизинде тарыхый-генетикалык ыкманы колдонуунун натыйжасында изилдөө мезгилин XVIII кылымдын аягынан баштадык. Себеби, Кыргызстанды каратуунун башаты Орусия өкмөтү тарабынан да, кыргыз уруулары тарабынан да Атаке бийдин мезгилинен башталат. Мындан тышкары изилдөөдө Кыргызстандын гана чөлкөмүн камтыбастан, Чыгыш Түркстан, Түштүк Казахстан, Өзбекстан сыяктуу коңшу чөлкөмдөрдөгү болуп өткөн тарыхый окуялардын урунттуу жагдайларын да териштирүүгө туура келди. Анткени, процессти толук түшүнүү үчүн изилдөө мезгилинде структуралык-системалык жана салыштырмалуу ыкмаларды колдонуу олуттуу ийгиликтерди камсыз кылды.

Чыгармада эл аралык дипломатиядагы бирден-бир орчундуу маселе болгон "Чыгыш маселеси", англо-орус атаандашуусу жөнүндө да сөз болду. Кыргызстанды басып алуунун тышкы фак-

---

[1] *Газиев А.* Курманжан-датка — некоронованная царица Алая.—Б.,1991; Ошол эле автор. Пулат-хан.—Б.,1995.

[2] *Молдокасымов К.* Курманжандын көз жашы. —Б.,1991.

[3] Шабдан баатыр. —Б.,1994; *Молдо Нияз.* Санат диггарасттар. – Б., 1993; *Стамов А.* Жортуул. —Б.,1992; *Такырбашев А.* Байтик баатыр. —Б.,1992;

торлорунун калыптанышын түшүнүүдө бул маселелер чоң жардам берди.

Жогорку жагдайларды эске алуу менен изилдөөгө төмөнкү максаттарды жана милдеттерди коюп, аларды иштин илимий жаңылыгы катары белгиледик.

1. Кыргызстандын Орусияга каратылар алдындагы коомдук-саясий абалы.

2. Орусиянын Кыргызстанды өзүнүн болочоктогу колониялык объектиси катары карашы жана анын Борбордук Азияга жылуу себептери.

3. Кыргыз урууларынын кай бир төбөлдөрүнүн оруска жүз бурушунун объективдүү себептери.

4. Орусиянын Кыргызстанды каратуу процессинин ички жана тышкы (эл аралык) өбөлгөлөрүнүн калыптанышы.

5. Түндүк кыргыз урууларын орус букаралыгына өткөрүү жана анын баскычтары. Түндүк кыргыз уруу башчыларынын ал маселеге болгон көз караштары жана алардын аракеттеринин саясий кырдаалдарга жараша эволюцияланышы.

6. Орус букаралыгына өтүү процессинде Түндүк кыргыз урууларынын өз-ара мамилелери. Бугу—сарыбагыш чабышы.

7. Кокон хандыгындагы саясий абалдын Түндүк кыргыз урууларын орус букаралыгына каратуу процессине тийгизген таасири.

8. Орусиянын Түркстанды каратуу процессинин эл аралык кырдаалга карата эволюцияланышы жана согуштук активдүүлүккө өтүшү.

9. Орус—кокон мамилелери.

10. Түштүк кыргыздарынын Кокон хандыгындагы саясий абалы.

11. Кокон хандарынын элге каршы саясаты жана Түштүк кыргыз бийлеринин ага болгон мамилеси.

12. 1873—76-жылдардагы Кокон хандыгындагы элдик кыймыл; анын себептери, жүрүш этаптары, мүнөзүнүн, кыймылдаткыч күчтөрүнүн, улуттук жана социалдык курамынын, максаттарынын эволюцияланышы, жыйынтыктары.

13. Искак Асан уулу Полот хан кыргыз элинин баатыры, мамлекеттик ишмери жана тарыхый инсаны.

14. 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын жана Кыргызстандын Орусияга каратылышынын аякташы.

15. Атаке, Тайлак, Ормон, Боромбай, Төрөгелди, Балбай, Үмөтаалы, Жантай, Байтик, Шабдан, Осмон, Алымбек, Алымкул, Курманжан, Абдылдабек сыяктуу инсандардын тарых-таржымалы жана ишмердиги.

Киришүүнүн акырында автор окурмандарга төмөнкүлөрдү эскерте кетүүнү туура деп тапты.

Белгилүү окумуштуулар: академик Б. Жамгырчинов менен профессор К.Үсөнбаевдин каралып жаткан маселе боюнча жазылган үзүрлүү эмгектеринин жарык көргөнүнө 40 жылдан ашуун мезгил өттү. Андан бери кыргыз тарыхнаамасы олуттуу өнүгүп, бараандуу изилдөөлөр, жаңы көз караштар пайда болду. Бирок, маселенин актуалдуулугу төмөндөгөн жок. Ошондуктан эгемендүү Кыргызстандын шартына, кыргыз тарыхнаамасынын талабына ылайык Орусиянын Кыргызстанды каратып алышы жөнүндөгү маселени кайрадан изилдеп чыгууга туура келди.

Жогоруда аты аталган аалымдардын эмгектеринин илимий баалуулугун төмөндөтпөстөн, алардын изилдөөлөрүндөгү жыйынтыктарды андан ары байытуу максатында, бул маселенин ошол мезгилдеги саясатка байланыштуу белгилүү себептер менен убагында жазылбай калган же бир беткей каралып калган айрым жактарын ачып көрсөтүүгө аракет жасалды. Өткөн кылымдын урунттуу окуяларына XXI кылымдын белесинен сереп салуу менен изилдөөдө эгемендүүлүктүн шартындагы коомдук пикир эске алынды. Китепте Кыргызстандын Орусияга каратылышынын түпкү себептери, анын жүрүшүнүн мезгилдери жаңыча берилип, кыргыз элинин көрүнүктүү инсандарынын тарыхтаржымалы, алардын ишмердигинин тарыхый мааниси, айрыкча 1873—76-жылдардагы Кыргызстандын түштүгүндөгү элдик кыймыл жана Искак Асан уулунун тарыхый орду баса көрсөтүлдү.

Изилдөө учурдун талабына ылайык кыргыз элинин өткөн кылымдын 50—70-жылдарындагы тарыхын кеңири панорамада кароонун кыргыз тилиндеги алгачкы үзүрү. Андагы пикирлер жана жыйынтыктар тарыхнаамалык чекит коюучу көз караш болуудан алыс. Китептеги жыйыктыктар кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө ылайык мындан ары толуктала жана жакшыртыла берет.

Автор учурдун дараметтүү аалымы, тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор, *Кушбек Үсөнбаевдин* китептеги Кыргыстандын Орусияга каратылышынын жүрүшүндөгү этаптарга, каратуунун мүнөзүнө, Кокон хандыгынын ферганалык тургундардын жалпы, орток мамлекети болгон деген илимий пикирлердин айрым жактарына толук макул эместигин белгилеп, бирок ошол эле учурда китептин чыгышына ак жол каалоо менен өзүнүн баалуу кеп-кеңештерин бергендигине, азыркы кыргыз тарыхнаамасынын жаңы көз караштарын, китептеги илимий жыйынтыктарды кыргыз окурмандарына активдүү пропагандалаган Кыргызстандын тарыхчылар жамаатына, анын жетекчилигине терең ыраазылыгын билдирет.

Биринчи бап

ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КЫРГЫЗСТАНГА БОЛГОН КӨЗ АРТУУЛАРЫ

1.1. Түркстан Орусиянын колониялык объектиси катарында

"Колония" деген термин Рим империясынын мезгилинен берки түшүнүк. Римдиктер мекенинен башка жерге көчүрүлүп же көчүп барып жашаган граждандардын туруктарын "колония" деп атаган. Бирок мындай көрүнүш Римге чейин эле болгондугу тарыхта маалым: финикиялыктар, гректер, кытайлар биздин заманга чейинки II миң жылдыктын экинчи жарымында жана I миң жылдыктын биринчи жарымында эле өз колонияларын негиздегендиги белгилүү. "Колония" жөнүндөгү классикалык түшүнүк европалыктардын тышкы саясатынын натыйжасында орто кылымдан жаңы доордун аягына чейинки мезгилде калыптанды. Бул жагдайда айрыкча Англия бөлүнүп турат. XIX кылымдын аягына чейин "колония" деп Англияга саясий, экономикалык жактан толук көз каранды, бирок тургундары мурунку англиялыктар болгон аймактарды аташкан. 1841-жылы англиялык автор Г. Левиз колонияга мындай аныктама берген."... бир өлкөгө баш ийген саясий жалпылыгы бар адамдардын кандайдыр бир тобунун, ал өлкөдөн чыгып, эч ким жашабаган же мурунку тургундарын кууп жиберүү менен бошогон чөлкөмдө көз каранды же көз каранды эмес өзгөчөлөнгөн коомду түзүшү колония деп аталат"[1]. Ошого жакын эле аныктаманы XIX кылымдын ортосундагы белгилүү англиялык статист жана экономист Д. Маккулох өзүнүн "Соода сөздүгү" деген китебинде берет. Ал "...адамдардын тигил же бул тобунун өз ата мекенинен ыктыярдуу эмиграция болуп же зордук менен көчүрүлүп баруусунун натыйжасында башка жерлерде пайда болгон туруктарды "колония" дейбиз" деп жазат[2].

---

[1] *Ерофеев Н.А.* Английский колониализм в середине XIX в.—М.,1977.—15-бет.

[2] *Ерофеев Н.А.* Английский колониализм ... —15-бет.

Англиянын колонияларынын көбөйүшүнүн натыйжасында кийинчерээк Англия басып алган бош жерлерди, өлкөлөрдү, аралдарды — баарын эле "колония" деп аташып, термин өтө кеңири маани берип калды.

Батыш Европа өлкөлөрүнүн жана Орусиянын колониалдык системаларынын үлгүлөрүн карап туруп, колониялардын төмөнкү негизги типтерин атоого болот:

1. Таза, "балакатка жете элек" типтеги колониялар. Бул тип эч ким жашабаган бош жерлерди колонизациялоодон пайда болот. К. Маркс өзүнүн "Капиталынын" XXV бабында мындай жерлерди чыныгы, таза, "балакатка жете элек" (девственная) колониялар деп атайт[1]. Келгин оторчулардын отурукташуусу менен пайда болгон бул колониялар кийин алардын ээси — метрополияга экономикалык, саясий жана идеологиялык жактан толук көз каранды болот. Бирок колониялардагы тургундар метрополиянын гражданлары болгондуктан, алардын укуктары бир аз гана чектелиши мүмкүн.

2. Толук, чыныгы колониялар. Бул типке дүйнөлүк алакага кире элек, цивилизациядан сырт жашап жаткан жергиликтүү уруулларды, элдерди басып алуу жана ал жерлерге метрополиялык келгиндерди отурукташтыруу менен түзүлгөн колониялар кирет. Мындай колонияларда жергиликтүү тургундар келгиндерден саны боюнча аз же көп болушу мүмкүн, бирок алар метрополияга толук көз каранды бойдон кала беришет. Жергиликтүүлөр жана келгиндер саясий, укуктук жактан кескин айырмаланышып, биринчилери толук саясий көз карандылыкта, экинчилери салыштырмалуу эркин абалда болушу мүмкүн. Ошондуктан мындай системада метрополия менен колониялардын, келгиндер менен жергиликтүү тургундардын ортосундагы карама-каршылыктар айыгышкан чекке чейин жетиши күтүлөт.

3. Эл аралык коомчулукка белгилүү, бирок цивилизациялуу дүйнөлүк чарбага кире элек, өзүнүн мамлекеттик түзүлүшү, экономикалык, социалдык, идеологиялык каада-салты бар өлкөлөрдүн метрополия тарабынан басып алуусунун натыйжасында пайда болгон колониялардын тибин, негизинен, "саясий-экономикалык маанидеги колониялар" деп атоого болот. Мындай колонияларда келгиндердин чоң массасы жок болуп, жергиликтүү тургундардын өкүлдөрүнө саясий, экономикалык жана руханий жагынан азыраак укуктар берилет. Ошондуктан жаңы

---

[1] *Маркс К.* Капитал. —*Маркс К., Энгельс Ф.* —Чыг. 2-бас. —Т.23.—774-бет.

шарттарда (дүйнөлүк чарба алакасына кирүү шарты) жергиликтүү тургундардын саясий-экономикалык жана руханий жактан акырындап өнүгүүсүнүн натыйжасында азаттык кыймылдары пайда болуп, колониялардын боштондук күрөшү жогорку деңгелге чейин жетиши мүмкүн.

Кыргызстандын XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы тарыхый, географиялык шартын карап, аны негизинен колониялардын экинчи тибине кошууга, анда үчүнчү типтин да айрым элементтеринин бар экендигин байкоого болот.

Аталган таризде Кыргызстан Орусия империясынын тышкы саясатында кайсыл мезгилден баштап колониялануучу объект катары карала баштады? Бул маселени тактап көрөлү.

Евразиядагы түрдүү элдердин Орусиянын курамына кириш тарыхы, чынында, XVI кылымда Иван Грозныйдын мезгилинен эле башталган. Бул процесстин жүрүшүнүн көп кырдуулугун эске алуу менен окумуштуулар падышачылыктын чыгыш элдерин каратуусунда эки моделди сунуш кылышууда. Биринчиси — келишим, бүтүмдөр аркылуу тынчтык жолу менен; экинчиси — чөлкөмдүк басып алуу, согуштук, зордук жолдору менен[1]. Иш жүзүндө аталган эки модель таза, бир беткей колдонулган эмес. Тигил же бул модель тигил же бул кырдаалда үстөмдүк абалды ээлегени менен, чынында Түркстандын, анын ичинде Кыргызстандын, шартында аталган эки ыкма тең орун алган.

Орусиянын Түркстанга көңүл бурушу Петр I нин мезгилинен, ал эми орус—кыргыз байланышы XVIII кылымдын аягынан башталды. Академик С. Табышалиев Орусиянын Кыргызстанды каратып алышын узак жана татаал процесс катары баалап, аны 3 негизги баскычка бөлөт[2].

1) XVIII кылымдын аягы — XIX кылымдын ортосу — орус—кыргыз соода, элчилик байланышын түзүү. Бул мезгилде Орусиянын Кыргызстанды басып алуусунун зарыл өбөлгөлөрү калыптанган (биринчи модель);

2) XIX кылымдын 50—60-жылдарында Орусиянын Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүн каратып алышы (эки модель экөө тең колдонулган);

---

[1] *Агаджанов С.Г.* Исторические взаимодействие России и Востока: Узловые проблемы и задачи изучения. // Россия и Восток: Проблемы взаимоотношения. —М., 1993.—10-бет.

[2] *Табышалиев С.* Кыргыз элинин тарыхындагы маанилүү окуя —СК. —1988-жыл.—13-сентябрь.

3) XIX кылымдын 70-жылдары — Кыргызстандын түштүк чөлкөмдөрүнүн Орусия тарабынан каратылышы (Процесс экинчи моделдин үстөмдүк кылышы менен ишке ашырылган).

Демек орус өкмөтү Кыргызстанга дипломатиялык мааниде XVI кылымдын 80-жылдарынан баштап, ал эми Кыргызстанды басып алуу максатында колониялык объект катары XIX кылымдын 50-жылдарынан баштап көңүл бурган десек туура болот.

Орус падышачылыгынын Борбордук Азияга умтулушунун түпкү себептери совет тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн көңүлдөрүн бир кыйла буруп келген. Умтулуунун мотивдерин экономикалык жана саясий факторлорго бөлүштүрүп, авторлор себептердин тигил же бул факторун биринчи орунга коюу менен өзүлөрү да изилдөөчүлөрдүн эки пикирдеги тобун түзүшкөн.

Н.А. Халфин баштаган топ экономикалык себептерди биринчи орунга коюп, өсүп келе жаткан буржуазиянын кызыкчылыгын көздөгөн орус өкмөтү Түркстанды Орусиянын товарларын сатуучу жана өнөр жайына керектелүүчү чийки заттарды алуучу чөлкөм катары гана санап, аны өз кол алдына өткөрүп алууга умтулган деп эсептейт. Бул топко кыргыз окумуштууларынан Б. Жамгырчинов, А. Хасанов жана башкалар кошулушкан[1].

М.К. Рожкова, А.Г. Хидоятов, Н.С. Киняпина сыяктуу окумуштуулар себептердин экөөнү тең кабыл алышат да, саясий себептерди биринчи орунга коюшат[2]. Алардын ою боюнча орус өкмөтү Жакынкы Чыгыштагы Англиянын империалисттик аракеттерин чектөө үчүн Түркстанды саясий-стратегиялык мааниси бар регион катары өз колуна мүмкүн болушунча тезирек алууга умтулган деп жазышат. Ошол эле учурда, алар Орусиянын Борбордук Азиядагы экономикалык кызыкчылыгын да ырасташат, бирок экономикалык фактор 80-жылдардан кийин гана үстөмдүк абалды ээледи деп көрсөтүшөт.

XIX кылымдын 30—60-жылдарындагы эл аралык кырдаалды анализдесек, окумуштуулардын экинчи тобунун пикирине кошулууга болот.

---

[1] *Халфин Н.А.* Присоединение Средней Азии... *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки политической истории... *Хасанов А.Х.* Экономические и политические связи Киргизии с Россией. —Ф., 1960 жана башкалар.

[2] *Рожкова М.Н.* Экономические связи России со Средней Азией (40-е — 60-е гг. XIX в.). —М., 1963; *Хидоятов А.Г.* Из истории англо—русских отношений в Средней Азии в конце XIX в. (60-е —90-е гг.) —Т., 1969; *Киняпина Н.С., Блиев М.М., Дегоев В.В.* Кавказ и Средняя Азия во внешней политике России. — М., 1984 жана башкалар.

Чынында, бул жылдары орус—азия мамилелеринде экономикалык, айрыкча соода, көп мааниге ээ болгон эмес. М.К. Рожкованын изилдөөлөрүнөн көрүнгөндөй 1829—40-жылдардын чегинде орус товарларынын Азияга жиберилишинин көлөмү аз бойдон калган[1]. Азия менен соода жүргүзүүнүн Орусия үчүн финансылык жактан ал кезде анча пайдасы жок эле. Себеби, Борбордук Азиядан Орусияга товар сатуу XIX кылымдын аягына чейин Орусиядан товар алып келүүдөн көптүк кылып турган. Мисалы, 1851-жылы Орусиядан Түркстанга товар жиберүү 839 миң рублди түзсө, товар кабыл алуу 1238 миң рублди, 1852-жылы болсо салыштырмалуу 710 жана 1400 миң рублди түзгөн[2]. Анын үстүнө Түркстандык соодагерлер Орусиядан товар алып кетүүнүн ордуна алтын, күмүш түрүндө акча алып кетүүнү артык көрүшкөн.

Орус—Түркстан соодасынын Орусия үчүн пайдасыздыгы 1860-жылы борбордук басма сөз беттеринде айтылган. "Голос", "Народное богатство" гезиттери Орусия үчүн орто-азиялык хандыктар менен соода жүргүзүү пайдасыз, анткени орус экспорту Хива, Букара, Кокондон алынып келинген товарлардын баасынан алда канча аз ык кылат. Ошондуктан сооданы өнүктүрүүгө аракеттенүү, пайдасыз гана эмес, финансылык жактан зыяндуу дегенге чейин барышкан[3].

XIX кылымдын 30—60-жылдарындагы "Чыгыш маселесинде" жана жалпы эле чыгыш чет жакаларга байланыштуу Орусиянын саясаты кандай эле?

Орто кылымдан башталган Орусиянын чет жакаларга жылуусу улам каратылып алынган чөлкөмдөргө чептерди куруу менен акырындап бекемделе берген. Курулган чыңдоолор бүтүндөй бир тизимди түзүп, XVIII кылымдын аягында Оренбург жана Сибирь тилкелери калыптанган болучу. Сибирь тилкеси анын түштүгүнөн башталган Түндүк Муз океанына куйган дарыялардын жээктерине курулган чыңдоолор менен бекемделгендиктен, чептердин ар бир тизими казак талааларына тилдей болуп кирип, бирок туурасынан алганда бекем эмес эле. Мына ушул тилкелерге көчмөндөрдүн барымтачылары тынымсыз чабуул коюшуп,

---

[1] *Рожкова М.К* Экономическая политика царского правительства на Среднем Востоке во второй четверти XIX в. и русская буржуазия.—М.,1949. —180-бет.

[2] *Рожкова М.К.* Экономические связи...—53-бет.

[3] *Дмитриев Г.Л.* Подготовка присоединения Средней Азии к России и центральная русская пресса.// Материалы по истории и археологии Средней Азии.—Т.,1975.—473-чыг.—40-бет.

орустардын отор туректарын талоонго алып турган. Мындай чабуулдарга орус бийликтери атайын уюштурулган тез көчмө отряддарды (летучий отряд) жиберип туруу менен гана чектелишкен. Буга мисал катары 30—40-жылдардагы Кененсары Касымовдун аракеттерин айтсак болот. Ошондуктан XIX кылымдын 30-жылдарында Оренбург губернатору В. Перовскийдин демилгеси менен Оренбург жана Сибирь тилкелерин бириктирүү максатында 6 фут бийиктиктеги туурасынан созулган топурак чеп курула баштаган. 1836-жылы анын узундугу 18 чакырымга жеткен[1]. Бирок бул иш тез эле токтоп, мындай чептер кандайдыр бир географиялык тоскоолдукка (дарыя же тоо кыркасы) такалбаса, алардын стратегиялык мааниси болбой тургандыгы билинди. Ылайыктуу географиялык тоскоолдук катары Сыр-Дарыя менен Чүй дарыясы кабыл алынды. Орус бийликтери жакшы бекемделген чепти куруп алып, анын жардамы менен Борбордук Азияга улам жылып олтурууга боло тургандыгын жакшы түшүнүштү.

Ушул жерде айта кетчү нерсе. 30-жылдардын башында Сыр-Дарыя менен Чүй дарыясын бириктирген тизимди түзүү пикирине ылайык Жети-Сууну каратып алуунун алгачкы пландары түзүлө баштаган. Мындай пландын бири Сибирь корпусунун штабынын подполковниги Бутовскийдин 1833-жылы алгач Батыш-Сибирь генерал-губернатору Нейгардтка тапшырган долбоору болучу. Долбоор Омбудагы гана эмес, Петербургдагы бийлик төбөлдөрүнүн да көңүлүн бурган. План согуш министри А.И. Чернышев аркылуу тышкы иштер министри К.В. Нессельродеге жеткирилгени менен, Азия комитетиндеги сак саясатчылардын пикирине ылайык азырынча керексиз, "авантюралуу план" катары тышкы иштер министрлигинин архивине тапшырылган.

Долбоордо Жети-Сууну каратып алуунун саясий, экономикалык пайдасы айтылып, эгер мындай аракет ишке ашса, Орусия Индияга чейин ийгиликтүү жүрүш жасашы мүмкүн деген идеялар бар эле.[2] Долбоордун ишке ашышы ошол кездеги эл аралык кырдаалга карата мүмкүн болбогондугуна карабастан Орусия падышачылыгы жети-суулук кыргыздарды, андан кийин Түркстанды бүтүндөй каратып алуу маселесин реалдуу максат катары 30-жылдардан баштап эле коё баштагандыгын тастыктап турат.

---

[1] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в Средней Азии...—11-бет.

[2] *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом, Китаем и Россией.—Б.,1995. —5-7-беттер.

Орус өкмөтүнүн Чыгыш саясаты боюнча иш алып барган Азия комитети Борбордук Азия мамлекеттерине жана Казахстанга карата өтө кылдат саясат жүргүзүп турган. Негизги принцип Борбордук Азияга карай акырындык менен, бирок кыйшаюусуз жылуу болучу. Мисалы, император Николай I менен жакшы мамиледе болгонуна карабай Оренбург генерал-губернатору В.А. Перовскийдин барымтачыларды тынчтандыруу жана Кененсарынын козголоңчуларын жазалоо үчүн, эч болбосо Улуу Жүздүн бир айылын күч менен басып алуу керек деген сунушун Азия комитетинин четке кагышы жогоркудай саясаттын мүнөзүн ырастайт[1].

Евразия континентиндеги "Чыгыш маселеси" деп аталган ошол мезгилдеги эл аралык татаал маселенин тегерегинде Англия менен Орусиянын кызыкчылыгы тирешип турган эле. Азиянын түштүгүндөгү Индияга окшогон чоң өлкөнү ээлеп турган Англия менен Сибирь, Казахстандын талаалары аркылуу улам төмөндөп түшүп келе жаткан Орусия баскынчыларынын келечектеги колониялык объектиси Борбордук Азия болучу. Орусиянын Борбордук Азияга жылышы, бул жерлердеги өлкөлөрдү европалык, өзгөчө англиялык саясаттын маселесине айландырган"... жана Орусия менен Англиянын тирешүүсүнө алып келген. Орусия менен Чыгыш өлкөлөрүнүн мамилеси ошентип, эми "мурункудай үйдөгү ички маселенин алкагынан Европа саясатынын кыртышына" чыкты деп белгилейт ошол мезгилдеги Орусия өкмөтүнүн тышкы саясат боюнча билермандары[2]. XIX кылымдын ойчулдарынын бири Ф. Энгельс өзүнүн "Орусиянын Орто Азиядагы жүрүшү" деген макаласында орус—англис теңтайлашуусу жөнүндө айтып келип, 1839-жылы Англия менен Орусия экөө тең бир эле мезгилде Орто Азияга армия жиберишкенден кийин бул эки державанын Аму дарыясынын бассейни ченде кагылышуусунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө талаштар жүрө баштады деп жазат[3].

Орус—англис карама-каршылыгы, бул тирешүүнүн 1839-жылы ачыкка чыгышына чейин эле башталган болучу. 1816-жылы Непалды, 1825-жылы Ассамды басып алгандан кийин, Англия Ооганстанга жана Борбордук Азияга карата колониялык экспансиясын активдештирүү максатында, өзүнүн агенттерин жиберип, ошол

---

[1] Орусиянын тышкы саясат архиви.(Мындан кийин ОТСА).—Тышкы иштер министринин отчеттору фондусу (Мындан кийин ТИМдин отчеттору ф.).—1834-жыл.—19-бет жана анын арты.

[2] ОТСА. —1У—34 Баш архив фондусу. —145-оп. —1-иш. —1831—1875-жж. —404-баракты арты.

[3] *Маркс К.,Энгельс Ф.* Чыг. 2-бас.(орусчасы).—Т.12.—614-бет.

эле учурда 1830-жылы Трапезундда Англиялык консульствонун ачылышы менен, түштүк Кавказ аркылуу англиялык товарлар Түркстанга келе баштаган. 1833-жылы Ункияр-Искелесиедеги орус—түрк келишиминен кийин Англия колониялык саясатын дагы да активдештирди. Соода конкуренциясында Англиянын ийгилиги айкын көрүнүп, Орусия чыгыш рынокторун биринен сала бирин жогото баштады. К. Маркс өзүнүн эмгектеринде мурун Англия империясынын чегине чейин жетип турган орус соодасы эми өзүнүн коргонуу чөлкөмдөрүнө чейин сүрүлүп калды деп көрсөтөт[1].

Крепосттук мамилелердин кризистеринен улам тарыган ички орус рыногун кеңейтүү, ошол эле учурда соода саясаты аркылуу Борбордук Азия өлкөлөрүнө саясий таасирин күчөтүү максатында Орус падышачылыгы 1836-жылы Орусия менен Азия өлкөлөрүнүн соода мамилелерин өнүктүрүү үчүн иш-чараларды иштеп чыгууга арналган атайын Комиссия түздү. Комиссия Азия өлкөлөрү менен соода жүргүзүү үчүн түрдүү акционердик компанияларды уюштырууга аракеттенип, орус көпөстөрүнө жеңилдик берүүнү сунуш кылды. Ал түгүл финансы министри Е.Ф. Канкрин 4 миллион рублдик капиталы менен "Орус—Азия компаниясынын" долбоорун түздү[2]. Бирок орус соодасы англис соодасы менен атаандаштыкта ийгиликке жетүү үчүн эки жол бар эле; биринчиден, империянын чек араларын кеңейтүү; экинчиден, Борбордук Азиянын хандыктары менен саясий мамилелерди өнүктүрүү керек болучу.

Орус чек арасын кеңейтүүгө карата болгон Оренбург губернатору В. Перовскийдин жогоруда айтылган аракеттери менен катар эле падыша өкмөтү Борбордук Азия өлкөлөрү менен дипломатиялык мамилелерди өнүктүрүүгө аракеттене баштады. Буга 1835-жылы В. Перовскийдин аңъютанты, поручик И.В. Виткевичтин Бухарага, андан ары Кабулга барышы, афган эмири Дост-Мухаммеддин Петербургга келиши күбө.

Бирок Орусиянын мындай тышкы саясаты Англия нын бүйрүн кызытты. 1836-жылы Англиянын өкмөтү Индиянын генерал-губернатору Оклэндге Ооганстан маселесине чечкиндүү киришүү керектигин эскертип, буга акырындык менен даярдык көрүлө бал ы. Ошол эле жылы Англия өкмөтү Индиядан Бухарага жашыруун эмиссар жиберди. Анын максаты Түркстанда англичан-

---

[1] Маркс.К.,Энгельс.Ф.— Чыг. 2-бас.(орусчасы) —Т.19.—13-бет.

[2] История СССР с древнейших времен до наших дней в 12 томах.—Т.4. —М., 1967.—502-бет.

дардын соодасын күчөтүү жана ошону менен Борбордук Азияны өз тарабына оодуруу эле. Орус падышачылыгы буга жөн гана карап тура алган жок. 1839-жылы октябрда Оренбургдан Бухарага майор Е.П. Ковалевский менен капитан А.Р. Гернгросс англиялык товарлардын сапатын билүү, Орусиянын Аму-Дарыясынын түштүк жээктерине чейин соода жүргүзүүнү уюштуруу мүмкүнчүлүгүн изилдөө максаты менен жиберилген[1]. Бирок бул миссиялардын Ост-Инд ээликтерине эч кандай залал кылбастыгын Орусия өкмөтү Лондондогу өкүлчүлүгү аркылуу Англия өкмөтүнө расмий каналдар менен бир нече жолу билдиргендигине карабастан, жогорку окуяларга байланыштуу "Орусиянын Индияга жүрүш жасоо коркунучу туулду" деген сөздөрдү таратуу менен эл аралык коомчулуктун башын айландырган Англия "өз кызык-чылыгын коргоо зарылдыгын бетке кармап, 1839-жылы жаз айларында Ооганстанга басып кирди. Муну менен Англия Түркстанга басып кирүүгө ыңгайлуу өңүт түзүүнү максат кылган. Август айында Кабул, кийин Кандагар менен Газна алынды. Дост-Мухаммед качты.

Ал мезгилде Англиянын саясатчылары орус—англис тирешүүсү согуштук кагылышка алып келет деп ишенишкен. Мисалы, 1840-жылы Англиянын тышкы иштер б[illegible]юнча жетекчиси лорд Пальмерстон: "Эртеби-кечпи казак (казак-орус жөнүндө айтып жатат) менен сипай (Индиядагы англис солдаты) Борбордук Азияда жолугушат. Бул кезигишүүнүн биздин индиялык ээликтерибизден мүмкүн болушунча алысыраак жерден өтүшүнө бардык күчтү жумшашыбыз керек", деп эскерткен[2]. Бул максатта активдүү иштер жүрүп жатты. Англичандар Орусияга каршы үгүт иштерин жүргүзүү максаты менен Борбордук Азияга бир топ агенттерди: Коконго Коннолини, Бухарага Стоддартты, Хивага Абботту жана Шекспирди жиберди[3].

Англичандар Ооганстанда көпкө тура алышкан жок. 1840-жылы күзүндө бул жерде колонизаторлорго каршы көтөрүлүш чыгып, натыйжада Индияга карай качкан Англиянын 9,5 миң регулярдык аскеринен жана 38 миң кызматчыдан турган экспе-

---

[1] *Жуковский С.В.* Сношения России с Хивой за последнее трехсотстоле-тие. // Труды общества русских ориенталистов.—Пг., 1915. —№ 2.—109, 112-113-беттер.

[2] *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом, ...—65-бет.

[3] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в борьбе...—251-бет.

дициялык корпусунан Хайбар капчыгайына жеткенче бир да адамы тирүү калган жок...[1]

Англиянын Ооганстанга басып кириши Орусиянын төбөлдөрүн да активдештирди. Николай I нин макулдугу менен Оренбург губернатору В.А. Перовский өзү баштаган 5 миң орус солдатынан турган аскер экспедициясы Хивага каршы 1839-жылы кышында жүрүш жасады. Официалдуу документтерде бул жүрүштүн максаты Борбордук Азиядагы орус соода кызыкчылыгын чектеп, өз үстөмдүгүн орнотууга аракеттенген Англияга каршы жана Түркстанда Орусиянын таасирин күчөтүү болгон деп түшүндүрүлөт.

Начар даярдалган бул жүрүш, Англиянын экспедициясынан эле, ийгиликке жеткен жок. Кышкы суукта армиянын жарымын жана коштогон обоздун үчтөн экисин жоготкон В. Перовский Хивага жетпей эле артка кайтууга буйрук берди.

1839-жылы болгон Англиянын жана Орусиянын согуштук аракеттеринде кандайдыр бир диалектикалык карама-каршылык да, ошол эле учурда биримдик да бар эле. Максаты басып алуучулук, өз кызыкчылыгын канааттандыруу болгон бул өчүгүшкөн эки державанын мүдөөлөрү башка-башка болгону менен, аны аткаруу ыкмасы катарында согуштук акциялардын мүнөзү, мөөнөтү жана негизи бир экендигин Лондондогу орус элчиси Ф.И. Брунновдун Орусиянын тышкы иштер министри К.В. Нессельродеге жиберген билдирүүсүндө айтылган. Ал ошол кездеги Европадагы эл аралык мамилелерде Англия менен Орусиянын ана башчы ролу ачык көрүнүп калган мезгилде согуштук акциялар башталды, ошондуктан англо-орус мамилелеринде "европалык жана азиялык саясат, эки саясатты эмес, бир саясатты" түзөт деп жазат[2].

Ушул пикирди толуктоо үчүн Лондондогу "Таймс" газетасында келтирилген дагы бир пикирди айта кетүү ылайыктуу. "Орусиянын саясаты биздикине өтө окшош. Орусиянын Чыгыштагы өз миссиясын коомчулукка түшүндүрүүсү биздикиндей эле. Орусия максатыбыз — соода жана цивилизация, ал эми саясатыбыз согуштук басып алуу эмес, чет-жакалардагы чөлкөмдөрдү бириктирүү деп жарыялап жатат. Ушундай эле сөздөрдү биз да айтпадык беле..." деп белгилейт "Таймс" газетасы[3]. (Орусия апологеттеринин жогоруда айтылган "чөлкөмдөрдү

---

[1] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в борьбе...—251-бет.

[2] ОТСА.—1-9-Башкы архив фонду.—8-оп.—14-иш.—16-барак.

[3] Вестник Европы (Мыдан ары ВЕ).— СПб., 1968.—Т.3.—№ 6.—807-бет.

бириктирүү" жөнүндөгү пикирлери совет тарыхнаамасындагы теорияларга үндөшүп тургансыйт.)

1939-жылкы ийгиликсиз аракеттер Англияны да, Орусияны да эсине келтирген жок. Колониялык басып алууга көзү тунарган эки держава экспансиялык аракеттерин уланта беришти. Борбордук Азияга болгон согуштук аракети ийгиликсиз аяктагандыктан, эми Англия аны соода жолу менен оңдоого киришти. 1841—42-жылдары курал менен коштолгон ондогон соода кербендери Борбордук Азия хандыктарын каптап кирди. Англиянын товарларынын атайылап арзан сатылышы орус товарларын Түркстандан сүрүп чыгарды. Бирок бул тармакта үстөмдүк абалды ээлери менен англиялык көпөстөр капыстан товарларын өтө кымбаттатып жиберишти эле, 1840-жылдардын ортосунда орус товарларынын конкуренцияга жөндөмдүүлүгү Түркстанда кайрадан калыбына келип калды[1].

Негизинен Орусия империясынын тышкы соода алакасында орус—түркстан соодасы азыраак пайызды түзсө да, XIX кылымдын биринчи жарымында кыйла жандана баштаган эле. Эгер кылымдын башына караганда 20-жылдарда Орусиядан Түркстанга товар жөнөтүү 1 млн. рублден 4 млн. рублге көбөйсө, Борбордук Азиядан Орусияга ар түрдүү кол өнөрчүлүк буюмдарын жана чийки зат алып келүү 2 млн. рублден 6 млн. рублге чейин өскөн. Ал эми 1840—50-жылдарда орус—түркстан соода сатыгы 40 пайызга көбөйгөн[2].

Соода ишин өнүктүрүү менен саясий таасирин күчөтүүнү көздөгөн падышачылык Хива жана Бухарага үстөккө-босток эмиссарларын жиберип, 1941—42-жылдары бул тарапка үч расмий визит уюштурду. Хива жана Бухара хандары Петербургга расмий визиттер менен жооп кылышса да, кандайдыр бир келишимдер түзүлбөдү. Мындай аракетти Кокон хандыгы да жасады. Булактарга караганда 1839-жылы эле Стамбулда орус элчиси А. Бутеновго Кокон хандыгынын элчилиги жолугуп, кийинки жылы Петербургга хандан элчи келери маалымдалган[3]. Ушуга байланыштуу Кокон ханы Мадалы 1840-жылдардын башында тынчтык жана соода келишимин түзүү үчүн Петербургга расмий элчи жөнөтүп, Мухаммед-Хани Сахиб-Фаде деген окумуштуу

---

[1] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в борьбе за рынки...—254-бет.

[2] *Токторбек Өмурбектегин., Тынчтыкбек Чоротегин.* Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. —Б., 1992.—7-бет.

[3] *Халфин Н.А.* Присоединение Средней Азии... — 74—75-беттер.

эшен башында турган элчилик 1841-жылдын күзүндө Омбуга келип түшкөн[1]. Бирок Батыш-Сибирь чөлкөмүнүн ошол кездеги генерал-губернатору П.Д. Горчаковдун орус—кокон арасын жакындаштырууга кылган аракеттерине карабастан, жакшы ымала уланбай, керектүү келишим түзүлбөй калды[2].

1846-жылы Орусиянын казактардын Улуу Жүзүн өз букаралыгына каратып алуусу Орус—Кокон мамилелеринин курчушуна алып келди. 1847-жылы Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында Раим чеби (кийинчерээк Арал, анан Перовский чеби), Жети-Сууда Копал чеби тургузулду. Бул эки чеп жогоруда айтылган Оренбург жана Сибирь тилкелеринин эң түштүктөгү чекиттерин түзүп калды да, кийинки жылдардагы жүрүштөрдү уюштурууга ынгайлуу өңүттөргө айланды.

Аталган чыңдоолордун курулушу Кокон хандыгынын ошол мезгилдеги миңбашысы Мусулманкулдун ачуусун келтирди. Ал сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн 1847-жылы Петербургга хандын расмий нааразылык каты менен кошо атайын элчи жөнөттү. Бирок элчилер Омскиде токтотулду. П.Д. Горчаков "...чыңдоолор сооданы өркүндөтүү үчүн гана курулду. Орусия Коконго душмандык кылбайт", деп элчилерди алдап, белек-бечкек берип, Петербургга баруунун зарылчылыгы жок экендигин эки жүздүүлүк менен ынандыргандыктан, алар Коконго кайтып келе беришти. Буга Мусулманкул ого бетер ызырынды[3]. Ошондон кийин ал казак урууларына кысым жасоону күчөтүүгө буйрук кылды да, Орусия менен мамилени таптакыр үздү.

Улуу жүз казактарынын жана Түндүк кыргыздардын чөлкөмдөрүндө Кокон хандыгы курган сепилдердин тизими Орусия менен Кашкардын ортосундагы соода жолун тосуп турган эле. Бул кербен жолду ачууну көздөгөн Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д. Горчаковго падыша өкмөтү колдо бар каражаттар менен, бирок Орусиянын тышкы саясатына залалын тийгизбей тургандай кылып, Жети-Суудагы орус кызыкчылыгын коргой берүүгө көрсөтмө берди[4]. Петербургдун мындай этияттыгы 1848-жылы Батыш Европада болуп жаткан революциялык кыймылдарга, Кавказдагы Шамилдин көтөрүлүшүнө байланыштуу, чечкиндүү аракеттерди жүргүзүүдөн жана Борбордук Азиянын хан-

---

[1] *Халфин Н.А.* Присоединение Средней Азии... —74—75-беттер.
[2] ОТСА..—ТИМдин отчеттору фонду.—1842-жыл—276-б. жана анын арты.
[3] ОТСА..—ТИМдин отчеттору фонду.—1847-жыл.—214—215-баракчалар.
[4] ОТСА..—ТИМдин отчеттору фонду.—1850-жыл.—205—206-баракчалар.

дыктарынын баарын кавказдыктар сыңары Орусияга каршы коюп алуудан чочулагандыктан келип чыккан саясат болучу.

Кокондуктардын казактарга болгон ачык кысымы орус бийликтеринин Копал чындоосун күчөтүүсүнө алып келди. Орус өкмөтүнүн мындай кадамы чек арада көчүп жүргөн Улуу Жүз казактарынын жерлерине доомат койгон Кытай бийликтеринин да бүйүрүн кызытты. Алардын дооматына тышкы иштер министри К.В. Нессельроде "казактар биздин букаралар, аларга кокондуктар кысым көрсөткөндүктөн, Копал чеби курулган. Чеп Кытайга коркунуч туудурбайт" деген жооп айтты[1]. Петербургдун мындай түшүндүрмөсүнө Кытай бийликтери канааттангандыгын билдирип, натыйжада 1851-жылы Кулжада орус—кытай келишимине кол коюлду. Келишим ортодогу сооданы өнүктүрүүгө шарт түздү. Орус—Кытай мамилесинин жакшырышы Кокон хандыгынын антиорустук саясатын өзгөрткөн жок. Бул аракеттерден айрыкча Улуу Жүз казактары жабыр тартып жатты.

Орусиянын Азиядагы соодасын өнүктүрүү үчүн 1852-жылы финансы министри орус көпөстөрүнө жеңилдик берүүчү бир катар чечимдерди кабыл алды. Анын натыйжасында оренбургдук, астрахандык, батыш сибирлик, ал турсун москвалык көпөстөрдүн Түркстан менен соода мамилеси бир кыйла өскөнүнө карабастан, хандыктардагы баш аламандыктар, соода келишимдеринин, мыйзамдардын жоктугу, жергиликтүү калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү Орус—Түркстан соода мамилесине терс таасирин тийгизип турган. Ошондуктан Оренбургда, Москва жана Петербургда орус өкмөтүнө Борбордук Азия хандыктарына карата чечкиндүүлүктү талап кылган пикирлер көбөйө баштады. Натыйжада 1853-жылы Оренбург генерал-губернаторлугуна кайра олтурган В. Перовскийдин демилгеси менен Сыр-Дарыянын төмөнкү агымындагы кокон чеби Ак-Мечит каратылды.

Мындан кийин Орусия Кокон хандыгы мурунтан эле ээлөөгө умтулуп келген Улуу Жүздө өз позициясын күчөтүүгө аракеттене баштады. Бул максатта Семипалатинскиден Иле дарыясынын соя жээктерине подполковник Перемышльскийдин башчылыгында отряд жиберилип, 1854-жылы Алматы суусунун жээгинде Верный чындоосу курулду. Ал жерде аскер гарнизону жайгашып, Улуу Жүзгө көзөмөлдүк кылуучу пристав турду. Эми жаңы чындоолордун тизими казак жүздөрүн бириктирип, Кокондун Казахстанга кетчү жолун тосуп калды. Ошол эле учурда болочокто Орен-

[1] ОТСА.—ТИМдин отчеттору фонду.—1850-жыл.—184, 190-баракчалар.

бург жана Сибирь тилкелерин бириктирүү ишинин алгачкы кадамы ташталды[1].

Казакстандын көчмөндөрүн толук багындыруу жана Борбордук Азиянын ички чөлкөмдөрүнө басып кирүүгө ыңгайлуу өңүттөрдү түзүү үчүн Перовский фортунан баштап Верный чыңдоосуна чейин чептердин тизимин түзүү менен, Оренбург-Сибирь тилкесин кошууну аяктоо зарыл болчу. Бул чечим 1854-жылы падыша өкмөтүнүн Өзгөчө Комитетинин токтомунда бекитилген эле[2]. Бирок аны ишке ашыруу Крым согушунун жүрүшүндө байланыштуу убактылуу токтотулган.

1853—56-жылдардагы Крым согушуна байланыштуу Орусиянын колу байлан андыгынан пайдаланган Англия экспансиялык саясатын кайрадан күчөттү. Ооганстандын эмири Дост-Мухаммед менен бир нече жолку сүйлөшүүлөрдөн кийин, 1855-жылы 30-мартта англо-афган тынчтык келишими түзүлдү. Келишим боюнча Ооганстан жана Англия өз ара аймактык кызыкчылыктарын сактоо максатында бири-бирине жардам берүү жагы макулдашылып, бул келишимдин жоболору 1863-жылы Дост-Мухаммед өлгөнгө чейин күчүндө турду[3]. Анын негизинде Дост-Мухаммеддин колдоосу менен Борбордук Азиянын хандыктары Орусияга каршы аракеттерин уланта беришти. Кокон хандыгынын антиорустук акциялары 1855-жылдын сентябрында орус аскерлери тарабынан кокон отрядынын талкаланып калышына алып келди[4].

Крым согушу мезгилинде Орусияда Англияны эң кардуу душман деп санашкан. Ошондуктан мына ушул жылдары аскер ишмерлери Англияга, аны чыгыш эзликтери тараптан сокку берүү керек деген пикирлерди көп айтышкан. Генерал-лейтенант Хрулев "Азия үчүн Англия менен согуш болбой койбойт" деп жазат. Торнау, Дюгамель, Бларамберг сыяктуу генералдар да ушундай эле пикирде болушкан[5]. Бирок бул пикирлер иш жүзүндө к ин аныкталган жок.

Чынында, 1850-жылдардын экинчи жарымында Крым согушунан жеңилип, алсырап калган Орусия тышкы саясатта, айрыкча

---

[1] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в Средней Азии.—СПб., 1875.—16-бет.

[2] *Лобысевич Ф.Л.* Поступательное движение в Среднюю Азию в торговом и дипломатическом отношениях. —СПб., 1900.—123-бет.

[3] *Бокиев О.Б.* Англо-русское соперничество в Средней Азии в связи с присоединением территории Таджикистана к России. // Актуальные пробле-мы истории и историографии Средней Азии. —Душанбе, 1990.—9-10-беттер.

[4] ОТСА..—ТИМдин отчеттору фонду.—1856-жыл.—276, 283-баракгар.

[5] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—255-бет.

Европада, активдүүлүгүн жоготуп, көңүлдү ички түзүлүшкө буруп калган болчу. 25 жыл тышкы иштер министри болуп иштеген, эл аралык аброю зор, падышага да таасири бар саясий ишмер А.М. Горчаков согуштан кийинки абалды сүрөттөп келип, "Орусиянын башкы көңүлү ички өнүгүүгө бөлүнүүсү тийиш, ал эми тышкы саясат мына ушул негизги милдетке баш ийүүсү зарыл" деп белгилейт[1]. XIX кылымдын 50-жылдарынын экинчи жарымындагы жана 60-жылдардагы эл аралык мамилелерде Орусиянын негизги маселеси — ага Кара-Деңизде флот кармоого жана сепилдерди курууга тыюу салган Париж келишиминин (1856) чектөөчү статьяларын жоюуга арналган эле. Бирок Англиянын Борбордук Азиядагы тынымсыз экспансиялык аракеттери жана Орус империясынын өнүгүп келе жаткан капиталисттик экономикасына тышкы рынок издөөнүн зарылчылыгы Түркстанга болгон колониялык кызыгууну улам күчөтө берген. Көрүнүктүү согуштук ишмер генерал-майор Бларамберг 1857-жылы "Европа башка державалардын атаандашуусуна байланыштуу биз үчүн жабык" деп көрсөтүп, Азия менен соода байланышын күчөтүүнү сунуш кылган.

Ошол жылдары басма сөздө, публицистикалык эмгектерде европалык соодадан азиялык сооданын ыңгайлуу жана пайдалуу экендиги жөнүндө пикирлер көп айтылган[2], Борбордук Азияга кантип жылуунун багыттары, каражаттары жөнүндө түрдүү сунуштар киргизилген. Алардын кай бирлери император тарабынан да көңүлгө алынган. Мисалы, 1856-жылы декабрда Кавказ наместниги А.И. Барятинскийдин 1857-жылы Каспий менен Арал деңизинин аралыгындагы чөлкөмдө темир жол салуу үчүн изилдөө ишин жүргүзүүгө экспедиция уюштуруу керек деген сунушу император Александр II тарабынан жактырылган. Бирок Түркстан элдерин чоочутуп албоо үчүн "ыңгайлуу учурга" чейин бул курулуш токтотулуп коюлган[3].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Крым согушунан кийин тышкы иштер министрлигинин чечимдери негизинен Европада гана эмес, Азияда да активдүү актылардан көрө эл аралык мамилени жумшартуу жолу менен изоляциядан чыгууну көздөгөн саясат эле. Ошондуктан А.М. Горчаков Оренбург тилкесинин команда-

[1] Доклад А.М.Горчакова — Александру II з сентября 1865 года.—Красный архив,1939-жыл.— 2(93).—108-бет.

[2] *Княпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—257-бет.

[3] *Халфин Н.А.* Политика России в Средней Азии (1857—1868).—М., 1960. —66-67-беттер.

чысына Орусиянын согуштук, саясий жана соода кызыкчылыктарын коргоодо өтө этият болууну сунуш кылды. Ошентип, 50-жылдардын экинчи жарымында Орусия өкмөтү Түркстанга согуштук чабуул жасоонун ордуна, аны саясий-экономикалык жактан изилдөө керек экендигин негизги милдет катары санап калды.

Мына ушул максатты ишке ашыруу жана Англиянын Борбордук Азиядагы таасирин басаңдатуунун жолдорун издөө үчүн 1858-жылы Борбордук Азяга үч миссия жөнөтүлдү: Н.В. Ханыковдун Герат менен Чыгыш Иранга болгон илимий экспидициясы; Н.П. Игнатьевдин Хива жана Букарага жүргүзгөн дипломатиялык миссиясы; Ч. Валихановдун Кашкарга болгон чалгыны. Бул үч миссияны тышкы иштер министрлигинин Азия департаментин 1856—61-жылдары башкарган көрүнүктүү ишмер Е.П. Ковалевский жетектеген. 1858—59-жылдардагы экспедициялар орус өкмөтү үчүн Борбордук Азия мамлекеттеринин эли, алардын тарыхы, каада салты, маданияты жөнүндө кеңири материалдарды топтоп, орус колонизациясынын кийинки жылдардагы жүрүштөрүнө табылгыс маалыматнаама болуп берген. Ошону менен катар Англиянын Түркстанды басып алуусунун кеңири пландары бар экендиги да далилденген.

Бул миссиялардан кийин Борбордук Азия хандыктары менен мамиле бир аз жакшырды. Бухарага орус көпөстөрү барып, алар Оренбургга, Нижегород ярмаркасына келишип, соода жанданды. Бирок Кокон хандыгы менен мамиле мурункудай эле кала берди.

Оренбург генерал-губернатору А. Катенин 50-жылдардын ортосунан баштап Коконго карата чечкиндүү аракеттерге өтүүнү бир нече жолу сунуш кылды. 1859-жылы өкмөттө Борбордук Азия маселеси боюнча бир топ кеңешме өткөрүлүп, Оренбург, Батыш Сибирь генерал-губернаторлору, Азия департаментинин директору Н.П. Игнатьев Кокон менен мамилени курчутууну жактап чыгышты. Игнатьев 1861-жылы да ушул эле көз карашта болуп, тышкы иштер министри А.М. Горчаковго "Англия дайым өзүнөн күчтүү өлкөлөр менен достук мамиле түзөт. Ошондуктан Орусия пассивдүүлүгүн токтотуп, Англиянын кызыкчылыгына жок дегенде бир жолу жан оорутарлык сокку берип коюусу тийиш. Бул соода жана өнөр жай конкуренциясы, активдүү согуш аракеттери аркылуу гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн" деп жазды[1]. Игнатьевдин бул оюн аскер кызматкерлери, Түркстанга тиешеси бар

[1] Орусиянын Борбордук Мамлекеттик архиви (ЦГАОР. Мындан ары — ОБМА).—730-ф.—1-оп.—507-иш.—78-барак.

жер-жерлердеги бийликтер, москвалык көпөстөр жана ишкер адамдар колдоп чыгышты.

Соңку жаңы доордогу англиялык тарыхнаама Орусиянын Индияга опузасы жөнүндө кеңири белгилейт[1]. Кийинки мезгилде орус жана совет окумуштуулары мындай фактынын жок экендигин далилдеп чыгышты[2]. Чынында, Индияга чабуул коюунун конкретүү пландары өкмөттө болбогону менен, орус баскынчылары бул маселени да көңүлдөн чыгарышкан эмес. Аны тастыктоочу далилдер арбын. XIX кылымдын башында франко-орус мамилеси бузула электе эле, Наполеон Банопарттын сунушу менен Александр I Индияга кеңири маштабдагы чабуул жасоого макул болгондугу маалым[3]. Бирок 1809-жылы Франция менен Орусиянын мамилесинин бузулуп кеткендигинен, бул иш аткарылбай калган. Кийин 1854-жылы аскер ишмери Платон Чихачев Орусиянын Индияга жасоочу жортуулунун мүмкүнчүлүгү боюнча согуш министрине билдирүү жазган эле. 1955-жылы болсо генерал Хрулев дагы жортуулдун кеңири долбоорун түзгөн. Бирок Крым согушунун жыйынтыктары бул ойдон баш тартууга мажбур кылды да, Александр Iнин сунушу менен Орусия өкмөтү Борбордук Азияга акырындык менен кыйшаюусуз жылып олтуруп, ыңгайы келгенде, Англияга кыйратуучу сокку уруу керек деген жобону жетекчиликке алды. 1876-жылы Фергана алынганда, генерал М.Д. Скобелев К.П. Кауфманга Индияга жортуулдун даяр планын тапшырган. Бул план боюнча Индияны басып алуу 1877—78-жылдарда ишке ашмак эле. Англиянын аракеттери жана эл аралык абал, 1877—78-жылдары орус—түрк согушунун башталышынан улам бул план да аткарылган эмес. Бирок 1878-жылдын башында Борбордук Азиядан үч колонна чыгып, Ооганстанга жөнөрдө, (Ферганадан генерал А. Абрамовдун, Аму-Дарыядан Гротенгельмдин, Самаркандан генерал К.П. Кауфмандын) 1878-жылы өткөрүлгөн Берлин конгрессинде Англия дипломатиясынын сунанычына байланыштуу токтотулган. 1898-жылы В.Т. Лебедев деген аскер ишмери да Индияга жортуулдун кеңири программасын даярдаган[4]. Бул фактылар Индияга жортуул жасоо жана Ооганстанды коло-

---

[1] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—271-бет, 80-п.

[2] *Штейнберг Е.А.* Английская версия о" русской угрозе" Индии в XIX—XX вв. —Исторические записки.—Т.33.—М.,1950; *Хидоятов Г.А.* Из истории англо-русских отношений в Средней Азии в конце X1X в.(60—70-е годы). —Т., 1969.

[3] *Лебедев В.Т.* "В Индию". Военно-статистический и стратегический очерк. Проект будущего похода.—СПб., 1898.—8—9-беттер.

[4] *Лебедев В.Т.* "В Индию". Военно-статистический...—8—13-беттер.

ниялоо маселеси орус өкмөтүнүн көптөгөн программаларынын күн тартибинде ар дайым тургандыгын далилдейт. Бирок бул орус өкмөтүнүн конкретүү иш-чарасы катары талкууланган эмес. Ушул жагынан гана совет тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн Орусия Индияга согуш коркунучун туудурган эмес деген тыянагынын аз да болсо чындыгы бардыгын белгилей кетүү абзел.

Жогору жакта айтылган XIX кылымдын 50-жылдарынын акырындагы согуш ишмерлеринин, айрым соода жана өнөр жай ишкер адамдарынын Борбордук Азияда Орусия активдүү саясатка өтүшү керек деген пикирлерин аскер ишмери, тарыхчы Л. Соболевдин сөзү менен жыйынтыктоого болот. Ал "Орусия Орто Азияда канчалык күчтүү болсо, Англия Индияда ошончолук алсыз жана Европада ошончолук тил алчаак болот" деп жазат[1]. Бирок бул пикирди А.М. Горчаков көпкө чейин колдобой жүрдү. Таж-рыйбалуу тышкы иштер министри өтө этият жана сак болуучу. Ал "күч саясаты" Англия менен согушууга алып келет деп эсептеген. Акча чыгымдарынын көп кетип калышынан чочулаган финансы министри да тышкы иштер министрлигинин колдоп чыккан[2].

Ал мезгилдеги басма сөз Борбордук Азияда Орусиянын активдүүлүгүн күчөтүү маселесинде эки ачы пикирде турган. Амбициясы күч адамдардын пикирлеринен айырмаланып, кээ бир либералдык көз караштагы инсандар өкмөттүн Түркстанды согуш жолу менен басып алууга жасаган аракеттерин сындаган. Мисалы, москвалык көпөс И.А. Быковский Ташкент менен Кокон акырындап сөзсүз колония болот, бирок ал тынчтык жолу менен гана болушу керек, кичинекей бир "сарайга окшогон Пишпек" сыяктуу чептерди алуу үчүн чоң сумманы коротуу зарыл эмес деп жазат[3]. Ушундай эле кескин сынды чыгыш таануучу В.В. Григорьев да айткан. Түркстанды каратып алууга кеткен чыгымдын ондон бири да андан түшкөн кирешеден төлөнө албайт деп жазат белгилүү окумуштуу.[4] В.В. Григорьевдин өкмөттү сындап жазган "О наших среднеазиатских делах" деген макаласы үчүн ички иштер министри П.А. Валуевдин сунушу боюнча аны иштен айдашкан[5].

---

[1] *Соболев Л.Н.* Страницы из истории Восточного вопроса. Англо-афганская распря.—Т.1—4.—СПб., 1882-1885. Караңыз: Т.1.—45-бет.

[2] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—271-бет.

[3] Акционер. — 6. —8-февр ль,1863-жыл.

[4] Акционер. — 6. —8-февр ль,1863-жыл.

[5] *Скобичевский А.М.* Очерк истории Русской цензуры (1700—1863).—СПб., 1892.—478-бет.

Оренбург генерал-губернатору А.А. Катенин согуш министри менен тышкы иштер министринин пассивдүүлүгүн, Орусиянын Түркстандагы кызыкчылыгын барк албагандыгы жана бул маселе боюнча өкмөттө жакшы иштелген иш-чаралардын планы жоктугун айткан[1]. 1861-жылы Катенинди алмаштырган генерал Н.П. Безак өзүнүн мурунку кызматташынын пикирин улап согуш министри Д.А. Милютинге Түркстанга чабуул коюу тактикасына өтүү сунушун киргизген. Ал Оренбург жана Сибирь тилкелерин кошуу менен, Орусия, биринчиден, ишеничтүү чек араны алат; экинчиден, Сыр-Дарыядагы форттторду азык-түлүк жана жыгач менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт; үчүнчүдөн, жарымы Коконго, жарымы оруска караган кыргыздардын барымта жаңжалдары азайып, түтүн жыйыны көбөйөт; төртүнчүдөн, Орусияда болбогон коргошун кенин алууга шарт түзүлөт деп белгилеген[2]. Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамель Н.П. Безакты колдогон эмес, ал А.М. Горчаковдун пикирине кошулган[3].

1862-жылы марттагы Өзгөчө комитеттин жыйынында Оренбург жана Сибирь тилкелерин бириктирүүгө мезгил жете элек деп чечилди. Д.А. Милютин эки губернаторго тең быйылкы жылы эч кандай согуштук аракеттер башталбасын деп катуу эскертти[4].

1860-жылдардын башында англо-орус карама-каршылыгы Улуу Британиянын Ооганистандагы активдүү саясаттарынан улам күчөп кетти. Бул Орусиянын Түркстанды басып алуу планын иштелип чыгышын тездетти. Эгер 1862-ж. Д.А. Милютин Н.П. Безактын сунушун четке какса, кийинки жылы аны колдоого мажбур болду. Азия департаментинин директору Н.П. Игнатьев "биздин батыш жана чыгыш саясатыбыз бири-бирин толуктап, бир багыт менен бир максатка жетүүсү зарыл" деп көрсөтүп, согуш министри менен тышкы иштер министринин ашкере пассивдүүлүгүн сынга ала баштады[5]. Ушуга байланыштуу, 1863-жылдын февралында Өзгөчө комитеттин, министрлердин, Оренбург, Батыш-Сибирь генерал-губернаторлорунун биргелешкен кеңешмесинде Оренбург жана Сибирь тилкелерин бириктирүү максатка ылайык деп табылды. Император март айында планды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү шартты жакшылап изилдеп чы-

---

[1] ОТСА. —1—9-Башкы архив фонду. —8-оп.—8-иш.—1-бөлүк.—250-барак жана анын арты.

[2] ОБМСТА.—483—ф.—62-иш.—13-барак жана анын арты.

[3] ОТСА.—1—9-Башкы архив фонду.—8-оп.—20-иш.—2-б. жана анын арты.

[4] ОБМСТА.—483-ф.—62-иш.—42-баракты арты, 77-баракты арты.

[5] ОБМА.—730-ф.—1-оп.—507-иш.—15-барак жана анын арты.

гуу зарылдыгын белгилеп, тиешелүү көрсөтмө берди жана 1864-жылы согуш операцияларын баштоо маселеси чечилди[1].

1863-жылдын декабрь айында Александр II тарабынан санкцияланган Орусиянын Түркстанда активдүү акцияларга өтүшү менен[2] борбордук "Голос" газетасынан башкасынын баары өкмөттүн мындай чечимин колдоп чыгышты[3].

Ошентип 1864-жылдан баштап Орусиянын Түркстанды каратууда пассивдүүлүктөн активдүү согуштук аракеттерге өтүү менен коштолгон жаңы бурулушу башталды.

Орус өкмөтүнүн 1863—64-жылдарда Түркстанга карата тактикасын өзгөртүп, активдүү жүрүшкө өтүүсүнүн себептерин изилдөөдө мотивдердин саясий-стратегиялык жана экономикалык эки тобун белгилөөгө болот. Бул себептерди бирин экинчисине карама-каршы койбостон, тескерисинче, диалектикалык биримдикте карап, бирок Борбордук Азияда үстөмдүк кылуу үчүн Англия менен күрөшүүгө байланышкан саясий-стратегиялык мотивдерди биринчи орунга коюу абзел. Анткени, Орусияда крепостнойлук укук юридикалык мааниде 1861-жылы эле жоюлса да, өлкө иш жүзүндө капиталисттик мамилеге өтүүнү бир катар буржуазиялык реформалар аркылуу 1890-жылдарга чейин зорго аяктады. Ошондуктан 1860-жылдары соода жана экономикалык кызыкчылыктардын жогору жакта белгилегендей, анча мааниси жок экендиги, өкмөттө, министрликтерде жана комитеттерде талкууланган документтердин саясий мүнөзүн эске алсак, биздин бул пикирибиздин далилдүүлүгү күмөндөнүүнү туудурбайт.

XIX кылымдын биринчи жарымындагы Орусиянын Борбордук Азияга карата саясатына жалпы сереп салсак, Орус падышачылыгынын ар бир кадамы англо-орус карама-каршылыгынын ар бир орчундуу бурулушуна карата өөрчүй бергендигин жана бул жерде орус өкмөтүнүн басып алуучулук активдүүлүгү Англиянын колониялык экспансиясынын өнүгүү темпине жооп катары Түркстан чөлкөмүн андан озунуп ээлеп алуу максаты менен жүргөндүгүн көрүүгө болот. Борбордук Азияны басып алуу Орус империясынын түпкү максаты болгону менен, аны ишке ашыруунун көп жылдарды камтыган конкреттүү планы падыша өкмөтүнүн колунда болгон эмес. Ар бир учурдагы жагдайга жана анын мүнөзүнө карата кабыл алынган чечимдер менен коштолгон кай

---

[1] ОБМСТА.—483-ф.—62-иш.—176-барак жана анын арты.

[2] *Халфин Н.А.* Присоединение Средней Азии...—153-бет.

[3] *Дмитриев Г.Л.* Подготовка присоединения Средней Азии...—47—48-бб.

бир логикасы жоктой көрүнгөн аракеттер ушуну менен гана түшүндүрүлөт.

Падыша өкмөтүнүн Түркстанды келечектеги колониялык объект катары кароосунда саясий-стратегиялык факторлор менен катар эле соода маселелерине байланыштуу экономикалык фактор да мааниге ээ. Жогор жакта көрсөтүлгөндөй саясий-стратегиялык себептердин алдыңкы айкындоочу ролунун тааныльшы Орусиянын Түркстанга кирүүсүндөгү экономикалык себептердин маанисин кемитпейт. Бул себептер Орусиянын ички райондорунда капиталистик түзүлүш орногон мезгилден баштап жана анын Борбордук Азияны каратышынын аякташы менен (1880-жылдар) гана алдыңкы орунга чыккандыгын кийинки өнүгүү көрсөттү. Экономикалык фактордун ролу орус мамлекетинде капиталистик мамилелердин өнүгүү темпине жана буржуазиянын кызык-чылыгынын деңгелине жараша аныкталып жатты.

XIX кылымдын 30—50-жылдарында Орусия капиталисттик өнүгүүгө толук кирбей али крепосттук мамилелердин торунда жашап турган. Улуттук буржуазия өзү жөнүндө жарыялай элек болчу. Албетте, тышкы соода бир кыйла өнүккөн. 1840—50-жылдарда Орусияга Азиядан алынып келинген буюм-тайым 800 миң рублди, ал эми алынып кеткени 600 мин рублди түзгөн[1]. Орус рыногуна тыштан кирген товардардан андан тышка чыккан товарлардын көлөмүнүн аз болушу Орусияда капиталисттик мамилелердин үстөмдүк кылышын мүнөздөбөйт. Ошондуктан соода кызыкчылыгы, орус колонизаторлорунун тереңдеги экономикалык кызыкчылыгынын бир элементи катары, каралып жаткан мезгилде саясий-стратегиялык кызыкчылыкты ишке ашыруу үчүн катардагы эле каражат сыяктуу кызмат кылгандыгы байкалат.

Ошентип, Түркстан орус колониализминин объектиси катары саясий мотивдер үстөмдүк кылган саясий-экономикалык кызыкчылыктардын комплексинин түйүнү болуп орус—англис колониалдык тең тайлашуунун чордонунда өөрчүп олтурган да, аны чечүүнүн өбөлгөлөрү XIX кылымдын 30—60-жылдарында даярдалып бүткөн.

---

[1] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в борьбе за рынки.—СПб., 1876.—254-55-беттер.

1.2. Орусияга баш ийгенге чейинки кыргыз—орус мамилелери

Орусиянын Кыргызстанды баш ийдирип алаар алдындагы кыргыз элинин коомдук абалын советтик тарыхнаама негизинен туура баалап, аны патриархалдык-феодалдык этапта турган коом болгон деп белгилегендигин биз киришүүдө айтканбыз. Түркстанды анын ичинде Кыргызстанды, орус букаралыгына өткөрүүгө даярдык биринчи параграфта мүнөздөп кеткен тарыхый шартта жүрдү. С. Табышалиевдин кыргыз элинин орус курамына кирүү процессин үч баскычка бөлүүсүн (жогорку параграфты караңыз) биз негизинен туура деп таап, бирок ал биринчи баскыч деп белгилеген XVIII к. аягынан XIX к. ортосуна чейинки мезгилди Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусунун өбөлгө-лөрүнүн бышып жетилиш баскычы, же каратып алуунун түздөн-түз башталышына чейинки "предэтап" катары караганыбыз эп. Ошондуктан Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусун эки гана негизги доорго бөлдүк. Албетте, бул дооролордун ар бири өз алдынча дагы майда баскычтарга бөлүнөрү мыйзам ченемдүү.

XVIII кылымдын 80-жылдарында кыргыз коомчулугу татаал процесстерди баштан кечирип жаткан эле. Орто кылымдардан бери келаткан жоокерчилик замандын капчабындагы ич ара кагылышууларга, элди бөлүп жарган тышкы саясий окуяларга байланыштуу кыргыз эли бирдиктүү мамлекеттик түзүлүшкө жетише алган эмес. Бул мезгилде кыргыз уруулары географиялык шартка ылайык бир нече саясий бирикмелердин таасиринде жашап турган. Түштүк кыргыз уруулары (ичкиликтер, адыгине тобу, мундуз, басыз, кушчу, саруу, багыш, жедигер, саяк жана башка-ар) Фергана өрөөнүндө илгертен бери алар менен ирегелеш жашап келишкен өзбек, кыпчак, тажик жана башка элдер менен ырдикт Кокон мамлекетин негиздөөгө (1709) жана анын түптөлүшүнө багытталган саясий окуяларга активдүү катышып келишти. (Акбото бий, Кубат бий, Ажы бий жана башкалар). XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Фергана чөлкөмүндө, Памир, Тоолуу Бадахшан, Оро-Төбө, Жызак, Кожент чөлкөмдөрү Кокон мамлекетине биротоло бириктирилгендигине байланыштуу, анда жашаган кыргыздар хандыктын туруктуу калкына айланып калышкан болучу.

Кыргызстандын түндүк бөлүгү бул мезгилде ар бири өз алдынча бийлик жүргүзүшкөн уруу башчылары болгон манаптардын кол алдында эле. 1775—76-жылдардагы Талас, Чүй жана Ысык-Көл кыргыздарына каршы Аблай хандын чабуулунан ки-

йин Түндүк кыргыз уруулары 1781-жылга чейин (Аблай хан өлгөнгө чейин) казак султанынын бийлигине ыкрар кылып, бирок 1780—1830жылдардын чегинде көз карандысыз феодалдык ээликтер катары жашашкан. Маалыматтарга караганда, Талас өрөөнүндө кушчу, саруу, кытай, мундуз уруулары, Чүйдө жана Суусамырда солтолор, саяктар, Чүйдүн баш жагында, Кочкордо жана Жумгалда сарыбагыштар, саяктар, Ысык-Көлдүн батыш, түндүк-батыш жагында сарыбагыштар, ал эми түндүк, түштүк, чыгыш жээктеринде, тоо этектеринде бугулар жана саяктар, Нарында, Тогуз-Тородо, Кетмен-Төбөдө сарыбагыш, саяк, черик, карабагыш жана башка уруулар, Чыгыш Түркстанда басыз, саяк, чоңбагыш, төөлөс, солто, сарт, тейит, найман, кыпчак, бугу, черик, нойгут, башкача айтканда, ичкилик, оң, сол кыргыз урууларынын аз-аздан өкүлдөрү жашаган. Кыргыздардын түндүк чөлкөмдөрүндө мундуздан Тыныбек, саруудан Бердике, Тума бий, кушчудан Жетим бий, Бургө баатыр, солтодон Түлөберди, Жайыл, Канай, Жангарач, саяктан Садыр хан, Жанболот, Качыке, Тайлак, сарыбагыштан Тынай, Атаке, Эсенгул, Ормон, бугудан Бирназар, Бекмурат жана башкалар өз алдынча бийлик жүргүзүп тургандыгы айтылат[1].

Кыргыз урууларынын башчылары жөнүндө 1778-жылга тиешелүү официалдуу кытай булагы мындай дейт: "Анжыян менен Кашкардын ортосунда жашаган көчмөн элди "бурут" дешет. Алардын жери кенен жана калкы көп. Алардын башкаруучулары "бий" деп аталат. Ар бир бийдин ээлеген жери жана букаралары бар. Алар баары тең ата жана бири-бирине көз каранды эмес. Күчөп турган мезгилинде жуңгарлар да аларды багындыра алышпаган"[2]. Демек, XVIII кылымдын акыркы чейрегинде кыргыз урууларынын бирдиктүү жашабагандыгы, ал гана эмес өз алдынча бийлик жүргүзгөн бийлердин ар биринин саясий амбициялары өкүм сүрүп, анын натыйжасында феодалдык чыр-чатактар чыгып турган.

Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрү саясий жактан өз алдынча болгону менен географиялык шарттарга ылайык кандайдыр денгээлде таластыктар Ташкент менен Сыр-Дарыянын төмөнкү агымындагы бектиктердин, чүйлүктөр Орто Жүз казактарынын, Ысык-Көл, Нарын чыгыш Түркстандын (Кытайдын батыш

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы. —Б., 1993.—1-китеп.—167—175-бб.

[2] *Бичурин Н.Я. (Иакинф).* Описание Чжунгарии и Восточного Туркестана в древнем и нынешнем состоянии.—СПб., 1829.—147—48-беттер.

чөлкөмүндө түрк тилдүү элдер жашаган жерлер) бийликтеринин таасиринде туруп, андагы саясий окуяларга катышып келишкен.

Ошол эле учурда Түндүк—Түштүк кыргыз уруулары бири-бирине тартылып, этносаясий, салт-санаа, руханий жактардан тыгыз байланышта болуп тургандыгын маалыматтар ырастайт. Б. Солтоноевдин пикири боюнча, ал төмөнкүлөрдөн көрүнгөн. Ал "Фергана кыргызы кокондук менен аралашып, бирде өзүнчө өкүмат түсүнө кирип турган; арка кыргызы калмак, казактан кысымчылык көрсө, Ферганага качып барып, баш калкалаган; эгинден кысталаң болсо, Ферганадан алган; соода сатыгы боюнча көбүнчө Фергана менен болгон; кыргызда кээ бир атактуу кишилер өлсө, болжолу 1820—25-жылдар чамасына жете арка кыргыздарынан болсо да, аны алып барып, Анжыян шаарындагы Арстанбапка коюп турган", — деп жазат[1]. Түндүк кыргыз урууларынын Фергана чөлкөмүнө мындай тартылуусу, кыргыз элинин оң канатындагы уруулардын басымдуу көпчүлүгү (Адыгине, Тагай урпактары) XIV—XVII кылымдардын чегинде Анжыян, Алай чөлкөмдөрүндө жашап тургандыгына байланыштуу да болгон[2].

Саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз уруулары XVIII кылымдын аягында тышкы саясатта бирдиктүү багыт менен аракеттенүүгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Айрыкча, Түндүк кыргыз урууларынын өз ара келишпес мамилелеринен улам аларга тышкы душмандар коркунуч туудуруп турган. Мунун далилдери, 1758—60-жылдарда Цинь империясы ойроттордун мамлекетин талкалагандан кийин келген кытай баскынчыларынын кыргыз урууларынын үстүнөн протекторааттык көз карандылыкты орнотууга багытталган саясий аракеттери, казак султандарынын Түндүк кыргыз уруларына болгон чабуулдары (1760-жыл.) Аблай хандын жортуулу (1775—76-жж.) жана башка окуялар кирет. XVIII кылымдын аягынан баштап Түндүк кыргыз уруларына Кокон хандыгы да кысым көрсөтө баштагандыгы маалым.

Мына ушул кездер орус букаралыгын ала элек казак уруларынын бийлерин, жалпы эле азиялык көчмөндөрдүн башчыларын өз колу алдына тартууга Орусия падышачылыгы атайын көрсөтмөлөрдү бере баштады. Мисалы, 1784-жылдын май айында Екатерина II сенаттын генерал-прокурору А.А. Вяземскийге багытталган катында казактын Кичи жана Орто ордолорунун хандарынын

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы. —Б., 1993.—1-китеп.—176-бет.

[2] *Аттокуров С.* Тагай-бий.—Б., 1994.—7—11,48,62,67-беттер; Ошол эле автор. Тайлак баатыр. —Б.,1994.—11-бет.

жиберген өкүлдөрүн жылуу кабыл алуу керек деп, ал эми Уфа менен Симбирскинин генерал-губернатору Апухтинге болсо орус курамына кирген казак султандары аркылуу көчмөндөр ааламындагы ар кандай кабарларды алып туруусуна, аларды орус мамлекетинин курамына мүмкүн болушунча тартууга аракеттенүүсүнө, "жапайы элдерди ар кандай жолдор менен ооздуктоого" жана ушул максаттарды ишке ашыруу үчүн тааныштыктарды, мүмкүн болушунча ар кандай байланыштарды түзүүгө" көрсөтмөлөр берилген[1]. Бул көрсөтмөлөр казактардын коңшусу болгон жети-суулук кыргыздарга да тиешеси болушу ыктымал.

Мындай кырдаал кээ бир кыргыз бийлеринин Орус империясына кайрылуусуна мүмкүндүк туудурду.

Алгачкы орус—кыргыз байланыштары жана Атаке Тынай уулунун Петербургга жиберген элчилиги жөнүндө кийинки кезекте бир топ изилдөөлөр жана макалалар жарык көрдү[2]. Бул окуя жөнүндө атайын окуу китептериндеги жана монографиялардагы маалыматтарга кошумча катары төмөндөгүлөрдү айтууга болот. Омбуга 1785-жылдын 23-августунда келип жеткен кыргыз элчилери Атаке баатырдан Сибир генерал-губернаторуна кат жана эки аргымак, Екатерина IIге атайын расмий кат, бир кул, үч илбирстин жана беш сүлөөсүндүн терисинен турган жөнөкөй белектерди ала келишкен. Элчиликтин негизги максаты Орусиянын колдоосуна ээ болуу, Борбордук Азиядан жана Чыгыш Түркстандан Орусияга карай чыккан соода кербендеринин маршрутун өзгөртүп, Кыргызстан аркылуу өтүүсүн камсыз кылуу болучу.

Элчиликтин башында Абдрахман Кучаков жана Шергазы деген кишилер турган. Абдрахман Кучаковдун ким экендиги жана анын улуту жөнүндө мурунку изилдөөлөрдө айрым так эместиктер кеткен. Д. Сапаралиев өзүнүн акыркы иликтөөлөрүндө биринчи кыргыз элчисинин башчысы Абдрахмандын чыныгы так аты Карыганбай болуп, ал аксылык кыргыз Алкучак Буйнаковдун

---

[1] *Плоских В., Усөнбаев К. жана Сапаралиев Д.* Кол беришүү. —АГ. —1989. N 1.—103-бет.

[2] *Плоских В.* Первые киргизско-русские посольские связи (1784—1827 гг.). —Ф.,1970; Ошол эле автор. У истоков дружбы.—Ф.,1972; Ошол эле автор. Навстречу России.—ЛК.— N 2.—1988; Ошол эле автор жана *Сапаралиев Д.* Новые данные о первом киргизском посольстве в Россию.—Изв.АН Кирг.ССР. — 1982.— N 2 (Мындан ары КИАК КИ); *Плоских В., Усенбаеев К. жана Сапаралиев Д.* Кол беришүү.—АТ.—1989, N 1.; *Сапаралиев Д.* Кем же был первый посол кыргызов в Россию? —СК.-20.11.1991; Ошол эле автор. Тең укуктуу элчилик.— ЖЖ.—03.01.1991.

1739-жылы туулган уулу экендигин, анын теги XVIII кылымдын биринчи жарымында Наманган чөлкөмүндө жашаган кыргыздардан, ал эми алардын 200дөй тобу 1756—58-жылдары Цинь империясы Жунгарияны талкалаганда качкан ойроттор менен кошо Сибирге келип, Орус букаралыгын кабыл алгандыгын, кийинчерээк алар Астрахань губерниясында жашап турушкандыгын, ал эми Карыганбай Алкучаков 1770-жылдары өзүнө каратуу кыргыздар менен алгач мурунку мекени Аксыга кайтып келгендигин, анан 1880-жылдарда сарыбагыш бийи Атаке баатырга кызмат кылгандыгына байланыштуу Чүйдө, Кеминде жашап калгандыгы тактап чыкты. Ошентип, Абдрахман Кучаков кээ бир чыгармаларда жазылгандай ташкендик көпөс эмес, теги аксылык кыргыздардан (анын уруу теги божомолдо кыргыздын сол канатынын мундуз, саруу же кушчу уруусунан болушу ыктымал[1]) болуп, анын так аты жөнү Карыганбай Алкучак уулу экендиги илимде такталды[2].

Орусияга жөнөтүлгөн бул биринчи элчиликке 1770-жылдардан кийин Орусияда калып калышкан башка кыргыздар жөнүндө маалымат алуу, жайы келсе аларды мекенине кайтаруу милдети да коюлган[3]. Ошондуктан Атаке баатырдын биринчи кыргыз элчилигинин башына Орусуяда жашап тил билиц, бир топ жер кыдырып, эл-жердин шартын жакшы түшүнгөч Карыганбайды коюусу бекеринен эмес эле. Элчиликке барган экинчи киши Шергазы деген жигит болгон. Булактарда анын ата-теги беймаалым болсо да, расмий элчиликке Атаке бий сөзсүз өз туугандарынан кошуусу зарыл эле. Демек, "Шергазы Атакенин асырап алган уулу болгон", деген элдик санжырага таянган пикир туура деп ойлойбуз[4].

Омбуда жылуу кабыл алышканы менен, 1785-жылдын 29-декабринде Петербургга келишкен кыргыз элчилерин улуу айым Екатерина II кабыл албай, бир жылга чейин күттүрдү. 1786-жылдын акырында гана император айымдын кабыл алуусунда болгон кыргыз элчилигинин башчысы ооруп калды да, 1788-

---

[1] *Сапаралиев Д.* Элдик кеменгерликтин акыйкаты. Истина народной мудрости.—Б.,1986.—18—20-беттер.

[2] *Сапаралиев Д.* Кем же был первый посол кыргызов в Россию?—СК.—20.11.1991; Ошол эле автор. Принятие отдельными группами тянь-шанских кыргызов подданство России в середине XVIII века.—СлК.—03.04.1993; Ошол эле автор Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в.—Б.,1995.—117—120-беттер.

[3] *Сапаралиев Д.* Взаимоотношения кыргызского народа с русским...—120-бет.; Ошол эле автор. Элдик кеменгерлик...—17-бет.

[4] *Стамов А.* Жортуул.—Б.,192.—4-бет.

жылдын 14-сентябринде гана мекенине карай аттанды. Орус падышасынын элчилерди кабыл алгандыгы жөнүндө билдирилген А.А. Вяземскийдин каты 1787-жылдын башында эле алыскы кыргыз жергесине жиберилген болучу. Жооп катты Атаке баатырга жеткирүү үчүн Омскиден 1787-жылдын октябрь айында Муслим Агаферовдун башчылыгы астында казандык көпөс Абдрахман Нурмамедовдун соода кербени жиберилди. Кербен Атаке баатырдын Чүй жана Ысык-Ата өзөндөрүндөгү кыштоолорунан тапты да, катты салтанаттуу түрдө тапшырды.

Атаке баатыр элчилердин келишин күтпөй эле, 1788-жылы жайында Омбуга Карыганбайдын уулу Сатымбай башында турган экинчи элчиликти жиберген. Элчилер 2-августта Омбуга келишкенде, Сибирь бийликтерине М. Агаферовдун кербенин Атаке баатырдын уулдары Солтоной менен Байшүгүр талап кетишиптир деген каңшаар угулду. Петербургдан кайткан элчилер поручик И. Сипайловдун коштоосу менен 1788-жылдын 23-декабринде Петропавловск сепилине жеткенде, алардын алдын тоскон Сатымбай атасы менен учурашты. Карыганбай Алкучаков оорусуна карабастан жогоруда аталган каңшаарды иликтөөгө киришип, Атакеге "аман-эсен Омбуга жеттик" деген кат жиберди. Каңшаар иликтелип такталганча эки элчилик экөө тең Омбуда "барымта" катары кармалып турду. Бирок Атаке баатырдын жообун ала албастан, Абдрахман Кучаков 1789-жылдын июнунда дүйнөдөн өттү. Агаферовдун кербенинин каракталышы жөнүндө тергөө 1793-жылы гана бүтүп, талоончулар казактардын орто жүзүнүн султаны Кудаймендинин төлөнгүттөрү Таирберди менен Аккочкор экендиги такталгандан кийин гана, Сатымбай Карыганбай уулу Чүйгө кайтты. Ошентип, Орус падышачылыгынын Атаке баатырга болгон ишеними кайрадан калыбына келди.

Биринчи кыргыз—орус байланышында конкреттүү келишим түзүлбөгөнү менен, анын чоң саясий мааниси бар эле. Себеби, ал Орусиянын Кыргызстанды каратышынын ишке ашуусуна жана ошол эле учурда ички жана тышкы ыңгайсыз саясий кырдаалдан жапа чеккен кээ бир кыргыз бийлеринин орус мамлекетине багыт алуусуна зарыл өбөлгө түзгөн.

Мындан кийин 1813-жылга чейин орус—кыргыз байланыштары жөнүндө эч бир маалымат жок. Биздин оюбузча, мамиленин пассивдүүлүгүнө Наполеондун согуштарына байланыштуу Орус падышачылыгынын көңүлүнүн Европага бурулушу, падышалардын алмашылышы (Екатерина II 1796-жылы 6-ноябрде дүйнөдөн кайтканда, анын ордун Павел Інин ээлеши, ал эми анын 1801-жылы 12-мартта киши колдуу болуп өлтүрүлгөндүгүнө байла-

ныштуу, тактыга Александр Інин олтурушу), 1812-жылдагы Ата-Мекендик согуш, Омскидеги губернаторлордун сыйлыгышышы (1789-жылы өлгөн Н.Г. Огаревдин ордун Г.Г. Штрадман ээледи, ал да көп өтпөй губернаторлуктан кетип, ордуна Г.И. Глазенап дайындалды), ошондой эле кыргыз жериндеги ички араздашуулар, Кокон хандарынын кысымы, Цинь империясынын экспансиялык саясаты сыяктуу факторлор таасирин тийгизген.

1813-жылы гана Сибирь тилкесинин начальниги Г.И. Глазенаптын демилгеси менен казак талаасы аркылуу Ысык-Көл жана Чыгыш Түркстанга көпөс Миркубан Ниязовдун кербени жөнөтүлдү. Кербендин курамында кыргыздарды Орус империясына багыттоого байланыштуу атайын тапшырма алган, колунда Омбу губернаторунун "бардык көчмөн элдердин султандарына, старчындарына жана бийлерине" кыргыз жергеси аркылуу өткөн Кашкар соода жолу менен кетүүчү орус кербендерине шарт түзүүнү сунуштаган өтүнүч жазылган ачык каты бар агент жана котормочу А.Л. Бубенов бар эле[1].

Натыйжада, бугу уруусунун бийлери Шапак, Шералы, Эшим жана башкалар орус кербенин жылуу кабыл алышып, жооп катары А.Л. Бубенов коштогон жаңы элчиликти Сибирге жиберишти. Элчиликтин башында Качыбек Шералы уулу жана Жакыпбек Ниязбек уулу турган эле. 1814-жылы 5-январь күнү алар Семей чебине, кийинчээрек Тобольскиге келишти. А.Л. Бубеновдун "кыргыз бийлерин орус таасирине тартууга" болгон аракеттеринин натыйжасы катары келишкен кыргыздардын экинчи өкүлчүлүгүнүн негизги максаты Санк-Петербургга барып,"ак падышага баш ийип, амирине кирүүгө таазим этүү" болучу[2].

Бирок бул өтүнүч аткарылбады. Качыбек менен Жакыпбек капитан чинин алышып, ысмы жазылган кылыч жана баалуу белектер менен сыйланышып, көлгө кайтып келишти. Ысык-Көл элчилиги орус—кыргыз байланышынын, соода жана саясий өнүгүүсүнүн манилүү бурулушу болду. Ошентип, орус—кыргыз байланыштарынын жүрүшүндө демилге сарыбагыштардан ысык-көлдүк бугуларга өттү. Биздин оюубузча, буга Түндүк кыргыз урууларынын өз ара араздашуулары, айрыкча, 1819—20-жылдардагы солто—сарыбагыш жаңжалы[3] себеп болду.

---

[1] *Табышалиев С.; Плоских В.М., Усенбаев К.У.* Присоединение Киргизии к России: истоки, процесс, последствия.—КИАК КИ.—1990, 2..—63-бет.

[2] ОБМТА.-1263-ф.—1-оп. —58,453-барактар.

[3] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы. —Б., 1993.—1-китеп.—184—189-бб.

XIX кылымдын 20-жылдарындагы бугу—орус мамилелеринде сооданы өнүктүрүүгө багытталган бир нече кат алмашуу болду. Бирок соода байланышы бир топ күчөгөнү менен кербендерди каректоо токтолгон жок. Омбу облусунун начальнигинин кызматын өтөөчү С.Б. Броневскийдин кербендерди каректоону токтотууга көмөктөшүүнү өтүнгөн катына жооп кылып, 1824-жылы Омбу шаарына бугулардын арык тукумунан Акылбек Олжобай уулу, белектерден Алгазы Шералы уулу, желдең уруусунан Алымбек Жапалак уулу элчиликке келишти. Алардын Омбуга жөнөшүнө ошол жылдары кыргыз жергесинде болушкан кербен башчыларынын, орус, татар көпөстөрүнүн, айрыкча Семей көпөсү Поповдун Файзулла Сейфулин аттуу татар приказчигинин, ишимдик мещанин Пиленковдун, казак султаны Гали Адиловдун жигити Үйсүнбай Шүкүровдун бугулардын манаптарын Орусиянын букаралыгына өтүүгө үндөгөн чакырыктары чоң таасир берген көрүнөт[1]. Албетте, алардын бул жердеги соода кызыкчылыктарынын да олуттуу экендигин эске алуу жөндүү. Элчиликке негизинен 1814-жылы келген элчилердикиндей эле максат коюлуп, айырмасы кербендердин бейкуттугун камсыздоо үчүн кыргыз бийлери Омбу бийлигинен бир отряд казак-орустарды жайгаштыруу менен Ысык-Көлгө чыңдоо курууну суранышкан[2].

Элчиликке жооп иретинде 1825-жылы ,,арыгер Ф.К. Зибберштейн катышкан, хорунжий Т.В. Нюхалов башында турган казактардын отряды жиберилди. Батыш-Сибирь генерал-губернатору П.М. Капцевич кыргыз бийлерине жиберген катында орус падышасы аларды колдоого аларын, кыргыз бийлеринин орус кербендеринин соода-сатыгына көмөктөшөрүнө ишенерин билдирди. 1825-жылдын август айында орус элчилеринин катышуусу менен Жыргалаң суусунун боюнда Олжобай бийдин айлында жыйын чакырылып, анда П.М. Капцевичтин каты окулду. Ошол эле жерде Кокон хандыгына кирүүнү үгүттөшкөн кокондук элчилер менен аларды коштогон сарбаздар жүрүшкөн болучу. Көлдүк бийлер Кокон хандыгына баш ийүүнү колдобой, орус курамына өтүүнү көздөшкөндүгүн жана орус бийлеринин талаптарын орундатууга убада беришкендигин Ф.К. Зибберштейн өзүнүн күндөлүгүнө жазып калтыргандыгы маалым[3].

---

[1] Караңыз: *Хасанов А.Х.* Из истории Киргизии XIX в.—Ф.,1959.—28-бет.

[2] *Коншин Н.* Каракиргизская депутация 1824 г. (Материалы для истории Степного края, II) // Памятная книжка Семипалатинской области на 1900 г., вып.IV.—Семипалатинск,1900.—69-бет.

[3] Путевые записки лекаря Зиббершгейна. ИА.—1936, — 1.—249-бет.

Т.В. Нюхалаев менен Ф.К. Зиббepштейндин миссиясынын натыйжалары кыргыз—орус мамилелериндеги жогорку жетишкендик болгон. П.М. Капцевичтин катында жана Ф.К. Зиббepштейндин күндөлүгүндө жазылгандай орус падышачылыгы кыргыз урууларынын (негизинен ысык-көлдүк бугулардын арык, белек жана желдең урууларынын, ал түгүл сарыбагыш, саяк урууларынын бир бөлүгүнүн) тагдырын өз колуна алгандыгы, ал эми кыргыздар формалдуу түрдө Орусиянын букаралары болуп эсептелери жарыяланган болучу[1].

Бирок бул факт юридикалык түрдө кандайдыр бир документтер менен бекитилген эмес. Ошондуктан кыргыз бийлеринин кийинки кай бир каттарында өзүлөрүнүн урууларынын орус букаралыгына өткөндүгүн баса көрс үшкөндүгү учураса да, (М: 1844-жылы Боромбайдын Батыш-Сибирь генерал-губернаторуна жазган каты), биз 1825-жылга эле орус империясынын Түндүк кыргыз урууларынын каратып алуусу башталган деген ойду колдобойбуз.

1825-жылкы жакындашууну бекемдөө үчүн Сибирь бийликтери көлгө кайрадан А.Л. Бубеновду жиберүүнү чечишти. 1827-жылы март—апрель айларында А.Л. Бубенов Жыргалаң, Жуука-Тоо өрөөндөрүндө болуп, Акымбек О бай уулу, Алымбек жана анын атасы Жапалак менен расмий жолугушууларды уюштуруп, кыргыз бийлерине баалуу белектерди берди. Бир айдан ашык бугулардын жаздоосунда болуп, элдин турмуш-тиричилиги, Түндүк кыргыз урууларынын өз ара карым-катнашы, Чыгыш-Түркстандагы саясий окуялар жөнүндө маалыматтарды жыйнаган А.Л. Бубенов жогоруда аты аталган бийлердин орус бийликтерине "ыраазылыктарын билдирген" жооп каттарын алып кайра тартты.

Орус мамлекетинин 1820-жылдардагы бул аракеттери көл кыргыздарынын XVIII кылымдын аягында Цинь импер ышын протектораттыгынан бошонуп, 1831-жылы Кокон хандыг ынын кол алдында калганга чейинки көз каранды эмес мезгилдин акыркы жылдарына туура келген.

Кийинки мезгилдерде Орус мамлекетиндеги орчундуу окуялар: декабристтердин көтөрүлүшү (1825), Орус—Персия согушу (1826—28), Орус—Түрк согушу (1828—29), Орусиянын жалпы ички абалынын начарлашы, падышачылыктын чет-жакаларга, анын ичинде кыргыз жерине болгон активдүү мамилесин XIX кылымдын 30-жылдарынын аягына чейин токтотуп койгон.

---

[1] История Киргизской ССР... —1-том. —Ф., 1984.—578-бет.

Бул мезгилдеги кыргыз элинин ички жана тышкы абалы Кокон аскерлеринин 20—30-жылдардагы Талас, Кетмен-Төбө, Чүй, Тянь-Шань жана Ысык-Көл өрөөндөрүнө болгон жортуулдарынын натыйжасына байланыштуу болгон. XIX кылымдын 30-жылдарынын башында азыркы Кыргызстандын бүткүл чөлкөмү Кокон хандыгына бириктирилип бүткөн. Бирок Түндүк кыргыз уруулары саясий жактан өз алдынчалыгын бир кыйла денгелде сактап кала алышкандыктан, Кокон бийлиги бул жерде шарттуу гана болучу. Мындай кырдаал 1827-жылдан 1844-жылга чейин орус—кыргыз саясий, соода байланышын убактылуу токтоткону менен, кыргыз жеринин түндүгүндө мурункудай эле феодалдык өз ара чатакташуулар жүрүп турган[1].

Ошол убактагы орчундуу окуяларга Кокон амирлигине каршы уюштурулган кыймылдар кирет. 1821-жылы таластык кыргыздар казак уруулары менен кошулуп, Тентек-Төрөнүн жетекчилиги менен көтөрүлүшкө чыккандыгы маалым. Көтөрүлүшчүлөр Чымкент, Сайрам шаарларын алууга жетишти, бирок Тентек-Төрөнүн солгун жана келишкич аракеттеринин натыйжасында күрөш Кокон хандыгынын пайдасына чечилди. Экинчи бир кыймыл санжыраларда "Илеге жүрүш" же "Канайдын качуусу" деп аталат. Кокондуктардын алгачкы жортуулдарында, анын сарбаздарынан жеңилип калган солтолордун бири Канай баштаган солто, саруу уруулларынан турган чоң көч 1824—25-жылдар чамасында Балхаш көлүнүн чыгыш тарабына, Иле боюна көчүп барышкан. Көчүүгө сарыбагыштан Төрөгелди, саяктан Атантай, Тайлактардын кыйыр катышкандыгы да маалым[2].

Иледе казактардын жаныш, чапырашты уруулары менен ымаласы келбеген соң, анын үстүнө Кокон экспансиясына каршы туруу үчүн Иле казактары Цинь бийлиги менен мамиле түзүп, алардын кыргыз чегине басып кирүүсүнө көмөктөшкөндүктөн, Илеге көчүп барган солтолор менен саруулар кайрадан өз жерине кайтып келишкен.

Өз мезгилинин саясий окуяларына активдүү аралашкан инсандардын бири, сөөгү Арстанбапка коюлган саяктардын акыркы чоң бийи — Ырыскулдун уулу Тайлак эле. Тайлак агасы Атантай экөө Иледе жүргөндө, алардын жоктугунан пайдаланган саяктар-

---

[1] Мезгилди сүрөттөгөн алгачкы кыргыз тарыхчысы Б.Солтоноев "арка кыргызы бир ооз боло албады..." деп жазат. Караңыз: Кызыл-кыргыз тарыхы... —1-китеп.—192-бет.

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы... —1-китеп. —179—80-беттер; *Аттокуров С.* Тайлак баатыр...—14-бет.

дын каба уругунун манабы Кетирекейдин уулу Алымбек Куртка чебине чабуул коюп, кокондуктардын жазалоочу отряды келгенде Кочкорго качып кеткен. Иледен жаңы эле келишкен Атантай, Тайлакты кокон амирлиги туткунга алды. Бирок аларда кыргыздардын саяк, солто, сарыбагыш, бугу, басыз, саруу урууларынын атынан Мадалы ханга арачы болуп барышкан Медет датка баш таган Түндүк кыргыз бийлери бошотуп алышты. Себеби, 1825-жылы Цинь империясына каршы Жаангер кожонун кыймылы башталып, анын жардам сураган элчилери Кыргызстанга, Кокон, Бухара бийликтерине жиберилген болучу. Ушуга байланыштуу Мадалы хан Жаангер Кожого активдүү жардам берүүчү күч катары Тайлак баатырдын зоболосунан жана анын нарындык кыргыздардагы таасиринен улам бошотуп жиберген[1].

Көп убакыт өтпөй, 1825-жылы жазында Цинь империясынын генералы Баян-Бату баштаган миңден ашуун жоокери бар жазалоочу отряд Тянь-Шанга качкан Жаангер кожону кармоо үчүн Атантай, Тайлактын Нарын өрөөнүндөгү айылына кол салат. Натыйжада жазалоочу отряд тыптыйпыл талкаланат[2].

Кыргыз уруулларынын Жаангер кожонун 1825—26-жылдардагы кыймылына активдүү катышкандыгы изилдөөлөрдө маалым[3]. Тайлак баатыр Кокон бийлигине каршы 1832-жылы күрөш жүргүзүп, 1838-жылдарга чейин Кокон бийлигинен көз каранды эмес болуп тургандыгын акыркы изилдөөлөр далилдеди[4]. (Негедир окуу китептерине Тайлак баатырдын көтөрүлүшү талкаланып калган[5] деген пикир орун алып келет.)

Кокон бийликтери Түндүк кыргыз уруулларын бири-бирине тукуруу, бөлүп-жаруу менен алсыздандырып, анын натыйжасында үстөмдүк кылууга аракеттенчү. Мисалы, 1821-жылы Омор хан Касан шаарына бектик кылып турган кутлук-сейит уруусунун бийи Бекназарды кетмен-төбөлүк кыргыздарга жана Ош-Кашкар кербен жолунун боюнда көчүп жүрүшкөн сарыбагыштарга каршы жиберип, аларды талоонго алдырганы булактарда айты-

---

[1] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр...—15-бет.

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—1-китеп.—191—92-беттер; *Валиханов Ч. Ч.* Соч. —СПб., 1904. —Записки РГО по отд. этнографии. —Т.XXIX.—128—129-беттер.

[3] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр...; *Кузнецов В.С.* Цинская империя на рубежах Центральной Азии. История, культура Востока Азии. —НСб., 1983. —75—99-беттер.

[4] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр...—85-бет.

[5] История Киргизской ССР... —1-том. —498-бет.

лат[1]. Ташкен беги Нурмат кушбеги саруу, солто, сарыбагыш, кара чоро (суу мурун) урууларын бири-бири менен кагыштырып турган[2]. Кокон жүрүштөрүнүн мезгилдеринде Түштүк кыргыз урууларынын адыгине, ичкиликтер, жедигер, мундуз, саруу, багыш, кушчу, кытай жана башкалар Кокон хандыгына XVIII кылымдын аягында эле биротоло бириккендиктен, Түндүк кыргыз урууларынын Кокон хандыгына каршы күрөштөрүнө кайдыгер карашкан. Бирок, Цинь империясына каршы күрөштөрдө дайыма бириб ирине көмөк көрсөткөндүгү белгилүү.

Түндүк кыргыз урууларынын Кокон хандыгына карата мамилеси ар түрдүү болучу. Мисалы, "Канай качуу" окуясында таластык, ысык-көлдүк кыргыздар, нарындык кыргыздардын бир бөлүгү солтолорду колдогон жок. Ал эми Тайлактын кыймылынын алдында жана анын мезгилинде борбордук Тянь-Шанда жашаган саяк, басыз, черик, моңолдор уруулары Кокон аскерлеринин басып киришине куралдуу каршылык көрсөтүшө алышпады, ал турсун Жумгал, Куртка чептерин курууга кай бирлери кокондуктарга көмөктөшкөндүгү да белгилүү.

Кокон хандыгына каршы Түндүк кыргыз урууларынын түп көтөрө чыгышпагандыгынын бир себеби 1825—26-жылдары болуп өткөн Кытай экспедициясынын коркунучунун (Жааңгер кожонун кыймылы мезгилинде) шартында тилдик жана диндик жалпылыгы бар Кокон бийликтеринин "өз" көрүнгөндүгү болгон. Анын үстүнө Түштүк кыргыздарынын бийлеринин басымдуу көпчүлүгү Кокон бийлигине аралашып, ал турсун хандыкты өз хандыгындай туйгандыгы Түндүк Кыргызстанга чоң таасирин тийгизген. Мындай жагдай 1830-жылдары жүргөн Тайлак баатырдын Кокон амирлигине карата кыймылы нарындык бир аз саяктарды, черик-терди, басыздарды жана саруулларды гана камтып калуусуна алып келди. Ал түгүл Тайлак баатырдын кыймылына солто уруусу тикеден-тике каршы болсо, сарыбагыштар менен бугулар бейтарап абалда турушту. Бул кийин солто менен саяктардын мамилелеринин сууп кетишине алып келген.

Түндүк Кыргызстандын саясий мамилелеринде сарыбагыш уруусунун белгилүү манабы Ниязбек уулу Ормондун хандык мезгили (1830—1854-жж) өзгөчө орунду ээлейт. Себеби, Ормондун "хан" титулун өз эркы менен өзүнө ыйгарышы Түндүк Кыргыз-

---

[1] Материалы по истории киргизов и Киргизии.—М.,1973.—Вып.1.—229-бет.
[2] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр...—13-бет.

стандагы ушул мезгилдердеги бир катар саясий окуялардын чыгып кетишине белгилүү деңгелде шарт түзгөн.

Ормондун хан көтөрүлүшү изилдөөлөрдө ар башка берилет. Б. Солтоноев өзүнүн "Кызыл-кыргыз тарыхы" деген китебинин 1-томунда Ормон 39 жашында 1830-жылы Кочкордун аягы Орто-Токойдо хан көтөрүлгөн деп жазат[1]. Ал эми башка чыгармаларда ал 1840-жылдары бугу, саяк, сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик жана башка уруулардын бийлери катышкан Кетмалдыдагы (азыркы Балыкчы шаары жайгашкан жер) жыйында хан көтөрүлгөн делет[2]. Биздин оюбузча эки окуя тең тарыхый факт болушу ыктымал. Ормон Ниязбек уулу 1840-жылдарда Түндүк кыргыз урууларына бир топ таасирлүү инсан катары тааныльганда кыргыздардын басымдуу бөлүгүн мамлекетке бириктирүү аракетин жасап, өзүн экинчи жолу хан деп жарыялатууга жетишиши мүмкүн.

Атантай менен Тайлактын кыймылын эсепке албаганда, бул мезгил Чүй, Ысык-Көл, Кочкор жана Жумгал өрөөндөрү үчүн тынч болучу.[3] 1840—41-жылдарда солтолор менен таластык багыш уруусунун барымта араздашуусу сыяктуу бир аз ич ара келишпестиктер болгону менен, Түндүк кыргыз урууларынын өз ара мамилеси ачык куралдуу кагылыштарга жеткен эмес. Ормондун бийлиги күчөгөн мезгилде, аскер ишин уюштурууга саяктардан Алыбекти, жоо бетине сарыбагыштан Төрөгелдини, чоң жыйындарга сарыбагыштан Карабек уулу Жантайды белгилегендиги маалыматтарда айтылат[4]. Солтонун бслгилүү бийи Канайдан өзгөчөлөнүп, ошол эле уруунун экинчи бир белгилүү бийи Жангарач Кокон амирлигине ыкрар тартса да, Ормон аны менен тил табышып турган. Сарыбагыштардын Тынай тобунун бийи Жантай да Кокон ордосуна жакыныраак болуп, бирок негизги маселелерде Ормонго баш ийген. Бугудан Боромбай менен Балбай XIX кылымдын 40-жылдарынын башына чейин Кокон хандыгынын бийлигин формалдуу кабыл алышканы менен, чынында, Орусияга жүз бурушканы 1825—27-жылдардагы орус—кыргыз мамилелеринин өнүгүшүнөн кийин белгилүү болду. Ошол себептүү келечекте орус бийликтеринен жардам күткөн эки манап Ормонду жактырышкан эмес. Ормон менен куда болгонуна карабастан (Ормондун кызы Кулан Боромбайдын уулу Өмүрзактын аялы

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—1-китеп.—195-бет.

[2] *Талызин А.* Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г.—Т.2. —Верный, 1898.—27-бет; *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки политической истории...—84-бет; АТ.—1989.— 1.—109-бет.

[3] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—1-китеп.—197-бет.

[4] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—1-китеп.—196-бет.

болучу), Боромбай анын бийлигин тааныган эмес. Бул араздашуу кийинки бугу—сарыбагыш чабышынын бир себеби болуп калды.

Жогоруда айтылган фактыларды жыйынтыктап келип, XIX кылымдын башынан 40-жылдарына чейинки Теңир-Тоо кыргыздарынын эл аралык абалы Орусия, Кытай жана Кокон мамлекеттеринин ортосундагы тең салмактуулукту сактап турган объект катары саналгандыгын байкоого болот. Батыш Сибирь генерал - губернатору Г.Х. Гасфорддун "үч коңшу державанын чек араларында ыңгайлуу жана бекем жайланышып, башка кыргыздарга (казахтарга) караганда деми күчтүү жапайы ордону (кыргыз элин) ээлеп алуу аталган үч өлкөнүн саясатындагы бирден-бир маселе" деп көрсөткөндүгү жогорку ойду айкын далилдеп турат[1].

Орус мамлекетиндеги жана Түндүк кыргыз урууларынын өз ара мамилелериндеги 1827—1840-жылдардагы жогоруда айтып өткөн абал орус—кыргыз мамилелерин токтотуп турганы менен, 1842—1844-жылдардагы Кокон ордосундагы так-талашуулар (1842-жылы кыргыз бийи Нүзүптүн күчү менен Шералы хандын такка олтурушу, 1843-жылы Нүзүптүн өлтүрүлүшү, 1844-жылы 14 жашар Кудаярды хан деп жарыялап, кыргыз-кыпчак бийи Мусулманкулдун бийликти толук колуна алышы) хандыктын Түндүк кыргыздарынын арасында саясий таасирин солгундаткан.

Мындай ынгайлуу шартты пайдаланган бугу уруусунун манабы Боромбай Бекмурат уулу 1844-жылы Орусияга ыкрардык мамилени кайрадан жаңыртты. Бул кадам жылдан-жылга күчөп бара жаткан кыргыз, казак бийлеринин мамилелеринин курчушуна, феодалдык өз ара чыр-чатактарга байланыштуу болсо да, түпкү себеби Кокон хандыгынын бийлигинен кутулуу жана Цинь империясынын экспансиясына каршы Орус падышачылыгынан колдоо издөө болчу. Албетте, мунусу менен Боромбай сыяктуу манаптар өз зоболосун көтөрүүнү негизги максат кылышкан, ошол эле учурда бул аракет Орус колонизаторлорунун мүдөөсүнө да төп келген.

Боромбай Батыш-Сибирь бийликтерине жазган катында Орус букаралыгына өтүүнү каалагандыгынын, ал түгүл ант берүү үчүн Петербургга өкүлдөрүн жиберүүгө даяр экендигин, мурункудай (1824-жылкы элчиликтей) жиберген элчилерди Сибирден эле кайтарып жиберишсе "капа боло тургандыгын" билдирди[2]. Боромбайдын өтүнүчүн орус императору Николай II кыргыздардын

---

[1] ОТСА. —Башкы архив фонду.—1-7. 1844—1863. —1-иш.—36-барак.
[2] ОТСА. —Башкы архив фонду.—1-7. 1844—1863. —1-иш.—1-2-барактар.

алыстыгына жана алардын "бейкуттуугун" кармап турууга Сибирь тилкесинде согуштук күчтүн аз экендигине шылтоолоп, четке какты.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз уруу башчыларын Орусия империясына кайрылууга түрткөн дагы бир чоң окуя болду. Аблай хандын небереси Кененсары Касым уулунун XIX кылымдын 30-жылдардын аягындагы Орусия империясына, Кокон хандыгына каршы күрөшү, өзүнүн прогрессивдүү жактары менен кошо чоң атасы Аблайдын Казакстандагы ээликтерине, ошондой эле 1775—81-жылдардагы ага карап турган арка кыргыздарынын жерлерине (Талас, Чүй өрөөндөрү) кайра ээлик кылууну көздөгөн монархиялык максаты да бар эле. 1845-жылы Урал жана Оренбург тилкелеринде орус чыңдоолорунун күрулушу Кене хандын абалын оорлоткондуктан, ал борбордук Казахстанды таштап, Улуу Жүздүн Жети-Суу чөлкөмүнө келүүгө мажбур болду. 1845-жылы ал "оруска каршы аттанууга мага көмөк-төшүүгө макул болгула жана менин бийлигиме багынып бергиле" деген маанидеги каттарын Чүй, Талас кыргыздарынын манаптарына жиберди.

Бул каттар Ормон жана Жантай катышкан кыргыз бийлеринин жыйынында талкууланып, анда Кененсарынын талабына баш ийбөө жана согушка даярдануу жөнүндө чечим кабыл алынды. Муну укkан Кененсары хан 1845-жылы таластык кушчулардын бийи Бүргөнүн уулу Калчаны туткундап, (бирок ал 3—4-айдан кийин коё берилген), солтолордун жайыл уругу менен кагылышууга үлгүрдү. Кыргыздар Кененсарынын талабына моюн сунбагандыгы эки элдин арасын алыстата берди.

Жогорку аракеттер 1846-жылы жазында Кокон бийликтери менен Кененсарынын карама-каршылыгына алып келди. Бирок Ит-Кечүү, Мерке сыяктуу Кокон ,сепилдериндеги сарбаздардын башчылары Кененсарынын аракеттерине тоскоол боло алышпады. Кокон бийликтеринин бейтараптыгына жетишкен Кененсары Чүй манабы Жангарачтын ээликтерине басып кирди. Тынай уруусунун бийи Калпактын айылы таланып, анын өзү өлтүрүлдү. Сарыбагыш манабы Төрөгелдинин айылына чабуул коюлду.

Кененсары хандын бул биринчи жортуулу анча ийгиликке жетпесе да, элдин бүлүнүшүнөн чоочулаган кыргыз манаптары солтодон Жаманкара, Болот, сарыбагыштан Калыгул баштаган элчилерди Кене ханга тынчтык келишим түзүүгө жибериштн. Бирок Кененсары Жаманкара менен Болотту өлтүртүп, Калыгулду гана "тынч жашайбыз" деген оозеки убада менен кайтарды.

1847-жылы жазында Султан Кене Чүй кыргыздарына экинчи жолу аттанды. Мындай кырдаалда Чүй, Кочкор, Жумгалды жер-

деген сарыбагыш манаптары Ормон менен Жантай, солтодон Жангарач бий 40 миң түтүн элдин атынан Орус букаралыгына өтүүнү каалагандыктарын билдирген жана Кененсарыдан коргонууга жардам сураган катын Сибирдеги орус төбөлдөрүнө жиберүүгө аргасыз болушту. Сибирь бийликтери "Орус букаралыгына өтүү" маселесин 1844-жылы Боромбайга айткан шылтоолорундай эле четке кагып, бирок Кененсары менен куралдуу кагылышта кыргыздарды колдоорун билдирүү менен гана чектелишти.

Кене хан 1847-жылы жазда Меркени камап жаткан кезде, Жантай солто элин Чүйдүн башына, Кеминге көчүрүп, өзү кошууну менен Токмоктун жанында жоо жолун тосуп, аларга сарыбагыштардан, саяктардан да кошуундар келип, топтолуп жатты.

Кененсарынын колу менен кармашуу 5—6 күнгө созулду. Кененсарынын бийлик амбициясына байланыштуу бул согушта эки тараптан тең кан суудай акты. Салгылашуунун 12-күнүндө Ысык-Көлдөн түйлүктөргө жардамга жөнөгөн Ормондун кошууну кармашка жетип келген ченде, кыргыздар чечкиндүү чабуулга өтүшүп, казактар курчоого алынды. Кененсары, иниси Нооруздбай экөө тең колго түштү жана өлтүрүлдү.[1]

Кененсары менен болгон согушта бугулар менен саяктардын басымдуу бөлүгү катышкан жок. Көлдүк кыргыздардын мындай кадамына Боромбайдын таасиринде турган уруулардын сарыбагыштар менен ыркы келишпегендиги биринчи себеп болсо, бугулардын Орус бийликтери менен мамилеси башка урууларга караганда жакшы болгондугуна байланыштуу казактар бизге тийише албайт деген ишеним экинчи себеп болгон. Ошол эле учурда өз алдынча саясат жүргүзүүнү көздөгөн Боромбай Кытай империясы менен да ымалага кирүүгө умтулгандыгы белгилүү. 1840-жылдардын акырында ал кытайдын административдик башкаруучусунун даражасы "шарик" титулун алган[2].

Кантсе да бул фактылар кыргыз феодалдарынын биримдиги жоктугуна жана уруу кызыкчылыктарынын элдик кызыкчылыктардан жогору коюлгандыгына күбө.

1848-жылы Жантай Карабек уулу Ормон хан менен макулдашып, Омбуга элчи жиберди. Ал элчиликтин башында Калыгул

---

[1] Кыргыздардын Кене хандын чабуулуна каршы күрөшүн толугураак *Б.Солтоноевдин* "Кызыл-кыргыз тарыхы" китебинин 2-томунан карап алыңыз.

[2] *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны.—Аалам.— 10—11.—1992.—4—5-беттер.

Кубат уулу туруп[1], алдына эки максат койгон эле. Максаттын биринчиси ошол кезде Орусиянын курамына кирген Иле казактарынын туткунунда калган Төрөгелди баатырды Орус бийликтеринин кийлигишүүсү менен бошотуу болгон[2]. Бул максатты ишке ашыруу үчүн Кененсарыга мурунтан тымызын каршы болуп жүргөн казак султаны Рүстем менен меркелик Супатай бийдин сунушу боюнча, Жантай Сибирь бийликтерине Кене хандын кесилген башын берип жиберди. Мунусу менен ал Орус империясына сөөк өчтү душмандын жок болгондугун билдирүүнү ойлоду. Буга ыраазы болгон орус бийликтери Төрөгелдини бошотууга жардам берүүсү мүмкүн эле. Экинчиси — Кокон хандыгынын таасиринен бошонуу болучу. Себеби өз алдынча саясат жүргүзүүгө умтулуп жаткан кыргыз манаптары Орус империясынын курамына өтүп, "орус букарасы" деп аталганы менен мындай кадам жогорку мүдөөгө жетүүгө шарт түзмөк жана ал ошол кезде бирден-бир туура жол деп эсептелинген.

Бул элчиликтен соң орус бийликтеринин кийлигишүүсү менен Төрөгелди туткундан бошотулду. Ошондой эле орус бийликтери Ормондун жана Жантайдын аракеттерин колдоорун билдиришти. Элчилерден Сибирь бийликтери Жантайга мактоо баракчасын, алтын медаль, Ормонго да ушундай эле сыйлыктар менен кошо алтын жип менен саймалаган чепкен берип жиберишти.[3] Мындан тышкары орус өкмөтү Ормонго подполковник чинин ыйгарып, Кене ханга каршы согушка активдүү катышкан 12 кыргыз баатырынын ар бирин алтын медаль менен сыйлады[4]. Алтын медалдарды Ормон, Жантайдан башка Кененсарыны колго түшүргөн Калча баатыр, анын башын кескен Кожобек, ал башты

---

[1] Калыгул Кубат уулу (Кээде Албек уулу деп да жазышат) 1899-жылы өлгөн. Ал Кененсарынын кошууну менен болгон Чүй кыргыздарынын согушуна катышуучу катары 1895-жылы Б. Солтоноевге ал каармаш тууралуу айтып берген. Караңыз: *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—1-китеп.—208-бет.

[2] Төрөгелди баатырды Б.Солтоноев Кене хандын экинчи чабуулу мезгилинде (1847-жылы) Иле казактарынын туткунунда болгон деп жазат. (Караңыз: *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—2-китеп.—11-бет.) Ал эми Төрөгелдинин өз небереси Сатай уулу Бошкойдун айтымында баатыр 1846-жылы жайында Кене хандын биринчи чабуулунда колго түшкөн, кийин 1848-жылы Иле боюндагы Эр Мукандын туткунунда болгон деп жазат. (Караңыз: Төрөгелди баатыр. —ЖЖ.—1991.—15-январь.—11-бет.) Биздин оюбузча Төрөгелди Кене хан өлгөндөн кийин туткундан бошонгон эмес, ал 1846—48-жылдары алгач Кене хандын, кийин Иледеги казактардын туткунунда жүргөн.

[3] *Бартольд В.* Киргизы.— Соч.—Т.2.—Ч.1.—9-бет.

[4] *Венюков М.* Очерки Заилийского края и причуйской страны...—140-бет.

Омбуга алып барган Калыгул да алды.[1] (Айта кетчү нерсе. Бир тууган эки элдин бири-бирине кыргын салышы жана жеңген тарапка орус баскынчыларынын "баатыр" катары сыйлык бериши азыркы муундардын үрөйүн учурган шумдук нерсе сыяктуу сезилери анык. Иштин мындай бүтүшүнө жүрөгүбүз канаганы менен, тарых чындыгын тана албайбыз.)

1848-жылы Боромбай орус бийликтерине кат аркылуу дагы кайрылды. Катында ал Ысык-Көлдү жердеген 10 миң үйлүү бугу, бир нече миң түтүн сарыбагыш, саяк жана бир аз солто уруулары өз ара араздашып турушканын, алардын күчтүү башчысы жоктугун, ошондуктан орус бийликтери бул жерди камтыган диван (округ) түзсө, анда Кокон да, Кытай да, катыла албастыгын эскерткен[2]. Бул өтүнүч генерал-губернатордун "кези келгенде аткарыла тургандыгын билдирген жооп каты менен гана чектелди.

Ормон өзүн хан деп эсептегени менен кыргыз элин бириктирип, чек араларды тактоого анын күчү да, мүмкүнчүлүгү да жок эле. Ошол мезгилде анын карамагында Чүйдүн башын, Ысык-Көлдүн батышын, ошондой эле Кочкорду ээлеп турган сарыбагыштар гана болуп, көп сандаган солтолор, саяктар Ормондун хан көтөрүлүшүн четке какпаса да, чын-чынына келгенде өзүлөрүнүн манаптарынын бийлигине гана баш ийип турушкан. Нарындагы саяк, черик, басыз жана башка уруулар, Таластагы кушчу, саруу, кытай, мундуз уруулары да Ормондун бийлигин тааныган эмес. Ал эми 10 миң түтүн бугулардын бийи Боромбай жыл өткөн сайын Ормондун бийлигин таанымак үгүл, жоолаша баштады. Мындай шартта Түндүк кыргыздарынын күчтүү төбөлү болуп эсептелген Ормон Ниязбек уулу кыргыз арасында бийлигин чыңдоо жана кандайдыр бир ийгиликтерге жетишүү максатын ишке ашыруу аракетин кыргыз жергесинде эмес, коңшу казак жеринде жасоону чечти.

1851-жылы кыш мезгилинде ал өзүнө караштуу 600 түтүн сарыбагыш уруусун ээрчитип, Ысык-Көлдүн түндүк жагындагы белди кыйынчылык менен ашып, Ала-Тоонун түндүк-чыгыш тарабына, Иле дарыясынын сол жээгине көчүп келди да, Чарын, Челек өзөндөрүнө кыштамак болду. Бул көчүүнүн себебин Б. Солтоноев мындай деп түшүндүрөт. Кененсарынын чабуулунан кийинки жылдары бугулардын Балбай баатыры Иле, Кулжа, Каш-

---

[1] ОТСА. —Башкы архив фонду.—1—7. 1844—1863. —1-иш.—1-барак;. *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны... —Аалам... —4—5-беттер.

[2] ОТСА.—Башкы архив фонду.—1—7. 1844—1863. —1-иш.—11—12-б-тар.

кар, Турпанга жете казак, кыргыз, уйгур урууларының жылкысын тийип, эр өлтүрүп тынчын алган. Казак урууларынын жооп катары бугулар гана эмес сарыбагыштар менен да жоолаша баштаган. Ошого байланыштуу, Ормон "казакты басамын" деп Илеге көчкөн[1]. Бул фактылардын тарыхый чындык экендигине күмөн жок, бирок биз Ормондун "Илеге жүрүшүнүн" түпкү максатынын жогорудагыдай болушу, Балбайга байланыштуу казак—кыргыз барымта жаңжалдары Ормонго өзүнүн максатын аткаруу үчүн шылтоо гана экендигин белгилемекчибиз.

"Илеге жүрүштүн" негизги мааниси арка кыргыздарында таасирин жогото баштаган Ормон орус бийликтеринин колдоосунда жаңы жерлерди ээлеп, казак урууларынын чатактарды тынчытып, өзүнө караштуу кыргыз урууларын жаңы жерлерге жайгаштырып, анысы менен өз аброюн көтөрүү, андан кийин, арка кыргыздарын бириктирип, өз алдынча хандык түзүүнүн акыркы далалаттары эле. Ушул ойдо Ормон, уулу Үмөтаалы менен бирдикте 1852-жылы 23-мартта Иледен Орус императору Николай Iге кат жиберди. Катта Иле боюндагы казактардын дуулат, албан урууларынын бир бөлүгү орус букаралыгынан бошонуп, Кокон мамлекетине кире качкандыгына байланыштуу бош калган жерге сарыбагыштардын бир бөлүгү көчүп келгендигин, жазында эгин айдоого киришe баштаганда, калган казак урууларынын өзгө мүмкүнчүлүк беришпегендигин, эгер "ак падыша" туура көрүп, Иленин түштүк тарабын (сол жээгин) кыргыздарга берип калса, анда Күнгөй, Тескей, Чүй, Нарын, Кочкор, Жумгал, ал түгүл, Кетмен-Төбөнүн элин да көчүрүп келерин билдирип, падыша жолугу 20-апрелге, көш чыккангачейин берсе жакшы болорун, эгер жоо. болбосо, кайра көчүп кетишерин билдирди[2]. Каттан орчундуу эки нерсени байкоого болот. Биринчиси, Ормон көчүп келүүнү Орус букаралыгына өтүү деп санабайт жана катта бир да жолу ал жөнүндө айтпайт. Экинчиси, өз бийлигин Орус бийликтери менен тең ата туюндуруп, орус букаралыгынан качышкан дуулаттар менен албандарды "тартипке чакырган" эмгеги үчүн падыша өкмөтүнөн жер бөлүп берүүсүн талап кылган таризде доомат коюп, аны "мындай аракеттерибизге Сиз ачууланасызбы, жокпу, өз эркиңиз" деген сөздөр менен билдирет.

Падыша канцелариясынын кашандыгынан катка жооп өтө кеч берилди. Тышкы иштер министрлиги 1852-жылы 3-июлда Батыш-

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы...—2-китеп.—14—15-беттер.
[2] ОБМСТА. —38-фонд. —8-оп.– 19-иш.—6—9-барактар.

Сибирь генерал-губернатору Г.Х. Гасфордго кат жазып, анда "кара-кыргыздардын ордосунун манабы Ормон Ниязбек уулунун орус өкмөтү менен алдын ала макулдашпай туруп, Иленин наркы жээгиндеги жерлерди ээлеп алгандыгы ээнбаштык" деп эсептелип, анын өтүнүчүн канааттандырууга мүмкүн эместигин, эгер макулдук берилсе, анда кара-кыргыздардын дагы да мындай жерлерди ээлей берүүсүнө жол берилерин жана маселени оң чечүү казактар менен кыргыздардын ортосунда кагылышууну алып келерин эскертти[1].

Каттын тексти Ормонго жеткен жок, 1853-жылдын жайында гана Г.Х. Гасфорд тарабынан Орус букаралыгында турган Улуу Жүз казактарынын (Чоң ордонун) приставы майор Перемышльскийге "сарыбагыш уруусунун манабы Ормонду, эгер ал Иле өрөөнүнөн тоо этектеп көчүп кете элек болсо, Орусиянын амирине киргизгиле," деген буйругу менен кошо "бизге берилгендигин мурда далилдеген бугулардын башчысы Боромбайдын өтүнүчүн канаттандыруу Ормондун сунушунан маанилүү-рөөк, анткени Боромбай кара-кыргыздардын манаптарынын ичинен эң күчтүүсү, 15 миң түтүнгө ээ, ал эми сарыбагыштар 6 миңден ашпайт. Ормондун өзүнүкү болсо 2 миң түтүн гана, анын үстүнө бугулардын жери аркылуу Кашкарга кербен жолу өтөт",— деген көрсөтмө келип түштү[2].

Орус бийликтеринин Ормон жана Боромбай манаптарга карата мамилесинин мүнөзү жөнүндө көрсөтмө жазылган Гасфорддун катын Перемышльский алаары менен ал атайын отряд түзүп, Файзулла Ногаевдин башчылыгында Иледе турган Ормондун айлына жиберди. Ф. Ногаев Гасфорддун жана Перемышльскийдин каттарын ала келди. Ормон хан орус отрядын жылуу тосуп алды.

Перемышльскийдин Орус падышачылыгынын атынан Ормондун орус букаралыгына өтүүсү жөнүндөгү сунушуна манап ыраазычылык билдиргени менен, түпкүлүгүндө ал Орусиянын карамагына өтүүнү каалаган эмес. Ошондуктан орустар менен мамилени бузбай "ант берүүгө ислам дининдегилер үчүн окумал молдо керектигине жана бул жерде андай инсандын жоктугун шылтоо кылып", ант берүүнү кийинкиге калтырды[3].

---

[1] ОБМСТА. —38-фонд.—8-оп.—19-ип.—14—15-баракчар.
[2] *Плоских В., Усөнбаев К., Сапаралиев Д.* Кол беришүү...—111-бет.
[3] *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны...—10—11-беттер.

Ормондун 1853-жылдын 10-августунда орус бийликтерине жазган катында[1] дагы бир жолу орус приставына ыраазычылык айтып, жакында Пишпек сепилинин начальниги Атабектен "биз орустар менен кармашабыз, ал эми силер болсо белиңерди бекем бууп, даяр болуп тургула" деген кат алгандыгын, ошондуктан "ант берүүгө" бара албастыгын, бирок кат менен кошо ишенимдүү кишисин — Чал Түгөлбаев бийди жиберип жаткандыгын, мурда катта айтылган убадалар күчүндө кала берерин билдирди. Андан ары эгер "сарттардын бузуку иштери токтоп, абал тынчып калса биз элибизди жыябыз да, жалпы жыйында кеңешип, канчасы Орусия тарапка, канчасы ташкендиктерге баш ийерин билебиз; аны сизге кабарлап туруп, баягы кайра курулган сиздин чепке келебиз да, ант берүүгө даяр болобуз",— деп убада берди[2].

Кокон хандыгы "орустар менен кармашууга даярданып жаткандыгы" жөнүндөгү Ормондун кабары негизсиз айтылган маалымат деген жыйынтыка келүүгө болот. Анткени ал мезгилде Кокон хандыгы мындай кадамга баруу эмес, өз ичиндеги саясий кризисти тынчыта албай жаткан болучу. Биздин оюбузча бул "жалган кабарды" айтуу менен, Ормон орус падышачылыгына ант берүүнү кечеңдетүү үчүн шылтоо кылган болуу керек. Ормондун бул кылыгы, кандайдыр бир деңгелде, эл оозунда айтылып калган "ормон опузага" окшошуп кетет.

Ошентип, XIX кылымдын 50-жылдарынын башында Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусу бышып жетилип, эми анын иш жүзүнө ашырылыш этабы башталгандыгын тастыктоого болот. Буга Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын ички-тышкы абалы, биринчи параграфта айтылгандай Орус империясынын

---

[1] Ормондун 1852—53-жылдары орус бийликтерине жазган эки катына негизденип, 1957-жылы жарык көргөн Кыргызстандын тарыхы окуу китеби Орусияга кыргыздардан эң алгач сарыбагыш уруусу 1853-жылы эле кошулган деп көрсөтөт. Ал түгүл *А.Н. Бернштам* "Из истории международных и военных отошений киргизского народа" деген макаласында Ормон хан башында турган сарыбагыштар Орусияга 1847-жылы эле бириккен деп санайт. Чамасы окумуштуу 1847-жылы Ормон, Жантай жана Жангарач бийлердин Кенесарынын чабуулуна байланыштуу орус бийликтерине жазган катына таянса керек. (Караңыз: *Хасанов А.Х.* Из истории Киргизии XIX в.—Ф.,1959.—36-бет.

[2] ОБМСТА: —38-фонд.—8-оп.—19-иш.—43—48-баракчалар; Ормондун ушул катына байланыштуу 1957-жылы жарык көргөн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китебинде түндүк кыргыздарынын ичинен Орусияга эң алгачкылардан болуп сарыбагыш уруусу кошулган деген негизсиз пикир орун алган. (Караңыз: *Хасанов А.Х.* Из истории Киргизии XIX в.—Ф.,1959.—36-бет.)

Азияга карата саясатынын өнүгүүсүндөгү ыңгайлуу учур жооп берген.

Биринчиден, Түштүк кыргыз урууларынын башын бириктирүүгө аракеттенген Ормондун далалаты ишке ашпай 1850—54-жылдар анын таасиринин төмөндөп кеткен учуру болчу. Ормон Илеге көчүү менен өз абалын чыңдоого аракеттенсе да, ою ордунан чыкпады, тескерисинче, аброю эл алдында дагы төмөндөдү. Анын жоктугунан пайдаланган Боромбай, Жантай, Жангарач, Байтик, Чыны сыяктуу белгилүү манаптар өз алдынчалыгын чыңап алышты, Кокон жана Орусия бийликтерине Ормонсуз эле мамиле түзүүгө аракеттеништи. Кыргыз урууларынын сепараттык кыймылынын күчөшү бугу—сарыбагыш чабышы сыяктуу ич ара кагылышууларга чейин жетти. Кыргыздардын мындай ички абалы орус колонизаторлору үчүн эң ыңгайлуу учур болду.

Экинчиден, Кокон бийлиги Түндүк Кыргызстанда иш жүзүндө шарттуу гана болуп, хан арка кыргыздарынын манаптарынын өз алдынча аракеттерин көзөмөлгө ала албай калган. Бул 1840-жылдары Ормондун өз алдынча хандык түзүүгө болгон далалатынан, Боромбайдын бир эле учурда Орус жана Кытай бийликтери менен алака түзүүсүнөн, Нарындагы, Ысык-Көлдөгү Кокон чептеринин айрымдары жергиликтүү кыргыздар тарабынан талкаланып, ачыктан-ачык эле Кокон горнизондоруна, зекетчилерге (хан салыгы — зекетти жыйноо үчүн жиберилүүчү атайын отряд) каршы кол көтөрүүсүнөн көрүнгөн. Анын үстүнө Кокон хандыгынын ичинде да саясий кризистер күчөп турган эле. 1842—44-жылдардагы Нүзүп баштаган кыргыз бийлеринин, 1844—53-жылдары Мусулманкул баштаган кыргыз-кыпчак бийлеринин бийлик талашуу күрөштөрүнүн натыйжасында Түндүк Кыргызстанда Кокон бийлигин чыңоо, орус колонизаторлорунун экспансиясына жолтоо болуу маселелери экинчи орунда калган. Мындай абал Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусуна кыйла жеңилдик түзгөн.

Үчүнчүдөн, орус өкмөтү англо-орус карама-каршылыгынын өөрчүшүнүн натыйжасында ар бир ыңгайлуу мүмкүнчүлүктү пайдалануу менен, 1853-жылы Казахстанды каратып алууну аяктоо жана Борбордук Азияны басып алууга ыңгайлуу өңүт түзүү үчүн Оренбург жана Сибирь тилкелерин кошуу ишинин алгачкы кадамы шилтенген эле. Натыйжада, 1854-жылы падыша өкмөтүнүн Өзгөчө комитетинин токтомунда бул маселе чечилип, бирок аны ишке ашырууга Крым согушу гана кедерги болуп турду.

Экинчи бап

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮК ЧӨЛКӨМДӨРҮНҮН ОРУС БУКАРАЛЫГЫНА ӨТҮШҮ (1855—63)

Орусиянын Кыргызстанды каратып алуу процесси 1855—76-жылдарды кучагына алып, 20 жылдан ашуун узак жана татаал саясий окуяларды камтыйт. Борбордук Азиянын ички тышкы абалына, Европа жана Чыгыш саясатындагы Англиянын аракеттерине карата Орусиянын чечимдеринин өзгөрүшүнө байланыштуу Орусиянын Кыргызстанды каратуу процессин жылнаамалык жактан эки чоң мезгилге бөлүп кароо максатка ылайыктуу экенин кириш сөздө белгилеген элек. 1855—68-жылдардагы анын биринчи баскычында акырындык менен Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүн орус букаралыгына өткөрүү ишке ашырылган. Бирок бул 13 жылдык процесстин өнүгүшүн өз алдынча дагы үч баскычка бөлүп кароо Орусиянын Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүн каратышынын өбөлгөлөрүн, себептерин, ички жана тышкы факторлорун тагыраак түшүнүүгө жардам берет.

Баскычтардын биринчиси 1855—57-жылдарды, экинчиси 1858—63-жылдарды, ал эми үчүнчүсү 1864—68-жылдарды камтып, алардын негизги мүнөздүү белгилери болуп бугу уруусун Орусия букаралыгына өткөрүүгө байланыштуу Кыргызстандын түндүгүндөгү саясий абалдын 1855—57-жылдарда активдүү өнүгүшү, 1858—63-жылдардагы каратуу процессинин салыштырмалуу пассивдүүлүгү, андан 1864-жылдан баштап, жалпы эле Түркстанды басып алууну куралдуу күчтүн жардамы менен ишке ашырган согуштук активдүүлүккө өтүү эсептелет. Кыргызстандын шартында 1855—57-, 1858—63-жылдардагы окуялар Чүй, Нарын чөлкөмдөрүндөгү анча-мынча куралдуу кармаштар менен коштолсо да, негизинен биринчи жана экинчи этаптарда Борбордук Азияга карата Орусиянын саясаты салыштырмалуу пассивдүү өнүккөн. Аныч үстүнө Түндүк кыргыз бийлеринин, уруу башчыларынын 1863-жылга чейин эле орус букаралыгына моюн сунгандыгына карабастан, Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүндө орус-бийлигинин иш жүзүндө орношу жана бекемделиши 1867—68-жылдарда гана толук ишке ашты. Бул пикир 1855—68-жылдардагы көптөгөн саясий фактылар менен далилденет.

2.1. Бугу уруусун орус букаралыгына киргизүү

Падышачылыктын Түндүк кыргыздарынын бир бөлүгүн, тагыраак айтканда, бугу уруусун империянын курамына каратып алуу жөнүндөгү 1854-жылкы чечими Орусиянын 1846-жылы эле казактардын Улуу Жүзүнө орнотулган үстөмдүгүн биротоло бекемдеди. Улуу Жүз казактары 1855-жылга чейин 1847-жылы тургузулган Копал чыңдоосундагы пристав аркылуу башкарылып келген эле. Эми ал чептин стратегиялык мааниси жоголгондуктан, 1854-жылдын августунан баштап, Верный (азыркы Алматы шаары) чеби курула баштаган. Бул факт Түндүк кыргыздарын акырындык менен орус букаралыгына өткөрүү ишине ыңгайлуу өңүт түзүп, аны иш жүзүнө ашырууну тездетти.

1853-жылдын 4-сентябрында ошол жылы түзүлгөн кырдаалдан жана Ормондун жоктугунан пайдаланып, Боромбой Бекмуратов баштаган бугулардын бийлери: Койчубек (документтерде Качыбек) Шералы уулу, Мураталы Бирназаров, Ажыбай Шапыков, Сарыбек Саскин, Семек-Атаке Бикумин жана Балбай Эшкожин сыяктуу көлдүк манаптар Батыш-Сибирь генерал-губернатору Г.Х. Гасфордго кезектеги катын жибериштн. 1853-жылы жайында Иледеги Ормонго жолугуп, андан кийин көлгө келген тархан Файзулла Ногаевдин отряды менен сибирь бийликтерине кошо жөнөгөн белгилүү капитан Качыбек Шералин аркылуу жөнөтүлгөн бул катта төмөнкүлөр жазылган эле. Адаттагыдай сыйурмат сөздөрдөн кийин бугулардын бийлери ушул мезгилде тушташтаптан кысылып, "кайсыл жактан кол салып жиберет экен" деген коркунучта турушкандыгы, ошол кездеги кокон бийликтеринин көрүнүктүү өкүлү Алымбек даткадан (аны "Кокон ханы" деп көрсөтүшөт) "Кокон жарлыктарын кың дебестен аткарууну, 1852-жылы уратылган кокон чеп-дубалдарын кайра тургузуу керектигин талап кылган кат келгендиги, бул талапты ишке ашыруу жана алман жыйноо үчүн 20—30 кишиден турган кошуундун жана зекетчилердин көлгө жиберилгендиги билдирилген эле. Андан ары катта Кокон ханы менен Ташкент беги пристав Перемышльскийдин көлгө кеткендигин угушуп, Иледен жогорку орустарды сүрүп чыгарууга чакырган кат жиберишкендиги кабарланды[1]. Катта айтылгандай бугулардын манаптары сөз жүзүндө

[1] ОТСА.—Башкы архив фонду.—1—7.1844—1863.—1-ишт.—45—48-баракчар. //Маалымат Ала Тоо журналынын 1989-жылдагы № 1-санынын 112—113-беттеринен алынды.

Коконго да убада беришкендиги дайын болду. Ошол эле учурда алар орус бийликтеринен Чүй дарыясынын айрым жерлерине чыңдоо куруу керектигин, Кокон ханы менен Ташкент бегинен кыргыздарды коргогон жана аларга жан тарткан кат жиберүүсүн өтүнүшкөн. Каттагы өтүнүчтүн эң маанилүүсү Санкт-Петербургга жетүүгө шарт болбогондугунан бугулардын орус букаралыгына өтүүсүн ырастаган расмий "ант берүү" салтанатын Омбу шаарында өткөрүү маселеси болучу.

Генерал-губернатор Г.Х. Гасфорд өтүнүчкө салкыныраак карап, ант берүү мөөнөтү али келе электигин айтып, К. Шералинди кайтарды. Бирок, бул иш борборго билингенден кийин, падыша өкмөтү менен тышкы иштер министрлиги түзүлгөн кырдаалды башкача баалап, Батыш-Сибирь генерал-губернаторуна 1854-жылы 12-январда Ысык-Көл кыргыздарынын өкүлдөрүнөн Омбуда "ант алуу" менен алардын орус букаралыгына өтүүсүн ырастоо зарыл деген көрсөтмө беришти[1]. Г.Х. Гасфорд бугу манаптарын ант берүүгө чакырган чабарманды тез эле Ысык-Көлгө жиберди.

Ушул арада кыргыз элинин тарыхындагы кайгылуу окуя — бугу—сарыбагыш чабышы (1854—63) башталып кетти.

Ормон хан мурунтан эле өзүнүн хандык бийликке болгон амбициясын күчөтүп келгендиги маалым. Бугулардын манабы Боромбайды, өзүнүн кудасы болсо да баш ийбегендиги үчүн аны атаандаш душман катары эсептечү. Ошондуктан Ормон бир жагынан Кокон бийлигине ишенип, Ысык-Көлдүн түштүк жээгин, Тескей Ала-Тоону, Сыртты, айрыкча, Боромбайдын сүйүктүү жайлоосу Кызыл-Үңкүрдү тартып алууну көздөп жүргөн.

Орус букаралыгына өтүүнү каалабай, өз алдынча бийлигин чыңдоону көздөгөн Ормон хан 1853-жылы кеч күздө Иледен Ысык-Көлдүн түндүк жээгине жайланышкан эзелки конушу Байсоорунга көчүп келет. Анын келишин өрүлүктөгөн Боромбайдын жигиттери менен Ормондун жигиттери 1854-жылы эрте жазда көлдүн күңгөйүндөгү Ак-Суу деп аталчу жерде ордо ойноп калышат. Оюнда бугулар жеңгени менен, Ормон тараптын тогуз байталдан турган байгени бергиси келбегендиги, Ормон тарапта атышкан саяк манабы Алыбектин атайылап начар ойношу жаңжалдын чыгып кетишине шылтоо болот.

Алыбекке жүзүн үйрүп калган Ормон анын Кочкордогу айылын чаап алууга жөнөгөндө, манап көлдөгү бугулардын ичине кире качат. Качкынды кайтарууну талап кылган Ормондун чабар-

---

[1] ОТСА.—Башкы архив фонду.—1—7. 1844—1863. —1-иш.—44-барак.

манына Боромбайдын кескин жооп бериши жаңжалды ого бетер күчөтөт. Ачууланган Ормон алгач Боромбайдын жылкысын тийүүгө жигиттерин жиберет. Кагылышта Ормондун бир жигити курман болуп, анын кунун төлөтүп алуу талабы аткарылбаган соң, Ормон 1854-жылы июль айында 600 жигити менен Боромбайдын айылдарына чабуул коёт. Ошентип бугу—сарыбагыш чабышынын биринчи согушу (1854-жылдын июлунан сентябрга чейин) башталып кетет.

Бул кезде Төрөгелди Пишпектеги кокон чебинде камалып жаткандыктан, Ормон Кочкордогу уулу Үмөтаалыга сарыбагыштардан жана саяктардан кошуун топтоп, артынан барууну буюруп коюп, өзү Боромбайдын айылын капыстан чаап, манапты колго түшүрүүгө ашыкты. Алгачкы кармаштарда ийгиликке жетишип, эрдемсинген Ормон негизги күчтөрдү күтпөй эле Боромбайдын ордо айылына карай жыла берди. Натыйжада, көлдөгү Шаты суусунун боюндагы кармашта Боромбайдын жигиттеринин колуна түшүп жарадар болду. Тарыхый булактардын бир даары аны Нышанын уулу Мырза найза менен карыга сайып жарадар кылган десе, экинчилери Боромбайдын бакма баласы Кылыч жарадар кылган деген маалымат берет. Кантсе да, Балбай баатыр көтөрүп атка мингизип жатып, бычак менен табарсыкка (дагы бир булактарда такыр колтукка) сайып, Ормонду оор жарадар кылат. Шайы кеткен Ормон ханды күйөө баласы Боромбайдын уулу Өмүрзактыкына алып келишет. Манап бир аз күндөн кийин кызы Куланга "бугу, саяк эл болом десе, макул тынч жашасын, эгер эл болбосо, Төрөгелди көлдү үч айланып чапсын, Жантайга ишеним жок", — деген маанидеги керээзин айтуу менен көз жумат[1].

Ормондун чабуулунун мизин кайтарып-тана койбостон, анын өзүн туткундаганына эрдемсинишкен бугу манаптары Ормон өлгөнгө чейин Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги айылдарга жүрүш жасап жиберишкен эле. Акыры сарыбагыштардын негизги күчтөрүн баштаган Үмөтаалы жетип келди. Ортосунда бууракандап аккан тоо суусунан өтүп, бири бирине кол салууга даай албай эки тарап бир аз турган соң, Үмөтаалы түндө из жашырып, көлдүн түндүгүнө өтүп, Түптөгү Боромбайдын айлын аёсуз талкалады. Муну укkан Боромбай шашылыш түрдө айылына кайтты. Августтагы бул кармашта бугулар таланып,Боромбайдын айылынын жарымы сарыбагыштардын туткунунда калды. Бугулардын көпчүлүгү жан сактоо үчүн Текес, Каркыра тарапка көчө качууга

---

[1] *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны... — 5—6-беттер.

аргасыз болду. Ошентип бугу—сарыбагыштын биринчи согушунда Ормонду өлтүргөнү менен бугулар жеңилишти. Эки тараптан тең ондогон адамдар набыт болуп, айылдар таланды.

Ормон өлгөндөн кийин, сарыбагыштардын манаптары кеңешип, бугулардан Ормондун куну үчүн 1000 төө, 3000 жылкы, 9 сулуу кыз, 40 күлүк ат, 7 эрдин "канын" (тирүү же өлүк жоокер) төлөөнү жана көл кылаасын бошотууну, Ормондун кызы Куландын "кызылына" (азасына) деп 40 кыз, жесиринин "карасына"(Ормондун аялы) деп 60 аял берүүсүн талап кылышкан[1]. Боромбайга караштуу бугу, саяктардын көпчүлүк манаптары мындай кунду төлөөдөн көрө Кытайга кире качкан оң деген чечимге келгени менен, арык тукумунан Токсобай бий, саяктардан Алыбек баштаган бир топ манаптар илгертен жоо болуп келген калмактарга барганча, күзүндө кайра көлгө кайтууну туура деп чечишти.

Бул жерде тактай кетчү нерсе — булактарда жана изилдөөлөрдө Ормондун өлгөн мезгилин 1854-жылдын жайында[2], экинчиси кеч күздө[3], үчүнчүсү 1855-жылы жазында[4] деп беришет. Биз бул окуяны 1854-жылы болгон деген пикирди туура деп эсептейбиз. Себеби, Боромбайдын орус бийликтерине бугу—сарыбагыш чатагы жөнүндө 1855-жылы 18-июлдагы жазган катында, буга чейин эле жаңжал жөнүндө бир ирет орус бийликтерине билдиргенин, бугулар Орусияга элчи жиберер алдында (сөз 1854-жылы 20-сентябрде Омбуга келген элчилер жөнүндө болуп жатат) Ормон кол салып, бирок анын өлүмгө учурагандыгы маалымдалган болучу.[5]

Ормондун өлүмүнүн алдында 1854-жылы жай айларында падыша өкмөтүнүн бугуларды орус букаралыгына кабыл алуу жөнүндөгү чечимин Г.Х. Гасфорддун атайын чабарманы Боромбайдын айлына жеткирди. Учурдагы бугу—сарыбагыш жаңжалы, кокондуктардын алман алуу талабы жана орустарга каршы согушка чыгууга үндөөсү, Кытай "богдыханынын" экспансиясы сыяктуу окуялардын чордонундагы татаал саясий кырдаал Боромбайды чечкиндүү кадам таштоого аргасыз кылды. Мындай "жылуу кабарды" алган бугу манабы мүмкүнчүлүктү колдон чы-

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы.—2-китеп...—23-бет.

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы. —2-китеп... —21-бет; *Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К.* Кыргыз тарыхы.— Ф.,1990.—32,135-беттер.

[3] *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны... — 5-бет.

[4] История Киргизии...—1-т.—Ф.,1963.—340-бет.

[5] *Жолдошев Р.* Ормон хан баяны... — 5-бет.

гарбоону көздөп, көп кечиктирбестен 1854-жылы 10-июль күнү бугулардын жана саяктардын бир бөлүгүнүн манаптарынын атынан Омбуга ишеним кат жазып, ал катты тапшыруу үчүн капитан Качыбек Шералы уулун жөнөтөт. Качыбек жана аны коштогон эки кызматчыдан турган көлдүк кыргыздардын элчилиги ушул жылдын 26-сентябринде Омбуга жетет.

Кыргыз элчилерин орус бийликтери жылуу кабыл алышат. Койчубек Шералы уулу бугу манаптарынын ыраазылык катын тапшыргандан кийин, сентябрдан жылдын аягына чейин расмий ант берүү үлпөтүнө жакшылап даярдык көрүлдү. Кыргыз элчилери менен орус бийлик өкүлдөрүнүн ортосунда өз ара милдеттенмелер жөнүндө келишимдин долбоору иштелип чыгылды. Анын негизги жоболору Г. Гасфорддун тышкы иштер министрлигине кайрылган 1854-жылдын 13-октябриндеги катында келтирилген.

14 пункттан турган келишим боюнча бугу жана көлдүк саяк кыргыздары Орусия букаралыгына өтүү менен "Улуу урматтуу императордун жана анын мийзамдуу мурасчыларынын" бийлигин тааныйт, алардын колдоосуна ээ болот: орус кербендерин жана көпөстөрүн коргоого, алардын кыргыз жеринде эркин соода кылуусуна шарт түзүүгө, орус бийлигин гана таанып, Ташкент менен Коконго баш ийбөөгө, Орусиянын душмандарын да өз душмандары деп түшүнүүгө. Орусия букаралары болгон Улуу Жүз казактары менен жакшы мамиледе болууга милдеттүү болгон. Мындан тышкары келишимде жаңы букаралардын жергиликтүү башкаруу системасы адат боюнча манаптардын башкаруусунда кала берери, алардын үстүнөн "чоң манап" дайындалары, ал Улуу Жүздүн приставына баш ийип, керектүү маселелер ал аркылуу чечилип турары, айрыкча, Чоң манап Улуу Жүз казактары менен барымта жаңжалдарын чыгарбоону көзөмөлдөп, ага байланыштуу чыр-чатактарды теске салып туруу милдеттери белгиленген. Чоң манаптын ишине жардам берүү үчүн (ошол эле учурда аны көзөмөлдөө да үчүн) атайын котормочу төрө дайындалган.

Чоң манаптыкка жылына күмүш акча эсебинде 343 рубль жалыйна менен Боромбай Бекмурат уулу көрсөтүлүп, анын кийинки мурасчылары бугу уруусундагы адат менен шайланары жана алар Батыш-Сибирь генерал-губернатору тарабынан бекитилери тастыкталган. Жалпы башкаруу 1848-жылы 10-январда Улуу Жүздүн приставына берилген көрсөтмөгө негизделери аныкталган.[1]

[1] Орусиянын тышкы саясат архиви (Мындан ары ОТСА) — Главный архив 1—7-фонду.— 1844—1863.—1-иш.—52—56-баракчар.



Боромбай Бекмурат уулу

Расмий ант берүү үлпөтү өтө кылдаттык менен даярдалып жатты. Мында негизинен орус тартиби үстөмдүк кылганы менен, чыгыш салттарынын элементтери да колдонулду. Тыкандык менен кооздолгон сарайда 1855-жылы 17-я январда Батыш-Сибирь генерал-губернатору Г.Х. Гасфорд баштаган бийлик төбөлдөрүнүн, белгилүү казак султандарынын, алардын арасында казак элинин көрүнүктүү агартуучусу, Г.Х. Гасфорддун адьютанты, жаш офицер Ч.Ч.Валихановдун катышуусу менен 10 миң түтүн бугу жана саяктардын атынан манап Койчубек Шералы уулу ант берди. Качыбек антты ак падышанын эркинде болуу жана башка эч бир өлкөгө кызмат өтөөгө барбай тургандыгы жөнүндөгү кыскача расмий убадалардан кийин, куран китебин өбүү менен аяктады[1].

Мына ошентип, кыргыз элинин тарыхындагы бир жагынан татаал жана кайгылуу, экинчи жагынан дүйнөлүк цивилизациянын агымына кат-шууга шарт түзгөн бүтүндөй бир колониалдык доор башталды. Кыргыз эли бул кадамды кааладыбы, каалабадыбы, кантсе да тарыхый татаал кырдаал кыргыз тагдырын ушундай чечти; орус падышачылыгы бул процесстин башынан аягына чейин активдүү үстөмдүк кылуучу тарап (тарыхый тагдыр чечүүчү фактор) катары катышты. Мына ушул жагынан деле, алдын ала айтып коюучу нерсе, кыргыздардын орус букаралыгына өтүүсү "ыктыярдуу" болбогондугу ачык көрүнөт. Анын айласыздан жасалган кадам экендигин тастыктайт.

Кыргыз элинин тарыхындагы бул расмий окуядан кийин, Г.Х. Гасфорд Качыбек Шералин аркылуу көл манаптарына куттуктоо катын жиберди. "Чоң манап" деп таанылган Боромбай Бекмурат уулуна Согуш министринин 1854-жылы 28-декабрдагы

---

[1] ОТСА. — Главный архив 1—7-фонду.— 1844—1863.—1-ишт.—67-барак.

№ 69 буйругу менен бекитилген подполковник чини жөнөтүлдү[1]. Катты жана бугу манаптарына жиберилген белектерди тапшыруу үчүн чоң манап Боромбайга кеңешчи болуп Файзулла Ногаев кетти.

Айта кетчү нерсе, көл кыргыздарынын орус букаралыгына өтүшү расмий окуя болгону менен, бул факт реалдуу күчүнө кире албады. Келишимде көрүнүп тургандай, орус бийлиги кыргыздар тарабынан формалдуу гана таанылып, колониялык аппарат кыргыз жергесинде азырынча түзүлбөдү. Себеби орус амирлигинин кыргыз жергесинде түздөн-түз орношуна азырынча эл аралык жана ички өбөлгөлөр жоп берген эмес, анын үстүнө, күчөп бара жаткан бугу—сарыбагыш чабышы буга чоң кедерги болгон.

2.2. 1855—58-жылдардагы Кыргызстандын түндүгүндөгү саясий абал

Бугу манаптарынын атынан Омбуда ант берилгендиги жөнүндөгү кабар 1855-жылы жазда Боромбайдын айлына жеткенде, бугу—сарыбагыш жаңжалы күчөп калган. Ормондун өлүмүнөн кийин, Каркырага көчө качкан бугулардын кыштоолору менен жайыттарын сарыбагыштар менен аларды коштогон саяктар ээлешкен. Бугулар күн төлөөгө макул болбогонун, ошондой болсо да, көлгө кайра кайтаарын угушкан соң, сарыбагыштардын манабы Үмөтаалы жашырын төрт тыңчы жиберип, бугулардын көч алды болуп келе жаткан саяк манабы Кетирекейдин уулу Алыбекти туткундатып, аны өзү жүрөккө сайып өлтүргөн.

Күзүндө Үмөтаалы тынай уругунан башка бардык сарыбагыштын, саяктардын курманкожо, кулжыгач, чоро уруктарынын манаптарын кеңешке чакырып, анда бугуларга каршы согуша берүү чечилди. Солтонун бийи Жангарачка жана тынайлардын манабы Жантайга кол сурап келүүгө жетиген уруусунун бийи Медербек жиберилди. Ошол эле учурда сарыбагыштардын согушууга даярданып жаткандыгын байкап турган бугу манаптары Жантай менен Жангарачтан кармашта бейтарап болуп берүүсүн суранып кайрылышты. Натыйжада, Жангарач бейтараптыкка макулдугун берип, мындай чечимге кудасы Жантайды да көндүрдү. Ушундай эле бейтараптыкка нарындык чериктердин баштыгы Улак бий, таластык саруу, кушчулардын бийи Бүргө баатыр да кошулду.

---

[1] ОҮ СА. — Главный архив 1—7-фонду.— 1844—1863.—1-иш.—68-барак.

Кеч күздө бугу—сарыбагыш чатагынын экинчи согушу башталды. Тынай тобунан башка сарыбагыштардын баары согушка камданып, 18—40 жаштагы эр бүлөнү бөлүп, мал-жанын, карыкартаңдарын, катын-калачын таштап, жеңил алачыктар менен көлдүн түштүгү аркылуу чыгышка көчүп, Күрмөнтүнүн күн батыш жээгине бугулардын алдын торой тизиле конушту. Үмөтаалынын жамаатында колбашчы катары черикчи Төрөгелди, эсенгулдан Шамен, Абакан, Адил, Калыгул, борукчудан Боталы, саяктардан курманкожо, кулжыгач, чоро уруктары болгон. Тынайлардын 40 кишиси менен Саадабай баатыр гана келген. Боромбайдын жамаатында белектен Боромбай өзү, Тилекмат, Солтонкул, токойлудан Балбай, арыктардан Токсобай манап, башка бугулардан Алакөз, Намазбек, Мырза, Ташыбек жана башка манаптар баштаган кыдык, бапа, желдең уруктары, ошондой эле бугуларга өтө качышкан сарыбагыштардын абыке, кубат уругунан Кудайменди баштаган кишилери болгон.

Таймаштын алдында кан төгүүнү токтотууга дагы бир жолу аракет жасалды. Жараш сөзгө бугудан Солтонкул, саяктан Алакөз, сарыбагыштан Калыгул менен Шамен чыгып, Ормондун кунун бир аз жеңилдетип жарашууга сунуш киргизишти. Элдешүүгө келген манаптар "журт бололу" деген бүтүм чыгарганы менен, тараптардын башка манаптары, негизинен Балбай, Төрөгелди сыяктуулар, согушууга жүз бурушту да, кармаш үч күндөн кийин баштала турган болду[1].

Кеч күздөгү бул чабыш бир нече күн созулуп, улам бир тарабы үстөмдүк кылып, эки тараптан көптөгөн карапайым калк өлүмгө учурады, келин-кыз туткундалып, мал-мүлк олжолонду. Манаптардан Ормонду өлүмгө дуушар кылган бугу Нышанын уулу Мырзаны сарыбагыш манабы Адил колго түшүрүп (Мырза Адилдин досу болгон), достугуна карабай Ормондун каны үчүн башын кесип таштады. Натыйжада, бугулар жана ага караштуу саяктар көл кылаасынан таптакыр чыгып кетүүгө мажбур болушту. Алардын көчү Текес менен Каркырага жеткенде, 1855-жылдын жаз айларында Боромбай Чыгыш Түркстандагы кытай бийликтерине жардам сурап кайрылды. Себеби, ал мурунтан эле алар менен ымалага кирип, ал турсун 1850-жылы "шарик" (кызыл чоктуу баш кийим — Кытай империясынын мийзамы боюнча жергиликтүү бийлик ээсине берилүүчү чин) алган эле. Бирок кытай тарап өтүнүчкө жооп кылбады. Аңгыча Качыбек Шералин орус букаралыгына

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл—кыргыз тарыхы.—2-китеп...—26—30-беттер.

өтүү жөнүндөгү кабарды жана ал тарыхый актыны күбөлөндүргөн документтерди алып келип калды.

Сарыбагыштар бугулардын көлдөн таптакыр чыгып кеткенине да ыраазы болушпады. Айрыкча, Төрөгелди баштаган манаптар согушту акырына чейин улантууну ылайык көрүштү. Согушта ийгиликке жетиш үчүн эки тарап тең Иледеги Улуу Жүз казактарынын султаны Тезектен жардам сурап кайрылышты. Тезек төрө бугулардын алдаяр уруусунан чыккан сулуу келинди кызча кийиндирип тартуу кылган Боромбайдын элчиси Тилекматка ынанып, бугуларга жардам берүүнү чечти. Бирок чынында бугулар Каркырага качканда, аларды кууган сарыбагыштарга дуулат, чапырашты казактары көмөк көрсөтүп, ал эми бугуларга албан, субан, кызыл-бөрк казактары жардам беришкен. Согуштун казак—кыргыз арасына өтүп кетишинен чочулаган Тезек төрөнүн сунушу менен, алгач 1855-жылы май айында казактардын кызыл-бөрк уруусунун бийи Тазабектин аракети менен бугу—сарыбагыш арасындагы жарашуу сөзү негизинен чечилип калганда, Төрөгелди баштаган черикчи уругу согушту кайрадан баштап жиберди. Бугудан арык тукуму, сарыбагыштан эсенгул тобу урушка чыкпады. Негизинен Төрөгелди менен Балбайдын кошуундары салгылашып, Төрөгелдинин буту сынып, аны бугудан Кичи Зарыпбек колго түшүрдү. Андан 10 күн мурун бугулар тарабында согушкан кыдык уруусунун бийи Намазбек өлгөн эле. Кагылыштын аягы Балбай баштаган бугулардын жеңиши менен бүтүп, черикчилер менен аларга кошулган саяктарды көлдүн тескейиндеги Шарпылдак, күңгөй жагы Кетсеңирге чейин куып келишти. Балбай баатырдын жүрүшүнө Тезек султандын жоокерлеринин жардамга келгендиги жөнүндө Семенов-Тянь-Шанскийдин маалыматы бар[1]. Согуштун бул жүрүшүндө да бейкүнөө адамдар өлүп, айылдар, айрыкча, бей-бечаралардын чарбалары талоонго түштү.

Бугу—сарыбагыш чабышы жөнүндөгү санжыраларда, Кыргыз Улуттук Академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталган № 18-иштеги дастанда көптөгөн адамдардын набыт болгондугу айтылат, ал эми Б. Солтоноевдин "Кызыл-кыргыз тарыхы" китебинде болсо, согуштун жүрүшүндө 800дөй адам өлгөнү, жүздөгөн келин-кыздардын туткунга түшкөнү, мал-мүлктүн олжолонгону жазылат[2].

---

[1] Караңыз: "Записки РГО по общей географии".—1-т.—СПб.,1867.—183-бет.

[2] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы.—2-китеп...—34-бет.

Колго түшкөн Төрөгелди Балбайдын колунда бир жылдан ашык туткунда болгон. Кай бир изилдөөлөрдө ал 3 жыл туткунда жүрүп, 1858-жылы бошотулган деп көрсөтүлөт[1]. Анын буту эми айыгып келе жатканда, Балбай мазактап эки жолу кайра сындырып койгондугу жөнүндө санжыралардан маалым. 1856-жылы сарыбагыштардан Шамен менен Ботокан бугуларга барып, өлгөндөрдүн куну кечилсин, туткундарды жана кыз-келиндерди бошотуп жиберели деп макулдашып, Төрөгелди баатыр бугулардын Энтер баатырына алмашылды.

1855-жылы Теке (июль) айында болгон кагылышта сарыбагыштардын жеңилиши менен эле бугу—сарыбагыш чабышы токтоболу. Сарыбагыштардын айрым урууларынын башчылары бугулардан жылкы тийип, тынчын ала беришти. Анын үстүнө кокон бийлиги бугулардын оруска букара болуп кетишин башка кыргыздар үчүн "жаман жорук" катары карашып, бугуларга түрдүү дооматтарды коё баштады. Мисалы, бугулар көлдөгү мурунку кыштоолорун ээлөө үчүн зекет төлөөсү керек деген талап менен кокондуктар сарыбагыштарды бугуларга тукуруп жатты.

Боромбай, 1855-жылы жайында Балбай менен Төрөгелдинин кармалып жүрүп жаткан мезгилде, Качыбек Шералинди Верный чыңдоосуна жардам сурап жиберген. Качыбектен берилген катта Боромбай сарыбагыштар бугулардын кыштоолорун ээлеп алгандыгы, Тезек султандын Боромбайды өзүнө көз каранды катары мамиле кылып жаткандыгы жөнүндө айтылып, Перемышльский төрөдөн Тезек султанды, Үмөтаалыны тартипке чакыруу у, көлгө бир отряд жиберип, Күңгөй Ала-Тоо тарапка чыңдоо курууну суранган[2].

Перемышльский катты алгандан кийин казак султаны Тезекке бугу—сарыбагыш жанжалына кийлигишпөөгө жана бугулардын мал-мүлкүн кайтартып берүүгө катуу көрсөтмө жиберди. 1855-жылы 9-сентябрде Койчубек Шералы уулу хорунжий Лутшев баштаган 40 кишиден турган отряд менен көлгө кайра тартты. Лутшев Кеген өзөнүнө келип, бугулар менен казактардын талашын чечти, бугулар албан, субан казактары олжологон мал-мүлкүнүн көбүн кайтарып алышты.

Койчубек менен кошо келген Ф. Ногаевге Ала-Тоо округунун начальниги Перемышльский көлдө болуп жаткан окуяларды орус бийликтерине билдирип туруу жана тынайлардын манабы Жан-

---

[1] *Урстанбеков Б., Чороев Т.* Кыргыз тарыхы...—175—76-беттер.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—55—56-беттер.

тайды бугу—сарыбагыштардын чатагын басууга көмөктөшүүгө чакыруу милдетин жүктөгөн болучу. Жантай Ормон өлгөндөн кийин, сарыбагыштардын эң таасирдүү манабы болуп калган эле. Ошондуктан аны санжырыларда кээде "хан" деп да аташат. Ормондун уулу Үмөтаалынын бугуларды талкалоого жардам берүүнү сураган өтүнүчүн Жантай мурункудай эле четке кагып салды. Кыраакы Жантайдын бул жообу жаңжалдын тынчтык жакка оошуна бир кыйла жардам берип, сарыбагыштардын өзүнө караштуу тынай тобун туугандарынын канын төгүүгө жибербеди. Жантай Ногаевдин катын алгандан кийин чабышкандарды тынчтыкка үндөй баштады. Үмөтаалынын бугуларга болгон тынымсыз чабуулдарын таптакыр токтото албаса да, сарыбагыштардын басымдуу көпчүлүгүн тынчтыкка бура алды. Бирок Жантай бул ишке өтө активдүү киришкен жок, анткени буга анын формалдуу түрдө Кокон хандыгынын амирин таанып тургандыгы себеп болгон. Анын үстүнө Түндүк Кыргызстандагы кокон бийлиги "бугуларды жазалоо" үчүн Үмөтаалы менен Төрөгелдиге Жантайдын жардам берүүсүн талап кылып жаткан болучу[1].

Үмөтаалы менен Жангарачты жана башка таасирдүү бийлерди өз тарабына тарткан кокон бийликтери бугулардын көлгө көчүп келиши жана мурунку кыштоо-жаздоолоруна орношушу үчүн хан ордосуна мурунку өлчөмдөгү зекетти төлөөсүн талап кыла башташты. Кысмакка алынган бугу төбөлдөрү айласыздан алман төлөөгө, ал турсун чыңдоолорду курууга жардам берүүгө макул болушту. Боромбай муну менен сарыбагыштардын жана кокондуктардын чабуулдарын аз да болсо тынчытып турууну ойлогон. Бугулардын макулдугун алган кокон бийликтери Үмөтаалынын чабуулдарын токтотуп, көлгө зекетчилердин атайын тобун жиберди.

Ошол эле учурда Боромбай орус бийликтерине көлдө жайгашкан орус аскеринин ал жерде биротоло калып калышын сураган кат жазды. Катта бугулардын айылдарына сарыбагыштардан, солтолордон, кокондуктардан атайын адамдар келишип, "көл биздики, силер оруска өзүңөр гана кошулгансыңар. Ошондуктан биздин жерге отуруу үчүн зекет төлөйсүңөр" деген талаптарды коюп жатышат. Кокондуктардын атайын жиберген сарбаздары бул жерге чыңдоо кура баштады. Алар кыштап калышат окшойт, ошондуктан көлгө орус аскеринин кайрадан келиши эң зарыл де-

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—58—59-беттер.

ген сөздөр жазылган[1]. Хорунжий Лутшев бул өтүнүчкө макул болуп, көлгө аттанды. Орус отрядынын келе жатканын уккан кокон сарбаздары көлдөн чыгып кетишти.

1855-жылы октябрь айында көлгө келген Лутшевге бугу—сарыбагыш чатагына кийлигишүүгө туура келди. Бугулардан Жайнак бий менен есаул Мунгач тынчтык келишимин түзүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө сарыбагыштарга келишти. Бирок сарыбагыштар ар кандай шылтоолор менен сүйлөшүүлөрдү создуктура бериштн. Октябрдын аягында Лутшевдин отряды көлдөн чыгып кетээри менен, сарыбагыштар кокондуктардын колдоосу аркасында кайрадан чабуулга өтүштү. 1855-жылы ноябрь айында болуп өткөн бул кагылышта бугулардын айылдары кайрадан таланып, Боромбайдын үй-бүлөсү, 200дөн ашуун аялдар, балдар колго түштү, мал-мүлк олжолонду. Боромбай баштаган бир топ манаптардын инилери, уулдары өлтүрүлдү. Сарыбагыш тараптан Ормондун уулу Сейилкан, Калыгул манап мерт болду. Ал түгүл Ф. Ногаев да жарат алды. Качыбек Шералы уулу үй-бүлөсү, мал-мүлкү менен албан казактарына качып барганда, алар анын көчүн талап кетишти. Жаны ачыган Боромбай бул окуялар жөнүндө Чоң Ордонун приставы Перемышльскийге кат жазды жана орус отрядынын келишин дагы бир жолу өтүндү[2].

Орус бийликтеринен жооп күтпөй эле өзү сарыбагыштар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзө баштады. Сарыбагыштар кайрадан Ормондун кунун сурашты. Эми ал кундун көлөмү 100 сулуу кыз жана 1000 ат болду. Мындай кунду төлөөгө макул боло албаган Боромбай эми белин бекем бууп, көлдүн ар кайсы жагына, Сыртка качкан букараларын жыйнап, согушка даярданып, Санташта сарыбагыштардын кезектеги чабуулун күтүп калды.

Орус жардамынан үмүтүн үзбөгөн Боромбай Качыбек Шералин аркылуу декабрь айында Ала Тоо округунун жаңы приставы Хоментовскийге дагы бир кат жөнөттү. Бугуларды күнөөлөгөн ушундай эле катты Үмөтаалы да жиберди. Мындай кырдаалда орус бийликтерине көбүрөөк жан тартып, анын үстүнө орус букаралары деп эсептелген бугуларды коргоо максатында Хоментовский 1855-жылы 31-декабрде Үмөтаалыга "чыныгы орус букарасы" болушкан бугуларга кысым көрсөтүүгө тыюу салган опуза катын жиберди. Катта эгер бул талап аткарылбаса, орус күчтөрү

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории... —59-бет.

[2] Казахстандын Борбордук мамлекеттик архиви (Мындан ары КазБМА). — 2-ф.—32а-иш.—64—66-баракгар.

бугуларга жардам көрсөтөрү, ошондо сарыбагыштарга жаман болоору эскертилген[1]. Ушундай мазмундагы кат бир аз мурун казак султаны Тезекке да жөнөтүлүп[2], Кокон бийликтерине болсо орус төбөлдөрүнүн расмий нааразылыгы билдирилген. Хоментовскийдин бул аракеттери бугуларга жардамын тийгизди. Чабуул коюу коркунучу азайып, бугу—сарыбагыш арасы тынчый түштү.

Орус колониялык бийликтеринин басып алуу саясатында дайыма жүргүзүлүп келген дагы бир ыкманы ушул жерде айтпай коюуга болбойт. Бул саясат — каршылаштарын бирине бирин чагымдоо жана алардын арасын бөлүп-жаруу болучу. Үмөтаалы, бугуга каршы чабышта Жантай менен Жангарачты өз тарабына тартуу үчүн аракеттерди жүргүзө баштагандыктан Улуу Жүз казактарынын Жантай менен Жангарачтын айылдарына уюштурулган барымта чабуулдарын Хоментовский колдоп жатты. Мунун максаты Жантай менен Жангарачты Үмөтаалыга жардам берүүдөн алаксытуу жана өнөктөш манаптардын өз ара мамилесин ыдыратуу болучу. Басып алуу саясатында көп колдонулган мындай айлакерлик ыкманы Г. Гасфорд да жактырган. Кыргыз—казак төбөлдөрүнүн мындай ич-ара чыр-чатактарынын дайыма болуп турушу орус баскынчыларынын бул элдерди колониялаштыруугa ыңгайлуу шарт түзө тургандыгы айдан ачык эле.

Көлгө отряд жиберүү жөнүндө Боромбайдын суранычын Хоментовский орундата албады. Мындай отряд 1856-жылы жазда жиберилери кабарланды.

1855-жылкы окуялардын жүрүшүндө Чүй боорунда өз таасирин кайрадан күчөтүүнү көздөгөн кокон бийликтеринин аракеттери да бир топ ийгиликтерге жетти. Майдын башында Пишпек чебине 5000ден ашуун сарбаз топтолду. Алар кыргыздарды жана казактарды оруска каршы күрөшүүгө үндөп, Верный чыңдоосуна чабуул коюуга чакырып жатышты[3]. Кокон хандыгы бугуларды орус букаралыгына өткөндүгү үчүн расмий түрдө душман деп жарыялап, ал эми алар менен чабышып жаткан сарыбагыштарды орустарга каршы күрөшүп жаткандар катары көрсөтүүгө аракеттенди. 1855-жылы күздө Иле суусунун аркы жээгине сарыбагыштар менен солтолор биргелешкен барымта жортуул уюштурушту. Кокон менен Орусиянын ортосунда жан далбастаган чүй манаптары, алардын таанымалы Жангарач Хоментовскийге "биздин

---

[1] КазБМА. —2-ф. —32а-иш.—73—74-баракгар.
[2] КазБМА. —2-ф. —32а-иш.—30—31-баракгар.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—233-бет.

уруу барымтага катышкан эмес, 3—4 жылдан бери бөлөкбай, талкан уруктары оруска букарабыз деп эсептейбиз" деген актануу катын жазып жиберди. Себеби, 1855-жылы жайында Верный чебине Г. Гасфорд келип жыйын курганда, Жантай уулу Шабданды, Жангарач ири манап Корчуну жиберип, орус букарасы болууну каалагандыктарын билдиришкен эле. Бирок муну байкап калган Пишпектеги кокон беги жогорку эки манапты айыпка жыгып, бөлөкбай менен талкан уругунан 220 жылкы алман алган болучу[1].

Кокон бийлигинин активдүүлүгү жылдын акырында гана басаңдады, себеби ошол жылкы ордодогу төңкөрүштөр Кокон хандыгынын Чүй боорундагы күчтөрүн бир топ алагды кылган. Мындай кырдаалды ыңгайлуу учур деп эсептеген Хоментовский Чүй кыргыздарын орус букаралыгына өткөрүү маселеси бышып жетилгендигин билгизип, Г. Гасфордго кат жөнөттү. Ошондой болсо да али кокон таасири Чүйдө күчтүү эле.

1855-жылдын күзүндөгү чечим боюнча Хоментовский Г. Гасфорддун колдоосу менен казак-орустардан турган жана казак султандарынын жигиттери коштогон атайын отрядды жетектеп, 1856-жылы 10-май күнү Верный чыңдоосунан көлгө чыгып кетти. Экспедициянын курамында казак элинин көрүнүктүү окумуштуусу Ч.Ч. Валиханов да бар эле. Санташты ашып, Түпкө келгенде, Хоментовский казактардын албан уругунун билермандарын жана Тазабек бийди, бугу бийлерин, Боромбайды чакыртып, барымта жаңжалдарын чечүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, Ысык-Көлдө чыңдоо куруу маселесин койду. 1855-жылы күздө ушул жазда көлгө чыңдоо курууну суранган Боромбай, негедир бул кеңешмеде аны кубаттаган жок. Боромбайдын мындай көз карашын ал мезгилдеги кыргыз феодалдарынын көбүнө таандык олку-солку-лук жана орус букаралыгына биротоло өтүүнү каалабагандык менен түшүндүрүүгө болот. Кытай, кокон бийликтери кысымга алганда же сарыбагыштардын барымтасы башталганда жардам сурап, ал эми абал бир аз тынчыса эле орус өз алдынчалыгын сактап калууга тырышкан Боромбайдын мамилеси, чынында, орус курамына кирүү кыргыз бийлеринин ыктыяры менен болбогондугуна дагы бир күбө болот.

Хоментовский Боромбайдын чоочулоосун сезип, экспедиция анын суроосу менен гана келгенин, эгер каалабаса, чыңдоо курууну токтото турарын[2] билдиргенден кийин гана, бугу манабынын

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—66-бет.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—17-ин.—43, 50-документтер.

ичкени аш болду. Натыйжада, көлгө бул жолу да чыңдоо курулбады. Экспедиция Ысык-Көл бассейнинин чыгыш бөлүгүн чалгындоо менен гана чектелди.

Орус отрядынын көлгө келишине карабастан бугу—сарыбагыш жаңжалы улана берди. Хоментовский бугуларды барымтага барбоого, Үмөтаалыны болсо жолугууга чакырды. Үмөтаалы чакырууга келбеди, анын үстүнө анын айлы көлдүн батышына карай алыс көчүп кеткен эле. Орус отряды сарыбагыштарга кол салып өч алып берет деп ойлогон Боромбай Хоментовскийдин барымтаны токтоткула деген сунушун жактырган жок. Ошондой болсо да, орус экспедициясынын келиши менен бугу—сарыбагыш жаңжалы бир азга тынчый түштү.

Июнь айында Ысык-Көлдүн батыш бөлүгүн картага түшүрүп жүргөн хорунжий Жеребятьевдин чакан отрядына, урядник Сомов баштаган дагы бир рекогницировкалык отрядга сарыбагыштардан да, бугулардан да айрым барымтачылар кол салышты. Бугa чейин эле Шаты суусунун жээгинде бара жаткан орус почтасына бугулардын барымтачылары катылышкан эле. Мындай абал, чынында, орус бийлигинин көл кылаасында али орной электигин, кыргыз көчмөндөрү өздөрүн "орус букарасы" деп толук тааныбагандыгын, бугулардын Орусияга каратылышы азырынча кагаз жүзүндө гана экендигин дагы бир жолу ырастап турат.

Кырдаалдын мындай болушуна карабастан июндун акырында Хоментовскийдин отряды Верныйга кайтып келди. Көлдөгү жүрүп жаткан рекогницировкалык иште аягына чыгаруу үчүн, эки отряд: Жеребятьевдин отряды көлдүн батыш тарабында, Янковскийдин тобу — чыгыш тарабында калышты. Экспедициянын үч максатынын экөөсү — бугу—сарыбагыш жаңжалынын убактылуу токтошу жана көл кылаасын картага түшүрүү ишке ашты деп эсептелинди, бирок орус бийлиги Ысык-Көлдө бекемделинди деп тыянак чыгарууга али эрте болучу.

Хоментовский менен кошо барган Ч. Валиханов эки ай бою көптөгөн фольклордук жана этнографиялык материалдарды чогултту. Булар кыргыз элинин тарыхын, "Манас" эпосун изилдеген окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнө маанилүү булак болду.

Хоментовскийдин Верныйга кайтышы менен казак—кыргыз барымтачылары кайрадан күч алды. 1856-жылы август айында солто уруусунун барымтачылары кокондук сарбаздар менен кошо Иле өзөнүнүн ар жагындагы дуулаттарга барымтага барышты. Дуулаттар ага жооп кылып, солтолордун 1000 жылкысын айдап кетишти. Сарыбагыштардын тынай тобу дуулаттардын бийи Жайнактын айылын чаап алды. Ошол эле учурда Үмөтаалы менен

Төрөгелдинин айлында кокон зекетчилеринин жетөөсү өлтүрүлгөндүктөн, кокон бийликтери эми солтолорду сарыбагыштарга тү. уэа баштады. Ал түгүл Үмөтаалы менен Төрөгелди бир аз убакытка Мерке чебине камалды. Мындай кырдаалда Хоментовский көлдө калган эки отряддын бирин — Жеребятьевдин отрядын чакыртты да (Янковскийдин тобу көлдө 10-октябрга чейин жүргөн), өзү 200 кишиден турган кол менен орус букаралары эсептелинген дуулаттарга кол салгандыгы үчүн 13-августта Жантайдын айлы тынайларды жазалоого жүрүп кетти. Жантайдын айлына 17-августта капыстан кол салынып, тынайлар ырайымсыздык менен жазаланды. Казактар менен орус солдаттары 200дөй жылкы, 1000 уй, 3000 кой барымталап, бир нече кишини туткундашты[1]. Бирок эсине келген тынайлар барымтачыларды көп узатпай, курчап алышты. Аз жерден тыптыйпыл кырылып кала жаздаган Хоментовскийдин отрядынын калганы 20-августта араң Верныйга жетти. Бул сапар Хоментовскийдин аракети текке кетип, казак—кыргыз жаңжалын ого бетер курчутуп койду. Орус бийликтери бул экспедициянын уюштурулушун падыша өкмөтүнүн Түркстанга карата саясатына туура келбеген кадам деп эсептеп, 1857-жылы Хоментовскийдин ордуна кайрадан Перемышльский дайындалды.

Бул мезгилде дагы бир маанилүү окуя — орус элинин белгилүү окумуштуусу, географ П.П. Семеновдун Кыргызстанга келиши болду. Ал 14 киши менен 1856-жылы 2-сентябрда Верныйдан Ысык-Көлгө сапар тарткан. Сентябрь айынын ортосуна чейин ал Түптө, көлдүн чыгыш жагында жүрдү. Хоментовскийдин отряды кетери менен бугу—сарыбагыш барымтачылыгы кайра күч алып, бугулар Текеске ооп кеткендиктен, кыргыз айылдарын жолуктура албаган П.П. Семенов, сентябрда Верныйга кайтып келди[2]. Хоментовскийдин жардамы аркылуу эми ал 90 кишиден турган аскер менен 21-сентябрден 1-октябрга чейин Кемин, Боом жана көлдүн батыш бөлүгүндө изилдөө жүргүздү. Бул экспедициянын илимий изилдөөдөн башка согуштук-саясий жыйынтыгы — Үмөтаалы менен Жантайдын айылдарында болуп (өзүлөрүнө жолуга алган эмес), орус—кыргыз мамилесин жакшыртканы болгон. Окумуштуу Үмөтаалыга белек-бечкек тартуулап, а эми сарыбагыштар ага ат-көлүк, унаа менен жооп кылышкан.

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—75-бет.

[2] *Семенов-Тянь-Шанский П.П.* Путешествие в Тянь-Шань в 1856—1857 годах. —М.,1946.—94-бет.

Ошентип, 1855—56-жылдардагы окуялар өзүнүн көп кырдуу жана драмалык мүнөзүнө карабастан, Орус колонизаторлорунун кыргыз жерлерин басып алуусундагы маанилүү жылдар болуп калды. Бугулардын орус курамына кирүүсү формалдуулуктан акырындап реалдуулукка өтө баштады.

Г. Гасфорддун сунушу менен 1856-жылдын акырында "Заили крайынын" ордуна Ала-Тоо округу уюштурулган. Бул окуя өзүнүн стратегиялык маанисинин олутуулугунан Батыш Сибирь генерал-губернаторлугундагы ири окуялардан болуп эсептелген. Ошол эле учурда бул округ Ысык-Көл, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, Нарын чөлкөмүндө жашап жаткан кыргыз урууларын басып алууга эң ыңгайлуу өңүт болучу. Ала-Тоо округундагы орус бийлигин бекемдөө максатында Чоң жана Кичи Алматы казак-орус станицалары түзүлдү. Сибирь отор комитети орус дыйкандарын Жети-Сууга көчүрүү ишин активдештирүүнү, аларга белгилүү деңгелде жеңилдиктерди берүүнү жөнгө койду. Ала-Тоо округунун башчылыгына айлакер саясатчы Перемышльский төрө дайындалды.

1857-жылы деле бугу—сарыбагыш жаңжалы токтогон эмес. Жаңжал 1855-жылдагыдай эки тараптуу согуштук кагылышууларга жетпесе да, барымта алуу формасында күчөп жатты. Сарыбагыштар менен кокондуктардын кысымына чыдабаган бугулар 1856-жылы күзүндө Текеске көчө качкандыктан, алардын кыштоолорун сарыбагыштар элеп алышкан. Бугунун кыдык жана желдең уруктары гана көлдүн түштүк-чыгыш жагында кыштап калышкан эле. Боромбай да, Үмөтаалы да 1857-жылы орус бийликтерине үстөкө-босток кат жазышып жатышты. Боромбай орустардан сарыбагыштарга каршы согушууга жардам суранса, Үмөтаалынын максаты бугу—сарыбагыш чабышында орустардын бейтараптыгына жетишүү болучу.

1857-жылы бугу—сарыбагыш чатагы жаз айларында сарыбагыштардын (негизинен Төрөгелдинин тобунун) желдең жана кыдык урууларын чабуусунан башталды. Кагылышуу болгон жерди өз көзү менен көргөн Семенов-Тянь-Шанскийдин жазганына караганда бейкапар жаткан бугулардын айылдарын Үмөтаалынын колу селдей каптап кирип, үй-мүлкүн таштай качкан элди Төрөгелдинин кошууну алдын тороп, тыптыйпыл талкалап таштаган. Кыдык бийи Самсалынын кол алдында эле 3000 жоокер боло турган. Бирок анын кошууну абдан даярданган сарыбагыштарга туруштук бере алган жок. Кыдыктардан 500 киши өлүп, 1200 эр-

кек-аял туткундалып, сандаган мал-мүлк олжолонгон. Самсалы жигиттери менен качып кутулуп, Боромбайга араң кошулган[1].

Бугу—сарыбагыш жаңжалынын кайрадан жанданышы, бугуларга жардам берүү зарылдыгы, Перемышльскийдин Г. Гасфордго 1857-жылы 19-апрель күнү жазган катында айтылат. Анда көлдө күчтүү орус отрядын күзгө чейин калтыруу маанилүү ишчара деп эсептелген. Г. Гасфорддон согуштук экспедиция уюштурууга буйрук болбогондуктан, Перемышльский П.П. Семеновдун экспедициясын пайдаланууну ойлоду. Ошол эле жылы май айында окумуштуу казак-орустар коштогон экспедицияны жетектеп, бугулардын жайлоолорун карай жөнөп кетти. Перемышльский казак султаны Тезекти Семеновдун экспедициясын коштоого буйрук берди. 1857-жылы июндун башында Үмөтаалыдан бугуларды күнөөлөгөн кат алып келген чабармандан Перемышльский: "бугулар орус букаралары, алардын кыштоолору жана жайлоолору орус ээликтери болуп эсептелет. Ошондуктан силер сарыбагыштар, өз жайыттарыңарга көчүп кеткиле", деген маанидеги талап айтты. Верныйдан чыккан экспедициядан, ага кошулган Тезектин кошуунунан жана Перемышльскийдин "саламынан" чочулаган Үмөтаалы Ысык-Көлдүн батыш жагына карай арылап көчүп кетти.

П. П.Семеновдун экспедициясы 7-июнда Кичи-Каркырадагы бугулардын конушуна келди. Ал жерде Боромбай окумуштууну күтүп жаткан болучу. Семеновдун маршруту Жууку капчыгайы аркылуу Нарындын баш жагына чыгуу болгондуктан Жуукудагы кыштоолорун кайтарып алууга үмүттөнгөн Боромбай, экспедицияга жардам катары ат-көлүгүн, белек-бечкегин аяган жок.

П.П. Семенов 9-июнда Каркырадан чыгып, көлдүн чыгышы менен Нарын суусунун башына жетти. Жолдон сарыбагыштар бошоткон бугу туткундарын кезиктирип, кыдык, желдең урууларынын кайгылуу тагдырын укту. Тянь-Шань тоолору жөнүндө маанилүү изилдөөлөрдү жүргүздү. Үмөтаалыга бугулар менен элдешүүгө чакырып, кат жана белек-бечкек жиберди. Бирок Үмөтаалы качан гана бугу—сарыбагыш чабышындагы Ормондун өлүмүнөн берки набыт болгондорду тектүү-тексиздигине карай эсептеп, кун төлөсө гана элдешүүгө мүмкүн деген оюн билдирип, жооп жазды. Өткөн жылы үйүнө конок болуп кеткен орус

---

[1] *Семенов-Тянь-Шанский П.П.* Путешествие...—195—96-беттер; Ошол эле автор. Первая поездка на Тянь-Шань в 1957 году. —ВРГО. —Т.23. —5-чыг.—11—12-беттер.

төрөнүн кадыры үчүн кат менен кошо Боромбайдын 1855—56-жылдары туткундалган үй-бүлөсүн, Боромбайдын келини болгон эжеси Куланды жөнөтүп жиберди. П.П. Семенов аларды Боромбайга өткөрүп берди[1]. Ошентип, 1857-жылы Семенов-Тянь-Шанскийдин көлгө келиши аз да болсо, бугу—сарыбагыш жаңжалын басаңдатууга шарт түздү. Бирок орус бийликтери көлдөгү таасирин бул жылы да бекемдей албады.

Орус падышачылыгынын басып алуу саясатынын Ала-Тоо округунда жана Түндүк кыргыздарында салыштырмалуу активдүүлүгүнүн күчөшүнө, ошол мезгилде болуп өткөн Чыгыш Түркстандагы саясий окуялардын да таасири болгон. Ал жерде Кытай богдыханына каршы дунгандардын жана уйгурлардын улут-боштондук кыймылы күч алып, ал саясий кыймылдарга, айрыкча 1856—57-жылдардагы Валихан төрөнүн кыймылына, кыргыздар да активдүү катышып тургандыгы тарыхнаамада белгилүү. Мындай шартта жери Кытай менен чектеш болгон бугулардын орус букаралыгына өтүүсү Батыш Кытайдагы саясий окуяларга да таасирин тийгизип турган. Ошол эле учурда Чыгыш Түркстандагы элдик кыймыл Орус империясынын Борбордук Азия жана Казахстандагы жаңы "ээликтерине" да "терс" таасирин тийгизиши мүмкүн эле. Анын үстүнө 1857-жылы Чугучактагы орус консульствосунун өрттөлүшү кырдаалды өтө курчутуп жиберген.

Орусиянын көңүлү эми Чыгыш Түркстанга бурулуп, 1858-жылдын башында Чугучак жана Кулжада орус консульствосун кайрадан ачуу боюнча сүйлөшүүлөр жүрө баштады. Ошол эле учурда Кашкар чөлкөмүндөгү саясий абалды, ага баруучу ыңгайлуу жолдорду жакшылап териштирүү жана саясий-согуштук чалгын иштерин жүргүзүү үчүн атайын жашырын миссия даярдалып жаткан[2].

Аталган миссияга Ч.Ч. Валиханов дайындалып, ал семейлик көпөс Букаш Аюповдун кербени менен Алымбай деген соодагердин атын алып, 1858-жылы 13-июнда кыргыз жергеси аркылуу Кашкарга жол тартат[3]. Кербен менен кошо Боромбайдын айлына чейин Ф. Ногаев да бармак. 6-август күнү кербен бугулардын айылына келди. Кербенди Карач бий тосуп алды, анткени карып калган Боромбай Бекмурат уулу ушул жылы май айында көз

---

[1] *Семенов—Тянь—Шанский П.П.* Путешествие...—208-бет.
[2] ОТСА.—ТИМдин отчеттору фонду.1858-ж.—217—218-баракчалар.
[3] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—267—69-беттер.

жумган болучу. Анын 90 күндүк кара ашы Кеген өрөөнүндө өткөрүлүп, байге болуп жаткан экен. Бугулардын орус букаралары экендигине карабай зекет чогултууга келген кокон зекетчилери кербенге жолугуп, соода зекетин (пошлина) талап кылышть., бирок алар азыраак тартыштан кийин зекет берилбесине көздөрү жетип, талаптарынан баш тартышты. Букаш Аюповдун соода кербени бугуларда эки күн тыным алып, Жууку капчыгайы менен Кашкар чөлкөмүнө аман-эсен өтүп кетти, кийинки жы.ы кайра ошол эле жол менен кайтты.

Кашкардан кайтып келе жатып Ч. Валиханов Тянь-Шань тоолорунун кытай чек араларына жакын көчүп жүргөн чериктердин, тынымсейиттердин айылдарында болгон. Ошол кезде чериктердин бийи Турдуке Коконго каршы саясат жүргүзүп жаткан болучу. 1859-жылы Турдукени колдогон тынымсейиттердин манабы Табылды баатырдын үйүндө болгон Чокон Чыңгыз уулу 30 жаштагы кыргыз бийинин эр көкүрөк турпатына кызыккандыгын жана анын орус букаралыгына өтүүнү каалагандыгын жазат[1].

Кашкардагы окуялардын өөрчүшүнө, бугу—сарыбагыш чабышынын токтобогондугуна жана Боромбайдын өлүмүнө байланыштуу айрым максаттарды ишке ашыруу үчүн 1858-жылдын майында Ала-Тоо округуна Батыш-Сибир генерал-губернатору Г. Гасфорд келет. Ага чейин эле Санташ өткөөлү аркылуу Боромбайдын жайыттарына атайын отряд менен Перемышльский төрө кеткен болучу. Себеби, каза болгон Боромбайдын ордуна чоң манаптык кызматка мурасчы шайлоо керек эле. Бугу төбөлдөрү Боромбайдын өлүмүнөн кийин эки жаатка бөлүнүп алып, бийлик талашып жатышкан. Перемышльский оруска жүз бурган жаатты колдоп, алардын талапкери 20 жаштагы Боромбайдын уулу Кылычка макулдугун берет да, манаптардын өкүлчүлүгүн жана талапкердин өзүн Г. Гасфорд менен жолуктурууга алып кетет. Г. Гасфорд өкүлдөрдү кабыл алып, Кылыч Боромбай уулу чоң манаптык кызматка бир жылдык убактылуу мөөнөткө бекитилет. Эгер кийинки жылы ал ишенимди актап, манаптар кайрадан аны каалашса, анда Кылыч биротоло чоң манаптыкка бекитилерин эскертет.

Ушул жылы кокон бийликтери дагы бир жолу бугу уруусун өз тарабына тартууга аракеттенип көрдү. Атайын чабармандар көлгө келишип, бугу манаптарынын өкүлдөрү Пишпекке барып, Орусияга же Коконго баш иерин ачык чечип келүүлөрүн талап кылышты. Бирок бугу манаптары абакка түшүп калуудан чочула-

---

[1] *Валиханов Ч. Ч.* Чыгармалардын жыйнагы.—2-т.— Алматы,1961.—258-бет.

шып, Пишпекке баруудан баш тартышты. Ошондой болсо да, кийинчерээк Ташкентке элчи жиберүүгө убадаларын беришти[1].

Бугулардын мындай чечими саясий кырдаалдын татаалдыгын, орус бийлигинин көл кылаасында бекем эместигин, бугулардын алардан реалдуу жардам ала албастыгын, ошол эле учурда бугулардын арасында кокон таасирине жүз бурган адамдардын бар экендигин айкын көрсөттү. Анын үстүнө Кокон хандыгынын бугу уруусунан али үмүтүн үзө электиги, анын жергиликтүү бийликтеринин уламдан-улам көлгө көңүл буруп жаткандыгынан улам бугу манаптары бул эки тараптуу кысымга эки жактуу оюн менен жооп берүүгө аргасыз болушту. Мындай кырдаалда орус бийликтери Түндүк кыргыздарынын бугу, сарыбагыш сыяктуу ири урууларынын өз ара жаңжалдарын, ал түгүл казак—кыргыз барымтачылыгын да өтө айлакерлик менен пайдаланып жатышты.

Крым согушунан жеңилип калган Орус падышачылыгы Чыгыш маселесиндеги утулушту Борбордук Азияда толуктоого аракеттенип, 1855—58-жылдары бир катар конкреттүү иштерди жасады. Бул саясаттын Иле боюнда жана Түндүк Кыргызстанда чагылышы бугулардын формалдуу түрдө болсо да орус букаралыгына өтүүсү, көл кылаасынан чыгышты карай Кашкарга чейинки чөлкөмдөрдү, Тянь-Шань тоолорун географиялык жана стратегиялык жактан изилдөө, бугу—сарыбагыш жаңжалын, барымтачылыкты пайдалануу менен кыргыз урууларын айласыздан Орус падышачылыгынын алдында тизе бүктүрүү, ошол эле учурда айрым уруу төбөлдөрүн сыйлоо, чин берүү, тамыр болуу сыяктуу алдоолор менен оруска жүз бурдуруу, соода байланыштарын күчөтүү, акырындык менен кокон бийликтеринин таасирин жок кылуу жана аларды көлдөн сүрүп чыгаруу сыяктуу аракеттеринен көрүнөт.

1855—58-жылдар, ошентип, Орусиянын Кыргызстанды каратуу жараянынын, негизинен салыштырмалуу тынчтык жолу менен өнүккөн, мезгили болду. Бугу уруусун, ал түгүл бугулардын белгилүү гана бөлүгүн, орус букаралыгына формалдуу болсо да каратууга жетишкен бул мезгил кийинки жылдарда активдүүрөк улантылган, бүтүндөй Түндүк Кыргызстанды каратууга багытталган, аракеттерди баштоого ыңгайлуу шарттарды түзүп берди.

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—89-бет.

2. 3. Арка кыргыздарынын орус букаралыгын таануусу (1858—63)

1858-жылдын жаз айларынан баштап Түндүк кыргыздарында Кокон хандыгынын начарлай баштаган таасирин кайра калыбына келтирүүгө катуу аракеттер башталды. Бул бир эле учурда орус колонизаторлорунун Түркстанга жылып келатышына жоол да, андан коргонуу да эле. Себеби, өткөн 1857-жылы Кокон бийлиги Чүй, Талас, Олуя-Ата, Чимкент чөлкөмдөрүндө бир топ бошошо түшкөн. Ташкент беги Мырзакматтын, Пишпек, Олуя-Ата бектеринин зордук-зомбулуктары аталган чөлкөмдөрдө бир топ нааразылыктарды, толкундоолорду туудурган. Алар айрым жерлерде көтөрүлүштөргө айланып, Пишпекте кокон отряды талкаланган.

Кокон хандыгында ошол мезгилде туткунда жүргөн орус окумуштуусу Н.А. Северцовдун маалыматтарына караганда көтөрүлүш Ташкенттен чыгышты карай Талас, Чаткал, Чүй, өрөөндөрүн бойлоп алоолонду[1]. Булактарда бул кагылышууларда таластык саруу, кушчулардын бийи Сарымсак датканын, солтолордун айрым бийлеринин, сарыбагыш манаптарынан Шабдандын жана анын жигити Баякенин кокондуктарга активдүү каршылык көрсөтүшкөндүгү баяндалат[2]. Ташкент беги Мырзакмат атайын Олуя-Атага келгени менен көтөрүлүштү басууга чамасы келбей, чепке жашынууга аргасыз болду. Кокондон Мала бек баштаган кошуун келип, толкундоолор араң токтоду.

Түндүк Кыргызстандагы бул толкундоолорго 1857-жылы Фергана өрөөнүндөгү кыргыз, кыпчак козголоңдору чоң таасирин тийгизгендиги маалым. Ушул окуялардан кийин Чүй, Талас кыргыздарынын оруска жүз бурушунун күчөп кетишинен чочулаган кокон бийлиги бул жерлердеги чептерди чыңдоо, гарнизондордогу аскер күчтөрүн бекемдөө, жаңы чептерди куруу иштерин активдештире баштады. Ошол мезгилде Кыргызстандын түндүгүндө жана Казахстандын түштүгүндө Атабек датка башкарган Олуя-Ата чеби эң чоң сепил болуп, ага орчундуу маани берилген.

1858-жылы жазында Пишпек чебин бекемдөө үчүн кокон аскер башчылары Рүстөмбек менен Пир Мухаммед келди. Алардын артынан Атабек датка да Пишпек чебинин абалын текшерип кетти. Чептерди чыңоо иштери менен катар, кокон бийликтери кыр-

---

[1] *Северцов Н.А.* Месяц плена у коканцев.—СПб.,1860.—70—72-беттер.
[2] *Солтоноев Б.* Кызыл-кыргыз тарыхы.—2-китеп...—48-бет.

гыз манаптарын орус ээликтерине кол салууга, айрыкча, солто бийи Жангарач менен сарыбагыш бийи Төрөгелдини Улуу Жүз казактарына барымтага барууга үндөй баштады. Орус букаралыгына эбак өтүшкөн казак султандарына кайра Коконго кароону талап кылган каттарды жөнөтүштү. Казак султандарын Кокон таасирине тартуу үчүн хандыктын атынан элчилер жиберилди. Алардын курамында Пишпек сепилинин комендантты Алишер датка, кайрадан Коконго жүз бурган Шабдан Жантай уулу, Жангарач бийдин тууганы Бошкой жана уулу Чолпонбай болушкан. Орус баскынчылыгынын алдын алууну көздөгөн кокондуктардын кысымында калган чүйлүк манаптардын казактарга элчиликке айласыздан барышы, Жангарач бийдин Перемышльскийге өзүнүн мөөрүн жана мылтыктын огун жашыруун жибериши, булардын ошол мезгилде айласыздан орус амирлигине ыкрар кылгандыгын күбөлөндүргөн факты катары эсептелинет[1].

Кокондуктардын активдүүлүгүн басуу үчүн Перемышльский 1858-жылы жазында Ысык-Көлдөн келгенден кийин көп өтпөй, атайын отряд менен Чүй өрөөнүн көздөй жүрүшкө чыкты. Чүй дарыясынын оң жээгиндеги орус ээликтерине өтүп кеткен кокон сарбаздары орустар Каскелеңге келгенде эле артка чегинди. Бирок Каскеленде, орус отрядына туш болгон Алишер датка, Бошкой жана Чолпонбай туткунга алынды. Перемышльский менен Атабектин ортосунда бири-бирине доомат койгон кат алмашуудан эч нерсе чыкпады. Анын үстүнө Г. Гасфорд Перемышльскийге Кокон хандыгы менен азырынча мамилени бузуу эрте экендигин жана аларга сыпаа мамиледе болуп туруу зарылдыгын эскерткенден кийин, орус отряды Верныйга кайтып, андан 40 чакырым жерге көзөмөлдөө бекетин коюу менен чектелди.[2]

Аңгыча көл кылаасында бугу—сарыбагыш жаңжалы кайрадан тутанды. Жаңжалды токтотуп, бугуларды коргоо үчүн, Көлгө есаул Варагушевдин отряды жиберилип, аларга албан казактарынын көмөк көрсөтүшү буйрулду. Натыйжада, сарыбагыштардын чабуулунун мизи кайтарылып, Төрөгелди баатыр экинчи жолу бугуларга туткунга түштү. Барымтачы сарыбагыштар Тарагай бөксөсүнө качып кетишти.

1858-жылдын 2-жарымында Чүй өрөөнүндө кокон бийлигинин активдүүлүгү басаңдай түштү. Себеби, Анжыян—Маргалаң

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—19-иш. —101-барак.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—19-иш. —66-барак.

аралыгындагы кыргыз, кыпчактардын көтөрүлүшү, Оро-Тебе үчүн Кокон—Букара арасынын бузулушу, Чымкенттин үстүндөгү Кара-Тоо казактарынын топкундоолору сыяктуу окуялардын натыйжасында Кокон мамлекетинин ички-тышкы абалы кескин начарлап кеткен болучу. Кудаяр хан Мырзакматты тезинен Ташкентке кошууну менен кайтууга буйрук берди. Натыйжада Чүйдө жана Таласта кокон кысымы бир аз жумшарды. Мындан пайдаланган Жангарач бий уулу менен туугандын бошотуп алуу максатында Ала-Тоо округунун жаңы башчысы Г.А. Колпаковскийге орус амирлигине "ыкрар болоорун" билдирген кезектеги катын жиберди. Г.А. Колпаковский Бошкойду Верныйга калтырды да, Жангарач бийди чакырып, орус—солто мамилеси жылыды. Ошол эле учурда солто—казак барымта чатагы да тыйылды.

Кара-Тоо казактарынын көтөрүлүшүнүн натыйжасында Түркстан чебин жоготкондугуна ачуусу келген Кудаяр хан Ташкент беги Мырзакматты кызматтан алып таштап, ордуна иниси Мала бекти дайындады. Кокон хандыгынын саясий абалынын начарлашы, Чүй чептеринин активдүүлүгүнүн басаңдашына алып келди да, Пишпек коменданты Атабек Г.А. Колпаковскийге тынчтыкта жашоону сунуштаган кат жазды. Ошого байланыштуу Г.А.Колпаковский Алишер датканы туткундан бошотту. Чүйдө кайрадан убактылуу тынчтык орноду.

Кудаяр ханга каршы 1857-жылы эле башталган күрөштөр 1858-жылы Фергана өрөөнүндөгү кыргыз элетинде олуттуу толкундоолорго айланган. Көтөрүлүшкө катышкан адамдардын саны 4—6 миң адамга жеткендигин изилдөөлөр кабарлайт[1]. Бул саясий жанданууга айрыкча алайлык кыргыздар, анын ичинде адыгине уруусу активдүү катышкан.

Алымбек датка баштаган бийлер толкундоолордон пайдаланып Кудаяр ханга ачык күрөшкө чыгышты. Натыйжада Маргалаңдын жанындагы Самгар деген жердеги салгылашууда Кудаяр хандын аскери талкаланды. Көтөрүлүшчүлөр Маргалаңды ээлеп Коконду камап кирди[2].

---

[1] *Усенбаев К.У.* Борьба киргизского и других народов...// Взаимосвязи киргизского народа с народами России ... —181-бет.

[2] *Усенбаев К.У.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства.—Ф.,1961.—48-бет.; ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—25-иш. —5—6-баракгар.



Алымбек датка Асан бий уулу

1858-жылы ноябрь айында Кокон ордосунун өзүндө да саясий күрөштөр башталып, ал Малабектин такка олтурушу менен аяктады. Бул окуяда Түштүк кыргыздарынын көрүнүктүү инсаны, адыгине уруусунун бергы тобунун бийи, айтылуу Асан бий уулу Алымбек негизги ролду ойногондугу тарыхта маалым[1]. Малабек өзүнүн такка олтурушуна көмөк көрсөтүшкөн кыргыз бийлерин — Алымбекти алгач Анжыянга аким, кийинчерээк өзүнө баш вазир, Сейитбек датканы Кожентке аким, Молдокасымды Ноо чебине комендант кылып дайындады[2]. Ал өзү Ташкентке болсо, Алымбекке көңүлдөш, Маргаланды мурунку беги, ички иктердин

[1] Алымбек 1831-жылы Мадалы хандын колунан датка титулун алып, Кокон хандыгындагы белгилүү мамлекеттик ишмер катары белгилүү болгон. (Додхох — фарсиче "адилеттүүлүк" деген түшүнүк берип, алгач вилайеттин диний көсөмү эсептелип, кийинчерээк хандын жергиликтүү бийлик өкүлү, акими же аскер башчысы катары таанылган. Жылына 10 мың теңге маяна алган "датка" чини Орусиянын "генерал" чинине туура келген.) Шералы хан-дын (1842—44) башкаруусунун акыркы жылы, анын алык-салыкты эбегейсиз көтөрүп жибергендигине каршы көтөрүлүш чыгарган алайлыктарга жана Ош вилайетинин тургундарына Алымбек датка баштаган Сейитбек датка, Болот датка жана башка кыргыз бийлери жетекчилик кылышкан. Ошол эле жылы Исфара акими кыргыз Сатыбалды жана Рахматулла менен бирдикте Шералы ханга каршы козголоңго да катышкан. 1847-жылы Кашкардагы "жети кожонун козголоңунда", алардын башчысы Катта төрөнүн армиясына кол башчылык кылып, Кашкарды камаган (Караңыз: *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом... —50,60-беттер.), бирок Кытай баскынчылары көтөрүлүштү басып койгондон кийин, 20 миң качкын менен кошо Алайга кайтып келген. XIX кылымдын 50-жылдары чоң саясатка көп аралашкан эмес, бирок 1858-жылы Кудаяр ханга каршы козголоңдо негизги ролду ойногон.

[2] *Наливкин В.* Краткая история...—188—89-беттер; *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош...—46—47-беттер.

кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан Өтөмбай бий аким болду.

Акылдуу жана ишмер Малабек хан хандыктын ички абалын тартипке келтирип, тышкы мамиледе салыштырмалуу тынчтык саясатты жүргүздү. Ошону менен бирге Орусиянын басып алуусунун алдын тороп, Кыргызстандын түндүгү менен Казахстандын түштүгүнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңай баштады.

Малабектин бул аракеттерине каршы орус бийликтери басып алуу процесссинин алкагында жаңы пландарды иштеп чыкты. Мында, айрыкча, Батыш-Сибирь генерал-губернатору Г.Х. Гасфорд менен Оренбург генерал-губернатору А.А. Катенин өзгөчөлөнүштү. Мисалы, А.А. Катенин Арал менен Балхашты бириктирүү жөнүндө 1852-жылы эле козголгон маселени эскертип өттү, азыр Перовский фортун жана Верный чебин Түркстан, Кара-Тоо, Чүй, Ысык-Көл аркылуу өтүүчү тилке менен байланыштырууга болор эле деген оюн билдирип, аны ишке ашыруунун планын 1858-жылы 6-декабрда Согуш министрине жазган катында кеңири баяндады. Катенин планында Сыр-Дарыя менен Сибирь тилкелерин бириктирүүдө Жөлөк, Пишпек, Олуя-Ата сыяктуу кокон чептерин, Ташкентти алуу, бүтүндөй Уралдан төмөнкү ээликтердин административдик башкаруусун жакшыртуу, кокон бийликтеринин активдүүлүгүн ооздуктоо, Ташкент, Бухара, Сибирь, Оренбург, Жаркент, Батыш Кытай аралыгындагы сооданы өркүндөтүү зарыл экендиги баса көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда Катенин Кокон хандыгына согуштук жүрүштөрдү уюштурууга каршы болгон. Эл аралык мамилелердин бузулуп кетүүсүнөн ыраалаган Катенин акырындык менен кокон чептерин биринен соң бирин каратып ала берүү керек деген пикирде болучу. Жүрүштүн башталышын 1859-жылдын жаз айларына белгилеп, ал эки тараптан: Түркстан жана Чүй багыттарынан баштап, Олуя-Ата алынгандан кийин, эки багытты бириктирип, Ташкентти алууга ыңгайлуу өңүт түзүү керектигин сунуш кылган.

Батыш-Сибирь генерал-губернаторунун планы да, негизинен ушундай болучу. Ал Сыр-Дарыя—Сибирь тилкелерин бириктирүү маселесин 1852-жылы эле койгон. Ошол мезгилдеги Согуш министри князь Долгорукий, граф Перовский жана Г.Х. Гасфорд катышкан атайын кеңешмеде бул маселе чечилип, бирок чечкиндүү чараларга барышкан эмес. Эми Ала-Тоо округу түзүлүп, Ысык-Көл ойдуңу орус ээлигине өтүп, Кокон хандыгы саясий кризиске кабылып турганда, активдүү жүрүш баштоого ыңгайлуу учур келгендигин Г.Х. Гасфорд баса көрсөттү. Анын ою боюнча, жүрүштү 1859-жылы Чүй дарыясынын эки жээгин чалгындап бүткөндөн кийин баштап, Пишпекти алууну 1861-жылдан кечиктирбөө бел-

гиленди. Г.Х. Гасфорддун планы 1859-жылдын 24-январында Александр Iнин катышуусу менен өткөрүлгөн атайын кеңешмеде каралып жактырылган соң, Чүй өрөөнүн Орусия ээлигине каратуу 1860-жылы ишке ашырылсын деген чечим кабыл алынды[1].

1859-жылдын февралында Г. Гасфорд Чүйдүн оң жээгин топографиялык сүрөткө алуу жана согуштук-саясий чалгын иштерин жүргүзүү үчүн эки казак-орус отрядын даярдады. Верный менен Пишпектин ортосуна стратегиялык мааниси бар жаңы Кастек чыңдоосун курууга буйрук берди. Орустардын баскынчылык планын билген Кокон хандыгы, Чүйдөгү чептерди чыңдоого киришип, чүйлүк манаптарды "капырларга" каршы күрөшкө үндөй баштады. Абалдын болжолдонгон мезгилден мурун курчуп кетишинен чочулаган Г.Х. Гасфорд Г.А. Колпаковскийге "бул жүрүштүн тынчтык жана илим иши үчүн" гана уюштурулуп жаткандыгын расмий түрдө Жангарач менен Жантайга билдирип коюуну тапшырды. Даярдалган эки отряддын бири капитан М.И. Венюковдун жетекчилиги менен май айында Кастек чебин курууга жана Чүй бассейнин чалгындоого, А. Голубев жетектеген экинчи отряд Санташ аркылуу Ысык-Көлгө жиберилди.

Майдын акырына чейин Кастекте турган М.И. Венюковдун отрядынын бир бөлүгү чепти курууну аяктоо үчүн Кастекте калды да, калганы Чүйгө жөнөдү. Кастекте турганда Жантай менен М.И. Венюковдун тынчтыкты күбөлөндүргөн кат жазышууларына карабай, отряд Токмоктон 12 чакырым ыраактагы Кара-Коңузга келгенде, Пишпек чебинин наиби Атабек датканын буйругу менен, 2 замбиректүү сарбаздар коштогон солтолордун 500 кишиден турган чакан кошууну орустарга сокку урду. М.И. Венюковдун отрядындагы казак султаны Бекенин жигиттерин солтолор туткундап кетти. Абалдын курчуп кетишине жол бербеш үчүн М.И. Венюков 31-май күнү Кеминге келгенде Чүй кыргыздарына "силердин бир сөөм да жериңерди тартып албайбыз, эгер тынч болсоңор өз жериңерде кала бересиңер... Биздин максат — улуу падышабызга караган жерлерди көрүп чыгуу гана..", — деген эки жүздүү кайрылуусун жөнөттү[2].

Кайрылуунун элди тынчтандырууга оң таасири тийди. 1-июнда Сибирь корпусунун штабынын начальнигине М.И. Венюков Ток-

---

[1] А.А. Катениндин жана Г.Х. Гасфорддун пландары *Б. Джамгерчиновдун* "Очерки политической истории..." деген китебинин 102—107-беттеринен алынды.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—21-иш.—151-барак.

мок чебин азыр эле алып коюуга мүмкүн деген пикирин билдиргени менен генерал-майор Дрейер ага караманча каршы болду. М.И. Венюков Чүй бойлоп төмөн түшө баштаганда, Атабек датка дагы бир жолу кыргыздарды ага каршы көтөрүүгө аракет кылды, бирок андан натыйжа чыкпады. М.И. Венюковдун Атабекке "биздин эч кандай жаман оюбуз жок" деп жазган катына Атабек орус экспедициясынын ууруларча, эскертпестен кокон ээликтерине кирип келиши, алардын достук жана тынчтык жөнүндө берген убадаларына шайкеш келбесин билдирип, эгер элчиликке жиберүү оюнда болсо, М.И. Венюков мырза орус улутундагы өкүлдү жибериши зарыл экендигин эскертип кат жазды[1]. Атабек наибдин мындай "жумшактыгы", албетте, Чүй кыргыздарынын орус экспедициясына куралдуу каршылык көрсөтүүнү каалабагандыгынан келип чыккан мамиле болучу.

М.И. Венюков абалдан пайдаланып, Чүй бассейнин географиялык жана согуштук-стратегиялык жактан изилдеп, керектүү маалыматтарды чогултууга толук үлгүрдү да, июнь айынын аягында Кастек чебине кайтып кетти. Экспедициянын кийинки согуштук жүрүшкө даярдык көрүү үчүн чоң чалгындык мааниси бар эле. Топтолгон материалдарда Токмок, Пишпек чептеринин толук топографиялык пландары сүрөткө түшүрүлгөн болучу.

Ысык-Көлгө жиберилген А. Голубевдин отряды көлдө жүргөн кезде чоң манаптыкка убактылуу бекитилген Боромбайдын уулу Кылычтын бир жылдык мөөнөтү бүтүп, бугу манаптары аталган кызматка шайлоо өткөрүштү да, чоң манаптыкка Койчубек Шералы уулу көрсөтүлдү. Сарыбагыштарга сөөк өчтү душман болгон бекмурат тобунан чоң манаптык орун шапак тобунун өкүлү капитан Качыбекке тийгендиктен бугу—сарыбагыш арасы салыштырмалуу тынчып, ал турсун сарыбагыш бийлери Үмөтаалы менен Адил орус букаралыгына өтүүгө даяр экендиктерин билдирип, Г.А. Колпаковскийге кат жазышты. Бирок, орус бийликтери бул суранычтын чын дилден чыккандыгынан күмөн санашып, жооп беришкен жок. Кыргыз бийлеринин формалдуу түрдө оруç амирлигин таануусуна караганда, Чүйдөгү кокон чептерин талкалап, согуш менен жеңип алуу маанилүү экендигин түшүнгөн орус баскынчылары алдыдагы жүрүшкө катуу даярданып жатышты.

1859-жылы октябрь айында Г.А.Колпаковский Атабекте тутқунда жүргөн орус букарасы казак султаны Бекени бошотууну талап кылды жана көлдөн зекет чогултууга зекетчилердин жибе-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—22-иш.—132-барак.

рилишине каршы кокон бийликтерине расмий нааразыл ык билдирди. Пишпек коменданты бул катка хан гана жооп бере[illegible]н, ал эми бугулардан зекет чогултууга Кокон хандыгы укуктуу эк ідигин ырастаган жооп жазды. Сүйлөшүүлөрдөн натыйжа чыкп ган соң, эки жак куралдуу кагылышууну тымызын күтүп, абал акырындап курчуй берди.

Г.А. Колпаковский келерки жылкы чоң кагылыш Чүйдө болорун эсепке алып, Жантай, Жангарачтар менен жакшы ымалага келүү үчүн кат алмашуу, өкүлчүлүк жиберүү, үгүттөө, белекбечкек берүү жана башка ыкмаларды пайдаланып жатты. Мындай саясатка Г. Гасфорддун "Чоң Ордонун башчыларына, жапайы кыргыздарга белек-бечкек берүү керек, тыңчыларды жиберип, кээде азиаттарды коноктоп да туруу зарыл" деген көрсөтмөлөрү жол ачкан[1]. Орус бийликтери бугу—сарыбагыш жаңжалдарын пайдалангандай эле, албан казактары менен сарыбагыш, солтолордун ортосундагы барымта жаңжалдарына байланыштуу карама-каршылыктарды өтө кылдаттык жана билгичтик менен колдонгон. Бул кырдаалда Чүй кыргыздарынын оруска жүз бурушу, алардын оңой эле орус карамагына өтүп кетиши кыйын болучу. Ал турсун бугу уруусунун букарачылыгы 1858-59-жылдарда деле бекем эмес эле. Мисалы, 1859-жылы күзүндө бугу уруусу көл кылаасындагы кыштоолоруна түшкөндө, кытай отрядынын келгендиги, кокон зекетчилеринин баргандыгы, бугулардын белгилүү болүгү зекет берүүгө макул болгондугу айтылган ойду бышыктайт.

1859-жылдын февралында белгиленген көрсөтмө боюнча согуштук экспедицияга даярдык көрүлүп жатты. План боюнча, курчоого ылайыкталган 4 замбирек менен күчөтүлгөн отряд даярдалып, аны толуктоо үчүн сибирь губернияларынан 460 киши аскерге чакыртылды. Аскердик кийим-кечелер, курал-жабдыктар борбордук губернияларлардан алдырылды[2]. Бирок ошол мезгилдеги эл аралык кырдаалга байланыштуу жүрүштүн башталуу мөөнөтү өзгөртүлдү. Орусия Борбордук Азияга кеңири масштабдагы согуштук жүрүш уюштурат экен деген каңшаар Европага тарап кеткендиктен, Согуш министри 1859-жылы 7-ноябрда Ғ.Х. Гасфордго жогортодон атайын буйрук болмоюнча жүрүштү баштабай туруу керектигин эскертип кат жазды.[3]

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—22-иш.—301-бар[illegible].
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—244-бет.
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.— 17-[illegible].—22-барак.

Эл аралык мамилелерге карата жогоркудай чечим болгону менен, Борбордук Азияда жүрүштү тездетүүгө даярдыктар көрүлүп калган эле. Кокон бийликтеринин шыкагы аркасында 1859-жылдын күз айларында кокон бийликтеринин жана чүйлүктөрдүн орус экспансиясына каршы күрөштөрү жанданды. Ал түгүл 9-сентябрде жаңы эле курулуп бүткөн Кастек чебине 50дөн ашуун кыргыз кошууну кол салып жиберишти[1].

Бул окуя орус бийликтеринин бүйүрүн кызытты. Анын үстүнө 1860-жылдын башында Кокон хандыгынын ички-тышкы абалы кайрадан оорлоп калган болучу. Кудаяр ханды экинчи жолу такка олтургузууну көздөгөн Бухара эмири Музаффар Коконго басып кирүүнү болжолдоп жаткандыктан, Малабек негизги куралдуу күчтөрдү хандыктын түштүк-батышында кармап турууга мажбур болду. Ошол эле учурда ал орус бийликтери менен тычтык ымалага келүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракет жасап, Александр IIге атайын кат менен кайрылды. Бирок бул кат императорго жетпеди, себеби, кокон—орус мамилелеринин курчуп турушун максатка ылайыктуу деп эсептеген А.А. Катенин катты алып бара жаткан кокон чабарманын токтотуп калууга үлгүрдү.

Аңгыча, 1859-жылдын 14-декабриндеги Согуш министринин атайын кеңешмесинде Чүйдүн башын, Пишпек, Токмок чептерин алуу маселеси чечилип, Г.Х. Гасфордго Пишпекке жүрүштү 1861-жылы Оренбург отрядынын Сыр-Дарыя тилкесинен Жөлөк чыңдоосуна карай чабуулуна тууралоо керектиги жөнүндө кат жиберилди. Катта эгер кокондуктар активдүүлүк көрсөтүшсө, Батыш-Сибирь жана Ала-Тоо округунун бийликтерине шартка жараша жүрүштү белгиленген мөөнөттөн мурун баштоо укугу берилгендиги эскертилди[2].

Кокон бийликтери Чүйдө орустарга каршы активдүү үгүттөөсүн жүргүзүп, алдыдагы кагылышууга камданып жатты. Диндик жалпылык болгон мусулманчылыкка негизденип, Орусия колонизаторлоруна каршы "газават" ураану колдонулду. Бул саясат, айрыкча, Атабек датка 1860-жылдын башында Коконго барып, Малабектен тиешелүү көрсөтмөлөрдү алып келгенден кийин күчөп кетти. Кыргыздардын ар бир түтүнүнө бирден ат чыгым, ар бир бий 1000ден кой жыйнап берүүсү буйрукталды. Мындай алман талас, чүй, нарын кыргыздарына, ал түгүл көл кыргыздарына да салынды. Сарыбагыштар менен солтолор бул са-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—244-бет.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—23-иш.—25-барак.

лыкты төлөп берүүгө аргасыз болушту. Бугулар төлөп беребиз деген убада берүү менен гана чектелишип, Ала-Тоо округунун төбөлдөрүнө жардам сурап кайрылышты. Эгер бугулар кокон бийлигинин ыгына көнбөсө, анда аларды аёосуз жазалагыла деген Малабектин катуу көрсөтмөсүн Атабек наиб толук аткара албаса да, сарыбагыштарды бугуларга улам тукуруп жатты.

Бугу—сарыбагыш мамилеси кайрадан курчуду, көбүнчө буга Төрөгелдинин экинчи жолу бугуларга колго түшүүсү себеп болду. Атабектин Г.А. Колпаковскийге бугулар биздин букаралар болучу, ошондуктан алардан зекет алууга Кокон ханынын укугу бар деген билдирүүсүнө Ала-Тоо округунун башчысы бугулар 1855-жылы куран кармап ак падышага ант беришкендигин, эгер кокон бийликтери жана сарыбагыштар бугуларга кысым көрсөтүшсө, анда Кокон хандыгы Орус империясына согуш жарыялады делип эсептелээрин эскертип жооп жазды[1].

Бул эскертүүгө карабастан, 1860-жылдын башында Атабек датка көлгө жаңыдан чеп куруу жана зекет жыйноо үчүн кошуун жиберди. Мындай кадам Пишпекке жүрүштү тездетүүгө шылтоо болду. Г.Х. Гасфорддун Г.А. Колпаковскийге "шылтоо табылды, эми маселени куралдын күчү гана чечет" деген көрсөтмөсүнөн кийин, Пишпек гарнизону менен Орусия бийликтеринин мамилелери расмий түрдө токтотулуп, согуштук абалга өттү.

Бул мезгилде көлдөгү бугу, саяк урууларында эки жамаат түзүлгөн. Бири — азчылык (Муратаалы, Тилекмат, Чоң Карач) — Коконго ыкрар кылган топ, ал эми экинчиси — көпчүлүк (Зарыпбек, Качыбек, Балбай, Боромбайдын уулу Кылыч) — орус багытын кармаган жамаат[2] болучу. Экинчи жамааттын өтүнүчү менен Ала-Тоо округунан 1860-жылдын февралында көлгө эки отряд жөнөтүлдү. Көлдүн чыгыш жагына Жеребятьевдин, батыш жагына Шайтановдун отряддары келди. Алар чыгыштан жана батыштан көлдүн түштүк жээгин бойлой, топографиялык сүрөткө тартуу менен Чүй дарыясынын баш жагына чыгуусу керек эле. Отряддардын негизги миссиясы — Ысык-Көлдүн жер-шартын чалгындоо, сарыбагыштар менен кокондуктардын жолун тосуу, бугуларды коргоо жана көл кылаасында орус таасирин биротоло орнотуу эле. Бул иште аларга казак султандары жана старчиндери Тазабек, Суранчы жана Дыйканбай жигиттери менен көмөк көрсөтүүгө тийиш болгон. Эки отряддын аракетине жалпы же-

---

[1] ӨБМТА.—715—ф.—1—оп.—76—иш.—233-барак.
[2] ӨБМТА.—715—ф.—1—оп.—23—иш.—75-барак.

текчилик генералдык штабдын капитаны М.И. Венюковго жүктөлгөн.

Орус бийлиги абалдын курчуп бара жаткандыгын шылтоолоп, биротоло активдүү аракетке өттү. Батыш-Сибирь генерал-губернаторунун жана согуш министринин макулдугу боюнча Чүй өрөөнүндөгү согуштук операцияларды башкаруу үчүн генералдык штабдын полковниги Циммерман Верныйга жиберилди[1].

Орустардын аракеттерин байкап турган сарыбагыш бийлери шашып калышты. Ошондуктан алар бугулар менен тез жарашуу үчүн элчи жиберишти, ал эми бугулар болсо Төрөгелдини бошотушту[2]. Бирок Кокон бийликтери мурунку ойлорунан кайткан жок. Куртка чебинен күчтүү кошуун көлгө келип зекет чогултуугa киришти. Көлдүн түштүгүндөгү Кызыл-Сууга чындоо курмак болушту. Зекетчилер Жеребятьевдин отряды келгенде, Пишпектен кошумча күч суроого чабарман жиберип коюп, зекет чогултууну уланта беришти. Алар элден 480 жылкы, 4000 кой жыйнашы керек эле. Бугулардын кокон таасиринде турган жамааты (Муратаалы, Чоң Карач, Тилекмат) бул салыкты төлөп берүүгө, Кызыл-Суу чындоосун курууга көмөк көрсөтүүгө макулдугун беришти[3]. Жеребятьев кокондуктарга каршы активдүү аракеттерди баштоо жөнүндө Г.А. Колпаковскийден суранганда, ал Шайтановдун келишин күтүү керек деген буйрук алды, бирок батыш отряды кечигип кеткендиктен, 1860-жылы 10-майда жүрүштү баштоого уруксат берип, өзү да кошумча отряд менен көлгө аттанды. Ошентип көл кыргыздарынын тагдыры орус колонизаторлорунун активдүүлүгүнө байланыштуу чечилип жатты.

Сибирь корпусунун командири Г.А. Колпаковскийге бул маселеде чечкиндүү жана аёосуз чара көрүлсүн, кокондуктарды куралдын күчү менен куup чыгып, чындоолорун бузгула, чогулган зекетти тартып алгыла, Мураталы, Тилекмат жана Чоң Карачты эл алдында жазалагыла деген көрсөтмө берген[4]. Жеребятьевдин отряды кокон чындоосу жайгашкан Жуукуга карай жылганда, кокон отряды Куртка чебине ашып кетти. Майдын экинчи жарымында көлдүн чыгышына Г.А. Колпаковский менен Шайтановдун отряддары келишти. Ушуга байланыштуу Кокон бийликтеринин Пишпектен келген экинчи отряды да Куртка тарапка качып кет-

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—127—130-беттер.
[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—131-бет.
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—23-иш.—66—71-баракtар.
[4] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—23-иш.—95-барак.

ти. Пишпек комендanты Атабек активдүү каршылык көрсөтө албастан, Кокондон кошумча күч сурап кайрылуу менен гана чектелди. Орус бийликтеринин мындай активдүүлүгүнүн натыйжасында бугулардын арасында Орус падышачылыгынын таасири бекемделди, көлдүк кыргыздардын Коконго ыктаган бийлери: Мураталы, Чоң Карач, Тилекмат жана башкалар оруска ыкрардыгын билдирип, саламга келишти. Орус бийлигин мурунтан тааныган манаптардын суранычына байланыштуу Г.А. Колпаковский "анттан адашкан" алиги үч манапты жазалаган жок. Ошол кезде орус отрядынын көлгө келишинен чочулаган Үмөтаалы менен Төрөгелди Теңир-Тоо арасына тереңдеп кирип кетишкен эле.

М.И. Венюков сарыбагыш бийлерине аларды бугулар менен жарашууга чакырып, эгер макул болушпаса, Төрөгелди баш болуп бир топ бийлер туткундалып, Верныйга жөнөтүлөт деген чакырык жөнөттү[1]. Ага жооп кылып сарыбагыш манабы Рыскулбек Меңди деген адамды М.И. Венюковго элчиликке жиберди, ошол эле учурда казактардан алган барымтаны төлөөгө макулдугун билдирди. Меңдинин айтымына караганда, Төрөгелди Тескей Ала-Тоого, Үмөтаалы Таласка көчүп кетиптир[2]. Ушул мезгилде көлдүн түндүк жээгинде көчүп жүргөн Адыл, Ажы жана Калыгул башында турган сарыбагыштардын бир бөлүгү орустардын келиши менен Кеминге өтө алышпай калышкан. М.И. Венюковдун чакырыгына келүүгө алар даай алышпай качып жөнөгөндө куугун Адыл бийди туткундады. Аны менен кошо бир топ кыргыз бийлери "ардактуу туткундар" катарында Верныйга жөнөтүлдү[3].

Мына ошентип баш көтөргөн кыргыз бийлери "тартипке салынып" орус отряддарынын миссиясы негизинен максатына жетти. Июндун акырында артка кайтууга буйрук берген М.И. Венюков Төрөгелди сыяктуу манаптарга ишенбегендиктен, Кетмалды менен Чоң-Кеминде чакан эки отрядды, көлдө Жеребятьевдин отрядын күзгө чейин калтырды[4].

1860-жылдын май-июнь айындагы орустардын согуштук жүрүшү Мала ханды Ысык-Көлдү биротоло жоготтум деген жыйынтыкка алып келген жок. Ал көлдөгү орус таасирин азайтуу үчүн, Кастек чебине чабуул коюуга даярданууга жарлыгын чыгарды, ага материалдык жардам катары Чүй боорунан ашыкча

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—23-иш.—98-барак.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—23-иш.—105-барак.
[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—138—140-беттер.
[4] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—134—139-беттер.

зекет жыйнаттыра баштады. Бирок бул учурда Кокон хандыгынын ички-тышкы абалы начар болучу. Бухара эмиринин баскынчыл жортуулдары, Кудаяр хандын тактыны кайра тартып алууга кылган аракеттери, Оро-Төбө үчүн чатактар, ички араздашуулар Кокон аскеринин негизги күчтөрүн Фергана өрөөнүндө кармап турууга мажбурлаган. Мала хан орустарга каршы реалдуу күч катары, чынында, гарнизондорго гана ишеним көрсөткөн. Өнөктөш кыргыздардын манаптарына ишенүү опурталдуу болучу.

Генералдык штабдын полковниги Циммерман менен Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковский Кокон хандыгынын мындай оор абалынан пайдаланып, жүрүштү баштоонун шылтоосун издешти. Кокон бийликтери июлда Атабек датканын аракети менен Чүйдө бир топ күч топтоп, солто, сарыбагыш урууларын Иленин ары жагындагы казактарга барымтага барууга үгүттөп, Кастек чебине маал-маалы менен байкоо сала баштады. Бул аракеттер орус басып алуучулары үчүн ыңгайлуу шылтоо болуп, Чүй экспедициясын баштоого буйрук берилди.

1860-жылы 23-августта Кастек чебинен эки топ болуп: оң канат Циммермандын башчылыгында, сол канат — Шайтановдун башчылыгында Чүй багытына жүрүш башталды. Кара-Коңузга келгенде, Жантайдын уулу Шабдан атасынын атынан орус букаралыгына моюн сунуп берди. 26-август күнү орус аскери Чүй дарыясын кечип өтүп, 2 замбирек, 100 сарбаз менен коргонгон Токмок чебине жакындады. Азырак аткылашуудан кийин орус күчүнө туруштук бере албастыгын түшүнгөн сепилдин аскербашчысы Хаккули чепти өткөрүп берди. Камоо жана артиллериялык аткылоо мезгилинде качып кеткендерден калган 70 киши туткунга түшүп, көбү орус ээликтеринде калып калууну суранышты. 27-август күнү Токмок чебин талкалоого буйрук берилди[1]. Токмокто полковник Циммермандын отрядына Г.А. Колпаковскийдин кол алдындагы 90 казак-орус, султан Тезек баштаган 150 жигит кошулду да, баары Пишпекке жөнөштү. Пишпектин алдындагы 5 күн атышуунун жана камалоонун натыйжасында, 4-сентябрь күнү чеп багынып берди. Атабек жана Алишер датка баштаган 1627 киши туткунга түштү. Туткундардын курамында 84 соодагер, кызматчылар, 63 аял жана 38 жаш бала бар эле[2].

---

[1] Донесение полковника Циммермана от 28 августа 1860 года. —Русский Туркестан.// Сборник, изданный по поводу политической выставки. — Вып.III.—СПб.,1872. —Приложения.—27—29-беттер.

[2] Донесение полковника Циммермана от 28 августа 1860 года...— Сборник, изданный по поводу ...— Вып.III ... —30—33-беттер.

Август, сентябрь айларында Токмок, Пишпек чептери багындырылып жатканда кыргыздар бийик жайлоолордо болгондуктан кокон—орус кармашууларына негизинен аралашышпады. Алар үчүн жек көрүндү болуп калган Кокон хандыгы да, жаңы эзүүчү —орус баскынчылары да бирдей болучу. Пишпек чебин орус аскерлери камап жаткан мезгилде Аламүдүн капчыгайынан 400дөй кыргыз атчандары көрүнүп калгандыктан, Циммерман аларга каршы Тезек султандын жигиттерин жана Бутаков менен барон Врангель баштаган 200дөй казак-орустардын отрядын жиберди. Кагылышууну каалабаган кыргыздар тоого кайрадан кайтып кетишти. Кечирээк Аламүдүн капчыгайына чалгынга жиберилген Тезектин жигиттеринин бири өлүмгө учурагандыктан, Циммерман кыргыздарга чабуул коюуга буйрук берди. Муну байкаган Жангарач бий 4 кишисин элчиликке жиберип, ошол эле учурда орус букаралыгына өтүүгө даяр экендигин билдирди. Бирок элчилер туткунга алынып, өлгөн казак жигити үчүн солтолорго 200 ат, 6 күң (анын ичинде 2 сулуу кыз) кун салынды. Бул окуялар кыргыз бийлерин өтө чочутуп койду, алар эми каршылык көрсөтүү эмес, өз айылдарын коргоп турууну гана ойлоп калышты.

Басып алуучулардын келишин түпкүрүнөн жактырбаган кыргыздар, орустарга каршы күрөшүүгө ыңгайлуу шарттар бар экендигине карабастан, пассивдүүлүк кылышты. Алардын орус күчтөрүнө да, а түгүл чалдыбары чыга баштаган кокон бийликтерине да, туруштук бере албаган алсыздыгы айкын болду. Мындай пассивдүүлүктү кыргыздар орус букаралыгына "ыктыярдуу моюн сунгандыгынын" далили катары кароого дегеле мүмкүн эмес.

1860-жылдын 5-сентябрында Пишпек чебин талкалоо башталды. 7 күн бою бул жерде 600 киши тынымсыз иштеп, сепилди жардыруу үчүн 217 пуд дары кеткен. Кокон чептери Токмок менен Пишпекти талкалоо кыргыздарга эң катуу таасир калтыргандыгы маалым. 1860-жылы 17-сентябрда Циммермандын Г.Х. Гасфордго жазган билдирүүсүндө "биз Пишпек урандыларын таштап артка кайтканда, жапайы кыргыздардын эч кимисин жолуктура албадык. Чүй кыргыздары Токмоктун, өзгөчө Пишпектин алынышы менен үрөйү учуп селдейе түшүштү",— деп жазган[1].

Циммерман Чүйдөн кайтаарда "орустардын Чүйгө келүүсү, кокондуктардын Кастекке жасаган тынымсыз тийишүүлөрүнө жооп болду, эми кыргыздар, силер, Орусияга букаралыкка өткүлө" деген үндөө жарыялады. Бул жеңиштүү жүрүштүн урма-

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—24-иш.—174-барак.

тына Чүй өрөөнүнүн сол жээгинде Таластан Нарындын башына чейин созулуп жаткан кыргыз Ала-Тоосун "Александровский кырка тоосу" деп атоого император Александр Iнин уруксат берип коюсун сурап, Г. Гасфорд борборго кайрылды. Өтүнүч тез эле аткарылды.

Орус күчтөрүнө оңой эле жеңилип беришин Кокон ханы кечирбесин түшүнгөн туткундагы Атабек менен Алишер даткалар, Циммермандан аларды Коконго жибербөөнү жана орус букаралыгына өтүп, Верный шаарында жашап калышына уруксат берип коюуну сураныштыш. Кийинчерээк бул өтүнүч канааттандырылып, туткундарга Семей шаарында жашап калууга уруксат берилди.

Орус кошууну Чүйдөн кайтып кеткенден кийин, Ташкент беги Канат Шаа баштаган ири кошуун Олуя-Атада жыйналып, бүткүл Чүй кыргыздарын орустарга каршы күрөшүүгө чакырып жатты. Үндөөнүн таасири жана дини башка жаңы баскынчылардын бийлигинин түпөйүл коркунучу Жангарач, Жантай, анын уулу Шабдан, Байтик баштаган Чүй манаптарынын кайрадан Кокон тарапка оошуна алып келди. Чүйгө Канаттын кошууну кирип келгенде, казактардын орустарга мурунтан эле кирген букаралары чапышты, дуулат сыяктуу уруулар да Коконго жан тарта баштады. (Дагы бир эскере кетчү нерсе, мындай фактылар Түндүк кыргыз жана казак уруулларын орус букаралагына өтүүсүнүн сызмага салгандай туптуура эле "ыктыярдуу" болбогондугун ырастап турат.)

Канат Шаа "Циммерманга жардам бергенсиң" деп күнөөлөп, Жангарач бийге 500 ат, ар бир айылдан 2 кап таруу салык салып, Пишпек чебин калыбына келтирүү үчүн 1000 киши жыйнап берүүнү талап кылды. Андан тышкары чүй кыргыздары кокондуктардын оруска каршы жүрүшүнө кошуун бериши да тийиш эле. Жангарач баштаган чүй манаптары мындай салыктын оордугуна, Г.А. Колпаковскийдин "Кокон хандыгына ишенбегиле, орус куралы кокон чептерин гана эмес, хандыктын өзүн да талкалап коюуга күчү жетет" деген опузалоо чакырыгына карабай кокон амирлигине жардам берүүгө бел байлашты.

Чүй өрөөнүндөгү кокон күчтөрүнүн, Канат Шаанын алдындагы куралдуу күчтөрдүн жалпы саны 20 миңден ашуун киши болуп, алардын 10 замбиректен турган артиллериясы болгон[1]. Кошуун негизинен атчандардан турган. Согуш өнөрүн билген сарбаздар азыраак сандагы жөө аскерлерди түзгөн. Кокон армиясына

---

[1] Донесение генерала Гасфорда от 10 ноября 1860 года. —Русский Туркестан. // Сборник, изданный по поводу...—35-бет.


кошулган кыргыз атчандары кошуундун санын гана көбөйткөнү болбосо, армия тартибине, анын командалык структурасына дегеле коошкон эмес. Кокон армиясынын 5 фунттуу калибрдеги жез замбиректерден турган артиллериясынын сокку уруучу күчү таптакыр жокко эсе эле. Азык-түлүк жетишпегендиктен, кошуун көп учурда ачка калчу да, сарбаздар базарларга, кыштактарга тамак издеп кетип, талоончулук кылып да жиберишчү. Атчан аскерлердин мурункудай экиден аты болгон эмес. Минги ат жетишпегендиктен, кыргыздардан зордуктап тартып алган аттардын көбү согуштук талапка жооп берген эмес. Чын-чынына келгенде, кокон армиясы армия эмей эле, ар кошкон топураган топко окшош болчу. Мындай кошуунду жетектеген Канат Шаанын аброю да аскер ичинде анча жогору болбоду. Ага Ташкенттен Чүйдүн башына чейинки жерлерди башкаруу тапшырылып, ал жердеги сепилдердин аскер күчтөрүнө баш командалык кылышы, тышкы саясатта ұкугунун кенендиги, атаандаш бектердин көрө албастыгына алып келген. Ошондуктан жогорку "армия сыяктуу" топтун башындагы элге алымы жок аскер башчы Канат Шаанын октябрдагы Узун-Агач, Кастек багытындагы жүрүшү ийгиликке жетиши дегеле мүмкүн эмес эле. Анын үстүнө кыргыздардын "носокуя" жардамы ийгиликти камсыз кыла албайт болчу.

1860-жылдын октябрь айынын орто ченинде Канат Шаанын колу Курдай белин ашып, Кастек чебине жакындап келди. 18—21-октябрь күндөрү Кастекке жакын Узун-Агач жана Каскелең өрөөндөрүнүн боюнда кармашуулар болуп өттү. Г.А. Колпаковский баштаган орус армиясынын аракеттери ийгиликке жетишип, көп жоготууларга учураган Канат Шаанын колу Чүйгө чегинүүгө мажбур болду. Г.А. Колпаковскийдин Гасфордго 1860-жылы 26-октябрдагы жазган билдирүүсүндө "Эгер кыргыздар баары кокондуктарга астейдил жардам беришкенде жана кокон аскери азык-түлүк, жем-чөп тартыш болгон кеч күздөн мурунураак келишкенде "мүмкүн алар жеңишке жетишет беле" деп жазат[1]. Чынында, Кокон жортуулунун жеңилип калышына кыргыз кошуунунун согушка активдүү кирбегендиги чоң таасирин тийгизген.

Кыргыздардын мындай мамилесине ошол кездеги Түштүк кыргыздарынын чыгаан инсандарынын бири Алымбек датка чоң рол ойногон. 1860-жылы Токмок, Пишпек сепилдеринин алынганын угаары менен, Мала хан Ташкенттен Канат Шаанын Чүй тарапка аттануусу менен эле Анжыяндын ошол кездеги акими жана

[1] ӨБМТА.—715—ф.—1-оп.—24-иш.—113-барак.

бир эле учурда өзүнүн баш увазири Алымбек датканы орус аскери менен кармашууга жөнөткөн болчу. Алымбек Анжыян колу менен Нарын аркылуу Чүйгө багыт алат. Жолдо Кетмен-Төбө, Тянь-Шань, Чүй кыргыздарынан кол курайт да, аскери 12 миң кишиге чейин жетет. Алымбектин кошуунунун курамында Жангарач бий баштаган солто, сарыбагыш бийлеринин, алардын ичинде Шабдан Жантай уулунун да жигиттери болгон.[1]



Кыргыз кошуунунун атчандары

Пишпек чебинин алдында эки кошуун жолугат да Алымбек менен Канат Шаанын ортосунда баш командалыкты талашып араздашуу келип чыккан. Натыйжада, Узун-Агач, Кара-Кастек, Каскелең өзөндөрүнүн боюндагы салгылашуулар да[2] Алымбек өз кошуунун кармашка кийирген эмес, натыйжада кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Кара-Кастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылгандан кийин, Узун-Агачка экинчи чабуул уюштурууну буйруган Канат Шаага Алымбек кескин каршы чыккан. Кокон ордосунун тарыхчысы Мулла Нияз бул жөнүндө: "Алымбек кыргыз менен Канат Шаа тажик кошуунга

---

[1] *Абдылдабек кызы Жаңыл.* Баатыр.—Аб.—23-апрель.—1992-жыл.

[2] Орус булактары менен жергиликтүү булактар Узун-Агач салгылашуу-сунун жүрүшүн жана анын жыйынтыгын эки башка беришет. Аскер командачыларынын билдирүүлөрүнө негизделген орус булактарында 18—20-октябрдагы кармаштарда орус аскерлеринен 20 эсе көп болгон кокон кошуунунан (2 миң жана 40 миң) 1500дөй киши, ал эми орус солдаттарынан бирөө гана набыт болгондугу айтылса, Кокон тарыхчысы Молдо Нияз Үч-Алматыдагы согушта кокондуктар 2 миң солдаттан турган орус аскерин чегиндирип, Аштак чебине (Кастек болушу мүмкүн) чейин куып баргандыгын, ал жердеги казактардын Пишпек—Мерке чөлкөмдөрүнө көчүрүлүп келгендигин, негизи-нен жортуул ийгиликтүү аяктагандыгын жазат. (Караңыз: *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник. —А-А.,1987. —122-бет.) Орус жана жергиликтүү булактардын мындай кайчы пикирлери арбын. Биздин оюбузча бул абал тигил же бул мамлекеттин расмий идеологиясына, саясатына байланышкан пикирлер болгондуктан, булактардын берген маалыматтарынын баарына эле ишене берүү мүмкүн эмес.

башчылык кылууну талашып, чатак башташты. Жаңжалдан улам Алымбек анжыян колу менен кыргыздарды майдандан алып чыгып кетти да, салгылашуунун сыймык же маскаралык алып келүүчү тагдырын колунан чыгарды...",— деп жазат[1].

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты Түштүк—Түндүк кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет уюштуруу же кокон ордосун толук ээлөө болучу. Ошондуктан ал орус бийликтери менен ушул мезгилден баштап эле ымала түзүүнү көздөгөн. Анын биринчи шарты орус аскери менен согушпоо экендигин жакшы түшүнгөн. Анын үстүнө оруска жүз буруп турган Чүй, көл кыргыздарынын пикирлери да эсепке алынган. Ушул себептерге байланыштуу Узун-Агач салгылашуусунун алдында эле Түндүк кыргыз бийлери: Жангарач, Байтик, Шабдан жана башкалар менен жолугушкан Алымбек кармашта Канат Шаанын жеңилишин ынгайлуу факты деп эсептеген[2].

Узун-Агач, Кастек кармашууларынан кийин деле Мала хан Чүйдөн үмүтүн үзгөн жок. Канат Шаага Чүйдө күчтүү отряд калтырып, өзү Олуя-Атада оруска каршы даярдык көрүүсү буйрулду. Кокон ордосундагы согуштук кеңеште эмки жылга чейин "газават" үгүтү жайыла бериши, кайра тургузулган Пишпек чеби Кокон бийлигинин Чүйдөгү таянычы болуп, 1861-жылкы кармашта Мала хан баш командачылыкты өз колуна алары чечилди. Пишпек менен Токмокто Ташкент беги Рүстөмбектин иниси Сатыбек башкарган аскер жайгашкан. Ал кыргыздардан зекет чогултууну уюштуруп, "газаватка" даярдык көрө берүүсү пландаштырылды.

Аңгыча Кокон—Бухара араздашуусу кайрадан күчөдү. Бухара эмири Насрулла өлүп, Мала хан Оро-Төбөнү басып алды. Узун-Агачтагы "күнөөсү" үчүн Алымбек куугунтукталып, Алайга качты. Адыгине менен монгуштардан кошуун чогултуп Коконго дагы бир жүрүш жасайын деди, бирок ага шарт болбоду. Ошондуктан аркалык туугандарынан жардам издөө менен катар эле бир топ саясий иштерди жүргүзүү максатында 1861-жылы жазында Нарын чөлкөмүнө жөнөп кетти[3].

---

[1] Перевод извлечений из "Тарих-и Шахрухи" Муллы Нияза Мухаммада Коканди.//МИКК.—236.//Шилтеме *В. Галицкий* менен *В. Плоскихтин* "Старинный Ош" деген китебинин 52-бетинен алынды.

[2] *Сулайманов Э., Кененсариев Т.* Старинный Ош: путешествие в глубь истории.— КИАК КИ.—1988.— № 2.—76-бет.

[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—182-бет.

Г. Гасфорд менен Г.А. Колпаковский келерки жылкы жүрүшкө даярдана беришти. "Газават" чакырыгы жергиликтүү тургундарга терс таасирин тийгизет деп эсептешкен орус бийликтери кыргыздарга түрдүү үндөөлөрдү жиберип жатышты. Аларда "газават куру шылтоо, силерди өлүмгө айдап жатышат. Биз динди куугунтуктабайбыз, силерди эзип жаткан душмандарыңардан гана коргойбуз" деген эки жүздүү түшүндүрмөлөр жазылган.

Мындан тышкары, орус бийликтеринин Улуу Жүз султандарына да мамилеси өзгөрдү. Айрым султандардын кокондуктарды тымызын колдоору билингенден кийин, атайын тыңчылар айылма-айыл иликтеп жүрүштү. Тез көчмө отряддар түзүлүп, күмөндүү айылдарды талап-тоноо, жазалоо, ишенимден кеткен бийлерди туткундоо ыкмалары кеңири колдонулуп жатты. Уруу араздашууларын шыкактоо, Орто Жүз менен жалайырлардын, бугулар менен дуулаттардын, Улуу Жүз менен солто—сарыбагыштардын барымтачыларын бирине-бирин көкүтүү сыяктуу саясат расмий мүнөзгө ээ болуп, ал турсун жогорку жактан" эски чатактарды ырбатуу бизге пайда" деген көрсөтмөлөр келип жатты. Кастек, Каскелең, Узун-Агачтан батыш чөлкөмдөргө көчүп-конуу атайын уруксат менен гана жүргүзүлүүгө тийиш болду.

Мындай иш-чаралар орус колониалдык саясатынын "бөлүп-жар да, бийлей бер" (разделяй и властвуй) деген ыкмасына дал келген. Ошондуктан Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковский мындай саясатты жалпы эле падыша өкмөтүнүн чыгыш четжакалардагы колониялык басып алуу процессинде колдонулган тактикалык ыкма катары эсептеген. Куралдын күчү менен зордуктап басып алуу эл аралык мамилелерге, ички жана тышкы шарттарга ылайык келбей калган айрым "тыңчыгуу" учурларында ыңгайлуу жагдайды күтүп, келерки активдүү жүрүштү даярдоо үчүн колдонулуучу бул саясат Г.А. Колпаковскийдин билдирүүлөрүндө "оңтойлуу учурду күтүп туруу ыкмасы", деп аталган.

Кокондуктарды Иле чөлкөмүнөн алаксытуу үчүн Оренбург губерниясынын жаңы генерал-губернатору Н.Г. Безактын демилгеси менен Сыр-Дарыянын төмөнкү агымынан жогору карай жүрүш жасоо жана Жөлөк, Жанкала чыңдоолорун курчу планы 1861-жылдын жазынан баштап ишке ашырылмак болду.

1861-жылдын январында Г.Х. Гасфорд отставкага кетип, анын ордуна генерал-лейтенант Дюгамелдин келишине байланыштуу даярдалып жаткан иштердин багыты жана мөөнөтү негизинен мурункудай калганы менен, кай бир иш-пландар өзгөртүлдү. Дюгамель Кокон ордосуна карата курч мамилеге өтпөөнү, сабырдуу-

лук менен бирок кыйшаюсуз, азырынча ээленген жерлерде гана орус бийлигин чыңдоону көздөгөн тактикасы менен Г. Гасфорддон айырмаланган. Г.А. Колпаковский Г. Гасфорддун тушунда эле Чүйдүн оң жээгиндеги Чөмүч кечүүсүнө Александрогорское чыңдоосун курууну пландаштырган болчу. Бирок Дюгамель муну да жактырбады. Ал азырынча мурунку ээликтерди кармай туруу-ну, Верный сепилин чыңдай берүүнү, Кокон хандыгы менен араздашпоону туура көрдү.

Дюгамелдин бул пикири Өзгөчө Комитеттин 1862-жылдын 29-июнунда Петербургда өткөн жыйындын токтомунда да ырасталды. Ошондуктан Г.А. Колпаковский өзүнүн "күтүп туруу ыкмасын" улантып, кокон бийликтери менен сүйлөшүүлөрдү гана жүргүзө турууну чечти.

1861-жылы апрелде Ташкенттен Олуя-Атага аттанган Канат-Шаа, Пишпекке 2 миң кол менен май айында келди. Ага чейин эле Пишпек коменданты Рахматулла Ысык-Көлгө зекетчилерди жиберген эле. Ошол мезгилде бугулар дагы эки жаатка бөлүнүп, Мураталы манап Кокон тарапка ыкрар тартып жаткан. Бул маалымат Г.А. Колпаковскийге жеткенде, ал Рахматуллага кайрадан расмий нааразылык билдирди.

Июнь айында солтолордун катышуусу менен Иле казактарына кезектеги барымта жүрүшү уюштурулуп, кокон бийликтеринин активдүүлүгү жанданды. Мындай кырдаалда Г.А. Колпаковский Дюгамель менен макулдашып, көлгө отряд жөнөттү. Орус отрядынын Верный шаарынан чыкканын укkан Ысык-Көлдөгү кокон зекетчилери артка кайтышты. Г.А. Колпаковскийдин расмий нааразылыгына жооп иретинде Канат Шаа Рахматулланы Олуя-Атага которуп, Пишпекке Рахматулланын уулу Мырза-Дөөлөттү калтырды. Бирок көл кылаасына зекетчилерди жиберүү токтогон жок. Кеч күздө Ысык-Көлгө келген зекетчилерге Мураталы менен Тилекмат манаптардын жардам бергендигине карабастан, Г.А. Колпаковскийдин көлгө отряд жиберүүгө чамасы болгон жок. Бирок, 1862-жылы Кара-Кол менен Жыргалаң суусунун ортосуна чындоо куруп, атайын отряд калтыруу, ал жерде казак-орустардан турган кыштак түзүү жөнүндө Дюгамель менен макулдашууга жетишти.

Кокон бийликтеринин орус баскынчылыгына каршы аракеттери токтобой, алар колдогон солтолор Иле казактарынан барымта алуусун кеч кызгө чейин уланта беришти. Орус бийликтери кокондуктардын мындай аракеттерине чечкиндүү жооп бере алышпады. Муну ал мезгилдеги эл аралык мамилелердин, өзгөчө орус—кокон мамилесинин курчуп, ал турсун Узун-Агач сыяктуу

кармаштын чыгып кетүүсүнөн орус бийликтеринин чочулагандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Мында Дюгамелдин этияттыгы жана ашкере сактыгы да чоң мааниге ээ болгон.

Кокон бийликтеринин "газаватка" үндөө менен, кыргыздарды Орусияга каршы согушка өз жагына тартуу жана ага даярдык көрүү үчүн зекет чогултуу иштери көп ийгиликке жетпеди. Бугулардын Муратаалы, Тилекмат баштаган урууларынан башкасы, саяк, сарыбагыш, ал турсун солтолордун көпчүлүгү түрдүү шылтоолор менен зекет берүүдөн баш тартып жатты.

Түндүк кыргыздарынын мындай аракеттерине Узун-Агач салгылашуусунан кийин Ат-Башыда, Тянь-Шанда эл аралап жүргөн Алымбек датка чоң таасир тийгизген. 1861-жылы жайында сарыбагыш манаптары Үмөтаалы, Ажы, Төрөгелди Алымбек даткага жолуккандан кийин, аларда белгилүү деңгелде Коконго да, ошол эле учурда Орусияга да каршы пейил түзүлгөн болучу. Алымбектин тоолук кыргыз туугандарынын арасында аброюнун өсүп бара жаткандыгынан кооптонгон Мала хан жарашуу үчүн аны ордого чакырды, бирок Алымбек барбады, ал турсун хан жиберген адамдарды өлтүрүп, алардын артынан келген кошуунду талкалап таштады[1]. 1861-жылы июлда Ала-Тоо округунун башчысы Сибирь корпусунун командирине "Алымбек менен Мала хандын душмандык мамилеси жөнүндөгү маалыматтар ырасталып жаткандыгын" билгизди[2].

Мындай кырдаалда кайрадан Коконго же Орусияга ыкрар берерин билбей эки анжы болгон Алымбек датка тоолук кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча феодалдык ээлик же мамлекет түзүүнү ойлогондугуна Дюгамелдин согуш министрине 1861-жылдын 8-июнунда жазган каты кабар берет. "Алымбек каракыргыздардын арасында калып, Ысык-Көл менен Кичи-Бухара аралыгында өз алдынча башкаруучу болуу оюнда бар окшойт, — деп жазат Дюгамель, — ошондуктан биз менен жакшы мамилеге өтүүнү көздөйт шекил..."[3]

Генерал Дюгамель Г.А. Колпаковскийге эгер Алымбек Орусия менен мамилеге кирсе, аны кубаттагыла деген көрсөтмө берди. Муну тышкы иштер министри А.М. Горчаков да, Александр II да жактырды[4]. Алымбек Түндүк Теңир-Тоо арасында жашаган кыр-

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—182-бет

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—25-иш.—94-барак.

[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—25-иш.—95-барак.

[4] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—98-барак.

гыздарды өз таасирине киргизип, ордодо бийликке жетүү үчүн 1861-жылы күзүндө Фергана чөлкөмүнө кайра кайтты.

Генерал Дюгамелдин сабырдуулук тактикасы Оренбург губернатору Безакты, Сыр-Дарыя тилкесинин командачысы Дебуганы канааттандырган эмес. Ал жакта 1861-жылы активдүү аракеттер көрүлүп, орус күчтөрү Жөлөк чындоосун курууга киришип калган. Ал турсун андан ары Сыр-Дарыянын жогорку агымын көздөй жылууга даярдык көрүлө башталган. Безак менен Дюгамелдин пландарынын айырмаланышы Оренбург губернаторлугунун ою боюнча "эки анжылык" деп сындалып, Сибирь тилкесинде да даярдык көрүлүшү талап кылынып жаткан. Генерал Безак өз планын 1861-жылы ноябрь айында согуш министрине билдирди. Катта 1862-жылы Сибирь жана Сыр-Дарыя тилкелерин кошуу ишинде чечүүчү жыл болушу зарыл, Сибирь тилкесинин күчтөрү эмки жылы Олуя-Атаны ээлегенче, эки тилкенин аскер күчтөрү стратегиялык зор мааниси бар Ташкентти алууга мүмкүн болор эле, бул жүрүштү тездетүү керек, эгер Коконго Англия артиллерия менен курал берсе, анда кыйынчылык туулат деген пикирлер бар эле[1].

Дюгемель бул пикирге каршы болду. Ал эми согуш министри Д.А. Милютин Безакты колдоп, Дюгамелге 1862-жылы 24-февральда берген буйругунда анын активдүү позицияга өтүүсүн талап кылды[2], Ошондуктан Дюгамель Г.А. Колпаковскийге жүрүшкө даярдана баштоо жөнүндө буйрук берүүгө аргасыз болду.

Ошол эле учурда Сыр-Дарыя тилкесинде активдүү аракеттер улана берди. 1861-жылы сентябрде Жаңы-Коргон чеби багындырылып, ал жерге орус чындоосу негизделди.

Сыр-Дарыядагы окуялар Иле чөлкөмүндө жүрүштү баштоону тездетти. Анын үстүнө кокон күчтөрү менен с лто, сарыбагыш урууларынын Улуу Жүз казактарына карата тынымсыз жортуулдары 1862-жылы февралда Верныйга 4—5 рота, 200 резервдик солдат, 4 аттуу замбирек жүрүшкө даяр болсун деген буйруктун келишине түрткү болду[3]. Аңгыча 1862-жылдын март айынын башында Булан-Чолоктун жетекчилиги астында солтолордун барымтачылары Адыл султандын уулу Аблестин айлына кол салып, кармашта 25 кыргыз барымтачы колго түшүп калат. Туткундарды

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—25-иш.—109-барак.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—26-иш.—52-барак.
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—26-иш.—65-барак.

Г.А. Колпаковский Верныйга жиберет. Бул окуя согуштук жүрүштү баштоого негизги шылтоо деп табылды.

Чүйдө кокон күчтөрү 1861-жылга караганда алсызыраак эле. Себеби, Сыр-Дарыя тилкесиндеги орус күчтөрүнүн активдүүлүгүнө, Кокон хандыгынын ички абалынын оорлошуна байланыштуу сарбаздардын негизги күчү Чүйдөн чыгып кеткен болучу.


Ордодогу абал да жакшы эмес эле. 1862-жылдын башында Мала ханга каршы козголоң уюштурулуп, бирок аны уюштургандар максатына жетпей калган. Бирок, ошол эле жылдын февралында экинчи козголоңчулар (негизинен кыргыз бийлери: Алымбек, Кыдыр, Касым, Кудайназар жана башкалар) Мала ханды өлтүрүп, анын жээни — Сарымсактын уулу 15 жашар Шах Муратты такка олтургузушкан[1]. Алымбек баш увазирдик орунду ээлеген. Ордодогу экинчи топ такка Кудаярды кайрадан отургузууну көздөшкөн. Булардын катарында Ташкент беги Канат Шаа жана Рүстөмбек бар болчу. Канат Шаа Шах Мураттын Коконго чакырганына барбады, Бухарадагы Кудаяр менен байланыш түзүп, аны Ташкентке чакырды да хан деп жарыялап жиберди. Шах Мурат кыргыз-кыпчак бийлеринин башчылыгында 14 миң кол менен Ташкентти камады, бирок Букара эмиринин Кожентти басып алышына байланыштуу 53 күндөн кийин Ташкентти камоону токтотуп, Фергана өрөөнүнө кайтып кетүүгө аргасыз болду[2]. Ал Кожентти коргоого кеткенде, Ташкенттен чыккан Кудаяр менен Канат Коконду ээлеп, Коконго келген Шах Муратты замбиректин огу менен тосуп алышты. Тактыны кайрадан ээлеген Кудаяр Шах Муратты колдогон кыргыз, кыпчактарга согуш жарыялап, Орусияга каршы түрүү жөнүндөгү маселени экинчи планга койду. Анын үстүнө Кудаяр тарапка өтүп кеткен, ичкилик кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан белгилүү мамлекеттик ишмер, 1862-жылга чейин Маргалаң вилайетинин акими болуп турган молдо Алымкулдун аракети менен (ал булактарда Алымкул аталык деп берилет) Кыдыр, Ырсалы сыяктуу кыргыз бийлери алгач бийликтен четтетилип, кийинчерээк тындым кылынды[3]. Ал турсун июль айында алдоо жолу менен ордого чакырылган Алымбек датканы Чотон аттуу кыргыздын колу менен өлтүрткөндүгү

---

[1] *Мулла Нияз Мухаммед*.. Тарих-и Шахрухи. История владетелей Ферга-ны. —Казань, 1885.—108-бет.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—267-бет.

[3] *Усенбаев К.У.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства.—Ф.,1961.—43-бет.



Оштогу Алымбек датканын медресеси

маалым[1]. (Феодалдык түркөйлүк өнөкөт жана кыргыз уруулары-нын биримсиздигинин залалы мына ушул мамиледен да таасын көрүнөт. Түштүк гана эмес, Түндүк кыргыздарына да аброю чоң Алымбек менен Алымкулдай эки чыгаан инсандын жана мамлекеттик ишмерлердин бийлик талашуусу анын биринин, Алымбектин өлүмүнө алып келгендиги кандай өкүнүчтүү.)

Бирок Алымкул Кудаяр хандын жаатында узак болгон жок. Ал тез эле кыргыз, кыпчак оппозициясын жетектеп, Кокон ханына каршы күрөшкө чыкты. 1862-жылдын сентябрь айына чейинки кагылыштарда Хал датка, Алибай датка, Жумабай, Мамбет, Мырзабек, Ташбек сыяктуу бийлер баштаган[2] кыргыз, кыпчак уруулары Алымкулдун жетекчилиги астында Кудаяр хандын сарбаздары менен ийгиликтүү кармашып жатты. Алар Наманган, Маргалан,

---

[1] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" ...—123—124-беттер.; Г.А. Колпаковский 1862-жылы 25-июлда Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугуна жиберген билдирүүсүндө: -"айтылуу Алымбек кара-букаралардын колунан өлдү",- деп бекеринен айткан эмес. (Караңыз: *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом...—62-бет.)

[2] *Усенбаев К.У.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского...—43—44-беттер.

Кожент шаарларын убактылуу каратып алышты. Айрыкча мында Алымкулдун таасири жана уюштуруучулук жөндөмү чоң мааниге ээ болду. Көтөрүлүшчүлөр Түндүк кыргыз урууларына Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшүү үчүн үндөө менен кайрылышты. Чакырыктын таасири Чүйгө да жетти. Кокондуктарды мурунтан эле жек көргөн Чүй кыргыздары, айрыкча, Байтик Канай уулунун тобу, сарыбагыштардын бир бөлүгү кокон горнизондоруна ачыктан-ачык каршы чыга баштады.

Бул жерде айта кетчү нерсе, орус баскынчылыгынан кутулууга мүмкүн эмес экендигине көзү жеткен, алысты көрө билген аттуу-баштуу Чүй манаптары үчүн 1862-жыл биротоло орус букаралыгына өтүүнү чечкен жыл болду. Бул кадам эң биринчи, уруу төбөлдөрүнүн өз керт башынын, үй-бүлөсүнүн жана туугандарынын аман калышы жана бийликти жоготпоо кызыкчылыгынан келип чыкканы менен, кыргыз элинин тагдырына оң таасирин тийгизген. Муну белгилеп кетүү абзел. Ошондуктан Байтик, Жангарач сыяктуу манаптар, уулу Кокон ордосунда эки жылдан бери (1860-жылкы Узун-Агач кармашуусунан кийин Канат Шаа менен кошо кеткен Шабдан Кокондо, Ташкентте) жүрсө да, Жантай манап оруска бурулду. 1862-жылдын жазында Шабдан Ташкентте экинчи жолу такка олтуруунун алдында турган Кудаяр ханга жолуккандыгы, Чүй кыргыздарын өз жааматына тартууну көздөгөн Кудаяр ага Түркстан шаарына бек коёмун деген убада бергендиги булактарда маалым[1]. Бирок Шабдан жайында Чүйгө келгенде, "сенин атаң оруска берилип кетти" деген күнөө менен Пишпек чебинин беги Рахматулла, аны жигити Баяке экөөн зынданга салды. Андан эптеп качып чыгышкан Шабдан менен Баяке кырдаалга карата биротоло орус бийлигине баш ийүүнү чечишти.[2]

Г.А. Колпаковский Кокондогу саясий кырдаалдан пайдаланып, 1862-жылы 22-апрелде Кастектен Чүйдү көздөй жүрүшкө чыкты. Жүрүштүн негизги максаты Чүй өрөөнүн басып алуу эмес, Сыр-Дарыя тилкесинен башталган орус жүрүшүнөн Чүйдөгү кокон күчтөрүн алаксытуу болгон. Ошол эле учурда оңтою келсе Токмок, Пишпек, Ак-Суу, Меркеге чейин жыла берүү пландаштырылган. Иш жүзүндө Г.А. Колпаковскийдин согуштук жүрүшүндө Ак-Суу, Шиш-Дөбө жана Мерке чептери алынып, орус отряды кайрадан Пишпекке жөнөдү. Орус аскеринин бул жортуулунда кыргыз бийлери 1860-жылкы жүрүштөгүдөй эле бейтарап абалда

---

[1] *Абдылдабек кызы Жаңыл.* Баатыр.—Аб.—23-апрель.—1992-жыл.
[2] *Аристов Н.* Киргизы и Западный Тянь-Шань...—Гл.XIII.—58-бет.

турушту. Жангарач гана Г.А. Колпаковскийге жолугуп, өзүнүн орус букаралыгына өтүүсүн билдирди.

Орус отряды Меркеден Пишпекке чейинки жерлерди чалгындоо, Кокон гарнизонунун абалын байкоо сыяктуу иштерди жүргүздү. Пишпек чебине келгенде орус отряды 400 кишиден турган Кокон гарнизону менен бир аз аткылашып турду да, 15-майда кайра Верныйга кайтты.

Ошентип, бул жүрүштө Пишпек, Токмок чептери Кокон күчтөрүнүн колунда калды. Бирок жүрүштүн натыйжасында Сибирь тилкесинин аскер күчтөрү Чүй өрөөнүн оңой эле басып алары на Дюгамелдин көзү жетип, ал 1862-жылы күз айларында Пишпекти, ал эми 1863-жылы Олуя-Атаны басып алууну пландаштырды[1].

Бул жылдын жайында Кытай жактагы чек араларда да маанилүү окуялар болуп жатты. Чыгыш Түркстандагы улуттук кыймылдар басылган соң, куугунтукталган калк орус букаралыгына өтө качышат, бирок кытай бийликтери чек араларда көчүп-конуп жүрүшкөн казак, кыргыз урууларынан салык төлөөнү талап кыла баштады. Белгилүү чек ара сызыктары болбогон бул жерлерде кээде Кытайга тиешелүү эмес элементтерге көчүп кирип кетишкен бугуларды кытай бийликтери өз букаралары катары санашып, алардын салык төлөөдөн баш тартышына күч колдонууга, кээ бир бийлерди туткундаганга чейин барышты.

Ошол эле мезгилде Куртка чебинен келишкен кокондук зекетчилер да бугулардан зекет төлөөнү талап кылып жатышты.

Бул маселелер Орусия өкмөтүнүн Өзгөчө комитетинде каралып, Кытай менен мамилени бузбоого, ошол эле учурда бугулардын бейкуттугун сактоого чечим чыгарылды.

Натыйжада көлгө капитан Проценконун отряды жиберилди. Отряд Барскоон капчыгайы, Ак-Сай, Улахол аркылуу Санташка келип, чыңдоо курууга ыңгайлуу жер чалды. Каркыра жана Текеске чейин чалгын жүргүзүлдү. Кокон зекетчилеринин Нарынга кетип калганына жана Кытай тараптан азырынча реалдуу коркунуч жоктугуна карабастан Проценконун отряды кеч күзгө чейин көлдө туруусу чечилип, бирок чыңдоо куруу иши 1863-жылга калтырылды[2].

1862-жылы көлдө кыргыз элинин өз ара келишпестик, бийлик талашуусун тастыктаган дагы бир окуя болду. Ушул жылы орус

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—26-иш.—88-барак.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—197-бет.

букаралыгына караган Ысык-Көл кыргыздарынын чоң манабы, майор Койчубек Шералы уулу дүйнөдөн өткөн эле. Көп өтпөй бугулар эки жаат болуп бийлик талаша баштады. Койчубектин (Качыбектин) туугандары шапак тобу менен чоң манаптыкка талапкер катары Зарыпбек Сасыке уулун көрсөтүшкөн бекмурат тобу бири-бирин орус улуктарына жамандашып, маселени өз жамаатынын пайдасына чечүүгө аракеттенип жатышты. Белгилүү Балбай баатыр Эшкожо уулу Шапакты колдоп чыкты.

Айласы кеткен Г.А. Колпаковский Качыбек Шералинге 1858-жылдан бери жардамчы болуп иштеп келген Сасыке уулу Зарыпбекти бугу элине "чоң манап" же "султан" деп жарыялап, жардамчылыкка Алгазы Шералы уулун көрсөттү[1]. Зарыпбектин коштоочусу Тилекмат, кеңешчиси Муратаалы манап болду. Зарыпбек султан көтөрүлгөндө солто, саяк, сарыбагыш, черик урууларынан өкүлдөр келишип, анын чоң манаптык ордун белгилеген салтанатта 25 казак-орус күзөттө туруп, кызмат өтөгөндүгү булактарда айтылат. Зарыпбек Сасыке уулун А. Хасанов "монархиялык деспотиянын өкүлү" катары баалап, ал бугунун башка манаптарына караганда тоң моюн болгондугун белгилеп кетет[2]. Зарыпбек чоң манаптык кызматта өлгөнгө чейин (1866) туруп, анын кезинде Боромбайдын мезгилиндегидей сарыбагыш уруусу менен араздашуулар аз болду. Мисалы 1862-жылы сарыбагыш-тардан Ормондун кунун талап кылган өкүлдөр келгенде Зарыпбек орус бийликтеринин колдоосуна таянып, кун төлөөдөн баш тарта тургандыгын кесе айткандыгы маалым[3]. Ушул жылдардан баштап бугу—сарыбагыш арасы акырындык менен жылый баштагандыгын байкоого болот. Бирок алардын жарашуусу али алдыда эле.

Кеч күздө Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковскийдин алдында Пишпек чебин Орусия империясынын ээлигине каратуу маселеси коюлду. Буга Чүй кыргыздарынын Кокон хандыгына болгон нааразычылыгы, зекетчилердин салык саясатына каршы аракеттери, ордодо болуп жаткан саясий кризистер ыңгайлуу шарттарды түздү. 1862-жылы жайында зекет төлөөдөн баш тартышкан Чүй кыргыздарынын кокон бийликтерине карата нааразылыгы күчөп, кандуу кагылышууга чейин жетти.

---

[1] *Койчуев А.* Жаалы күчтүү жаатташтык. —КБ.—15-июнь.—1993-жыл.

[2] *Хасанов А.*Экономические и политические связи Киргизии с Россией.—Ф.,960.—74-бет.

[3] *Хасанов А.*Экономические и политические:.. —74-бет.



Байтик баатыр Канай уулу

Бул абалды Байтик Канай уулу пайдаланып, Чүй боорунда жек көрүндү Рахматулланын бийлигинин кыйрашына чечкиндүү роль ойноду[1]. Байтик сарыбагыш манабы Жантайдын колдоосу менен кокондуктарга каршы атайын кошуун чогултту. Жайлоодо өтүүчү тойго Пишпек беги Рахматулланы чакырып, аны өлтүрүү тымызын пландаштырылды. Рахматулла 60 сарбазы менен келгендиктен, аны кармоо оңойго турбады. Кантсе да, качып жөнөгөн бекти Көкүм Чойбек уулу өлтүрө сайгандыгы булактарда маалым[2]. Ошол эле учурда кыргыздар Пишпек чебинин жака белинде отурукташкан 170 түтүн аркыт-сарттарын талкалап, үй-мүлкүн талап-тоноп кетиш-

---

[1] Байтик баатыр жөнүндөгү кийинки изилдөөлөр анын бир топ конкретүү иш-аракеттерин ачып берди. Канайдын үчүнчү аялынан төрөлгөн Байтик, эки ата өткөн тууганы Жангарач бийден айырмаланып, айрыкча, 1860-жылдардын башынан орус таасирине көбүрөөк кирген. Орус баскынчыларынын Пишпек, Токмок, Мерке, Олуя-Ата чептерин талкалоого катышкан "эрдиктери" үчүн ал капитан чинин алып, III даражадагы Станислав ордени, моюнга илчү Анненская лентасына тагылган алтын медаль, баалуу белектер менен сыйланган. 1867-жылы Борбордук Азиядан Александр II нин таажы кийүү аземине чакырылган 17 кишиден турган өкүлдөрдүн катарында алыскы Москва, Петербург шаарларына барып келген. Ал өмүрүнүн акырына чейин "ак падышага ак кызмат" кылып өттү. Ошол эле учурда анын эл үчүн кылган иштери Чүй кыргыздарынын санжыраларында айтылат. Оомалуу-төкмөлүү замандын урпагы Байтик баатырдын тарых-таржымалы дагы да кыргыз тарыхнаамасында актуалдуу изилдөө объектиси катарында кала берери бышык. (Караңыз: *Усөнбаев К.* Анна на шее для батыра из племени солто. СК. —8—9-май. —1992-жыл.—10-бет; *Бактыгулов Ж., Карымшакова Б.* Байтик баатыр. —КМ. —Чын Курандын 26-сы.—1990-жыл; *Газиев А.* Байтик — друг России.—СК.—16-февраль. —1991-жыл.).

[2] *Газиев А.* Байтик — друг России.—СК.—16-февраль.—1991-жыл.

ти. Натыйжада бул 1860—61-жылдары Жети-Суудагы Аркыт тоолору жактан көчүп келишкен Чүйдүн жаңы тургундары орус бийликтерине кыргыздардын зомбулугунан коргоону өтүнүп кат жазышты[1]. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздардын максаты Пишпек чебин талкалоо болучу. Бирок Рахматулланын уулу Мырза-Дөөлөт Пишпек чебинин дарбазасын бекитип, коргонууга үлгүрүп калды. Сепилдин базарында жүргөн кыргыздар барымтада калышты. Байтик, Жантай баштаган кыргыз көтөрүлүшчүлөрү Пишпек чебин камаган менен аны артиллериясыз ала алышмак эмес. Ошондуктан Байтик жардам сурап Г.А. Колпаковскийге иниси Сатылганды жиберди. Бирок буга чейин эле Верныйда Пишпек чебин алуу маселеси чечилип, орус отряды Чүйгө жөнөп калган.

1862-жылы 3-октябрда Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковскийдин жетекчилигинде Верныйдан чыккан отряд 13-октябрда Пишпек чебине жетип, чепти камоо башталды. Кайра тургузулган Пишпекти 600дөй сарбаз коргоп, 15—17-октябрь күндөрү негизинен эки жак тең замбирек менен аткылашып турушту. Кыргыз бийлери Байтик, Жангарач, Корчу, Шабдан, Кудаяр жана башкалар жигиттери менен Пишпекти камоо учурунда орустарга активдүү жардам беришкени булактарда маалым. 10 күн бою аткылоо, дубалдарды бузуу менен коштолгон аракеттердин натыйжасында ок-дарысы түгөнгөн Рахматулланын уулу Мырза-Дөөлөт жана Кокон паңсаты Төрөкул башында турган 554 сарбаз, 82 соодагер, 6 качкын орус, 92 аял жана балдар — баары 756 киши дарбазаны ачып, багынып беришти[2]. Бир аз күндөн кийин Пишпек чеби экинчи жолу талкаланды. Чүйлүктөр кокон бийликтеринин үстөмдүгүнөн кутулушса да, эми залимдиги андан ашып түшкөн орус баскынчыларынын кол алдында калышты.

Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү мындан кийинки таасирдүү кокон чеби Олуя-Ата эле. Пишпек чеби камалып жатканда эле Байтик Г.А. Колпаковскийге Олуя-Атага кечиктирбей чабуул коюуну сунуштаган болучу, бирок падыша төбөлдөрү буга анча маани беришкен эмес. Аңгыча таластык саруу, багыш, кытай урууларынын башчысы Сарымсак бий башында турган кыргыздар 2000 сарбаз коргогон Олуя-Ата чебин камап, бирок ала алышпай солто, сарыбагыштардан жардам суроого мажбур болушту.

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—268-бет.

[2] Донесение подполковника Колпаковского от 3,16,26 октября 1862 года. —Русский Туркестан. Сборник.—Вып.III.—СПб.,1872.—43—49-беттер.

1862-жылы октябрь айында Пишпек чебин алуу менен чектелген орус отряды Верныйга кайтты, бирок басып алуу ишинин аяктабагандыгына байланыштуу Чүйдө олку-солку абал орноду. Кудаяр хан Чүйгө кошуун жибере албаса да, солто, сарыбагыштардын, айрыкча кокондуктарга каршы ачык күрөшкө чыгышкан Байтикке караштуу кыргыздардын тагдыры коркунучта калды. Бул жагдайды эсепке алган Г.А. Колпаковский 1863-жылдын жаз алды менен Чүйгө кайрадан күчтүү отряд жиберүүнү чечти.

1863-жылы 4-майда Г.А. Колпаковский баштаган отряд Кастек чебинен чыгып, Чөмүч кечүүсүндө Чүйгө мурун жиберилген Бутаковдун отряды менен бирикти да, Пишпекке келип, аны биротоло талкалоону аяктады. Бул жерде подполковник Лерхе баштаган тез көчмө отряд түзүлдү. Колпаковскийдин жана Лерхенин отряддары Чүй бойлоп Олуя-Атага карай жыла берди. Кокон күчтөрү активдүү каршылык көрсөтө алышпады. Орус отрядынын жүрүшүнө кыргыз кошуундары, айрыкча Байтик баштаган 200 жигиттен турган кошуун чоң көмөк көрсөттү. Мерке чебин алганда качкан сарбаздарды куугунтуктаган Байтиктин жигиттеринин колунан Меркенин сепил башчысы Пардабек шейит болду[1].

Чүй боорундагы кокон чептери орус аскерине багынгандан кийин эми согуштук аракеттер Казахстандын түштүк чөлкөмдөрүнө өттү. Г.А. Колпаковский чалгын-жүрүш жүргүзүү максаты менен ал жакка подполковник Лерхе баштаган тез көчмө отрядды гана жиберди. Лерхенин отряды 22-май күнү Олуя-Атадан 5 чакырым алыстыктагы Талас суусунун боюнда өргүү алды. Олуя-Атаны 7 замбиреги бар 700 сарбаз коргоп турган. Лерхе чепке чабуул коюудан мурун анын тегерегин чалгындап жаткан кезде, Г.А. Колпаковскийдин буйругу менен отряд кайра чакыртылып алынды. Анткени Кытай чек арасында кагылышуулар болуп жатат деген кабар келип, Верныйда күчтөрдүн аздыгынан кооптонгон Г.А. Колпаковский отряддын кайтышын зарыл деп тапкан.

1863-жылы болуп өткөн Чүй экспедициясы менен катар, Кашкар багытында да генералдык штабдын капитаны Проценконун башчылыгында чалгын иштери жүргүзүлдү. Борбордук Тянь-Шанда ошол мезгилде Кокон хандыгына караштуу Жумгал, Куртка, Ат-Башы, Тогуз-Торо сыяктуу сепилдер болуп, сарыбагыштар Ысык-Көлдөн Чүйгө, Суусамырдан Нарынга чейинки чөлкөмдөрдө, саяктар Нарын дарыясынын эки жээгинде, Кетмен-Төбөдө, Көк-Артта, Тогуз-Тородо, чериктер Ат-Башыда, Ак-Сайда,

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—205-бет.

тынымсейиттер жогорку Нарында, чоңбагыштар Кытай чек арасында жайгашышкан эле. Проценконун экспедициясынын негизги максаты бул чөлкөмдөрдү чалгындоо жана топографиялык картага алуу, жергиликтүү элди кокон таасиринен алыстатуу, эгер мүмкүн болсо кокон чептерин багындыруу, орус—кытай транзит соодасына ачык кербен жол түзүү болгон.

Отряд 1963-жылы май-айында Кастектен чыгып тез эле Жумгалга жетти. Сарыбагыш, саяк урууларынын бейтараптыгы, ал турсун алардын бийлеринин орустарды кол куушуруп тосуп алышы, Жумгал чебин багындыруугa чоң жардамын тийгизди. Куртка чебинин сарбаздары орус отрядынын келе жаткандыгын угуп качып кетишкендиктен чеп оңой эле ээленип, талкаланды[1]. Муну талкалоого кыргыз уруулары да катышкан. Орус отрядынын ийгиликтери Тянь-Шань кыргыздарына катуу таасир берди. Эми көптөгөн кыргыздар жек көрүндү болуп калган кокон бийлигине ачык эле чыга баштады. Анын үстүнө 1861-жылы бул чөлкөмдө болуп, бир катар саясий аракеттерди жасап кеткен Алымбек датканын, 1862-жылкы Түндүк кыргыздарынын хандыкка каршы көзголоңдорунун таасири бар эле. Тогуз-Торо өрөө-нүндөгү саяктар ал жердеги чепти өздөрүнчө камашып, июль айында талкалап салышты. Ат-Башы чеби да ошондой болду[2].

Бирок кокондук эзүүдөн кутулгандыгы менен андан да күчтүүрөөк орус колониализминин кучагында калаарын түпөйүл түшүнгөн кээ бир кыргыз бийлери да болгондугун окуялар кабарлайт. Проценконун тылындагы сарыбагыш, саяк урууларынын кай бирлери орус аскерлеринин Нарынга келишине байланыштуу толкундоо чыгарышып, ал түгүл Үмөтаалы Ормон уулу, Осмон Тайлак уулу жигиттери менен Балыкчыдан Нарынга келе жаткан подпоручик Зубаревдин отрядына кол салышты.

Орус чалгынчысы жана саякатчысы, окумуштуу Н. Северцов Үмөтаалы колдогон бул толкундоону анын бир эле учурда Коконго да, орус бийлигине да каршы болуп, жетекчи манаптардын өз эзликтеринин кеңейишин көздөгөн кызыкчылыктарына байланыштырат. Северцовдун пикири боюнча Үмөтаалы Проценко менен кокон аскерлеринин кармашуусунун жыйынтыгын күткөн. Качан гана орус отряды чечкиндүү ийгиликтерге жетише башта-

---

[1] *Талызин А.* Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855—1868).— Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г.—Т.II. —Верный,1898.—36-бет.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—210—211-беттер.

ганда, аны жок кылууну көздөдү, бирок мындан катаал сабак алды,— деп жазат Н. Северцов[1].

Кантсе да Проценконун бул экспедициясы өз максатына жетти. Нарын кыргыздары биротоло орус багытына өттү. Кокон таасири Нарында жоголду, Кашкарга соода жолу ачылды. Эми Кытай чек арасына такай жайгашкан черик урууларынын алдында орус букаралыгын кабыл алуу маселеси турду. 5000 түтүн черик уруусунун атынан анын бийлери Турдумамат Тоймат уулу жана Карымшак Саза уулу 1862-жылы Г.А. Колпаковскийге өтүнүч менен кайрылышты[2]. Ушундай эле маанидеги кат июль айында дагы кайталанды. Орус бийликтери чериктерди орус букаралыгына өткөрүүнүн стратегиялык мааниси бар экендигин эске алышты. Тышкы иштер министри А.М. Горчаковдун, Дюгамелдин рапорторуна негизденип, Александр II чериктердин орус букаралыгына өтүү маселелесин 1863-жылдын 22-апрелинде чечти. Ошол эле жылы 13-октябрь күнү Омбу шаарында чериктердин атынан Омуке, Каташбек, Ажыбай манаптар орус букаралыгын кабыл алуу жөнүндө ант беришти. Чериктердин артынан Нарын чөлкөмүндө көчүп-конуп жүрүшкөн саяктар, бугулардын тынымсейит уруусу орус букаралыгын алууга аргасыз болушту[3].

Орус империясынын Нарын чөлкөмүн каратышы менен арка кыргыздарынын басымдуу бөлүгү орус бийлигин таанып калды. Бирок бул жагдайдан Кыргызстандын түндүгүндө орус бийлиги биротоло бекемделди деген жыйынтык чыгарууга мүмкүн эмес. Себеби, жаңы ээленген жерлерде бир да орус чыңдоосу же туруктуу аскер бөлүгү жок болучу. Каратылган жерлерде али административдик түзүлүш орнотула элек эле, падыша үстөмдүгүн билгизүүчү белги — алык-салык алына башталбаган, башкача айтканда, орус колониялык системасынын зарыл элементтери иш жүзүнө ашырыла элек болучу. Кыргыз урууларынын орус букаралыгына моюн сунган оозеки жана кай бир жазуу жүзүндөгү тил каттары менен коштолгон Орусиянын формалдуу үстөмдүгү гана болбосо, чынында, 1855—63-жылдары Ысык-Көлдө, Чүйдө, Нарында орус бийлиги иш жүзүндө орногон эмес, шарттуу гана болгон деген жыйынтык чындыкка жакын келет.

---

[1] *Северцов Н.* Путешествие по Туркестанскому краю и исследование горной страны Тянь-Шаня.— СПб.,1879.—211—212-беттер.

[2] ОТСА.—1—7 Баш архив фонду.—1844—1863.—1-иш.—5—6-баракчар.

[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—218—219-беттер.

Жогоруда айтылгандардан улам, 1863-жыл Түндүк кыргыздарынын Орусия империясынын курамына өтүшүнүн орчундуу мезгили болуп эсептелсе да, 60—80-жылдардагы кыргыз тарыхнаамасында үстөмдүк кылып келген "1863-жыл — кыргыз элинин Орусияга ыктыярдуу киришинин жылы болгон" деген жыйынтык тарыхый фактылар менен дал келе бербешин белгилемекчибиз. "Ыктыярдуулук" маселеси 90-жылдардын башында эле бир топ тарыхчылар тарабынан четке кагылгандыгы маалым. Ал эми, 1863-жылдын тарыхый маанисине токтолсок, бул мезгил орчундуу саясий окуялардын жылы болгону менен бүткүл кыргыз элинин орус колониализминин курамына каратылыш жылы боло албайт.

Биринчиден, Орусиянын кыргыз элин басып алуусу кеминде 20 жылга созулган узак жараян.

Экинчиден, орус букаралыгына өтүү иши юридикалык (де юре) таризде 1855-жылы башталып, анын толук ишке ашышы (де факто) 1863-жыл болгон эмес. Жогоруда 1863-жылга чейин Орусия букаралыгын тааныган жерлерде деле али реалдуу колониялык системанын орнотула электигин белгилеп өттүк.

Үчүнчүдөн, 1863-жылга чейин кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү Орусияга каратыла элек болучу. Нарын, Талас, Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрүндөгү бир катар кыргыздар, Фергана өрөөнүндөгү, Каратегин, Мургаб чөлкөмдөрүндөгү кыргыздар дээрлик орус бийлигин тааный элек эле. Ошондуктан 1863-жыл а жогоркудай маани берүү — тигил же бул максатты көздөгөн саясий күчтөрдүн антилогикалык жана антитарыхтык жылаңач тыянагы болуп калаарын дагы бир жолу белгилей кетүү абзел.

Үчүнчү бап

ОРУСИЯ ҮСТӨМДҮГҮНҮН КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮГҮНДӨ БИРОТОЛО ОРНОШУ (1864—68)

3.1. Түркстандагы Орусия баскынчылыгынын активдештирилиши

1863 - жылга чейин мезгил-мезгили менен гана жүрүш жасап, улам келе берген кокон зекетчилерин куып чыгуу менен алектенүү, уруу чатактарын басуу, барымта жаңжалдарын жөнгө салуу, кыргыздардын арасында кокон таасирин жоготууга умтулуу сыяктуу аракеттер, албетте, Орусиянын Кыргызстандын түндүгүндөгү үстөмдүгүн бекемдеген эмес. Орус бийлигинин 1863-жылы Нарын чөлкөмүндө орношу менен Түндүк кыргыздарынын орус букаралыгын формалдуу тааныу мезгили аяктап, эми бийликти биротоло кармап калуу жана иш жүзүндө орус колониялык бийлигин кыргыз жергесинде жана жалпы эле Түркстанда орнотуу маселеси көтөрүлө баштады. Бул максатты ишке ашыруунун эң биринчи шарты ал жерлерге аскердик күчтөрдү жайгаштыруу эле. Бул иш 1864-жылы гана чечиле турган болду. Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковский 1863-жылы күзүндө Дюгамелден, эч болбосо Ысык-Көлдө чыңдоо куруп, анда туруктуу аскер кармоого, кур дегенде 1863—64-жылга карата бир отрядды кыштатууга уруксат берүүнү суранды. Өтүнүч канааттандырылып, Сибирь корпусунун командиринин 1863-жылдын 6-августундагы Ала-Тоо округуна жазган жооп катында көл кылаасына кыштатууга туруктуу отряд бөлүндү, чоң манап Зарыпбек Сасыке уулу отрядга кышкы жем-чөп даярдап берүүнү мойнуна алды[1]. Ошону менен бирге 1864-жылы жазда Жууку өзөнүндө чыңдоо кура баштоо да чечилди[2]. Ысык-Көлдөгү эң алгачкы орус чыңдоосу Ак-Суу ошентип 1864-жылы гана курулган[3].

1855-жылдан бери кайта-кайта бугу манаптары сарыбагыштардан жана кокондук зекетчилерден коргонуу үчүн суранган

[1] *Хасанов А.* Экономические и политические...—75-бет.
[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—221-бет.
[3] *Хасанов А.Х.* Из истории Киргизии...—40-бет.

туруктуу отряд жана чыңдоо куруу өтүнүчү 9 жылдан кийин гана ишке ашыа турган болду. Бул колониализмдин кыргыз жергесине даана иш жүзүндө орношунун башталышы болучу.

1863-жылдын акырында Петербургда Өзгөчө комитет Сибирь-Оренбург тилкелерин (бул тилкелер кээде "Зайли", "Сыр-Дарыя" тилкелери деп да аталат) кошуу маселесин кайрадан көтөрдү.

1861—63-жылдарда Орус колонизаторлорунун Борбордук Азияны басып алуу саясатында көп эле иштер болгондугуна карабастан орус—кытай чек араларында кытай солондору менен сиболорунун (солондор менен сиболор — кытай чек арачылары жана алардын башчылары) ал жерлерде көчүп жүргөн казак, кыргыз уруруларына карата мыйзамсыз түрдөгү экспанциялык мамилелеринен улам келип чыккан араздашуулар жогоруда айтылган эки тилкени кошуу маселесин экинчи орунга сүрүп койгон эле. Анын үстүнө генерал Дюгамелдин "ашкере сабырдуулук" позициясы да ишти бир топ кечеңдеткен болучу. Бирок, Сыр-Дарыядагы активдүүлүк, айрыкча, Сыр-Дарыя тилкесинин жаңы башчысы полковник М.Г. Черняевдин 1863-жылдын жаз, жай айларындагы Сузак, Чолок-Коргон чептерин каратуудагы чечкиндүү жүрүштөрү жогорку маселенин кайрадан көтөрүлүшүнө алып келди.

Бул учурда Кокондо саясий окуялар кайрадан чиеленише баштады. 1863-жылдын жазынан Кудаяр ханга каршы багытталган кыргыздардын, кыпчактардын аракеттери ийгиликтүү жүрүп жатты. Кудаярдын аскери талкаланып, ал турсун Маргалаңдын жанында Бухара эмири Музаффардын Ак-Мечит сепилинин мурдагы коменданты Жакыпбектин аскер башчылыгында жиберген атайын кошууну да тыптыйпыл болду. 1863-жылы март айында Музаффар өзү 12 миң кол менен Коконго басып кирди. Жакшы куралданган бухаралыктар кыргыз, кыпчак кошуундарын чегиндирип, Ошко чейин жетти. Жүрүш мезгилинде ал тоолук кыргыздардын согуштук күчүн байкап, аларды Кокон бийлигин колдоого тартуу үчүн, ошол мезгилде Алымбек датка сыяктуу аброю чоң, күйөөсүнүн өлүмүнө карабай, Алай чөлкөмүн былк дедирбей кармап турган Курманжанга жолукмай болду. Музаффарды жана аны менен кошо жүргөн Кудаярды Мадыда Курманжан өгөй уулу Жаркынбай менен бирге тосуп алды. 1862-жылы өлгөн Алымбектин датка наамын кийинки мурасчыларына берүү маселесинде алгач даткалыкты Жаркынбайга сунуш кылышты. Бирок Жаркынбай энесинин аброюн сыйлап, андай наамдын Курманжанга гана берилишин ылайык көрдү. Жаркынбайдын бул чечимин Алымбектин туугандары Осмон, Өмүрбек, Акимбайлар колдошту

да, Курманжанга расмий түрдө "датка" деген наам ыйгарылды. Ал эми Жаркынбай болсо Анжиянга аким дайындалды[1].

Бул окуялардан кийин кыргыздар жана кыпчактар тоо таянып чегинип кетишти, бирок чет жакаларда, айрыкча, Чымкент, Олуя-Атада үстөмдүктү ээлеп алышты. 1863-жылы июнь айында Алымкул жетектеген кыргыз—кыпчактар Коконду камоого алды да, Шахрисябзда башталган көтөрүлүшкө байланыштуу Кокондон чыгып кеткен Музаффардын жоктугунан пайдаланып, ордону ээледи. Кудаяр хан экинчи жолу качты. Бийлик кыргыз—кыпчактарга тийип, 1863-жылы 9 июль күнү Малабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка олтургузулду. Кыргыз—кыпчактардын жамаатындагы эң таасирдүү мамлекеттик ишмер жана таланттуу кол башчы, кыргыздын чыгаан уулу, ошол кезде 34 жашка жаңы толгон Алымкул[2] (ал көбүнчө Алымкул молдо деген ат менен булактарда белгилүү) Султан Сейитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алды[3].

Кокондун жаңы өкмөтү чечкиндүүлүк менен орус чек арларындагы чептерди калыбына келтирүү жана бекемдөө ишин баштады. Натыйжада, Сузак, Чолок-Коргон сепилдери кайрадан кокондуктардын колуна өттү. Ташкент, Сузак, Түркстан, Чолок-Коргон чептериндеги аскерлер күчтөндүрүлдү, сепилдер чыңдалды. Бирок Кокон ордосундагы токтобогон ички ыйкы-тыйкылар, Бухара менен араздашуу анын согуштук күчүн солгундатып тургандыктан, басып келе жаткан орус колонизаторлоруна каршы активдүү жүрүш уюштурушу мүмкүн эмес эле.

Учурдагы кырдаалда 1863-жылы жайында М.Г. Черняевдин согуштук жүрүштөрү көрсөткөндөй Сыр-Дарыя менен Сибирь тилкелерин кошуу көп каршылыксыз эле ишке ашары белгилүү болуп калган эле. Анын үстүнө М.Г. Черняевдин чалгын экспедициясы Жөлөктөн Сузакка, Чолок-Коргонго, андан Олуя-Ата жана Кара-Тоого карай кеткен ыңгайлуу маршрут менен Ташкент жана Чымкентти албастан, эки тилкени кошууга болорун көргөзгөн. Ошондуктан согуш министри Д.А. Милютин менен тышкы иштер

---

[1] *Ювачев И.* Курбан-Джан-Датха...—172—186-беттер; *Кененсариев Т.* Курманжан датка. // "Курманжан датка" деген китепте.—Ош,1991.—9-бет.

[2] Ошол мезгилде Маргаланда бектик кылган Мырзакматтын сөзү боюнча 1863-жылы Алымкул 34 жашта, ал эми Султан Сейит 23 жашта болгон. Караңыз: *Веселовский Н.* Бадаулет Якуб-Бек. Аталык Кашкарский.—СПб.,1898.—90-бет.

[3] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи"...—126-бет.; *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения...—44-бет.

министри А.М. Горчаков макулдашып, 1864-жылдан калбай аталган эки тилкени кошуу зарылдыгын чечишти. Бул чечим 1863-жылы 1-августта Александр II тарабынан жактырылып, 12-августта Дюгамель менен Безакка тийешелүү буйруктар жиберилди[1]. Тилкелерди бириктирүүнүн саясий-стратегиялык жана экономикалык маанисин, аны аткаруунун конкреттүү иш-чараларын Сыр-Дарыя тилкесинин аскер башчылары полковниктер Н.А. Верёвкин менен М.Г. Черняев өз билдирүүлөрүндө көрсөтүшкөн. Алардын ою боюнча 800 чакырым болгон бул тилкеде жашаган 250 миң түтүн элден 300 миң күмүш рубль алман алууга мүмкүн болмок, Кокон менен Бухара Орусияга көз каранды мамилеге өтмөк. Борбордук Азиянын тереңине кирүүгө ыңгайлуу өңүт түзүлмөк. Соода жол түйүндөрү колго алынмак[2].

1863-жылдын акырында генерал-адъютант Безак Сыр-Дарыя жана Сибирь тилкелерин кошуунун иш-планын согуш министрине тапшырды. Императордун колдоосуна ээ болгон планда 1864-жылдын жаз айларында Сибирь жана Оренбург тилкелерин бириктирүүнү баштоо, Сузакты — Оренбург, Олуя-Атаны — Сибирь корпустары ээлеп, чек ара Олуя-Ата, Арыс, Чымкент аркылуу Түркстанга чейин чыгуусу тийиш экендиги көрсөтүлгөн.

Орус бийликтери тарабынан Сибирь-Оренбург тилкелерин кошуу менен бирге эле, жаңы ээликтерге оторчуларды жайгаштыруу жагы да пландаштырылган. Мисалы, Г.А. Колпаковскийдин билдирүүлөрүндө Пишпек, Токмок, Олуя-Ата, Меркелерге 200дөй үй-бүлөнү орноштурууну сунуш кылган пикирлер бар эле[3].

1863-жылдын жайындагы Кокон төңкөрүшүнөн кийин пайда болгон Алымкул аталыктын өкмөтү жылдын экинчи жарымында орус жүрүшүн тосуу үчүн катуу даярдыкка өткөндүгү жогор жакта айтылды. Мындай даярдыктар Чүйгө да таасирин тийгизип жатты. Ташкент беги Нармамбет кыпчак чептерди бекемдөөгө буйрук берип, ноябрь айында Мерке чеби кайрадан Кокондун колуна өттү. Нармамбет кыргыз тууганларына, Чүй манаптарына үндөө менен кайрылды, зекетчилерди жиберди. Бул чакырыктарга Жангарачка караштуу кээ бир солто уруктары, Үмөтаалынын айлы гана оң жооп берип, зекет төлөөгө макул болушту. А түгүл Жангарач бийдин уулу Чолпонбай Ташкент беги Нармамбетке

---

[1] ӨОРАБМА.—1575-ф.ВУА—7-иш.—99-барак.
[2] ӨОРАБМА.—1575-ф.ВУА—8-иш.—149-барак
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—27-иш.—32-барак.

барып, андан баалуу сыйлыктар менен кошо өзүнө солто уруусуна чоң манаптык жардык алып келгени маалым[1].

Калган чүйлүктөр өзүлөрүн орус букаралары деп эсептешип, зекет төлөөдөн баш тартышты. Жантай Карабек уулу Алымкул аталыктан, Султан Сейиттин атынан Түндүк кыргыз уруу башчыларына келген орустарга каршы биригүүгө чакырган каттарды Г.А. Колпаковскийге өткөрүп берди. Мындай каттар Байтикке, Байгазыга да арналган эле. 1864-жылдын башында Нармамбет датка Олуя-Атага келди. Ал бул жерде кыргыз, казак бийлери менен кеңешме өткөрдү. Кеңешмеге Жангарач, Маймыл, Тынаалы бийлер катышып, кокон амирлигине али деле ыкраар кылып турушканын ырасташты[2].

1864-жылдын жаз айларында кыргыз—казак барымтасы кайрадан күчөп кеткендиктен, Г.А. Колпаковский Бутаковдун отрядын Чүйгө жиберди. Жүрүштүн максаты Кокон таасирине кайра өтүп жаткан кыргыз урууларынын көрүнүктүү өкүлдөрүн туткундап Верныйга жиберүү, казак урууларын барымтадан коргоо болучу. Бутаковдун отряды өз миссиясын орундатты. Кыргыз манаптары Байтик, Корчу, Макеш, Шаңдык, Өзүбек Бошкой уулу, Меңди, Мырзалы жана башкалар туткундалып Верныйга жөнөтүлдү. Кокон хандыгындагы саясий абал, анын чек аралларындагы согуштук күчтөр жөнүндө маанилүү маалыматтар алынды[3].

Кытай чек арасындагы салыштырмалуу тынчтык, Кокон хандыгындагы ички саясий олку-солкулук, Чүй, Талас кыргыздарынын, Сыр-Дарыя казактарынын оруска жүз бурушу Олуя-Атага жүрүштү баштоого түрткү болду. 1864-жылдын башында Г.А. Колпаковский Кастек чебинен Чүйгө чейин араба жол салууга буйрук берип, М.Г. Черняевдин жүрүшүн күтүп жатты. Падышачылыктын белгилүү колонизаторлорунун бири, учурда полковник, кийин генерал болгон М.Г. Черняев 1862—63-жылдары Сыр-Дарыя тилкесинде иштеп, 1864-жылы Сибирь тилкесинин "Зачуйский" отрядына аскер башчы болуп дайындалган эле.

Ошентип, 1864-жыл, Орусиянын Борбордук Азияны басып алуу процессиндеги согуштук жүрүштү жандандырган активдүү мезгилдин башталышы болду. Керектүү даярдыктардан кийин май айында Сыр-Дарыя тилкесинин аскер башчысы полковник

---

[1] *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом...—53-бет.
[2] КазБМА).—3-фонд.—652-иш.— 1—3-барак.
[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—2-бөлүк.— 6788-док.

Н.А. Верёвкиндин отряды Түркстан шаарына, ал эми "Зачуйский" отрядынын аскер башчысы М.Г. Черняев Чүйгө чабуул коюшту.

Полковник М.Г. Черняев баштаган отряддын 8 замбиректүү бир бөлүгү Чүй суусунун сол жээгине өтүп, Токмок чебинин урандыларынын жанына токтоду. М.Г. Черняев алгач бүт кыргыз бийлерине чакырык жиберди. Анда орус армиясы кыргыз жерине "түбөлүк бейкуттук орнотууга келгендигин, эми бул жерлерде биротоло калып калышарын" билдирген[1]. М.Г. Черняевге Жантай, Кудаяр, Төрөгелдилер келишип, жүрүшкө катышууну сураныштьı, чыңдоо курууга акысыз жыгач даярдап берүүгө убада беришти.

Май айынын ортосунда Токмок чебинин урандыларынын жанында М.Г. Черняев "биринчи баскычтагы" деп аталган жаңы чыңдоо курууну баштады. Чыңдоонун башкы милдети Верный менен Олуя-Атанын аралыгындагы байланышты камсыз кылуу болучу. Натыйжада, Кастек чебиндеги гарнизонду которуу маселеси да чечилген. Чыңдоо менен кошо биринчи орус турагы Токмок уюштурулушу керек эле. 16-майда М.Г. Черняев Токмоктон чыгып, эч каршылыксыз 24-майда Мерке сепилине жетти. Кокон сарбаздары орус отряды келе жатканда эле Олуя-Атага кире качып кеткен эле. Меркеде М.Г. Черняев "экинчи баскычтагы" деп аталган дагы бир чыңдоо тургузду.

М.Г. Черняев Чүй боорунда жүргөн кезинде, анын отрядындагы окумуштуу Н. Северцов капитан Красовскийдин чакан отряды менен Кыргыз Ала-Тоосун (ал 1860-жылы Александр кырка тоосу деп аталып калгандыгы белгилүү) илимий изилдөө жана чалгындоо иштерин жүргүздү. Чүй кыргыздары орус отрядынын жүрүшүнө тоскоолдук кылышпаса да, орус бийлигине толук баш ийбегендиги байкалды. Жангарач менен Бошкойдун кээ бир айылдары Таласка көчүп кетишкендиги жана алардын орус букаралыгына өтүүдөн баш тарткандыгы маалым болду. Бирок, чүйлүк кыргыздарынын басымдуу көпчүлүгү падыша бийлигин таануга аргасыз эле. М.Г. Черняевге Байтик менен Корчу жолугуп, Олуя-Атага жүрүшкө кошулууну сураныштьı.

Майдын ортосунда Жангарач өлүп, анын балдары, тууганы Чоюбек манап, Өзүбек Бошкой уулу Таластан туруп, орус букаралыгына өткөндүгүн билдирген кат жазып, М.Г. Черняевге кызмат өтөө үчүн өздөрүнүн жигиттеринен түзүлгөн чакан отряд жиберишти[2].

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—27-иш.—95-барак.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—243—244-беттер.

Меркеде М.Г. Черняевдин демилгеси менен кыргыз, казак бийлеринин соту болуп, эки элдин ортосундагы барымта жаңжалынын аласа-бересеси чечилмей болду. Күзгө чейин эки тараптуу төлөөлөр ишке ашырылсын деген бүтүм чыкты. Бул маанилүү маселенин оң чечилишине штабс-ротмистр Ч. Валихановдун чоң роль ойногондугун булактар ырастайт[1].

М.Г. Черняев июндун башында Олуя-Атага жакындап келди да, өргүү алды. Олуя-Ата сепил гана эмес, соода шаарчасы да болучу. Ал 1820-жылы Мадалы хандын буйругу менен ордодогу бийлик ээси Адынбек тарабынан курулуп, 1864-жылы анда 517-соода күркөсү бар үй, 66 күркөсү жок үй, 3 мечит, 1 чоюн эритүүчү ишкана, 8 темир устакана, 1 кербен-сарай, 1 мектеп болгон. Ал эми сепилдин сыртында 250 үйлүү кыштак жайгашып, анда 5 мечит, 22 соода түйүнү, 15 тери иштетүүчү ишкана, 3 кербен-сарай жана башкалар жайгашкан[2].

М.Г. Черняевдин колу 3-июнда шаарчадан 7 чакырым аралыкта бир аз токтоп, 4-июнь күнү Олуя-Ата чебин камоого буйрук берилди. Чеп тез эле багынып, Орусиянын колуна өткөн Олуя-Атага полковник Багацевич комендант болуп дайындалды.

Бул окуядан кийин 13-июнда Сыр-Дарыя тилкесинен чыккан полковник Верёвкиндин отряды Түркстан шаар-сепилин алды. Ошентип, Арал деңизинен Ысык-Көл ойдуңуна чейин өзүнчө бир чептердин тизмеги пайда болуп, мунун өзү Сибирь жана Оренбург тилкелеринин кошулушу деп эсептелинген.

М.Г. Черняев Олуя-Атаны алуу мезгилинде Наманганга өтүүчү жолду чалгындап, мүмкүн болсо тоолуктарды орус бийлигине каратуу үчүн полковник Лерхе баштаган чакан аскерди Кара-Буурадан ашырып, Чаткал өрөөнүнө жиберген. 19-июнда Олуя-Атадан чыккан отрядга Кара-Буурадан илимий чалгындоо максаты менен окумуштуу Северцовдун отряды кошулмакчы болгон. Бир топ кыйынчылыктар менен Чаткалга өткөн Лерхенин отряды ал жерде 23-июндан 1-июлга чейин турду[3]. Баскынчылар сарбаздары качып кеткен Чыназ сепилин ээлеп, аны жарым-жартылай бузуп таштады. Чаткал өрөөнүндө саруу, багыш, кытай, кушчу урууларынын бийлеринин бир тобу: Кыдыраалы, Эгемберди, Сатымен букаралыкка моюн сунушуп, Олуя-Атага жиберилди.

---

[1] ӨБМТА.—715—ф.—1-оп.—27-иш.—149-барак.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—246-бет.

[3] *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана и наступательное движение в него русских.—СПб.,1899.—222-бет.

Чаткалдык кыргыз уруу башчыларынын баары эле жогорку бийлердин чечимин колдободу. Көрүнүктүү бийлердин бири — Сарымсак 200 жигити менен орус баскынчылыгына каршылык көрсөтүш үчүн Кокон хандыгынын аскерине кошулуп "газават" үгүтүн жүргүзө баштады[1]. Бирок кийинчерээк Сарымсак бий дагы орус букаралыгына өтүү жөнүндө М.Г. Черняевге кат жибергендиги булактарда айтылат[2].

Академиялык окуу китептеринде жазылган "чаткал кыргыздары 1864-жылы эле орус букаралыгына өткөн" деген жыйынтык негизсиз, себеби бул өрөөндө ал жылдары орус чыңдоосу курулбаган, жаңы администрациялык бөлүштүрүүлөр жүргүзүл-гөн эмес. Орус букаралыгын кабыл алуу маселеси ооз жүзүндө гана болгон. Лерхенин экспедициясы чаткалдыктардын орус амирлигине бейтараптык мамилесин аныктап, Чаткал өрөөнүн жана Наманган вилайетине өтүүчү жолду чалгындап гана келди. 1864-жылы июнь айынын акырында Алымкул аталык чоң аскер топтоп, Ташкенттен Чымкентке жүрөт экен деген кабар келгенде, М.Г. Черняев Лерхени Олуя-Атага чакырттырып алды[3].

Олуя-Ата чеби алынгандан кийин жаңы ээликтерди административдик башкарууну уюштуруу маселеси келип чыкты. Мындай иш-чарасыз бул жерлерде орус бийлигин бекемдөө ишке ашмак эмес. Арал деңизинен көлгө чейинки № 1 Перовский форту, Түркстан, Олуя-Ата, Пишпек, Верный чептерин жана алардын арасындагы чакан чыңдоолорду: Форт — 2, Жөлөк, Мерке, Токмок, Илийскоелерди (Токмок чыңдоосун тургузгандан кийин Кастек чеби өз маанисин жоготуп койгон эле) административдик башкаруу боюнча полковник Полтарацкий 1864-жылы 9-июлда атайын долбоор иштеп чыкты. Анда: 1). Сыр-Дарыя жоюлуп, № 1—2-форттору башкарууну Арал флотилиясынын аскер башчысына өткөрүү; 2). Верный сепилин шаар атап, аңы мурункудай эле Ала-Тоо округунун борбору деп саноо; 3). Перовский, Жөлөк, Түркстан, Чымкент, Олуя-Ата, Мерке, Токмок чыңдоолорунун тизиминин негизинде "Жаңы-Кокон тилкесин" түзүү жана анын борборун Олуя-Ата же Чымкент деп белгилөө; 4). Жаңы тилкенин Оренбургдан жана Омскиден алыс жайгашкандыгына байланыштуу анын болочоктогу башчысына кеңири укуктарды жана өз

---

[1] Донесение подполковника Лерхе от 1 июля 1864 года.-Русский Туркес-тан. Сборник..—Вып.III.—56—60-беттер.

[2] ОБМСТА.—ВУА фонду.—2-бөлүк.— 6769-док.

[3] Донесение подполковника Лерхе от 1 июля 1864 года...—61-бет.

алдынчалыктарды берүү маселелери каралган. Долбоор согуш министрине жагып, Александр II тарабынан 1864-жылы 18-июль күнү бекитилди. "Жаңы-Кокон тилкесинин" башчысы болуп мындан бир аз мурун генерал чинин алган М.Г. Черняев дайындалды[1].

Олуя-Ата, Түркстан сыяктуу чептердин Орусияга каратылышы Кокон ханлыгы үчүн оор жоготуу болгон. Кожо-Акмат Яссеви мавзолейине окшогон ыйык мазарлардын "капырлардын" колунда калышы диний чөйрөлөргө чоң бүлүк түшүрдү. Алымкул аталык тезинен Чымкентти чыңдай баштады. Ал Чымкентке келип М.Г. Черняев менен тынчтык келишимин түзүүгө сүйлөшүүлөрдү жүргүздү, бирок бул аракет натыйжа бербеди[2].

Мындай кырдаалда демилгени колдон чыгарбоону максат кылган генерал М.Г. Черняев Чымкент шаарын басып алууну көздөйт. 1864-жылы сентябрдын башында Чымкенттин батышынан жана чыгышынан курчоого алган орус солдаттары, шаарды 22-сентябрда багынтты. 10 миң сарбаз коргогон Чымкент чебинин алынышынын стратегиялык чоң мааниси бар эле.

М.Г. Черняев убакытты созбостон эми Ташкент шаарынын тегерегин чалгындоону, шарты келсе аны багындырууну да ойлоно баштады. 1864-жылы 27-сентябрда Чымкенттен чыгып, 2-октябрда Ташкенттин түштүк тарабынан чабуул койду, бирок мизи кайтарылды. 100 миң калкы, ири гарнизону бар шаарды камаганы менен аны ала албасына көзү жеткен генерал Черняев 24-октябрга кайра Чымкентке кайтууга аргасыз болду[3].

1864-жылкы согуштук жүрүштөрдүн Чымкентти алуу менен аякташы, эми алдыдагы согуштук аракеттерди жүргүзүү үчүн орус өкмөтүнө өзүнүн иш-чараларын пландоо маселесин күн тартибине койду. Тышкы иштер министри князь А.М. Горчаковдун 1864-жылдын 21-ноябриндеги Оренбург жана Сибирь бийликтерине жөнөткөн циркулярында Орусиянын Түркстандагы саясатынын жакынкы милдеттери айтылган. А.М. Горчаков Түркстан бийликтерин мындан ары согуштук аракеттерди токтотууга чакырып, өкмөттүн алдында үч жол турат деп көрсөткөн: 1) Азыркыдай баш-аламандыкка моюн сунуп тура берүү (кеп М.Г. Черняевдин ашкере "өзүм билемдик" аракеттери жөнүндө болуп жатат); 2).Тынымсыз узак жана финансылык жактан оор согуштук

---

[1] *Романовский Д.И.* Заметки по среднеазиатскому вопросу.—СПб.,1868. —146-бет.

[2] *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана ...—223-бет.

[3] *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана ...—227-бет.

экспедицияларды уланта берүү; 3). Борбордук Азиядагы хандыктарды жана майда ээликтерди биринен сала бирин багындыра берүү. Бирок бул жолдордун үчөө тең орус империясынын тышкы саясатынын түпкү маанисине туура келген эмес. "Орусиянын саясаты жерлерди ченемсиз багындыра берүү эмес, багынган жерлерде кыйшаюусуз жана биротоло орус амирлигин орнотуп, ал жерлердин келечегине кам көрүү",—деп жазат князь А.М. Горчаков[1]. Тышкы иштер министринин бул пикиринде Түркстан саясатында баш аламан, авантюристтик согуштарды жүргүзүү аркылуу басып алуудан көрө, акырындык менен "жети өлчөп бир кескен" саясат аркылуу Орусиянын Борбордук Азияда бекем үстөмдүгүнө жетишүү планы чагылдырылган. Ошол эле учурда Түркстанды каратуу планынын басып алуучулук саясатынын түпкү маңызын "ал жерлердин келечеги үчүн кам көрүү", "маданиятын өстүрүү" деген сөздөр менен актоого аракеттенген. Падыша өкмөтүнүн саясатынын көрүнүктүү апологети А.М. Горчаковдон мындан башка пикирди күтүү да мүмкүн эмес болучу. Бирок тилекке каршы, аскер күчтөрүнүн жана жергиликтүү бийликтердин басымы астында болуп өткөн кийинки окуялар А.М. Горчаковдун сунуштарынын толук аткарылышына мүмкүндүк бербеди.

1864-жылы Батыш Кытайдагы саясий окуялар Ысык-Көлдөгү жана Тянь-Шандагы кыргыздардын, айрыкча, чериктердин абалына терс таасирин тийгизген. 1862-жылы Ганьсу провинциясында мусулман дунгандар Баянхунун жетекчилиги астында элдик-боштондук кыймылга чыгып, көтөрүлүш тез эле Жунгария менен Синьцзянга тараган. Кыймылга Кулжа чөлкөмүндөгү уйгурлар (таранчылар), кыргыздар жана казактар да тартылышкан. Дунгандар кийин эки бөлүнүп кетишти да, басымдуу көпчүлүгү Кытай богдыханына баш ийүүгө аргасыз болду. Ал эми Кулжаны таранчылар ээлеп алышып, көтөрүлүштү уланта беришти.

Чыгыш Түркстандагы элдик-боштондук кыймылдын күчөп бараткан мезгилинде, Кытай менен Орусиянын чек араларындагы жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн ортосундагы мамиле да татаалдашып кетти. Орус колонизаторлорунун улам чыгышка жыла берүүсүнө кытай бийликтери нааразы болуп, түрдүү антиорустук аракеттер башталды. Мисалы, Кытай империясы өз таасирине тартуу үчүн чек арага жакын жайгашкан казак, кыргыз урууларына түрдүү белек-бечкектерди берип, үгүт иштерин жүргүзүш-

---

[1] Авторсуз. Россия и Англия в Средней Азии.-Вестник Европы.—14 год —Т.V.—СПб.,1879.—734—35-беттер.

көн. 1863-жылы 31-майда Кытайга чакырылган орус офицери Антоновдун өлтүрүлгөндүгүнө байланыштуу орус—кытай мамилеси татаалданып, ал окуя куралдуу кагылышка чейин алып барды. Кулжадагы Орусиянын соода факториясындагы орус өкүлчүлүгү кытай кысымына чыдабастан өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болду[1]. Натыйжада бир нече жолку сүйлөшүүлөрдөн кийин гана 1864-жылы 25-сентябрда Чугучак келишими түзүлүп, орус—кытай арасы бир аз жылыды[2]. Чынында, бул соода мамилелерин гана жөнгө келтирүүгө болгон аракет эле. Ал эми саясий, чек ара мамилелери чечилбеген бойдон кала берди. Ушундай шартта Орусия Чыгыш Түркстандагы саясий окуяларга анча кийлигишпей, өзүнүн бейтараптык принцибин сактап тура берди.

Бул жылдары Кытай бийлигине каршы Кучада Рашидин Кожонун жетекчилиги астында дагы бир көтөрүлүш чыгып, ошону менен катар Кашкарда Сыдыкбек аттуу кыргыз бийи козголоң баштаган[3]. 1864-жылы башталган бул кыймылдарга негизинен кыргыз, уйгур, тажик калктары катышып, тарыхый чыгармалар ал көтөрүлүштүн "саясий жана тарыхый жактан өтө зор маанеге ээ" болгондугун белгилешет[4]. Кыймылдардын жүрүшү Кашкар оазисиндеги Кашкар, Жаркент, Котон, Куча, Ак-Суу жана Турпанда Кытай империясынан көз каранды эместикти жеңип алуу менен аяктап, натыйжада Рашидин Кожо — хан, Сыдыкбек — Кашкарга аким болуп жарыяланган[5]. Бирок Сыдыкбек 1863-жылы эле Рашидиндин Аппак Кожонун тукуму эместигин жана анын элге жакпастыгын билдирип, Кокондон Жангир Кожонун уулу Бузурукту хан көтөрүү үчүн Кашкарга жиберүүнү өтүнүп, Алым-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—2-том:—8—9-беттер.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—2-том.—9-бет.

[3] Ч. Валихановдун 1859-жылы Кашкарга барып келгенден кийинки "отчетунда" Сыдыкбек жөнүндө төмөнкү маалымат жазылат. Сыдыкбек кашкардык кыргыздардын торайгыр кыпчак уруусунун бийи болгон. Ал 1758-жылы Жунгар империясынын талкаланышы мезгилинде Цин бийликтерине кылган кызматы үчүн Таш-Малык шаарына "хаким-бек" болуп дайындалган Акимзанын урпагы эле. Сыдыкбек 1857-жылы Кашкардагы Кытайдын жергиликтүү бийлик өкүлү Амбандын сыйына ээ болуп, "кызыл шарик жана тебетей" алган. (Маалымат *Ш. Кадыровдун* "Видные ученые о Киргизии" деген китебинен алынды. Караңыз: Аталган китеп —Ф.,1963.—22бет.)

[4] *Байтур Анвар.* Кыргыз тарыхынын лекциялары.-2-китеп.—Б.,1992.—111-бет.

[5] *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии. —ВС.—1878.— N 1.—Ч.1. —109-бет.

кул аталыкка кат жөнөткөн болучу[1]. Бузурук 1864-жылы жаз айларында Кашкарга жиберилди. Аны коштоп барган Жакыпбек[2] менен Алымкулдун тууганы Алдаш Кашкардагы окуяларда тез эле көрүнүштү. Сыдыкбек Бузурукка Кашкарды башкарууну ыйгарып, өзү анын колдоосуна ээ болуу менен, мамлекетте маанилүү орунду ээлөөнү ойлоду. Бирок анын аракеттерине Жакыпбек каршы чыгып, Бузурук менен Сыдыкбектин араздашуусуна жетишти[3]. Натыйжада Сыдыкбек Кашкардан чыгып кетти, ал эми Жакыпбек мамлекетте баш командачы болуп дайындалды. Ал тез эле саясий аренада көрүнүп, Жаркент, Котон шаарларына жортуул уюштуруп, бир катар ийгиликтерге жетишти. Кашкардан чыгып кеткен Сыдыкбек бий алгач Ак-Суу ооданынын Барак чөлкөмүнө жайгашып, 1865-жылы бир нече жолу Кашкарга чабуул койду, бирок ала албады. Ошол жылкы май айындагы салгылашуунун биринде ал Жакыпбектин аскеринен талкаланды[4].

Жакыпбектин армиясында кашкарлыктар менен кокондуктардан тышкары жергиликтүү кыргыздар да маанилүү роль ойногон, айрыкча, атчан аскер күчтөрүн кыргыздар түзгөн. Анын аскеринде Алдаш бий, Өмүркул бек, Мукамбет-Жунускан, Мукамбет кожо, Абдылда паңсат, Заманбек сыяктуу Кокондон барышкан жана кашкардык кыргыз, кыпчак бийлери, бектери кызмат кылышкан[5]. Кийинки изилдөөлөрдө ферганалык кыргыздардын ичкилик уруусунун найман тобунун бийи, 1863-жылы Алымкул аталыктан "датка" наамын алган Ташбек датка да 1867-жылдан баштап Жакыпбектин "Алтышаар" мамлекетинде көрүнүктүү роль ойногондугу дайын болду[6].

Текес, Каркыра жактарда орус аскерлеринин жоктугунан пайдаланган бугу, сарыбагыш, черик уруулары да Чыгыш Түркстандагы саясий кыймылдарга аралашып жатты. 1864-жылы декабрдын башында бугу, сарыбагыштардын айрым активдүү топтору Сумбо өрөөнүндөгү калмактардын монастырын талкалап, айыл-

---

[1] *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии. —ВС.—1878.— N 1.—Ч.1. —110-бет.

[2] Жакыпбек тарыхта "Бакдөөлөт" деген ат менен белгилүү. Караңыз: *Веселовский Н.* Бадаулет Якуб-Бек. Аталык Кашкарский.—СПб.,1898.

[3] *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии. —ВС.—1878.— N 1.—Ч.1. —114-бет.

[4] *Байтур Анвар.* Кыргыз тарыхынын лекциялары.—2-китеп.—Б.,1992.—112-бет.

[5] *Байтур Анвар.* Кыргыз тарыхынын лекциялары.—2-китеп.—Б.,1992.—113-бет.

[6] *Миталип уулу Ж.* Ташбек датка.—Ош,1993.—15—30-беттер.

дарын талоонго алгандыгы жөнүндөгү кабар Верныйга угулду. (Бул барымта үчүн бугулар кытай дооматтарында малдан гана 68100 баш төлөөсү тийиш болгон..)[1] Кытай бийликтери Чугучак келишими боюнча орус чегинен чыгып кеткен урууларды, кылмышкерлерди кайтарып берүүсү керек эле, андай болбоду. Ачыгыча чыгыш Түркстандагы боштондук кыймылдардын кесепети Кулжа менен Чугучактагы орус соода мекемелеринин талкаланып, сооданын таптакыр токтошуна, Кытайдан качкан дунган, таранчы эмигранттарынын Жети-Сууга келе башташына, ошого байланыштуу орус чек араларына, ага жакын жайгашкан кыргыз, казак урууларына кытайлардын кол салышына, ал эми кыргыз—казак урууларынын буга жооп катары көтөрүлүшчүлөргө активдүү жардам беришине алып келди.

1864—65-жылдардагы элдик-боштондук кыймылдын негизинде Чыгыш Түркстанда өз алдынча турган 4 саясий күч калыптанган. Алардын ээликтери төмөнкүдөй эле: Тянь-Шандын түштүк-чыгышы Жакыпбекте, Үрүмчү, Манас чөлкөмдөрү дунгандарда, Тарбагатай менен Чугучак калмактарда, ал эми орус чегине жакын Кулжа жана Иленин баш жактары таранчыларда болучу[2]. Ушуга байланыштуу орус падышачылыгы мурун Чыгыш Түркстанда Кытайга каршы сепараттык кыймылдардын боло беришин ыңгайлуу шарт деп эсептеп келген болсо, жогоркудай окуялардан кийин орус бийликтерине каршы аракеттеги саясат иштелип чыкты.

1864-жылы Жакыпбек Кулжага жүрүш жасоону пландаштыргандыктан, кытайдагы саясий окуялардан такай кабардар болуп турган Ала-Тоо округунун башчысы Г.А. Колпаковский Полтарацкийдин отрядына тез аранын ичинде Жакыпбек өтүүчү Музарт ашуусун ээлеп алууга жана көпүрүлүрдү бузуп таштоого буйрук берди. Экинчи бир отряд Кеген өрөөнүн ээлеп, Жакыпбектин саясатын, согуштук күчүн билүү үчүн чалгынга жиберилди[3]. Ал эми генерал-майор Г.А. Колпаковский өзү 1864-жылы жай айларында атайын аскер менен Ысык-Көлдүн чыгыш тарабына жөнөдү.

Г.А. Колпаковский көлдө жүргөндө чериктердин манабы Турдукеден чабарман келип, Кашкардагы окуялар чериктерге көп зыян кылып, Жакыпбектин адамдары чериктерди орус букаралары экендигине карабай, алардан алман алып, Турдукени жигитте-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—2-том.—10—11-беттер.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—2-том.—16-бет.
[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—255—256-беттер.

ри менен зордоп Кашкарга алып кеткендигин билдирди[1]. Чек арадагы мындай окуялар көлдө жайгашкан орус аскеринин мында такай болуп туруусун, чек араларга бир нече көзөмөл бекеттерин коюунун зарылдыгын көрсөттү. Бул иш-чаралар 1864-жылдын 25-сентябриндеги Чугучакта бекитилген орус—кытай келишиминин чечимдерине ылайык ишке ашуусу тийиш эле. Дюгамель Ысык-Көлдө бир пехоталык рота, 50 казак—орус, тоо артиллериясынын бир взводун калтыруурга, алардын күчү менен көлдүн чыгыш тарабындагы Ак-Суу деген жерде чыңдоо курууга буйрук берди[2]. Ошентип, 1855-жылы орус букаралыгына расмий түрдө өтүшкөн деп эсептелинген бугулардын жерине эми гана биринчи жолу иш жүзүндө орус бийлигинин орногондугун далилдеген согуштук-административдик бекет — Ак-Суу чыңдоосу курулмай болду.

1864-жылы орус таасири Кетмен-Төбөгө да өттү. Бул жердеги 10 миң түтүн саяктардын манабы Рыскулбек М.Г. Черняевге орус букаралыгына өтүү ниети менен кайрылды. Рыскулбектин катына караганда мындай кадамдын себебин уруу жаңжалдары, тагыраак айтканда, эки жылдан берки солтолор менен сарыбагыштардын кысымы түзгөн. Солто, сарыбагыш уруулары падыша өкмөтүнүн букаралары катары расмий түрдө Кокон мамлекетине караган кетмен-төбөлүк саяктарга кысым көрсөтүүсү толук мүмкүн эле. Анын үстүнө 1864-жылы Суусамырда жайында болгон Рыскулбек менен Байтиктин ортосундагы жайлоо талаш, Рыскулбек манаптын М.Г. Черняевге кайрылуусун тездетти. Кетмен-төбөлүк манаптын өтүнүчү кабылдангандыгын согуш министри Д.А. Милютин 1865-жылдын 18-мартында Дюгамелге кабарлады[3]. Бирок ал али сөз жүзүндө гана болуп, Кетмен-Төбө 1868-жылга чейин орус ээликтеринин сыртында кала берген.

1864-жылы август айында Алымкул аталык Жакыпбек менен Бузуруктун артынан Кашкардагы Сыдыкбекке жардам берүү үчүн чоң кошуундун башында аттанып чыккан эле. Ал Тянь-Шан тоолору аркылуу өтүп, жолдо Куртка чебин кайра калыбына келтирүүнү пландап, анан кийинчерээк Чүйгө чабуул коюуну ойлогон. Бирок Ысык-Атанын үстүнө келгенде Чымкенттин орус армиясы тарабынан алынганын угуп, тезинен кайра тартты[4].

---

[1] ӨБМТА.-715-ф.—1-оп—27-иш.—235-барак.

[2] ӨБМТА.-715-ф.—1-оп.— 27-иш.—151-барак.

[3] *Серебренников А.* Туркестанский край. Сборник материалов для истории его завоевания.—1865.—Ч.1.—Док.80.

[4] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—259—260-беттер.



Генерал М.Г. Черняев

Бул окуядан кийин М.Г. Черняев Тянь-Шань тоолорун бекем кармап туруу зарылдыгын баамдап, жогорку бийликтерге Суусамыр менен Таласка атайын отряд жиберүүнү сунуштады. Мындай кадам Жаңы-Кокон тилкесинин сол канатын чыңдоого мүмкүндүк түзөт болучу. Ушундай эле ойду Г.А. Колпаковский да билдирген.

Кытайдагы окуялар, Кокон өкмөтүнүн Түндүк Теңир-Тоо кыргыздарын өз жамаатына кайрадан тартуу үчүн болгон аракеттери, Орусияны Жаңы-Кокон тилкесине караган ээликтерге административдик башкаруу аппаратын негиздөөгө түрткөн. Жаңы каратылган жерлерде аскердик жана граждандык бийликти бир колго алуу үчүн жаңы административдик түзүлүштүн кандай болуусу ойлонула баштаган. Согуш министри тарабынан даярдалган долбоорду Александр II жактырып, аны 1865-жылдын 12-февралында бекитти.

Ошентип, согуш министри Д.А. Милютиндин буйругу боюнча 1) Арал деңизинен баштап Ысык-Көлгө чейинки чөлкөмдө Түркстан областын түзүү; 2) Жаңы областты жаңа ага караштуу аскерди башкарууну өзгөчө аскер губернаторуна жүктөө; 3). Аны согуштук жактан Оренбург крайынын баш командачысына, ал эми граждандык жактан аталган крайдын генерал-губернаторуна баш ийдирүү белгиленген[1]. Жаңы областка согуштук губернатор болуп падыша өкмөтүнүн "күжүрмөн" колонизатору, генерал М.Г. Черняев бекитилип, ага тиешелүү көрсөтмөлөр берилди. Аларда Кокон мамлекети менен тынчтык мамилени сактоо, сооданы жакшыртуу, Кокондун ички иштерине кийлигишпөө, Ташкент шаарынын стратегиялык чоң маанисине карабастан азырынча аны ээлөөнү токтото туруу жана Ташкентти Кокон, Бухара хандыктары менен Орусиянын ортосундагы тосмо катары эсептөө, ошол эле учурда анын соода менен шүгүрлөнгөн төбөлдөрүн, шаардагы оруска жүз бурган жамаатты мүмкүн бо-

[1] ОБМСТА.—ВУА фонду—2-бөлүк.— 6795-документ.

лушунча Орусия таасирине тартуу, жаңы областтын чегине кирген кыргыздарды орус букаралары деп санап, аларды тышкы коркунучтардан коргоп туруу маселелери чагылдырылган[1].

Ташкентке каршы активдүү мамилеге өтпөө көрсөтмөсү Орусиянын Борбордук Азиядагы жүрүштөрүн көзөмөлдөп турган Европа өлкөлөрүнүн, айрыкча, Англиянын орустарды "басып алуучу катары күнөөлөөсүнө" алып келет деген тыянакка негизделген эле. Орусиянын Түркстанга карата "активдүү аракетин" жан дили менен колдогон генерал М.Г. Черняевдин деми суубады. Ал согуш министри Д.А. Милютинге Ташкентти тезинен ээлеп, анда Орус падышачылыгынын вассалы болгон өз алдынча ээлик же хандык түзүү керек деген сунуш менен кайрылды. Бирок "ушул ийгиликтер менен канаттанып турууну" кеңеш кылган борбордук бийлик М.Г. Черняевдин пикирин четке какты[2].

Ага карабастан М.Г. Черняев Ташкентти тезинен ээлөө оюнан кайтпады. 1865-жылдын жазында кокон—бухара арасында жаңы жаңжалдын башталышын ыңгайлуу учур деп санаган генерал 29-апрелде Ташкентке жакын турган Ниязбек чебин басып алып, шаарды суудан жана эгинден бөлүп салды. Ташкентти коргогон Алымкул аталыктын негизги күчтөрү менен орус аскеринин ортосунда 9-май күнү катуу салгылашуу болуп өттү. Кандуу кармашта Алымкул аталыктын оор жарадар болушу жана өлүмү кокон күчтөрүнүн чегинүүсүнө алып келди. Баш аламан түшкөн шаарга 14—15-июнь күндөрү штурм жасалып, 17-июнь күнү Ташкент багынып берди.

Алымкул аталыктын Ташкенттин алдында жарадар болушу жана өлүмү изилдөөлөрдө ар кандай берилет. Чыгармалардын басымдуу көпчүлүгүндө Алымкул кармашта "оор жарадар болду" (смертельно ранен) же "окко учту" делет. Ал эми Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романында Кокон ордосундагы бийлик талашуулардын натыйжасында Алымкулга каршы турган жамааттын тынчысы (удайчы) уурданып келип Аталыкты артынан атып таштагандыгы жазылган. Жазуучунун пикирин булактар да ырастайт. Мисалы, чыгыш таануучу Н. Веселовский Түркстандан жыйнаган материалдардын бири болгон казак тилиндеги "Орустардын келиши" аттуу дастанда Алымкул "өз жоокерлеринин колунан өлүп, көмүлдү" деген ыр саптары бар[3]. Ташкент шаарынын тургуну Мухаммед Салих Кори Ташкендинин айтымында кармаш кызуу жүрүп жаткан мезгилде Алымкул Абдылдабекке (кайсыл Абдылдабек экендиги белгисиз) кокон топчисинин (артиллериясынын) биринчи батарея-

---

[1] ОБМСТА.—ВУА фонду.—2-бөлүк.— 6795-документ.

[2] *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана.—230-бет.

[3] Караңыз: *Веселовский Н.* Киргизский рассказ о русских завоеваниях в Туркестанском крае. Текст перевода и приложения.—СПб., 1894. —68-бет.

сына барууну буйрук кылып, өзү да ошол жакка ат үстүндө чаап бара жатканда ичине ок жаңылган. Алымкул аталык оор жарадар болгонуна карабастан орус солдаттары штык менен атакага чыккана дейре жоокерлердин арасында Дурманча деңсөөсүнөн кармашты башкарып турган. Эстен тана баштаган Аталыкты замбилге салып Ташкентке алып келишкен, бирок ал ошол күнү шейит болгон. Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу кол башчы жана кыргыз элинин ичкилик кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Алымкул аталык ошентип, 1865-жылы 10-май күнү Ташкенттеги Шейхантаур мүрзөсүнө коюлган[1]. Кыргыз элинин чыгаан уулу Алымкулдун, негизинен ферганалык кыргыз, кыпчак, өзбек жана тажиктерден куралган көп улуттуу кошуундун башында туруп, жамы Түркстандын азаттыгы үчүн жан аябаган күрөшү Кокон хандыгынын бүткүл ферганалыктар үчүн мекен катары туюлгандыгынын, Орусия сыяктуу каардуу колонизатордун алдында Түркстандын бардык тургундарынын тарыхый тагдыры бир таразага коюлгандыгынын дагы бир жолку күбөсү болгон.

Ушул окуялардан соң Ташкенттин тагдыры күн тартибине турду. 1864-жылы эле М.Г. Черняев шаарды Орусияга көз каранды мамлекет же ээлик кылып түзүү сунушун киргизген[2]. Бирок сунуш четке кагылган. Бул сапар М.Г. Черняев Ташкентти Орусияга түз эле кошуп салуу керек деп чыкты. Ушуга байланыштуу эми Бухара эмири Музаффар Ташкентти бошотуу жөнүндө М.Г. Черняевге расмий талап койду. М.Г. Черняев болсо эмирдин элчилерин жана соодагерлерин туткундап салды. Генералдын мындай ашынган активдүүлүгү эл аралык жаңжалдын чыгып кетишине шарт түзүп, бул окуялар өлкөнүн ичинде, Европалык саясатта талаш-тартыштарды туудуруп жатты. Орусиянын кай бир саясатчылары үчүн Түркстандагы абал түшүнүксүз эле. "Ташкент Черняев тарабынан эмне үчүн алынганын эч ким билбейт,"— деп жазат өзүнүн күндөлүгүндө ички иштер министри П.А. Валуев[3]. Бир катар министрликтер, айрыкча, тышкы иштер министри А.М. Горчаков Ташкенттин алынышы менен англо-орус согушу чыгып кетпесин деп чочулагандыгы маалым. Мындай кырдаал 1865-жылы сентябрде Ташкентке Н.А. Крыжановскийди коштоп келген генерал Д.И. Романовский өзүнүн падыша өкмөтүнө жазган "Заметкаларында" "...биз келгенде Түркстан

---

[1] Караңыз: *Мухаммед Салих Кори Ташкенди.* Новая история Ташкента.//Рукопись 7791 Института востоковедения АН Узбекистана.//Ташкент, ташкентцы и Россия.—Т.,1965.—147,151,154-беттер.

[2] *Романовский Д.И.* Заметки по среднеазиатскому вопросу...—30—34-беттер.

[3] *Валуев П.А.* Дневник П.А. Валуева.—Т.II.—М.,1961.—60-бет.

элдеринде орус бийлигине карата нааразылыктар башталып калыптыр",— деген пикирди айтуусуна түрткү берген[1].

Жогоркудай "ири катачылыкты" өз убагында оңдоо үчүн 1865-жылы сентябрь айында Ташкентке келген Оренбург генерал-губернатору Н.А. Крыжановский Ташкентти "көз каранды эмес шаар" деп жарыялап, кырдаалды бир аз тынчытты[2]. Бирок, баары бир 1866-жылдын акырында Орусия өкмөтү Ташкентти Орусияга кошуп алуу жөнүндө чечим чыгарган[3].

Генерал М.Г. Черняевдин "катачылыгы" текке кетпеди. Анын "бейбаштыгын" жактырбаган согуш министринин рапортуна негизденип, император атайын указ менен генералды Петербургга чакырды да, 1866-жылы февралда Түркстан облусунун аскер губернаторлугуна генерал-майор Д.И. Романовский дайындалды[4].

1865-жылы Ташкент алынгандан кийин, Бухара эмири Музаффар Коконду басып алган эле. Алымкулдун жаатташтары — кыргыз, кыпчак күчтөрү Музаффар менен кармашта жеңилип калды да, эми Кудаяр хан такка үчүнчү жолу олтурду. Бирок, анын кийинки жылдардагы бийлиги алсыз болуп калган эле, ошондуктан Ташкенттин "өз алдынча күнкорсуз шаар" деп жарыяланганы менен иш жүзүндө орус протекторатына айланышына каршылык көрсөтө албады. Ошентип, Ташкентти алуу менен орус—кокон согушу убактылуу токтоду.

3.2. Орус бийлигинин Түндүк Кыргызстанда биротоло бекемделиши

Ташкенди алуу менен токтогон Орусиянын Түркстандагы 1864—1865-жылдардагы активдүү аракеттеринен кийин, эми орус бийликтеринин көңүлү Теңир-Тоо жакка бурулду. Ал мезгилде Жакыпбек 1864—66-жылдардын ичинде Кашкар, Жаңы-Гиссар, Жаркент, Котон округдарын бириктирип, Алымкул өлгөндөн кийин Коконго болгон вассалдык көз карандылыгын четке кагып, 1866-жылы өзүн "бакдөөлөт" титулу менен мамлекеттин башчысы деп жарыялаган. Бузурук хан болсо Меккеге жиберилген[5]. Таранчылардын көтөрүлүштөрү, Жакыпбектин козголоңу мезгилинде

---

[1] *Львов И.* Завоевание Туркестана. —Русский вестник.—Т.76.—М.,1868. —172-бет.

[2] *Романовский Д.И.* Заметки по среднеазиатскому вопросу...—35-бет.

[3] *Львов И.* Завоевание Туркестана...—172-бет.

[4] *Львов И.* Завоевание Туркестана...—169—173-беттер.

[5] *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии...—115—119-беттер.

Чыгыш Түркстандагы кыргыздардын гана эмес, чек арага жакын жайгашкан орус букаралыгына кирген бугу, саяк, сарыбагыш, черик, ичкилик урууларынын да саясий окуяларга катышып тургандыгы маалым. Кытай чек араларына жакын жашаган кыргыз, казак урууларынын "инсургенттерге" (козголончуларга, көтөрүлүшчүлөргө) кошулуп кетүү коркунучу жөнүндө Г.А. Колпаковский Дюгамелге 1865-жылы 15-февралда эле атайын билдирген болучу[1]. Чек арадагы бугу, сарыбагыштардын аракеттери негизинен кытайга моюн сунган жана анын жазалоочу аскерлерине жардам берген калмактарга каршы болгон. Мында, айрык-ча, Балбай баатырдын, Шабдан баатырдын жүрүштөрү тарыхта маалым. Өзгөчө чериктер Сыдыкбектин жана Жакыпбектин аракеттерине активдүү катышышкан. Буга черик бийи Турдукенин жана анын иниси Абласан бийдин жигиттери менен Сыдыкбектин, кийин Жакыпбектин кошуундарында болгондугу күбө болот[2].

Чынында эле, Жакыпбектин таасириндеги кыргыз уруулары Кашкарды мал чарба продуктылары, азык-түлүк менен камсыз кылып, өзгөчө Жети шаар мамлекетинин куралдуу күчтөрүнүн өсүшүнө жардам берип турган. Кашкардагы саясий абалды көрүп келүү үчүн барган подполковник Корнилов "Кашгариянын армиясына алынган жергиликтүү контингенттерден кыргыздар гана олуттуу көңүл бурууга татыйт,"— деп жазат[3]. Чынында Кашкар чөлкөмүндөгү ошол кездеги кыргыздар саны боюнча уйгурлардан кийин экинчи орунда турган. Кай бир булактардын маалыматы боюнча алар 30 миң түтүндү же 150 миң кишини түзгөн[4].

Чыгыш түркстандык көтөрүлүшчүлөр жана аларга жардам беришкен кыргыздар Кулжаны ээлешкенде, орус соода түйүндөрүнүн талоонго алынышы орус бийликтеринин көтөрүлүшчүлөргө каршы аракеттерин пайда кылды. Көтөрүлүштүн орус ээликтерине да жайылып кетишинен чочулаган Г.А. Колпаковский адегенде Чугучакты, андан кийин Кулжаны, кийинчерээк Кашкарды ээлөө жөнүндө сунушун 1865-жылы 27-февралда Дюгамелге билдирди[5]. Анын ою боюнча, бул шаарды ээлөө кеңири маанидеги басып алуу эмес, орус кызыкчылыгын коргоо кадамы катары гана эсептелүүгө тийиш эле. Бирок Г.А. Колпаковскийдин

---

[1] ОБМСТА.—ВУА фонду.—2-бөлүк.— 6794-документ.
[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...— 267—269-беттер.
[3] *Корнилов Д.* Кашгария или Восточный Туркестан.—Т.,1903.-362-бет.
[4] *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом...— 71-бет.
[5] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—269-бет.

сунушу жактырылбады, Дюгамель чек араларды бекемдөөгө көрсөтмө берүү менен гана чектелди.

1865-жылы жаз айларында бугуларга келишкен кожолордун элчилери көтөрүлүшкө кошулууга, эзелки душмандары болушкан калмактарды чабууга жана жеңил олжого барууга үндөшкөндүктөн, бугу уруусунун бир бөлүгү Кытайга көчүп кетүүгө даярданып, ал турсун Балбай баштаган 1500 кишиден турган кошуун барымта жүрүшүнө аттанган. Г.А. Колпаковский көчүүгө даярданып калган бугулардын алдын тосууга, Кытай чек араларын бекемдеп, көзөмөл бекетин орнотуу үчүн Кегенге, Текеске, Жуукуга бир нече отряд жиберди. Подпоручик Никольскийдин отряды Текесте бугулардын көчүн токтотууга үлгүрүп калды[1].

Орус букаралыгына өткөнү менен, чек аралардан тышкары "талоончулук кылып жүрүшкөн" айрым кыргыз, казак топторун, алардын башчылары: Балбай, Дуралы, Шоорук сыяктуу бийлерди айылдары менен кайра орус эзликтерине көчүрүп келүү жөнүндө 1866-жылы өкмөттүн буйругу берилсе да, ал аткарылган эмес[2]. Ушуга байланыштуу 1867-жылы полковник Полтарацкийдин жетекчилигинде 2 замбиректүү 181 солдаттан турган атайын отряд бугулардын чоң манабы Сарпектин уулу Күчүк баштаган топтун коштоосунда Текеске барып, үч манапты туткундады да, аларды Верныйга жөнөттү. Балбай, Дуралы, Шоорук жана Сабатыр молдонун иши кийинчерээк Түркстан крайынын биринчи генерал-губернатору генерал К.П. Кауфмандын канцелярияcында каралып, бирок алар "орус бийликтеринин зоболосун төмөндөтпөө зарылдыгына" негизделип акталып чыгышты[3]. Ошого карабастан чечим келгенге чейин эле — 1867-жылы сентябрь айында Верный түрмөсүндө 4 ай жаткан 76 жаштагы Балбай баатыр көз жумган.

Балбай баатырды кыргыз тарыхнаамасынын расмий адабияттары талоончул, барымтачыл, элге өмүр бою бүлүк салып келген инсан катары көрсөтүшөт. Кийинки изилдөөлөр анын Эшкожо аттуу кедей адамдын уулу болуп, 14 жашка келгенде жоо менен беттешип, 15 жашында барымтага барып, жылкы тийип, 16сында калмактарга жортуулга чыгып, 17синде кедей жатакчылардан жыйнаган нөкөрлөрү менен башка жердик барымтачыларга буктурма коюп, сандаган жылкыларды кайтарып алгандан кийин аны элижурту "баатыр" атакка кондуруп, бугулардын токой уруусуна манап көтөргөндүгүн, кийинки жылдарда ал бугулардын таламын талашып, неги-

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—271-бет.

[2] *Турсунов Э.* "Бала кезинен эли билген..."(Балбай баатырдын 200 жылдыгына карата)—КТ.—Тогуздун айынын 19-у,1991-жыл.

[3] ӨБМТА.—11-ф.—3-оп.—15-иш.—21—22-баракчалар.

зинен, элдик инсанга татырлык иштерди жасап жүргөндүгүн, айрыкча, 1864-жылы орус бийликтери Ак-Сууга чеп куруп, жергиликтүү кыргыздарга кордук көрсөтө баштаган мезгилден кийин 1865—68-жылдары орус таасиринен сыртқары болууга умтулуп, Чыгыш Түркстандағы улуттук-боштондук кыймылдарга, айрыкча, таранчылардын (уйгурлардын) көтөрүлүшүнө жардам бергендигин тактап чыгышты[1]. Албетте, Балбай Эшкожо уулунун тарыхтаржымалы, инсандык дили-мааниси али дагы көп изилденери бышык.

Мына ушул окуялардан кийин бугу уруусу биротоло тынчып, алардын орус букаралыгын таануусу иш жүзүнө аша баштады.

Тянь-Шандагы кыргыздардын айылдарына 1864-жылы жаз айларында Алымкул аталыктын келгендиги жана Куртка чебин калыбына келтирүүнү буюруп кеткендиги белгилүү. Кийинки жылдарда Нарын кыргыздарынын бир даары кокон бийлигин кайрадан кабылдап калышкан. 1867-жылы Кашкар оазисинде өз алдынча мамлекет түзүп, Индия, Кытай, Борбордук Азиянын, Орусиянын чек араларында жайгашкан стратегиялык маанилүү ээликтерди колуна кармаган Жакыпбектин эртедир-кечтир Тянь-Шан чөлкөмүнө келишин эске алганда, бул жерде орус таасирин күчөтүү жана падышалык бийликти биротоло орнотуу зарыл маселе болучу. Ошондуктан Г.А. Колпаковский 1867-жылы жайында Нарын чөлкөмүнө атайын экспедиция уюштурууга буйрук берди.

1867-жылы июлда Полтарацкий баштаган атайын отряд Кочкорго келди. Мында жашаган сарыбагыш бийи Төрөгелди баатыр экспедицияга көмөк көрсөтүүнү сунуш кылды. Үмөтаалы ал кезде орус бийлигине баш ийбей, Чатыр-Көлдү жайлап жаткан. Капитан Проценконун 1863-жылкы жүрүшүнөн кийин деле Үмөтаалы сөз жүзүндө орус бийлигине ыкрар кылганы менен иш жүзүндө өз алдынча бийлик ээси болууну каалап турган. Ал Жакыпбекке кошулууну да ойлогон, бирок анын салкын мамилесинен кийин өзүнүн жайлоолору Чатыр-Көлгө, Кара-Кужурга, Ак-Сайга, Арпага көчүп-конуп, коңшу урууларды, кербендерди талаптоноп, сарыбагыштардын башка уруктары менен да мамилесин начарлатып алган. Полтарацкийдин бул жолку келишинде Үмөталынын карамагында өзү бийлик кылган эсенгул тобунан башка, саяктардан Осмон Тайлак уулунун айлы жана бугулардын моңолдор уруусу болуп, баары 8 миң үйлүү түтүн эли бар эле[2].

---

[1] Караңыз: *Асымбеков Ч., Беделбаев А.* Балбай баатыр баяны. —СК.—12-октябрь 1990-жыл; *Турсунов Э.* "Бала кезинен эли билген..."(Балбай баатырдын 200 жылдыгына карата). —КТ. —1991-жыл. — 237—246.

[2] *Северцов Н.* Путешествие по Туркестанскому краю...—217-бет.

Полтарацкий Чатыр-Көлгө келгенде, Үмөтаалы Кара-Кужурга көчүп кеткен болот. Орус отряды сарбаздары таштап кеткен Куртка чебин ээлеп, Тогуз-Торо аркылуу Көк-Арт тарапка качкан кокон аскерлерин кууп, жете албай калды.

Полтарацкийдин экспедициясы менен бирге болгон орус окумуштуусу Н.А. Северцов ошол кезде Нарындын башында изилдөө иштерин жүргүзүп жаткан. Үмөтаалы менен Осмон кеңешип, Үмөтаалынын жайлоосуна жакын жүргөн Северцовдун отрядына өзүлөрүнүн орус букаралыгына өтүүнү чечишкендиктерин билдиришти. Элчиликке Үмөтаалынын уулу Чакмакташ жигити Байбагул баш болуп 4 киши келет. Северцов Үмөтаалынын өзү менен жолугушууну талап кылды. Окумуштуу менен манаптын жолугушуусу Оттук суусунун жээгинде өттү. Экөө бири-бирине арнаган белек-бечкектерин тапшырышкан соң, Үмөтаалы эми орус букаралыгына биротоло өтүү жөнүндөгү пикирин, 1863-жылы Зубаревдин отрядына кол салганда келтирген зыяндарын төлөп берүүгө жана мурунку жайыттарына көчүп барууга даяр экендигин билдирди. Мындан кийин Северцов Үмөтаалыга мөөр басылган ак кагаз берип (кагазга генерал-губернатор коюучу милдеттенмелер жазылмак), Верныйдан Токмок аркылуу Ташкентке кетип бара жаткан К.П. Кауфманга Үмөтаалыга караштуу 5 миң үйлүү сарыбагыш, саяк, бугулардын баарынын орус букаралыгына өткөндүгү жөнүндө расмий кабар жиберди[1]. Ошол эле мезгилде ак падышанын амирин тааныгандыгын расмий билдирүү үчүн Үмөтаалы уулу Акташты Верныйга жөнөттү. Г.А. Колпаковский Акташты кабыл алып, Үмөтаалынын айылынын орус бийлигине моюн сунгандыгын ырастады да, андан атасынын Зубаревдин отрядына келтирген зыянынын негизинде эсептелген чыгымдын көлөмү көрсөтүлгөн кат берип жиберди. Бул катты алган Үмөтаалы Г.А. Колпаковскийге дагы бир кат жазды. Анда Зубаревдин отрядына кол салгандардын тизмеси, аты-жөнү билдирилип, алардын ичинде Осмон Тайлак уулу да көрсөтүлгөн болучу[2].

Үмөтаалынын орус амирлигине экинчи жолу моюн сунушунан кийин, Тянь-Шань чөлкөмүндө орус букаралыгына ыкрар кылбаган чоң уруу калбады. Бирок али бул жакта орус бийлиги бекемделип калды деген жыйынтык чыгарууга эрте эле. Орус кызыкчылыгын коргоого даяр бир да чыңдоо болбогондуктан, тышкы коркунучтардын, мисалы, Жакыпбектин же Кокондун таасири

---

[1] *Северцов Н.* Путешествие по Туркестанскому краю...—355—357-беттер.
[2] ӨБМТА.—1-ф.—14-оп.—11-иш.—12—13-баракчар.

тяншандыктарды керектүү учурда олку-солкулукка, ал турсун антиорустук актыларга алып барышы толук ыктымал болучу.

Анын үстүнө 1867-жылы Жакыпбек Тянь-Шанда жүргөн Полтарацкий менен байланышып, анын жардамы менен Петербургга өзүнүн элчиси Шады Мырзаны жиберип, бирок тышкы иштер министри А.М. Горчаковдун "Пекин өкмөтүнө каршы козголоң чыгаргандар менен мамиле түзбөйбүз" деген кескин жообун алгандан кийин, Кашкар мамлекетинен достук мамилени күтүү мүмкүн эмес эле. Жакыпбек мындан кийин К.П. Кауфман менен байланышып, чек ара мамилелерин тактоого да аракет кылып көрдү. Бирок мындан да майнап чыкпаган соң ал ачыктан-ачык Орусияга каршы мамилеге өттү. 1868-жылы Англия Кашкарга атайын көңүл буруп, Роберт Шав, Форсет Саид сыяктуу агенттерин жиберди. Ошол эле жылы Англия Жакыпбекке 10 миң бат атар мылтык жана замбирек "белек" кылгандан кийин абал ого бетер татаалданды[1]. Жакыпбек орус ээликтерине жашыруун тыңчыларды жиберип, Орусияга каршы үгүтүн күчөттү[2]. Бугу манаптары Тилекмат менен Муратаалы жана башкалар кайрадан эки анжы боло баштады.

1868-жылы жаз айларында Жакыпбектин аскерлери чек арага келип, черик, чоңбагыш урууларын өзүнө имерип, Нарындын башы, Ат-Башы, Тогуз-Торо, Аксай, Арпа, Кара-Кужур, Соң-Көл жана Чатыр-Көл сыяктуу жерлерди тартып алууга аракеттенип жаткандыгы, бул маселе боюнча Жакыпбек Кокон ханы жана Бухара эмири менен макулдашып алыптыр, Кашкар өкмөтү Турпанда 8500 кишиден турган кол топтоп, Музарт ашуусу аркылуу Ысык-Көл жана Нарынга чабуул коюуга даярданып жаткан имиш деген каңшаар орус бийликтерине жетти. Көп узабай каңшаар чындыкка айланып, Жакыпбектин чакан аскери Нарындын башына келип түштү.

1868-жылы жазында Тогуз-Торо өрөөнүндө жаңы административдик түзүлүштү уюштуруп жүргөн Токмок уездинин башчысы майор Загряжский жана аны коштогон Шабдан Жантай уулу тарабынан Жакыпбек менен байланыш түзгөн деген "күнөө" менен саяк манабы Осмон Тайлаковдун уулу Мамыркан кармалып, Верный чебине түрмөгө жиберилет[3]. Ошондуктан Осмон 700 түтүн

---

[1] *Байтур А.* Кыргыз тарыхынын лекциялары.—2-китеп...—115-бет.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—288—289-беттер.

[3] ӨБМТА.—11-ф.—3-оп.—15-иш.—133—135-баракчалар; *Газиев А.* Этот безумный Осмон. —СК.—07.09.1991.

айлын Кокон чегине өткөрүп жиберип, орустардан өч алуу үчүн жигиттери менен май айында Тогуз-Торо чебинин жанында Загряжскийдин отрядына кол салды. Осмон Загряжскийди туткундап, уулу менен алмашууну көздөгөн максаты ишке ашпады, бирок уезддик башчынын катчысын, Шабдандын жигити Баякени, чыккынчылыгы үчүн саяк тууганы Келдибекти жана бир нече кишини туткундап, Загряжскийдин жеке буюм-тайымдарын олжолоп алды да, Көк-Арт өрөөнүнө кирип кетти[1].

Осмон сыяктуу орустарга ачыктан-ачык каршы чыгышпаса да, бугу манабы Тилекматтын, сарыбагыш манабы Үмөтаалынын Жакыпбек менен байланышы барлыгы ырасталды[2]. Ошондуктан Тилекматты туткундап, Верныйга жөнөтүштү. Үмөтаалынын, анын иниси Чаргындын, Осмондун бийлик титулдары алынып, жаңы административдик түзүлүштө болуштук кызматка шайлануу укугунан ажыратуу жөнүндө чечим кабыл алынды[3].

Тянь-Шан чөлкөмүндөгү мындай кырдаалды байкап турган падыша өкмөтү Нарында орус бийлигин биротоло орнотуу үчүн атайын отряд жиберүүнү жана ал жерде туруктуу аскер туруучу чындоо курууну зарыл иш-чара деп эсептеп, "Тянь-Шан отряды" деген атайын отряд 1868-жылы май айында полковник Краевскийдин жетекчилиги менен Нарынга келген. Атайын отряд Ысык-Көл уездинин башчысы майор Томскийдин карамагында болгон. Нарын суусунун жээгинен ыңгайлуу орун тандап, Нарын чындоосун (азыркы Нарын шаары жайгашкан жер) куруу, Тянь-Шандагы абалды териштирүү, мерчемдүү жерлерге чалгын жиберүү жана кыргыз бийлеринин пейилин билүү иштери менен алек болуп жаткан Я.Н. Краевскийге Г. Загряжскийдин отрядына Осмондун кол салышы жөнүндөгү кабар жетти. Я.Н. Краевский Анжыян вилайетинин бегине Осмонду кармап, аны туткундаган адамдары менен бирге орус бийликтерине өткөрүп берүүнү сунуштап кат жиберди. Бирок Кокон тараптан катка жооп болбоду.

Орус окумуштуусу Н. Северцовдун жазганына караганда Осмондун кийинки тагдыры мындай аяктады. Анын 700 түтүн айлы Көк-Артты жердей албады. Бир топ белек-бечкектер менен Осмон Анжыян бегине Көк-Арт өрөөнүнө жайланышуу жөнүндө суранып барды эле, орус мамлекети менен мамилени бузбоого аракеттенген бек бул маселени Кокон ханы гана чечет деп, өзүнүн кайдыгер жообун билдирди. Мындан кийин Осмон Алайдагы Кур-

---

[1] *Сатыбалдиева Б.* Жылымчы желдин жыты кайдан согот? —Аб. 8.—1991-жыл; *Газиев А.* Этот безумный Осмон.—СК.—07.09.1991.

[2] ӨБМТА.—11-ф.—3-оп.—15-иш.—87—90-барактар;

[3] *Северцов Н.* Путешествие по Туркестанскому краю...—344-бет.

манжан даткага барып, анын жардамы аркасында арып-ачкан, азган-тозгон айылын таштап, бир аз жигиттери менен Загряжскийдин отрядынан кармалган туткундар менен Кашкарга өтүп кетти. Кашкарлыктар Осмонду туткундап, Жакыпбектин колуна тапшырышты. Орус туткундарын Жакыпбек Нарын чыңдоосуна кайтарды да, Осмонду 10—15 кишиси менен Кашкар түрмөсүнө камап таштады. Ошентип жарыкка чыккан булактарда Түндүк кыргыздарынын орус букаралыгын 1868-жылга чейин тааныбай жүргөн белгилүү Тайлак баатырдын уулу Осмон манап 1877-жылы гана Кашкардан өз жерине кайткан делет[1].

Кийинки изилдөөлөрдө тастыкталгандай Осмон датканын (анын "датка" наамын качан алгандыгы белгисиз) Кашкарга баргандан кийинки тагдыры Северцов жазгандай аянычтуу болбоптур. Кашкар башкаруучусу Жакыпбек Осмон датканы Кытай менен чектеш жерге жайгаштырат. Осмон Шабдандын досу жана жигити Баякени бычып, жылкы кайтартып, ал эми чыккынчы туугану Келдибекти малай кылып алып жүрөт да, туткундагы майор чининдеги орус катчыны (аты-жөнү белгисиз) Нарын чыңдоосуна кайтарып жиберет. Бир нече жылдан кийин Баяке менен Келдибек Осмондун эки күлүгүн минип качып чыгышат. Кийинчерээк Ысык-Көл уездинде жашаган Келдибектин уулу эли-жерине келип жашоосун өтүнүп Осмонго кат жазат. Датка 1977-жылы Кашкарды Кытай баскынчылары кайрадан басып кирип, Жакыпбектин мамлекети урар алдында, Нарындагы өз элине кайтты. Элине кайтаарда Осмон датканын кызматы үчүн Жакыпбек дунгандардан жана уйгурлардан бир нече түтүн кошуп бергендиги эл оозунда айтылат. Тогуз-Торо болушу Исраил актоо кагазын алып келүү үчүн Осмонду Ташкентке жиберет. Осмон генерал-губернатордун кеңсесинде иштеп жаткан, Кашкардан өзү бир кезде бошотуп жиберген мурунку туткун майор чининдеги орус төрөнүн жардамы менен актоо кагазын алып келет. Кайтып келе жатып, Меркеде Шабданга жолугуп, алар бири-бирин кечиришкен. Ошентип, 1878-жылы гана мекенине биротоло кайткан Осмон Тайлак уулу мурдагыдай манап боло албаса да, ка-дырлуу карыя катары 90дун кырын ашканча өз жеринде тынч жашап өткөн[2].

Нарын чөлкөмүндө орус бийлигин биротоло орнотуу боюнча полковник Я.Н. Краевскийдин атайын отрядынын миссиясы ишке ашты. Орус букаралыгын олку-солку кабылдаган Түндүк кыргыздарынын ири манаптары Үмөтаалы, Муратаалы, Чаргын, Тилекмат сыяктуулар эми биротоло орус бийлигин таануурга аргасыз болушту. Көлдө Ак-Суу, Каракол (1869-жылы Ак-Суу чыңдоосу ыңгайсыз деп табылгандыктан, Каракол чыңдоосу курулган. Бул чыңдоо, кийин Ысык-Көл уездинин, 1889-жылдан баштап Пржевальское шаары — Пржевальское уездинин борбору болгон.), Чүйдө — Токмок, Тянь-Шанда — Нарын чыңдоолору жаңы орус бийлигинин таянычы болуп, Ысык-Көл, Чүй, Нарын чөлкөмдөрүндө колониялык системанын орношуна шарт түздү. Ошентип, 1868-

[1] Караңыз: *Северцов Н.* Путешествие по Туркестанскому краю...—344-бет.
[2] Караңыз: *Сатыбалдиева Б.* Жылымчы желдин жыты ...

жыл Кыргызстандын түндүк бөлүгүнүн Орусия тарабынан каратылып алынышындагы акыркы чек болуп эсептелип калды.

Түркстан облусунун түзүлүшү менен эле, жаңы ээликтерде орус империясынын саясий системасына жооп бере ала турган административдик түзүлүштү орнотуу максатына ылайык Александр Iнин атайын буйругу менен Түркстандын жергиликтүү шартын изилдөө үчүн 1865-жылы стат-кеңешчи Ф. Гирс, полковник А. Гейнс баштаган Өзгөчө комиссия Борбордук Азияга жиберилген[1]. "Талаа комиссиясы" деп аталган бул комиссия үч жыл Казахстанда жана Түркстанда эмгектенип, 1867-жылы чөлкөмдү башкаруунун Жобосунун долбоорун иштеп чыкты да, Оренбург, Батыш Сибирь генерал-губернаторлоруна, Согуш жана Ички иштер министрликтерине талкууга берди. 1867-жылы 11-июлда Министрлер Советинде акыркы жолу талкууланган бул долбоор император тарабынан жактырылып, Сыр-Дарыя жана Жети-Суу облустарынан турган Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлдү.

Жаңы административдик бирдиктин согуштук-стратегиялык маанисин эске алып, аны Согуш министрлигинин карамагына беришти. (Орусиянын башка губерниялары Ички иштер министрлигине баш ийишкен). Ошентип, Кыргызстанда биринчи күндөн баштап эле согуштук жана граждандык башкаруу биригип, болочокто согуштук-административдик принциптеги колониялык аппараттын башаты негизделди. Орус бийлигине ыкрар кылган Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрү Жети-Суу облусуна баш ийип (борбору Верный шаары), Токмок жана Ысык-Көл уезддеринен турду. Алардын борборлору Токмок жана Каракол чыңдоолору болуп калды. Талас өрөөнү жана Чаткалдын айрым жерлери Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездине карады.

Орусия 1866-жылга чейин көп жерлерди багындыргандыктан алдыда бул ээликтерди биротоло кармап калуу үчүн өтө ойлонулган саясат жүргүзүү, жаңы ээликтерде саясий-административдик түзүлүштү жергиликтүү шарттарга негиздеп уюштуруу жана Түркстанды колония катары орус метрополиясына пайда келтире турган абалга жеткирүү милдеттери турган. Бул болочок пландарды ишке ашырууга М.Г. Черняев сыяктуу албуут авантюристтердин да, Д.И. Романовский менен Н.А. Крыжановский сыяктуу байлык менен зоболону гана ойлогон өзүмчүлдөрдүн да чамасы келбейт болучу. Ошондуктан падыша өкмөтүндө аброю чоң, өтө

---

[1] *Бекмаханова Н.Е.* Многонациональное население Казахстана и Киргизии в эпоху капитализма.—М.,1986.—67-бет.

сабырдуу жана этият саясатчы, уюштуруу жөндөмү бийик, илимдүү, мурун Польшада губернатордук кызматта иштеген, тажрыйбалуу, Александр IIге жана Д.А. Милютинге көңүлү жакын, теги австриялык немистерден болгон Константин Петрович фон-Кауфман Түркстан чөлкөмүнүн биринчи генерал-губернатору болуп бекитилди.



Генерал-адъютант К.П.фон-Кауфман

Түркстанда административдик, согуштук, чарбалык, руханий иштердин баарына толук жоопкер, кеңири укуктар берилген "Алтын грамотага" ээ К.П. Кауфман чынында эле падышанын атынан согуш менен тынчтыкты жарыялоого, мамлекеттер аралык келишимдерди түзүүгө укугу бар эле. Ошондуктан аны жергиликтүү тургундар бекеринен "жарым падыша" деп атаган эмес[1].

1867-жылдын жаз, күз айларында губерниялык, облустук деңгелдеги уюштуруу иштери бүтүп, жылдын акырында Токмок уездине башчы болуп майор Загряжский, Ысык-Көл уездине майор Томский дайындалышты. Алар уезддик жана болуштук (волосттук) административдик-уюштуруу иштерин негизинен, 1868-жылы аякташты. "Ошентип,— деп жазат белгилүү тарыхчы А. Хасанов, — 1855-жылдан 1867-жылга чейин 12 жылдын ичинде Түндүк кыргыздарынын баары жана кетмен-төбөлүктөр орус букаралары болуп калышты"[2].

Административдик-уюштуруу менен катар эле падыша өкмөтү жаңы ээликтерде өзүнө согуштук-саясий жана социалдык таяныч түзүү максаты менен отор саясатын ишке ашыра баштады. 1864-жылы эле Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамель Семипалатинск аскер губернаторуна казак-орустарды жана орус дыйкандарын жайгаштырууга ылайык жерлерди изилдөөгө буйрук бер-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—1-том.—384-бет.
[2] *Хасанов А.* Народные движения..—41-бет.

ген эле. Ал эми 1866-жылы Ысык-Көл ойдуңуна отор кыштагын түзүүгө буйрук кылынган. Ушуга байланыштуу 1867-жылы Ысык-Көлдүн Караколунда, Чүйдүн Токмогунда отор пункттары даярдалып, кийинки жылы алгачкы оторчулар келе баштады.

Бул фактылар 1855—63-жылдардан айырмаланып, кыргыз жергесинин түндүк чөлкөмдөрүндө иш жүзүндө орус бийлиги эми гана орногондугун, ошону менен бирге Орусиянын Кыргызстанды каратып алышынын биринчи доорунун аякташын тастыктайт. Демек, Түндүк кыргыздарынын Орусияга каратылышы 1863-жылы эмес, 1868-жылы толук ишке ашкан деген жыйынтык чыгаруу тарых чындыгына туура келет[1].

[1] Бул жыйынтык 90-жылдардын башындагы жаңы көз караштагы изил-дөөчү окумуштуулардын пикирлери менен бекемделет. (Караңыз: *Чоробаев Т.* Кыргызстан — колония.// Кыргызы и Кыргызстан: Опыт нового исторического осмысления.—Б.,1994.—107-бет.)

Төртүнчү бап

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮ ОРУС ИМПЕРИЯСЫ БАСЫП АЛАР АЛДЫНДА (1866—73)

4.1. Түштүк кыргыздары жана Кокон хандыгы

Түштүк кыргыздары XVIII кылымдын аягынан баштап эле өзбек, кыргыз жана башка фергана тургундарынын саясий биримдиги болуп эсептелген Кокон хандыгынын курамында тургандыгы маалым. Кыргыздардын жарымын түзгөн Фергана өрөөнүндөгү бөлүгү Кокон хандыгынын курамында кеминде 80—90 жыл болуп келди. Фергана калкынын өзбек, тажик жана башка өкүлдөрүнүн катарында кокон амирлигинин жеңишин да, жеңилишин да, салтанатын да, азап-тозогун да көрдү. Аталган калктардын жери да, деми да бир тагдыры ажырагыс өнүгүп, тарыхтын татаал толкундарында бирдей чайкалды.

Орус падышачылыгынын Кыргызстандын түштүгүн каратып алышы 1860—70-жылдардагы кокон—орус мамилелери менен тыгыз байланышкан маселе. Себеби, Түштүк кыргыз уруулары жашаган чөлкөмдөр Фергана өрөөнүн курчаган тоо этектеринде жайгашкан. Ошол эле учурда ал мезгилдеги Фергана тургундары: кыргыз, өзбек, кыпчак жана башка түрк уруулларынын курамынан түзүлгөн[1], отурукташкан сарт[2], тажик жана башка шаар-кыштак тургундары менен көчмөн жана жарым көчмөн калкынын турактары көп учурда аралаш жайгашышкан. Ошондуктан бул аталган этникалык жамаатгардын жашоосун, экономикасын, саясий өнүгүүсүн, жадагалса идеологиясын да бөлүп кароого болбойт.

Бул пикирди ырастоо үчүн Фергана чөлкөмүнүн байыркы, орто кылымдык мезгилине жана XVIII—XIX кылымдарда өкүм

---

[1] Уруулары деп айтуу тарых чындыгына туура келет. Себеби XX кылым-дын башына чейин эле азыркы өзбек эли калыптанып бүтө элек болчу. Өзбек, кыргыз элине ассимилияцаланып кеткен көчмөн жана жарым көчмөн өзбек, кыпчак, түрк сыяктуу уруулар, Орусияга кирер алдына чейин саясий өз алдынчалыгын сактап турушкан.

[2] "Сарт" термини да тарых чындыгына туура келет, себеби азыркы өзбек эли 1924-жылкы эл каттоого чейин "сарттар" жана "өзбектер" деп эки эл катары берилип келген.

сүргөн Кокон хандыгынын саясий биримдигине аз да болсо мүнөздөмө бере кетүү абзел.

Фергана өрөөнүндө биздин эрага чейинки I миң жылдыктын орто ченинен баштап эле, байыркы давандыктар менен сак урууларынын отурукташкан-дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын жуурулушунан пайда болгон цивилизация келип чыккан. Фергана тарыхнаамада "өзөн цивилизациясы" деп аталуучу аймакка кирип, андагы жашоо тиричиликте жасалма сугатчылык зор роль ойногон. Ошондуктан экономикада сугат дыйканчылыгына негизделген жер ээлөө негизги маселе болуп, акырындык менен орто кылымда эле тургундардын социалдык-чарбалык төмөнкү эки тиби калыптанган:

1. Отурукташкан дыйкан, кол өнөрчү жана соодада шүгүрлөнгөн жамаат;
2. Көчмөн мал чарбасы менен кесиптенген жамаат.

Бул жагдайда мамлекетти кармап турган эки жамааттын күчү төмөнкү беш негизги элементке негизделген:

— Жер жана сугат системалары. Алар шариат боюнча да, адат боюнча да эки жамаатка тең тийешелүү болгон;

— отурукташкан жамаат дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенип, анын продуктыларына өздөрү ээ болушкан;

— соода иштерин да отурукташкан жамааттын өкүлдөрү кармап турган;

— мал чарбачылык жана анын продуктылары көчмөндөрдүн колунда болгон;

— саясат менен бийлик да негизинен көчмөндөрдүн же теги көчмөн династияларынын өкүлдөрүнүн колунда турган.

Ошентип, саясий бийлик менен экономиканын азыраагы көчмөндөрдө, ал эми байлыктын негизги бөлүгү отурукташкан калкта топтолгон абал түзүлүн. Мындай абал саясий күчтөр менен экономикалык байлыктын өз ара тең салмактуулугун пайда кылып, бир эле учурда тең тайлашкан, бирок тынчтыкта жанаша жашап, бири бирисиз өнүгө албаган, отурукташкан жана көчмөн эки калктын уникалдуу жуурулушун, башка сөз менен айтканда тиричиликтин ферганалык вариантын калыптандырган[1].

Фергана чөлкөмүндө тээ Чынгыз ханга чейинки доорлордо эле он уул кыргыз урууларынын, кийин отуз уулдун, сол уруула-

---

[1] *Кененсариев Т.* Некоторые причины возникновения межнационального конфликта и возможные пути его устранения.// Ренессанс и регресс.—Б.,1996. —178-бет.

рынын, ичкилик кыргыздардын насилдеринин жашашы[1], орто кылымдардан бери бул жердин түздүк талааларын турак кылган кыпчактардын (кыргыз-кыпчактардын, жети-кашка кыпчактардын жана башка), жарым отурукташкан түрктөрдүн, каракалпактар менен карамуруттардын, XVI кылымдан баштап келишкен көчмөн өзбек урууларынын отурукташышы көчмөндөрдүн "илатиййа" деп аталган күчтүү этносаясий жамаатын пайда кылган.

Тышкы душмандардан коргонуу зарылчылыгы "илатиййанын" түрдүү курамынын өкүлдөрүн чечүүчү кырдаалдарда биригүүгө мажбурлаган. Ошондуктан 1741—45-жылдардагы калмактардын жортуулдарында кыргыздардын кушчу уруусунун бийи Кубат менен көчмөн династиясынын өкүлү болгон кокон бийлеринин биргелешкен күчү баскынчыларды Ферганадан кууп чыккан[2].

Фергананын шаарларында жана кыштактарында социалдык жана чарбалык жагынан окшош, бирок этникалык жагынан түрдүү калк жашаган. XV—XVI кылымдарда отурукташкан шаар-кыштак калкын түзүп, мурун иран тилинде сүйлөп, кийин түрктөшүп кетишкен тургундарды "сарттар" деп аташкан. Кийинчерээк, XVIII кылымда олтурукташкан өзбектерди, түрктөрдү да сарттар[3] деп атап калышты. ("Сарт" термини этникалык мааниде колдонулган эмес. Ал орто кылымдардан бери эле социалдык мааниде колдонулуп, "дыйкан, кол өнөрчү, соодагер" деген түшүнүктү камтыган). Булардан башка бир топ шаар, кыштактарда (Кожент, Канибадам, Исфара, Касан, Чуст жана башка) тажиктер жашашкан. Ал түгүл бир эле шаарда да ар түрдүү этносаясий топтордун жашагандыгы белгилүү. Мисалы, XVIII кылымдын башында Кокон шаарында негизделген 4 коомдун "кокандиден" (сарттар) башкасы: самарканди, кашкари, кухистанилер жергиликтүү эмес эле[4] жана алар XVII—XVIII кылымдардын чегинде коңшу чөлкөмдөрдөгү саясий баш-аламандыктардын кесепетинен Коконго көчүп келишкендер болучу. Ошентип, отурук-

---

[1] *Аттокуров С.* Тагай бий...—9-бет.

[2] *Гуревич Б.П.* Международные отношения в Центральной Азии в XVIII — первой половине XIX в.—М.,1983.—64-бет.

[3] Султан Бабурдун айтымында XV-XVI кылымдарда Фергана өрөөнүндө Маргалаң, Исфара, Кожентте гана сарттар, ал эми Ошто, Анжыянда, Аксыкентте түрктөр жашаган. Караңыз: *Захриддин Мухаммед Бабур.* Бабурбаян. // Кыргыздар.—Б.,1991.—467-бет.: *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства...—3,32-беттер.

[4] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник...—9-бет.

ташкан шаар-кыштак калкын негизинен "сартиййа" деп аталчу жамаат түзгөн.

Жогоркудай чарбасы жагынан ар түрдүү этникалык топтогу калктын Фергана чөлкөмүндө турак кылышы, алардын коңшу чөлкөмдөргө караганда жыш отурукташышына байланыштуу бош жерлердин жок болушу, кандайдыр деңгелде саясий стабилдүүлүктү пайда кылган жана бул фактор экономикалык жогорулашка шарт түзгөн. Көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан чарбалардын обочо эмес, жанаша-келки жайгашышы алардын чарбалык байланышынын бекемделишине алып келген. Бири-бирисиз жашай албаган, ошол эле учурда бири-бирин толуктап турган бул карым-катнаш натыйжада бир тарабында көчмөн, жарым көчмөн тургундар , экинчи тарабында отурукташкан шаар жана кыштак калкы болгон эки түрдүү жамааттын этносаясий жана социалдык-экономикалык тең салмактуулугун калыптандырган.

Мамлекеттин этносаясий курамы хандыктын өсүшүнөн, анын жаңы аймактарды жеңип алууларынан, коңшу чөлкөмдөрдөгү саясий олку-солкулуктардын негизинде кеңейишинен, Ферганага келип отурукташкан мигранттардын эсебинен улам татаалданып олтурган. Кокон мамлекетинин тарыхы боюнча эң ири жана толук булак катары эсептелген Мулла Нияз Хукандинин "Тарих и-Шахрухиясынын" маалыматтарына караганда бул жерде негизинен эки гана калк: "сартиййалар" менен "илатиййалар" жашаган. Бирок, китепте төмөнкү түрдүү этнонимдер учурайт: сарттар (түпкү мааниси социалдык термин болсо да кээде этникалык мааниде да колдонулуп жүрөт), миңдер, жүздөр, кырктар, кыргыздар, кыпчактар, тажиктер, казахтар, түрктөр, түркмөндөр, каракалпактар, курамалар, кенегестер, калмактар, арабдар жана башка; жерине карата айтылган этностор: самаркандилер, кухистанилер, каратегиндиктер, вахандыктар, дарваздыктар, бадахшандыктар, шугнандыктар, рушандыктар, читралдыктар, гунттуктар, ирандар, афгандар жана башка; этносогуштук мааниде колдонулган тоолук тажиктер — галчалар. Аталган этнонимдердин Мулла Нияздын китебинде кайталаныш жыштыгы боюнча сарттар, кыргыздар, кыпчактар эң алдынкы орунда турушат[1]. Китепте "өзбек" деген аталыш кезикпейт. Себеби, көчмөн өзбек уруулары миңдер, кырктар, кенегестер деген сыяктуу этнонимдер менен аталышып алп эми отурукташкандары "сарттар" деген категорияга кирип кетишкен. Бул факт жогорку үч этностун Ко-

[1] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник...—79-б.

кон мамлекетиндеги экономикалык жана саясий ролун көрсөтөт. "Сарт" термини социалдык-этникалык маани катарында китепте көбүнчө экономикалык маселелерди сүрөттөгөндө колдонулса, "кыргыз", "кыпчак" деген этнонимдердин саясий окуяларга байланыштуу колдонулганын байкоого болот.

Тилекке каршы, Кокон мамлекетиндеги, айрыкча, Фергана чөлкөмүндөгү калктардын саны жөнүндө маалымат жок. Ошондой болсо да чыгыш таануучу А. Кундун болжолдуу маалыматын колдонууга болот. Автордун кокон чиновниктеринин оозеки берген маалыматтарына таянган эсеби боюнча 1870-жылдары Фергана чөлкөмүндө 132000 түтүн отурукташкан жана 60000 түтүн көчмөн калк жашаган. Алар 960 миң адамды түзгөн[1]. Бул сандар чарбалык жагынан алынса да 132 миң түтүн отурукташкан калктын эсебине 1870-жылдарга чейин отурукташууга үлгүргөн кыпчактарды, кыргыздарды, шаар калкы тажиктерди, түрктөрдү жана башкаларды кошуп жиберсек хандыкта сарт жана өзбек калкы менен көчмөн кыргыз жана кыпчак калкынын саны бирдей эле болуп калат. (Көчмөндөрдүн курамына 1870-жылдары бир аз гана казактарды, каракалпакты киргизбесек, негизинен аларды негизинен кыргыздар жана бир аз кыпчактар түзүшкөн.)

Жогоруда аталган этностордун Кокон мамлекетинин курамында жашап турушу — биз кааласак да, каалабасак да хандыктын социалдык-экономикалык мамилелерине, ички жана тышкы саясатына, бийлик кармоочулардын курамына жана жалпы эле Фергана өрөөнүнүн саясий өнүгүүсүнө таасирин тийгизип турган олуттуу фактор. Мамлекеттин мындай этносаясий курамы сөзсүз түрдө бир эле учурда айыгышкан күрөштү да, тышкы коркунучтарга каршы биригүүнү да, кандайдыр бир деңгелде саясий стабилдүүлүктү да камсыз кыла алган. Чарбасы бири-бирин толуктаган, коңшу жашаган жана айылдары аралаш-келки жайгашкан бул калктар социалдык-экономикалык мамилелердин кандайдыр бир жуурулушун (диалектикалык карама-каршылыктардын биримдигин) түзүп, чарбалык-этникалык гана эмес, коомдук-саясий өнүгүүнүн ферганалык моделин түзгөн десек эп болчудай.

Бул карым-катнаштын экономикалык өнүгүүсү убак-убагы менен саясий күрөштөрдүн чыгып турганына карабастан бир эле учурда саясий стабилдүүлүктү да, тең салмактуулукту да пайда кылган. Албетте, Кокон хандыгынын тарыхы согуштарга, бийлик

---

[1] *Кун А.* Некоторые сведения о Ферганской долине.—ВС.—1876.- №4. —437-бет.

талашуудан келип чыккан кан төгүүлөргө, козголоңдорго бай. Бирок алар орто кылымдын ар кандай деспоттук мамлекетин коштоп турган мыйзам ченемдүү көрүнүш. Дүйнө тарыхынын жүрүш логикасы ушундай. Мындай этносаясий шартта моноулуттук мамлекет түзүү таптакыр эле мүмкүн эмес. Ошондуктан Ферганадагы бардык калктардын өкүлдөрү тигил же бул деңгелде мамлекеттин саясатына катышып турушкандыгы чындык.

Кокон тарыхы жөнүндөгү булактарга негизденип, анын тарыхында зор саясий таасирге ээ күчтөр катары "сартиййа" менен "илатиййадан" турган эки жамааттан башка, дагы 4 саясий күчтү: сарттар, миңдер, (өзбектер), кыргыздар жана кыпчактарды көрө алабыз. Эгер саясий күч "сарттар" негизинен "сартиййаны" камтыса, кыргыздар жана кыпчактар "илатиййаны" камтыган. Саясий күч миңдер (өзбектер) XVIII кылымдын ичинде көчмөн феодалдык топту түзүп, "илатиййага" кошулса да, XIX кылымдын ичинде алар акырындап отурукташкан "сартиййанын" курамына кирип кетишкен. Бул күчтөр Кокон тарыхынын ар бир урунтуу доорлорунда саясий бийликтин ар кандай баскычында турушкандыгын булактарга таянып төмөндөгүдөй түшүндүрсө болот.

1709—1760-жылдарда саясий бийликтин башында миңдер тобу турду. Бирок алар бийликти кыргыз бийлери менен бөлүшүшкөн (Акбото бий, 1741—60-жылдардагы кокон—кыргыз союзу, Кубат бий, Ажы бий жана башка.) 1760-жылдан баштап 1800-жылга чейин бийликти миңдер саясий тобу негизинен колуна алды жана акырындап "сартиййа" менен биригүү жолуна түштү. (Нарбото бийдин саясаты.) 1800—1840-жылдарда бийликтин башында миңдер турганы менен, алардын саясатын экономикалык байлыгы күчтүү топ "сарттар" жана согуштук каста "галчалар" тескеп турду. Иш жүзүндө бийлик миңдердин колуна толук тийген эмес жана алардын отурукташуусунун күчөшү, шаар калкына айланышы сарттар менен тыгыз байланышка өтүүсүнө, ал түгүл ал категорияга кирип кетүсүнө шарт түздү.

1840—42-жылдардагы саясий кризистин натыйжасында кыргыз бийлери кайрадан тарыхый аренага келишип[1], 1842—44-жылдары бийликти колдоруна толук ала алышты. (Нүзүп бий.) 1844—56-жылдары кыпчактардын үстөмдүгү орноду. (Мусулман-

---

[1] XIX кылымдын 40-жылдарынан баштап Кокон мамлекетинин кулашына чейин кыргыз бийлеринин хандыктагы зор саясий ролун изилдөөлөр белгилешет. (Караңыз: *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения. . —35-бет.)

кул миңбашы.) 1856—58-жылдары болуп өткөн саясий ополоңтополоң кайрадан бийликти кыргыздарга алып келди. 1858—65-жылдары Алымбек менен Алымкулдун мезгилинде хандык бийлик тескерисинче өзүнүн эң төмөнкү абалына түшүп, өзгөчө Алымкул аталыктын мезгилинде (1863—65) расмий хан Султан Сейит кыргыз бийинин эркине толук түрдө баш ийип калды. 1865—75-жылдары бийлик эски миң феодалдарынын өкүлдөрүнө жана "сартиййа" жамаатына тийгени менен кыргыз-кыпчак бийлери мамлекет башкарууга активдүү катышып турду. (Абдрахман аптабачы, Шер датка, Нарманбет датка, Кедейбай датка, Курманжан датка жана башкалар.) 1873—76-жылдардагы кыймылдын мезгилинде кыргыз бийлери бийликти алууга дагы бир аракеттенип көрүштү жана анын натыйжасында Искак хан көтөрүлдү. Мааниси жана максаты таптакыр башкача болгону менен Искак-Полот хандын кыймылын жана анын аракеттерин мурунтан салт катары келаткан саясий тең салмактуулукту калыбына келтирүүгө болгон аракет деп эсептесе да болот. Тигил же бул этапта тигил же бул жааматтын бийликке келишин абсолюттук бир беткей көрүнүш деп түшүнүү жарабайт. Ал жаамат бийликтин негизги рычактарына жетишкени менен, калган жааматтардын өкүлдөрү деле башкаруу ишине катышып турушкан.

Хандык бийликти аталган 4 жааматтын үстүндөгү гарант фактору катары түшүнүү абзел. Деги эле орто кылымдан бери келе жаткан чыгыш тарыхындагы хандык бийлик көбүнчө шарттуу болгондугу маалым. Хан бийлиги "ыйык" деп таанылып, Борбордук Азияда хан тукумунун урпагы гана хан тагына олтурушу мүмкүн эле. Ошондуктан күчтүү жаамат бийликке жетиш үчүн саясий күрөш мезгилинде дайыма тигил же бул хан тукумун бетине кармап чыгышкан да, анын күчү менен такка олтурган хан сөзсүз түрдө бийликке алып келген жамааттын кызыкчылыгын коргоого тийиш болгон. Кокон хандыгынын тарыхына сереп салсак, миңдердин күчү менен 1709-жылы бийликке келген Шахрухтан баштап хандык бийлик акырындык менен өнүгүп, өзүнүн апогейине Алим хан менен Омор хандын тушуна гана жетти. Ал эми Мадали хандан баштап хан аброю улам төмөндөп, 1863—65-жылдары регенттик кылган ичкилик кыргыздардын кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан Алымкул аталыктын мезгилинде хандык бийликтин мааниси жокко чыгууга аз калды. Кудаяр хан 1865—75-жылдары хандык бийликти чыңоого бир топ аракет кылса да, анын бул максаты ишке ашпады.

Мына ушундай татаал саясий кырдаалда өмүр сүргөн Кокон мамлекетинин тарыхында кыргыз бийлеринин, кыргыз элинин

таасири, ролу чоң экендигин байкоого жогорку берилген анализ мүмкүндүк берет[1].

Борбордук Азиянын чордону болгон Фергана өрөөнүндө кадимден эриш-аркак ыстыкоомат кылып келген түркий, тураний элдердин тукумдары көкөлөгөн жеңиштерди, эчендеген тукумкурут согуштарды, күлкү менен шаттыкты, азап менен тозокту бирге тартып, ошолордун ичинде тураний дин бир бутагы болгон ферганалык кыргыздар оомалуу-төкмөлүү тарыхтын бир бүркүмү катары жашап өткөн Кокон амирлигинин сыртында кала бериши дегеле мүмкүн эмес. Ферганалык кыргыздар Кокон амирлигинин жеңишине да, жеңилишине да, жакшылыгына да, жамандыгына да ортоктош болгон. Мындан башкача болушу тарыхтын логикасына туура келбейт. Ошондуктан XVIII кылымдын башынан XIX кылымдын 70-жылдарына чейинки кыргыз тарыхын Кокон хандыгынын тарыхысыз кароо эң эле бери дегенде түркөйлүк.

Жогорудагылардан улам биз Түштүк кыргыз урууларынын XIX кылымдын 60—70-жылдардагы орчундуу саясий окуялары болгон Кокон ханына каршы көтөрүлүшүн жана Орусия мамлекетине каратылышын Фергананын башка тургундарынан, айрыкча, Кокон хандыгынан бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Ферганада түзүлгөн Кокон хандыгы өзүнүн биринчи күнүнөн баштап, калыптанган этносаясий курамы жагынан да, социалдык экономикалык мүнөзү жагынан да көп улуттуу Фергана тургундарынын саясий режими, орток мамлекеттүүлүгүнүн талабына жооп берет. Кокон амирлигинин алгачкы күнүнөн баштап эле Кокондун (Кухкент деп аталчу аймак) айланасындагы чөлкөмдөрдө өзбектер, кыргыздар, сарттар, тажиктер чогуу жашашкан, бийликтеги феодалдардын эзүүсүнө чогуу кабылышкан. Совет тарыхнаамасында Кокон хандыгы өзбек элинин улуттук хандыгы жана ал (демек өзбек эли) кыргыз элин басып алып, улуттук эзүүнү орноткон, ошондуктан мындагы бир нече көтөрүлүштөр

---

[1] Кыргыз бийлеринин Кокон хандыгынын бийлик чөйрөлөрүнө аралашы-шы жөнүндө маалыматтар кийинки мезгилдерде чыккан бир топ макалаларда чагылдырылгандыгын окурмандар билишет. Караңыз: *Кененсариев Т.* Эл тарыхы жер тамырында. —СТ.—№ 2.—1991-жыл; Курманжан датка — тарыхый инсан.//Курманжан датка.—Ош;1991; Кыргыздар. —ОЖ.—1992-жыл.—22—24-августтар; Кокон хандыгы жана кыргыздар.—ЗК.—997-жыл, 7,14-марттар; *Молдокасымов К.* Полот хан. —Мурас. —1991.—№ 7; Искак Молдо Кокондун акыркы ханы.—ЗК.—1995-жыл.—19– 25-ноябрлер; Алымбек датка — Кокондун баш уязири.—КР.—1995.— № 7,8, *Эркебаев М.* Алымбек датка. (Тарых, тагдыр, инсан.).—ЗК.-30-июнь,7,14 июль, 1995-ж;Кыргыздар.—3-китеп.—Б.,1996; Курманжан датка (тарыхый баян).—ЗК. 19,20,21-май, 1996-ж. жана башкалар.

өзбек хандыгына каршы улуттук кыймыл болгон деген пикирлердин туура эмес экендигин баса белгилөө керек. Кокон хандыгы Фергана тургундарынын жалпы мамлекеттүүлүгү болгондуктан, Кокон бийликтеринин акырындык менен Фергананын тоолук кыргыздарын, ал турсун Тянь-Шань, Талас, Чүй, көл кыргыздарын каратып алуусун хандыктын саясий жол менен кеңейиши катары (XIV—XVI кылымдарда Улуу Москва княздыгынын кеңейип, бор-бордошкон Орус мамлекетине айланганындай эле) саноо туура. Кыргыздардын үстүнөн Кокон амирлигинин орношу ошол эле өзбектер, сарттар, тажиктер, казактар жана башкалар жашаган Кожент, Оро-Төбө, Жызак, Ташкент, Чымкент, Олуя-Ата чөлкөмдөрүн Кокон мамлекетине бириктирүүдөн айрымасы жок экендиги булактарда ырасталат. Кыргыз элинин көбү, айрыкча Фергана кыргыздары Кокон хандыгын өзүнүн эле мамлекети катары туйган. Ошондуктан Түштүк кыргыздарынын баш көтөргөн бийлери Кокон ордосундагы саясатка аралашууга умтулган, аларды ордо жериген эмес, кайра өзүнө тарткан.

Албетте, Кокон амирлигинде азгана мезгил карап турган Чүй, Нарын, көл кыргыздарында жогоркудай сезим калыптанууга үлгүрбөдү. Ушуга байланыштуу бул чөлкөмдөгү кыймылдар (мисалы Тайлак баатырдын көтөрүлүшү, Канай-качуу жана башка козголоңдор) чынында эле Кокон хандыгына каршы боштондук күрөш түсүн алган. Ошого карабастан Кокон мамлекетинин курамына кирген кыргыз элинин эзилүүсүн өзбек элинин кыргыз элин улуттук эзүүсү катары эмес, кадимки эле ар кандай феодалдык-деспоттук режимдеги эзүү катары түшүнүү абзел. Ал түгүл ферганалык жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык эзилүүсү саясий номиналдуулукка ээ болгон Кыргызстандын айрым Түштүк жана Түндүк тургундарынын эзилүүсүнөн алда канча ашып түшкөндүгү белгилүү. Ошондуктан кыргыз элин Кокон хандыгы Орусиянын колониялык саясатындай эле эзип турган деген жыйынтык тарых логикасына туура келбейт.

Жогорку пикирлерге таянып, биз Түштүк кыргыз уруулары-нын XIX кылымдын 60—70-жылдарындагы орчундуу саясий окуялар болгон Кокон режимине, анын ханы Кудаярга каршы (Кокон хандыгын түзгөн мамлекетке эмес) көтөрүлүшүн жана Орусия империясына каратылышын Фергананын башка тургундарынан, айрыкча, Кокон хандыгынан бөлүп кароого мүмкүн эмес экендигин дагы бир жолу баса белгилөөбүз абзел.

4.2. XIX к. 60—70-жж. Фергана өрөөнүнүн саясий-экономикалык абалы

1866-жылдын башында генерал Д.И. Романовский мурунку жылы эле уюшулган Түркстан облусуна губернатор болуп дайындалгандыгы маалым. Ал 1865-жылы генерал М.Г. Черняев Ташкентти алгандан кийин, күздө Оренбург генерал-губернатору Н.А. Крыжановскийди коштоп Ташкентке келип кеткен. Ошого байланыштуу Д.И. Романовский Оренбург генерал-губернаторунун атынан Петербургга атайын баяндама менен чыккан[1]. Анын генерал М.Г. Черняевдин Ташкентти Петербургдун макулдугусуз басып алышына каршы болушу өкмөттүн көңүлүнө алынып, Н.А. Крыжановскийдин сунушу менен ал 1866-жылдын 10-февралында М.Г. Черняевдин ордуна Түркстан облусунун губернатору болуп дайындалган[2]. Жаңы губернатор бул жердеги саясатка аз гана өзгөртүү киргизгени менен, мурунку программадан чыккан жок. 1866-жылы февралда Түркстанга келген генерал Д.И. Романовский баш командачылыкты колуна алып, демилгени суутпай май айында Ирджар чебин басып алды[3]. Натыйжада, Ирджар чебиндеги бухара аскери Кожент шаарын таштай качкандыктан шаар кайрадан Кокон хандыгынын колуна өттү. Д.И. Романовский жүрүштү андан ары улантууга шашылбады. Генерал М.Г. Черняев баштаган чоң жүрүштүн күүсү басаңдап, орус армиясы алсырап да калган болучу.

1866-жылдын май айынан кийинки тыныгууда генерал Д.И. Романовский Чыйырчык өзөнүн, Наманганга кетүүчү жолдорду изилдөөгө ротмистр Шауфустун отрядын жөнөтөт. Чаткал өрөөнүнө жакын чөлкөмдөрдө, ал отряддан эки орус солдатты Анарбай аттуу кыргыз жоокери колго түшүрүп алып, Кокон ханы Кудаярга тапшырат. Бирок, орус бийликтери менен мамилени бузуудан чочулаган хан туткундарды кайтарып жиберет[4].

1866-жылы июлдун акырында Д.И. Романовскийге Оренбург генерал-губернатору Н.А. Крыжановский мындан ары эмне кылуу керектигин көрсөтүп кат жазды. Ал аракетти төмөндөтпөй, Наманган гана эмес Кокон мамлекетин бүт каратып алууну, Кудаяр ханга карата мамилени "кыр көрсөтүү менен" жүргүзүүнү, аны

---

[1] *Романовский Д.И.* Заметки по среднеазиатскому вопросу.—СПб.,1868.
[2] *Львов И.* Завоевание Туркестана...—169-бет.
[3] *Львов И.* Завоевание Туркестана...—168-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—361-бет.

Орусиянын вассалы катары саноону, эгер ага нааразы болсо ал түгүл жок кылып жиберүүнү да сунуш кылды[1]. 1864—1866-жылдардагы согуштук ийгиликтер орус колонизаторлорун ашынтып жибергенин Н.А. Крыжановскийдин жогорку сөздөрү ырастап турат.

1866-жылы августта Н.А. Крыжановский Ташкентке өзү да келип түштү. Ал "Ташкент Орусиянын курамына киргизилсин",— деген падышанын жарлыгын ала келди. Жарлык боюнча 1866-жылдын жайына чейин каратылган Ноо чеби, Чаткал өрөөнүнүн алкым жагы жана башка жерлер орус букаралыгына өттү.

Н.А. Крыжановскийдин буйругу менен Кожентке аскерлер чогултулду. Ал 1866-жылдын 18-августунда согуш министрине жазган катында Наманган шаарын, мүмкүн Коконду да аларын билгизип, кошумча акча каражатын сураган болчу. Бирок, Кожентке сентябрь айында келген бухара элчилеринин белегинин аздыгына жана эмирдин контрибуция төлөөдөн баш тартышына ачуусу келген генерал Н.А. Крыжановский 5-сентябрь күнү Оро-Төбө менен Жызакты көздөй жүрүшкө чыгууга буйрук берди[2]. Ошентип соккунун багыты Кокондон Бухарага бурулду. Бухара ээликтерине карай жүрүшкө 600 араба жана 800 төөгө ок-дары жана азык-түлүк жүктөлгөн кербен коштогон 2 миңден ашуун солдаттан турган армия 1866-жылдын 20-сентябринде Кожентten чыгып кетти[3]. Оро-Төбө 2-октябрде, Жызак 18-октябрда алынды. Д.И. Романовскийдин билдирүүлөрүнө таянсак, Жызак үчүн күрөштө гана жергиликтүүлөрдөн 6 миң киши өлүп, 2 миң киши туткунга түшкөн, эпсиз байлык олжолонгон[4].

Бухара эмири Музаффар мындай олуттуу жоготууларга эч кандай каршылык жасабады. Согуштук коргонууну да уюштурбады, дипломатиялык нааразычылык да билдирбеди. Орус генералдарынын эскерткениндей: "бул согуш экспедициясы азиялыктарча — согуш ачуу жөнүндө расмий билдирүүсүз башталды да, кайра эч кандай кагаз жүзүндөгү бүтүмсүз азиялыктарча аяктады"[5]. 1866-жылдын 1-ноябринде көкүрөгүн орденге толтурган орус генералы Н.А. Крыжановский Оренбургга, 11-декабрде Д.И. Романовский Петербургга кайтып кетишти. Д.И. Романовскийдин ор-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—362-бет.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—363-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—363-бет.
[4] *Каримов Ш., Шамсутдинов Р.* Туркистон Русиё боскини даврида.—Андижан,1995.—24-бет.
[5] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—383-бет.

дуна генерал-майор Мантейфел дайындалды. Жызакта 12 замбиреги бар 10 ротадан жана 3 жүздүк казак-орустардан турган гарнизон подполковник А. Абрамовдун командачылыгында калтырылды[1]. Ушул окуялар менен 1864-жылы башталган Орусиянын Түркстанга болгон куралдуу аракетери убактылуу токтолду.

Бул мезгилде Кокон хандыгынын ички абалы кандай эле? 1865-жылы 9-майда Алымкулдун көзү өткөндө, аны менен кошо Ташкентте жүргөн Султан Сейит хан эмне кылаарын билбей карбаластап калат. Кошуундун негизги сокку уруучу күчүн түзгөн Фергана кыргыздары менен кыпчактар жаш ханды таштап, кыргыз кол башчысы Бекмаматтын жетекчилиги астында Коконго карай кетип калышат[2]. Натыйжада Ташкентте эки жаамат түзүлөт. Оруска жүз бурган жаамат шаарды орус аскерине өткөрүп берүүнү ойлоду[3]. Ал эми Кокон амирлигинде калууну көздөгөн жаамат кокон аскерлеринин тарап кете элек бөлүктөрүнөн шаарды коргоп калуусун сураныштыы. Ошол эле учурда Бухара эмири Музаффарга Эшен кожо менен Казы Каландын жетекчилигинде жашыруун элчи жиберишти[4]. Эмир Султан Сейитти Бухарага чакырды, аны алып келүүгө Искендер бекти жиберди. Искендер бек менен Мир Ахмед Мир Алимов экөө Султан Сейитти коштоп 10-октябрь күнү Бухарага жөнөгөндө[5] эмирдин кол алдына өтүүнү каалабаган кокон аскерлеринин басымдуу бөлүгү Атабек наибди ээрчип Ферганага кайтып кетишти.

Чаң-тополоңго түшкөн Ташкент эмирден колдоо келбегенден кийин, өз алдынча коргонууга аракеттенди, бирок 14—15-июнь күндөрү орус аскерлеринин штурмуна туруштук бере албады. Жеңилип берүү жөнүндөгү бир аз сүйлөшүүлөрдөн кийин 17-июнь күнү шаар багынып берди да, капитуляция келишимине кол коюлду. (Р.Н. Набиев өзүнүн изилдөөсүндө орус армиясы Ташкентти 31-июнь күнү каратқан деп жазат[6].) Тарыхый булактарда Бухарага жөнөгөн Султан Сейитти болжол менен Жызак чөлкөмүндө эмирдин атаңын жиберген тыңчылары кармап, мууздап салышкандыгы жазылат.[7] (Бирок 1871-жылы Кокон хандыгы-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—383-бет.

[2] *Наливкин В.* Краткая история...—202-бет.

[3] *Набиев Р.Н.* Из истории Кокандского ханства.—Т.,1973.—69-бет.

[4] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник...—128-бет.; *Соколов Ю.* Ташкент, ташкентцы...—155-бет.

[5] *Соколов Ю.* Ташкент, ташкентцы...—159-бет.

[6] *Набиев Р.Н.* Из истории Кокандского ханства...—69-бет.

[7] *Наливкин В.* Краткая история...—202-бет.

на келген А.П. Федченко аны өлгөн эмес деп көрсөтөт[1].) Ал эми аны коштоп барган Искендер бек Бухарага келери менен өлтүрүлгөн[2].

Хансыз калган Кокон мамлекетинин тактысына эми Кудаяр үчүнчү жолу умтулду. Бухара эмиринен жардам сурап, ага байлыгынын төрттөн бирин өткөрүп бермекчи болду[3].

Эмир Музаффар Самаркандда турган мезгилде Ташкенттен Фергана өрөөнүнө келишкен кыргыз-кыпчак кошуунунун төбөлдөрү Кокондон 30 чакырым түндүктө турган Сарай деген жерде бир аз кеңешүүдөн кийин Ыкын мырза деген кыргыз аскер башчысынын сунушу менен Кокон амирлигинин негиздөөчүсү Шахрух бийдин (1709—1722) үчүнчү уулу Шады бийдин урпактарынын бири 16 жашар Кудайкул бекти хан көтөрүштү[4]. (Кудайкул Кокондо кур сатчу жана аны менен Ыкын мырза жакшы тааныш эле. Кудайкул тарыхта Белбакчы хан деген ат менен да белгилүү.) Тез аранын ичинде Кудайкул Кокондон алдырылып, кыргыз-кыпчак кошууну шаан-шөкөт менен ордого кирди. Баймат кыпчак миң башы дайындалып, Ташкентке жүрүш жасоого даярдык көрүлө баштады[5].

Жаңы хан орустарга каршы күрөшүү үчүн элге 100 миң дилде каражат чогултууга буйрук берип коюп, кыргыз-кыпчак кошууну менен 14 күн Кокон шаарында тургандан кийин Ташкентке карай жол тартты. Аңгыча Бухара эмири менен Кудаяр хан Кожентке кирди деген кабар угулду. Натыйжада кыргыз-кыпчак кошууну кайрадан Коконго кайтууга мажбур болуп, кийинчерээк ордодон артиллерияны алып чыгып кетти. Көчмөндөр Маргаланда турганда бош калган шаарды кокондуктар эмн өзүлөрү тоноп киришти. Хан ордосу катуу таланды. 1865-жылы 15-июль күнү эмир Музаффар Коконго кирди. Ошол күндөрү бир нече жолу кыргыз, кыпчак кошууну Коконго чабуул койду, бирок ала албады. Алдаяр бектин башчылыгындагы эмир Музаффардын жакшы куралданган армиясынын чабуулунун астында кыргыздар жана кыпчактар Ферганын чыгышына карай Ош аркылуу Мады кыштагына чейин согуш менен чегинип келишти. Кудаяр хандын башчылыгындагы экинчи жолку жазалоо отряды менен сентябрь айында

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан...—303-бет.

[2] *Бейсембиев Т.К.* "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник...—128-бет.

[3] *Набиев Р.Н.* Из истории Кокандского ханства...—70-бет.

[4] *Бобобеков Х.* Тарихимиздаги конли излар.// Мерос.—Т.,1991.—270-бет.

[5] *Наливкин В.* Краткая история...—202—203-беттер.

болгон кагылышта кыргыз-кыпчактардын кошуунунун басымдуу көпчүлүгү талкаланып калды[1].

Кыргыздардын жана кыпчактардын талкалануудан калган 7000дей атчандары, 400 жөө сарбаз жана 30 замбиректен турган артиллерия Белбакчы ханды коштоп, кыргыз Ыкын мырза, Алымкул өлгөндөн кийин кокон аскерине башчылык кылган кыргыз паңсаты Бекмамат, Ташкент вилайетинин мурунку беги Мырза Акмат күшбеги, кашкардык Бузурук хандын эки ата өткөн тууганы Катта Төрөнү алышып Кашкарды карай жөнөштү. Алардын артынан 12 миңдей жеңил куралданган кол менен кууган Кудаяр хан Сопу-Коргон ченде качкындарга жетти да, кармашта Белбакчы хан менен кыргыздардын бир бөлүгү Чоң-Алай тарапка, ал эми кыпчактардын жана кыргыздардын 3—4 миңдей тобу Терек-Даван аркылуу Кашкар тарапка ооп кетти. Замбиректери менен кача албай калган сарбаздар жана 800гө жакын жоокерлер колго түштү[2]. Кудаяр хан жеңиш менен ордого кайтты.

Кашкарга качкан кыргыздар менен кыпчактарды Алымкул аталык өлгөндөн кийин Кокон хандыгынан кол үзгөн Жакыпбек ал жерде көп тургузбады. Себеби, Жакыпбек үчүн Чыгыш-Түркстанда көчүп-конуп жүргөн кыргыздар деле аскер кызматына жетиштүү эле. Натыйжада качып баргандардын көбү Ферганага кайтып, кыргыз, кыпчак жоокерлери кайрадан көтөрүлүшкө чыгышты, көп өтпөй Араванды ээлеп алышты[3].

Мындай кырдаалда элдин нааразылыгынан жана көчмөндөрдүн толкундоолорунан чочулаган эмир Музаффар Фергана өрөөнүн кармап туруудан айныды да, Кокон тагына Кудаяр ханды үчүнчү жолу отургузуп, Бухарага кайтты. Эмир өзү менен кошо бир нече көрүнүктүү усталарды, толгон мүлктү, колго түшкөн замбиректерди жана гареми үчүн 400 сулуу кызды[4] (анын ичинде Кудаяр хандын карындашы да бар эле) ала кетти.

Кыргыз, кыпчак көчмөндөрүнүн курал таштабай тынымсыз бийлик талашууга кылган аракеттери Музаффар менен Кудаярды гана эмес, орус бийликтерин да тынсыздандырган. Мисалы, Н.А. Крыжановский өзүнүн билдирүүлөрүнүн биринде кыргыз, кыпчак уруулары ушул кышта 1863-жылдагыдай эле Кудаярды

---

[1] *Гейнс А.К.* Собрание литературных трудов.—Т.2.—СПб.,1898.—322-бет.

[2] *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии.—ВС.—1878.— 1.—Ч.1. —115—117-беттер.

[3] *Наливкин В.* Краткая история...—203-бет.

[4] *Набиев Р.Н.* Из истории Кокандского ханства...—70-бет.

дагы кууп, эмир менен согуш ачуусу мүмкүн деп билдирген[1]. Ош шаарынын тегерегиндеги көчмөндөр эми Маргалаң менен Оштун акими Кудаяр хандын иниси Султан Мурат бектин айланасына топтолушту. Султан Мурат 1866-жылдын эрте жазында Ош чөлкөмүндө зекет чогултуп жүргөн. Кудаярдын бөлөсү Мадаюб бектин пикири менен 200—300 кыргыздар жана кыпчактар Султан Мурат бекти хандыкка көтөрүп, Кудаяр ханды тактан алып таштоону сунуш кылышты. Буга Султан Мурат бек каршы чыкты, ал түгүл козголоң жөнүндө Кудаяр хандын өзүнө билдирип койду. Ушуга байланыштуу козголоң ордунан чыкпады. Мадаюб бек дарга асылды[2]. Бирок, кийин деле тоолуктар толкундоолорун улантышып, бийлик талашуу оюнан кайтышпады.

Убактылуу жеңилүүгө учураган кыргыз-кыпчак бийлери тактикалык чегинүү жасап, Кудаяр ханга таазим кылып келип жатышты. Алайдан атайын түшкөн Курманжан датка Коконго келип ханга салам берип кетти. Кудаяр хан энеси Жаркынайым менен жакшы ымалада болгон Курманжандын "датка" титулун дагы бир жолу расмий бекитип, белек-бечкек берип жөнөттү. Коконго ээрчите барган тун уулу Абдылдабекти 1865-жылы Ташкенде Алымкулдун кошууну менен оруска каршы кармашта мерт болгон Жаркынбайдын ордуна Ошко аким дайындатып, бир топ жерден харадж чогултууга укук алып кайтты[3]. Кыргыз көчмөндөрүнө таасири зор Курманжандай инсандар Кудаярдын бийлигин тааныгандыгы башка кыргыз-кыпчак бийлеринин тынчышына алып келди.

1866-жылы 18-майда Ирджар чебиндеги Бухара кошуунунун орус аскеринен жеңилип калышы менен Кожент шаары кайрадан Коконго өтүп, ага кыргыз бийи Молдо Тойчу датка аким коюлду. (Бирок ал сентябрь айында Кожентти орус армиясы басып алганга чейин гана бийлик жүргүзгөн.) Бул фактылар хан бийлиги менен тынчы жок кыргыз-кыпчак төбөлдөрүнүн убактылуу болсо дагы жарашуусун көрсөттү.

Коконго байланыштуу жогорку окуялар жүрүп жаткан мезгилде, орус колонизаторлорунун басып алуулары уланып жаткан. Бийликке бирөөнүн күчү менен келген Кудаяр хан Орусия жүрүштөрүнө каршылык көрсөтмөк турсун, өз жанынан коркуп, ордодон эч жакка чыкпады. Орус бийликтерине тескерисинче

---

[1] ОБМСТА.—ВУА фонду.—2-бөлүм.—2-бөлүк.—6795-документ.
[2] *Наливкин В.* Краткая история...—204-бет.
[3] *Молдокасымов К.* Курманжандын көз жашы.—Б.,1991.—7-бет.

жагынуу, кошомат кылуу аракетине өттү. Ал ушул саясат менен эртеби-кечпи Түркстанды Орусиянын басып алуусунан коопсонуп, тактыны сактап калууга умтулуп жатты. Кудаярдын бул саясатын орус аскерлери Кожентти каратып алгандан кийин, анын генерал Романовскийди куттуктап жазган катынан көрүнөт. "Мен ак падыша менен достугуму сактап, Кокондон чыкпадым,— деп жазат Кудаяр хан,—өз чек арамды сакташ үчүн 35 миң кол менен Шайтан-Мазар чебине силердин чабуулуңарды күтүп турдум. Бирок эмирдин аскери Бухарага качып, силер аны кууп жөнөгөнүңөрдө мен Шайтан чебинен кайтып кеттим. Мен Ак падыша менен достуктан ажыраганымда Кожентке кирет элем да, муну менен Бухара эмирине жакшы жардам бермекмин. Алланын жардамы тийип Сиз Кожентти алдыңыз. Мен Сизди жеңишиңиз менен куттуктаймын"[1]! Бул сөздөрдө өз ата-мекенин саткан чыккынчынын дили айкын сезилип турат. Себеби, Кожент шаары жакында эле Кокон хандыгынын ээлиги болучу. Кудаяр-хан аны коргомок түгүл, орус аскеринин талоонуна таштап койду. Өз колундагы шаарды басып алган душманын жеңиши менен куттуктаган мамлекет башчысы тарыхта сейрек кездешет.

1866-жылы Коженттин, Бухара ээликтери Оро-Төбөнүн жана Жызактын алынышы менен Кокон хандыгынын чөлкөмү негизинен Фергана өрөөнү менен гана чектелип калды. Бухара менен түздөн-түз карым-катнаш үзүлдү. Кокон ханы Кудаяр бул окуялардан кийин ички гана маселелер менен алек болуп жатты. Анын үстүнө Кокон хандыгынын 1865-жылга чейинки ээлиги болуп келген Ташкенттин 1867-жылы түзүлгөн Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору болуп калышы Кудаяр хандын Орусия менен кураңдуу күрөшүн куру аракет катары көрсөтүп коймок. Ошондуктан ал Орусиянын басып алууларын айласыздан таанып, Ташкент менен дипломатиялык мамилеге өтүүгө аргасыз болду.

Кокон мамлекетинин учурдагы абалы жөнүндө падышачылык менен кошо жергиликтүү орус бийликтери да олуттуу пикирлерди айткандыгы маалым. Мисалы, К.П. Кауфман алгачкы күндөрдө Петербургга Орусиянын Түркстандагы абалынын бекем экендигин, Кокон жана Бухара тургундарынын орус бийликтери менен тынч мамиледе тургандыгын, ошондуктан согуш саясатынын азырынча максатка ылайык эмес экендигин билдирген[2]. Ал эми Оренбург генерал-губернатору Н.А. Крыжановский болсо

---

[1] *Каримов Ш., Шамсутдинов Р.* Туркистон Русиё боскини даврида...—24-б.
[2] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—280-бет.

1866-жылы 1-июлда Согуш министри Д.А. Милютинге жазган катында — ... Кокон өкмөтү биздин бийликке баш ийүүсү жөнүндө өзү демилге көтөргөндөй саясат жүргүзүү зарыл..., керек болсо Кудаяр хан Орусиянын вассалы болуп калууга тийиш...,—деген оюн айткан[1]. Кийинки жылдары орус—кокон мамилелери так ушул таризде өнүгүп жатты. Ошентип, бир катар сүйлөшүүлөрдөн кийин, 1868-жылы 29-январда Кудаяр хан менен К.П. Кауфман соода келишимине кол коюшту.



Кудаяр хан Шералы уулу

Документ соодага арналганы менен анын мааниси кеңири болгон. Келишим боюнча Орусия төмөнкү укуктарды алды: 1) Эки тараптан кирген товарларга 2,5 % зекет салынат; 2) Эки тараптын көпөстөрүнө эки жактын тең ээликтеринде эркин соода жүргүзүүгө жана кербен-сарайларды салууга; 3) Орус соода агенттеринин Кокон хандыгынын каалаган жеринде иш жүргүзүүгө; 4) Кокондун бардык шаарларында орус кербен башчыларынын жайгашышына; 5) Хандыктын чөлкөмү аркылуу орус кербендеринин каалаган жакка тоскоолдуксуз өтүүсүнө кеңири укуктар берилет[2]. Бул келишим Кокондун тышкы абалын эске алганда иш жүзүндө Орусияга вассалдык көз карандылыкты алып келди. "Хан чынында биздин таасирибизде калды, ошондуктан хандык бизге коркунучсуз коңшуга айланды", — деп жазат ошол замандын автору[3].

Кудаяр хандын кийинки аракеттери жогорку пикирлерди ырастады. Падыша өкмөтүнөн качкан качкындарды кайтарып берип турду, соодагерлер менен кошо келген түрдүү саякатчы, илимпоз кейпиндеги чалгынчыларга Кокон чөлкөмүн кыдырууга уруксат берип жатты. Мисалы, А.П. Хорошкиндин өкүлчүлүгү (1868), Иванов деген табият таануучунун Кокондон Нарынга че-йин өтүп, кайра кайтышы (1868), Краузе аттуу табият таануучунун Наман-

---

[1] *Сребренников А.* Туркестанский край. Сборник материалов...—Ч.2. —Т.,1914.—231-бет.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—401-бет.

[3] *Боголюбов А.* Очерки войны в Средней Азии.—ВС.—Т.31.—152-бет.

ган чөлкөмүндө табылган нефти булагына барып келиши (1869), Верещагиндин Кокондо болушу (1869), К.В. Струвенин географиялык изилдөөлөрү жана Кокон хандыгынын картасын түзүшү (1870), А.П. Федченконун Алай, Памир тоолоруна болгон саякаты (1871) жана башкалар. Ушул жылдары европалык саякатчылар Друцкий менен Адамоли да Кокондо болушкан.

Кудаяр хан тышкы саясатта өз алдынча иш жүргүзө албады, тигил же бул маселелер боюнча К.П. Кауфман менен кеңешип турду. Орус бийликтеринин жардам берүүсүнө толук ишенип калган Кудаяр хандыктын куралдуу күчтөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурбады. Ички саясатта ал кээ бир курулуштарды курдуруп, анчамынча ирригациялык системаларды оңдоттургану болбосо, негизги саясатты хан казынасын, башкача айтканда, өз чөнтөгүн толтурууга гана багыттады. Ошол эле учурда "жаңы достору" болуп калган орус өкмөтүнүн куралдуу күчтөрүнө көмөк көрсөтүп жатты. Чек арага жакын турган аскерлерди азык-түлүк, жем-чөп менен камсыз кылууну мойнуна алды. 1871-жылкы кургакчылыкка байланыштуу буудайдын баасы көтөрүлгөндө, Ташкенди арзан эгин менен камсыз кылды. Кудаяр хан падышага жагынуу үчүн ал турсун Петербургга элчи жиберүүнү К.П. Кауфмандан суранган. Генерал буга макул болуп, натыйжада орус тилин жакшы билген Хаким Уманов деген киши борборго жиберилди. Александр II элчиге жана Кудаяр ханга белек-бечкек берип жиберди. К.П. Кауфмандын рапортунун негизинде, хан бриллиант жылдыз кадалган I даражадагы Станислав ордени менен сыйланган[1]. Кудаярдын уулуна да Орусияга саякаттап келүүгө уруксат берилген. Ошентип, бир аз убакытта эле Кудаяр хандын кошоматчылык саясатына байланыштуу Кокон хандыгы Орусиянын факты жүзүндөгү жарым колониясына айланды[2].

1868-жыл Орусиянын Чыгыш маселесинде Борбордук Азиядагы саясатынын өнүгүшүнүн жаңы доорунун башталышы болуп калды. Себеби, 1864—68-жылдардын ичинде Кокон хандыгына карата активдүү аракеттер жүрүп, бир катар кокон ээликтерин Орусия каратып алган. Акырында кокон—орус вассалдык келишими түзүлгөн соң, Кокондун бейтараптык абалынан пайдаланып, орус колонизаторлору Борбордук Азиянын тереңине умтула берди. Натыйжада 1868-жылы Эмир Музаффардын К.П. Кауфман

---

[1] *Алымбаев Ж.* Орусия жана Борбордук Азия: Тарыхый мамилелердин айрым маселелери.—ЗК.—1995-жыл,10-март.

[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории... —302-бет.

даярдаган келишимдин долбооруна каршы болуп "газават" жарыялашы, орус бийликтеринин ошол жылы майда Самарканды ээлешине алып келди. 1868-жылы июнда эмир Бухара-Орусия келишимине кол коюга жана 500 миң рубль контрибуция төлөөгө мажбур болду[1].

Бул мезгилде Чыгыш Түркстанда да бир катар саясий окуялар болуп өтөт. "Алтышаардын" жаңы кожоюну Жакыпбектин ички жана тышкы саясаты улам бекемделип, 1867-жылы Орусия менен мамилеси келишпей калган соң, Англияга жүз бурду. 1868-жылы Англия өкмөтү Жакыпбекке тез атуучу замбиректерден батарея жана 10 миң даана жаңы үлгүдөгү мылтыктарды "белек" катары өткөрүп берген. Ушуну менен Кашкар—Англия мамилеси күн өткөн сайын бекемделе берди[2]. 1867-жылы октябрда Кашкарияга барган орус өкмөтүнүн штабс-капитан Рейнталь баштаган элчилерин Жакыпбектин суз тосуп алышы, ал эми 1870-жылы Форсайт жетектеген Англиянын элчилерин өтө кадырлап сыйлашы айтылгандарды бышыктайт[3]. Ошол эле учурда Жакыпбек Чыгыш Түркстандагы жана орус букаралыгын расмий кабыл алышкан чек арадагы кыргыздарды өз таасирине тартууну да уланта берди.

1867-жылы Кулжа чөлкөмү таранчылардын көтөрүлүшүнүн жеңишине байланыштуу уйгур Абил Оглынын бийлигинде туруп, өзүнчө султанатка айланган болучу. Кулжада жашаган кыргыздар менен Жети-Суудагы казак, кыргыз урууларынын байланышы бул окуяга карабастан улана берген. 1868-жылдан баштап кыргыз уруулары Таранчы султанатынан массалык түрдө орус ээликтерине көчүп келе баштады. Буга биринчиден, Кулжадагы таранчылардын бир аз мурун эле өздөрүнүн көтөрүлүшүнө көмөк көрсөткөн кыргыз, казак урууларын кыса башташы, экинчиден, кырдаалдын бейтынчтыгы себеп болгон.

1869-жылдын март айынан баштап Таранчы султанаты менен орус бийликтери дипломатиялык мамилеге өттү. Андагы негизги маселе кыргыздардын жана казактардын журт которушуна байланыштуу өнүктү[4]. Бирок эки жактан тынымсыз болуп жаткан барымта жүрүштөрүн тыюу маселеси 1870-жылга чейин чечилбеди. Ошондуктан, К.П. Кауфман Г.А. Колпаковскийге токтоосуз Музарт ашуусун ээлеп алуу үчүн "Тянь-Шань отряды" деп аталган

---

[1] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—281-бет.
[2] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории... —289-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.1.—330-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—18-бет.

аскер жиберүүгө буйрук берди. Музарт ашуусу Тянь-Шань менен Алтышаарды жана Кулжаны байланыштыруучу бирден-бир өткөөл болучу. Аны ээлеп алуу чек араны бекемдеп, Музарт аркылуу Кулжага жүрүш жасоону пландаштырып жаткан Жакыпбектин жолун тосмок. 1871-жылдын жазына чейин чек арага Музарт ашуусунан башка, Тянь-Шань менен казак Ала-Тоосуна чейинки 250 чакырым аралыкка дагы эки отряд жөнөтүлдү[1].

Бирок кийинки мезгилдерде Кулжа бийликтеринин бейкапар мамилесинен барымта күчөп, Орусиянын Кулжадагы соода кызыкчылыгы ишке ашырылбай жаткандыктан, орус бийликтери Таранчы султанатын жок кылууну пландаштырды. 1870-жылдын башында Петербургдагы сүйлөшүүлөрдө Орус өкмөтү Кытай өкүлчүлүгүнөн Таранчы султанатын жок кылуу үчүн Кытай өкмөтүнүн бейтараптыгы жетишилди. 1870-жылы барон Каульбарстын Кулжага болгон элчилиги өз максатына жетпегендиктен, 1871-жылы июль айында Г.А. Колпаковскийдин жетекчилигинде Кулжага жана Иле чөлкөмүнө жүрүш жасалып, ал жерлер каратылып алынды[2].

1872-жылы 4-декабрда Петербургда өткөн өзгөчө кеңешме К.П. Кауфмандын Чыгыш маселеси боюнча кеңири баяндамасын угуп, андагы сунуштардын негизинде төмөнкүдөй токтом кабыл алды. "Эгер Кытай аскери көтөрүлүш чыгарган чөлкөмдөрдү тынчыта алса... Иле облусун Кытайга кайтаруу зарыл. Эгер кытайлар бул программаны аткарууга күчү келбесе, анда Иле облусу бизде (Орусияда) калуусу тийиш, биз анын Жакыпбекке багынып берүүсүнө жол бербешибиз керек...", — деп көрсөтүлгөн бул токтомдо[3]. Натыйжада Жакыпбек Орусия менен 1872-жылы соода келишимин түзүүгө мажбур болду. Келишим Орусиянын кашкар багытындагы соодасынын өсүшүнө шарт түздү. Бирок Кытай менен жакшы мамиледе болуп турган Орусия Жакыпбектин өкмөтүн расмий тааныган эмес.

Жакыпбектин өкмөтү кийинки жылдарда орус—англия тең тайлашынын шартында бир катар ыңгайлуу утуштарга жетишти. 1874-жылы Англия менен келишим түзүлүп, Кашкар өз алдынча мамлекет, ал эми аны башчысы Жакыпбек "бакдөөлөт" атында укумдан-тукумга калчу эмирлик титулдун ээси деп тааныльды. Анын аркасынан Кашкар өкмөтүн Түркия таанып, анын султаны Абдул-Азиздин наамында Кашкарда тыйын чыгарылып турду. Бирок,

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—19—20-беттер.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—39—58-беттер.
[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории... —297—98-беттер.

1870-жылдары Түркстанды жана Кокон хандыгын Орусиянын каратып алышы Кашкардын начарлоосуна алып келип, 1876-ж. — Кокон мамлекетинин жоюлган жылы — Кытай империясы дунгандардын көтөрүлүшүн басты. 1877-жылы июнда Жакыпбектин өлүмүнө байланыштуу Кашкардагы так талашуу күчөп, натыйжада Кытай аскерлери кайрадан Алтышаар чөлкөмүн ээлеп алды[1].

Ошентип, 1868—73-жылдардын ичинде Орусия 1868-жылы орус—кокон, орус—бухара, 1873-жылы орус—хива келишимдери менен Борбордук Азиянын үч хандыгын өзүнүн вассалына айландырып, 1871-жылы Кулжаны басып алуу, 1872-жылы орус—кашкар келишимин түзүү менен орус ээликтеринин чыгыш чөлкөмдөрүндөгү таасирин чыңдады. Бул тышкы факторлор Кокон мамлекетин каратууга ыңгайлуу шарттарды түздү.

1872-жылы Петербургда Орусиянын чыгыш саясатындагы Борбордук Азия маселеси каралды. Декабр айында өкмөттө болуп өткөн өзгөчө кеңешмеде К.П. Кауфман Борбордук Азиядагы "саясий иштердин абалы" боюнча кеңири баяндама менен чыгып сүйлөдү. Генерал-губернатор Орусиянын бул жердеги саясатынын официалдуу концепциясын жетекчиликке алып, орус падышачылыгынын "тынчтыкка умтулуусунун", сооданы өстүрүүгө, коңшу элдер менен мамилени оңдоого аркеттенүүсүн айтып өттү. Түркстандагы саясаттын кечиктирилбес элементи соода мамилелерин жөнгө салуу экендигин баса көрсөттү. Борбордук Азияда саясий стабилдүүлүктүн орногонун эскертип, анын мисалы катары кокон—орус мамилесин айтты. Ал хандыкта ички тартип жөнгө салынганын, сооданын оңолгонун, жаңы базарлардын, кербен-сарайлардын, суусуз чөлдөрдү суугаруу үчүн каналдардын курула баштагандыгын белгиледи. Ошону менен катар К.П. Кауфман Орусиянын Түркстандагы иш чараларынын "саясий маанисин жакшы түшүнгөн" өкмөт катары Кокон хандыгынын ордо ишмерлерин Кудаяр ханды мийзамдык негиздеги бийлик ээлери деп таануусу расмий сунуш кылды.

Хива жана Бухара маселесинде К.П. Кауфмандын пикири ал мамлекеттердин саясий өз алдынчалыгын калтырып, бирок түрдүү маселелерден чектеп, вассалдык мамиледе кармап тура берүүнү максатка ылайык деп түшүндүрдү. Мындай саясат ал-

---

[1] Карацыз: *Веселовский Н.* Бадаулет Якуб-Бек. Аталык Кашкарский...—100—103-беттер; *Куропаткин А.* Исторический очерк Кашгарии...—120—29-беттер.)

бетте англо—орус мамилелеринин курчуп кетишине жол бербөөгө аракеттенүү болучу. К.П. Кауфмандын программасы өкмөт тарабынан жактырылды жана Орусиянын кийинки жылдардагы Түркстан саясатында жетекчиликке алынды[1].

Орусиянын Коконго карата саясаты 1868-жылы кабыл алынган келишимдин негизинде өнүгүп, 1870-жылдардын ортосуна чейин олуттуу татаалдыктар болбоду. Кудаяр хан Түркстан генерал-губернаторунун талаптарын өтө илбериңкилик менен аткарып жатты. Бирок хандыктын ички абалы өтө начар эле. 1840—1876-жылдар Кокон хандыгындагы саясий кризистердин доору болсо XIX кылымдын 60-жылдарынан 70-жылдарынын башы ошол кризистерге толгон доордун акыркы чечүүчү баскычы эле.

Кокон хандыгынын аймагынын кичирейиши, тышкы саясатта Кудаяр хандын аракетсиздигине, ал эми ички саясатта эзүүнү күчөтүүгө алып келди. Анткени, кокон казынасына түшүп туруучу алык-салыктардын көлөмү кескин кыскаргандыктан, аскердик чиндердин, бийлик башындагы феодалдардын кызыкчылыгына терс таасирин тийгизди. Жоголгон байлыктын ордун толтуруу эми ички алык-салыктарды кескин көбөйтүү жолу менен гана мүмкүн болуп калды. Анын үстүнө 1868-жылкы келишим боюнча орус падышасынын "кол баласындай" болуп калган Кудаяр хан, тышкы душмандардын коркунучунан бейкапар болуп, ал эми мамлекеттеги ички коркунучту таназарга албай калган.

Кокон хандыгында деспоттук башка мамлекеттердей эле саясий бийлик "эң жогорку жер ээси" деген түшүнүктөн бөлүнүп каралган эмес. Мамлекеттин негизги байлыгы деп таанылган жердин эң жогорку ээси, ошол эле учурда саясий бийликтин да эң жогорку ээси хан болуп эсептелген. "Хан — бул мамлекет" деген түшүнүк калыптанган. Мындай жагдай бардык мийзамдарды, бардык алык-салык саясатын хандын өз кызыкчылыгына карай багыттоого кеңири мүмкүндүк түзгөн. Салык бардык калктан алынган, ошол эле учурда алар эмгек милдеттенмелерин да аткарышкан. Алык-салыктан кутулууга дин кызматкерлеринин, кээде айрым ак сөөк феодалдардын гана укугу бар эле. Ошол эле учурда алар өздөрүнө караштуу дыйкан, малчылардан салык алып турушкан. "Хан" "мамлекет" деген түшүнүк менен бирдей болгондуктан, мамлекеттик казына менен хандын өз казынасы бөлүнүп каралган эмес. Бул жагдай алык-салык системасында эбегейсиз

я

[1] ОТСА.-1-9-Баш архив фонду.-8-оп.-12-иш.-6,11,13,17,19-барактар.

өзүм билемдикке алып келген. Салыктын өлчөмү юридикалык (шариат, адат) жолу менен эмес, көбүнчө хандын, акимдин, бектин керектөөсүнө жараша аныкталган. Мындай система туруктуу алык-салык системасынын ордуна баш-аламандыкты, караламан калкты талап-тоноону, эзүүнү күчөткөн. 1870-жылдын башында Кокон мамлекетинин чектеринин тарышына карабастан жыл өткөн сайын салыктардын өлчөмүнүн өсүшүн байкоого болот. Кокон хандыгындагы алык-салык саясатынын мүнөзүн К. Үсөнбаевдин, В. Плоскихтин изилдөөлөрү кеңири баяндайт[1].

Ал мезгилдеги көптөгөн архивдик документтерде, орус тилиндеги булактарда бул жөнүндө кеңири көрсөтүлөт. Статкеңешчи Г. Вейнбергдин 1874-жылы 10-ноябрде К.П. Кауфманга жазган билдирүүсүндө Кокон мамлекетиндеги алык-салыктардын 18 түрүн тизмелейт[2]. 1874-жылы Түркстан генерал-губернаторунун кызматын убактылуу аткарып жаткан Г.А. Колпаковский Кокон хандыгынын салык жана эмгек милдеттенмелеринин системасын анализдеп, ал дагы салыктын 18 түрүн санап өтөт[3]. Чыгыш таануучулар А.П. Хорошкиндин, Н. Пантусовдун эмгектеринде Кокон мамлекетиндеги алык-салыктардын негизги жана негизги эмес болуп эки түргө бөлүнгөндүгү айтылат.

Алардын шариатка негизделген, расмий түрлөрү төмөнкүлөр болгон: Харадж — дыйканчылыктан алынуучу натуралай салык болуп, сугат жерлерден алынган эгиндин түшүмүнүн 1/5, ал эми кайрак жердикинен — 1/10 бөлүгү алынган; танап — бакчалардан, жемиш-бактардан, жүзүмзарлардан алынуучу акчалай же натуралай салык; зекет — соодагерлерден, кол өнөрчүлөрдөн алынуучу капиталдын 1/40 бөлүгүнө барабар болгон акчалай салык. Зекет көчмөн чарбаларга да салынган. Кыргыздар 40 койдон 1 кой, 40 жылкыдан 1 жылкы, 30 ири мүйүздүү малдан 1 уй, 5 төөдөн 1 кой өлчөмүндө зекет төлөшкөн[4]. Бирок бул алман көп учурда шартка карата, хандын аппетитине, зекетчилердин алкымына жараша өзгөрүп, көбүнчө көбөйүп турган. Мисалы, кыргыздардан зекет чогулткан зекетчилер колундагы мөөр басылган хан жардыгына таянып, мамлекеттик салыктан тышкары ар бир

---

[1] *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского...; *Плоских В.* Киргизы и Кокандское ханство...

[2] *Киняпина Н.С. жана башкалар.* Кавказ и Средняя Азия...—301-бет.

[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6868-иш.—109—110-баракчалар.

[4] *Хорошкин А.П.* Сборник статей, касающихся до Туркестанского края. —СПб.,1851.—48-бет; *Пантусов Н.* Сборы и пошлины в бывшем Кокандском ханстве.//Туркестанские ведомости (Мындан ары ТВ)— 16,17.—1876-жыл.

түтүндөн ашыкча экиден кой алып турушкан. Бул хандын жана хан ордосунун тамак-ашына деп алынган.

Элеттиктерди оор абалга алып келген эзүүнүн дагы бир түрү Кокон көпөстөрүнүн сүткорлук жол менен уюштурган соода-сатыгы (кызыл кулактыгы), чыныгы наркынан алда канча ашып түшкөн баада арзыбаган товарларды арам ою жок тоолуктардын малына айырбаштоо, сатып алууга жөндөмсүз кедей-кембагалдарга күнүмдүк турмушка керектелүүчү майда-чүйдөнү жергиликтүү бий, бектердин кепилдиги менен карызга берүү аркылуу көз каранды кылуу сыяктуу толгон-токой ыкмалар эсептелинген[1]. Мындай саясатка өзбеги да, кыргызы да, тажиги да бирдей эле кабылышкандыгын баса белгилөө абзел.

Булардан тышкары расмий эмес "адат" боюнча аныкталган, кээде хандын өзгөчө жардыгына же акимдин эркине жараша салынган көптөгөн салыктар, чыгымдар болгон. Мисалы: жайлоо пулу, "кеми пули" же кечүү пулу (өзөндөн, дарыядан кечип өткөндүгү үчүн алынуучу акы), кандайдыр бир ээликтен мал айдап өтүүдөгү же соода кербенинин өтүшү үчүн зекет пулу, көпүрө пулу, соодагерлерден алынуучу "таги жай пули"—соода орунуна, базар кирешесине, "неках жана тариханэ пули" — үйлөнүүдөгү жана мурастоодо, "луката пули" — өлгөндөн кийинки ээсиз калган мүлккө, "тараза пули", "тамбаки пули" — тамеки айдоочу жер үчүн, "намак пули" — туз алынуучу кендерден жана башка толуп жаткан салыктар өкүм сүргөн. Ал турсун көчмөн кыргыздардын жаңгак токойлорунда (Арстанбап, Сары-Челек, Кызыл-Үңкүр



Алайдагы Дароот-Коргон сепили

[1] *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского...—30-бет.

сыяктуу), мисте токойлорунда мал жайгандыгы, мөмө тергендиги үчүн да атайын зекет алынган.

Кийинчерээк Кудаяр хан кошумча "харадж аты" (ат салыгы) карагай пули" — базарга алып келип сатылуучу устун, жыгач үчүн, "отун пули" — отун үчүн, "даллал пули" — базардагы далдалчылык үчүн, "кук пули" — жайыттарды колдонуу үчүн, "суу пули" — арыктагы сууну колдонуу үчүн салыктарды киргизди[1].

Кокон бийликтеринин элеттик кыргыздарга болгон запкысынын дагы бир түрү, аларды Фергана өрөөнүнүн түшүмдүү жерлеринен акырындык менен сүрүп чыгаруу болгон. Мындай саясат айрыкча Алим хандын мезгилинен баштап өнүктү[2]. Натыйжада, XIX кылымдын орто ченинде кыргыздар Фергана өрөөнүнүн ортолугунда жайгашкан түздүктөрүнөн тоо этектерине сүрүлүп калгандыгын байкоого болот[3]. (Кыргыздардын эзелки ата конуштары болгон Асаке, Анжыяндын жанындагы Мундуз кыштагы, Избаскен жана башка жерлер, Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүндөгү кыргыздардын жашап өткөндүгүн билгизген көптөгөн топонимдер бул процесстен кабар берет.)

Алык-салыктардын эбегейсиз көбөйүшү элдин эзилүүсүнө, түбөлүк карызга батышына алып келген. Натыйжада, кедей чарбалар зекет таап бере албастан, карызын төлөө үчүн өз уулдарын жана кыздарын бай адамдардын колуна малай катары берген учурлары көп кездешкен[4]. Элдин ушундай кыйналышына карабастан, Кудаяр хан өзүнүн 36 аялына жылына 300 миң рубль акча каражатын сарптап тургандыгы булактарда айтылат[5].

Элет тургундарына эң бир оор салык хан кошуунун жабдууга арналган "кыл куйрук" болучу. Бул чоң же кичине жортуулдардын алдында, же аскердик милдет өтөө үчүн ар бир түтүндөн бирден жабдыктуу жоокер жана экиден ат салыгы эсептелген.

Чыгыш таануучу А. Кун Кокон хандыгынынын акыркы мезгилиндеги алык-салыктарынын көбөйүп кетишин айтып келип,

---

[1] *Плоских В.М.* Киргизы и Кокандское ханство...-259-260-беттер.; *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского...—24-бет.

[2] *Усенбаев К.* Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского...—30—31-беттер.

[3] *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства...—34-бет.

[4] *Авторсуз.* Сведения о дикокаменных киргизах. // Записки РГО. —Кн.V. —СПб.,1851.—153-бет.

[5] *Маев Н.* От Ташкента до Кульджи. // Материалы для статистики Туркестанского края. —Вып.2. —СПб.,1873.—295-бет.

мамлекеттеги мүмкүн болгон бардык кыймыл-аракеттерге салык салынып жаткандыгын, жадагалса адамдын туулушу менен өлүмүнө да акча төлөнөөрүн, эми бир гана " дем алганы үчүн абага" салык салынбай калгандыгын белгилеген[1].

Салыктар атайын хан тарабынан мөөр басылган жарлыгы бар куралдуу зекетчилер аркылуу жыйналып турган. Кээде салык чогултуу укугу алыскы чөлкөмдөрдө жергиликтүү бийликтеги феодалдарга же байларга арендага берилүүчү. (Откуп системасы —тийешелүү аймактан салык боюнча түшчү кирешени—"үлпанды" мурунтан төлөп коюп, элден салык жыйноо укугун сатып алуу.) Салык чогултушкандыгы үчүн зекетчилер жана бул кызматты сатып алгандар хандан маяна алчу эмес. Ошондуктан салык жыйноо мезгилинде алар өз чөнтөгүн биринчи орунга коюшчу. Зекетчилер көбүнчө октябрь—ноябрь, декабрь—январь айларында жылына бир жолу куралдуу сарбаздардын коштоосунда салык чогултушчу. Салык төлөөдөн баш тарткандарга курал колдонулчу, кээде жергиликтүү бийликтерди кепилге коюп, "айып" салышчу. Чынында, зекетчилердин аракеттери зордук-зомбулук менен коштолгон кадимки талап-тоноодон айырмаланган эмес.

Сандаган салыктардан башка эл үчүн эң оор эмгек милдеттенмелери болгон. Статс-кеңешчи Г. Вейнбергдин жазганынына караганда "жолдорду, хандын үйлөрүн, сарайларын куруу, эгин талааларында жана бакчаларда иштетүү, арыктарды, каналдарды тазалатып, жаңы ирригациялык курулуштарды салуу үчүн хандыктын туш тарабынан жумушчулар айдалып келинген. Алар акысыз иштеп, эгер жумушка чыга албай калса, балак менен жазаланган, кай бирлери өлүп да калган. Хан жумушуна барууга макул болбогондорду тирүүлөй жерге көмүп коюу да кездешкен[2]. Хан чарбасындагы бул милдеттенмелер феодалдардын, акимдердин, аскер башчыларынын чарбаларында да кеңири колдонулган.

Булактарда алык-салыктардын 1870-жылдардын башында эбегейсиз өсүп кетишине Кудаяр хандын сүйүктүү адамы — жөнөкөй катчылык кызматтан, хандын "көңүл буруусу" менен Шарихан бектигине чейин көтөрүлгөн Иса Олуя болгон дешет. Анын түрдүү салыктарды ойлоп тапкандыгы жадагалса Кудаяр-хандын өзүн да таң калтырган[3].

---

[1] *Кун А.* Очерк Кокандского ханства.// Изв.РГО.—Т.12.—Отд.2. —СПб.,1876.—6– 7-беттер.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—49-иш.—79-барак.

[3] *Наливкин В.* Краткая история...—205—208-беттер; *Молдокасымов К.* Полот -хан...—29-бет.

Кокон хандыгындагы алык-салык системасы, эмгек милдеттенмелери жана көп сандаган түрдүү чыгымдар аз келгенсип, Кокон ханынын өзү, анын жан-жөкөрлөрү сүткордук менен чөнтөктөрүн толтурууга аракеттенишкен. Кокондо жана башка шаарларда соода мекемелери хан тарабынан сүткордук менен арендаларга берилип, токой, шалбаалуу, аңчылыкка жана эс алууга ыңгайлуу кооз жерлер хандын "жеке коруктары" деп тааныльп, ага бейчеки кирип кеткендерден же убактылуу пайдалангандардан акчалай жазана же салык алынып турулган.

Жортуулдан кайткан же жортуулга жөнөгөн кокон аскерлеринин оорук кылган жерлеринде аларды күтүү, хан ордосунан келген коноктору сыйлоо жана белек-бечкек тартуулоо сыяктуу милдеттер жалпы элге түшкөн дагы бир оор жүк эле.

Алык-салыктардын көптүгү, феодалдык-деспоттук эзүүнүн оордугу элдин нааразылыгынын бирден-бир себеби болгон. Ырайымсыз зордук-зомбулуктан элдин ханга жана анын жан-жөкөрлөрүнө, айрыкча, Кудаярга болгон жек көрүүсү күчөп кеткен. Хандын ырайымсыздык менен эзүүсү элдин нааразычылыгын гана туудуруп койбостон, толкундоолорду, көтөрүлүштөрдү чыгарууга чейин жетип турган.

1866-жылы кыргыз, кыпчак урууларынын Кокон хандыгына карата тынымсыз толкундоолору салыштырмалуу тынчып калганы менен, кийинки эле жылы кайрадан жанданды. Алайдагы Кызыл-Коргон чыңдоосунда турган Кул датканын зордук-зомбулугун шылтоо кылган Алай кыргыздарынын козголоңу, 1867-жылы жазда башталды. Садык серкердин жетекчилигинде кыргыздар Кызыл-Коргон чебин алып, Кул датканы өлтүрүп коюшту. Кокондон жетип келген жазалоочу отряд көтөрүлүштү аёосуз басты, көрүнүктүү жол башчылары өлүмгө буюрулду[1].

1870-жылы Алайда дагы көтөрүлүш чыкты, бирок ал жөнүндө конкретүү фактылар булактарда калган эмес. Кудаяр хандын Бухара эмиринен жардам сурап кайрылгандыгына караганда, көтөрүлүш бир топ күчтүү болгондугу божомолдонот[2]. Бул көтөрүлүшкө кокон бийлигинин зомбулугунан тышкары, 1870—72-жылдардагы катуу жут да себепчи болгон көрүнөт[3]. Ушул мезгилден баштап Фергана өрөөнүнүн элеттик кыргыздар жашаган чөлкөмдөрүндө жана кыпчак айылдарында тынымсыз козго-

---

[1] *Плоских В.М.* Киргизы и Кокандское ханство...—307-бет.
[2] *Плоских В.М.* Киргизы и Кокандское ханство...—307-бет.
[3] *Маев Н.* От Ташкента до Кульджи...—295-бет.

лоңдордун мезгили башталды. Эгер мурун козголоңдор негизинен феодалдардын жетекчилиги менен бийлик талашуу үчүн болуп турса, 1870-жылдардын башынан хандын, анын акимдеринин, көбүнчө, Кудаяр хандын так өзүнө каршы чыгып жатты.

Зекетчилердин ченден чыккан ашкере зөөкүрлүгүнө каршы караламан калктын көтөрүлүшү 1871-жылы жазында Сох кыргыздарында болуп өттү. Булактардагы бирин-серин маалыматтарга караганда Сох чөлкөмүндө кыргыздардын төмөнкү ичкилик уруулары көчүп жүрүшкөн: Исфана суусунун баш жагында кыпчактар (баш бийи Айтмамбет бий, 1871-жылы А.П. Федченко ал бийге жолугуп, сох кыргыздары жөнүндө маалымат алган[1]); Кшемиш өзөнүндө Абдрахман эшик агасы баштаган токмок уруусу; Сохтун оң жээгинде нойгуттар (бийлери: Аккулу бий, Касым бий, Мадалы жүз башы); алардын чыгыш жагында бостон уруусу (бийи — Жаныкул бий); жоокесек уруусу (бийи — Мулла Шамурза)[2].

1871-жылы жайында А.П. Федченконун илимий экспедициясы Сох кыштагына келгенде, анын кире беришинде орнотулган дарларды көргөн. Себеби, ушул жылы жазында Сох, Исфара өрөөндөрүндөгү кыргыздар көтөрүлүш чыгарышып, аны басууга Кокондон 2 миң сарбаздан турган жазалоочулар менен хан ордосунун аскеринин башчысы Атабек наиб келген болучу. Сарбаздар көтөрүлүштү аёосуз басып, качкан кыргыздарды тоо-ташка жашынып калганга чейин куып барышкан. Акырында 12 гана кишини кармап алышып, Кокондо даргага астырган. Алардын ичинде көтөрүлүштүн башчыларынын бири Молдо Мамыр менен нойгут уруусунун бийи Мадалы жүз башы болгон. (Көтөрүлүштүн негизги башчысы булактарда айтылбайт.) Көтөрүлүштүн дагы бир башчысы Молдо Ашыр Каратегинге качып кеткен.

Козголоңдун чыгуусуна булактар үч себепти көрсөтүшөт. Биринчиси, Сох өрөөнүнүн акиминин адаттан тышкары көп өлчөмдө ала баштаган зекети; экинчиси — Сох өрөөнүнө кыргыздардын басымдуулук кылганына карабастан хандын тажик улутундагы кишини бек кылып дайындашы; үчүнчүсү — Султан Сейит хандын өлүмү. Үчүнчү себепке кененирээк токтололу. 1870-жылы Фергана чөлкөмүндө Мала хандын (1858—1862) уулу Султан Сейит хан пайда болот. Ал Алымкул аталык 1865-жылы Ташкентти алдында каза болгондон кийин, 11-июнь күнү Бухарага Му-

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан.—М., 1950.—293-бет.
[2] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан...—293-бет.

заффардын чакыруусу менен Искендер бекке кошулуп кеткен болучу[1]. В. Наливкиндин изилдөөсүнө караганда Султан Сейитти жолдо Жызак чөлкөмүндө эмирдин жашыруун тыңчылары мууздап салган делет[2]. Биздин оюбузча Султан Сейит өлбөй эле аманэсен Бухарага барып, 1870-жылы кайра Коконго келгени жөнүндөгү А.П. Федченконун маалыматы туура болуш керек. Себеби, ал окуя жөнүндө айтып берген кишилерге 1871-жылы, башкача айтканда, бир жылдан кийин эле Федченко жолугуп, оозмо-ооз сүйлөшкөн. Султан Сейит хандын Коконго келиши, ага жан тарткан кыргыз, кыпчак бийлеринин өз мөөрлөрүн басып аны чакырган жашыруун катына байланыштуу болгон. Козголоңго даярданган кыргыз, кыпчак бийлеринин аттары жазылган катты Султан Сейит хан өзү менен кошо ала келген. Бирок, Кудаяр хандын тыңчылары козголоңдун даярдалып жаткандыгы жөнүндө кабардар болуп калышат да, хандын буйругу менен Султан Сейитти Жеке-Тыт деген жерде кармап алып, тындым кылышкан. Кудаяр хан бул окуя жөнүндө К.П. Кауфманга кыскача гана "Сейит хан бизге келген экен, биз аны жок кылдык", — деп билдирген. Мындан кийин козголоңчулардын акырына чыгуу үчүн Кудаяр хан Султан Сейиттин чөнтөгүнөн табылган каттагы тизме боюнча күмөндүү кыргыз, кыпчак бийлеринин көзүн тазалоого өткөн. Ал тизменин ичинде сохтук кыргыздардын бийлери да бар эле. Мына ушул окуя да Сох көтөрүлүшүнүн чыгып кетишинин бирдебир себеби болгон деп божомолдойт А.П. Федченко[3].

Султан Сейиттин өлүмүнөн кийин көтөрүлүшчүлөр хан тагына талапкер кылып Кудаяр хандын тууганы Сопубектин уулу Назыр бекти көрсөтүштү. Көтөрүлүшкө каратегиндик бек Раим Шаа да жардам берүүгө далаалаттанып жатты. Себеби, ал 1868-жылы Бухара менен ымалага кирип, агасы Музафар Шаадан Кара-Тегинди тартып алган болучу. Ошондон кийин Кара-Тегин Кокон букаралыгынан чыгып, тескерисинче кокондуктарга душман болуп калган эле. Кантсе да Сох кыргыздарынын көтөрүлүшү[4] Ко-

---

[1] *Наливкин В.* Краткая история...—202-бет.

[2] *Наливкин В.* Краткая история...—202-бет.

[3] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан...—303—304-беттер.

[4] Сох көтөрүлүшү жөнүндө кошумча маалыматтарды *В.М. Плоскихтин* "Киргизы и Кокандское ханство..." деген китебинин 307-бетинен; *К.Үсөнбаевдин* "Общественно-экономические отношения...", "Присоединение Южной Киргизии...", деген китептеринен, *А.Хасановдун* "Народные движения в Киргизии...", *Х.Н. Бабабековдун* "Народные движения в Кокандском ханстве..." деген эмгектеринен карап алыңыз.

кон жазалоочулары тарабынан аёосуз басылып, максатына жетпеди, бирок, анын кийинки чоң кыймылга бет ачар окуя катары саясий мааниси зор көтөрүлүш болгондугу анык.

1871-жылга карата М.А. Терентьевдин изилдөөлөрүндө дагы бир көтөрүлүш жөнүндө маалымат бар. "Батыр хан төрөнүн козголоңу" деп аталуучу козголоң 1871-жылы алык-салыктын көбөйүп кетишине байланыштуу чыккан. Батыр хан төрө Кудаяр хандын экинчи аялынын бир тууганы болуп, негизинен кыргыз феодалдары менен туугандашып турган. Аны кыргыз, кыпчак бийлери, отурукташкан өзбек билермандары жана ордонун 50 кишиден турган өкүлдөрү катышкан жашыруун топ Кудаяр хандын ордуна олтургузууну максат кылышкан. Бирок, жашыруун топтун биринин чыккынчылыгынын натыйжасында козголоңдун Батыр хан төрө баштаган 17 мүчөсү кармалып, аларды ордодогу көлчүккө тумчуктуруп өлтүртүүгө буйрук берилген. Бирок кийинчерээк алар зынданга салынган деп билдирет тарыхчы[1]. Тилекке каршы, көтөрүлүштүн кай жерде болгондугу жана анын жүрүшү жөнүндө маалымат берилбейт.

Кийинки жылдары майда көтөрүлүштөр жана толкундоолор Фергана чөлкөмүнүн тигил же бул элетинде тынымсыз чыгып турду. Алардын ичинде Алай чөлкөмү толкундоолордун бирден бир очогу бойдон кала берди. 1872-жылы Алайдагы "сепил, аны башкарган даткасы менен сарбаздары капыстан басып алган кыргыздардын колунан өлүм тапкан", — деп булактарда көргөзүлөт[2]. (Чамасы сөз Кызыл-Коргон же Сопу-Коргон жөнүндө болуп жатса керек. Себеби, Дароот-Коргон чебинин комендантты Ысмайыл Токсобо 1871-жылы эле А.П. Федченко менен жолугушуп, 1873—74-жылдардагы тарыхый окуяларга да катышкан.) Булактарда жана изилдөөлөрдө 1871—72-жылдары тынымсыз болуп турган чачкын толкундоолор жөнүндө сөз болгону менен, тилекке каршы конкреттүү далилдер айтылбайт.

1866—73-жылдардагы Борбордук Азия чөлкөмүндөгү кырдаал жана Кокон хандыгынын ички абалынын начарлап кетиши, Орусия колонизаторлорунун басып алуу саясатына, анын так ушул Фергана өрөөнүндө башталышына алып келди. Окуянын мындай жүрүшү төмөндөгүдөй түшүндүрүлөт.

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—333-бет.

[2] *Костенко Л.* Экспедиция в Алайские горы.—Русский инвалид.— 239. —1876 г.

Биринчиден, Ташкендеги орус бийликтери чыгышында Кытай, Кашкар мамлекеттери, түштүгүндө Бухара, Хива хандыктары менен Орусия үчүн пайдалуу келишимдерди түзүп, алардын саясий бейтараптуулугуна жетишти.

Экинчиден, бул мезгилдеги англо—орус карама-каршылыгы да Орусия үчүн ыңгайлуу жагдайда эле. 1872-жылы сентябрь айында Берлинде Орусия, Германия жана Австро-Венгрия империяларынын императорлорунун жолугушуусу болуп, 1873-жылы октябрь айында үч императордун келишимге келүүсү менен бүттү. Бул өнөктөштүк Европадагы саясаттан тышкары англо—орус атаандаштыгын да жумшартты. Англия өкмөтүнүн тышкы саясатындагы өзгөрүүлөргө "күчкө салуу" ыкмасы жакшы таасир берчү. Бул учурда да 1856-жылкы Париж трактатынын "кемсинтүүчү статьяларынын" алынышы менен Орусиянын Европадагы таасиринин күчөшү, Англиянын "тил алчаактыгын" пайда кылды. Ошого байланыштуу Орусия өкмөтү 1873-жылы Хивага жортуул жасоого буйрук берди жана ошол эле жылы август айында Орус—Хива вассалдык келишимине кол коюлду. Бул окуялар эми Кокон мамлекетин жок кылууга ыңгайлуу тышкы шарттардын түзүлгөнүн көрсөттү.

Үчүнчүдөн, 1870-жылдардын башында Кокон ханы Кудаярдын элдин абалына көңүл бөлбөстөн өз чөнтөгүн толтурууга гана умтулушунун натыйжасында эзүү өзгөчө күчөп кетти. Элдин нааразылыгы жогорулап, толкундоолорго, көтөрүлүштөргө айланып бара жатты. Бул фактылар Кокон мамлекетинин ички саясий кризистеринин өтө тереңдеп кеткендигин көрсөтүп, анын тарыхый тагдыры жалпы эл тарабынан же жогорку орус бийликтери тарабынан чечилишине тарыхый шарт түзгөндүгүн аныктайт. Муну менен Орусия өзүнүн түпкү максатын ишке ашырып, "Фергана өрөөнүн асыл баалуу бермет сыңары падышанын таажысына тагып" коюуга ыңгайлуу гана учурду күтүп калгандыгы маалым болду.

Бешинчи бап

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛДИК КЫЙМЫЛДЫН БИРИНЧИ МЕЗГИЛИ (1873—74)

Фергана элетинде 1871—72-жылдары болуп өткөн чаржайыт толкундоолордон айырмаланган нукура элдик көтөрүлүш 1873-жылы жазында башталды. Ал кыймыл үч жыл созулуп, Фергана өрөөнүн албырттаган жалын каптады жана мамлекет катары Кокон хандыгынын жоюлушуна алып келди. Фергана тургундарынын 1873—76-жылдардагы бул зор кыймылы тарыхта "элдик кыймыл", "Кокон көтөрүлүшү", "Полот хандын көтөрүлүшү" деген аттар менен белгилүү.

1873—76-жылдардагы көтөрүлүшкө байланышкан бир топ изилдөөлөр, а түгүл ал жөнүндө атайын эмгектер да бар[1]. Тарыхнаамалык таризде аларды китептин киришүүсүндө карап чыкканбыз. Бул жерде айта кетчү нерсе — окумуштуулар алигиче 1873—76-жылдардагы элдик кыймылды мезгилге бөлүү[2], анын

---

[1] Ал эмгектерди адабияттардын тизмесинен толугураак карап алыңыз.

[2] 1873—76-жылдардагы элдик кыймылды мезгилге бөлүштүрүү аракети 30—50-жылдарда эле жасалгандыгын айтпай кетүүгө болбос. Мисалы *М.Раби-нович менен С.Павлов* 1873—74 жана 1875—76-жылдардагы окуяларды бири-бирине байланышы жок кыймылдар катары карашкан. Көрүнүктүү окумуштуу К.Үсөнбаев болсо Кыргызстандын тарыхы боюнча алгачкы фундаменталдуу очерктин макетинде аталган эки окуяны бир эле процесс катары карап, анын эволюциялуу эки этаптан турарын көрсөткөн. Бирок, К.Үсөнбаев 1953-жылкы Фрунзедеги тарыхчылардын конференциясында москвалык окумуштуу А.В. Пясковскийдин "согушчан марксизмге сугарылган" сындарынын таасиринде 1875—76-жылдардагы кыймылды 1873—74-жылдардагы кыймылдын мүнөзүнө карама-каршы турган өзүнчө реакциялуу кыймыл болгон деген тыянак чыгаргандыгын өзү эскерет. (А мүмкүн бул айласыздан болгон жыйынтыктыр. Караңыз: *Усенбаев К.* О характере национальных движений в Южной Киргизии в 1873—1876 гг.//Труды ИЯЛИ КирФАН СССР.—Вып.IV.—Ф.,1954.—46-бет.) Белгилүү окумуштуу А. Хасанов 1959-жылы чыккан эмгегинде 1873—76-жылдардагы кыймылдарды бири-биринен эволюциялуу жол менен өнүккөн эки этап катары карап, бирок биринчи этапты прогрессивдүү дегени менен, экинчи — 1875—76-жылдарды камтыган этапты прогрессивдүү, бөштондук да, ошол эле учурда реакциячыл, феодалдык-монархиялык да элементтери бар кыймыл болгон деп эсептеген. (Караңыз: *Хасанов А.Х.* Из истории Киргизии XIX .— Ф.,1959.—56—109-беттер.)

мүнөзү, максаты, кыймылдаткыч күчтөрү жана тарыхый мааниси жөнүндө толук бир пикирге келише электиги. Ошондуктан маселени тарыхый-жылнаамалык жактан мезгилдештирүү ыкмасы менен карап, кыймылдын максатынын, мүнөзүнүн, кыймылдаткыч күчтөрүнүн жана этносаясий курамынын эволюцияланышына көбүрөөк көңүл бурууну туура көрдүк.

1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын эволюциялуу өнүгүшүнө байланыштуу аны эки чоң мезгилге бөлүүгө болот: 1-мезгил — 1873-жылдын жазынан 1874-жылдын күзүнө чейин; 2-мезгил — 1875-жылдын жазынан 1876-жылдын аягына чейин. Бул бөлүштүрүү кыймылдын мүнөзү, максаты, социалдык, улуттук курамы жана уюштуруу деңгели сыяктуу критерийлердин негизинде жүргүзүлдү.

5.1. Элдик толкундоолордун башталышы жана Искак Асан уулу

1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын тарыхын иридеги совет окумуштууларынын басымдуу көпчүлүгү көтөрүлүштүн башталышын, жүрүшүн, жыйынтыгын, максатын жана негизги окуяларын Искак Асан уулунун ысмына байланыштырышат. Көтөрүлүштүн алгачкы мезгилинде Искак жалпы жетекчиликти колго албаганы менен кыймылдын башынан аягына чейин өмүрүн өз эли үчүн арнаган түпкү ыйык максатынан кайткан эмес. Ошондуктан кыймылдын башталышы жөнүндө кеп кылуунун алдында Искак жөнүндө кыскача маалымат берүүбүз максатка ылайыктуу.

Искак—Полот хан жөнүндө алгачкы маалымат кагаз бетине ал тирүү кезинде эле орус колонизаторлорунун 1873—76-жылдардагы көтөрүлүштү басуу мезгилинде берилген отчеттордо айтылган. Бирок ал маалыматтар белгилүү гана адамдардын колунда болуп, окурмандарга жеткен эмес. Искак жөнүндө бирдеңбир даректүү жазма Н.П. Корытовдун "Самозванец Пулат хан"[1] деген макаласы эсептелет. Полот хандын көтөрүлүшү жөнүндө азыраак маалымат сенатор Ф. Гирстин Түркстан чөлкөмүн изилдөөгө арналган китебинде[2], В. Наливкиндин "Кокон ханды-

---

[1] *Корытов Н.П.* Самозванец Пулат хан. // Ежегодник Ферганской области. —Новый Маргелан.—Вып.1902 года.

[2] *Гирс Ф.* Отчет ревизирующего по высочайш ему повелению Туркестан-ский край тайного советника Гирса.— СПб.,1883

гынын кыскача тарыхында"[1], М.А. Терентьевдин "Орто Азияны каратуунун тарыхында"[2] учурайт.

Асан молдонун уулу жөнүндө XIX кылымды изилдөөгө алган кыргыз жана өзбек тарыхчыларынын жарык көргөн эмгектеринде эскерилет. (А. Хасанов, К. Үсөнбаев, В. Плоских, Р. Бабабеков, Р. Набиев, Х. Иноятов, С. Павлов жана М. Рабинович)[3]. Бирок тилекке каршы, ушул күнгө чейин Исхак — Полот хандын кыргыз элинин улуу тарыхый инсаны жана баатыры катары тарыхый таржымалы, ишмердиги толук ачылып көрсөтүлө элек.

Учурдун талабына ылайык көрүнүктүү тарыхчы Кушбек Үсөнбаев кийинки кездердеги макалаларында Исхак Асан уулун азыркы көз караш менен сөз кылып келатат[4]. Искак—Полот хандын өмүрү жана ишмердүүлүгүнө байланыштуу фактылык материалдарды архивдик документтердин негизинде жаңы доордогу маалыматчы Н. Корытовдон кийин эле окурмандарга жаш тарыхчы Кыяс Молдокасым уулу жеткирди[5]. Аталган азыноолак изилдөөлөрдүн болушуна карабай биз искактаануу маселесин кыргыз тарыхнаамасынын эртеңи деп эсептейбиз.

Азырынча колдо бар булактар жана аздыр-көптүр изилдөөлөргө таянып, Искак Асан уулунун өмүрү жөнүндө кыскача төмөнкүлөрдү айтууга болот.

Искак 1844-жылы Маргалаң вилайетине караштуу Охна кыштагында (азыркы Кадамжай районунун Орозбеков айылы) ичкиликтердин бостон уруусунан чыккан Асан молдонун үйүндө жарыкка келди. Бул мезгилде Кокон ордосунда Нүзүп бий баштаган кыргыз төбөлдөрү күч алып турган кези эле. Искактын атасы Асан чоң молдо болчу. Ал Маргалаңдагы Ак Медреседе муддарис болуп иштеген, кийинчерээк Кокондогу Түмкатар медресесине которулуп, айылдык мектептен сабатын ачкан уулу Искакты ала кетти. Искак медреседе жакшы билим алды, бирок диний жолго кызыкпады. Кокондогу анын өспүрүм кези ордодогу так-талашууларга, кыпчактардын кыргынына, Мусулманкулдун өлүмүнө, Алымбек датка менен

---

[1] *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства.—Казань,1886.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...

[3] Аталган окумуштуулардын эмгектерин китепте берилген библиографиядан толугураак карап алыңыз.

[4] *Үсөнбаев К.* Өткөндүн кайрыктары.—КМ.—№ 14,15.—1990; Ошол эле автор. Көтөрүлүштүн башы.—КМ.—№ 49.—1990.

[5] *Молдокасымов К.* Полот хан. —Мурас.—1991.—№ 1; Ошол эле автор. Искак Молдо—Кокондун акыркы ханы.—ЗК. —1994. —18,25-ноябрлар, 2-декабрь.

Алымкул аталыктын ооматы жүрүп турган учурларга туш келди. Дээринен зирек Искак баарын көрүп, баарын талдап, эсте тутуп жүрдү. 60-жылдардын башында кайрадан атасы менен кошо Маргаландын Ак медресесине келди да, окуусун улантып, чоң молдо болуп чыкты. Бирок, атасынын бул жерде калгын деген кеңешине көнбөй, 1867-жылы Искак айлына келип эки жылча кыргыздардын арасында туруп калды. 1869-жылы 25 жашында өз айылы Охнада мечитке имам болуп да иштеди. Элеттеги улам күчөп бара жаткан саясий опур-топур Искакты жээликтирип, ал туулуп-өскөн жеринде көпкө турбай, эл кыдырып кетти. Бир аздан соң Искак Анжыян шаарына токтоду. Шаарда бир аз молдолук кылды, турмуштун айынан насвай сатып да көрдү. Анжыянда жүргөндө Искак кезегинде кадимки Алымкул аталыктын жан-жөкөрү болуп жүргөн, теги чаткалдык кыргыз Абдымомун менен таанышып калды. Диний кызматты биротоло таштоону чечкен Искак аны менен кошо Ташкентке жол тартты.

Абдымомун Кокон ордосуна таанымал, кадырлуу киши эле. Өз мезгилинде Алымкулдун жардамы менен "аталык" даражасына жеткен. 1865-жылы Ташкент Орусияга каратылгандан кийин ал Кудаярдын кызматына кирүүдөн баш тартып, курама элинде (Ташкенттин түштүк-чыгыш тарабындагы чөлкөм) колунда бар адам катары жашап турган. Искактын тирикарактыгын байкаган Абдымомун аны өзүнө жигит кылып алды. Бул мезгил 1870- жылдардын башы болучу.

Н.П. Корытовдун жазганына караганда, Абдымомундун Кокон мамлекети, анын хандары жана хан тактысын каалагандай калчаган кыргыз, кыпчак бийлеринин ишмердиги жөнүндө айтып берген аңгемелери жаш Искактын аң-сезимине катуу таасир тийгизип, көз карашын калыптандырды. Жер кыдырып, эл аралап көргөн турмуштун татаалдыгы, жалпы журттун зар-муңу, Кудаяр жана анын жан-жөкөрлүрүнүн зордук-зомбулугу Искактын өз өмүрүн элинин кызыкчылыгы үчүн арнап, мүмкүн болсо "жаман" ханды "адилет" хан менен алмаштыруу жөнүндө бир далай ойлондурган чыгаар? Кантсе да зор көтөрүлүшкө башын сайып койгон Искактын аң-сезими Абдымомундукунда жүргөндө калыптангандай...

Искактын көтөрүлүшкө качан жана кандайча жетекчи болуп калгандыгы жөнүндө булактарда, изилдөөлөрдө төмөнкүдөй баяндалат.

Кокон ханы Кудаярдын эсирип кеткендиги жана кыргыз, кыпчак жамаатынын өкүлдөрүн сүрүп чыгып, ордодогу кадимден

келаткан этносаясий тең салмактуулукту бузушу кыргыз бийлеринин кыжырын келтирип жүргөн. Бул саясий нааразылык 1865-жылы Кудаярдын үчүнчү жолу такка отургандан кийинки беш жылдыкта активдүү аракеттерге алып келбесе да, 1870-жылдардын башындагы толкундоолор, айрыкча 1871-жылкы Сох кыргыздарынын көтөрүлүшү, кыргыз бийлерин "убакыт жетти, эми аракеттенүү керек" деген чечимге алып келип, алар эми кандай гана болбосун "... хан тукумунан бир ханзаада таап, Кудаярдын ордуна отургузууну" көздөп калышты[1].

Салтка ылайык хан мураскору хан тукумунан гана көтөрүлүүсү зарыл эле. Ошондуктан 1872-жылы кутлук-сейит уруусунун бийи Шер датка (азыркы Ала-Бука районунда жашаган кутлук-сейит уруусунун бийи) баштаган кыргыз төбөлдөрү кеңешип, андай талапкерликке Самаркандагы бир медреседе имамдык кылып жүргөн кадимки Алим хандын (1800—1809) уулу Ибрагим бектин баласы Пулат бекти тандашат да, аны кыргыздардын арасында хан көтөрүү менен Кудаяр ханга каршы күрөшүүгө чечим чыгарышат. Кеч күздө Самаркандга келген Шер датканын өкүлчүлүгүнө тынч турмушту сүйгөн мажирөө Пулат бек макулдугун берүүгө эркн жетпейт. Самарканддан кайткан кутлук-сейит Шер датка, кыргыз-кыпчак Мусулманкул бий жана найман Мусабек бий курамалык Абдымомун менен кеңешмекке Ташкентке кайрылып, анын үйүндө конуп калышат. Булактарга караганда Самаркандга барып, ой-максаттары ишке ашпай калганын айтып олтурушкан коноктор самарканддык Пулат бекке куюп койгондой окшош Искакка өтө көңүл буруп калышат. Шер датка менен Мусулманкул бийдин сөздөрүн баамдап олтурган Искак өмүрүн тобокелге салууну чечип, Абдымомун эшикке чыкканда "көтөрүлүшкө мен жетекчи болуп берер элем" деген оюн билдирет. Муну укkан коноктор сүйүнүп кетишет да, Искак көп узабай "Полот хан" деген ат менен Наманган тарапка жөнөп кетет[2].

Ошентип, Искак Асан уулунун Аксыдагы көтөрүлүшкө жетекчилик кылышы 1873-жылы жаз айларында башталды.

Искактын саясий окуяларга аралашып, көтөрүлүшкө жетекчилик кыла баштаган мөөнөгүн изилдөөчүлөр ар түрдүү беришет. Мисалы, Түркстан генерал-губернатору К.П. Кауфман өзүнүн

---

[1] ӨБМТА.—1-ф.—3-оп.—243а-иш.—19—25-барактар.
[2] *Корытов Н.П.* Самозванец Пулат хан...

отчетторунда Искак көтөрүлүшкө 1874-жылы июндан баштап жетекчилик кылган деп айткан билдирүүсү[1] К. Молдокасымовго туура сезилип, ал Искак Курама уездинен Чаткал чөлкөмүнө 1874-жылы жазында келген деген пикирди жактайт[2]. Биздин оюбузча, генерал К.П. Кауфман Искактын көтөрүлүшкө "жетекчилик ролго ээ болгон" мезгилин айтса керек, себеби 1873-жылы жаз-жайдагы көтөрүлүштүн Аксы очогунда Абдымомун менен Мусулманкул жетекчилик ролду ээлеп, Искак болсо "Полот хан" аты менен жаңы мурасчы катары негизинен көмүскөдө калган. Булактарда жана изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүндө 1873-жылкы Аксыдагы көтөрүлүштү Искак Асан уулу жетектеген деп берилет. Чынында, Искак Аксыга жаңы эле келгендиктен көтөрүлүшкө түздөн-түз жетекчилик кылбаса да, аны Ташкенттен коштоп келишкен жогорку адамдардын аракеттерине "хан катары" таасирин тийгизип турган. Эгер Искак Шер датка, Мусулманкулдар менен Аксыга 1874-жылы келген болсо, анда 1873-жылы эле жайында Абдрахман аптабачынын "өтүнүчү менен" Шер датка баштаган кыргыз, кыпчактардан 40 бийи ордого чакырылып, Кудаяр хандын буйругу менен өлтүрүлүшүнө байланыштуу окуяга туура келбей калмак. Себеби, 1873-жылы эле көз жумган Шер датка 1874-жылы Искак менен кошо Аксыга келиши мүмкүн эмес.

"1873-жылы жаңы бунт чыкты, — деп жазат орус тарыхчысы М.А. Терентьев, — кайсы бир эч кимге белгисиз Пулат хан деген неме өзүн Алим хандын кичүү уулумун деп ишендирип, каалоочуларды талап-тоноого чакыра баштады. Намангандык кыргыздар буга заматта жооп кылышты"[3]. Чынында, Самаркандда өзүнүн кара башын эптеп багып жаткан Пулат бекти эл таанычу да эмес. Анын атасы Ибрагимди ферганалыктар таптакыр унутуп коюшкан. Бирок, көрсө кыргыз төбөлдөрүнүн айрымдарынын андан кабары бар экен. Ал эми Искактын ким экенин алгачкы күндөрү эки-үч гана киши билбесе, эч ким билген эмес. Орус тарыхчысынын Асан уулу жөнүндө "эч кимге белгисиз" дегени да ошондон. Бирок Искактын чыйрак жана чечкиндүү мүнөзү, табийгатынан баатырга тете тышкы турпаты менен акылы, жадагалса замандын шарданына жараша молдолугу көтөрүлүштүн идеяларына төп келип турду.

---

[1] ӨБМТА.—1-ф.—1-оп.—27-иш.—12-бет.
[2] *Молдокасымов К.* Полот хан...
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—333-бет.

1873-жылы жаз алды менен 200дөй кыргыз жигиттерин ээрчитип, Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы жана Абдымомундун коштоосунда Искак—Полот бек Ала-Бука өрөөнүнө келди. Чаткалдын, Ала-Буканын, Ак-Тамдын, Нанайдын, Көк-Жардын, Мамайдын, Кербендин, Падша-Атанын, Сафид-Буландын жана башка айыл-кыштактардын бектери, аксакалдары Полот ханга кол беришип, анын туусу астында Кудаяр ханга каршы күрөшкө чыгууга макул болушту[1].

Шер датка баштаган кыргыз феодалдарынын максатына бийлик жана байлык орчундуу мааниге ээ болсо да, алардын аракеттери объективдүү түрдө феодалдык зулумдукка каршы багытталган көтөрүлүштүн мүдөөсүнө үндөшүп кеткен. Ал эми сыртынан бийлердин максатына таламдаш болуп көрүнгөнү менен Искактын мындай кадамга барышы эл тилегин дили менен туюп, ыйык максатка башын байлагандыгынын күбөсү болучу.

1873-жылы жайында 29 жаштагы Искак "Полот хан" деген ат менен Аксынын Сафид-Буланында (Азыркы Аксы жана Ала-Бука райондорунун чек арасында жайгашкан Сафид-Булан деген ыйык мазар), 1842-жылы Шералы хан көтөрүлгөн жерде, миңдеген кутлук-сейит, найман, кытай, саруу урууларынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ак кийизге салынып хан көтөрүлдү.

Искактын колу тез эле көбөйө баштады. Көтөрүлүштүн жүрүшүнө Абдымомун, Мусулманкул сыяктуу бийлер түздөн-түз жетекчилик кылышты. Натыйжада көтөрүлүшчүлөр Чартактын беги Кедейбай датка (Кудаяр хандын бир тууган таякеси, саруу бийи) менен Жаңы-Коргондун беги Алимдин жазалоочу отрядын Сафид-Булан менен Ала-Буканын ортосунда талкалап, Көкүмбай жана Тоголок-Шайык, Актам, Найман, Көк-Жар кыштактарын ээлеп алышты. Бирок Кокондон 3 замбирек жана күчтүү жазалоочу отряд менен чыккан Абдырахман аптабачы алгач Наманганда бир аз токтоп турду да, анан Төрө-Коргон менен Тергаучиге жөнөдү. Көтөрүлүшчүлөр Касан шаарына чегиништи. Аптабачы Искак менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатты. (Тилекке каршы ал сүйлөшүүлөрдүн мазмуну жөнүндө булактарда маалымат жок.) Аңгыча Аптабачынын авангарды көтөрүлүшчүлөр менен салгылашууга өттү. Натыйжада начар куралдан-

---

[1] *Наливкин В.* Краткая история...—213-бет.

ган көтөрүлүшчүлөр Ала-Букага чегинишип, андан ары Чаткалга этүп кетишти[1].

Июль айында Шер датка баштаган 40 бийдин Кокондон алтүрүлгөндүгүн укkан көтөрүлүшчүлөр Чаткалда кол топтоп кайрадан Ала-Букага басып кириштн. Бирок Намангандан, Төрө-Коргондон, Жаңы-Коргондон алынып келинген сыпайлар менен күчтөндүрүлгөн жазалоочу отряд Молдо Жолдош паңсаттын башчылыгында Искактын козголоңчуларын экинчи жолу чегинцире алды, көтөрүлүшчүлөр тоо аралап кирип кетишти да, эмки жайга чейин Аксыда салыштырмалуу тынчтык орноду[2].

Аксыдагы козголоң башталганга чейин эле Фергананын башка чөлкөмдөрүндө көтөрүлүш алоолонуп жаткан. Искактын келиши менен Аксы тарапта болуп өткөн жогорку көтөрүлүш кыймылдын бир гана очогу болучу.

Кокон мамлекетинин ички абалын кунт коюп байкап турган К.П. Кауфман өзүнүн отчётунда "Кокон ханынын буйругу боюнча элден жыйналуучу алык-салыктардын чыдамсыз оордугунан, зекетчилердин ач көздүгүнөн жана ырайымсыздыгынан 1873-жылдан баштап хандыкта бир катар толкундоолор жана баш аламандыктар болуп келди"—деп жазат[3].

5.2. 1873-жылдагы саясий окуялар.

Көтөрүлүштүн биринчи мезгили, ошентип, Фергана элетинде чаржайыт чыгуулар менен башталды. Колдо бар булактардын жана изилдөөлөрдүн маалыматтарына таянып, 1873—74-жылдардагы кыймылдардын Аксы чөлкөмүндөгү очогунан башка дагы үч очогун белгилөөгө болот.

Алардын эң алгачкысы Кокондун түштүк-чыгышындагы элеттик кыргыздардын (азыркы Кадамжай, Ноокат, Алай райондорунун чөлкөмдөрү) айылдарында башталды. 1873-жылдын март айынын аяк ченинде бул чөлкөмдөргө келишкен кокондук зекетчилер мурункудан үч эсе ашык салык талап кылышы куралдуу көтөрүлүштүн шылтоосу болду. Зекетчилерден алгач элеттиктер салыкты даярдоо үчүн үч күндүк мөөнөт бергиле деп сураныштн. Бирок зекетчилер ага көнүшпөстөн, элден салыкты кечиктирбей

---

[1] *Наливкин В.* Краткая история...—214—215-беттер.
[2] *Наливкин В.* Краткая история...—214—215-беттер.
[3] ӨБМТА. —1-ф.—34-оп.—346-иш.—113-барак.

толугу менен берүүсун талап кыла бериштн. Ал түгүл зекетчилерди коштоп жүргөн хан сарбаздары бир нече кишини туткундап, аларды Коконго алып барып, "мисал катары эл көзүнө көрсөтүп, жазалап коюуга" ниеттене баштаганда, кокондуктардын пейилин түшүнгөн кыргыздар туткундарга жардамга келишти да, зекетчилердин башчысын жана алардын төрт жардамчысын өлтүрүшүп, чогултулган зекетти кайтарып алышты. Кармашта өздөрүнөн да алты киши мерт болду[1]. Тилекке каршы, бул окуянын болуп өткөн жери булактарда так көрсөтүлбөй, Ош, Анжыяндын түштүгүндөгү кыргыздардын арасында болгондугу гана кабарланат. Ошол жылы күзүндө козголоңчулардын Кожент уездинин начальнигине жазган кайрылуусунда көтөрүлүштүн башталышы "ушул жылы жазында кыргыз айылдарына келишкен хандын зекетчилери шарнятты бузуп, 100 койдон 1 кой эсебинде салык алуунун ордуна зордук менен 3 койдон ала баштагандыктан, мындай адилетсиздикти көтөрө албай, биз зекетчилерди сабай баштадык",—деп түшүндүрүлөт[2].

Ушундай эле маалыматты Америка элчисинин катчысы Скайлер да берет. Ал, "1873-жылы жазда Ош, Анжыяндын түштүк тарабындагы хандын аскерлери жана зекетчилер кыргыздардан ар бир түтүндөн 3 койдон кошумча зекет жана тоолордогу иштетилген айдоолорго да жер салыгын төлөөнү талап кылышты", — деп жазат[3].

Толкундоо тез эле Баткенден тартып Алай тоо этектерине чейинки чөлкөмдөргө тарады. Көтөрүлүшкө кыпчак уруулары да аралашып, зор толкундоого айланып кетүү коркунучу туулду. Көтөрүлүштүн жетекчилери жөнүндө булактарда маалымат жок. Ошол кездеги Алай чөлкөмүнүн эң абройлуу инсаны Курманжан датка жана анын балдары көтөрүлүш башталган алгачкы мезгилде бейтарап абалда турушкан. Анткени, 1867-жылы эле Курманжан Коконго барып, кыргызга жээн Кудаяр ханга салам берип келген болчу. 1868-жылы саруу уруусунун кызы болгон энеси Жаркынайым өлгөндөн кийин, Кудаяр хан тагаларынын тууган-дыгын эсепке албай, өзүнүн гана жыргалчылыгын ойлоп калса да, Курманжан датка Кудаярга каршы көтөрүлүшкө аралашпай, "адилеттүүлүк менен" четте турду. Бирок, Оштун беги болуп

---

[1] ӨБМТА. –1-ф.—1-оп.—278-иш.—102—103-баракгар.

[2] ӨБМТА. —1-ф.— 34-оп.—197-иш.—1-барак.

[3] *Россель Ю.А.* Среднеазиатская культура и наша политика на Востоке. —ВЕ. —13-жыл.—СПб.,1878.—606-бет.

кызматта турган Абдылдабек, кыймылдын башында эле көтөрүлүшкө кошулуп кеткен болчу.

Кудаяр хан көтөрүлүштү басууга атчан сыпайлардан турган ири жазалоо отрядын жиберип, "кыргыздар менен кыпчактарды жүздөп эмес, миңдеп кыруурга " буйрук берди[1]. Хандын жазалоочу отрядынын келе жатканын уккан кыргыздар "кара-келтек" кошуун жыйышып, сыпайлардын алдын тосушту да, аларды талкалап салышты[2]. Бирок кооптонгон калк дүрбөп, натыйжада 20 миң кыргыз, 10 миң кыпчак үй-бүлөсү менен Кашкар Давандын Кырлык, Азирети деген жерлерине көчө качууга мажбур болушту[3].



Абдрахман аптабачы

Толкундоолор жана элдин кыжырдануусу басаңдабагандыктан, хан 1873-жылдын май айында көтөрүлүшчүлөргө каршы Абдырахман аптабачы[4] баштаган 1000 сарбаздан турган экинчи жазалоо отрядын жиберди.

Абдырахман аптабачы көтөрүлүш башталар алдында эле Меккеге барып, ажы болуп, андан Стамбул аркылуу Коконго кайткан болучу. Түркияда ал түрк султаны Абдүл-Азизден Орусиядан кокон шаарларын кайтарып алууга жардам берүүсүн суранган[5].

---

[1] Санкт-Петербургские ведомости.—1874.—№ 268.

[2] ӨБМТА. —1-ф.—1-оп.—278-иш.—103-барак.

[3] Ошол эле жерде.—75-ф.—1-оп.-58-иш.—177—178-баракчар.

[4] Абдрахман аптабачы белгилүү Мусулманкул миң башынын уулу болгон. 1845-жылы 14 жашар Кудаяр биринчи жолу ошол кездеги элеттик кыргыз, кыпчактардын белгилүү бийи Мусулманкулдун жардамы менен такка олтур-ган. Мусулманкул миң башы хан тукуму менен туугандашуу үчүн кызын Куда-яр ханга турмушка берген. Ошол кездеги жаш Абдрахман, Кудаярдын бир туу-ган кайын иниси катары ордодо чоңоюп, курбалдашы Кудаяр менен көңүлдөш болуп өстү. Атасы 1853-жылы Кудаяр хандын буйругу менен өлтүрүлгөндүгүнө, көз алдында кыпчак туугандарын кырдыргандыгына карабай, баарына чыдап, акырындык менен жөнөкөй "аптабачылык" кызматтан (хан колуна суу куюучу бала) ордодогу негизги бийлик орун болгон миң башылыкка чейин жеткен.

[5] *Россель Ю.А.* Среднеазиатская культура...—606-бет.

Абдрахман аптабачынын көчмөн кыргыз, кыпчак урууларына, жадагалса отурукташкан калкка да кадыры чоң эле. Ал зордук-зомбулук, алдым-жуттум менен аралашкан эмес. Өзүн аябай сак кармап, ажылык такыбалыгын так аткарган киши болгон. Ошондуктан көтөрүлүштү басууга кыргыздардын тууганы Абдрахмандын гана тиши өтмөк.

Кыйды Аптабачы көтөрүлүшчүлөрдүн таламын "түшүнгөндүгүн" билдиримиш болуп, аларды "кан төгүүнүн ордуна хан менен ымалага келүүгө" көндүрдү. Көтөрүлүштүн башка очокторунан да өкүлдөрдү алып, Шер датка баштаган кыргыз, кыпчак урууларынын 40 бийин элчи катары ордого жиберүүгө макул кылды. Бирок Кудаяр хан өкүлдөрдүн таламын укkан да жок, тескерисинче алардын баарынын башын алдырды[1]. Абдрахман аптабачы айылда бир аз туруп ордого кайтып келди. Жырткычтык менен өлтүрүлгөн элчилердин каны элетти ого бетер дүрбөттү. Жаңы күчтөр менен толукталган миңдеген кыргыз, кыпчак көтөрүлүшчүлөрү 1873-жылдын июль айында Фергана өрөөнүнүн түздүгүн көздөй басып кирди. Өзгөн жана бир топ элдүү пункттар көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өттү. Отурукташкан өзбек, тажик тургундары көтөрүлүштү колдошту, бирок кыймылдын активдуу катышуучулары боло алышкан жок.

Көтөрүлүшчүлөрдүн бир отряды Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Сох чебин талкалап, чептин кол башчысы Алим кичикти (кыпчакты) өлтүрүп салды[2]. Айрым маалыматтарга караганда Сох чебинде Кудаяр хандын казынасы катылган делет[3]. Шаштысы кеткен Кудаяр хан көтөрүлүштү басуу учун жардам сурап, Ташкентке кайрылды. Кайрылууда Кокондогу коркунучтуу козголоңдун себебин орус ээликтеринен качып өтүп келип жаткан кыргыздар түзүп жатат деген жалган доомат айтылган. Орус бийликтери хандыктын ички иштерине кийлигишпөөнү туура табышты. Ошондой болсо да Петербургга "эгер кокон тополоңдору токтобосо хандыкты басып алууга падышанын уруксат берүүсүн" суранган телеграмма жөнөтүлдү. Бирок император

---

[1] Борьба киргизского и других народов Средней Азии и Казахстана против социального и национального гнета.//Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахстана (конец XVIII—XIX вв.).—Ф.,1985.—187бет; *Усенбаев К.У.* Присоединение Кыргызстана к России.//История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в...—259-бет; История Кирг. ССР.—Т.2.-Ф.,1986.—76-бет.; *Газиев А.* Пулат хан...—40-бет.

[2] ӨБМТА. —1-ф.—34-оп.—196-иш.—27—28-баракtар.

[3] ӨБМТА. —1-ф.—1-оп.—278-иш.—8-барак.

тарабынан мындай кадамга барууга жол берилбеди[1]. Ташкенттен оңдуу жооп келбеген соң, Кудаяр хан хандыктын ички күчтөрүнө гана таянууга мажбур болду.

Карбаластаган хан, көтөрүлүшчүлөргө каршы өзүнүн бир тууганы, Маргалаңдын беги Султан Муратты жиберди, бирок анын колу козголоңчулардан жеңилип калды. 5 миңдей сарбаз көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетишти, 300 сарбаз колго түштү. Султан Мурат өзү зорго качып кутулду. Жеңишке шыктанышкан көтөрүлүшчүлөр тез эле Ош шаарын, Араванды, Үч-Коргонду, Булак-Башыны ээлешти. Ал кыштактардын тургундары көтөрүлүшчүлөргө кошулуп, бектери качып кетти. Булак-Башынын беги кармалып, оозуна шиш кагылып өлтүрүлдү[2].

Ошол кезде орус ээлигине өтүп калган Кожент уездинин башчысынын 1873-жылдын 3-августта жазган билдирүүсүндө: "Кокондо көтөрүлүш кайрадан башталды. Кыпчактар менен кыргыздар хандын зомбулугуна каршы бардык жерде козголушту. Анжыян шаарын Кокон армиясы таштап кетти, Кудаяр кай жерде бекинип жаткандыгы белгисиз",—деп айтылат[3]. Көтөрүлүш кеңири жайылып кеткендиктен, ошол эле караламан элдин уулдары болгон хан кошууну да бөлүнүп-жарыла баштады, Анжыянда 3 миңге жакын кыргыз, кыпчак сыпай, сарбаздар көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетти. Үрөйү учкан Кудаяр Абдрахман аптабачы менен Шахрихан беги Иса Олуяны ири жазалоочу аскер менен кайрадан көтөрүлүшчүлөргө каршы жиберди. Бирок алар да көтөрүлүштү баса албады. Аптабачы жоон топ кыргызды колго түшүрүп, аларды суракка алганда Кокон ханы Кудаярга каршы козголоңго бүт эл каршы чыгып жатат, ал түгүл 20дай кокон акимдери, бектери козголоңдун ичинде деген жооп угуп, көтөрүлүштү басуунун өтө кыйын экендигин сезген Аптабачы тарап кеткен кошуунун чогулта албай, Төрө-Коргондо жашырынууга аргасыз болду. Ошол эле мезгилде шаар калкы, айрыкча, Кокон менен Анжыяндын тургундары кыргыздардын гана келишин күтүп, жек көрүндү Кудаярдын бийлигин кулатууга даяр турушту[4].

Кудаяр хан жан далбастап сентябрь айында кайрадан иниси Султан Мурат бекти көтөрүлүштү басууга аттандырды. Султан Мурат бек тандалма аскер менен көтөрүлүштүн Ош, Анжыяндан

---

[1] *Россель Ю.А.* Среднеазиатская культура...—607-бет.
[2] ӨБМТА. —1-ф.—34-оп.—196-иш.—27—28-баракчар.
[3] ӨБМТА. —1-ф.—1-оп.—278-иш.—74-барак.
[4] ӨБМТА. —1-ф.— 1-оп.—278-иш.—26—30-баракчар.

түштүк тарабын гана баса алды. Көптөгөн көтөрүлүшчүлөр колго түшүп, дарга асылды. Оморбек, Бердибек, Каратай сыяктуу көтөрүлүштүн бир нече жетекчилери сыртынан өлүм жазасына буюрулду. Натыйжада көтөрүлүшчүлөр бир нече жеңиштерге жетишип, Анжыян шаарын ээлешсе да, 1873-жылдын күз айларында акырындап тоо таяна чегинип кетүүгө аргасыз болушту.

Кудаяр хан Ош—Анжыяндын түштүгүндөгү Баткен, Алайга чейинки чөлкөмдөрдү алоолонткон козголоңдун негизги уюткусу алайлык кыргыздар деп түшүнүп, 1873-жылы күзүндө Алайдагы сепилдерди бекемдөөнү ылайык көрдү. Натыйжада Дароот-Коргон чебинин коменданты Ысмайыл Токсобого Кокондон жакшы куралданган атчан аскер жиберилген. Документтерде аскер баш[illegible]ларынан датка, серкер баштаган жүз башы, элүү башы, он б[illegible], кароолбеги, мерген жана башка чиндер аталат[1].

Көтөрүлүштүн 1873-жылдын жазында башталган дагы бир орчундуу очогу Көк-Арт өрөөнүндө эле. Мундуз уруусунан чыккан 35 жаштагы Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы кыймыл Жалал-Абад, Сузак, Ханабад кыштактарын каптады. Мамыр жетектеген көтөрүлүш бир топ деңгелде кубаттуу жана мамлекетке коркунучтуу болгондуктан аны басууга Кудаяр хан өзү аттанды. Ал Анжыян шаарына келип, көтөрүлүшчүлөрдү талкалоого күчтүү жазалоочу отряд жиберди. Бирок көтөрүлүшчүлөр качып кетүүгө үлгүрдү. Июлда Мамырдын отряды Өзгөн шаарын алуу менен жаңы кыймыл баштады. Аны талкалоого эми Шахрихандын беги Иса Олуя менен Халназар түрк жиберилди.

1873-жылы 19-сентябрда Токмок уездинин башчысы Томский Жети-Суу облусунун аскер губернаторуна жазган рапортунда — "Чек араларга жакын турган кыргыздардын толкундоолору жөнүндөгү каңшаарды (1873-жылы июль айында орустардан жардам сурап кайрылган Кудаяр хан көтөрүлүштүн өөрчүшүнө орус ээликтери тараптан качып келип жаткан кыргыздардын тынчы жок топторунун аракеттери да күнөөлүү деген дооматы айтылган эле.) текшерип келүү үчүн Кокон чегине жиберилген капитан Бессонов төмөндөгүлөрдү мага билдирди: кыргыз көчмөндөрүнүн арасындагы жаз айларында башталган толкундоолор мындан эки ай мурун кушчу, мундуз, багыш, басыз, карабагыш урууларынын башында турган Мамырдын Ханабад шаарына (азыркы Сузак району менен Кара-Суу районунун ортосундагы жайгашкан Советабад же Ханабад шаары) кол салуусу менен чечилди... Мамыр

---

[1] *Плоских В.М.* Киргизы и Кокандское ханство...—307-бет.

жеңилип калды, кошуунунан 300 кишини жоготкондугун санап олтурат, кармашта өлгөндөрдөн башка алардын арасында эгин талаасынан кармалып кеткендер да бар. Кокон бийликтери тут-кундарды айылма-айыл 5—7ден таратып казыкка олтургузууга буйрушту. Айдоо талааларында аялдарды жана балдарды өлтүрүшүп, боюнда бар аялдардын кардын жарышты... Кыргыздар биздин ээликтерге качышып, ар жерге, көпчүлүгү Кетмен-Төбө болуштугуна жайгашышты. Мамыр 100 жигити менен адыгине уруусунун кыргыздарына өтүп кетти. Абдрахман адыгинелердин кадырлуу адамдарын жана бийлерин чакырды эле, алар казыкка олтурууну каалабагандыктарын билдирип, макул болушпады"[1],— деп билдирген.

Мындан биз Мамырдын колу талкаланып, көтөрүлүшчүлөр тоо таяна качышканын жана билдирүүдөгү зулумдуктарды күтпөгөн 1700 түтүндөй мундуз, карабагыш, кыпчак жана башка уруулар бийлери менен кошо Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө өрөөндөрүнө качып кетишкендигин билебиз. Хандын качкындарды кайтарып берүү жөнүндөгү өтүнүчү Токмок уездинин башчысы тарабынан аткарылып, козголоңчулардын бир бөлүгү Анжыян вилайетине кайтарылган[2]. Бирок Мамыр баштаган жүздөй жигит 1873—жылдын 1874-жылга караган кышында кийинки жылкы күрөшкө даярдануу үчүн Алай тараптагы адыгинелерге өтүп кетти[3]. Кай бир маалыматтарда Мамыр андан ары Кашкарга барып, кыргыздарды Кудаярга каршы үндөгөндүгү айтылат[4]. Бирок анын аракеттери ийгиликке жетпеген соң кайрадан Кара-Кулжага кайтууга аргасыз болду.

Кыш мезгилинде Кара-Кулжадагы жана Алайдагы кыргыздарды көтөрүлүшкө чакырып, Мамыр Мерген уулу ишеничтүү жигиттери менен эрте жазда Тогуз-Торого өттү. Ал Кокон хандыгына каршы күрөшүүгө аркалык туугандарын тартууга аракеттенди. Орус бийликтеринен колдоо издеп, аларга букара болууга макулдугун билгизип, кат жазып да көрдү. Бирок анын 1868-жылкы орус—кокон келишими жөнүндө кабары жок эле. Албетте, орус бийликтеринен жооп келген жок. Үмүтүн үзгөн Мамыр Фергана чөлкөмүнө кайтты.

---

[1] ӨБМТА. —1-ф.—1-оп.—278-иш.—43—46-барактар.
[2] ОБМТСА.—ВУА фонду.—6874-иш.—24-барак.
[3] ОБМТСА.—ВУА фонду.—6868-иш.—175—76-барактар.
[4] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—155-барак.

1873-жылдагы көтөрүлүштүн дагы бир очогу Лейлек чөлкөмү болду. Кыймылдын жетекчиси Мамырбай Баткен—Алай тараптагы көтөрүлүшчүлөр менен байланышып турса да, өз алдынча аракеттенди. Кожент уездинин башчысына 1873-жылы жазган лейлектик көтөрүлүшчүлөрдүн катында "хан шариятты буза баштады. Биз ошондуктан адилетсиздикти көтөрө албай, зекетчилерди талап-тонодук. Кудаяр бизге аскерин жиберди эле, биз жайытгарды таштап, тоого качып кеттик. Бирок хандын аскер башчысы 270 кишини туткунга түшүрүп, Асаке шаарына алып келип, хандын буйругу менен казыкка олтургузду. Ошондуктан биз чогулдук да, ханды биздин душманыбыз деп жарыяладык", — деп жазылат[1].

Жазалоочулар кетери менен кайрадан жанданган көтөрүлүшкө Чаткалдан жаңы эле кайткан Абдрахман аптабачы жөнөтүлдү. Ал алгач жан эриткен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, көтөрүлүшчүлөр менен бирге экендигин, алардын турмушун жана абалын түшүнөрүн саймедиреп, тынч тарап кетүүлөрүн өтүндү. Мындай сөзгө ынанган көтөрүлүшчүлөр тарай баштаганда Аптабачы капыстан чабуул коюп, аларды талкалап салды. 400дөй киши туткундалып, Кокондо дарга асылды[2]. Бирок Мамырбай кармалган жок.

Лейлек көтөрүлүшүнө байланыштуу булардан башка конкреттүү аракеттер жөнүндө маалыматтар жок. Бирок Кожент кыргыздарынын (Лейлек чөлкөмүнүн батыш атрабында жашаган кыргыздар) Токмок уездинин кыргыздары менен байланышы болгондугу жана алар Шабдан Жантай уулу менен кат алышкандыгы жөнүндө булактар маалымдайт[3].

Ошентип, көтөрүлүштүн биринчи мезгилинин (1873—1874) биринчи жылы аяктады. Албетте, мурунтан ойлонулган планы, ачык максаты, бекем уюму жана башкы командачысы жок чаржайыт аракеттенген көтөрүлүшчүлөр жакшы куралданган Кокон армиясынын күчүнө туруштук бере албастыгы ачык болучу. Аны өздөрү деле сезишкен. Ошондой болсо да зулумдук менен адилетсиздикке чыдабаган элеттиктер мындай жашоодон көрө күрөшүп өлүүнү же айла кетсе орус ээликтерине кирип кетүүнү ойлошкон. Ошол эле учурда "жалпы эл көтөрүлсө, баатыр бийлер баштаса, ордону алып, адилет кишини хан көтөрсөк" деген мүдөө баары бир кыргыз, кыпчак жана аларга кошулган өзбек, тажик тургун-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—58-иш.—362-барак.
[2] ӨБМТА.—1-ф.—1-оп.—278-иш.—103-барак.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—196-иш.—№ 37-телеграмма.

қарын хандын жазалоочу аскерлерине каршы барууга түртқөн. Мындай "баёо монархизм" идеясы ушунусу менен, канчалаган кан төгүлсө да, тарыхый прогрессивдүү факт катары эсептеле берери бышык.

Көтөрүлүштүн чаржайыттыгына карабай, алардын жетекчилери бири-бири менен кабар алышып тургандыгын байкоого болот. Андай болбосо 1873-жылы эле жаз айларында Фергана өлкөмүнүн түндүк, түштүк, чыгыш элеттеринде бир эле учурда ушунчалык өжөрлөнгөн бир нече кыймылдар чыкмак эмес. 1873-жылдын жай мезгилинде Абдырахман аптабачынын бал тилине кирип өлүмгө учураган кыргыз элетинин 40 бийинин арасында Аксыдан да, Көк-Арттан да, Кара-Кулжадан да, Алайдан да, Сон тон да өкүлдөр болгондугун эске алсак, көтөрүлүштүн "чаржайыт" сымал очокторунун кандайдыр бир деңгелде бирибирине байланышта болгондугун ырастоо кыйын эмес.

1873—1874-жылдагы кыш мезгилинде көчмөндөр кыштоолорго болгондуктан, Фергана өрөөнү салыштырмалуу тынч болду.

5.3. Көтөрүлүштүн күчөшү жана элдик кыймылдын биринчи мезгилинин аякташы

1874-жылдын жазында элдик толкундоолор кайрадан алоолонду. Май айында Кара-Кулжа чөлкөмүндө көчүп жүргөн кыргыздар Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астында жаңы күч менен күрөшкө чыгышты. 5—6 миң кишиден турган көтөрүлүшчүлөр Анжыяндан алыс эмес, Коргон-Бардан сепилин алышты жана Анжыян шаарына чабуул коюшту. Бирок, 2 миң сарбаздан турган жазалоочу отряд көтөрүлүштү басып, бир нече жүз тутқундарды жана көп сандаган аттарды, түрдүү олжону колго түшүрүштү. Мамыр Мерген уулу Капка өрөөнүнө (Нарын чөлкөмү) качып кетти, бирок Кокон ханынын өтүнүчүнө байланыштуу Токмок уездинин башчысынын буйругу менен 1874-жылы 15-июлда кармалып, "көтөрүлүштүн чордонунан алыстатуу жана орус ээликтериндеги кыргыздарды кокон тополоңуна тартууга мүмкүнчүлүгүн жоготуу" максаты менен Лепси уездине (Казахстан) камакка салынды[1]. (1877-жылы гана энесинин сурanычына байланыштуу Мамыр Мерген уулу Анжыян уездине тымызын көзөмөлдөнүп туруу укугу менен кайтып келген[2].)

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—155-барак.
[2] ӨБМТА.—19-ф.—1-оп.—275-иш.—24-барак.

1874-жылы июль айында Чаткал тоо этектеринде көтөрүлүш кайрадан башталды. Искак-Полот хандын айланасына эми көптөгөн кыргыз, кыпчак уруулары, өзбек дыйкандары топтолушту. Искак эми Полот хан деген ат менен көтөрүлүштө чыныгы жетекчиликти колго алды да, кабары Аксы чөлкөмүнө гана эмес, Фергананын башка тоо этектерине, шаарларга, ал турсун Ташкенттеги орус бийликтерине да дайын болду. Элдик кыймылга айлана баштаган көтөрүлүштүн активдүү уюштуруучулары болуп, бир кезекте Алымкул менен бирге жүргөн, анын тууганы Мусулманкул, курамалык кыргыз Абдымомун (булактарда чаткалдык кыргыз Момун Шамырзак уулу деп берилет) эсептелишкен. Орус букарасы болгон Абдымомундун Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшкө аттангандыгын булактар мындай деп түшүндүрүшөт: "Инсургенттер (көтөрүлүшчүлөр) кыймыл ийгиликтүү аяктап калса, орустар менен жакшы ымалага кирүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү максаты менен Момунду өздөрүнө чакырып алышты"[1].

Ушул жерде тактай кете турган маанилүү маселе бар. Курамалык жана чаткалдык "эки Момундун"[2] ким экендиги жөнүндө изилдөөлөрдө бирдей пикир жок. Биз Абдымомун жана Момун Шамурзак уулу бир эле адам болгон деген ойду айтмакчыбыз. Изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү аларды эки башка инсан деп түшүндүрүшөт. Мисалы, А. Хасанов: —"Момун жөнүндө айтууда, мындай ысымды алып жүргөндөр экөө: чаткалдык Момун жана курамалык Момун",— деген түшүндүрмө берет[3]. К. Үсөнбаев 1860-жылдары эле туура пикир айткан деп эсептейбиз. Ал: "1874-жылы июлда чаткалдык кыргыздар көтөрүлдү. Алардын башында Мусулманкул (Кокондун мурунку лашкери кыргыз Алымкулдун тууганы) жана Полот хан турушту. Мусулманкул Момунду, башкача айтканда бир кезде Полот хан үйүндө кызмат кылган курамалык Абдымомун аталыкты Кудаяр ханга каршы көтөрүлүүгө макул кылдырды",—деп эки Момунду бир инсан катары жазат[4]. Булактардагы үзүл-кезил маалыматтар бул эки Момундун бир эле адам экендигин көбүрөөк ырасташат. Мисалы, алар экөө тең курамалык кыргыздар, экөө тең чаткалдык кыргыздарга тууган,

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—155-барак.; *Усенбаев К.* Присоединение Кыргызстана.../ / История Кыргызстана...—264-бет.

[2] *Хасанов А.* Народные движения...—59-бет.

[3] *Хасанов А.* Народные движения...— 59-бет.

[4] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии к России.—Ф.,1960.—69—70-беттер.; ОБМСТА. —ВУА фонду.—6868-иш.—175—76-баракгар.

экөө тең тектүү инсандар. Абдымомун аталыктын мурун Чаткалда көчүп жүргөндүгүн, кийин Алымкул аталык Ташкенттин алдында 1865-жылы шейит болгондон кийин орус букаралыгына өтүп, 60-жылдардын ортосунан баштап (кай бир булактарда 1867-жылдан баштап делет) Курама уездинде отурукташып, дыйканчылык, соода менен шүгүрлөнүп калгандыгын, анын Ташкентте үйү болгондугун булактар жана изилдөөлөр кабарлашат[1]. Изилдөө процессинде 1873—76-жылдардагы окуяларда Абдымомун аталык менен Момун Шамурзак уулунун экөө тең бир окуяга бир эле мезгилде катышкан учурун жолуктура албадык. Мисалы, 1873-жылдын жазында жана күзүндө Полот хандын жанында Момун Шамурзак уулу учурабайт. Ал эми 1874-жылкы Аксыдагы экинчи козголушта — Абдымомун учурабайт. Көпчүлүк изилдөөлөрдүн пикири боюнча ал жылдары экөө тең көтөрүлүштүн активдүү жетекчилери деп берилгени менен, окуялардын жүрүшүндө бир эле учурда жолукпагандыгы алардын эки башка инсан экендигинен күмөндүүлүктү туудурат. 1874-жылы 24-августта Момундун Идрис-Пайгамбарда кармалган мезгилинен 1875-жылдын сентябрына чейин Полот хандын жанына Момун да, Абдымомун да болгон эмес. Искак 1875-жылы 27-сентябрда Ботокарада экинчи жолу хан көтөрүлгөнүнөн кийин Абдымомун кайрадан Полот хандын жанында жүргөн. Себеби, Идрис-Пайгамбарда кармалган Момун (Абдымомун) алгач Олуя-Ата түрмөсүндө олтуруп, бирок августтун аягында качып кеткендиги жөнүндө изилдөөлөр баяндашат[2]. Жогорку салыштырууларга таянып, азырынча гипотезалык таризде биз Абдымомун жана Момун Шамурзак уулу бир эле инсан болгон деп эсептейбиз.

10 миңден ашуун көтөрүлүшчүлөр июль айында Чаткалдан чыгып, Ала-Бука өзөнү менен төмөн карай Касан шаары багытына жүрдү. Кутлук-сейит, багыш, саруу, кытай урууларынан жыйналган Искактын көтөрүлүшчүлөрүнө жолдон өзбек, тажик тургундары кошулуп, Касанга жакындады. Чартак менен Жаңы-Коргондун бектери кол жыйнап, Сафид-Булан мазарынын жанында көтөрүлүшчүлөрдү токтотууга аракет кылды, бирок 400 кишиден турган сарбаздар көтөрүлүшчүлөргө туруштук бере алышпады. 1874-жылдын 1-августуна чейин Сафид-Булан, Чартак, Жаңы-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—155-барак.; *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—66—69-беттер.; *Корытов Н.П.* Самозванец Пулат хан...—20-бет.

[2] *Джамгерчинов Б.*Очерки политической истории...—350-бет.

Коргон чептери алынды, комендантты Төрө-Коргонго качып кеткен Касан шаарын жана чебин Полот хандын колу согушсуз ээледи. Шаардыктар көтөрүлүшкө кошулуп кетти. Полот хандын кошууну Намангандан алыс эмес Төрө-Коргон чебин талкалап, Наманганга жүрүш жасоого даярданып туруп калды[1]. Төрө-Коргондун беги Саранчы 500 сарбазы менен көтөрүлүшкө кошулуп кетти да, кийин көтөрүлүштүн активдүү жетекчисине айланды.

Аксы көтөрүлүшүнөн катуу чочулаган Кудаяр хан, аларга каршы жакшы куралданган Абдрахман аптабачы, Иса Олуя, Науман паңсат баштаган 7000 сыпайдан жана 1000 сарбаздан турган жазалоочу отряд жиберди. Санынын көптүгүнө карабай, негизинен "кара-келтек" кошуундан турган көтөрүлүшчүлөр салгылашта жеңилип калышты, көп адам колго түштү. Эки жактан тең олуттуу жоготуулар катталды, айрыкча, көтөрүлүшчүлөр тарабынан мерт болгондор арбын болуп, алардын ичинде көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчилеринин бири Мусулманкул көз жумду. Момун Шамурзак уулу Чаткалга чыгып кетти[2], ал эми Искак бир аз жигиттери менен Ала-Буканын Чанач капчыгайына карай чегинди.

Көтөрүлүштүн Саранчы бий баштаган тобу хандын жазалоочу аскерин Кызыл-Токой капчыгайында кармап турууга аракеттенди, бирок теңдешсиз кармашта талкаланып калды.

Аптабачынын жазалоочу аскери көтөрүлүшчүлөрдүн көпчүлүгүн тоолорго качууга аргасыз кылып, караламан эл, коргоосуз калган айылдар катуу талоонго учурады. Айыл-кыштактар аёосуз өрттөлүп, Ала-Бука өрөөнүндө эле даргага асылгандардын саны 1000ден ашты деп билдирет булактар. Айрыкча, Ала-Бука, Өрүктү, Касан-Сай өрөөнүндө жашаган тургундар Жолдош паңсаттын жазалоочуларынын каарына калды[3]. Жазалоону "эң жакшы ийгиликтер менен аяктап", Коконго жоон топ туткундарды жана көп олжо алып кайткан Абдрахман аптабачыга Кудаяр хан "парваначы" титулун ыйгарды[4].

Бул жазалоолор, албетте, элди ого бетер кыжырлантты. Каны кайнаган Искак 1874-жылдын 1875-жылга караган кыш мезгилинде Чаткал тоо этектерин, Чанач, Ала-Бука, Падша-Ата өрөөндөрүн кыдырып, элди көтөрүлүшкө үндөп жүрдү.

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—156-барак.

[2] ОБМТСА.—ВУА фонду—6868-иш.—176—77-барактар.

[3] *Наливкин В.* Краткая история... —215-бет; ОБМТА. —1-ф. —31-оп.—278-иш.—11—20 -барактар.; *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—71-бет.

[4] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—71-бет.

Чаткалга чыгып кеткен Момун Шамурзак уулунун тагдыры кейиштүү аяктады. Чаткал өрөөнү орус ээликтерине кирип, ал эми Момун орус букарасы деп эсептелингендиктен Кокон ханы Кудаяр аны кармап берүүнү Сыр-Дарыя облусунун аскер губернатору генерал Эйлерден суранды. Чаткал тоолорунда бекинип жаткан Момун менен бирге миңге жакын көтөрүлүшчүлөр болгондуктан аны колго түшүрүү оңой эмес эле. Ошондуктан Сыр-Дарыя облусунун губернатору Момунду айла менен колго түшүрүүнү чечип, Чаткалга таластык кыргыз бийлеринен түзүлгөн атайын элчилердин тобун жиберди. Казак-орустар коштогон бул элчиликтин алдына Момунду кандай гана болбосун кармап, орус бийликтеринин колуна тапшыруу милдети жүктөлгөн болчу[1]. Чаткалда бир нече сүйлөшүүлөрдөн кийин гана элчилердин чуру убадасына ишенген Момун 1874-жылдын 24-август күнү Идрис Пайгамбар деген жерде орус өкүлдөрү менен сүйлөшүүгө келгенде кармалды да, Олуя-Ата шаарында түрмөгө отургузулду[2]. Бирок Момун бир аз убакыттан кийин түрмөдөн качып кеткендиги жөнүндө Б. Жамгырчинов изилдөөсүндө көрсөтөт[3].

1874-жылы жаз, жай айларында Аксыдагы Искактын, Момундун, Өзгөндөгү Мамырдын аракеттеринен башка Алай, Сох, Баткен, Лейлек жактарда активдүү козголоңдор болбоду. Бирок толкунданган эл тынчып калды деп айтуу кыйын. 1874-жылы Лейлек чөлкөмүндөгү Кыяксай деген жердеги Мамырбай баштаган 400дөй көтөрүлүшчүлөрдүн тобунун аракеттери булактарда катталган. Бирок 1874-жылдын күз айларында толкундоолор акырындап басаңдап, убактылуу тынчтык өкүм сүрдү. Бул тынчтык көтөрүлүшчүлөрдү ырайымсыз жазалап, канын суудай агызган кокон аскерлерине, аларга буйрук берген кокон бийликтерине жана Кудаяр хандын өзүнө кыжыры кайнаган элдин убактылуу гана тыныгуусу болчу. Алар тымызын алдыдагы чечкиндүү кармаштарга даярданып жатты.

Ошентип, 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын биринчи мезгили аяктады.

1873—74-жылдардагы толкундоолор жана көтөрүлүштөр бир жарым жылча созулуп, иш жүзүндө Фергана өрөөнүндөгү Аксы, Көк-Арт—Өзгөн, Алай—Сох—Баткен жана Лейлек—Исфара—Кожент чөлкөмдөрүнөн улам бири коюп бири чыгып жаткан кый-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—158-барак.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—159-барак
[3] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—350-бет.

мылдарга катышпай калган кыргыз, кыпчак уруулары болгон жок. 1873-жылы ноябрде жалпы Түштүк кыргыздарынын атынан келген кыргыз элчилери Кожент уездинин башчысы барон Нольдеге көтөрүлүштүн чыгыш себебин жана кыргыздардын орус букаралыгына өтүүсүн каалагандыгын билдирген кат беришкен. Ал каттын маалыматтына караганда көтөрүлүшкө 42 уруу же 132500 түтүн кыргыз, кыпчактар катышкан. Эгер ар бир түтүндү орточо 4—5 кишиден турат деп эсептесек, анда көтөрүлүшкө тиеш си бар калктын саны 560—600 миң адамды түзөт[1]. Албетте, Кыргызстандын түштүгүндө ал кезекте мынча кыргыз жашаган эмес, чамасы тизмеге кыпчактар, көчмөн өзбектер, түрктөр жана каракалпактар да кошулган болсо керек. Ошентсе да бул зор сан көтөрүлүштүн масштабын айкын белгилеп турат.

Көтөрүлүшкө, негизинен, кыргыздар жана кыпчактар катышканы менен, отурукташкан кыштактардагы, шаарлардагы сарт, өзбек жана тажик калкы өзүлөрүнүн тилектештигин билдирип, кээде кошулуп кетип да турушту[2]. 1874-жылы Коконго атайын Ташкенттен жиберилген тыңчы, колледждик кеңешчи Г. Вейнбергдин жазганына караганда: "отурукташкан калк көчмөндөр сыяктуу эле учурдагы абалдан жабыр тартып келген. ...алардын арасында тилектештик болбогонсуганы менен, чынында бул жагдай эки жамааттын карама-каршылыгын көрсөткөн эмес; тирешүү алардын башчыларына гана тиешелүү; ал эми караламан калктын дыйканы да, жумушчусу да мал менен жашаган көчмөнгө толугу менен ниеттеш болгон"[3].

Г. Вейнбергдин байкоосун 1874-жылы күзүндө К.П. Кауфмандын Милютинге жазган каты ырастайт. "Көчмөндөрдүн арасындагы толкундоолор,—деп жазат генерал-губернатор,—хандын ашкере алык-салыгына жана зордук-зомбулугуна нааразы болушкан отурукташкан тургундарга чоң таасирин тийгизди"[4]. Ошент-

---

[1] ӨБМТА.—1-ф., —1-оп. —320-иш. —10—11-баракчар. Маалымат *В. Плоскихтин* "Киргизы и Кокандское ханство" деген китебинин 312-бетинен алынды.; *К. Усөнбаевдин* изилдөөлөрүндө аталган 42 уруунун кай бирлеринин аттары берилет: Мисалы, басыз, мундуз, найман, кесек, тейит, кыдырша, бостон, каратейит, кутлук-сейит, кызыл-аяк, жору, бөрү, тооке, монгуш, кыпчак, кыргыз-кыпчак, кытай, абагат, каман, тамга, саяк, катаган нойгут, кушчу, карабагыш жана башкалар. (Караңыз: *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—72-бет.

[2] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—73—74-беттер.

[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—326-барак.

[4] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—154-барак.

се да 1873—74-жылдары Фергананын отурукташкан тургундары көтөрүлүшкө массалык түрдө аралашып кетишпеди.

Совет тарыхнаамасында 1873—74-жылдагы кыймылга катышкандардын социалдык курамы негизинен караламан, кедейдыйкан чарбалардан турган деген пикир басымдуулук кылат. Биздин оюбузча бул пикирге кошулууга болот, бирок айта кетчү бир нерсе — мурунку тарыхнаамада орун алып келген "таптык көз карашты" бүгүнкү күндө абсолютташтыруунун зарылчылыгы жок. Албетте, кыймылдын катарында эмгекчи эл массасы турду, бирок аларды баары бир уруу башчылары жетектешкен. Мамырбай, Абдымомун, Мусулманкул, Шер датка сыяктуу көрүнүктүү журт башчылары көтөрүлүшкө багыт берип турушкан. Замандын ал кездеги шартында кыргыз, кыпчак урууларынын көтөрүлүшкө таптык белгилери менен эмес, Кудаяр ханга каршы күрөштүн тегерегинде биригишкен. Кыргыз қоомчулугунун ал мезгилдеги социалдык ажырымынын терең эместиги, "адилетсиз ханды адилетүү хан менен алмаштыруу" идеясы калктын калың катмарында жашап, көтөрүлүш жалпы эл массасынын Кудаяр хандын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн адилетсиз саясатына каршы куралдуу каршылыгы катары келип чыккан. Бул биригүүнү улуттук деп таануунун да, төмөнкү социалдык катмардын көтөрүлүшү деп таануунун да болбойт. Эгер андай болсо кыймылдын баштоочулары катары өлтүрүлгөн кыргыз, кыпчак урууларынын 40 бийин кайда алып барабыз? Анын үстүнө кыргыздар Искак Полот ханды тандагандай эле, отурукташкан өзбек калкы да өзүлөрүнүн атынан мурасчы катары Кудаяр хандын алыс тууганы Батыр хан төрөнү 1871-жылы эле көрсөтүшпөдү беле[1]. Бул фактылар кыймылдын социалдык жана улуттук жагынан так жиктелбегендигин, анын жалпы элдик кыймыл болгондугун айкындайт.

Көтөрүлүштүн ар бир очогу өз алдынча аракеттенгендиктен, мурунку изилдөөлөр көрсөткөндөй, булардын ортосунда кандай-

---

[1] ОБМТСА.—ВУА-фонду.—6884-иш.—95—96-баракчар. "Батыр хан төрөнүн козголоңу деп аталуучу козголоң 1871-жылы алык-салыктын көбөйүп кети-шине байланыштуу чыккан. Батыр хан төрө Кудаяр хандын экинчи аялынын бир тууганы болуп, негизинен кыргыз феодалдары менен туугандашып турган. Ошого карабастан, аны отурукташкан өзбектер жана ордонун 50 кишиден турган өкүлдөрү катышкан жашыруун топ Кудаяр хандын ордуна олтургузууну максат кылышкан. Бирок жашыруун топтун биринин чыккынчылыгынын натыйжасында козголоңдун Батыр хан төрө баштаган 17 мүчөсү кармалып, аларды ордодогу көлчүккө тумчуктуруп өлтүртүүгө буйрук берилген. (Караңыз: *Терентьев М.А.* История завоевания... —Т.2.—333-бет; ОБМТА. —715-ф. —1-оп.—60-иш.—175-барак.

дыр бир байланыш болгон эмес деген жыйынтык чыгаруу туура болбос. Кыймылдын тигил же бул очокторун бириктирип турган уюм же башчы болбосо да, алардын бири-биринен кабар алып, тиешелүү деңгелде байланышта болуп тургандыгын баамдоого болот. 1873-жылы жаз алды менен зекетчилерди өлтүрүүдөн башталган Алай чөлкөмүндөгү тополоңдун басылгандыгына карабай, анын уламдан-улам өөрчүй бериши, Көк-Арт чөлкөмүндө Мамырдын, Аксыда Искак, Мусулманкул жана Момундардын, Лейлек, Исфара тарапта Мамырбайдын ошол эле жаздагы толкундоолору, Абдрахман аптабачынын алдоосу менен Фергана өрөөнүнүн түндүк, түштүк, чыгыш элеттеринен кыргыз, кыпчак урууларынын Шер датка баштаган 40 өкүлүнүн ордого чакыртылып өлтүрүлүшү, Кожент уездинин башчысы подполковник Нольдеге бүткүл ферганалык кыргыз-кыпчактардын 42 уруусунун атынан кат берилиши жана башка фактылар "локалдуу", "чачкын" деп эсептелинген көтөрүлүштөрдүн бири-бири менен байланышта болгондугун ырастап турат.

Ферганалык көтөрүлүшчүлөр бири-бири менен гана эмес, Түндүк кыргыз урууларынын менен дагы байланыш түзүүгө аракеттенгендиги маалым. Мисалы, Мамыр Мерген уулунун 1700 түтүндөн ашык көтөрүлүшчүлөрүнүн Токмок уездинин аймагына кирип кетиши жана алардын Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө чөлкөмдөрүндө жашаган туугандарынан көмөк издеши[1], Мамырдын түндүк кыргыз урууларын көтөрүлүшкө үндөшү, чаткалдык, курамалык кыргыз, кыпчак жана казак урууларынын өкүлдөрүнүн Момун Шамурзак уулун ээрчип, көтөрүлүшкө кошулушу, 1000 түтүнгө жакын кыргыздардын Олуя-Ата уездине кирип кетиши[2] жана башка фактылар жогорку пикирди далилдеп турат. Мындан тышкары Кожент уездинин башкаруучусуна 42 уруунун атынан берилген кат, Түштүк кыргыздардын Токмок уездинин башчысы Загряжскийден старчын Шабдан Жантай уулун көтөрүлүшкө көмөк кылууга уруксат берүүсүн сурануу Кулмамбеттин жана Камбар серкердин атайын жиберилиши, Шабдандын түштүккө келиши жана анын Мичи бийди (кай бир изилдөөчүлөр аны Жайчы бий деп аташат) башчы кылып алгыла деген пикири, Шабдандын сунушу боюнча көтөрүлүшчүлөрдүн Анжыян шаарын алууга аракеттенүүсү жөнүндөгү[3] фактылар кыймылдын чачкын эмес

---

[1] ӨБМТСА.—ВУА-фонду.—6868-иш.—174-барак.
[2] ОБМТСА.—ВУА-фонду.—6868-иш.—12-барак.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—3-оп.—197-иш.—78-барак.

экендигин дагы бир жолу бышыктайт. (Тилекке каршы Шабдан менен Түштүк кыргыздарынын көтөрүлүш мезгилиндеги жана андан кийинки байланыштары жөнүндө үзүл-кезил маалымат бирин-экин архивдик документтерде гана сакталганы болбосо, калганы бизге жетпеди.)

Көтөрүлүшкө чейин эле кокон бийликтеринин зордук-зомбулугуна тойгон эл, көтөрүлүштү басуу жана андан кийинки мезгилдерде, көтөрүлүшкө тигил же бул деңгелде тиешеси болгон айыл-кыштактарды талап-тоноо сыяктуу жазалардан өтө катуу запкы көргөн. Жек көрүндү Кудаярды жеңүүгө көзү жетпеген кыргыздар айласыздан орус бийликтеринин карамагына өтүүгө аракеттенишкен. Мындай фактылар көп. Мисалы, 1873-жылы ноябрь айында Кожент уездинин башчысы подполковник Нольдеге, Сыр-Дарыя облусунун губернатору генерал-майор Эйлерге кыргыздардын жогор жакта айтылган 42 уруусунун элчилиги, Токмок уездинин чектерине кирип кеткен 1700 түтүн кыргыздардын орус букаралыгын кабыл алууга болгон суранычы, 1874-жылы майдагы 2000 түтүн мундуз уруусунун Түркстан генерал-губернаторуна сураныч каты[1], 1874-жылы жазында Мамыр Мерген уулунун орус букаралыгын кабыл алууну суранган каты[2], жана башка фактылар. Бул фактылар борборго да угулган. 1874-жылы "Голос" газетасы "Түштүк кыргыздары орустардан көмөк издөөгө умтулушуп жатат. Өткөн жылы жайында алар орус букаралыгын кабыл алууга ниеттерин билдиришти", — деп жазат[3].

Көтөрүлүшчүлөр өзүлөрүнүн Кудаяр ханга каршы күрөшүнө Орусия бийлиги кандай мамиле кылаарына өзгөчө кызыгышкан. 1873-жылы эрте жазда эле көтөрүлүшчүлөрдүн атайын өкүлчүлүгү генерал Г.А. Колпаковскийден көтөрүлүшкө колдоо көрсөтүүнү суранышкандыгы маалым. Көтөрүлүш жөнүндө так маалымат алуу үчүн генерал Колпаковский Магомет Мурат аттуу кишини Алай чөлкөмүнө жиберген. Бирок Г.А. Колпаковскийдин өкүлү Кокон ханына жардам берилбейт деген гана пикирин билгизип, орус бийлиги көтөрүлүштү колдоорун же колдобошун ачык айткан эмес[4].

Падыша өкмөтү Түштүк кыргыздарынын көтөрүлүшүн колдоо гана эмес, айласыздан болгон орус букаралыгына кирүү өтүнүч-

---

[1] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—243-иш.—27-барак.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—155-барак.; *Усенбаев К.* Присоединение Кыргызстана...// История Кыргызстана...—266-бет.

[3] "Голос".—1874.—12-июль.

[4] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—75-бет.

төрүн да четке какты. Себеби, орус бийликтери 1868-жылы орус—кокон келишимине жана жалпы эле эл аралык кырдаалга байланыштуу Кокон хандыгы менен мамилени бузбоого аракеттенди. Түштүк кыргыз урууларынын кокон ээликтеринде туруусу мийзам ченемдүү иш деп түшүнгөн К.П. Кауфман ал түгүл Түштүк жана Түндүк кыргыздарынын байланышын тез арада токтотуу жөнүндө Сыр-Дарыя жана Жети-Суу облустук бийликтерине шашылыш буйругун жиберди. Буйрукка коштолгон жолдомолордо эгер орус ээликтерине көчүп келген кыргыздар болсо, аларды тезинен артка кайтаруу жөнүндө көрсөтмө берилди. Ал эми Түркстан генерал-губернаторунун кызматын убактылуу өтөөчү Г.А. Колпаковский Жети-Суу облусунун губернаторуна кыргыз депутаттарынын Шабдан менен байланышын текшерүүнү, эгер ал "опурталдуу" болсо, тез арада андай байланышты токтотуп, Шабдандан Түштүк кыргыздарынын жиберген каттарын тартып алууну буйруду[1].

Орус букаралыгына кирүүнү суранган өтүнүчтөрүнүн четке кагылышына, Орусиянын Кокон хандыгын колдогонуна карабастан Түштүк кыргыз урууларынын бир даары Токмок, Олуя-Ата уезддеринин чектерине көчө качып жатышты. Тогуз-Торого, Кетмен-Төбөгө өтүп кеткен 1700 түтүн үй-бүлөдөн тышкары Олуя-Ата уездинин чегине да бир топ уруулар кирип кетишкен. Мисалы, Кудаяр хандын 1873-жылдын 5-ноябринде Түркстан генерал-губернаторуна жазган катында алар баймундуз (Осмон бий, Жолборс бий, Бердикул бий), осурак (Рахмат бий, Бала бий), баглан (Сейит бий, Сарыкулак бий), кырк-тамга (Калпа бий, Мурун бий), кушчу (Баймырза бий), каман (Жусуп бий), карабагыш (Эсенбай бий, Асанбай бий) жана кыргыз-кыпчак (Мусулманкул, Алымкул бийлер) — баары 8 уруу экендиги жазылган[2]. Ошол эле учурда Кудаяр хан ушул катында орус—кокон келишимине негизденип, көчүп кетишкен кыргыздарды кокон ээликтерине кайтарып берүүнү орус бийликтеринен суранган. "Эгер Сиздердин кыргыздар, — деп жазылат ал катта, — менин ээликтериме кирип келишсе, аларды кайтарууга буйрук берилет. Эки жак тең бирдей аракет кылуулары керек"[3]. Орус бийликтери тез эле кокон сунушун аткарышты. Бирок, Г.А. Колпаковскийдин артка

[1] ӨБМТА.—715-ф.—58-иш.—545-барак.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—58-иш.—324-барак.
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—58-иш.—324-барак.

кайтарылган кыргыздарды жазалабоо жөнүндөгү өтүнүчүнө[1] карабай, хандыкка кайра келишкен кыргыздар таланып-тонолду. Кетмен-Төбөдөн кайткан кыргыздарды хандын жазалоочу отряды талоонго ала баштаганда ансыз да жүдөп бүткөн байкуштар кайра артка качты. Жазалоочулардын куугунунда 40тай качкын, 15тей хан сыпайлары өлүмгө учурап, 60 киши колго түштү да зынданга салынды[2]. Олуя-Ата уездине кайра качкан кыргыздарды да ошондой эле "меймандостук" күттү. Кантсе да качкындар мурунку мекендерине күч менен кайтарылып жатты.

Көтөрүлүштүн башынан тартып эле орус бийликтери Кокон хандыгынын, айрыкча Кудаяр хандын кызыкчылыгын ар тараптан колдоп, көчмөндөрдүн кыймылынын өсүп кетишине шарт түзгөн ар кандай аракеттерди токтотууга чара көрүп жатты. Жадагалса К.П. Кауфман 1873-жылы ноябрде көчмөндөрдүн 42 уруусунун атынан келишкен Кулмамбет менен Камбар серкердин элчилигине Кожент уездинин башчысы Нольденин "силердин көтөрүлүшүңөрдү басуу максатында орустар активдүү аракеттерден алыс, кокон бийлигине жардам берүү жөнүндө ою жок",—деген сыпаа сөздөрүн катуу сынга алып, мындай пикир кыймылдын күчөп кетишине шарт түзөт деп эскерткен[3]. Ошол эле учурда К.П. Кауфман Кудаярга 1873—74-жылдары бир нече жолу Кокондун Ташкенттеги расмий өкүлү Мырза Хаким парваначы аркылуу мамлекеттеги кырдаалдын өтө курч экендигин азыртан эске алуу-сун, эгер андай болбосо "кеч болуп каларын" эскерткен. Ал 1874-жылы 8-июлда Кудаярга жазган катында, Кокон мамлекетинин "мыкты адамдары Сизге каршы, эл тынч эмес... Эгер Сиз элиңизди башкаруунун ыкмасын өзгөртпөсөңүз (алык-салыкты азайтууну айтып жатат), бизден барган орус өкүлдөрүнө сый мамиле кылбасаңыз, анда мен Сизге кырдаалдын эң жаман аяктаарын алдын ала эскертемин", — деп опузалаган[4]. Бирок, Кудаяр хан орус бийликтеринин согуштук жардам берүүнүн ордуна "кепкеңештерин" гана айтканын, ал турсун "алык-салыктарды азайтуу керек" деген сунушун жактырбады, орус "досторунан" ичи бир аз сууй түштү.

1874-жылы август айында Петербургда орус өкмөтүнүн Кокондогу окуяларга карата саясатын аныктоо маселеси талкуулан-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.-61-иш.—208-док.
[2] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6868-иш.—175—76-баракчар.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—197-иш.—12-барак.
[4] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—242-иш.—46—47-баракчар.

ды. Тышкы иштер министрлиги Кокон хандыгындагы эзүүнүн күчөшү калктын чоң нааразылыгын туудуруп, "эл ханды бир нече жолу кулатууга аракеттенгендигин" баса белгиледи. Кудаяр хандын калкка жек көрүндү саясатына, элдин көтөрүлүшүнө жана көчмөндөрдүн орус эзиктеринде туугандарына тийгизип жаткан "терс" таасирине карабастан, тышкы иштер министрлиги хандыктын ички иштерине кийлигишпөө багытын дагы бир жолу ырастады. Азырынча Кокон мамлекетин кошуп алуу жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес, түркстан бийликтери (Түркстандагы орус бийликтери) "көзөмөлдөп туруу абалында" гана болушу зарыл. Кокондо хан тактысынын кимдин колунда болушу орус саясатына залакасын тийгизбейт, ага караганда чыгыш Түркстан аркылуу болуучу англиялык коркунуч маанилүүрөк деп эсептеди министрликтин башкаруучусу Вестман[1].

Министрлик Коконго тикеден-тике үстөмдүк кылуудан кыйыр түрдө үстөмдүк кылуу ыңгайлуураак деген пикирде болгон. Себеби, мындай болгондо Орусияга Кокондо административдик аппарат, аскер кармап туруу талап кылынмак эмес, бирок анын саясий-экономикалык таасирин сактап тура берүүгө толук мүмкүнчүлүк болмок. Орусиянын Кокон хандыгына карата саясатынын жакынкы арадагы мындай планын жактырган Александр II аны 1874-жылдын 13-августунда бекитти да Ташкентке жөнөттү[2].

1874-жылдын акырында хандыктагы толкундоолор убактылуу басаңдап, өлкөдө салыштырмалуу тынчтык орноду. Ушуга байланыштуу 8-октябрде К.П. Кауфман Кудаяр ханга куттуктоо катын жиберди. Катта: "Мен үчүн Сиздин кол алдыңыздагы эзиктерде тополоңдор менен баш-аламандыктардын токтошу жөнүндөгү кабар өтө жагымдуу. Мындай иштердин кайрадан болбошун чын күрөктөн каалаймын",—деп жазылган[3].

Бирок, көтөрүлүштүн убактылуу токтоору менен жүрөгү өз кабына түшкөн Кудаяр хан орус "досторунун кеп-кеңештерин унутуп, калкка каршы саясатын мурункудай уланта берди. Ал түгүл күчөттү. Сыр-Дарыя облусунун губернатору 1874-жылдын 23-ноябринде Түркстан генерал-губернаторуна: "Кокондогу көтөрүлүш токтолду... Тополоң бүткөндөн кийин хан көтөрүлүшкө катышкандарга өзгөчө салык сала баштады...", — деп билдирген[4].

---

[1] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—243-иш.—127—128-баракчар.
[2] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—243-иш.—128-барак.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—117-барак.
[4] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—715-ф.—1-оп.—61-иш.—270-барак.

Мындай саясат орус серепчилеринин пикири боюнча Кокон хандыгын катастрофага карай алып бара жатты, ал эми орус баскынчылары ал катастрофанын келишин " гана күтүп турду"[1].

Жогорку айтылган фактылык материалдарды жыйынтыктап келип, 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын биринчи мезгилине баа берип коюу абзел. Бир жарым жыл чамасында созулган бул мезгил төмөндөгү белгилери менен мүнөздөлөт:

1. Көтөрүлүштүн келип чыгуусу феодалдык-деспоттук мүнөздөгү мурунтан бери калыптанган социалдык-экономикалык карама-каршылыктары, саясий бийлик талашуулары жана эзүүнүн күчөшүнө байланыштуу болсо, анын себептери жана шылтоосу Кудаяр хандын тикеден-тике өзүнүн жана анын жан-жөкөрлөрүнүн 1868-жылдан кийинки, айрыкча 1870-жылдардын башындагы алык-салык саясатынын эбегейсиз оорлошуп кетиши, көчмөндөргө үч эседен ашык салык салуу менен зекетчилердин аёосуз зордук-зомбулугу болду.

2. 1873—74-жылдардагы элдик кыймылдар чаржайыт жана чачкын чыгуулар болуп эсептелгени менен, алардын ортосунда кандайдыр бир байланыштар болгондугу белгилүү. Аны көтөрүлүш очокторунун бирдей мезгилде аракеттенүүсү, 42 кыргыз, кыпчак урууларынын орус бийликтерине жалпы кайрылуусу, түндүк кыргыз уруулары менен байланышууга аракеттер, бүткүл Фергана кыргыздарынын атынан 40 бийдин ордодо өлтүртүлүшү жана башка фактылар ырастайт.

3. Көтөрүлүштүн улуттук курамы эки этаптуу эволюцияланууменен өнүктү. 1873-жылы көтөрүлүшчүлөр көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздар, азырак кыпчактардан туруп, негизинен моноулуттук бойдон калды. Отурукташкан өзбек, сарт, тажик жана башка шаар-кыштак калкы тилектештигин гана билгизип тим болушту. Козголоңчулар тарабына өткөн анча-мынча аскер топтору (Саранчы паңсат жана анын колу) кыргыз, кыпчак уруулары-нан чыккан гана сыпайлар менен сарбаздар болучу, ал эми көтөрүлүшчүлөрдүн курамындагы башка элдердин бир аз өкүлдөрү кыймылдын жүрүшүнө белгилүү таасир тийгизе алган эмес. 1874-жылы болсо көтөрүлүшчүлөрдүн улуттук курамы кеңейип, алардын катарында көчмөндөр жана жарым көчмөндөр, отурукташкан тургундар болушту. Демек, кыргыздар, кыпчактар, өзбектер, сарттар, түрктөр жана тажиктер салыштырмалуу кеңири катышышты.

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.II—334-бет.

4. 1873—74-жылдардагы кыймылдын социалдык курамы эмгекчи элден гана турган деген тарыхнаамалык пикир күмөндүүлүктү туудурат. Себеби, көтөрүлүштүн очокторунун башындагы инсандардын кай биринен башкасы (Мамыр Мерген уулу, Искак Асан уулу) негизинен уруу бийлери же элге белгилүү бекзаадалардан болучу. Көтөрүлүшкө Шер датка сыяктуу Кокон мамлекетинде аброю чоң бийлер жол көрсөтүшүп, анын башында Мусулманкул, Абдымомун сыяктуу бийлердин, бектердин жетекчилик кылышы, анын үстүнө толкундоолорго ар бир уруудан "эмгекчи, кедей, малчы адамдар гана бөлүнүп" катышпастан, уруу белгиси менен бириккен жамаат катары аракеттениши (булактарда кедейлер жамааты гана катышты деген фактылар таптакыр учурабайт), анын социалдык курамы биринчи күндөн баштап эле кеңири болгондугун айгинелейт.

Мурунку тарыхнаамада тигил же бул кыймылдын прогрессивдүүлүгүн же реакциялуулугун аныктоо үчүн чечүүчү фактор болуп таптык көз караш эсептелинчү. Эгер маселени мындай таризде карасак, анда кыймылдын 1873—74-жылдардагы мезгилинде эле анын социалдык курамында реакциялуу элементтер болгон деп жыйынтык чыгаруу туура болмок. XIX кылымдын экинчи жарымында ар бир уруу айыл-айыл болуп жашаган шартта иш жүзүндө көтөрүлүш тигил же бул уруу башчысынын же аздыр-көптүр оокаттуу, көсөм, баатыр инсандардын жетекчилигинде чыккандыктан биз социалдык жагына кыймылдын катышуучуларын жасалма түрдө бөлө албайбыз. Жалаң кетменчи, койчу, малай, кедей көтөрүлүштү баштай да алмак эмес. Кыймылдын максаты адилеттүү бийликти түзүү болуп жаткандыктан анын тегерегине тигил же бул тап эмес, жалпы эл бириккен. Булактардан көтөрүлүштүн тигил же бул очокторунда таптык белгилер менен өз феодалдарына каршы чыккан кыймылдын фактыларын учурата албадык. Демек кыймылдын жүрүшүндө бири-бирине карама-каршы турган эки гана жамаатты көрөбүз. Булар: 1) расмий хан (Кудаяр хан) жана аны жактоочулар; 2) расмий ханды жана хандыктын башкаруучуларын (Кудаяр ханды жана анын жан-жөкөрлөрүн) алмаштырууну көздөгөндөр. Анын үстүнө кыймылдын биринчи күнүнөн акыркы мезгилине чейин элеттиктердин "кыл куйрук" ураанынын (күрөшкө жан адам калбай катышуу ураану) алдында чогулуп келиши жогорку пикирди таасын ырастап турат.

5. Бул мезгилдин максаты, анын себептеринен келип чыкты. 1873—74-жылдары болуп өткөн элдик чыгуулар Кокон хандыгындагы социалдык-экономикалык эзүүнүн күчөшүнө байланыштуу

болгондуктан, анын максаты Кокон ханы Кудаярды "жакшы хан менен алмаштыруу", эзүүнү азайтуу, элдин турмушун аз да болсо жеңилдетүү болгон. Ошол эле учурда Полот хан аты менен Искактын хан көтөрүлүшү тээ Кокон хандыгынын алгачкы күнүнөн бери келаткан ордодогу бийликтин тең салмактуулугун калыбына келтирүү үчүн кыргыз бийлеринин кезектеги аракети да болучу. Бул максат жогоруда аталган социалдык максат менен тыгыз айкалышкан. Албетте, аракеттер идеялык жактан так ойлонулуп, программалык түрдө кабыл алынган эмес, чаржайыт, элдин түпкүрдөгү мүдөөсүн гана чагылдырган баёо монархиялык (наивный монархизм) аракеттер эле. Көтөрүлүшчүлөр түзүлүштү алмаштырууну максат кылышкан эмес, андай кылуу керектигин билишкен да эмес, тек гана жек көрүндү Кудаярдын ордуна жакшы мураскор олтургузууну көздөгөн. Түзүлүштү түп-тамырынан бери өзгөртүү идеясын түшүнбөгөн ал мезгилдин психологиясы В.И.Лениндин "баёо монархизм" деп аталган идеологиянын деңгелинен көтөрүлө алган эмес[1]. Элдин бул мүдөөсүн жан-дили менен туюп, аны аткарууга бел байлаган Искактын жалган Полот хан аты менен чыгуусу орус элинин адилеттигин көздөгөн уулу Емельян Пугачевду элестетет. Көтөрүлүштүн бул негизги максаты 1873-жылдан 1875-жылдын 9-октябрына чейин өзгөрүлбөй келди.

6. 1868-жылы түзүлгөн кокон—орус келишиминин принциптерин сактаган орус бийликтери Кудаярдын жардам сураганына карабай башка өлкөнүн ички иштерине кийлигишпөө мамилесинде турушу, орус өкмөтүнүн "ак ниеттүүлүк менен тынчтыкта жаңаша жашоо" принцибин колдогондугун көрсөткөн деп айтуудан алыспыз. Тескерисинче, орус падышачылыгы эки жүздүүлүк менен эл аралык аброюн жоготпоого, англичандардын бүйүрүн кызытпай Кокондун ички иштерине кийлигишпөөгө аракеттенип, ошол эле учурда Кокон хандыгынын ичиндеги саясий окуялардын үч түрдүү жыйынтыгын тең (Кокон хандыгынын көтөрүлүштү басып коюусу, Кокон ханынын алмашылышы, мамлекеттин кулашы) өзүнүн басып алуучулук максаттарына жооп берүүчү шарт деп эсептеген. Чынында окуянын кандай гана жыйынтыгы болбосун иш жүзүндө орус колонизаторлору үчүн ыңгайлуу болучу.

---

[1] *Ленин В.И.* Чыг. толук жыйнагы .—12-т.—374-бет.

ЭЛДИК КЫЙМЫЛДЫН ЭКИНЧИ МЕЗГИЛИ КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЖОЮЛУШУ (1875—76)

Элдик кыймылдын 1873—74-жылдардагы биринчи доорунан кийинки салыштырмалуу тынчтык көпкө созулбады. Көтөрүлүштүн түпкү себеби — феодалдык эзүүгө каршы күрөш күчүндө кала берди. Хандын саясаты өзгөрбөдү. Жакырданган элге 1875-жылы жазда орус бийликтерине ишенип, үч эселенген оор салык салган Кудаярдын элдин таламын көзгө илбей коюшу көтөрүлүштүн кайрадан күч алышына, анын экинчи мезгилинин (1875—76) башталышына шылтоо болду. К.П.Кауфман отчетунда 1874-жылдан 1875-жылга караган кышта ханга болгон элдин нааразылыгы укмуштуудай күчөп, акырында 1875-жылдын жазында көчмөн гана эмес, отурукташкан калкты да камтыган көтөрүлүшкө айланды ,—деп белгилейт[1].

Колдо болгон маалыматтарга таянып, кыймыл өзүнүн биринчи (1873—74) мезгилинен экинчисине (1875—76) эволюциялык жол менен өткөндүгүн белгилөөгө болот. Бул жараян, албетте, сапаттуу өзгөрүү болучу. Себеби, 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын бирден-бир көрүнүктүү фигурасы болгон Искак Асан уулу Полот хан биринчи мезгилде көтөрүлүштүн катардагы жетекчилеринин бири гана болсо, эми башкы уюштуруучу ролго ээ болду. Ошондуктан көтөрүлүштүн бул доорун кокусунан Искактын же Полот хандын көтөрүлүшү деп айтышпайт. Искак Асан уулу өзүн элдин чыныгы уулу, каарман баатыры жана таланттуу жетекчиси экендигин кыймылдын биринчи мезгилинде толук көргөзө албаса да экинчи мезгилдеги шарттар анын аталган касиеттерин ачык-айкын тастыктоого мүмкүндүк берди. 1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын экинчи доору биринчи доордон өзүнүн максаты, мүнөзү, масштабы жана улуттук курамы менен бир топ айырмаланып, ал 1875-жылдын жайындагы Коконд мамлекетинин ички жана тышкы саясий абалынын укмуштуудай тез өзгөрүүсүнө байланышат. 1875-жылдын жаз айларына чейинки мезгилде Фергана өрөөнүндө өзүнчө эле бүтүндөй бир доорго

---

[1] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—126-барак.

татырлык окуялар болуп өттү. Ал окуялардын мүнөзү жана маңызы кыймылдын жүрүшүн бир катар урунтуу бурулуштарга алып келгендиктен, биз кыймылдын 1875—76-жылдардагы экинчи мезгилин өз алдынча дагы үч баскычка бөлүп кароону туура таптык. Мындай ыкма кыймылдын өнүгүү эволюциясын туура түшүнүүгө чоң жардам берет деп эсептейбиз.

6.1. Көтөрүлүштүн боштондук кыймылга айланышы

1875-жылдын жаз алды менен зекетчилердин кезектеги зулумдугуна чыдабаган лейлектик кыргыздардын абагат, кесек уруулары Молдо Касым, Абдрахман молдо, Эрмамбет паңсат, Орозаалы деген адамдардын жетекчилигинде күрөшкө чыгышып, Аксыда жүргөн Искакты чакырышты. Искактын кол алдында эми кыргыздар, кыпчактар гана эмес, өзбек, тажик калкынын өкүлдөрү да чогула баштады. Ошол мезгилдин хронисти Мирза Алим "Ансаб ас-салатин" аттуу эмгегинде "түрк, тажик, кыргыз, кыпчак бирге чогулушту",— деп жазат[1].

1875-жылдын июнь айында Фергана өрөөнүнүн чыгыш элетиндеги калк көтөрүлгөндүктөн, Искак жашыруун Өзгөн тарапка келди. Бул жерде аны бир нече миң кошуун күтүп турган болучу. Чогулган козголоңчулардын арасында кадыр-барктуу бийлер да бар эле. Исфандияр, Абдылдабек Алымбек уулу, Орозаалы, Ботобек сыяктуу жетекчилердин болушу эми кыймылга социалдык жактан ого бетер кеңири түс берип калды. Ошол эле учурда Кудаяр ханга каршы күрөштө социалдык айырмачылыгына карабай улуттук курамы ар башка жалпы элдин катышышы, кыймылдын чыныгы элдик кыймылга айланып бара жаткандыгын айгинелеп турду. Албетте, көтөрүлүштө айрым бийлердин жеке мүдөөлөрү, феодалдык-саясий кызыкчылыгы болгондур. Бирок алардын эл менен бирге Кудаярдын адилетсиз башкаруусуна каршы күрөшкө чыгуусунун өзү кыймылдын прогрессивдүү мүнөзүн өзгөртө алган эмес. Хандын зулумдугуна каршы жалпы максат элдин байын да, кедейин да, чарбадарын да, бегин да, малчысын да, акимин да бири-бирисиз аракеттене албай турган шартка, "бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарууга" алып келди.

Мындай кырдаалды совет тарыхнаамасынын айрым өкүлдөрү көтөрүлүштүн 1875—76-жылдардагы экинчи мезгили феодалдык

---

[1] *Набиев Р.Н.* Из истории...—84-бет.

таптын өкүлдөрүнүн кошулуп кетиши менен "реакциячыл жолго түшүп кетти" деп түшүндүрүүгө аракеттенишкендиги маалым[1].

Азыркы тарыхнаама "таптык көз карашты" алдыңкы орунга койгон солчулдук ыкмадан айрылууда. Эмне үчүндүр биз ушул күнгө чейин ири феодалдарды, уруу бийлерин, байларды, бектерди жана башка белгилүү инсандарды жалпы элдин катарына кошпой, өзүнчө эле бир "оркоюп турган элемент" катары санап, "эл" деген түшүнүккө эмгекчи массаны гана киргизебиз? А чынында эл дегенибиз кеңири түшүнүк эмеспи, сөзсүз түрдө анын идеологиясы да, психологиясы да, башчысы да, аткаруучусу да, бийликчиси да, баш ийүүчүсү да, байы да, кедейи да болгон татаал көрүнүш экендигин моюнга алышыбыз керек. Демек, ошол татаал жана көп кырдуу "элдин" бир мүдөөнүн айланасында топтолуп, аракеттенүүсү, эгер, тарыхый прогресске карай багыт алган болсо, ал кыймылдын прогрессивдүү болоруна талаш жок. Ал эми ошол жалпы багыттын ичинде өзүнүн жеке кызычылыгын көздөгөн инсандардын иш аракеттери анын нугун, мүнөзүн өзгөртө алган эмес. Дагы бир айта кетчү нерсе — "элдин кызыкчылыгы" деген түшүнүк жүздөгөн жана миңдеген "жеке кызыкчылыктардан" куралары тарыхта маалым.

Тарыхый булактар 1875-жылдын башында калың букара гана эмес, мамлекеттин ичиндеги бардык социалдык катмарлар Кудаяр ханды жек көрө баштагандыгынан кабар берет. Мирза Алим: "Полот хан тоодо жүргөндө кыргыз, кыпчак, өзбек, түрк жана тажиктердин бийлери, башчылары чогулуп, Кудаярды алмаштыруу керек деген чечим чыгарышты. Ал турсун мамлекеттик бийликтеги эмирлер сановниктер жана билимдүү адамдар Кудаяр хандын ишин түк жактырышпады", — деп көрсөтөт[2]. Ири феодалдар менен ордо бийликтеринин көбү эми көтөрүлүштөн пайдаланып, Кудаярды кулатууну ойлоп калышты.

Мындай кырдаалда Өзгөндүн айланасына чогулган көтөрүлүшчүлөр Коконго карай жүрүш баштады. Өзгөндүн, Жалал-Абаддын, Ханабаддын, Кара-Суунун, Оштун чөлкөмдөрүндөгү тургундар массалык түрдө көтөрүлүшкө кошулуп жатышты. Улуттук жана социалдык курамы кеңейген Полот хандын колу 1875-жылдын июнь, июль айларында оңой эле Ош, Жалал-Абад,

---

[1] Караңыз: *Пясковский А.В.* О характере национальных движений в Киргизии во второй половине XIX и начале XX вв. // СССРдин ИАсынын Кыргыз филиалынын ТАТИсинин эмгектери.—IV чыг.—Ф.,1954.

[2] *Набиев Р.Н.* Из истории...—82-бет.

Кара-Суу, Сузак сыяктуу ири шаар-кыштактарды ээлеп алды. Кыймыл бүтүндөй Фергана өрөөнүнө жайыла баштады.

Кокон ханы Кудаяр кырдаалдан эми чындап коркту. Абдрахман аптабачынын, Иса Олуянын, Халназар парваначынын жана Сарымсак эшик агасынын жетекчилигинде күчтүү жазалоо аскерин Полот хандын колуна каршы жиберди. Аларга кошумча катары Кудаяр хан 5000 сарбазы менен Анжыянда турган уулу Насирдин бекке көтөрүлүштү басууга көмөк көрсөтүүгө буйрук берди. Бирок Кудаяр хандын буйругу аткарылбады. Мындай зор элдик кыймылды баса албастыгына көзү жеткен жазалоочу отряддын колбашчылары көтөрүлүшчүлөргө каршы согуштук аракеттерди баштоого даай албай, бир аздан соң Насирдин бек менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзө баштады. Сүйлөшүүлөрдө Кокон мамлекетиндеги "күчү жок бийликти жана бийлиги жок күчтү" түзгөн мындай кырдаалда эмне кылуу керектиги кеңешилди.

Аңгычы Кокон мамлекетиндеги саясий өзгөрүүлөрдү байкап турган орус бийликтери, кырдаалды тереңирээк жана тагыраак билүү үчүн ордого расмий элчилик жиберди. 13-июлда Коконго орус тыңчысы, статс-кеңешчи Г. Вейнбергдин жетекчилиги астында келген өкүлчүлүктүн курамында генералдык штабдын ошол кездеги полковниги, флигель-адьютант М.Д. Скобелев да бар болучу. М.Д. Скобелевге Кокондо бир аз тургандан кийин Кашкардагы Жакыпбектин өкмөтү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү шылтоосу аркылуу Фергана өрөөнүнөн Чыгыш Түркстанга чейинки жолдорду чалгындоо жана топографиялык сүрөткө алуу милдети коюлган. Ошондуктан аны 2 топограф жана 22 казак-орус коштоп келген[1]. Орус өкүлдөрүнүн Коконго кириши ансыз да жарылууга даяр турган абалдын курчушун тездетти. Молдо, эшендер жана думаналар шаарларды кыдырып, "жамандыктын баары ушул орустардан келип жатат. Эгер алар Кудаярга жардам беришпегенде, хан мындай зордук-зомбулукту жасоодон айбыгат эле",— деген чакырыктарды салып жүрүштү. Орустардын келиши менен Кудаяр хан орус куралынын жардамы аркасында көтөрүлүштү басат экен деген каңшаар тарады. Эл арасында эми "каапырларга" каршы ыйык согуш — "газават" же "джихад" уюштуруу зарылдыгы жөнүндө көп-сөз жүрө баштады.[2] Кудаяр хан

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—335-бет.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—335-бет.

мындай фактыларды эсепке алган жок. Ал кандай гана болбосун көтөрүлүштү басууну ойлоп калды.

Кокон шаарына орус өкүлдөрүнүн келиши, козголоңду басууга кеткен жазалоочу аскердин башчыларынын Кудаярга каршы ачык күрөшкө чыгуусуна шылтоо болду. Көтөрүлүшчүлөрдүн кошууну менен жазалоочу аскердин Анжыяндын алдында бетмебет турганы менен салгылашуу башталбады. Абдрахман аптабачы Полот хан менен бир аз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, көтөрүлүш тарапка өтүүнү чечти. "Таснифи Гарибдин" авторунун пикири боюнча Абрахман жана анын жан-жөкөрлөрү алгач Кудаяр ханга каршы күчтөрдү Полот хандын астында топтоону ылайык көрүштү. Бирок тактыга Кудаярдын уулу Насирдин бекти олтургузууну, баш вазирликке жана миң башылыкка Абдрахман аптабачыны, финансы вазирлигине Иса Олуяны сунуш кылышты[1].

Абдрахман аптабачы баштаган ордонун таасирдүү төбөлдөрүнүн Кудаяр ханга каршы тарапка өтүү ою орус өкүлдөрү Коконго келгенге чейин эле белгилүү болгон. Бирок ал мезгилде Кудаярды тактыдан алып, анын ордуна кимди хан көтөрүшөрүн чечише элек болучу. Козголоңго тартуу үчүн Кудаярдын саясатына нааразы болуп жүргөн Насирдин бек менен сүйлөшүүлөр башталган. Сүйлөшүүлөрдө Насирдин бек өзүн хан тактысына олтургузууну сунуш кылып, ал кызматы үчүн Абдрахман аптабачыга 50 миң дилде пара берүүгө убада кылгандыгы жергиликтүү булактардан маалым[2]. Ал эми хандын иниси — Маргалаң беги Султан Мурат Аптабачынын үйүнө чакырылып, иш жүзүндө үй камагында кармалып турган. Себеби, ал 1873—74-жылдардагы көтөрүлүштү басуунун активдүү катышуучусу болгондуктан Кудаяр ханга каршы заговорду ачып коюусу мүмкүн эле. Султан Мураттын оозун жабуу үчүн Аптабачы өз кыздарынын бирин ага күйөөгө берди[3].

Ушундай даярдыктардан кийин гана Анжыяндын алдында көтөрүлүшчүлөр менен тирешип турган жазалоочу аскердин жетекчилери максаттарын ишке ашырууну чечишти. Бир нече жолку сүйлөшүүлөрдөн кийин Полот хан Насирдин бектин хан көтөрүлүшүнө каршы эместигин билгизди. Бул жерде Искак чоң жаңылыштык кетирди. Амалкөй Абдрахмандын куру убалдарына

---

[1] *Набиев Р.Н.* Из истории...—84-бет.

[2] *Имам Курбан Али Хажи Холид уулу.* Таворих хамсои Ширк.—1910.—55-бет.//Караңыз: *Иноятов Х.* Кикон хонлиги Россияга кушилиши арофасида. 1875—76-йиллардаги Кукон кузголони.—Т.,1956.—28-бет.

[3] *Набиев Р.Н.* Из истории...—84-бет.

ишенген Искак-Полот хан али мамлекеттин ички жана тышкы саясатына көзү каныга элек болучу.

Натыйжада 4000 кошуун менен Абдрахман аптабачы, Иса Олуя, Калназар парваначы, Сарымсак эшик агасы 17-июль күнү Полот хандын кыймылына кошулуп кетишти. Ошол эле күнү ордого бул күтүүсүз кабар жетти. Маргалаң беги, Кудаярдын иниси Султан Мурат, Кудаярдын улуу уулу, Анжыян вилайетинин акими Насирдин бек 5000 сарбазы менен 19-июль күнү көтөрүлүшкө кошулушту. Хан ордосунда турушкан орус өкүлдөрү кырдаалдын укмуштуудай тез өнүгүп жатышын байкап турушту. 20-июль күнү М.Д. Скобелев Кашкар тарапка жүрүшүн улантуу жөнүндө маселе койду эле, Г. Вейнберг кырдаалга байланыштуу андан токтоп турууну суранды. Г. Вейнберг 19, 20-июль күндөрү Түркстан аскер күчтөрүнүн командачысы генерал Головачевге кат жүзүндө абалды билдирди. Ал мезгилде К.П. Кауфман Верныйда эле. Кокон хандыгындагы татаал абал жөнүндө Ташкенттен ага шашылыш телеграмма жөнөтүлдү[1].

20-июль күнү Кудаяр хан Түркстан генерал-губернаторунан жардам сурап, расмий кат жөнөттү. "... Мен ишенимдүү деп ойлогон адамдар аскерлери менен менин душмандарым — кыргыз козголоңчуларына кошулуп кетишип, мага сунуш менен келе жатышат.... Улуу урматтуу императордун колдоосунун алдында өзүмдү жана Кокон хандыгын тартуу кылып, козголоңчулардын тилегин таш каптыруу үчүн Сизден Кокон шаарына орус аскерин артиллериясы менен жиберүүгө тез арада буйрук берүүңүздү достук дилим менен суранамын! Мен бул өтүнүчүмдү Сиздин канааттандырууңузга ишенемин!"— деп жазылган ал катта[2]. Ошол эле күнү абалдын оордугуна байланыштуу Г. Вейнберг да Сыр-Дарыя аскер губернаторуна Кокон шаарына бир батальон аскер жиберип коюусун өтүнүп кат жиберген[3].

Кырдаалдын начардыгынан өзүн-өзү жоготкон Кудаяр хандын ошол күндөрдөгү абалын Г. Вейнбергдин К.П. Кауфманга 19-июль күнү жиберген билдирүүсү баяндайт. "Хандын сабыры суз жана көңүлү чөгүңкү..., — деп жазылат билдирүүдө, — ал айланасына думаналарды чогултуп алып, кечке төлгө салуу менен алектенип калды... Ал өзүнүн айланасындагы эч кимге, Кокон гарнизонуна

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—336-бет.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—48-барак.
[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—51-барак.

да ишенбей, Сиздин Улуу урматыңыздан жардам күтүп гана олтурат"[1].

Аңгыча Анжыян, Наманган, Ош, Асаке, Маргалаң шаарларын согушсуз ээлеген көтөрүлүшчүлөр Коконго жакындады. Кудаярдын эң жакын адамдары да аны таштап, көтөрүлүшчүлөргө кошула баштады. Алардын арасында хандын вазири каракалпак Зулпукар бек, туу башы Махмуд кожо жана башкалар бар эле[2]. Ошол мезгилдеги орус серепчисинин айтымында "1875-жылы ханды курчаган адамдардын ичинен ага жан дили менен берилген бирөө да калган эмес"[3]. Мындай кыйын кырдаалда аны таштап кеткен туугандарына, уулдарына, жан-жөкөрлөрүнө таң калган Кудаяр карбаластап, орус колуна карай качуудан башка айласы калган жок. 21-июлда Кокондон 40 чакырым аралыкта турган Алты-Арык кыштагы алынганы жөнүндөгү кабар келгенде Кудаяр хан качууга кам ура баштады. Ошол эле күнү түндө орус өкүлдөрүн кайтарышкан хан сарбаздары шашылыш түрдө постторун таштап кетишти. Түнү бою шаар ичи тополоңго түшүп, барабандардын үнү кулакты жаңыртып жатты. Абалдан пайдаланган хандын экинчи уулу Мамадамин бек ордодогу аскердин жарымын (4000 сыпай, сарбаздар) баштап Кокондон чыгып кетти[4].

Учурдагы мындай кырдаалды аңдап, кандайдыр бир конкреттүү чара көрүүнүн ордуна Кудаяр хан түнү бою качууга даярданып, үй-мүлкүн, казынасын арабаларга жүктөтүп жатты.

Кокондогу 22-июль күнү эртең мененки абал Г. Вейнбергдин билдирүүсүндө мындай сүрөттөлөт. Түндө 4000 кишиге жакын аскердин Мадамин бек менен көтөрүлүшкө өтүп кеткенин укkан соң хандын ордо аскерин түзгөн 2000 сыпай аттарын токуп, аскер белгилерин жыйнап (туу, добулбас жана башка), аттарына миништи да, топ-тобу менен кыйкырыкташып шаарды аралап чаап жөнөштү. Артиллеристтер да замбиректерин таштай жүрүп бериштти. Сарбаздар болсо бет алдынча тарап кетти. Ордодо кызматчылардан башка эч ким калбады[5].

Ошол күнү таң эртеңден башталган дүрбөлөңдүн капшабы менен 1845-жылдан бери Кокондо үч жолу хан көтөрүлүп, өзүнүн элге каршы саясаты менен жек көрүндү болгон Кудаяр акыркы жолу ордону таштап шаардан чыгып кетти. Мурункуларынан

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—137-барак.
[2] *Набиев Р.Н.* Из истории...—84-бет.
[3] *Соболев Л.* Краткий обзор положения дел в Коканде.—ТС.—Т.152.—81-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—336-бет.
[5] ОБМСТА. —ВУА фонду.—6777-иш.—69—81-баракtар.

айырмаланып, бул жолу ал орус ээликтерине карай качты. Кудаярдын качкан көчүндө 70 аялдан турган гарем, 500гө жакын жанжөкөрлөрү, ордо адамдары жана кызматчылары, 2000 сыпай жана 4000 сарбаз, 42 арабага жүктөлгөн казынасы болгон[1]. Бага кошумча Г. Вейнбергдин жана полковник М.Д. Скобелевдин 22 казак-орустан, 2 топографтан, 6 жигиттен (орус букаралыгына өткөн жергиликтүүлөр), 9 орус көпөсүнөн турган тобу да бар эле[2].

Хан көчү менен качып бара жатканда, шаарда толкундоо башталып калган болучу. Эл көтөрүлүшчүлөрдүн шаарга кирүү-сүн күтүп жаткан. Кокон шаарындагы козголоң Кудаяр ханга гана каршы болгондуктан, эл орустардын кичинекей отрядына тийбеди. Бирок, Г. Вейнбергдин маалыматына караганда элдин басымдуу көпчүлүгүндө антиорустук маанай пайда болгондугун белгилөөгө болот. Көчөнүн эки жагында топтолуп, союл, найза, чокморлор менен куралданган кишилер шаардан чыгып бара жаткандарды каардуу узатып жатышты деп жазат Г. Вейнберг. "Биз акырындык менен топтолгон элдин арасынан бирден өтүү-бүзгө, ар бир 15—20 кадамдан кийин токтоп туруубузга туура келди..." Көтөрүлүшчүлөр тарапка өтүп кеткен бир жүз башынын "Кете бергиле, кете бергиле, кийинчерек силердин да башыңар алынат",—деп орус чиновниктерине кайрылган сөзү, казак-орустардын бирөөсүн союл менен уруп жибергендиги, элдин арасынан орустарды тилдеген сөздөрдүн угулуп жаткандыгы Кокон калкынын орустарга болгон терс мамилесин даана көрсөтөт[3].

Качкындардын артынан сая түшкөн көтөрүлүшчүлөр Кокондон 6 чакырым узатпай эле аларды кууп жетти. Бир аз кагылышуудан кийин хандын акыркы таянычы болгон аскери замбиректери менн кошо көтөрүлүшчүлөр тарапка өтүп кетти[4]. Аскерсиз калган хан айласыздан М.Д. Скобелевдин отрядына корголоп, Махрам чебине карай жүрүп отурду. Кокондон 12 чакырым чыкканда Г. Вейнберг Кожент уездинин башчысы барон Нольдеге "эч болбосо 100 кишиден турган жардам" жиберүүсүн суранып чабарман жөнөттү. Куугундун 23-июль күнү да уланышына байланыштуу М.Д. Скобелев экинчи жолу орус бийликтеринен жардам

---

[1] М.А. Терентьевдин маалыматы боюнча хандын казынасы 80 арабага жүктөлүп, аны 8000 аскер жана 68 замбиректен турган артиллерия коштоп жүргөн. Караңыз: *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—336-бет.

[2] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—129—131-баракчар.

[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6677-иш.—71-барак.

[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—336-бет.

сураган кат жиберди. Ал мезгилде Кожент уездинде турган генерал Головачев тезинен 50 кишилик чакан отрядды, 20 жигитти жана коженттик орустардан бир нече каалоочуларды Махрамга аттандырды. Келе жаткан көмөктү укkан куугун артка кайтты. Ошондой болсо да, куугун мезгилиндеги кагылышуулардын негизинде көтөрүлүшчүлөр 40тай арабага жүктөлгөн дүр-дүнүйөнү, 2 арабадагы орус элчилеринин буюм-тайымдарын колго түшүрүп кетишти[1]. 24-июль күнү кечке жуук Кожентке жеткен качкындардын курамында 70 аялдан турган хан гареми, 643 киши жана 40 араба казынысы гана калган болучу. Кудаяр өзү Нольденин үйүндө, калгандары кербен-сарайларда жайгашышты[2].

24-июлда Коконго жакын Сары-Тал кыштагында Насирдин бек хан көтөрүлдү[3]. Эртеси зор салтанат менен жаңы хан Коконго кирди. Бирок көтөрүлүшчүлөр келгенге чейин эле шаар тополоңго түшүп, хан ордосун шаардыктар талап кеткен эле[4].

Көтөрүлүшчүлөрдүн Коконду ээлеши кыймылдын экинчи мезгилинин жүрүшүнө орчундуу өзгөрүү алып келди. Кыймылдын жалпы жетекчиси ушул мезгилге чейин Искак-Полот хан болуп келсе, 17—20-июлдарда ордо төбөлдөрүнүн көтөрүлүш тарапка ооп кетиши, кыймылга кандайдыр бир монархиялык түс берип калган. Эми көтөрүлүштүн башында эки башка максатты көздөгөн эки башка лидер — Искак жана Абдрахман аптабачы туруп калышты. Мындай абал кыймылдын андан аркы жүрүшүнө жана жыйынтыктарына залалын тийгизбей койгон жок.

Кокон шаары менен ордонун көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өтүшүнөн кийинки күндөрү Кудаяр ханды жактап жүргөн бай, бек, соодагерлерден өч алуу чаралары көрүлүп жатты. К.П. Кауфман өзүнүн билдирүүсүндө "... көтөрүлүшчүлөр Кудаяр ханга мурун кызмат кылып жүргөн адамдардын көбүн өлтүрүп жиберишти",— деп жазат[5]. Жаңы бийликтин эң башкы иш-чарасы Кожент тараптан келүүчү коркунучтун жолун тосуу үчүн Махрам чебин чыңдоо болду. Насирдин хан сепилге 5000ден ашуун сарбаз жана 10 замбирек коюу жөнүндө буйрук кылып, өзү бийликтин ширин үлпөттөрүн көрүүгө ашыкты.

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—337-бет

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—337-бет

[3] *Набиев Р.Н.* Из истории...—84-бет.

[4] Таснифи Гарибдин маалыматы боюнча. Караңыз: *Набиев Р.Н.* Из истории...—85-бет.

[5] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—143-барак.

Көтөрүлүшчүлөрдүн Полот ханды ээрчиген негизги бөлүгү Коконго кирбей, шаардын тегерегинде, Маргалаңда жайгашты. Насирдиндин хан тактысын ээлешин көтөрүлүшчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү, айрыкча тоолуктар жактырышкан эмес. Алар "ант урган Кудаярдын уулун" тактан алып таштоону, Полот хандын өзүн такка олтургузууну талап кылып чыгышты[1]. Аскердин күчү менен гана Насирдинди колдоп турган Абдрахман аптабачы жана Иса Олуя көтөрүлүштүн бул талабын четке какты.

Максатына жетишкен Абдрахман аптабачы менен Насирдин хан мамлекеттеги мурунку тартиптин баарын сактап, эми орус бийликтери менен мамиле түзүүгө аракеттене баштады. 1875-жылдын 28-июлунда алар Түркстан генерал-губернатору К.П. Кауфманга расмий элчи жиберишти. 30-июль күнү Ташкентке барган элчилер, Шералы хандын тушунан баштап эле шариятка ылайык салык алынып келгендигин, бул шариятты Кудаяр хан гана буза баштагандыгын, ошондуктан ал тактан эки жолу куулгандыгын, ал эми үчүнчү жолу шарият өтө катуу бузулгандыктан "эл андан тескери бурулуп кеткендигин", эми орус бийликтери менен тынчтыкта жанаша жашоо үчүн Насирдин хан орус мамлекети менен мурункудай эле өнөктүк саясат жүргүзө берерин билдиришкен[2].

Насирдин бектин хан көтөрүлүшү орус колонизаторлорунун максаттарына ылайык келди. 1875-жылы июнь айында эле Түркстан чөлкөмүнүн башкаруучусунун милдетин убактылуу аткарып турган генерал Г.А. Колпаковский "эгер көтөрүлүш кайрадан башталып, Кудаяр хан тактан түшө турган болсо, бардык аракет Насирдин бекти гана мураскордукка алып барууга багытталышы зарыл. Ал биздин кызыкчылыкты көздөгөн адам...",— деген көрсөтмө берген[3]. Ошондуктан Кокон хандыгында элдик көтөрүлүшкө байланыштуу ордо төңкөрүшү болгонуна карабай абал мурункудай эле калгандыгын, Абдрахман аптабачы баштаган топ элдин кызыкчылыгын сатып кеткендигин булактар да ырастайт.

Ушул окуядан кийин Полот хан менен Абдрахмандын ортосунда ажырым башталды. "Адилет жана элге кам көрүүчү жакшы хан" үчүн күрөшкөн элдин мүдөөсү таш капты да, өзүнүн нааразылыгын билдирүүгө жана Аптабачы менен көзмө-көз сүйлөшүүгө Коконго келген Полот ханды Насирдин хандын

---

[1] ӨБМТА.—17-ф.—3-оп.—593-иш.—176—77-баракгар.
[2] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6877-иш.—88—89-баракгар.
[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6868-иш.—9-барак.

адамдары туткундап, августтун башында Махрам чебине камап салышты[1].

1875-жылдын 1-августунда Верныйдан Ташкентке келип калган К.П. Кауфман Насирдин хандын элчилерин жакшы тосуп алды. 4-августта элчилерди узатып, Насирдинди мийзамдуу хан катары тааный тургандыгын расмий түрдө билдирди. 1868-жылкы орус—кокон келишиминин жоболорун мындан ары да жетекчиликке ала берерин кат аркылуу эскертти[2]. Мына ошентип, Кокон хандыгы кайрадан Орусия империясынын вассалына, ал эми анын ханы Түркстандагы орус бийлигинин кол баласына айланды.

Мындай кырдаалда Кокондун мурунку ханы Кудаярга орус бийликтеринин күчү менен тактыны кайтарып берүү гана эмес, экс ханды ордого кайтарыш маселесинин да зарылчылыгы жок болуп калды. К.П. Кауфман 27-июлда эле Верныйдан Кожентке Кудаярды Ташкентке жиберүү жөнүндө телеграмма жөнөткөн[3]. Бирок Кудаяр орус бийликтери тактыны кайра алып берет деген ишенимде Ташкентке жөнөөгө бир нече күнү макулдугун бербей, 5-август күнү гана көндү[4]. 8-августта Түркстан чөлкөмүнүн борбору Ташкентке жеткен Кудаярдын айланасында 100дөй гана адам калган эле. Анын К.П. Кауфмандан Коконго аскер жиберүүсүн сураганына карабай, орус бийликтери 140 миң рублдик күмүшүн мамлекеттик банктын Ташкент бөлүмүнө тапшырттырды да, өзүн үй-бүлөсү, 3 арабага жүктөлгөн мүлкү, жакындары менен 12-августта Оренбург шаарына жөнөтүп жиберишти[5].

Кудаярдын андан аркы турмушу төмөнкүдөй аяктады. Оренбургга келгенден кийин жаңы шартка көнгөнчө бир аз мезгил тынч жашады. Кийинчерек орус бийликтеринен Москва, Петербург шаарларына саякаттап келүүгө бир нече жолу уруксат суранды. Бирок император 11-сентябрдагы телеграмма менен анын суранычын четке какты. Мындай суранычтар кийинки жылы да кайталанды. Ал кезде Москвада Кудаярдын алысыраак туугандарынын бири жашачу. Ошол себептүү ал алгач Меккеге барып келип, андан кийин Москвада жашоого уруксат берүүлөрүн да суранып көрдү. Согуш жана тышкы иштер министрликтери, Түркстан чөлкөмүнүн башчысы К.П. Кауфман буга макул болуш-

---

[1] *Молдокасымов К.* Искак Молдо — Кокондун акыркы ханы.—ЗК. —1994.—25-ноябрь.

[2] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—136—137-баракчар; ОБМСТА.—ВУА фонду.—6877-иш.—90—91-баракчар.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—338-бет.

[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—338-бет.

[5] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—138—139-баракчар.

каны менен, ички иштер министрлиги карандай каршы болуп туруп алды.Эми Кудаярга мурун Шамиль, кийинчерек хивалык диванбеги Матмурад, жасоол башы Рахматулла жашап жаткан Калуга шаарына турууну сунуш кылышты. Ага Кудаяр макул болбоду. Ошентип Кудаяр Оренбургда 1877-жылга чейин жашаган[1]. Ошол жылы ноябрда Бухара эмираты аркылуу Ооганстанга качып өтүп, Меккеге зыярат кылат. Ажы болгон Кудаяр ооруп калып, дарыланыш үчүн Индиядагы англис врачтарына да барган. Бир нече жылдан кийин, тагыраак айтканда 1880-жылы Индиядан Меккеге кайра келген. Меккеге кайтар алдында Бомбейден 22-июль күнү Кудаярдын генерал Крыжановскийге жазган каты архивде сакталуу[2]. Кудаяр жөнүндө андан кийин маалымат жок. Өлгөн жылы белгисиз.

Кокон мамлекетиндеги Насирдин хандын жаңы өкмөтү Орусиянын вассалы болуп калганы менен Абдрахман аптабачы баштаган топ кыймылдын жыйынтыктарына алымсынбаган көтөрүлүшчүлөрдүн толкунун башка жакка буруу үчүн орус колонизаторлоруна каршы "газават" ураанын жарыялап жиберди[3]. Орус бийликтерине 1868-жылкы кокон—кокон келишиминин жоболорун сактоого убада бергени менен Абдрахман аптабачыга көз каранды Насирдин хан (ал 16 гана жашта эле) айласыздан бул саясатка макул болду. Натыйжада Кокон өкмөтү эл арасына бир нече үндөөлөрдү таратты[4]. Аларда 12 жылдан бери "капырлар" Кокон хандыгынын шаарларын ээлеп алышып, ыйык ислам динине зыян келтирип жаткандыгы, эми Насирдин хан башында турган "газават" жарыялангандыгы, туш-тушка чабармандар жиберилгендиги, "капырларга" каршы күрөшкөндөр Алладан жана Кокондон чоң сыйлыктарды алары айтылган[5]. Бул ураандар албетте жалпы эл үчүн эч кандай кереги жок болучу. Муну архивдик документтер далилдешет. "Газават" ураны Абдрахман аптабачыга гана керек, эл ага көңүл кош деп жазылган ал документтерде[6].

Ошентип, 1875-жылдын август айынын башында көтөрүлүшчүлөрдүн лагеринде күчтөрдүн экиге бөлүнүшү менен элдик багыттын башчылары — Полот хандын жан-жөкөрлөрү (Полот хан өзү Махрам чебинде камоодо эле) кыймылдын башынан бери келат-

---

[1] ОБМСТА.—400-ф.—1-оп.—419-иш.—1—54-барактар.
[2] ОБМСТА.—400-ф.—1-оп.—691-иш.—3—15-барактар.
[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6877-иш.—1-барак.
[4] Мындай үндөөлөрдүн 8 түрү ӨБМТАнын 1-фондунун 458-ишинин 109—110-барактарында берилген.
[5] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—347-бет.
[6] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—167-барак.

кан максатын көздөп тура бериштн. Ал эми Абдрахман баштаган топ көтөрүлүштүн түпкү идеяларын "газават" ураанына буруп жиберди. Айта кетчү нерсе — Аптабачынын "газаваты"[1] орус колониализмине каршы коюлгандыктан, ал ага кандайдыр деңгелде антиколониялык агым берип турган. Ошондуктан алгачкы мезгилде бул диний ураан көтөрүлүшчүлөрдүн белгилүү бөлүгүнө, Кокон хандыгындагы жана орус ээликтеринин чек араларындагы Кожент, Курама, Олуя-Ата жана Токмок уезддеринин курамында жашаган кыргыз, казак, кыпчактарга чоң таасирин тийгизди.

Булактарда 1875-жылдын жай айларында Кожент уездинин башчысы "инсургенттердин" уезддин калкына кайрылган эки үндөөсүн жана Кожент шаарынын аксакалдары Бай Мухаммад менен Абдыкайым серкерге жазган каттарын кармап алгандыгы айтылат. Үндөөлөргө кол тамга коюп, мөөрүн баскандар: хан (Насирдин бек), Кыякбай, Шакул, Назаркул, Мухидин-Худяк, Молдо Ысмайыл, Момун, Оморкул, Эшен кожо, Хаккули, Султанаалы, Кудайберди, Сейитмухаммед төрө, Козубай, Молдо Дадабай жана башкалар болушкан[2]. (Чамасы аталган инсандар, көтөрүлүштүн Лейлек, Баткен, тараптагы топторунун өкүлдөрү болсо керек, себеби, алардын катарында кыймылдын негизги жетекчилери аталган эмес.) Бул каттарда жана үндөөлөрдө коженттиктерди "ыйык газаватка" чакыруудан башка көтөрүлүштүн жүрүшү боюнча да маалыматтар берилет. Анда Ташкенттен, Бухарадан, Курамадан, Чымкенттен, Олуя-Атадан өкүлдөр келишип, кокондуктардын "джихадына" жардамдашууга убада беришкендиктери, ал түгүл казак уруулары менен чүйлүк солто, сарыбагыш уруулары да өз топторун Кожо датка деген кишинин жетекчилигинде орустарга каршы аттандыргандыгы, ташкенттиктер Зулпукар бектин кол астында, курамалыктар менен төлөөлүктөр Махмудхан төрөнүн, Музаффар кожонун, Касымбектин, Айбаш датканын жетекчилигинде орустарга каршы аттанып, Курама уездине кирип келишкендиги, самаркандык, бухаралык кыргыздар менен кыпчактар, оро-төбөлүк жүз уруусунун кыргыздары (булакта "киргизы рода юз" деп берилет) Ноо чебинен чабуул жасоого даярданып жатышкандыгы, Сейитбек датканын жана анын уулунун, Молдо Абдрахман парваначынын (сөз Абдрахман

---

[1] Махрам чебине камалганга чейинки Аптабачы менен болгон сүйлөшүүлөрдө Полот хан "газават" ураанына негизинен каршы болсо да шартка байланыштуу расмий түрдө макулдугун берген. Караңыз: *Бобобеков Х.* Тарихимиздаги конли излар.//Мерос.—Т.,1991.—272-бет.

[2] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—81-иш.—310—315-баракгар.

аптабачы жө-нүндө жүрүп жатат) кол алдында кесек, чаныщкылы, абагат, тейит, жана башка уруулар "капырларга" каршы аттангандыгы жөнүндө айтылат[1].

Жогорку маалыматтар көрсөткөндөй, Кожент, Курама уезддериндеги жергиликтүү эл 2—4 миң кишиден турган чакан топторду түзүп алышып, кыштактарды, ири элдүү пункттарды жана белгилүү түйүндөрдү ээлей баштады. Козголоңчулардын активдүүлүгү айрыкча 5—8-августтарда Коженттен Ташкентке Курама уезди аркылуу өткөн Кудаяр хандын көчүнүн жүрүшүнө байланыштуу күчөп кетти[2]. Курама, Аблык, Төлөө чептерине чабуул коюлуп, алардын кай бирлери алынды.. Ташкент—Кожент, Ташкент—Оро-Төбө, Кожент—Курама арасындагы байланыш үзүлдү. 10 миңге жакын көтөрүлүшчүлөр Ангрен өрөөнүндө аракеттенип жатышты[3]. Айрыкча намангандык кыпчак Зулпукардын 6000 кишиден турган кошууну орус бийликтерине олуттуу коркунуч туудурду. 8-август күнү бир эле учурда Ноо чебинин жанындагы, Кожент шаарынын оро-парасындагы Мырза-Рабат, Жан-Булак жана Урал почта станцияларына чабуул коюлуп, алынды[4]. Телеграф зымдары кыркылды. Көтөрүлүшчүлөр Ташкенттен 40 чакырым аралыкта турган Паркент кыштагын алып токтошту. 8—9-августтарда Кожент менен Оро-Төбөгө ийгиликсиз чабуул коюлду[5].

Газават ураанына айкашкан элдик толкундоолордун орус ээликтерине болгон таасирлерин көптөгөн булактар тастыктайт[6]. Кыймылдын орус ээликтерине жайылып кетишинен чочулаган орус бийликтери Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинин, Жети-Суу облусунун Токмок уездинин, Самарканд облусунун Кожент уездинин башчыларына эскертүү көрсөтмөлөрүн берип жатты. Жети-Суу облусунун губернатору Шабдан Жантай уулуна Полот ханды кармап келүүнү уюштырууну тапшырды эле, Шабдан баш тартты[7]. Чаткал чөлкөмүндө түрмөдөн качып кеткен Момун Шамурзак уулунун (Абдымомундун) жана Ажынын кол астында

---

[1] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—81-иш.—310—315-баракгар.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—339-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—339-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—340-бет.
[5] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6877-иш.—135-36-баракгар.
[6] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—280-барак.; Ошол эле жерде.—34-оп—273-иш.—24—25-баракгар.
[7] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—349-бет.

мин[illegible]ашчун көтөрүлүшчүлөр чогулду[1]. Булактарда Абдымомун эки отрядды Олуя-Атаны алууга жибергени жаткандыгы, анын аракеттерине бүтүндөй Чаткал, Чыйырчык өрөөнүндөгү "сарттар жана кыргыздар орус бийликтеринен жашырып, колунан келишинче түрдүү жардамдарды көрсөтүп" жатышкандыгы жөнүндө маалыматтар берилет[2].

Олуя-Ата уездинин башкаруучусу майор Герцтин 1875-жылы 18-августта берген рапортунда Абдымомундун көтөрүлүшчүлөрү таластык кыргыздарга үндөө менен кайрылгандыгы, таластыктардын жардам берүүгө аракеттенип жатышкандыктары, ошондуктан орус аскерине шашылыш түрдө Кара-Буура, Чанач ашууларын ээлеп алуу жөнүндө буйрук берилгендиги маалымдалат[3]. "Мусулмандардын кыймылы" Кокон хандыгын гана эмес, Түркстандын бир катар аймактарын каптап кетти деп көрсөтөт К.П. Кауфман өзүнүн отчетторунда[4].

Август айынын биринчи жарымында түзүлгөн кырдаал жана Курама уездине көтөрүлүшчүлөрдүн кирип келиши жөнүндөгү кабар 7-август күнү Ташкентке жетери менен К.П. Кауфмандын буйругу боюнча генерал Головачевдин жетекчилигинде 700 казак-орустан турган тез көчмө (летучий) отряд түзүлүп, Төлөө сепилине, экинчи бир отряд Кожентке багыт алды. Олуя-Ата уездинин башкаруучусу майор Герц, Токмок уездинин башкаруучусу полковник Лиссовский чакан отряддар менен Кокон чектерине жөнөштү. Ошол эле мезгилде К.П. Кауфман Ташкент шаарында турушкан 600 төмөнкү чиндеги адамдарды, 1600 аскерге милдеттүү жаштарды аскер кызматына тартууга, почта байланыштарында иштегендердин баарын куралдануурга буйрук берди[5]. Натыйжада 5000 солдаттан жана казак-орустардан турган жазалоо аскери түзүлдү. Анын курамына 16 жөө аскер ротасы, 8 жүздүк казак-орус эскадрону, 1 сапердук бөлүк, 20 замбирек кирген[6]. Кожентке чогулууга буйрук берилген бул армияны 1500 арабадан турган обоз коштоп, ал 15 күндүк кургак азык менен камсыздандырылган. Баш командачылыкты К.П. Кауфман өзү колуна алып, тиешелүү бөлүктөргө генералдар: Головачев, Троцкий, Бардин-

---

[1] *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—350-бет.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—91-иш.—240-барак.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—91-иш.—141-барак.
[4] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—139-барак.
[5] *Павлов С., Рабинович М.* Кокандское восстание (1875—1876 гг.).—Борьба классов (мындан ары БК).—М.,1936,—№ 4.—52-бет.
[6] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—136-барак.

ский, полковниктер; Скобелев, Меллер-Закомельский, Аминов жана башкалар командалык кылышкан. Жазалоочу армияда орустарга кызмат өтөгөн казак, кыргыз, өзбек жигиттери, 1869-жылы эле Кокон ханы Кудаяр орус бийликтерине өткөрүп берген шахрисябздык бектер Жоро бий менен Баба бий, кушттук бек Сейитбек жигиттери менен кошо жүргөн.

Арты 12-августта Ташкенттен жөнөгөн бул жазалоочу армия Кожентке 18-августта жетти. Армиянын башында турган К.П. Кауфман Коконго жүрүштүн баш командачылыгына генерал Головачевди дайындап, 20-августта Коконго жүрүштү баштоого буйрук берди[1]. 21-августта орус армиясы хандыктын чегине кирди. Авангардда келе жаткан полковник Скобелевдин атчан аскери көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү менен кечке кармашты[2]. Бирок көтөрүлүшчүлөр жакшы куралданган орус армиясына туруштук бере албады. Алар акырындап чегинип, Кожентten 44 чакырым аралыкта жайгашкан Махрам чебине коргонушту. Махрам Кокон хандыгындагы эң чоң сепил болучу.

Падыша офицерлеринин билдирүүлөрүндөгү айтылгандай 30 миң коргонуучусу бар Махрам чебине штурм 22-август күнү таң эрте башталды. Негизинен найза, союл менен куралданып, бир аз гана бөлүгүндө кылыч, милтелүү мылтыгы бар көтөрүлүшчүлөр сепилде 40 жез замбиреги болсо да, бат атар мылтык жана өркүндөтүлгөн замбиректер менен куралданган орус армиясына көпкө чейин каршылык көрсөтө албады. Алар оор жоготууларга учурап, кечке маал чегине баштады. Чептен эң алды менен Абдрахман аптабачы 5000 жигиттин коштоосунда качып жөнөдү.

Өз карьерасынын кызыкчылыгын көздөп, падышалык өкмөттүн колониялык баскынчылыгын даңктаган орус тарыхчысы М.А. Терентьевдин пикири боюнча Махрамды 50000 кыргыз, кыпчак жана түрк көтөрүлүшчүлөрү, 10000дей сарбаз коргогон. Орус аскери болжол менен 2500 адамдан турган. Кармашта орустар жактан 6 гана киши өлүп, 8 киши жарадар болгон. Ал эми көтөрүлүшчүлөрдөн 1200 киши көз жумуп, 39 замбирек жана 224 ат, көптөгөн азык-түлүк, ок-дары олжолонгон[3]. (Туткунга түшкөндөрдүн саны булактарда айтылбайт.)

---

[1] Краткий очерк военных действий против кокандцев.—ВС.—1875. —№ 12.—2-бөлүк.—116-бет.

[2] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—272-иш.—49-барак.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—358-бет.

Махрам чебинде камалып жаткан Полот хан 22-августтагы кармаштын тополоңунда качып кетүүгө үлгүрдү. (Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романындагы версия боюнча, аны зындандан көтөрүлүшчүлөр бошотушкан.) Полот хан Махрамдан түз эле жолдоштору менен тоо тарапка жүрүп кетти.

Махрам сепилинин кулашынан кийин көтөрүлүштүн башында тургандардын жолу айрылды. Абдрахман аптабачы Махрамдан Коконду карай качканда Насирдин бек "орус досторунун" каарынан коркуп, шаардын дарбазасын жаптырып койду[1]. Абдрахман Анжыян тарапка качты. Көтөрүлүштүн кызыкчылыгын аягына чейин сатып жиберген Насирдин 25-августта К.П. Кауфманга Иса Олуя жана Имам Фазил Ахмад Магзумду баалуу белектер менен элчиликке жиберди. Алар Махрамдан Коконго келе жаткан К.П. Кауфманга жолугуп, андан Насирдин хан өзү генералга жолугушу тийиш экендигин билгенден кийин кайра кайтышты[2].

26-августта Насирдин хан К.П. Кауфмандын алдынан кол куушуруп тосуп чыкты. Августтун башында туткундалган орустар кайтарылды. Бир аз сүйлөшүүлөрдөн кийин генерал Насирдиндин хандыгын расмий таанып, мамлекетти сактоого убада берди. 31-августта болсо Абдрахман аптабачы башында турган бир топ бийлер К.П. Кауфманга тынчтык сурап кат менен кайрылышты[3]. Бирок генералдын "өздөрү келсин" деген талабынан чочулаган Абдрахман аптабачы, Калназар парваначы, Атакул батыр башы, Мурат бек азырынча көтөрүлүшчүлөр менен кала турууну чечишти.

29-август күнү К.П. Кауфман калың аскердин коштоосу менен Коконго кирди. Жеңип алуучунун эркн боюнча шаардагы 1875-жылы алынуучу алык-салык Орусиянын казынасына түшүүсү керек болучу. Кокондо бир аз турган К.П. Кауфман менен Насирдин хан болочоктогу келишимдин жоболорун жалпысынан талкуулоого үлгүрүштү.

Көтөрүлүшчүлөр Маргалаңда күч топтоп жатышат деген кабар угулганда М.Д. Скобелев өзүнүн атчан аскери менен 5-сентябрда Маргалаңга жөнөп, 8-сентябрда аны ээледи. Маргалаңдан чыгып кетишкен көтөрүлүшчүлөр Асаке тарапка чегиништи. К.П. Кауфмандын буйругу боюнча офицерлердин ичиндеги эң активдүүсү болгон М.Д. Скобелевдин атчандар пояку көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктоого жөнөдү. Айта кетчү нерсе — негизинен

---

[1] *Павлов С., Рабинович М.* Кокандское восстание...—52-бет.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—91-иш.—256-барак.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—273-иш.—25-барак.; —346-иш.—150-барак.

куралсыз, замбиректеринен, ок-дарыларынан айрылган көтөрүлүшчүлөрдү оңой эле талкалап коюуга көзү жеткен падыша аскеринин командирлери согуштук аракеттерди улантууга абдан ынтызарланып жатышты. Себеби, коргоосуз айыл-кыштактарды "басып алуу же жеңип алуу" алар үчүн "эрдик кылгандык" болучу жана аскердик чиндерди алууга, карьераларын көтөрүүгө эң ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Ошондуктан алар айрым кыштактар, айылдар өз эркн менен багынып беришсе да, аларды "жазалоого" аракеттенишкен, талап-тоношкон, өрттөшкөн. Буга Коконго жүрүш башталганга чейин эле 17-августтагы Головачевдин билдирүүсү мисал боло алат. "Кыпчактардын (окуңуз "кыргыздардын" деп, себеби Коженттин тегерегинде кыпчак кыштактары болгон эмес.) өкүлдөрү бүгүн дасторкон алып келишиптир,—деп жазат генерал, — кыштактардын тургундарынын баары көтөрүлүшкө катышкандыктан мен алардын туз-нанын кабыл албадым"[1]. Бул сөздөрдөн падыша генералдарынын атайылап кан төгүүнү уюштурууга болгон аракеттерин байкабай коюуга мүмкүн эмес.

Көтөрүлүштү куугунтуктоого кеткен М.Д. Скобелевдин жазалоочу отряды менен көтөрүлүшчүлөр Асакеден жогорку Мың-Дөбөдө (1898-жылы болуп өткөн Анжыян көтөрүлүшүнүн жетекчиси Дукши-Эшендин турагы — азыркы Аравандын жанындагы Мархамат кыштагы) азыраак кармашты да, Ош тарапка бет алды. Араванда көтөрүлүшчүлөр бөлүнүп кетүүгө аргасыз болушту. Алардын арасында жогорку абройго ээ болгон Абдылдабек Алымбек уулу (ошол жылдары ал Оштун акими болучу) Аптабачыдан бөлүнүп, жигиттерин убактылуу үйлөрүнө таратып жиберди[2]. 400дөй жигити менен Абдрахман Булак-Башыга жөнөдү. Анын үйбүлөсү Ошто болучу. Алгач ал Ошко токтоону ойлоду, бирок артынан сая түшкөн куугундан узап кетүү үчүн Булак-Башы, Кара-Суу аркылуу тоо тарапка жүздөй жигити менен качып кетти.

Ош шаары кыргыздар жана кыпчактар тарабынан өтө жогору бааланчу. Алар Ошту Кокон үстөмдүгүнүн мезгилинде өзүлөрүнүн борбору катары санап, анда хан сарбаздары турган эмес[3].

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—230-док.

[2] Военные действия против кокандцев...1876.—№ 2.—2-бөлүк.—210-бет.

[3] Военные действия против кокандцев...—ВС.—1876.—№ 2.—2-бөлүк.—211-бет; Рукопись: *Г.П. Супруненко.* Китайские источники XVIII — начала XIX вв. по истории кыргызов.—Ф.,1979.—.119-бет.—КРнын УИАнын архиви; *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—366-бет.

Шаардын башчысы дайыма кыргыздардан болушу салтка айланып, кыймылдын алдында андай кызматта Абдылдабек турган.

М.Д. Скобелев Ошко 10-сентябрь күнү келди. Оштуктардын атынан кыргыз бийи Суран полковник төрөгө келип салам берди[1]. Каршылык көрсөтпөстөн багынып берген оштуктардан М.Д. Скобелев 6500 боо беде, 4700 даана дандыр нан, 60 батман арпа жана 114 баш миңги ат, 30 өгүз эсебинде контрибуция төлөөнү талап кылды. Андан тышкары Суран бийге шаардагы болгон курал жарактарды тапшырууну буйруду[2]. М.Д. Скобелевге Кара-Суудан, Мадыдан "тынчтык сурашып" өкүлдөр келип жатты. Жергиликтүү эл ошол эле мезгилде полковниктин Абдрахман аптабачыны кармап бергиле деген талабына жооп кылбады. М.Д. Скобелев орус бийлигине кызмат кылууга өткөн Таш Токсобай деген кыпчак молдону "Аптабачыны кармап бергиле, ошондо гана падышанын ырайымына кала аласыңар" деген талап коюлган кат менен кошо Өзгөндүн тургундарына жиберди[3]. Ушундай эле каттарды кийин К.П. Кауфман да Кара-Суу, Өзгөн шаарларына жибергендиги маалым[4].



Оштогу Сулайман Тоосунун жана Султан Бабурдун өжүрөсүнүн түштүк-чыгыш тарабынан көрүнүшү (XIX к.)

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—366-бет.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—366-бет.; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—230-док.

[3] Военные действия против кокандцев...—ВС.—1876.—№ 2.—2-бөлүк.—211-бет;

[4] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—91-иш.—337-барак.

Аптабачыны мындан ары кууй берүүнүн зарылчылыгы жок деп эсептеген М.Д. Скобелев Оштон 11-сентябрь күнү артка чыгып, Асаке аркылуу 13-сентябрда Маргалаңга кайтып келди.

М.Д. Скобелевдин жүрүшү жана Насирдиндин К.П. Кауфманга баш ийип бериши, хандыктын түштүк жана түштүк чыгыш бөлүгүнө чоң таасир кылды. Маргалаң шаарында турган генерал Кауфманга ири кыштактардын жана шаарлардын тургундары аргасыздан багынгандыгын билдиришип, өз өкүлдөрүн жиберип жатышты. Алар баскынчылардын кыйратуучу аракеттеринен куралсыз элди сактап калууну көздөшкөн.

Орус баскынчыларына Абдрахман аптабачынын жан жөкөрлөрүнүн кай бирлери да багынып беришти. 10-сентябрь күнү Атакул баатыр башы менен Калназар парваначы генералдын туткуну болууга моюн сунушту[1]. Ал эми 14-сентябрь күнү Маргалаң беги Султан Мурат жан-жөкөрлөрү менен орус бийиктерине багынгандыгын билдирип, К.П. Кауфманга салам берип кетти[2]. Ошентип, көтөрүлүшчүлөрдүн башында көрүнүктүү инсандардан Полот хан менен Абдрахман аптабачы гана калды. Ферганада салыштырмалуу тынчтык орноду. Өлкө тынчтанды деп эсептеген К.П. Кауфман чыгыш таануучу А. Кун менен топограф Петровду хандыктын чыгыш бөлүгүн кыдырууга уруксат берди[3]. Алар Кокон, Маргалаң, Шахрихан, Асаке, Анжыян шаарларында болушуп, керектүү саясий-стратегиялык маалыматтарды чогултуп кайтышты.

Фергана чөлкөмүн көтөрүлүшчүлөрдөн тазаладык деп жыйынтык чыгарган К.П. Кауфман эми Насирдин ханды Маргалаңга чакыртып, 23-сентябрь күнү (1868-жылдан кийинки) экинчи жолку кокон—кокон келишимин таңуулады. Бул келишим иш жүзүндө Кокон хандыгынын Орусия империясына вассалдык мамилесин дагы бир жолу ырастады. Келишим боюнча К.П. Кауфман менен макулдашпастан туруп, Кокон ханы башка өлкөлөр менен түздөн-түз дипломатиялык мамиле жасоого, согуш аркеттерин жүргүзүүгө укугу чектелди, мамлекетте орус көпөстөрүнө кеңири жол ачылды, алардын кербен сарайлары, кампалары, соода түйүндөрү тоскоолдуксуз жан пошлинасыз иштөөсү, өлкөдөгү табигый кендерди иштетүү, завод-фабрикаларды куруу укуктары макулдашылды. Согуштун чыгымы катары Кокон хандыгы 2 млн.

[1] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—346-иш.—156-барак.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—367-бет.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—369-бет.; *А. Кун.* Некоторые сведения о Ферганской долине.—ВС.—1876.—№ 4.—417—448-беттер.

рубль контрибуция жана Орусияга жылына 500 миң рубль алман төлөп тура турган болду[1]. Мындан тышкары "Абдрахман аптабачыга жардам көрсөткөндүгү" үчүн Маргалаң шаарына 500 миң рубль жазана салынды[2]. Бул шарттарга толук макул болгон Насирдин хан атасы Кудаярдын кейпин кийип, падыша бийлигинин "унчукпас малайына", ал эми Орусия болсо аны "инсургенттерден" сактоочу "калканчка" айланды[3].

Келишим боюнча Кокон хандыгы үчүн эң чоң жоготуу мамлекеттен Наманган бектигин бөлүп алуу болду. Бул маселе генерал Кауфман тарабынан Махрамды алгандан кийин эле коюлган. Согуш министри Д.А. Милютинге 24-августта жиберилген телеграммада К.П. Кауфман Коконду убактылуу басып алууга, андан Наманган бектигин тартып алууга жана орус—кокон чек арасын Сыр—Нарын дарыясына чейин төмөндөтүүгө императордун макулдугун сураңган[4]. Бирок Петербург 1874-жылдын 13-ав-густунда эле Александр II бекиткен чечим боюнча Кокон мам-лекетинин ички иштерине кийлигишпөө жана азырынча вассалдык мамилени гана кармоо көз карашында турду. Д.А. Милютин 3-сентябрда К.П. Кауфманга жиберген телеграммасында "Насир-динди хан катары таануу", Коконду "убактылуу басып алууга" шарт түзбөйт, ошондуктан "чек араны жылдыруу" маселесин изилдеп бүткөнгө чейин муну чечпей коё туруу зарыл деп көрсөткөн[5]. Бирок К.П. Кауфман өзүнүн көз карашында туруп, аны 23-сентябрда Д.А. Милютинге жазган катында кеңири баяндады. Катта Насирдин алсыз, тажрыйбасыз, жаш, ошол эле учурда орус таасирине берилген адам экендигин белгилеп, бирок орус армиясы Кокон хандыгынан чыгып кетери менен көтөрүлүш кайрадан күчөп кетсе, анда орус бийликтери үчүн Фергана өрөөнүн көзөмөлгө алуу кыйын болорун белгилеген. Ошондуктан Кокон хандыгынан Нарын—Сыр-Дарыясынын түндүк жээгиндеги Наманган бектигин (азыркы Өзбекстандың Наманган облусу, Кыргызстандын Ала-Бука, Аксы райондорунун чөлкөмдөрү) орус ээликтерине кошуп, "Наманган бөлүмүн" түзүү жана ал жерге аскер күчтөрүн жайгаштыруу зарыл деп жазган. К.П. Кауфмандын пикири боюнча "Аму-Дарыя бөлүмү" Хива хандыгы үчүн кандай мааниге ээ болсо,

---

[1] *Иноятов Х.Ш.* Кукон хонлиги...—31-бет.

[2] *Халфин Н.А.* Присоединения...—321-бет.

[3] *Усенбаев К.У.* Присоединение Южной Киргизии...—109-бет.

[4] К.П. Кауфмандын Д.А. Милютинге жиберген телеграммасы.—1875-жылдын 24-августу.— ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—271-барак.

[5] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—313-барак.

"Наманган бөлүмү" Кокон хандыгы үчүн ошондой эле маанiге ээ болмок. Жаңы бөлүмдүн башчысы Түркстан генерал-губернатору менен Кокон хандыгынын арасында ортомчулук роль аткармак да, анын эсебинен орус бийликтери Фергана өрөөнүн көзөмөлдөөдө, Кашкардан келүүчү коркунучтардын алдын алууда, эң негизгиси — Фергана өрөөнүнүн Кокон хандыгына кирген бөлүгүн каратууда артыкчылыктарга ээ болмок[1].

К.П. Кауфман өзүнүн "жарым падышалык" укугунан пайдаланып, Согуш министринин жообун күтпөстөн, 23-сентябрдагы орус—кокон келишиминин жоболоруна ылайык, Наманган бөлүмүн түзүүгө киришти. Бул чечимдин негизинде Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүн түзгөн Наманган, Чуст, Касан, Гурум-Сарай, Ала-Бука, Кызыл-Жар, Ак-Суу, Афлатун, Кара-Суу, Падша-Ата, Тегене жана башка чөлкөмдөрдүн тургундары — өзбектер, сарттар, тажиктер, кыргыздардын кутлук-сейит, багыш, кытай, саруу уруулары расмий түрдө Орусияга багындырылды. Бүтүндөй элдердин тагдыры ошентип бир келишим менен гана чечилип калды.

Жаңы орус—кокон келишими Александр II тарабынан 17-октябрда бекитилди[2]. Наманган бөлүмүн башкаруу Жобосу 1875-жылдын 5-декабрында ишке кирип, бөлүмдө Наманган (Наманган бектиги Чартак, Наукен, Касан серкерликтери) жана Чуст (Чуст, Бабадархан бектиктери) участкалары түзүлдү[3].

Наманган тарапта козголоңчулар топтонуп, Полот хан ошол жакта экен деген каңшаар тарап кеткендиктен, М.Д. Скобелев 14-сентябрде эле Наманганга жүрүп кеткен. Кокон—орус келишими түзүлгөндөн кийин К.П. Кауфман генералдар В.Н. Троцкий, Головачев баштаган армиясы менен 26-сентябрь күнү Наманганга кирди. Жаңы бөлүмдө "Кокон армиясында бир катар каармандыктарды көрсөткөн "полковник М.Д. Скобелев башчы болуп дайындалды. Көп өтпөй ал генералдык чинди да алууга үлгүрдү. Наманган бөлүмү өзүнүн географиялык жайланышы менен орус колонизаторлорун басып алуу саясатынын андан ары улантылышына, тагыраак айтканда бүтүндөй Фергана өрөөнүн, анын ичинде Түштүк кыргыз урууларын орус империясына каратууга эң ыңгайлуу өңүт болуп калды.

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—63-иш.—340-барак.; ОБМСТА.—ВУА фонду.—6874-иш.—37-барак.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—368-бет.

[3] *Халфин Н.А.* Присоединения...—322-бет.

Бул окуялар жүрүп жаткан мезгилде кыймылдын негизги очогундагы абалдын кандай экендигин булактардын басымдуу бөлүгү орус чиновниктеринин билдирүүлөрүнө тиешелүү болгондуктан так билүү кыйын. Ошондой болсо да азыноолак маалыматтар сакталган. 1875-жылдын 15-сентябринде Согуш министрине багытталган К.П. Кауфмандын рапортуна Абдрахман аптабачы Миң-Дөбөдөн чыгып, Ошко кайрылбастан Кара-Суу аркылуу тоо тарапка жүздөй жигити менен качып кеткендиги айтылат. Генарал Кауфмандын пикири боюнча Кара-Суу менен Өзгөндүн аралыгында Аптабачыны кыргыз бийлери орус бийликтерине кармап берүү менен элди кыргындан сактап калууну чечишет. Муну байкап калган Аптабачы "эгер эл талап-тоноодон бошотулса, мен макулмун", — деп жооп берет. Бирок, орус жазалоочуларына ишенбеген бийлер Абдрахманды кармап берүүдөн кайра айнышып, аны "куралсыздандырып, жоо-жарагын жаш Полот ханга алып беришти",—деп билдирет К.П. Кауфман[1].

К.П. Кауфмандын чалгынга негизделген жогорку маалыматтарын чындыкка жакын деп эсептесек, 22-август күнү Махрам чебинен качып кеткен Полот хан сентябрдин биринчи жарымында Абдрахман аптабачыга жолуккандыгы дайын болот. Демек, бул мезгилде Полот хан Ош, Өзгөн, Жалал-Абад чөлкөмдөрүндө кайрадан кол топтоп жүрүшү мүмкүн. Башка бир булакта сентябрдын аягына чейин Полот хан Чаткал тарапта жашынып жүргөн деген маалымат учурайт[2]. Бирок бул маалымат туура эмес. Искактын Жалал-Абад чөлкөмүндө активдүү аракеттенип жаткандыгы жөнүндө жалал-абаддык Мухаммед датка, Казий раис жана Мухали молдо деген чыккынчылардын 21-сентябрь күнү К.П. Кауфманга келген каты кабарлайт. Жалал-Абадга Полот хан тарабынан серкер болуп дайындалган сузактык кыргыз Таштан, жалал-абаддык Азим Амин, Орозаалы, Кенже аксакал, Абдрасул аксакал деген кишилер, бегабаттык кыргыз Ширкал жана башкалар Ханабатка топтолушкандыгы, Полот хан ал жерде Таштанга миң башылык наам ыйгарып, парваначы халатын кийгизгендиги, 200дөй киши "орустар менен жан аябай күрөшүү-гө"ант бергендиги, бир аздан кийин Искактын колу 400гө жетип, түрдүү жактарга чабарман жөнөтүп,"газаватка" үндөп жаткандыгы жазылган[3].

---

[1] ӨБМТА — 715-ф. —1-оп. —63-иш.—535-барак.
[2] ТВ—№8.—февраль, 1876-жыл.
[3] ОБМСТА—1393-ф.—1-оп.—91-иш.—537—540-баракгар.

К.П. Кауфмандын аталган рапортунда Абдрахман аптабачы "куралдарын, жоо-жарагын" Полот ханга тапшыргандан кийин өзүнүн мекени Көгөй кыштагына барууну ойлойт. (Көгөй кыштагы азыркы Нарын дарыясынын сол жээгиндеги Үч-Коргон шаарынын түштүк-чыгыш тарабында жайгашкан). Ошондой эле Кашкарга, Жакыпбекке кирип кетүүгө да аракеттенет. Бирок, Жакыпбек Терек-Даванда 2 миң мерген койдуруп, жол тостуруп, Аптабачынын аракетин четке кагат. Ошондон кийин гана Абдрахман "тагдырын көтөрүлүшкө байлап", Полот хан менен кайрадан биригүүнү чечет[1].

Полот хандын тарых-таржымалын алгачкы изилдегендердин бири Н.П. Корытовдун маалыматтары боюнча да Исхак Махрамдан жолдоштору менен хандыктын чыгыш тарабына качып келип кайрадан кол топтой баштагандыгы ырасталат. Полот ханга Фергана өрөөнүнүн чыгыш, түштүк-чыгыш, түштүк тоо этектеринде туруктаган кыргыз урууларынын бийлери Абдылдабек, Оморбек, Асанбек, Сулайман удайчы, Исфандияр, Орозаалы, Болотбек, Багышбек, Молдо Жолдош, Кийикбай паңсат, Мырзакул, Жармат, Амал эшик агасы, Шамырза жана башкалар келишип, орус баскынчыларынын кол баласы катары такка Насирдин бекке жана ага жардам берген болуп, кыргыз жерлерин басып алууну көздөп жаткан Орусия баскынчыларына каршы күрөшүүнү туура табышты. Полот хандын бирден-бир кеңешчиси жана кол башчысы катары курамалык Абдымомун алардын арасында көрүнүктүү орунду ээлеп жүрдү. Аталган бийлер кеңешип, 1875-жылдын 27-сентябрында Анжыяндын чыгыш атрабында жайгашкан Ботокара кыштагында Искакты Полот хан деген ат менен ак кийизге салып экинчи жолу хан көтөрүштү[2].

Ушул окуядан кийин көтөрүлүштүн башында чыныгы жетекчи Искак—Полот хан туруп калды. 1875-жылдын жазынан башталган кыймылдын экинчи мезгилинде жек көрүндү Кудаярдын куулушу менен көтөрүлүшчүлөр максатына жеткендей болушту эле, бирок Абдрахман аптабачы сыяктуу куу саясатчылардын аракети астында жүүнү боштугу жана элге каршы чыккынчылыгы атасынан кем калбаган Насирдин бектин такка отурушуна байланыштуу кыймылдын максаты жана багыты бир аз өзгөрүлдү. Кыймылдын жалпы жетекчилигин колго алган Искак—Полот хан эми

---

[1] *Корытев Н.П.* Самозванец Пулат-хан...—26-бет.

[2] *Корытев Н.П.* Самозванец Пулат-хан ...—26-бет; *Усенбаев К.У.* Присоединение Южной Киргизии... —110-бет.

жаңы кырдаалда көтөрүлүштүн мизин бир эле учурда Насирдин бектин бийлигине жана орус баскынчылыгына каршы багыттады.

Сентябрдын аягынан баштап кыймылдын борбору Анжыян шаарына ооп, Полот хан менен Абдрахман аптабачы Анжыянга 60—80 миңдей кол топтоду[1]. Көтөрүлүштүн курмында кыргыз, өзбек, кыпчак, сарт, тажик жана башка көчмөн жана отурукташкан элдин өкүлдөрү бар эле. Наманган шаарында орус аскерлерин жайгаштырып, жаңы орус бийлигин орнотуу менен алек болуп жүргөн К.П. Кауфманга көтөрүлүшчүлөр Анжыянда топтолушуп жатыптыр деген кабар угулары менен, генерал тезинен жазалоо отрядын түзүүгө буйрук берди. 1400 солдаттан жана күчтүү артиллериядан турган жазалоочу аскер генерал-майор В.Н. Троцкийдин командачылыгында 27-сентябрь күнү Анжыянга бет алды. Анын курамында орус баскынчыларына багынып беришкен Шарихан беги, 4 анжыяндык паңсат жигиттери менен кошо жүрдү.

Жазалоочулардын келе жатканын укkан көтөрүлүшчүлөр шаарды коргоого даярданып жатышты. Анжыяндын 12 негизги көчөсүнүн кире бериши казылып, суу толтурулду. Мусулманкул-көпүрө менен Хан-көпүрө буздурулду, шаардыктар колунан келишинче куралданышты. Коргонууну уюштуруу Абдрахман аптабачыга тапшырылып, анын колунда 70 миңдей адам болду. Ал эми шаардын түндүк-батыш тарабына душмандын жолун тосуп, 15 миң атчаны менен Полот хан жайгашты[2].

Генерал В.Н. Троцкийдин армиясы жолдо көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топтору менен бир нече жолу кагылышууга дуушар болуп, 30-сентябрда гана Анжыянга жетти. Шаарды алуу оңойго турбасына көзү жеткен генерал, көтөрүлүшчүлөрдүн лагерин бөлүп жарууга аракеттенди. Анжыяндык өзбек тургундарга "силерди кыргыздар алдап жатышат, алар көчмөн болгондуктан согушта жеңилсе да эч нерсесин жоготушпайт. Эгер шаарды орус аскери басып алса, талоонго силер гана каласыңар. Ошондуктан өз өкүлүңөрдү жиберип, багынып бергиле" деген чакырык жөнөттү[3]. Бирок орус генералынын бул амалы ийгиликке жетпеди. 30-сентябрдын түнү көтөрүлүшчүлөрдүн маанайын билүү үчүн кармалган туткундун "Анжыянда кыргыздар, кыпчактар, алардан тышкары Оштон, Шарихандан, Булак-Башыдан, Асакеден, Ара-

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—64-иш.—140-барак.

[2] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—64-иш.—140-барак. *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—371-бет.

[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6882-иш.—302-барак.

вандан, Маргаландан, ал турсун Кокондон да түрдүү эл чогулду. Алар "өлсөк да чегинбейбиз" деп ант беришти" деген маалыматы[1] көтөрүлүшчүлөрдүн орус баскынчыларына чечкиндүү каршы тургандыгын айгинелейт.

Анжыянга штурм жасоонун алдында В.Н. Троцкий М.Д. Скобелевди 150 казак-орус менен шаардын айланасын чалгындап, сокку уруучу өңүт тандап келүүгө жиберди. Жаш генерал шаардын түндүк тарабындагы Анжыян-Сайды тандады. Бирок бул жерге жаңыдан эле чогула баштаган В.Н. Троцкийдин жазалоочу аскери көтөрүлүшчүлөрдүн 6 миңдей колу менен айыгышкан кармашууга кабылышты. Эки саатка созулган бул салгылашта коргонуучулардын чечкиндүү аракети билинди.

1-октябрь күнү таң куланөөк салганда орус аскери 3 колонна менен шаарды штурм кылууга жөнөдү. Колонналарды М.Д. Скобелев, Меллер-Закомельский жана Аминовдор жетектешип, генерал Троцкий өзү баш командалыкты алды. Колонналар ордунан 300 метрге жыла электе эле Полот хандын атчандарынын катуу кысымына кабылышты. Айыгышкан атышуулардын натыйжасында, замбиректердин күчү менен орус аскери акырындап алдыга жыла берди. 1-октябрь күнү эртең менен башталган кандуу кармаш 3-октябрга чейин созулду. Орус аскери айыгышкан каршылыктарды куралдын күчү менен майтарып олтуруп, шаардын орто ченине жеткенде В.Н. Троцкий чегинүүгө буйрук кылды. Бул жеңиш көтөрүлүшчүлөр тарапта калганын моюнга алуу эле.

В.Н. Троцкийдин 15-октябрда берген рапортунда анжыян кармашында орус күчтөрү ийгиликке жетти деп көрсөтөт. Бирок, аскер тарыхчысы М.А. Терентьев В.Н. Троцкийдин рапортундагы "анжыяндыктарды жазалоо максаты орундалды" деген жыйынтыгынын туура эмес экендигин белгилеген. Анжыянга каршы салгылашууну М.А. Терентьев "ийгиликсиз" деп белгилеп, "анжыяндыктар өздөрүн жеңилдик деп ойлошпойт, себеби эч кимиси жан соога сурабады, дасторкондун ордуна ок менен тосушту",— деп жазган[2].

Анжыян салгылашуусунда көтөрүлүшчүлөр орус аскеринен жеңилди деп тыянак чыгарууга фактылар мүмкүндүк бербейт. Эки күн бою айыгышкан кармаштын натыйжасында орус аскери чегинүүгө мажбур болду. Көтөрүлүшчүлөрдүн бул ийгилиги алардын Ата-Мекени үчүн кашык каны калганча күрөшүүгө даяр

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—64-иш.—155-барак.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—375, 379-беттер.

экендигин көрсөттү. Булактарда "көчөлөрдө, базарларда, короолордо, мечиттерде катуу кармаштар" жүрүп, коргонуучулар "ар бир үй үчүн" күрөшкөндүгү, коргонуучулардын орус кылычтарына каршы союл менен бетме-бет чыгышып, эркектерге аялдар да жардам беришкендиги айтылат[1].

Орус жазалоочуларынын чабуулун дайыма өрт коштоп олтурган. Колонналардын артынан атайын өрт коюучу бөлүктөр аракеттенишип, натыйжада "күйүүчү нерсенин баары өрттөндү". Шаар алоолонгон жалынга бөлөнүп, жазалоочулар артка чегине баштаганда, анжыяндыктар өрт өчүрүү менен алек болушкандыктан[2], демилгени алдырып жиберишти. Орус аскерлери курчоого алынуу коркунучунан кутулуп кетишти.

Полот хандын атчандары орус армиясын шаарга кире бериште катуу кысымга алды, бирок шаар ичинде атчан салгылашуу мүмкүн болбогондуктан, граф Борхтун командалыгындагы орустардын шаардын сыртындагы бөлүгүн бүлүндүрүп жиберишти.

В.Н. Троцкийдин армиясы шаардан чыгаары менен токтоого чамасы келбей Наманган тарапка жүрүп берди. 3—5-октябрь күндөрү артка чегинип бара жатышкан орус аскерлеринин туш тарабынан сокку уруу менен Полот хандын кошууну аларды баш көтөртпөй Балыкчыга чейин кууп барды. Кармаштын жыйынтыгы жөнүндө изилдөөчүлөр С. Павлов менен М. Рабинович "Октябрдын башында Полот хан Анжыяндын алдындагы салгылашууда генерал-майор В.Н. Троцкийдин армиясынын таштанканын чыгарды"[3], ал эми Х. Иноятов "В.Н. Троцкийдин отряды жеңилип калды"[4], — деп бекеринен жазышкан эмес.

Орус генералдары өз отчетторунда Анжыян салгылашуусунун жыйынтыктарын айтууда адаттагыдай ооз көптүрүп мактанышпайт. Тек гана жергиликтүүлөр тарабынан оор жоготуулар болгондугу, ал эми орус жазалоочулары бир аз гана адамынан ажыраганды жөнүндө эскертишип, көтөрүлүшчүлөрдүн жеңишип жашырып коюшат. Орус армиясынын жоготуулары жөнүндө материалдар болбогондуктан биз алардын канча экендигин билбейбиз. Ошондой болсо да орустардын шаарды толук ала алышпай, шашылыш түрдө чегинүүгө мажбур болгондугу, Полот хандын кошуунунун аларды Сыр-Дарыянын жээгине чейин кууп барган-

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—64-иш.—146—175-баракчар.
[2] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—64-иш.—156-барак.
[3] *Павлов С., Рабинович М.* Кокандское восстание...—52-бет.
[4] *Иноятов Х.* Кикон хонлиги Россияга...—33-бет.

дыгы жеңиштин көтөрүлүшчүлөр тарабында калгандыгынан кабар берет.

Бул салгылашууда көтөрүлүшчүлөр жазалоочу аскерди курчоого алганы менен, толук талкалай алышпады. Анткени, орус аскеринин кубаттуу куралдарын, бат атар мылтыктарын жана огу алыска тиер замбиректерин көтөрүлүшчүлөрдүн "кара келтек" кошуунунун союлдары жана милтелүү мылтыктары (Полот хандын бир аз жез замбиректери болгондугуна карабай) менен салыштырууга таптакыр мүмкүн эмес эле. Полот хандын көтөрүлүшчүлөрүнүн мекенин коргоого болгон далалаты канчалык күчтүү болгонуна карабастан жогорку айтылган реалдуу чындык гана орус аскерин толук талкалануудан сактап калды деп айтсак логикага туура келет.

Жазалоочулар артка чегинип бара жатканда В.Н. Троцкийдин демилгеси менен орус аскеринин тынчын койбогон Полот хандын кошуунуна сокку берүүнүн жашырын планы иштелип чыгат. План боюнча М.Д. Скобелевдин жетекчилиги менен Меллер-Закомельскийдин, Машиндин жана Хомичевскийдин роталары Ханабад кыштагында өргүп жаткан Полот хандын лагерине капыстан кол салууга тийиш болучу. 5-октябрдын түнү саат экилерде биринчилерден болуп есаул Машиндин ротасы бейкапар уктап жаткан Полот хандын жигиттерин басып кирди. Артынан жете келишкен Меллер-Закомельский менен Хомичевскийдин отряддары да буларга кошулду. Теңдешсиз түнкү салгылашууда Полот хандын кошууну чачылып, жигиттер баш аламан чегинип бара жатышканда Ханабад көпүрөсүндө минген аты жыгылып, Полот хандын буту сынды. Жигиттер ооруксунган Полот ханды Хинди-Мазарга алып келишти. Ал жерде чачылган колун жыйноо үчүн Искак тыныгууга буйрук берди[1]. Орус жазалоочуларынын мындай тактикасын жактырбаган Полот хан кийинчерек орус бийликтерине жазган бир катында "Силер жарыктан корккон ууруларча биздин айылдарга капысынан түнкүсүн гана кол салып, адамдарыбызды өлтүрүп жатасыңар..." деп тилдеген[2]. Ушул окуядан кийин гана көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулдары токтоп, жазалоочулар 8-октябрда аман-эсен Наманганга жетти.

Анжыяндагы кармаштын жана андан кийинки орус аскерин куугунтуктоонун шарапаты көтөрүлүшчүлөрдү шыктандырып,

---

[1] *Молдокасымов К.* Искак молдо...

[2] ВС.—№ 1.—1880.—С.179.//Шилтеме *Б. Жамгырчиновдун* "Очерки политической истории..." деген китебинин 365-бетинен алынды.

алардын аракеттери жогорку активдүүлүккө өттү. Анжыянды коргоп жаткан кезде эле Маргалаңга жиберилген Валихан төрө шаарды ээлеп, К.П. Кауфман менен Насирдин хан дайындаган шаар башчысы Атакул батыр башы өлүм жазасына тартылган. Насирдин хан Маргалаңга абасы Мурат бекти жиберген. Маргалаңдын жанындагы Файзабад кыштагына токтогон Мурат бек "Полот хан хан тукуму эмес, Искак аттуу жөнөкөй эле кыргыз",— деген сөздөр менен шаар калкын көтөрүлүштөн четтөөгө чакырып жатты. Бирок алар Мурат бектин чакырыктарын колдободу. Валихан төрөнүн шаарды коргоо боюнча күжүрмөн иштеринин натыйжасында Полот ханга кошулуп кеткен Оро-Төбөнүн мурунку беги Абдыкапардын кошуунунун жардамы менен 7—8-октябрь күндөрү Файзабаддагы Мурат бектин жазалоочу аскери тыптыйпыл талкаланып, Мурат бек өзү качып кетти[1].

Кийинки күндөрү көтөрүлүшчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Кокон шаарын камады. Аларды күтүп жаткан шаардыктар толкуп, ачылган дарбазалардан каптап кирген атчандар 9-октябрдын таң эртесинде хан ордосуна чабуул коюшту. Насирдин хандын колу үч саат кармашка араң чыдады. Натыйжада атасынын жолун жолдогон Насирдин "орус досторунун колтугуна корголоого" 60 кишиси менен Кожентке карай жүрүп берди[2]. Көтөрүлүшчүлөр Насирдин хандын жактоочуларынын бир тобун, Султан Муратты баш кылып өлтүрүштү да хан ордосун ээлеп алышты.

Ошентип, элдик кыймылдын 1875—76-жылдардагы экинчи мезгилинин биринчи баскычы аяктады. Анын негизги жыйынтыгы жек көрүндү Насирдин ханды атасы Кудаяр сымак ордодон кууп чыгып, эл каалаган адилеттүү ханды бийликке алып келишинде болду. Муну менен кыймыл өзүнүн антифеодалдык максатына жетти десек да болчудай. Бирок, ошол феодалдык мамилелерди коштоп жүргөн Орусия империясынын Түркстандагы саясатына ыңгайлуу режимди ооз жүзүндө "сактап калууга умтулумуш" болгон орус колонизаторлору иш жүзүндө Фергана өрөөнүнүн калкын, анын ичинде Түштүк кыргыздарын каратуу максаты менен басып киргендиги — кыймылдын каралып жаткан баскычынын жыйынтыгынын тескери көрүнүшү болучу. Бул жагынан алып караганда көтөрүлүш жеңилди деп саноо да туура.

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—64-иш.—93—94-барактар.; *Джамгерчинов Б.* Очерки политической истории...—365—366-беттер.

[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—91-иш.—331-барак.

6.2. Боштондук кыймылдын жыйынтыктары

В.Н. Троцкийдин Анжыянга болгон ийгиликсиз жортуулу[1] жөнүндөгү кабар көтөрүлүшчүлөрдүн духун көтөрдү. Наманган бөлүмүнүн чөлкөмүндө көтөрүлүшчүлөрдүн шаардын мурунку беги Батыр төрөнүн жетекчилиги астында тобу активдүү кыймылга келе баштагандыктан, К.П. Кауфман бир нече тез көчмө отряддарды уюштуруп, көтөрүлүшчүлөрдү туткундоого аракеттенип көрдү. Бирок, Батыр төрөнүн кыргыз, кыпчак атчандарынан турган кошууну ар дайым көз жазгырып, карматпай кетип тургандыктан, К.П. Кауфман Наманган шаарын көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулдарына туруштук бере алгыдай кылып чыңдоого буйрук берди. Себеби, октябрда Анжыян тарапка кирип кеткен Батыр төрө кайрадан Наманганга чабуул коюшу мүмкүн эле.

Ушул мезгилде Махрам чебиндеги кармашуулардын жыйынтыгына байланыштуу М.Д. Скобелевге генерал-майор чинин ыйгаруу жөнүндө телеграмма келди. Жаш генералды К.П. Кауфман кайрадан түзүлгөн күчтүү жазалоочу аскердин башына койду да, Наманганда калтырып, өзү негизги күчтөрдүн коштоосунда 16-октябрда Кожентке жүрүп кетти. Ал Кокондогу көтөрүлүш, ордодон качкан Насирдиндин 10-октябрде Кожентке келип калгандыгы жөнүндө билген эмес. Көтөрүлүшчүлөрдүн активдүү-лүгүнүн күчөшү менен Кокон—Наманган, Кокон—Кожент, Наманган—Ташкент аралыгындагы байланыш үзүлгөндүктөн, К.П. Кауфман жогорку окуялардан кабары жок эле. Анын үстүнө Наманганда, Курамада көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топтору ийгиликтүү аракеттенип жатышкан.

К.П. Кауфман Кожентке келери менен Махрам чебин кайрадан алууга буйрук берди[2]. Бул сапар Махрам чебине чабуул коюу ханга жардам берүү жана көтөрүлүштү басуу эмес, түздөн түз колониялык басып алуу максатында жүргүзүлдү. Согушсуз ээленген Махрам чеби жана анын чөлкөмү орус ээлигине өтүп, чептин комендантгыгына майор Родзянко бекитилди[3].

28-октябрь күнү К.П. Кауфман Кожентген Орусияны согуш министри Милютинге Наманган бөлүмүндө күчтүү отряд менен М.Д. Скобелевди калтыргандыгын, Махрам чебин ээлегендигин,

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—380-бет.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—382-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—382-бет.

эң негизгиси, Насирдин хандын Кожентте орустардан жардам күтүп тургандыгын, бирок ага жардам берүү четке кагылгандыгын билдирип телеграмма жөнөттү[1]. К.П. Кауфман хан тагын кайрадан дагы бир марионетке алып берүү үчүн кезектеги согуштук экспедиция уюштурууну ылайык көрбөдү. Андай жүрүш көп сумма талап кылгандыктан генерал-губернатор Петербургга атайын барып, согуш министри жана император менен көңүлү жакындыгын пайдаланып, керектүү суммадагы акча каражатын өндүргөндөн кийин гана Кокон хандыгына акыркы чечкиндүү жүрүш уюштурууну пландаштырды.

Ошол мезгилдерде көтөрүлүшчүлөр менен орус аскеринин ортосунда катуу кармаштар Наманган тарапта болуп жатты. Полот хандан орустардын тынымсыз тынчын ала берүү менен Наманганды кайтарып алуу жөнүндө катуу тапшырма алган Батыр төрө, октябрдын 20ларында Анжыян тараптан Наманган чөлкөмүнө өтүп келип, кошуунун 10—12 миң кишиге чейин көбөйттү да, согуштук аракеттерди жүргүзө баштады.

Генерал Скобелев Батыр төрөнүн кошуунун талкалоо үчүн 22-октябрда күчтүү отряддын башында Наманган шаарынан 12 чакырым батыштан орун алган Төрө-Коргонго бет алды. Эртеси күнкү бир аз кармаштан соң Батыр төрө жакшы куралданган орус жазалоочуларынын замбиректеринин огуна туруштук бере албай чегинүүгө аргасыз болду. Төрө-Коргондун тургундарын аёосуз жазалаган М.Д. Скобелев эми Чустту карай жүрүп кеткенде Батыр төрө Наманганды камады. Шаардын тургундары көтөрүлүшчүлөрдү колдоп чыгышты. Наманган сепилиндеги орус аскери жана шаардын сыртындагы жазалоочу отряд менен болгон 24—26-октябрлардагы кармаштарда Батыр төрө Намангандын басымдуу бөлүгүн ээлөөгө үлгүрдү. Бул салгылашуулар жөнүндө укkан М.Д. Скобелев Чусттан Наманганга 27-октябрда жетип келип, начар куралданган көтөрүлүшчүлөрдү "топко байлап" замбиректерден ата баштады. Жарылган снаряддар менен мылтыктын огунан көтөрүлүшчүлөр 3800 чамалуу кишисинен ажырап, Намангандан 20 чакырым түштүктө Сыр-Дарыянын сол жээгинен орун алган Балыкчы шаарын көздөй чегинүүгө аргасыз болушту[2]. (Генерал Скобелевдин эсеби боюнча берилген жогорку сандын күмөндүүлүгүн келекелеген М.А. Терентьев "кагаз менен бусур-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—383-бет.

[2] *Макшеев А.И.* Исторический обзор Туркестана и наступательное движение в него русских.—СПб.,1890.—339-бет.

мандардын эмнесин аясын,"—деп көрсөткөнү кызыгууну туудурат[1]. Балыкчыга чогула баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн саны тез эле кайра 20 миңге жетти. Ал эми жакынкы кыштактарда 3—4 миң кишиден турган бир нече чакан топтор түзүлдү[2].

1-ноябрда көтөрүлүшчүлөрдүн дагы бир атчан тобу Нарын дарыясынан Наманган тарапка кечип өтүп, шаардан 12 чакырым түштүктө жайгашкан Кепе кыштагына токтоду. Бирок, 2-ноябрдагы кагылышта бул топ кайра артка чегинүүгө мажбур болду. Орус ээликтерине өтүп кетип жаткан көтөрүлүшчүлөрдүн топторун кармоо жана жазалоо "ийгиликтүү" жүрүп жатты. Мисалы, жазалоочулар 9-ноябрда Нарындын оң жээгинен кармалган куралдуу бир кыргыз жигитти "шпион" деген күнөө менен даргага асышып, төшүнө "көтөрүлүшкө катышып, орус элине өтүп кетүүгө аракеттенген ар бир куралдуу адамды ушундай өлүм күтөт",—деген жазууну илип коюшкан[3].

Батыр төрө 4 миң киши менен Чустка жөнөгөндө, 20 миң адам менен Балыкчыда Вали хан төрө калды. М.Д. Скобелев көтөрүлүшчүлөрдүн бул тобуна сокку урмакчы болуп, 11-ноябрда 3 замбирек, 4 ракеталык станок менен күчтөндүрүлгөн миңден ашуун солдаты бар отрядды баштап Балыкчыга бет алды. 12-ноябрдагы кармашта Вали хан төрөнүн колу талкаланып, ал Анжыян тарапка чегинүүгө аргасыз болду. Бул жерде жазалоочулардын Вали хандан Батыр төрөгө кат алып бара жаткан кыргыз чабарман жигит туткундалып, аны да 9-ноябрда кармалган жигит сыңары даргага асып, төшүнө жогору жакта айтылгандай сөздөрү бар кагазды илип коюшкандыгы булактардан маалым[4].

Балыкчыдагы салгылашуудан кийин М.Д. Скобелев тегерек теги кыштактарды "көтөрүлүшкө жан тарткандыгы үчүн" жазалоого буйрук берди. Мындай максатта Чуст тарапка жөнөтүлгөн Меллер-Закомельскийдин, Ак-жар чөлкөмүнө кеткен Пичугиндин отряддарынын кыргындары архивдик булактарда кенен айтылат. Мисалы, Пичугиндин отряды Наманган—Кожент жолундагы Сыр-Дарыя кечүүсүндө, Ак-Жар кыштактарынын айланасында, 18-ноябрь күнү Ашоб кыштагында көтөрүлүшчүлөрдүн жана карапайым тургундардын катуу каршылыгына дуушар болот. "Коргонуучулар тосмолордон. өңүттүү тешиктерден" таш, кыш, кесек

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—384-бет.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—385-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—385-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—385-бет.

ырғытышып, ал турсун колгуна бичак, союл кармаган "аялдар да солдаттарга жулунушуп" жатышты, кыштактын тургундары" эч кандай ырайым сураган жок, ... баарын кырып салууга" жана кыштакты өрттөп жиберүүгө туура келди",—деп жазат полковник Пичугин өзүнүн рапортунда[1].

Наманган шаарынын түштүк-чыгыш тарабында жайгашкан тоолуу кыштактардын көбүнүн тагдыры Аңобдой чечилди. Жолдордо көмүлбөй калган өлүктөр, даргага асылган көтөрүлүшчүлөр толуп кетти. Чуст тарапта аракеттенген М.Д. Скобелев жазалоо кампаниясын так ушундай гана ыкмада жүргүзүп жатты. Генерал өзүнүн жана башкалардын жогорку "эрдиктери" жөнүндөгү билдирүүсүнө К.П. Кауфман ыраазы болгонун кат менен белгилеп, ага Бухара эмири тартуулаган аргымакты белек кылып, Наманганга жөнөтүп жиберген. Ошондой болсо да жазалоочулардын жогорку зулумдугуна анча алымсынбаган К.П. Кауфман ал түгүл алардын "жумшактыгын" сынга алган. Генерал-губернатордун пикири боюнча көтөрүлүшчүлөрдүн талуу жерине сокку уруу керек болучу. Алар, эгер отурукташкан болсо үй-мүлкүн, базарларын талап-тоноп, үйлөрүн талкалап, көчмөн болсо кыштоолорун өрттөө, мал-мүлкүн, курал-жарагын конфискациялоо менен мүмкүн болушунча өздөрүн тыптыйпыл кыруу зарыл деп көрсөткөн. Бул сындар "пайдалуу кеңештер болгондугун" М.Д. Скобелев 22-ноябрдагы К.П. Кауфманга жазган жооп катында ыраазылык менен билдирип, эмки жүрүштө аларды толугу менен жетекчиликке аларын убада кылды[2].

Ушул жерде Фергана өрөөнүндө алоолонуп жаткан көтөрүлүштүн сырткы жерлерге да жайыла баштагандыгын айта кетүү абзел. Кыймылдын таасири орус ээликтери деп эсептелген Кожент уездине караштуу Оро-Төбө, Зеравшан өрөөнүнүн баш жагында тоолуу Матчы чөлкөмү сыяктуу жерлерге тийген. 1975-жылдын 8-ноябрында матчылыктар кокон көтөрүлүшүнө көмөк көрсөтүүнү чечишти. Көтөрүлүшчүлөр орус бийлигине толук ыкрар кылышкан болуштук башкаруучу Мырза-Хакимди, Молдо-Кожо казыны жана башкаларды кармап алышып, Коконго жибериштиш[3]. Зеравшан округунун башчысы А. Абрамовдун пикири боюнча бул аракеттер Оро-Төбөнүн орустар басып алганга чейинки беги Аб-

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—65-иш.—200—201-баракчар.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—386-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—387-бет.

дыкапардын Полот ханга кошулуп кеткениндей эле көтөрүлүштүн Матчы чөлкөмүнө тийген таасиринин жемиштери болгон[1].

Абдыкапардын уулу Токтомуш Махрамдан 350 матчылык кишилерди Чорку, Исфара өрөөндөрү аркылуу Зеравшан чөлкөмүндө жашаган бүт элди орус бийликтерине каршы үндөөгө жөнөткөн. Алар Полот хандын атынан "газават" жарыялашып, Календер бекти Матча өрөөнүнө бек шайлап алышат да, Фан, Ягноб, Фальгор, Кштут, Магиан чөлкөмдөрүнө Полот хандын атынан боштондук кыймылды активдештирүүгө аракеттенип жатышты[2].

Ноябрь—декабрь айларында матчылыктар Зеравшан бассейнинин түндүк бөлүгүн бүтүндөй көзөмөлдөп турушту. Зеравшан округунун башчысы генерал А. Абрамовдун буйругу менен капитан Арандаренко баштаган күчтүү отряд 20—28-ноябрларда ири согуштук жүрүштөрдүн натыйжасында көтөрүлүшчүлөрдү Матчы өрөөнүнүн баш жагына сүрдү. Орус аскерлеринин матчылыктарга жардамга барган Полот хандын кошуундарынын жолун тосуп турганына карабастан, Матчы өрөөнү негизинен 1976-жылдын январь айынын ортосуна чейин көтөрүлүшчүлөрдүн көлүнда турду[3].

Ноябрь ичинде жана декабрь айынын башына чейин Наманган бөлүмүндө көтөрүлүшчүлөрдүн кыймылы акырындап басаңдады. М.Д. Скобелевдин "жазалоо кампаниясынын ишкердүү аракеттери" өзүнүн жемишин берди. Батыр төрө баштаган топ Кокон ээликтерине кирип кетти. Анын кошуунунда Полот хан жакында эле Балыкчыга бек дайындаган Маматкул, Анжыяндын беги Хаккули парваначы, Ашырбек батыр башы да бар эле[4]. Декабрдын башында Наманган бөлүмү негизинен "инсургенттерден" тазаланып, М.Д. Скобелев ал турсун 29-ноябрдан 4-декабрга чейин Нарындын сол жээгиндеги Гөр-Дөбө, Олжобай, Байбача жана башка кыштактарда жайгашкан көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топторун талкалоого жетишти[5]. Согуш майданы декабрдын башында эми Нарын дарыясынын сол жээгинен баштап Кокон хандыгынын ошол мезгилдеги ээликтерине өттү.

27-сентябрь күнү хан көтөрүлүп, октябрдын башындагы Анжыян кармашында абройго ээ болгон Искак—Полот хан бул айларда

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—66-иш.—91—92-баракчар.
[2] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—66-иш.—93-барак.
[3] *Бабабеков Х.Н.* Народные движения...—97—98-беттер.
[4] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—623-барак.
[5] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—389-барак.

Асаке шаарында хан ордосу катары жайгашып турган. Согуштук аракеттердин убактылуу тынчыгандыгына байланыштуу Полот хан хандыктын орус ээлиги болуп калган Наманган бөлүмүнөн башка жерлеринде өзүнүн хандык бийлигин жүргүзүүгө киришти.

Искак бекеринен Асакени тандабады. Биринчиден, бул шаар көтөрүлүштүн негизги күчтөрүн берип турган тоолук кыргыздарга, Эки-Суу арасындагы кыргыз, кыпчактарга жакын болучу. Экинчиден, Асаке анжыян кыргыздарынын эзелки бир ордосу катары саналчу[1].

Полот хан сынган бутунун ооруусуна карабастан мамлекеттик ишке жигердүү киришти. Курамалык Абдымомун, найман уруусунан Сулайман удайчы, Алымбек датканын уулдары Абдылдабек, Мамытбек жана Асанбек, адыгинелерден Оморбек датка, кесек уруусунун бийи Молдо Касым, абагаттардан Орозаалы, бостон уруусунан Муса Молдо сыяктуу кыргыз бийлери жана бектери, кожо тукумдарынан Вали хан төрө, Ишекан төрө, Батыр төрө, өзбек, тажик бектеринен Абдыкапар, Абдыкерим, Календербек сыяктуулар Полот хандын жакын жан-жөкөрлөрү жана пикирдештери болушкан. Кара-Тегиндин мурунку өкүмдары Музаффар Шаа Полот хандын кайнатасы эле (Искактын качан үйлөнгөндүгү жөнүндө булактарда маалымат жок).

Искак административдик башкарууда өзүнүн ишенген адамдарын жогорку кызматтарга койгон. Абдылдабекти Кокон шаарына бек (ага чейин Абдыкапар бек турган) Абдымомунду өзүнө биринчи наиб жана баш командачы, Ишекан төрөнү Анжыян шаарына бек, Шамырза датканы Анжыян вилайетине аким, ага Жармат датка менен Амал эшик агасын жардамчы, Вали хан төрөнү (ал булактарда Сакоо төрө, Улук хан деген ысымдар менен да белгилүү) Маргалаңга аким, Абдыкапарды Оро-Төбөгө бек, Батыр төрөнү Коргон-Төбөгө бек дайындады. Курманжандын уулда-

---

[1] Санжыра боюнча саяктын Байболотунун экинчи уулу Асаке өйдө чекти болжол менен XV—XVI кылымдарда Анжыяндын чыгыш жагында туруктап жүрүп өлгөн. Анын кыштоосу кийин отурукташкан чоң кыштакка айланып, ага Асаке деген ат берилген. Асакенин абаларынын бири Сарыдан Атакара жана Ботокара. Атакара азыркы Избаскенди жердеп, ал эми Ботокара Анжыяндын түндүк-чыгыш тарабын туруктаган. Аялдары өзбек болгондуктан кийинчерээк алардын урпактары өзбектерге аралашып кетти. Бирок аттары калып, эзелки кыштоолору акырындап чоң кыштактарга айланды да ушул мезгилге чейин сакталып калды. Ботокаранын мекени болгон Ботокара кыштагында Искак—Полот хандын экинчи жолу ак кийизге салынып хан көтөрүлгөндүгүн дагы бир жолу эсиңизге салабыз. (Караңыз: Кыргыздар.—Б.,1991.—2-китеп.—22-бет.; *Момун Нурмат Ысман Тегин.* Бабыр жана кыргыздар.—КР.—1994.— 9.

ры Асанбек менен Мамытбек, адыгине бийи Оморбек датка, Кийикбай пансат ар түрдүү согуштук-административдик кызматтарга коюлду[1].

"Кыргыздар,—деп жазат Н. Корытов, — Полот хандын башкы күчтөрүн жана таянычын түзүшкөн да, алар акырындык менен хандыктын чыгыш жагын башкарууну өз колуна алышкан"[2]. Чынында хандыктын чыгыш жагында гана эмес, түштүк жана түштүк-батыш тоо этектеринде, хандыктын мерчемдүү кызмат орундарында кыргыз өкүлдөрү бийлик кылгандыгын булактар тастыктайт.

Полот хандын туруктуу кошууну негизинен атчандардан түзүлүп, анын саны 12 миңге жеткен. Кошуундун негизги бөлүгү "Кокон хандыгындагы эң тынчы жок элемент" саналган кыргыздардан жана кыпчактардан куралган.

Тилекке каршы, аз гана мезгил хандык бийлик жүргүзгөн Полот хан анча-мынча саясий-административдик иштерди жасоого үлгүргөнү менен, экономикалык жана социалдык максаттагы иш чараларды аткара албады. Ошондой болсо да анын өз атынан акча чыгара баштагандыгы[3] мамлекет символдорунун элементтерин да киргизүүгө аракеттенгендигин билдирет. (Полот хан чыгарган теңгелердин бири Өзбекстандын Илимдер Академиясынын тарых музейинде баалуу экспонат катары сакталып тургандыгы жөнүндө адабияттар кабар берет[4].) Тилекке каршы, бул жагдайда бизге мындан башка конкреттүү маалыматтар жетпеди.

Кырдаалдын татаалдыгына, Искактын бир эле учурунда Насирдин бекке, Орусия баскынчылыгына жана Аптабачынын жамаатына каршы күрөшүнө байланыштуу анын душмандары да көп болду. Искактын чыныгы Полот хан экендигинен күмөн санаган орус офицерлери менен Аптабачынын тобу анын бетин ачууга 1875-жылдын жайынан баштап эле аракет кылышкан болучу. Искак Полот хан аты менен Асакеде бийлик жүргүзө баштаган мезгилде анын жалган мурасчы экендигин жалпы көтөрүлүшчүлөр

---

[1] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—117—118-беттер; *Корытов Н.* Самозванец Пулат хан...—22, 34—35-беттер; *Иванов Д.* Геройская смерт Данилова...—34—35-беттер; *Серебренников А.* Кокандский поход 1875—76 гг. ... —37-бет; ВС— 3.—СПб.,1876.—62-бет.

[2] *Корытов Н.* Самозванец Пулат хан...—27-бет.

[3] *Лыкошин В.* Археологические изыскания в Туркестанском крае...— Среднеазиатский встник.—1896.—Июль.—17-бет.

[4] *Иноятов Х.* Кукон хонлиги...—31-бет.

билишпесе да, душмандарынын бир тобу сезип калышкан. Орус бийликтери болсо муну 1876-жылдын башында билишти. Бул жөнүндө атайын маалымат чогултулуп жогорку бийликтегилерге 1876 жылдын 6-январында билдирилди[1]. Бирок бул фактыга көтөрүлүшчүлөр маани беришпеди. Себеби, алар үчүн негизги максат ишкер жол башчынын айланасында топтолуп, Кокон тагын ээлөө менен адилеттүү мамлекеттик түзүлүштү орнотуу жана орус баскынчыларын келтирбөө болучу.

Полот хандын тикелей душмандары менен анын бийлигин көрө албаган кутумдардын каршы аракеттеринен улам, Искактын бийлик жүргүзгөн мезгилинде (1875-жылдын 10-октябрынан баштап 1876-жылдын январына чейин) чынында эле өлүм жазасына тартуулар, репрессия күчөп кеткен. Өзгөчөлөнгөн кызыл бешмант кийинишкен жана түрдүү өлчөмдөгү бычактарды куруна тагынышкан 12 кыргыз желдетине дайыма иш табылып турчу деп жазат Н. Корытов[2].

Бул аракеттер көптөгөн расмий булактар[3], ал түгүл совет тарыхчылары[4] да көрсөткөндөй, Искактын реакциялык-саясий багыты эмес, тек гана 10-октябрда колго тийген жеңишти сактап калууга болгон далаалаты болучу. Катаал шарт жана айыгышкан күрөш Искакты мындай кадамдарга айласыздан түрткөн. Натыйжада Насирдин ханды жактоочулардын көбү Султан Мураттан баштап, Абдрахман аптабачынын инилерине чейин даргага тартылган же өлтүрүлгөн.

Ошол кездеги падыша өкмөтүнүн аскерлеринин өкүлдөрү жазып калтырган маалыматтардагы күнүгө 20—30 киши өлүм жазасына тартылып, Полот хан көптөгөн күнөөсүз адамдарды өлтүрүү менен "элди коркутуп, өз бийлигин күчөтүүнү" ойлогон[5], ал эми анын жан-жөкөрү Момун (Абдымомун) "өз баш кесерлерин орустарга же алардын букараларына каршы аракеттери үчүн акча, буюм, ат, курал-жарак менен сыйлап турган" [6] деген пикирлери орус баскынчылыгынын жүрүшүндөгү, кыргын, зордук-зомбулук

---

[1] ӨБМТА—715-ф.—1-оп.—66-иш.—10-док.

[2] *Корытов Н.* Самозванец Пулат хан...—30-бет.

[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6878-иш.—32-барак; *Корытов Н.* Самозванец Пулат хан...—30-бет; *Иванов Д.* Геройская смерт Данилова... жана башкалар.

[4] *Иноятов Х.* Кукон хонлиги..., *Пясковский А.В.* О характере национальных движений...

[5] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6868-иш.—32—42-баракгар;

[6] *Иванов Д.* Геройская смерт Данилова...—43-бет.

жана аёосуз талап-тоноолорду жаап-жашырууга аракеттенген далаалат эле.

Эгер Искактын бул "каарын" учурдун талабына жараша түшүнсөк, ал аракеттер элдин мүдөөсүнө арналгандыгын баамдабай коюуга мүмкүн эмес. Ошондо гана миңдеген ар улут калктын Искактын жалган Полот хан экендигин билген күндө дагы эмне үчүн анын артынан ээрчигендигин түшүнүүгө болот.

1875-жылдын октябрь—ноябрь айларында Полот хан Асакеде турган мезгилде, Наманган тараптагы кармаштарды эсепке албаганда Кокон ээлигинде салыштырмалуу тынчтык өкүм сүрдү. Полот хан мамлекеттин уюштуруу иштери менен алек болуп жатканда, Анжыян вилайетинде аким болуп дайындалганына карабастан, Абдрахман аптабачы активдүү аракеттерге өтпөй тынч жашап жатты. 1875-жылдын 28-ноябрындагы М.Д. Скобелевдин К.П. Кауфманга жазган катында Аптабачы өзүнүн Миң-Туш айылында 100дөй туугандары менен күнүгө аңчылыкка чыгып, саясатка аралашпай бейкут жашап жаткандыгы, бир ай мурун Асакеге барып, Полот ханга жолугуп, анда 3 күн тургандан кийин кайта кыштоосуна келгендиги, азыр Полот хандын айланасынан кыпчактардын белгилүү адамдары кетип, кыргыздар гана калгандыгы айтылат[1].

Полот хандын ээликтеринде жалпы абал тынчыгандай болгону менен, Насирдин ханды колдогон орус аскеринин эртеби-кечпи басып кирүү коркунучу сакталып турду. Ошондуктан, көтөрүлүшчүлөрдүн лагеринде орус баскынчылыгына каршы даярдыктар жүрө берди. Убактылуу тынчтыктан пайдаланган Полот хандын бийлигинин алсыз экендигин жана анын Орусия менен күрөшө албастыгын баса көрсөткөн чакырык менен кайрылды[2]. Бул чакырык дагы бир жолу Насирдиндин Орусиянын пайдасына чыккынчылык кылып жаткандыгын айгинеледи.

Ноябрь айынын акырында Полот хан Асакеден Маргалаңга көчтү. Себеби, Маргалаңдын калкы көтөрүлүшчүлөрдү толук колдоп, анын үстүнө ал шаар Коконго да, орус аскери басып кирчү Махрам чебине да жакын эле. Полот хандын Маргалаңды көтөрүлүштүн эмки борбору катары тандашын түшүндүрүүчү бир кат жөнүндө айта кетүү абзел. Орус ээликтерине караштуу Кожент уездинин Чапкулук болуштугунун Чапкулук айылдык старчыны Молдо Жайнак деген кишини орус бийликтери ноябрдын

[1] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—623-барак жана анын арты.
[2] ӨБМТА—1-ф.—34-оп.—346-иш.—166-167-баракттар.

экинчи жарымында Кокон ээликтерине атайын тапшырма менен жиберишкен эле.

Молдо Жайнактын маалыматтары боюнча Полот хан Кокон шаарына Маргалаң аркылуу кирүүнү чечкен болучу. Бирок маргаланлыктар ага хан ордосун Коконго жайгаштыруудан баш тартуу керек деген кеңеш беришти. Кеңешчилер буга "кокондуктар көтөрүлүшчүлөргө чыккынчылык кылышып" Полот ханды "хан" деп таанысы келишпей жатат деген себепти айтышты. (Чамасы мындай пикир жогоруда келтирилген Насирдин бектин үндөөсүнө байланыштуу келип чыкса керек.) Маргаланлыктардын аттуу-баштуу адамдарынын сунушу боюнча Полот хан бул шаарды мамлекеттин убактылуу борбору деп жарыялады. Молдо Жайнактын маалыматтары боюнча Полот хан ошол күндөрү бутунун ооруусуна байланыштуу атка минбей, арабада жүргөн. Аптабачы болсо өзүнүн айлы Таш-Кичикте жашап, мурункудай таасири жок болуп калган. Полот хан кыпчак Танықул менен исфаналык кыргыз Махмутбектин башчылыгында Кокон тарапка Беш-Арык менен Канибадамдан Кучакка чейин 5—6 миң кишиден турган кошуун жиберген[1].

Маргаланда Полот хандын колунда 4 миң атчан кыргыз жоокери жана 14 замбиреги болгон[2]. Кожент уездинин башчысы Нольде К.П. Кауфманга 25-ноябрь күнү "Родзянко азыр эле Полот хан менен Аптабачы Коконго келип чоң күч топтоду. Замбиректерди алып чыгышты да, жүрүш уюштуруп, алардын кошуунунун алды Беш-Арыкка келди. Мына-мына Махрам чебине кол салынышы мүмкүн, деп билдирди", —деген шашылыш телеграмма жөнөттү[3]. Бирок телеграммадагы Полот хан менен Аптабачынын "биргелешкен" чечими жөнүндөгү маалымат туура эмес болучу. Абдрахман аптабачы ал кезде Молдо Жайнак айткандай өз айлында жашап жаткан. Ошол эле учурда айта кетчү нерсе — кокон тургундарынын "чыккынчылыгы" жөнүндөгү пикир дагы чындыкка жакын эмес эле. Ошол кездеги окуялардын жүрүшү кокондуктардын Полот хандын бийлигин тааныгандыгын, ошондуктан Кокон шаарына бек болуп Абдылдабек дайындалгандыгын тастыктайт.

1875-жылдын декабрь айынын орто ченинде Маргалаң шаарында турган кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн жалпы саны 8—10

---

[1] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—679-барак.
[2] ӨБМТА—715-ф.—34-оп.—64-иш.—329-барак.
[3] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—653-барак.

миңге жеткен. Аларды колдогон сарбаздар 5—6 миң кишини түзгөн. Бирок орус офицерлеринин билдирүүлөрүндө Маргаландагы көтөрүлүшчүүлөрдүн саны 80 миң болгон деген маалымат[1] апыртылган сан катары кабыл алынышы керек. Себеби, ошол кездеги Маргаландын калкынын жалпы саны деле мынча болбогондур. (Орус офицерлеринин билдирүүлөрүндөгү орус аскеринин санын өтө азайтып, ал эми анын каршылыктарын санын ашыра көрсөткөн мисалдарын жогор жакта бир нече жолу айтып өткөнбүз.) Чынында 14—16 миң көтөрүлүшчү деле зор күч болмок, бирок алардын куралы өтө начар болучу. Бир нече жез замбирек, айрым кишилерде милтелүү мылтыктардан башка жарактуу курал жок эле. Негизги курал болуп эсептелген найза, кылыч, чокмор баш, дагы ушул сыяктуулар орус күчтөрүнө таптакыр коркүнүч туудурбаган. Ал эми "кара келтек" кошуундун сандаган союл, айры, камчы сыяктуу куралдары көчө мушташына гана ылайыктуу болбосо европалык согуш театрларынан тажрыйба алган орус аскери менен кармашууга деги эле теңдешмек эмес.

Полот хандын куралдуу күчтөрүнүн абалы ушундай болсо да жеңишке шыктанышкан көтөрүлүшчүлөр декабрда Кокондогу хан тагын кайтарып алуу максаты менен Махрам чебине келген Насирдин бекти кууп жиберүүгө, Кожент, Наманган багыттарына күчтүү топторду жыйнап, коргонуу тилкелерин уюштырууга жетишишти.

14-декабрда Полот хан зор шаан-шөкөт менен Кокон шаарына кирди. Аны шаардын калкы, Мазанник айылынан ордого чейин килем төшөп салтанаттуу тосуп алды[2]. Искак—Полот ханды шаар аксакалдары түрдүү тартуулар менен сыйлагандыгы булактардан маалым[3]. Мындай фактылар чыныгы элдин уулу жана мамлекеттик ишмери катары Полот хандын жогорку аброюн дагы бир жолу ырастап турат. Бул окуядан кийин көтөрүлүшчүлөрдүн духу дагы да жогорулап, активдүүлүгү күчөдү.

Көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топторун түрдүү улуттун катардагы эле өкүлдөрүнүн жетектеши — кыймылдын масштабынын кенендигинин күбөсү болду. Мисалы, Полот хандын буйругу менен кыргыз Эшболот, өзбек Танаберди, тажик Исфандияр, Калтурсун, кыпчак Батыркул жана башкалар көтөрүлүштүн тигил же бул

---

[1] ӨБМТА—1-ф.—34-оп.—372-иш.—171-барак.
[2] *Молдокасымов К.* Искак Молдо...
[3] ӨБМТА—1-ф.—34-оп.—372-иш.—171-барак.

топторуна кол башчы болуп дайындалышты[1]. Натыйжада көтөрүлүшчүлөр декабрдын биринчи жарымында Наманганга, айрым учурларда Кожентке чейин кысым көрсөтө баштады.

Мындай кырдаалда активдүү чараларга өтүү зарылдыгын сезген К.П. Кауфман "кокон маселесин" тезинен чечүү үчүн борбордук бийликтер менен макулдашууну ылайык көрдү. Ал "Кокондогу козголоңдун Бухара жана Хива хандыктарына өтүп кетүүсү, андай болгондо бул окуялардын Орусия эзликтери үчүн саясий-экономикалык терс таасири болушу мүмкүн" деген негиздеме менен "1876-жылдагы Коконго каршы аракеттер жана каражаттар жөнүндө билдирүү" аттуу кеңири мазмундагы катты жашыруун түрдө 1875-жылы 5-декабрь күнү согуш министрине жиберди да, өзү эртеси Петербургга жөнөп кетти. Катта учурдагы кырдаалдын курчтугуна байланыштуу келип чыккан Кокон хандыгындагы "баш аламандыктын" орус элинин коңшу чөлкө-мүндө болуп жатышы "саясий жактан максатка ылайык эмес", ал эми ал баш аламандыкты тартипке салууга киришпей четте карап туруу "Орусиянын Орто Азиядагы аброюн түшүрүп, жергиликтүү тургундардын көз алдында биздин күчүбүзгө ишеничин жоготот", ошондуктан 1876-жылдын жазында Кокон хандыгын каратуу үчүн чечкиндүү кадамдарды жасоо зарыл деп көрсөттү[2]. Бирок генерал Кауфмандын катын алганга чейин эле Согуш министри Милютин да ушундай эле чечимге келген болучу[3].

К.П. Кауфман Петербургга жөнөп кеткенден кийин "Эки-Суу арасына согуштук экспедиция" жүргүзүүнүн планын ишке ашыруу күн тартибине коюлду[4]. Бул демилге К.П. Кауфман Наманган бөлүмүнөн 16-октябрда Кожентке жөнөп кетер алдында М.Д. Скобелевге берген көрсөтмөлөрүндө айтылган болучу. Ал кеп-кеңештердин эң негизгиси тыңчы жок көчмөндөрдү так кыш мезгилинде, алар кыштоолордо олтурганда талкалоо эле. Кыш-күрөөдө, ат-

---

[1] *Серебренников А.* Кокандский поход...—37-бет.

[2] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6886-иш.—2—5-баракчар; КырМА.—75-ф.—1-оп.—53-иш.—86—68-баракчар.

[3] *Халфин Н.А.* Присоединение...—324-бет.

[4] Нарын менен Кара-Дарыя аралыгындагы азыркы Анжыян облусунун Избаскен, Наманган облусунун Хакулобод райондорунун, Жалал-Абад облусунун Сузак, Базар-Коргон, Ноокен райондорунун чөлкөмдөрү Эки-Суу арасы деп аталып, бул жерлерде негизинен кыргыздардын, кыпчактардын кыштоолору, өзбектердин кыштактары боло турган. Белгилүү тарыхый инсан Мусулманкул миң башынын мекени Көгөй, анын уулу Абдрахман аптабачынын кыштагы Миң-Туш ушул чөлкөмдө жайгашкан.

көлүк арып турган чакта көчмөндөр кыштоолорун, мал-мүлкүн таштап, тоолорго качып кетүүсү мүмкүн эмес эле. К.П. Кауфман бул жүрүштү декабрдын экинчи жарымында баштап, аягында Анжыян шаарын каратуу керек деп пландаштырган[1].

Бул жүрүшкө К.П. Кауфман өзгөчө стратегиялык маани берген. "Кыргыздар жана кыпчактар — хандыктын көчмөн калкы эсептелген бул жапайы элемент",—деп жазат К.П. Кауфман,— ушул жылкы Кокон жүрүшүндө биздин соккудан дайыма булт коюп кетип жүрдү. Бул элемент биз менен күрөштү уланта берет шекил... Мындай иш чаранын ийгилигинен Кокондун кийинки тагдыры чечилет. Көчмөн жапайы күчтү ооздуктоонун негизги шарты — Кокон хандыгын толук ээлөө болуп саналат"[2].

К.П. Кауфмандын жогорку демилгесин дайыма оюнда кармап жүргөн М.Д. Скобелев декабрдын башында экспедициянын кеңири планын иштеп чыгып, аны К.П. Кауфманга билдирген болучу. М.Д. Скобелевдин сунушу боюнча Эки-Суу арасына жүрүштүн максаты: 1) Кыргыздар менен кыпчактарга акчалай контрибуция салуу; 2) Алардан көтөрүлүштүн жол башчыларын кармап берүүнү талап кылуу; 3) Барымтага туткун алуу; 4) Көтөрүлүшчүлөрдүн курал-жарактарын тартып алуу болгон[3]. К.П. Кауфман жооп катында туткундарды барымтага кармап туруу көп каражатты талап кыларын негиз кылып, мындай пунктту алып таштады да, контрибуциянын өлчөмүн ар бир түтүндөн бир дилдеден (алтын теңге) белгиледи[4]. Ачык жазылган иш-чаралардан тышкары жергиликтүү калкты "геноциттик кыруу" максаты жашыруун пландалган.

Жүрүштүн маршруту М.Д. Скобелевдин планы боюнча Намангандан чыккан экспедиция Эки-Суу арасындагы чөлкөмдөргө ыкчам жана чечкиндүү чабуулдун натыйжасында өрөөн башы Өзгөндү алуу, бул жерде 10 күн тыныгуу мезгилинде контрибуция чогултуу, андан соң Анжыян шаарын талкалоо менен аяктамак. Отряддын саны 2565 кишини түзүп, ал 1071 ат-көлүк, 410 араба жана 260 боз үй менен камсыздалмак[5]. К.П. Кауфман жүрүштүн мөөнөтүн М.Д. Скобелевдин планында белгиленген 38 күндөн кескин кыскартууну, отрядды коштогон боз үйлөр менен араба-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—383-бет.
[2] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—690-барак жана анын арты.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—387-бет.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—387-бет.
[5] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—388-бет.

лардын санын азайтууну сунуштап, жогор жакта эскерткендей жүрүштүн башталышын күтпөй эле 6-декабрь күнү Петербургга жөнөп кетти[1].

Орус аскеринин жүрүшкө даярданып жатышы жөнүндөгү мындай кабар Полот ханга да жетти. Ал чабуулдун кай тараптан багытталышын так билбегендиктен, көзөмөл бекеттерин Кожент багытынан Наманган багытына чейинки аралыктардын бардык мерчемдүү жерлерине койду. Ошол эле учурда экономикалык жана саясий чоң мааниси бар Анжыян шаарын көтөрүлүштүн чордону катары эсептеп, Полот хан аны коргоону күчөтүүнү чечти. Анжыянды коргоо ишин уюштуруп жаткан Абдрахман аптабачыга жардам берүү үчүн Шамырза датка менен Жармат датка жиберилген болучу. Бирок алар "Полот хан чыныгы мураскор эмес, ал жөнөкөй эле Искак аттуу кыргыз" деген ушак таратып жатышкандыгы Полот ханга билинген соң, Анжыянга Эшболот жана Амал эшик агасы деген кыргыз бектерин жиберип, чыккынчылардын башын алдыртты[2]. Эшболот менен Амал Анжыян шаарын коргоону уюштурууда олуттуу жардамдарды беришти.

Эки-Суу арасына экспедиция 1875—76-жылдардагы элдик кыймылдын эң кайгылуу күндөрү болуп калды. К.П. Кауфмандын айрым тактоолорунан кийин экспедициянын биротоло бекитилген планы боюнча жүрүш 10 гана күндү камтып, Нарын жана Кара-Дарыянын аралыгындагы тоо этектеринде уюштурулмак болду. Пайток кыштагын, кадимки Мусулманкулдун кыштоосу Көгөйдү жер менен жексен кылып, андан ары Аптабачынын медресеси (азыркы Анжыян облусунунун Пахта-Абад шаарынын батыш тарабында жайгашкан Избаскен районунун Чувама кыштагы), деген жерге чейин талкалап отуруп, ал кезекте ошол чөлкөмдөрдү туруктаган жана аларга жанаша жаткан тоо этектеринде жайгашкан кыргыз, кыпчактардын айыл-кыштактардын тыптыйпыл кылуу максаты коюлган.

Генерал Скобелевдин командачылыгы астында жазалоо экспедициясы Намангандан 25-декабрда аттанат. Отряд 2821 кишиден туруп, ракеталык станоктордон жана замбиректерден куралган артиллерия менен күчтөндүрүлүп, аны 270 боз үй, куралжарак, азык-түлүк жүктөлгөн, 500 арабадан турган обоз коштоп жүрдү. Жем-чөп жана азык-түлүк негизинен басып алынуучу элдин эсебинен болушу тийиш эле. Отряддын курамында жазалоо

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—388-бет.
[2] *Молдокасымтегин К.* Искак Молдо...

ишинде мурунку жүрүштөрдө ашкере жөндөмдүүлүгүн көрсөтүшүп келген барон Меллер-Закомельский, полковниктер: Пичугин, Смирнов, капитандар: Боголюбов жана А.Н. Куропаткин (Орусиянын болочоктогу Согуш министри) болушкан[1].



Келечектеги Орусиянын Согуш министри А.Н. Куропаткин

Орус аскер башчыларынын билдирүүсүндө таянып жазылган булактар жана изилдөөлөр Эки-Суу арасындагы экспедициянын жүрүш хроникасын төмөнкүдөй сүрөттөшөт[2].

26-декабрь күнү жазалоо отряды Намангандан чыгыш тарапка чыгып; Нарын дарыясынан Кепе кыштагы ченден кечип өттү да, Эки-Суу аралыгына кирди. Алгачкы соккуда эле каршылык көрсөтпөсө да, Чөжө кыштагы, Балыкчы шаары өрттөлдү. 27-декабрь күнү Меллер-Закомельскийдин жетекчилигиндеги атайын отряд Кара-Дарыянын сол жээги менен Сармак кыштагына чейин кыдырып келди. Анын жыйынтыгы Сармактын, Кожо-Абад баштаган бир топ кыштактардын өрттөлүшү, тургундарынын малмүлкүнүн олжолонушу менен аяктады. Бул күнү отрядга катуу каршылык көрсөтүлбөдү. Чалгындын маалыматы боюнча негизги каршылык Анжыянда гана болушу мүмкүн экендиги билинди. 28-декабрда экспедициялык корпус кыпчактардын эзелки борборлорунун бири Пайтокко карай жылды. Жолдо Тода кыштагы, мындан бир аз мурун Батыр төрөнүн ооругу болгон Кожо-Абад

---

[1] Военные действия в бывшем Кокандском ханстве.—ВС.—1876.— 8. —2-болүк.—119—129-беттер.

[2] Военные действия в бывшем Кокандском ханстве.—ВС.—1876.— 8. —2-болүк.—129—138-беттер; *Серебренников А.* Кокандский поход 1875—76 гг....—51—89-беттер; *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—390-бет; *Макшеев А.И.* Исторический обзор...—340—341-беттер; ОБМСТА.—ВУА фонду.—6877, 6882-иштер; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—83—93-баракталр.

тыптыйпыл талкаланып, аёосуз таланып-тонолду. Кечке маал Шор-Арык кыштагы орттолуп, отряд Хакул-Абадда оргуу алууга токтоду.

29-декабрь куну Хакул-Абадда кеч менен чакан отряд калып, аскер тортко болундү. Алар тёрт багытка жүрүш жасап, кечке маал кайтып келишти. М.Д. Скобелев өзү баштаган колонна Анжыян багытына жүрүп Кара-Дарыяны кечип өттү да, Өлмас, Жети-Кашка, Табылды сыяктуу бир нече кыштакты талкалап кайтты. Рейддин мезгилинде көтөрүлүшчүлөрдүн 8 кишиден турган көзөмөл бекети гана жолугуп, адамдары өлтүрүлдү. 30-де-кабрда Хакул-Абад кыштагы орттолуп, жазалоочулар Пайтоктон 2—3 чакырым аралыкта оргуу алды. Пайтоктун аксакалдары нан-туз менен жазалоочулардын алдын тосуп чыкканына карабастан, М.Д. Скобелев кыштактан жем-чөп, азык-түлүк алгандан кийин аны тыптыйпыл жок кылууга буйрук берди. Пайток таш-талканы чыгарылып, "катуудан тулга, жумшактан күл" гана калды.

31-декабрь куну экспедиция Пайтоктун жанында оргуусун уланта берди, ал эми Меллер-Закомельский баштаган, курамында 3 рота, 1 атчан эскадрон, 4 казак-орус жүздүгү, 2 ракеталык сáанок жана 4 замбирек коштогон күчтүү отряд Пайтоктон түндүк жана түндүк-чыгыш тараптардагы кыргыздардын жана кыпчактардын кыштоолоруна карай жүрүшкө чыгып кетти. План боюнча бул отряд тоо этектерин кыдырып, Аптабачынын медресеси деген жерден түштүккө кайрылып, андан кийин гана негизги күчтөргө кошулушу керек эле. Чалгындын кабарларына карáганда Токмок уездинен чыгып, түштүктөгү туугандарына жардам берүүгө бел байлаган Суран деген жигит бул жерлерде көтөрүлүшчүлөрдүн бир отрядын жетектеп, орус баскынчыларына каршы аракеттенип жаткан болучу.

Ошол эле куну М.Д. Скобелев чакан атряд менен Анжыяндын жанындагы Мир-Абад кыштагына чейин чалгындап келди. Бул жүрүштө тургундары үч күндүн ичинде түтүн башына 1 дилдеден контрибуция төлөп берүүгө убада кылышкандыгы үчүн Жанабад, Майгыр, Төрт-Көл кыштактары соо калды. Анжыянга чабуул жасаганда керек болушу мүмкүн деп эсептелинип, бул жерде жайгашкан Мусулманкул-Арыкка көпүрө куруу пландаштырылды.

1-январь куну Пайтокто туруп, 2-январь куну М.Д. Скобелев Пичугиндин командачылыгы астында дагы бир отрядды Меллер-Закомельскийдин артынан жиберди. Себеби, Чувама кыштагынын жанындагы Аптабачынын медресеси деген кыштакта (бул топоним азыр учурабайт, болжолу ал азыркы Пахта-Абад шаарынын атрабында болсо керек) көтөрүлүшчүлөр жайгашып, орус

жазалоочуларына каршы турууга даярданып жатыптыр деген кабар алынган эле. Ошол эле күнү М.Д. Скобелев негизги күчтөр менен Анжыян шаарынын түндүк-батышында 4 чакырым аралыкта жайгашкан Мир-Абад кыштагынан 1 чакырым алыс турган Мусулманкул-Арыктын боюна токтоду да, Щерпинскийдин инженердик бөлүгүнө көпүрө кура берүүнү буйруп, Меллер-Закомельский менен Пичугиндин отряддарынын келишин күтүп калды.

31-декабрь күнү негизги күчтөрдөн бөлүнүп чыккан Меллер-Закомельскийдин отряды ошол эле күнү Ак-Мазар, Лугумбек кыштактарын, бир нече кыргыз кыштоолорун өрттөдү. Кыштоолордо калган кары-картаңдардын айтымында кыргыздардын көпчүлүгү ошол күнү эртең менен Бүргөндү тарапка качып кетишкендиги билинди. Избаскен кыштагын талкалоого чакан отрядды жиберип, Меллер-Закомельский атчан бөлүк менен Бүргөндүгө карай бет алды. Азып-тозгон качкындарга жете берип, жаш бала, кары-картаң, катын-калачына карабай, каалагандай кыргын салган барон кайра тартты.

Ошол эле күнү Избаскен менен Ботокара кыштактары өткөн жылы алардын тургундары орус жазалоочу отрядына катуу каршылык көрсөтүп, 3 казак-орусту өлтүрүшкөндүгү үчүн тыптыйпыл талкаланды.

Меллер-Закомельскийдин отряды 1875-жылдын 31-декабрынан 1876-жылдын 1-январына караган түнү Избаскендин жанындагы Майлы-Суу өзөнүндө (азыркы Маданият кыштагы турган жерде) өргүү алды да, эртеси чыгыш тараптагы Массы кыштагына бет алды. Отряд эки бөлүнүп, бири тоо этектеп, кыргыздардын кыш-тоолорун кыйратып жүрүп олтурду. Ал эми экинчиси түштүгү-рөөктөгү Такачы, Чоң-Багыш кыштактарын (азыркы Сакалды, Чоң-Багыш кыштактары) талоонго алып, андан, ары Кара-Жантак, Хайрабад, Кокон-Кыштак, Жаңгыз-Бак кыштактарын өрттөп, Массыга чыгып келди.

Жаңгыз-Бактын жанында 800дөй атчан кыргыздар менен Меллер-Закомельскийдин отряды бир аз кагылышууга дуушар болду. Бул кошуун Сурандын жигиттери болучу. Замбирек, тез атма мылтык менен куралданган орус аскерине туруштук бере албаган кыргыздар тоо тарапка сүрүлүп кетти.

Массы кыштагын жана анын айланасындагы кыргыздардын, кыпчактардын кыштоолорун, коргондорун өрттөп, мал-мүлкүнүн качкандан калганын олжолоп алгандан кийин Меллер-Закомельскийдин отряды 2-январь күнү тургундары качып кеткен Чувама жана Аптабачынын медресеси кыштактарын ээледи. Абдрахман аптабачыга тиешелүү үй жана медресе тыптыйпыл өрттөлдү, үй-

мүлкү олжолонду. Эртеси 3-январь күнү отряд Мусулманкул-Арыкта өргүп жаткан М.Д. Скобелевдин негизги кошуунуна кошулду.

Ошентип экспедициянын тикеден-тике Эки-Суу арасына болгон биринчи жүрүшү аяктады да, эми башкы сокку күрөшкө чыккандардын негизги очогу болуп эсептелген Анжыян шаарына багытталды.

1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылдын 3-январына чейин сөзулган 9 күндүк жүрүш, орус аскер башчыларынын билдирүүлөрүнө караганда максатына жеткен жок[1].

Экспедициянын негизги максаты — Эки-Суу арасында жашап көтөрүлүштүн негизги күчүн түзгөн кыргыз, кыпчак тууганларын жер менен жексен кылып, алардын экономикалык базасын талкалоо болучу. Бирок кыргыздар, кыпчактар мүмкүн болгон мал-мүлкүн алып, тоолорго, көбүнчө Майлы-Суу, Арстанбап, Көк-Арт, Өзгөн тараптарга качып кетүүгө үлгүрүштү. Кысталышта чыга албай кыштоолордо калышкан чал-кемпирлер, балдар жана аялдар жазалоочулардын чеңгелине кабылышты. Отурукташкан өзбек кыштактарынын таланып-тонолгону, өрттөлгөнү көтөрүлүшчүлөрдүн экономикалык базасына чоң зыян келтирди. Ошентсе да жалпы Эки-Суу арасынын тургундарынын эр бүлөлөрү аман калды.

Эки-Суу арасына жүргүзүлгөн жазалоо экспедициясы Фергана тарыхында өзүнүн мыкаачылыгы жана геноценттик мүнөзү жагынан орус баскынчылыгынын башка мисалдарынан алда канча ашып түшөт.

Экспедициянын активдүү катышуучусу А.Н. Куропаткиндин күндөлүгүндө мындай деген сөздөр бар:"... биздин алдыбызда жолуккан айыл-кыштактардын баары өрттөлүүгө буйрук берилип, артыбыздан буралган түтүн гана калып олтурду. М.Д. Скобелев артын карап, жалпы көрүнүшкө ыраазы болуп жатты. ... жем-чөп алабыз деген шылтоо менен солдаттар колго тийген нерсенин баарын — төшөктөрдү, килемдерди, ала кийиздерди, малды, аттарды, китептерди, жарактуу шаймандарды алып жатышты... Бир кенже офицер жана жоон топ солдат аялдарды зордуктап, балдарын мууздап жаткан жеринен кармалды..."[2] Мындай үрөйдү учур-

---

[1] Военные действия в бывшем Кокандском ханстве.—ВС.—1876.— 8. —2-бөлүк.—134-бет; *Макшеев А.И.* Исторический обзор...—341-бет.

[2] *Павлов С., Рабинович М.* Кокандское восстание...—54-бет.

ган эпизод чынында орус баскынчылык жүрүштөрүндө кем учурачу. Ошондой болсо да бул жүрүштө колдонулду.



Генерал М.Д. Скобелев

М.Д. Скобелев жазалоочу катары өзүн ушул жолу "эң мыкты" көрсөттү. Ал өзүнүн кылган зулумдук иштери жөнүндө басма сөзгө жарыялабоону суранып, Марьин аттуу журналистке жазган катында:"... менин принцибим мындай. Азиядагы бейкутчулук ал жерде кырылган элдин жана кесилген баштын санына түздөн-түз байланыштуу. Сокку канчалык катуу болсо, душман ошончолук тынч болот...,— деп жазат[1]. Бул фактылар жана окуяга тикеденгентике катышкан каармандардын сөздөрү Түркстандын тургундарына карата жасалган пландуу геноциддик саясаттын көрүнүшүн айгинелейт. Куралдуу көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, тынч жаткан куралсыз дыйкандардын, малчылардын, кароосуз калган жаш балдар, кыз-келин, кары-картаңдардын аёосуз кырылышы Орусиянын колониялык басып алуу тарыхындагы кара түстөгү баракгары бойдон кала берери бышык.

3-январда М.Д. Скобелевдин армиясы Анжыяндан 5 чакырым батыш жакта жайгашкан Мусулманкул-Арыкка көпүрө салуу менен алек болуп жатканда шаарда коргонууга катуу даярдыктар көрүлүп жаткан. Орус б'улактарынын маалыматтарына караганда коргонууга келишкен көтөрүлүшчүлөр: 20 миң кара-келтек, 5 миң сарбаз, 12 миң кыргыз, кыпчак аттан кошуун болуп, баары 37 миң чамалуу адам катышкан[2]. Полот хандын буйругу менен Анжыянды коргоону колдоруна алышкан Эшболот менен Амал эшик агасы шаарда тосмолорду, бөгөттөрдү курдурушкан, көпүрөлөрдү буздуруп салышкан.

---

[1] *Адам (Жюльетта Ламбер).* Генерал.—СПБ.,1886.—29-бет.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—89-барак; Военные действия в бывшем Кокандском...—134-бет.

Анжыянды камаган орус аскери да бул мезгилде жөн жатпады. Ыңгайлуу өңүттөрдү издөө жана чалгындоо зарыл деген шылтоолор менен аёосуз талап-тоноо жана кыйратууларды уланта берди. 4—6-январь күндөрү Анжыяндын түндүк, түштүк жана чыгыш жактары чалгындалып, Эгин-Тегин, Дөң-Кыштак, Кара-Жар, Эскилик кыштактары кыйратылды. Шаарды артиллерия менен атууга ыңгайлуу өңүт катары, анын чыгыш тарабындагы Ак-Чакмак дөңсөөсү тандалды. Бул сунушту сентябрдан бери М.Д. Скобелевдин лагеринде жүргөн анжыяндык чыккынчы Арзыкул паңсат сунуш кылды. Анын айтымында мындан 13 жыл илгери, 1863-жылы Алымкул аталык ушул дөңсөөдөн артиллериялык залп берип, шаарга ийгиликтүү штурм жасаган имиш. Арзыкул шаарды коргоонун абалы боюнча да бир топ маалыматтарды айтып, алардын шаарды штурмалоодо жакшы пайдасы тийди.

7-январда Мусулманкул-Арыкта 5 күн турган жазалоочу аскер шаардын түндүк-чыгышындагы Чакмак-Таштан орун алды. 8—10-январлардагы салгылашуулардын жүрүшү кыскача төмөндөгүдөй өттү[1].

План боюнча 8-январь күнү эртең мененки сыйынуудан кийин 12 замбиректен артиллериялык залп берилип, барон Штакельбергдин чабуул коюучу колоннасы шаардын четиндеги Эскилик кыштагын алуусу зарыл болучу. Андан кийин шаардын тереңине ракеталык станоктордон ок атуу менен экинчи чабуул даярдалып, барон Меллер-Закомельский, капитан Пичугин жана капитан М.Е. Ионов баштаган 3 штурмалык колонна, ошондой эле подполковник Андросов жетектеген резервдик колонна чабуулга өтүп, шаардын ортосунан орун алган базардын жанындагы Гүл-Дөбөгө чогулууга жана ал жерге артиллерияны көчүргөндөн кийин чабуул андан ары улантылууга тийиш эле.

Операция ойдогудай жүрдү. Эскилик кыштагы алынды жана шаарды штурмалоо болжол менен саат 10дордо башталып, түш ченде Гүл-Дөбө ээленди. Штурм кезинде барон Штакельбергдин, капитандар: М.Е. Ионов, А.Н. Куропаткин, Щерпинский, Добролюбовдордун "эрдиктери" айкын көрүндү. (Анжыян салгылашуусуна байланыштуу болочоктогу Ош уездинин башчысы М.Е. Ионов Георгиевский крести менен сыйланган[2].) Алар башкарган бөлүктөр куралсыз коргонуучуларды талкалап, үйлөрдү, мечит-

---

[1] Военные действия в бывшем Кокандском...—145—160-беттер.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—392-бет.

терди, сарайларды, айрыкча базарды өрттөп жүрүп олтурушту. Саат 15тен баштап Гүл-Дөбөдө орнотулган замбиректер базарды, ордону, Шарихан жана Асаке жолдоруна жайгашкан үйлөрдү, көтөрүлүшчүлөр топтолушкан мерчемдүү жерлерди аёосуз аткылап киришти. Аткылоо 9-январь күнү эртең менен гана токтотулду да, Анжыян шаары толугу менен орус аскеринин колунда калды деп эсептелинди. Көтөрүлүшчүлөр чабуулду шаардын түндүк жагындагы Анжыян-Сайдан болот деп күтүшүп, ал тарапка 25 миңдей кишини коюшкан болучу. Ошондуктан күтүлбөгөн тараптан урулган сокку куралсыз калктын көбүн кырып жиберди. Анын үстүнө тегеректеги кыштактардын көпчүлүк тургундары бала-чакасы менен шаардын ортосуна, мечиттерде, үйлөрдө баш калкалашкандыктан артиллериялык снаряддар миңдеген адамдардын өмүрүн кыйды.

9-январь күнү шаардын тургундарынан эч кимиси багынгандыгын билдирип, М.Д. Скобелевдин алдына келбегендиктен, кечке маал артиллериялык залп кайрадан башталып, ал 10-январдын таңына чейин сөзулду.

10-январь күнү гана Анжыяндын тургундарынын аман калгандары жашынган жерлеринен чыга баштады. Ошол эле күнү генерал М.Д. Скобелевдин буйругу боюнча азык-түлүк реквизициясы (шаардыктардан керектүү өлчөмдө жем-чөп, азык-түлүк тартып алуу) башталды, түтүнгө 1 дилдеден контрибуция салынды.

Майор Ренау шаарга комендант болуп дайындалып, 11—15-январь күндөрү Гүл-Дөбөдө гарнизонго ылайык чыңдоо курулду. Бул орус аскеринин Анжыянды биротоло ээлешин көрсөткөн.

Айрым булактардын маалыматтарына караганда Анжыян шаарын алууда 20 миңдей адам өлгөн. М.Д. Скобелевдин 1876-жылдын 18-январындагы рапортунда артиллериялык атуу мезгилинде казылган аңдарга жашынган адамдардын набыт болгондорунун көпчүлүгү жарылуулардан жана өрттөн урап түшкөн дубалдардын алдында калган. "Бүгүн Меллер-Закомельский,—деп жазат генерал Скобелев, — душмандардын Анжыяндагы шумдуктуудай санда жоготууга учураганы чын эле бышыкталдууда, күн жылый баштаган сайын алардын денелери чирип, аба бузулууда деп билдирди"[1]. Анжыянда өлгөндөрдүн дээрлик көпчүлүгү шаардыктар менен чет-жакадагы кыштактардан шаарга корголоо үчүн келишкен караламан тургундар болучу.

---

[1] *Молдокасымтегин К.* Полот хан...

Падыша төбөлдөрүнүн жана аскер жетекчилеринин билдирүүлөрүндө тигил же бул кармаштын жыйынтыгын чыгарууда орус күчүн мактап, ал эми жергиликтүү элдин жоготууларынын санын көбөйтүп, алардын кол башчыларынын жана жоокерлеринин "согуш техникасын өтө начар" билгендигин баса көрсөтүп жазышкандыктарына карабай Анжыяндагы бул жолку кыргын чын эле шумдуктуудай болгон. Салгылаштарда жеңиш дайыма эле орус куралы жакка ооп беришинин башкы себеби, чындыгында куралдануунун деңгелинде болучу. Куралсыз же өтө аз сандагы орто кылымдык куралдар менен камсыздалган көтөрүлүшчүлөрдүн көптөгөн жазалоо операцияларында кыргын салуу ишине дасыккан орус аскерине каршы туруусу салыштыргыс нерсе эле. Орус армиясына согуш өнөрүн жакшы билген офицерлердин командалык кылышы, дайыма ыңгайлуу өңүттөрдү ээлеп алып, көтөрүлүшчүлөрдү жакын келтирбей замбиректердин, ракеталык снаряддардын, тез атар мылтыктардын огу менен каршы алышы, капыстан жана күтүүсүз чабуулдар көпчүлүк учурларда орус аскерин жеңишке жеткирип турган. Бекеринен Полот хан өзүнүн М.Д. Скобелевге жазган бир катында орус жазалоочуларынын "ууруга окшоп, күндүз беттешүүдөн качып, түн ичинде капысынан" чабуул коюп жатышкандыктары үчүн айыптап, ошол эле учурда көчмөндөрдүн орто кылымдардагы кармаштарынын ыкмасындай салгылашууга чакырган эмес. Ал эми болуп өткөн Анжыян салгылашуусунан кийинки жазган дагы бир катында "Биз салгылашууну каалаганбыз, а силер бизге жакындоонун ордуна алыстан туруп алып коркоктордой бизди аткылай баштадыңар, ошондуктан биз кетип калдык",—деген сөздөр менен Анжыяндан Асакеге чегинүүнүн себебин түшүндүрөт[1].

Анжыян салгылашуусунда орус отрядынан оңой эле жеңилип калуунун дагы бир себеби көтөрүлүшчүлөрдүн лагериндеги пикир келишпестиктер болучу. Анжыянда Абдрахман аптабачы аким катары эсептелгендиктен Полот хандын шаарды коргоону уюштырууга жиберген өкүлдөрү Эшболот менен Амал эшик агасына баш ийген эмес. Алардын аракеттерине каршылык көрсөтүп, ал турсун 8-январь күнү, чечүүчү салгылашуу башталар алдында өзүнүн жан-жөкөрлөрүн алып, Асаке тарапка качып кеткен[2].

Салгылашуудан кийин көтөрүлүшчүлөрдүн зор таянычы болуп келген Анжыянды жоготуу, аларга катуу таасир тийгизсе да,

---

[1] *Молдокасымтегин К.* Полот хан...

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—360-барак.

кыймылдын Полот хан баштаган жетекчилери мүңкүрөп калбады, алар эми Марганда кармашка даярдана беришти. Абдрахман аптабачы баштаган топ активдүүлүгүн ушул мезгилден баштап биротоло жоготту. Анын жан-жөкөрлөрү жана аларды ээрчип Анжыяндан качып чыккан 12 миңдей кошуун 10-январдан баштап Кува кыштагына жайгашты[1].

Январдын орто ченинде Полот хан Маргалаңда туруп, көтөрүлүшчүлөрдүн кыймылын көзөмөлдөп жатты. Айдын 12-леринде Наманган бөлүмүндө толкундоолор кайра башталды. 10-январда Анжыяндан Наманганга жөнөп кеткен Меллер-Закомельскийдин отряды Чөжө, Кепе кыштактарында Төрө-Коргондон кол курап келген Исфандиярдын кол салуусуна туш болду[2]. 15-январда Чуст, Тода, Самга, Аксы кыштактарында толкундоолор башталды. Меллер-Закомельскийдин аны жазалоого чамасы жетпеди. Ал Скобелевдин тапшырмасы боюнча Намангандан резерв күчтөрдү жана ок-дары алып, Анжыянга жетип баруусу тийиш болучу. Ошондуктан ал 18-январда Намангандан кайра артка тартты[3]. Январдын орто ченинде Сыр-Дарыянын Кожентке жакын оң жээктериндеги Камыш-Коргон, Чилмайрам чөлкөмдөрүндө 200дөн 2000 кишиге чейин көтөрүлүшчүлөрдүн бир нече тобу аракеттенип жатты. 16-январь күнү алар Громов деген орус көпөсүнүн кербенине кол салып, анын 350 жүктүү төөсүн олжолоп, 50 адамын жана бир нече сакчы жигиттерин туткундашты. Кожент уездине караштуу чөлкөмдөрдө Абдыкапардын уулу Акбото жетектеген 150 атчан жигиттен турган топ Зеравшан уездинин башчысынын жардамчысы Муратбекти бир нече жигити менен колго түшүрүштү[4].

Көтөрүлүштүн негизги күчтөрү эми Асакеге чогулду. 16-январда Абдрахман аптабачы 15 миңдей кол менен Асакеге келип түштү. Полот хан менен макулдашкан Аптабачы дал ушул жерде жазалоочулардын мизин кайтарууну чечти. Анжыян—Асаке жолунун орто ченинде, Анжыяндан 10 чакырым аралыктагы Шахрикан-Сай өзөнүндөгү көпүрөнү бузуп, жолдорго тосмолорду коюшту. Абдрахман Анжыян тургундары менен да байланышып, алардын тылдан аракет жүргүзүүсүн суранды. Натыйжада шаар калкы түтүнгө бир дилдеден берип жатышкан контрибуцияны чогултууну токтотту. Кыштактарга качып кетишкен тургундардын

[1] Военные действия...—ВС.—1876.— № 8.—2-бөлүк.—160-бет.
[2] Военные действия...—ВС.—1876.— № 8.—2-бөлүк.—166—167-беттер.
[3] Военные действия...—ВС.—1876.— № 8.—2-бөлүк.—167-бет.
[4] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—217—218-барактар.

шаарга кайтуусу басаңдады, тескерисинче шаардан чыгып кетүүлөр көбөйдү, шаар калкын "кармаш кайдан башталат экен" деген күбүр-шыбыр сөз аралады. Мындай абалда эми эле каратылып алынган Анжыяндын калкынын кайрадан көтөрүлүүсүнөн, Аптабачынын кырдаалдан пайдаланып, чабуул жасоосунан чочулаган генерал Скобелев Асакеге карай жүрүштү озунуп баштоону чечти да, 18-январь күнү эрте 4 замбирек, 8 ракеталык станок менен күчтөлгөн чоң отрядды жетектеп, Анжыяндан чыгып кетти[1].

Полот хан Абдрахман аптабачынын күчтөрү орус жазалоочуларынын чабуулуна Асакеде жеткиликтүү сокку урарына ишенген эмес. Ошондуктан ал кан төгүүлөрдү, талкалоолор менен бүлүнүүлөрдү кантсе да токтотуу максатында орус бийликтери менен тынчтык келишимин түзүүгө аракет кылып көрдү. Акун Дамулла Мир-Бадулмаулов баштаган 14 кишиден турган элчилерди К.П. Кауфмандын жоктугуна байланыштуу анын кызматын убактылуу аткарып турган Г.А. Колпаковскийге өзүн Кокон ханы катары таанытуу жана аны кандайдыр бир келишим менен ырастоо максатында Ташкентке аттандырды[2]. Элчилер алгач 18-январь күнү Коженттеги уездик башкаруучу барон Нольдеге жолугуп, андан уруксат алгандан кийин Ташкентке бет алышты. Элчилердин келе жаткандыгы Петербургда жүргөн Кауфманга телеграмма аркылуу тезинен берилди. Ал 21-январь күнү Г.А. Колпаковскийге элчилерди өзү келгенге чейин кармап туруусун буйруган телеграмма жиберди[3]. Чынында орус өкмөтү Искак-Полот ханды таанығысы келген эмес. Себеби, ошол мезгилде Кокон хандыгын жоюу жана анын чөлкөмдөрүн орус эзликтерине кошуу маселеси Петербергда жогорку деңгелде чечилип калган болучу.

Аңгыча Асакеде кармаш башталды. Салгылашуу шаардын ичинде болгон жок. Аптабачынын атчандары алыс атар мылтыктардын жана замбиректердин огунан орус отряды менен жакындан кармашууга мүмкүнчүлүк ала алышпады, 400дөн ашуун кишисин жоготуп, Маргалаң багытына чегинүүгө аргасыз болду. Көтөрүлүшчүлөрдү Нияз-Батыр кыштагына чейин кууп барышкан жазалоочулар бош калган Асакени ээлеп алышты. Эки күн шаарды каалаганча тоногондон кийин М.Д Скобелев армиясы менен Анжыянга кайтты.

---

[1] Военные действия...—ВС.—1876.— 8.—2-бөлүк.—161—162-беттер.
[2] *Усенбаев К.* Присоединение Южной Киргизии...—116-бет.
[3] ӨБМТА.—1-ф.—34-оп.—327-иш.—1—5-барактар.

Анжыян жана Асакенин алынышы менен бүткөн М.Д. Скобелевдин кышкы экспедициясы Зеравшан округунун начальниги генерал А. Абрамовдун Матчыдагы боштондук кыймылга каршы кышкы чабуулуна үндөшүп кетет. Жогору жакта биз кеп кылып өткөн Матча өрөөнүндөгү Календербектин көтөрүлүшү Полот хандын кыймылынын составдуу бир бөлүгү болучу. Ордосу Пилдирак кыштагында жайгашкан Календербек Кокон ханы Полот хандын Матчыдагы расмий беги — административдик өкүлү катары саналып, хандан материалдык жана акчалай жардам алуу менен 1875-жылдын ноябрынан 1876-жылдын январь айынын орто ченине чейин Көгүстан чөлкөмүнүн бүтүндөй баш жагын (Матча өрөөнү) көзөмөлдөп турган. Ал негизинен тажик эли жайгашкан тоолуу чөлкөмдөрдө орус колонизаторлоруна каршы боштондук кыймылды кеңейтүүгө аракеттенип жатты. Көтөрүлүштүн күчөшүнөн чочулаган А. Абрамов М.Д. Скобелевдей эле кышкы жүрүш уюштырууну чечти. 11—20-январлардагы Матча өрөөнүнө болгон жүрүштүн натыйжасында А. Абрамовдун отряды Календербектин кошуунун талкалап, өзүн Мадрушкат кыштагында колго түшүрдү[1]. 27-январда Петербургда Календербектин колго түш-көнүн телеграмма аркылуу укканК.П. Кауфман аны Самаркандда дарга аскыла деген буйругун телеграмма аркылуу жиберди[2]. Бирок, толкундоолор Оро-Төбөдө, Көгүстанда бат эле токтоп калган жок. Кармалып кеткен Календербектин ордуна матчылыктар Оро-Төбөдө аракеттенип жаткан Абдыкапардын уулу Акботону чакырышып, орустар менен кармашууга даярданып жатыптыр деген каңшаарлар угулуп жатты[3].

Асакедеги жеңилиш көтөрүлүшчүлөрдүн маанайын бир топ төмөндөттү. Абдрахман аптабачынын колу тарап кетти. Орус куралына туруштук бере албастыгына көзү жеткен Аптабачы жанжөкөрлөрү менен көтөрүлүштүн ишине "чыккынчылык" кылууга жүз бурду. Ал Полот ханга билгизбестен 20-январь күнү эле багынып берүүгө даяр экендигин билдирип, М.Д. Скобелевге кат жазган болучу. Азыраак сүйлөшүүлөрдөн кийин Анжыяндан 8 чакырым түштүктө турган Инду-Кыштакта Абдрахман аптабачы менен М.Д. Скобелевдин жолугушуусу макулдашылды.

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—113—252-баракчар.
[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—404-бет.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—397-бет.

24-январь күнү күчтүү отряддын коштоосунда М.Д. Скобелев аталган кыштакка бир чакырым жетпей токтоду. Меллер-Закомельский жана дагы 4 кишинин коштоосунда колоннадан 80 кадамдай алдыга чыгып күтүп турган генерал Скобелевге кыштактан 26 кишинин коштоосунда чыккан Абдрахман аптабачы утурлап келди да, тийешелүү саламдашуудан кийин аттан түшүп, багынуу расмисин билдирди . Жардап турган орус отряды аларды бир заматта курчап, эч кандай каршылыксыз туткундады. Абдрахман аптабачы, Батыр төрө, Исфандияр, Арзыкул бек, Нурмухаммед датка, Калыгул парваначы, Казымбай эшик агасы баш болгон 26 аттуу-баштуу бийлер жана бектер 400 жигити менен[1] М.Д.Скобелевдин отрядынын коштоосунда Анжыянды карай бет алышты. Шаарда туткундар куралсыздандырылып, орус бийликтерине тапшырылды.

1876-жылдын 26-январында Коженттен императордун атына Абдрахман аптабачынын өтүнүчү менен атайын даярдалган төмөнкүдөй телеграмма жөнөтүлдү : "Ак падышанын каарман жана жеңилбес жоокерлеринин алдында өзүмдүн алсыздыгымды сезип, менин ата мекенимди кыйратып жаткан согуштун кесепеттерин токтотууну каалап, генерал М.Д. Скобелевке багынып бердим... М.Д. Скобелевдин мага берген убадаларына ишенүү менен, мен Сиздин ошол убадаларга көңүлүңүз бурулат деп үмүттөнөмүн..."[2] Кийинчерээк Г.А. Колпаковский К.П. Кауфмандан туткундарды үч разрядга болуп (1— Баатыр төрө, Нурмухаммед сыяктуу орус букаралары болуп туруп, антиорусиялык кыймылга кошулуп кеткен "чыккынчылар", 2 — Аптабачы сыяктуу ачыктан ачык орус империясына каршы чыккан жетекчилер, 3 — жөн эле аларды ээрчигендер), биринчи разряддагыларды соттоо, экинчилерин Сибирге сүргүнгө жиберүү, үчүнчүлөрүн сурактан кийин жоопко тартуу же бошотуу жөнүндө көрсөтмө алды[3].

Абдрахман аптабачы баштаган бир топ жетекчилердин орус баскынчыларына багынып беришине баа берүү татаал маселе. Изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүндө бул кадам чыккынчылык, көтөрүлүштүн мүдөөсүн өзүнүн таптык кызыкчылыгы үчүн сатып жиберген чечим катары көрсөтүлөт[4]. Бул пикирди жалпы-

---

[1] "Голос".—1876-жыл.—31-январь.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—393-бет.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—394-бет.

[4] *Павлов С., Рабинович П.* Кокандское восстание...—55-бет; *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки...—381-бет.

сынан туура деп эсептесек да, кандайдыр бир деңгелде кан төгүүнүн кажаты жок экендигин түшүнгөн "билимдүү адамдын" тарых таануулаган тагдырды мойнуна алып, эстүүлүк менен маанилүү чечимге келиши катары кароого да болот.

Сөз учугун жоготпостон Абдрахман аптабачынын кийинки тагдыры жөнүндө бир-эки ооз сөз айтып коюу абзел. Кармалган күндөн көп узабай Аптабачы Ички иштер министринин чечими менен Екатеринбург шаарына жөнөтүлүп, жылына 3000 рубль көлөмүндө маяна алып жашап турду. Шаардан сатып алган үйүндө Абдрахман жаш аялы Зулайка, бөбөк кызы Галдибана менен тынч өмүр сүрүп жатты. Эки жакка көп чыкпай, бакчада эмгектенип, күн көргөндүгү булактарда айтылат[1]. М.Д. Скобелев аны кийинчерек мекенине кайтууга көмөк көрсөтөмүн деген убадасын атқара албады.

1879-жылы декабрдагы М.Д. Скобелевдин Башкы Штабдын начальнигине Аптабачыны мекенине кайтууга уруксат кылуусун өтүнүп жазган катында Абдрахмандын талантту кол башчы, билимдүү инсан экендиги баса көрсөтүлгөн[2]. Генерал Скобелевдин пикири боюнча Абдрахман аптабачы менен Полот хан "жеке кызыкчылыктары боюнча эки башка инсан, бирок отурукташкан тургундарды өз тегерегине топтоп, Орусия менен согуштук кагылышууга чыгышы жагынан бирдей"[3] болушкан.

М.Д. Скобелев жогорку катка жооп болбогондон кийин, 1880-жылы дагы бир жолу ошол эле суранычын кайталап көрдү, бирок Кауфмандын пикирине таянган Башкы Штаб уруксат бербеди. Анткени, Аптабачыны алдап-солдоп Екатеринбургда кармап туруу жөнүндө жашыруун буйрук бар болучу. Мындай адамдын мекенине кайтуусу жакында эле каратылып алынган эзликтердин калкын кайрадан дүрбөлөңгө салуусу мүмкүн эле.

1881-жылы 1-январдагы буйрук менен Башкы Штаб Абдрахман аптабачыга милициянын полковниги деген чин ыйгарып, полициялык көзөмөлдөн куткарган. 1881-жылы 25-февралда Абдрахман Меккеге дагы бир жолу барып келүүгө уруксат берип коюусун суранып, борбордук бийликке кат жазды. Бирок каттын жоо-бун алууга үлгүрбөдү. Түркстандын калкынын абройлуу инсаны, татаал мүнөздүү мамлекеттик ишмер жана талантту кол башчы, кадимки каардуу Мусулманкулдун уулу Абдрахман аптабачы мекенин сагынган кайгы менен өзүнүн аянычтуу тагдырынын запкысына чыдай албай 1881-жылы 25-майда көз жумган[4].

---

[1] ОБМСТА.—400-ф.—1-оп.—633-иш.—33-барак.
[2] ОБМСТА.—400-ф.—1-оп.—633-иш.—1—4-баракtар.
[3] *Хасанов А.* Народные движения в Киргизии...—86—87-беттер.
[4] ОБМСТА.—400-ф.—1-оп.—633-иш.—41-барак.

Абдрахман аптабачы баш болгон көтөрүлүштүн жоон топ жетекчилеринин орус баскынчыларына багынып бериши, күчтүү кошуундун тарап кетиши, орус бийликтерине жиберилген элчилерден кабардын кечигиши көтөрүлүштүн максатын акыркы күн-гө чейин ыйык санаган Полот ханга өтө катуу сокку болду. Ызырынган Исхак Маргалаңда Аптабачынын үч инисин, келинин, туткунда жаткан 8 орус солдатын мууздатып салды[1].

Полот хандын өкмөтүндө башкы аскер башчы болуп эсептелген Абдрахман аптабачынын жеңилишинен кийин көп улуттуу кошуундун таркап кетиши, акча каражатынын жоктугунан жана Полот ханга караштуу ээликтердин кескин кичирейишинен жаңы кол топтоого, ага курал-жарак берүүгө мүмкүн эместигинен, азырынча хандыктын карамагында турган негизги шаарлардан болуп эсептелинген Кокондун жана Маргалаңдын тургундарынын арасында жеке кызыкчылыгын гана ойлоп, Насирдин бек менен байланыш түзүүгө аракеттенип, көтөрүлүштүн ишине кутумдук кыла баштаган топтордун пайда болушунан, Асаке окуясынан кийин Полот хан Маргалаңда калууну ылайык көрбөдү. Бул кырдаалды орус бийликтеринин расмий булактары төмөндөгүдөй сүрөттөйт. "Отурукташкан сарт калкы бизге кыңк этпестен баш ийүүнү ушунчалык билдирди, алар бизге каршы элементтерди колдобой калгандыктан, Абдрахман аптабачынын багынып беришинен кийин Полот хан өзүнүн кара-кыргыздарынан турган козголоңчуларын алып Маргалаңдан чыгып кетүүгө мажбур болду"[2].

Көп узабай 5 жез замбиректен башка куралды Маргалаңда таштоого аргасыз болуп, бир аз байлыгын гана алган Полот хан, 400 сарбаздын жана миң сыпайдын коштоосунда шаардан чыгып кетти да, бир аздан кийин Кожо-Магыз мазарына токтоду. Бул жерде согуштук кеңеш өткөрүлдү. Анда кээ бирөөлөр тоо арасындагы барып күч топтоп, кайра жазда кармашты улантуу керек дешсе, кай бири Коконду ээлөө зарыл деген сунуш киргизди. Полот хандын кайын атасы Музаффар Шаа баш болгон айрым адамдар Үч-Коргондо ыңгайлуу учурду күтүп туруу керектигин сунуштады. Музаффар Шаанын бул сунушунда жеке кызыкчылык да бар эле. Ал Полот хандын күчү менен Каратегин өрөөнүндө бийликте олтурган агасы Раим Шаадан бийликти тартып алып, ал жерден күч топтоп, кийин Ферганага чабуул коюуну ойлогон. Кеңештин акырында Полот хан кайын атасынын пикирине ма-

---

[1] *Молдокасымтегин К.* Искак Молдо...

[2] Военные действия...—ВС.—1876.— № 8.—2-бөлүк.—169-бет.

кулдугун берип, 5 миң атчан, 700 сарбаз жана 5 замбирек менен Үч-Коргонго бет алды[1].

Бул арада Насирдин бек кыймылдын ар бир бурулушуна кылдат көз салып турган. Акыркы окуялар анын Кокон тагын кайра ээлөөгө болгон үмүтүн жандандырды. 22-январь күнү Насирдин бек чакан кошуундун башында, барон Нольденин кийлигишүүсү менен Кожент шаарынан Коконго бет алды. Шаарга түз кирүүдөн айбыккан бек алгач өзүнүн такка олтургандыгы жөнүн-дө жар салдырды. Кыжырланган эл буга каршы жооп кылып, анын жарчыларынын 11 кишисин өлтүрүп таштады[2]. Ал Кокондон алыс эмес Найманча кыштагында шаарга тынымсыз тыңчыларды жиберип, өзүнө жактоочуларды издеп, 23-январдан 27-январга чейин ыңгайлуу учурду күтүп жатты: Бирок, Полот хандын дайындоосу менен Коконго бек коюлган Абдылдабектин жигиттери Насирдин бектин кошуунун талкалап салды. 200дөн ашык адамын жоготкон Насирдин миң киши чамалуу кошууну менен Махрамга кайра качты[3]. Бирок Насирдин бектин Кокондогу жактоочулары Абдылдабектин Полот хандын күчтөрүно кошулуу үчүн Үч-Коргонго жөнөп кеткендигинен пайдаланып, шаарда козголоң чыгарып жиберишти да, Махрамга киши чаптырышты. Ошентип, 30-январь күнү Насирдин бек Экинчи жолу азыраак мөөнөткө болсо да такка олтурууга мумкүндүк алды[4]. Бул сапар ал жети гана күн бийлик жүргүздү.

1876-жылдын февралында орус баскынчылары менен кашык каны калганча күрөшүүнү чечкен Искак-Полот хан, жан-жөкөрлөрү жана ага берилген кыргыз жигиттери гана кыймылдын активдүү күчү катары сакталып турду. Кокон мамлекетинин тагдыры ал мезгилде Петербургда Орусиянын пайдасына чечилип, эми Полот ханды талкалоо иши гана калган. Ал эркиндикте жүргөндө Ферганада "бейкуттукту" орнотуу мүмкүн эмес экендигин орус бийликтери даана сезишкен. "Кыпчактар биздин соккунун салмагын сезип, багынып беришти. Ал эми Полот хандын кыргыздары али багыныша элек",— деп жазат тарыхчы М.А. Терентьев[5].

---

[1] Военные действия...—ВС.—1876.—№ 8.—2-бөлүк.—169-бет.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—210-барак.

[3] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—213—214-баракгар; *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—405-бет.

[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—405-бет.

[5] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—394-бет.

Генерал М.Д. Скобелев керектүү абройду алдым деп чечти да, Полот хандын акыркы күчтөрүн талкалоону Меллер-Закомельскийге тапшырып, 26-январда Наманганга жөнөп кетти. Анын эмне үчүн Полот ханды "кармоо данкын" Меллер-Закомельскийге "тартуулаганын" М.А. Терентьев мындайча түшүндүрөт. М.Д. Скобелев өтө кыраакы, ошондой эле мансапкор адам болгон. Ал Петербургдагы эң абройлуу адамдар менен жек-жааттык мамиледе болгондуктан Кокон тагдырынын Орусия империясынын пайдасына чечилгендигин, бул кабар Түркстанга расмий түр-дө жеткенге чейин эле уккан. Ошондуктан Полот ханды куун элетте жүргөндөн көрө, телеграфка жакын Наманганда туруп, "Коконду ээлөө" командасы айтылар менен андай "салтанаттуу кампанияга активдүү катышып калуу" абройлуу иш деп санаган. Анын бул чечимин 24—31-январлардагы, 1,2,3-февралдардагы генерал Колпаковскийге жиберген телеграммалары ырастайт[1].

1876-жылдын 26-январында М.Д. Скобелевдин Наманганга кетиши менен "даңктуу жүрүш" демилгесине ээ болгон полковник Меллер-Закомельский мүмкүнчүлүктү пайдаланууга ашыкты. 3 жылдан бери орус төрөлөрүнүн көкөйүнө көк таштай тийген "инсургенттердин" башчысы жалган Полот хан алсырап, алдан тайып турганда "даңк алуурга" эң ынгайлуу шарт түзүлгөн.

Полковник Меллер-Закомельский 26-май күнү Полот ханды куугунтуктоого өзүнүн иниси флигель-адъютант ротмистр Меллер-Закомельскийди аттандырды[2]. Анын максаты Асаке аркылуу Маргалаңга барып, Полот хан алып кете албай таштап кеткен артиллерияны олжолоосу, мүмкүн болсо Полот хандын калган күчтөрүн талкалоосу керек эле. Ротмистр Меллер-Закомельский жолдо орус командачысына кат алып келе жаткан Маргалаңдын аминининн эки чабарманына жолугуп, алардан Полот хан Алай өрөөнүнө чыгып кетүүгө даярданып, Үч-Коргон кыштагында өргүү алып жатыптыр деген кабарды алат да, 27-январдан 28-январга караган түнү Полот хандын чакан кошуунуна кол салат.

Бул жүрүштө жол көрсөтүүчү катары Аптабачы менен кошо орус бийликтерине багынып берген чыккынчы Исфандияр датка болгон. Активдүү командирлердин катарында капитан А.Н. Куропаткин да бар эле. Алар көтөрүлүшчүлөрдүн качуучу багыттарын тосушуп, капыстан чабуул коюшту. Натыйжада 5 замбирек, Полот хан менен анын наиби Абдымомундун байрагы, 100 милтелүү

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—395—396-беттер.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—398-бет.

мылтык, Искактын жеке буюмдары жана 20 кой, 100 төө колго түшүрүлдү. Ондогон жигиттерин жоготкон Искак Исфайрам капчыгайы аркылуу Чоң-Алай өрөөнүно качып кетти[1]. Эки күндөн кийин чачырап кеткен жигиттерин Полот хан Дароот-Коргондо чогулта баштады.

Меллер-Закомельскийдин отряды Маргалаң шаарынан алынган 15 замбиректи, хандын экипажын, Үч-Коргондо олжолонгон буюмдар менен туткундарды коштоп 29-январь күнү Анжыянга кайтып келди. Ошол күнү бир нече замбиректи ала келген көтөрүлүштүн дагы бир жетекчиси Турсункул колго түшүп берди[2]. Ушул окуялар менен Полот хандын жетекчилиги астында орус баскынчылыгына каршы жүргөн тендешсиз кармаштардын тизими аяктады, көтөрүлүштүн негизги очогу басылды.

Февраль айынын башында алыскы Петербургда Кокон хандыгынын тагдыры чечилип жатты. К.П. Кауфман Согуш министри Милютин жана император Александр II менен жакшы ымаласынан пайдаланып, чет иштер министрлигинин макулдугусуз эле Кокон мамлекетин жоюп, анын ээликтерин Орус империясына кошуп алууга уруксат алды. Өзү менен кошо ала келген "1876-жылы Коконго каршы аракеттер жана каражаттар жөнүндө" деген конфиденциалдуу документтин (мамлекеттик маани бар жашыруун документ) баракчарынын четинде императордун "Сыр-Дарыя облусунун чектеринде бейкуттукту, тартипти орнотуу жана Орто Азиядагы биздин күчтү кармап туруунун маанилүүлүгү үчүн Кокон хандыгынын калган бөлүгүн ээлөө зарыл" деген сөздөр жазылган эле[3]. Бул 1709—1876-жылдар бою Фергана чөлкөмүнүн тургундарынын саясий биримдиги болуп эсептелген Кокон мамлекетин жоюу, анын ээликтерин Орус империясына киргизүү маселесинин расмий түрдө чечилиши болучу.

К.П. Кауфман 2-февраль күнү бул жөнүндө Туркстан генералгубернаторлугунун милдетин убактылуу өтөп жаткан Г.А. Колпаковскийге телеграмма жиберди. Анда: "... калкты тынчтандыруунун башка жолу көрүнбөгөндүктөн Кокон элинин Орусияга моюн сунууну каалагандыгына мээрбандык кылуу менен таксыр император хандыкты кечиктирбестен өзүнүн Улуу урматтуу букара-

---

[1] Военные действия...—ВС.—1876.—№ 8.—2-бөлүк.—174-бет; ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—80-иш.—95—104-баракчар, *Молдокасымтегин К.* Полот хан...

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—399-бет; КырМА.—75-ф.—1-оп.—52-иш.—85-барак.

[3] ОБМСТА.—ВУА фонду.—6886-иш.—1-барак.

лыгына киргизүүгө буйрук этти жана аскердин жардамында Сизди хандыкты төмөнкү тартипте ээлөөгө милдеттендирди... Генерал М.Д. Скобелев элге Улуу таксырдын букаралыгына өткөндүгүн жарыялоо менен Асаке, Маргалаң аркылуу Коконго келсин... Мурунку Кокон хандыгы Фергана облусу деп аталсын, облустун начальниги Скобелев! Насирдин азырынча Ташкентте!"—деген сөздөр жазылган[1].

Бул телеграммадан Фергананын миндеген калкынын кан төгүлгөн кармаштардын натыйжасында басылып алынгандыгын, алардын "Орусияга моюн сунууну каалагандыгына мээрбандык кылуу" деген эки жүздүү түшүндүрүү менен падышачылыктын колонизатордук саясатын "жигердүү" жүргүзгөн белгилүү каармандардын бири К.П. Кауфмандын Орусиянын басып алуучулугун актоого болгон аракетин таасын байкоого болот.

К.П. Кауфмандын телеграммасын Г.А. Колпаковский 3-февраль күнү саат үчтө алды. Ал 2-февралда эле К.П. Кауфманга Кокондо Насирдин бектин кайрадан тактыга олтургандыгын кабарлап, ушуга байланыштуу эмне чара көрүү керектигин сураган болучу. Г.А. Колпаковскийдин телеграммасына К.П. Кауфман 3-февралда жооп жөнөтүп, анда Насирдин бектин кайрадан бийликке келиши хандыкты тынчытууну камсыз кылуусу мүмкүн эместигин, ошондуктан биринчи телеграммада берилген чечимдер күчүндө каларын билдирген[2]. К.П. Кауфмандын бул телеграммасын Г.А. Колпаковский 4-февраль күнү алды.

Коконду алуу маселеси биротоло чечилгенин таасын түшүнгөн Г.А. Колпаковский 4-февралда М.Д. Скобелевге төмөндөгүдөй телеграмма жиберди: "Мага таксырдан Кокон хандыгын ээлөөгө буйрук келди. Андан Фергана облусу түзүлөт. Облустун начальниги Сизсиз! ... Коконго жылууну Сиздин жетекчилигиңизде чыгыштан баштоого көрсөтмө беремин. ...Түштүк-батыштан барчу аскерлер (Г.А. Колпаковскийдин жетекчилигинде) ... болжол менен 16-февралда Беш-Арыкка жыйналат. Анжыян гарнизонун даярдап, Асаке жана Маргалаңга жөнөңүз, кыймылыныздыз түштүк-батыш отряды менен катар Коконго 19-февралда келе турган кылып эсептеңиз..."[3] Жогорку телеграммадан К.П. Кауфман Коконду ээлөөнү император Александр IIнин такка олтурушунун 22 жылдыгы болгон 19-февралга тууралап, аны ишке ашырууну

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—254-барак.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—66-иш.—270-барак.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—406—407-беттер.

"ашкере күжүрмөн М.Д. Скобелевге эмес, Түркстан крайынын генерал-губернаторлугунун милдетин убактылуу аткарып жаткан Г.А. Колпаковскийге расмий түрдө тапшыргандыгы көрүнүп турат.

Бирок Коконго биринчи болуп кирүү "даңкын" өз керт башына ыйгарып, Кокон мамлекетин жеңип алуучу катары тарыхта калуу үчүн карөзгөйлүк максат менен М.Д. Скобелев ишти башкача чечти. Петербургда К.П. Кауфмандын көчмө штабынын башчысы В.Н. Троцкий 4-февралда М.Д. Скобелевдин жеке өзүнө багышталган дагы бир телеграмма жиберген. Анда Коконду алуу жөнүндө кабар берилип, тексттин аягында "Миша, уктаба!..." деген сөздөр болгон деп көрсөтөт М.А. Терентьев[1]. Кантсе да Скобелев Коконду баарынан мурун ээлөөгө ашыкты.

Г.А. Колпаковскийге "К.П. Кауфмандан 5-февраль күнү Коконду ээлөөгө буйрук алдым" деген телеграмма жиберип коюп, 6-февраль күнү негизги күчтөргө артынан келе берүүгө буйрук берди да, казак-орустардан турган чакан аскер алып, М.Д. Скобелев Коконго жүрүп кетти. 6-февралда "Анжыян чөлкөмүндө тынчтык..." деген дагы бир телеграмма жөнөтүп, өзүнүн Коконго аттанганы жөнүндө Ташкентти беймаалым калтырды. Г.А. Колпаковский М.Д. Скобелевдин негедир "ашыкча күйпөлөктөнгөнүн" сезип жатса да, аны токтотууга чамасы жок эле. 8-февраль күнү ал М.Д. Скобелевге "... шашпаңыз, Коконго 14-февралдан кийин келиңиз",—деген телеграмма жөнөттү да, өзү чоң аскердин коштоосунда Ташкенден 10-февраль күнү аттанып чыкты.

Бул мезгилде Скобелев Кокондо эле. Ал 6-февралдан 7-февралга чейин ылдамдатылган марш менен 80 чакырым аралыкты басып өткөн. Эртең мененки саат 11лерде Кокондон 4 чакырым аралыкта токтоду да, Насирдин бекке Евграфов аттуу казак-орус чабарманын жиберди. 30-январда такка экинчи жолу олтурган Насирдин бек алгачкы күндөрү орус күчүнө таянып, орус—кокон келишими боюнча мурунку саясатын уланта берүүнү көздөгөн. Бирок, орус баскынчыларынын үстөмдүгүн каалабаган кокондуктардын басымдуу көпчүлүгүнүн, Кокон Шейх-уль Исламынын, Аптабачы багынып бергенден кийин Кокондо турган Абдыкапарбектин, 27-январда Үч-Коргондогу салгылашуудан кийин Коконго качып келген Полот хандын наиби Абдымомундун талабы менен Насирдин бек Орусияга каршы саясат жүргүзүүгө жүз бура баштаган.

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—405-бет.

Евграфовдон М.Д. Скобелевдин Кокондун жанында тургандыгын уккандан кийин хан генералга келүүнүн себебин сурап чабарман жиберди. Андан М.Д. Скобелев ханга конокко келдим деген кабарды угуп, Насирдин бек өзү Ак-Мулла кыштагынан М.Д. Скобелевди тосуп алды. Генерал отрядды шаарга киргизүүдөн чочулап, аны Нау-Бухара дарбазасына жайгаштырды да, 8-февраль күнү эртең менен ордого, хандын кабыл алуусуна жөнөдү. Насирдин бек генералды хан сарайында кабыл алып, Улуу урматтуу мейманга дасторкон жайды. Саат 11лерге чейин конок болуп олтурган М.Д. Скобелевге ар бир 15 мүнөттө бир казак-орус кат алып келип берип тургандыгы булактардан маалым. Алар негизги аскер күчтөрүнүн кайсыл жерге келгендигин улам кабарлап турган каттар болучу. "Бул кандай тынчсызданууу?" деп сураган ханга М.Д. Скобелев "Урматтуу, Сизге деген белектердин кайсыл жерге келгендигин билип жатамын" деп жооп берип коюп, өзү аскерлерди чыдамсыздык менен күтүп жатты.

1876-жылдын 8-февралында саат 11лер чамасында башында Меллер-Закомельский, А.Н. Куропаткин, М.Е. Ионов жана башкалар турган негизги күчтөр Кокондун алдына келгендигин ачык билген М.Д. Скобелев ордунан туруп, текебердик менен үнүн көтөрүп, Кокон хандыгынын Улуу ак падышанын эркн менен Орус империясына каратылгандыгын жарыялады. Котормочудан сөздүн маанисин түшүнгөн Насирдин бек эч кандай каршылык кылууга чамасы келбеди. (Ал көпкө чейин шолоктоп ыйлап олтурду деп жазат М.А. Терентьев.) Анчыца аскер күчтөрү шаарга кирип келип, ордону камашты. 62 замбиреги бар артиллерия олжолонду, Насирдин хан баштаган ордо төб лдөрү, Оро-Төбөнүн мурунку беги, 1875-жылдан бери Полот ханга жардам берип келген Абдыкапарбек менен Полот хандын 1873-жылдан берки жолдошу, бир кезекте көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга Искакка жолдомо берип, далай эрдик көрсөткөн курамалык кыргыз Абдымомун туткундалды[1].

Ошентип, Кокон ордосу 1876-жылдын 8-февралында, саат 11де орус аскери тарабынан биротоло ээленди. Эртеси М.Д. Скобелев Г.А. Колпаковскийге анын телеграммасын кечигип алып калгандыгын, ордону "баатырдык менен" ээлегенин, 73 замбиректи, ханды жана анын талапкерлерин, шейх-уль-Исламды, Казыкалянды, Абдыкапарды, Абдымомунду, Батыр Төрөнү (экинчи жолу) туткундаганын, аларды 10-февраль күнү Абдрахман апта-

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—408—411-беттер.

бачыга кошуп Махрамга, андан ары Кожентке жиберерин, Кокон шаарынын комендантгыгына полковник Меллер-Закомельскийди, шаар башчылыгына майор Ястржембскини дайындагандыгын билдирип телеграмма жиберди[1].



Генерал Г.А. Колпаковский

15-февраль күнү генерал Г.А. Колпаковский Коконго салтанат менен кирип, Хандыктын Орусия империясына расмий түрдө каратылгандыгын жарыялады. Бул факты жөнүндөгү расмий указга Александр II өзүнүн мындан 22 жыл мурун такка олтурган күнүндө — 19-февралда кол койду. Указда "... орус аскеринин кайрадан ээлеген, өткөн 1875-жылга чейин Кокон хандыгын түзгөн чөлкөм Империянын чегине киргизилсин жана андан Фергана облусу түзүлсүн!..." деп жазылган[2]. Официалдуу тарыхый изилдөөлөрдө Кокон хандыгынын Орус империясына каратылыш күнү, иш жүзүндө февралдын башында чечилсе да, расмий түрдө 1876-жылдын 19-февралында ишке ашкан деп эсептелет.

Элдик кыймылдын экинчи мезгилинин чегиндеги биринчи жана экинчи баскычтарды камтыган 1875-жылдын жай айларынан 176 жыл өмүр сүргөн Кокон хандыгынын жоюлушуна (1876-жылдын 19-февралы) чейинки саясий окуялардын жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

1. Бул мезгилде элдик кыймылдын максаты биринчи мезгилдегидей (1873—74) эле антифеодалдык бойдон кала бергени менен бир топ татаалданды. Бул татаалдануу Абдрахман аптабачы баштаган хан чөйрөсүндөгү ишмерлердин бийлик үчүн көтөрүлүшкө кошулуп кетиши, Кудаяр хандын качышы, түзүлгөн кыр-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—400—409-беттер.

[2] ОБМТА.—1291-ф.—82-оп.—3-иш.—1—2-баракгар; ОБМСТА.—ВУА фонду.—1-оп.—6886-иш.—30—31-баракгар.

даалда Полот хан жана Абдрахман аптабачы баштаган эки жамааттын калыптанышы, август айында орус аскерлеринин Кокон ээликтерине киришине байланыштуу кыймылдын антифеодалдык мүнөзүнүн антиколониалдык максат менен биригиши сыяктуу окуялар менен өнүктү. Насирдин бектин 24-июлда хан көтөрүлүшүнөн кийин ал жана аны колдогондор үчүн "көтөрүлүш максатына жеткендиктен" кыймылдын биримдиги бузулду. Абдрахман аптабачы баштаган топ колго тийген бийликтен пайдаланып, көтөрүлүштүн чыныгы жетекчиси Полот ханды августтун башында камакка алды.

Абдрахман аптабачынын 1875-жылдын август айында орустарга каршы жарыялаган "газаватын", анын диний мүнөзүнө карата реакциячыл деп саноо туура эмес. Себеби, ал мезгилде орус падышачылыгы Түркстанды басып алуу менен колонияга айландыруу максатын көздөгөндүктөн, "газават" орус элине эмес, Орусия баскынчыларына каршы багытталып, ураан антиколониялык максаттын бир түрү катары саналышы тарых логикасына туура келет. Бирок Аптабачынын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн түпкү максаты ураандын ошол кырдаалдагы маңызына толук жооп бербеди. "Газават" ураанынын жардамы менен Кокон хандыгынын мурунку чек араларын калыбына келтирип, бийликти өз колуна топтоону көздөгөн Аптабачынын аракеттери чынында элдин мүдөөсүнө төп келген эмес. Ошентсе да ураан орус баскынчыларына каршы жалпы элдин толкундоолорун күчөттү. "Газават" же "джихад" ураану элеттиктердин "кыл куйрук" ураану сыяктуу эле өзүнүн жөнөкөйлүгүнө карабастан прогрессивдүү мааниге ээ болгондугун тануу кыйын. "Газават" ураану менен "кыл куйрук" ураану кийинки — 1976-жылдагы окуяларда деле тоолуктардын кыймылына антиколониялык түс берип турган.

Натыйжада Орусия падышачылыгы Кокон мамлекетине карата саясатын согуштук мамилеге буруп, 20-августтан кадимки эле басып алуу жүрүшү башталды. Махрам салгылашуусу, Фергана өрөөнүнүн жарымынан көбүрөөк бөлүгүнүн орус аскери тарабынан басылып алынышы, ал фактыны Насирдин бектин таанышы жана 23-сентябрдагы Кокон хандыгы үчүн протектораттык орус —кокон келишимине кол коюшу, Наманган чөлкөмүнүн орус ээлигине өтүшүнө кокон бийлигинин расмий макул болушу жана башка мына ушул сыяктуу кейиштүү фактылар Абдрахман аптабачы менен Насирдин бек баштаган "реакциячыл" топтун прогрессивдүү саясий активдүүлүгүнүн бүтүшүн көрсөттү.

2. Искактын Полот хан аты менен 27-сентябрдагы экинчи жолу хан көтөрүлүшү, анын кыймылдын багытын бир эле учурда

Насирдин бектин өкмөтүнө да, орус баскынчыларына да каршы бура алышы, октябрдын башындагы Анжыян салгылашуусундагы ийгиликтер, орус баскынчыларын Кокон ээликтеринен убактылуу кууп чыгуу жана Насирдин бектин бийлигин кулатуу сыяктуу элдик батыр Искак—Полот хан баштаган прогрессивдүү топтун аракеттери кыймылдын элдин максатын көздөгөндүгүн ырастады. Абдрахмандай ары акылдуу, ары куу ордо төбөлдөрүнүн тиешелүү кырдаалда көтөрүлүш тарапка өтүп кетиши Полот хандын багытынын туура экендигин дагы бир жолу бекемдеди. Мындан ары кыймыл жергиликтүү элдин бирден-бир коркунучтуу душманы болгон орус баскынчыларына каршы багытталып калды.

3. Бул этапта кыймылдын социалдык курамы, масштабы кеңири болду жана көтөрүлүш төмөндон жогору, жөнөкөйдөн татаалга карай прогрессивдүү өнүгө берди. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчтөрүндө, анын улуттук курамы олуттуу мааниге ээ болгон. Документтер көрсөткөндөй кыймылдын катышуучуларынын этникалык курамы өтө кеңири болуп, анын басымдуу көпчүлүгүн кыргыздар түзгөндүгүн байкоого болот. 70-жылдардын аягында Фергана облусуна изилдөө максаттары менен келген академик А.Ф. Миддендорфтун берген маалыматтарына караганда өрөөндөгү 15—40 жаштагы тургундарда эркек адамдардын саны кескин азайып кеткендиги, анын себеби 1875-жылдагы көтөрүлүштү басууда курал көтөрүп жүрө ала турган каракыргыздардын эркектеринин көбү өлүмгө учурагандыгы менен түшүндүрүлөрүн эскертип кетет[1].

4. Кыймылдын реакциячыл жамаатынын элге каршы аракеттеринин дагы бир жыйынтыгы — орус колонизаторлорунун Нарын дарыясынын оң жээгин ээлеп, Наманган бөлүмүн түзүү менен Фергана чөлкөмүн жана Түштүк кыргыз уруулары басып алууга ынгайлуу шарт түзгөндүгү болду. Бул абалды аталган топтун расмий өкүлү Насирдин хан толук тааныды жана колдоду.

5. Элдик кыймылдын жеткен чеги болгон баскыч — бул 10-октябрдан баштап Кокон хандыгында орногон хандыктын акыркы өкүмдары Искак—Полот хандын саясий-административдик ишмердиги эсептелди. Искактын хандык бийликти ээлеши элдин мүдөөсүнө төп келип, ошол эле учурда кыргыз бийлеринин кадимден келаткан ордодогу бийликтин тең салмактуулугун калыбына келтириши болгон. XIX кылымдын орто ченинен ордодогу

---

[1] *Усенбаев К.* Присоединение...//История Кыргызстана...—Б.,1995.—272-бет.

бийликке Нүзүп, Мусулманкул, Алымбек, Алымкул сыяктуу кыргыз, кыпчак көчмөн бийлери аралашып кетишкендиги маалым. Алымкул өлгөндөн кийинки он жылдын ичинде кыргыз бийлери ордо бийлигине аралашпай, ага жетүүгө бир катар аракеттер болгондугу белгилүү. Бул саясий аракеттер Полот хан менен ишке ашты. Мындан ары Кокон хандыгынын тарыхы жаңы демилге жана жаңы бийлик менен уланмак. Бирок, кырдаалдын татаалдыгы, согуштук абал, көтөрүлүштүн жана орус баскынчыларына каршы күрөштөрдөн жапа чеккен мамлекеттин жеткиликтүү экономикалык базасы болбогондугу көтөрүлүшчүлөрдүн тоодой демилгесине карабай колго тийген бийликти жана тынчтыкты сактап калууга шарт түзгөн эмес. Ошондуктан Полот хандын хандык бийлиги негизинен жырткычтык менен басып келе жаткан Орусия империясынан коргонуу, жаңы бийликти жактырбаган ички душмандардын каршылыгын басуу менен гана чектелип калды.

6. Кокон хандыгынын пайда болуш, өнүгүш жана жүрүш логикасы анын жоюлушун камсыз кылган тарыхый өбөлгөлөр менен шартталгандыктан, бул мийзам ченемдүүлүктү ишке ашыруучу активдүү фактор болуп, Орус империясынын Түркстанга, анын ичинде Фергана өрөөнүнө басып кириши болду. Жергиликтүү калктын эркине тиешеси жок колониялык каратуулардын ишке ашышын ошентип, XIX кылымдын экинчи жарымындагы Орусиянын жана Борбордук Азиянын саясий абалына негизделген тарых логикасы аныктап койгон. Бул процесс иш жүзүндө 1876-жылдын 19-февралында аяктады.

Жетинчи бап

ОРУСИЯНЫН ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫ КАРАТУУСУНУН АЯКТАШЫ (1876-жылдын күзүнө чейин)

7.1. Абдылдабектин аракеттери

Кокон хандыгынын тагдыры чечилип, анын аймагы орус колониясына айланып жаткан мезгилде Искак Алай тоолорунда болучу. Февраль айынын башында Дароот-Коргондо чачылган жигиттерин жыйнап жаткан Искакка Кара-Тегиндин беги Раим Шаа миңден ашуун атчандары менен кол салды, жакын санаалаш адамдары гана коштогон Искак Алай тоолорунун Шат капчыгайына баш калкалады. Раим Шаанын Искакка кол салышынын себеби төмөндөгүчө эле. Каратегиндин 1870-жылдарга чейинки беги Музаффар Шаа Раим Шаанын иниси болучу. Агасы Бухара эмиринин колдоосу менен Каратегинди тартып алгандан кийин, Музаффар Шаа Үч-Коргондо жашап калган. 1871-жылы анын үйүндө белгилүү өкумуштуу Н. Северцов да аялы менен конокто болгон. Искактын аялы Музаффардын кызы болгондуктан, күйөө баласынын жардамы менен Музаффар Шаа Каратегинди кайтарып алышы мүмкүн эле. Ошондуктан Дароот-Коргондо кошуунун жыйнап жаткан Искактын Кара-Тегинге жүрүш жасоо коркунучунан кооптонгон Раим Шаа озунуп чабуул жасап, инисин тутқундап кетти.

Көтөрүлүштүн чыныгы жолбашчысы Искак эми чындап оор абалда калды. Кошуунунан, замбиректеринен, казынасынын, үйбүлөсүнөн, жадагалса Абдымомун сыяктуу жакын жан-жөкөрлөрүнөн айрылды. Кышкы суукта тыным албаган жүрүштөрдө сынган бутунун кабылдаган жарааты да күчөп кетти. Чыккынчылык менен жанын сактап калууну көздөгөн Мырзакул, Бекжан сыяктуу жүүнү бош адамдардын саткынчылыгы менен Искак баш калкалап жаткан үңкүр орус офицерлерине дайын болду. (Кийин тейит уруусунан Мырзакул, тууганы Ботобек экөө тең орус бийликтерине жакшы кызмат өтөшүп, Маргалаң уездинде болуштук башкаруучу кызматына жетишкен. Бекжан болсо Алай өрөөнүн каратуу мезгилинде М.Д. Скобелевдин жазалоочу отрядында кызмат өтөгөн.)

М.Д. Скобелев Искакты кармап келүү үчүн Алай тоолоруна Аптабачынын орустарга багынган жигиттеринен, маргалаңдык

Мырзакул жана оштук Бекжан башында турган 30 кишилик топ жиберди. Алар тагдырга моюн сунуп, куугунчуларды каршылыксыз күтүп жаткан Искакты 19-февраль туткундашты. Тарыхтын "келекеси" ушундай болду, адилеттүү өлкө курууну мүдөөлөп, бирок анысы ишке ашпай "кылычы сынган" элдик баатыр Искак Асан уулу Полот хандын колго түшүшү, ошол өзү башкарган Кокон хандыгын жоюу жөнүндөгү указга падыша Александр Iнин туулган күнүнө жана такта олтургандыгынын 22 жылдыгына карата "олуттуу белек" катары кол койгон күнүнө дал келгенин кара...

Анжыян шаарында түрмөдө сурак берген Искак К.П. Кауфмандын буйругу менен 1-март күнү эл жык толгон Маргалаңдын чоң базарында дарга асылды. Тарыхый булактар[1] бул кайгылуу окуяны төмөндүгүдөй сүрөттөшөт. Искак 29-февраль күнү өзүн өлүмгө буйруган өкүмдү тынч гана укту да, "хоп" деп коюп, кечки тамагын ичкенден кийин уктоого жатты. Эртеси аны даргага айдап жөнөштү. Искак эч нерседен кебелбей, оорулуу бутунан сылтый басып, коштошкон сымал жыйылган элге кунт коюп көз салып, жай басып келе жатты. Дардын алдында баш кесерлер аны шаштырып, ийнинен чапчыганда Искак аларды четке кагып, каада менен: "Эмне шашасыңар? Менин бутумдун ооруп жатканын көрбөй турасыңарбы? Үлгүрөсүңөр!..."—деди да тепкичке өзү көтөрүлдү... Искак-Полот хан зор эрдик менен өлдү... Кыргыз элинин баатыры, тарыхый улуу инсан жана мамлекеттик ишмер, 33 жашка жаңы эле толгон Искак Асан уулу ошентип 1876-жылдын 1-мартында жарык дүйнө менен кош айтышты. Анын өлүм алдындагы кайраттуулугу элдин маанайын дагы бир жолу көтөрүп, *"АЗАТТЫКТЫН"* идеясын түбөлүк таштап кетти...

Искактын артынан Акимбек, Календербек жана башка белгилүү инсандар дарга асылды. Абдымомун, Батыр төрө баштаган көтөрүлүштүн жетекчилери март—апрель айларында Кожентке, андан ары Ташкентке айдалды[2].

1876-жылдын февраль—апрель айларында орус жазалоочу отряддарынын негизги иши инсургенттик кыймылга катышы бар деген шектүү кыргыз кыпчак, өзбек жана тажик тургундарын камакка алуу болуп жатты. Кокондун Г.А. Колпаковский дайындаган экинчи башчысы полковник Корольковдун 30-апрелдеги билдирүүсүндө Фергана облусунда камакка алынгандардын

---

[1] Хроника.—ТВ.—16-март.—1976-жыл; *Молдокасымтегин К.* Искак Молдо...
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—111—112-баракчалар.

түрмөлөргө толуп кеткендиги жөнүндө каңкуулагандыгы булактарда айтылат[1].

Кокон хандыгынын жоюлушу жана анын ээликтеринин ордуна Фергана облусунун түзүлүшү менен Түштүк кыргыз урууларынын негизги бөлүгү — Аксы, Ала-Бука, Эки-Суу арасы, Арстанбап, Көк-Арт, Өзгөн, Куршаб, Кара-Кулжа, Алайку, Кара-Суу, Ноокат, Араван, Кадамжай, Сох, Исфара, Баткен, Лейлек жана башка чөлкөмдөр орус бийлигин таанып калышты. Бирок Алай чөлкөмүнүн жана Фергана өрөөнүнүн кай бир түштүк тоо этектериндеги уруулар толкундоолорун токтотушпады. Ал түгүл жаңы көтөрүлүш очоктору пайда болуп жатты. Анжыян, Наманган, Кокон, Ош сыяктуу шаарларга орус бийликтеринин аскер бөлүктөрү жайгашып, элеттеги чоң-чоң кыштактарга гарнизондор коюлду. Расмий указдар чыга элек болсо да, иш жүзүндө 7 уезд: Наманган, Чуст, Анжыян, Ош, Маргалаң, Кокон, Исфара уюштурулуп (кийинчерээк алар 5 уезд болуп кайра түзүлүп, Чуст жана Исфара уезддери жоюлган), аларга убактылуу башкаруучулар дайындалды.

Кокон хандыгын кан төгүү менен караткан М.Д. Скобелев 1876-жылдын 2-мартынан расмий түрдө Фергана облусунун аскер губернатору катары кызматын баштады. Облустук башкарманын кеңсеси азырынча Маргалаңда турду. Орус баскынчылары хандыктын 170 жыл бою бай тактысы болгон Коконду облустун борбору катары таануу саясий мааниде туура эмес деп чечишти.

Биринчи күндөн баштап М.Д. Скобелев кандуу колун кургатпай, "чөлкөмдү тынчытууга жана анда бекем тартип орнотууга" киришти[2]. Анын алгачкы иштери көтөрүлүштүн саркындыларын биротоло жок кылууга багытталды. Ошондуктан М.Д. Скобелев 23-февралда эле Г.А. Колпаковскийдин буйругу менен Ошту "тынчытууга" кеткен[3]. Себеби, бул жерде Полот хандын мурунку куралдаштары чогулуп, Ош чөлкөмүн орус баскынчыларына каршы үндөп жаткан. Булардын башында Алымбек датканын уулдары Абдылдабек (Оштун, Анжыяндын1866-жылдан берки, акими, 1975-жылдын 10-октябинен 1876-жылдын 30-январына чейин Кокондун беги), Асанбек, Оморбек менен Сулайман бийлер жана башкалар болучу. М.Д. Скобелев 2000дей кишиден жана 10 зам-

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—133-барак.

[2] К истории Кокандского похода.—ВС.—1899.— 4.—1-бөлүк.—222-бет.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—411-бет.

биректен турган отряд менен Ошту ээлеп, толкундоону басууга киришти. Ал жерде полковник Аминов баштаган отрядды калтырып, Маргалаңга кайтып келди. Абдылдабектин күчтөрү Гүлчө тарапка ооп, көтөрүлүш кайрадан жандана баштады.

Толкундоолордун экинчи очогу Үч-Коргон, Исфайрам чөлкөмү болду. Бул жерде Абдыкапарбек менен Валихан төрө "Фергана облусунун жаңы администрациясын олуттуу кооптонтуп жатты[1]. Генерал Г.А. Колпаковскийдин пикири боюнча М.Д. Скобелевдин кыргыздардын уруу башчыларын бир нече жолу кат жүзүндө чакыргандыгына карабастан, алар ушул мезгилге чейин өзүлөрүнүн багынгандыгын билдиришпеди. Орус куралын далай сынап көргөн кыргыздар топтолушуп, Гүлчө капчыгайын бекем чеп катары санашып, өздөрүнчө хан көтөрүп алып, газаватты улантуу ою бар экендиги белгилүү болду деп жазат ал мезгилдеги булактар[2].

22-март күнү М.Д. Скобелев кайрадан Ошко жөнөдү. Келүүнүн максаты, жергиликтүү уруу башчыларын чогултуп, аларга "орус куралына каршылык көрсөтүү пайдасыз экендигин" түшүндүрүү болучу[3]. Аңгыча 24-март күнү Г.А. Колпаковский Ташкентке кайтар алдында Кокон шаарынын башчысы майор Ястржембскиге Чимиондун казысы Кадил шайык менен Атабек аминдер Чимион уездиндеги кыргыздар Кудаяр хандын иниси Шах-Мураттын туугандарынын Кудайкул аттуу Шаймардан мазарында жашоочу молдону хан көтөрүшкөндүгү, анын тегерегинде Полот хандын аман калган жан-жөкөрлөрүнүн бир тобу, орус баскынчылыгына каршы турган кыргыздар менен башка улуттагы тургундар чогулуп жаткандыгы[4], алардын саны миңден ашып, азыр Лаңгар кыштагында жайгашкандыгы, ал жерден Вуадил жана Чимион кыштактарын алууга даярдык көрүшүп, жаткандыгы жөнүндө маалымат келди[5]. Г.А. Колпаковский бул окуялар жөнүн-дө Ошто жүргөн М.Д. Скобелевге кабар берди да, полковник Корольков башында турган жазалоочу отрядды 25-март күнү Чимионго жиберди. Ал отрядга жол көрсөтүүчү катары Чимиондун казысы менен амини, үч кыргыз жигит кошо кетти.

---

[1] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-болук.—8-бет.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—67-иш.—197-барак.
[3] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-болук.—8-бет.
[4] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—12—14-баракгар.
[5] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—245-барак; *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—411-бет; К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-болук.—8-бет.

Орус аскери ошол эле күнү Охнага жетип барды. Анда бир аз тыныккандан кийин, Сох багытына жүрүп, 26-март күнү эртең менен Айдаркен-Белинде Токтомамбет деген жигитти колго түшүрүштү. Бул жигит Кудайкулдун кошуунунан качып чыккан чыккынчы эле. Анын жардамы менен отряд Айдаркен айылында жем-чөп чогултуп жүрүшкөн Кудайкулдун адамдарынан бостон уруусунун бийи Айдарды жана Полот хандын жасоол башчысы болуп жүргөн Шералынын иниси Курбанаалыны туткундашты. Ошол эле күнү түштөп кийин Сох өрөөнүндө жайгашкан Кара-Кыя айылына 800гө жакын көтөрүлүшчүлөргө чабуул коюшту. 100дөй кишисинен ажыраган Кудайкул качып кетти[1].

Кудайкул хандын кошууну талкаланса да тоолук кыргыздардын толкундоолору токтолбоду. Ошондуктан М.Д. Скобелев кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнө каршы кыргыздардын өзүн пайдалангысы келди. Абдрахман аптабачы менен кошо багынган жана Полот хан Үч-Коргондо талкалангандан кийин колго түшүп беришкен жигиттерден куралган эки отряд даярдалды. 50 жигиттен турган биринчи отряддын башында оштук Бекжан менен маргалаңдык кыргыз Турсункул паңсат туруп, 29-мартта Маргалаңдан Терек-Даван тарапка жөнөп кетти. Маалыматтар боюнча ал жакта Абдылдабек аракеттенип жаткан. Бул отряд Ош, Гүлчө, Сопу-Коргон, Терек-Даван маршруту боюнча бир нече күн Абдылдабектин жигиттеринин артынан куугунтуктап, акырында Терек-Даванда Сулайман удайчы менен Кубат баштаган адыгиненин сарттар жана көкчө урууларынын жигиттеринин колуна түшүп калышты. Куугунчу жигиттердин бир нечеси өлтүрүлдү. Бекжан Абдылдабектин кошуунуна кошулуп кетти. Турсункул гана бир нече жолдошу менен апрелдин ортосунда Маргалаңга араң кайтып келди[2].

Сарымсак кожо башкарган 30 жигиттен турган экинчи отряд Валихан төрөнү кармап келүүгө жиберилген эле. Отряд Үч-Коргондон жогору Исфайрам ашуусу менен Чоң-Алайга ашып, бир айылдан Валихан төрө менен Таныкул-Берди паңсатты колго түшүрүштү. Бирок кайтып келе жатканда Абдылдабек жиберген жигиттерге кабылып, эки күндөн кийин Сарымсак мууздалды[3].

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—412-бет; К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—9—12-беттер.

[2] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—12—14-беттер.


[3] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—14-бет; ОЬМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—54-барак.

Бул жазалоочу отрядцардын талкалангандыгы жөнүндө кабарды М.Д. Скобелев Ошто жүргөндө укту. Ошол эле мезгилде Гүлчөдө Кудаяр калпанын жетекчилигинде козголоңчулар топтолуп жатат деген каңшаар тарады. 400 казак-орустан турган отрядын башында генерал өзү 31-мартта Гүлчөгө 300 аскер калтырып, бул жерге чыңдоо кура берүүнү буйруду да, 18-апрелде Маргалаңга кайтты.

Абдылдабек, Оморбек, Сулайман удайчы, Таныкул паңсат, Валихан төрө жана башкалар олжоке, көкчө, сарттар урууларынан чогулган ири кошуун менен Гүлчөдөн 25 чакырым түштүктө жайгашкан Жаңырык капчыгайында (Гүлчө менен Сопу-Коргондун ортосунда, Бүлөөлү капчыгайынын жанында) коргонууга ыңгайлуу өңүт даярдашып жатышты.

М.Д. Скобелев Маргалаңдан Ошко ири бөлүктөрдү жиберди. Алгач Гүлчөгө Штакельбергдин отрядын жөнөтүп, 22-апрелде өзү да Гүлчө чыңдоосуна келип калды[1].

Баш ийбеген кыргыздардын сары изине чөп салган генерал М.Д. Скобелев, аларды Жаңырык капчыгайында биротоло талкалоону чечип, ири аскер даярдады. Анын курамында 120 кишиден турган аткычтар ротасы, 30 кишилик Борисовдун саперлору, 129 кишиден турган аткычтар дивизиону, бир ракеталык взвод, 130 кишилик казак-орус жүздүгү, М.Д. Скобелевдин өзүнүн конвою— баары биригип 442 киши болгон. Отряд 24-апрель күнү Гүлчөдөн суу өйдө Жаңырык капчыгайын көздөй бет алды[2].



Орус баскынчыларынын Гүлчө чыңдоосу

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—413-бет.

[2] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—16—17-беттер.

Бүлөөлү кыштагынын жанындагы Жаңырык аттуу тар капчыгайда Абдылдабек, Сулайман удайчы, Оморбек датка, Бекжан (ал апрелдин башында Абдылдабектин колуна түшүп, көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кеткен эле), Таныкул-Берди паңсат, Валихан төрө баштаган 1 жарым миң чамалуу кыргыз көтөрүлүшчүлөрү таштан үч айланта коргонуучу чеп куруп, түп жагына лагерин жайгаштырган. Анда Курманжан датка да болгон. Абдылдабектин кошуунунда эч кандай замбирек, алыс атар мылтык жок эле. Түтөтмө мылтык да сейрек болуп, жигиттер негизинен кылыч, айбалта, найза, чокмор менен гана куралданышкан болучу.

Жаңырык капчыгайында коргонуп жаткан Абдылдабектин кошуунун талкалоонун алай кыргыздарын орус букаралыгына өткөрүүдө гана эмес Фергана өрөөнүндө орус бийлигин бекемдөөдө да чоң мааниси бар эле. Ошондуктан М.Д. Скобелев бул кармашты өтө тыкандык менен уюштурду. Чыккынчылык кылган Ымankул аттуу жигиттин сунушу[1] боюнча капитан М.Е. Ионов башында турган орус-казак отряды Гүлчөдөн 8 чакырым жерден түндүккө карай бөлүнүп кеткен Тамга-Терек капчыгайы аркылуу Буудайлык суусу, Сасык-Бел ашуусу менен Сопу-Коргонго жетпей кыргыздардын тылынан чыгып, же Бүлөөлү капчыгайынын башынан түшүп, качкандардын алдын тороону пландаштырат. Бул отряд 24үнөн 25-апрелге караган түнү жөнөп кетти. М.Д. Ско-белев өзү баштаган негизги күчтөр кыргыздардын тике маңдайынан келип, кармаш майданынын алдында үч бөлүккө бөлүнүп чабуул коюу чечилди. Биринчи бөлүктүн башында Штакельберг туруп, ал оң жактан капчыгайдын кыргагына чыгуусу жана капталдан чабуул коюусу, ал эми Боголюбов баштаган сол бөлүк сол кыргактан айланып өтүп чабуул жасоосу, М.Д. Скобелевдин командасы болсо көтөрүлүшчүлөрдүн тике бет алдына штурмга чыгуусу пландаштырылды.

Коргоочуларга 200 метрдей аралык калганда кармаш башталды. Алгач оң, сол бөлүктөр кыргыздардын жан аябаган ташбараңына карабай, мылтыктын жана М.Д. Скобелевдин колоннасынан атылган ракеталык станоктордун огунун күчү менен капчыгайдын эки тарабындагы кыргактар ээленди. Капталдагы колонналар ыңгайлуу өңүт алышын, чабуул баштаган кезде М.Д. Скобелевдин колоннасы штурмга чыкты да, биринчи коргонуу чеби алынды. Ушундай эле ыкма менен экинчи жана үчүнчү коргонуу

[1] *Ювачев И.П.* Курманджан датха — кара-киргизская царица...967—968-беттер.

тизимдери алынгандан кийин мөндүрдөй жааган окко туруштук бере албай, мындай кармашка мурунтан катышпаган, "каракелтек" кыргыз кошууну түшкө чейин созулган катуу салгылашуудан кийин чегинүүгө аргасыз болду. Курманжан датка башчаган улгайган адамдарын алдыга жөнөтүп, коргоно кармашып олтуруп, Абдылдабек Алай тоолорунун бийик жайлоолорун карай качты. Кыргыз кошуунунан 150дөй киши набыт болду, туткунга 3—4 киши гана түштү. 8 фальконет, 80 мылтык, 3 байрак орустардын колунда калды. М.Д.Скобелевдин отрядынан 24 киши өлдү жана жарадар болду[1].



Ош уездинин башчысы, келечектеги генерал М.Е. Ионов

М.Е. Ионовдун отряды болсо Буудайлык, Муланбел, Тарганлык, Кичи-Бүлөөлү, Ак-Бел, Сасык-Бел, Аскалуу аркылуу Сопу-Коргонго түштү. Ал кыргыздардын алдынан чыгууга үлгүрбөй калды, бирок тооке, сарттар урууларынын айылдарын тыптыйпыл кылууга жетишти[2].

26-апрель күнү М.Д. Скобелев атайын отряд жиберип, Терек-Даван, Дарвазга чейин чалгындоо ишин жүргүздү. Сопу-Коргондон 12 чакырым ыраак Чоң-Алайга кеткен жолдо Бекжандын жана аны менен кошо болгон 4 жигиттин өлүгү табылды[3]. Чамасы, көтөрүлүшчүлөр Бекжанды орус баскынчыларына кызмат кылгандыгы үчүн өлтүрүп коюшса керек.

Жаңырык капчыгайындагы жеңилүү Алай кыргыздарына катуу таасир берди. Орус баскынчылыгынан качып кутулууга мүмкүн эмес экендигин түшүнүп, ошол эле учурда кырылуудан

---

[1] 1876-жылдын 25-апрелиндеги Жаңырык салгылашуусу ОБМСТАнын 1396-фондунун 2-описинин 97-ишинин 56—64-баракчарынын алынды.

[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—62—63-баракчар.

[3] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—23-бет.

аман калууну ойлогон уруу башчылары 27-апрелде Үлчөгө келген М.Д. Скобелевдин алдына кол куушуруп багынып бере баштады. Генерал ал жерде майор М.Е. Ионовдун жетекчилигинде ири отряд калтырып, өзү Өзгөнгө жүрүп кетти. Өзгөн кыргыздарынын башчыларына бул чөлкөмдөрдүн Анжыян уездине киргендигин жарыялоо керек болучу.

М.Е. Ионов 1-майга чейин Үлчөдө болуп, Алай кыргыздарын болуштуктарга бөлүү иши менен алектенди[1]. Ал Ош уездинин жаңы башчысы катары М.Д. Скобелевге 15-майда жазган билдирүүсүндө Оштун тегерегиндеги жана Алай чөлкөмүндөгү кыргыздар согуштардын натыйжасында кыштоолорунан бийик тоолорго көчүп кетип жаткандыктарын, ошондуктан отурукташкан калктан гана зекет алынып жаткандыгын айтып даттанды[2]. Ошол эле мезгилде ага Алымбек датканын уулу Асанбек келип, эгер орус бийликтери кыргыздарды кечирсе, анда анын Кызыл-Артта турушкан туугандары, Көк-Суудагы энеси Курманжан датка орус букаралыгына моюн сунушу мүмкүн экендигин билдирди деп кабарлады[3]. (Бул Абдылдабектин тактикалык кадамы болуу керек.)

Жаңырык салгылашуусунан кийин Абдылдабек тынчып калган жок. Ал жан-жөкөрлөрү, пикирдештери менен алгач Кызыл-Арт, Көк-Суу сыяктуу бийик жайлоолордо жашынып жүрүп, май айынын акырында Кара-Кулжа, Өзгөн, тарапка жыла баштады.

Жаңырыктагы жеңилиш тоолук кыргыздардын эркиндикти сүйгөн маанайын түшүрө алган эмес. М.Д. Скобелевдин кооптонуусу туура экендиги тез эле далилденди. Май айынын акырында Анжыян уездинин тоолуу чөлкөмдөрүндө, Өзгөндүн айланасында, Кара-Кыядан качып кеткен Кудайкул думана хандын кошууну пайда болду. Анжыян уездинин начальниги Смирнов 21-май күнү эртең менен Өзгөндөн чыгып, Кара-Кулжа чөлкөмүнүн Бел-Башат деген жеринде 400дөй козголоңчуларды таратып кайтты. Алардын башында Думана хан, Чаглак думана төрө хана кыргыздар бар эле[4].

Көтөрүлүштүн майда топтору Алай тоолорунун тигил же бул жагынан тынымсыз пайда болуп жатты. Үлчөнүн жанындагы Жошоолу деген жерде Абдылдабектин инилери Асанбек менен Мамытбек 150дөй киши топтоп жаткандыгы жөнүндө кабар ке -

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—64—65-барактар.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—29-барак.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—32-барак жана анын арты.
[4] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—25-бет.

ди. Чамасы Асанбектин майдын аягында М.Е. Ионовго, июндун башында Гүлчө болуштугунун жаңыдан гана дайындалган башкаруучусу Турсункулга келип, орус букаралыгына моюн сунууга даяр экендигин билдирүүсү тактикалык гана жүрүш болсо керек. 8-июндун түнүндө Асанбектин жигиттери Турсункулдун үйүнө кирип, анын орус баскынчыларына кызмат кылгандыгы үчүн "элдин каарына каласың" деп коркутушкандыгы жөнүндө кабарды укkан М.Е. Ионов Абдылдабектин инилеринин тобун талкалоо-го есаул Вырубовдун казак-орус жүздүгүн жиберди. Куралсыз кошуун Жошоолу капчыгайы менен бийик тоолорго качууга аргасыз болду. Чегинүү менен бирге алар ыңгайлуу өңүттөргө, ташгардын артына жашынып алышып, таш кулатуу, таш менен уруу аркылуу куугунду токтотууга аркеттенишкендиги булактардан маалым. Бул кагылышта 25тей жигит курман болду[1].

Ошол күндөрү Алай тоолорунун батыш элеттеринде да козголоң башталды. Анын башында Кудаяр хандын жээни Абдыкерим бек турду. Ал Кокон тактысына өзүн мураскор деп жарыялап, кыргыздардын арасынан кол жыйнап жатты. Абдыкерим бектин кыргыздардын арасына келиши М.Д. Скобелевди чочутту. Ал 1876-жылдын 18-майындагы рапортунда "Абдыкерим бектин тоо арасында пайда болушуна мен маани беремин жана чочулаймын",—деп жазган эле[2].

Г.А. Колпаковский Ташкентке кетерде Кожент уездинин башчысы Нольдеге Кокондо турган Абдыкерим бекти көзөмөлдөп турууга тапшырма берген болучу. Абдыкерим медреседе турук алып, бирок май айында изин суутуп кетти да, көп узабай кыргыздардын арасында Кокон хандыгынын жаңы мураскэру катары таанылды. М.Д. Скобелев Г.А. Колпаковскийге 18-майда жазган катында мындай коркунучтуу адамды Кожентте калтырып коюу жаңылыштык, Кудаяр хандын бардык туугандарын Орусияга сүргүнгө жибериш керек эле деген нааразылыгын билдирген[3]. Петербургдан Ташкентке келе жаткан К.П. Кауфман Г.А. Колпаковскийдин Абдыкерим жөнүндө жазган катын жолдо 29-май күнү алып, анын качып кетишине Нольде күнөөлүү болсо, мен аны саясий маалыматсыздыгына байланыштуу кызматтан алып саламын деген жооп жазган. Ошол кезде Нольде "жергиликтүү камактагылардан пара алат экен" деген деген каңшаар да тарап

[1] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—26-бет.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—34-барак.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—414-бет.

кеткен эле. Чынында ошондой болучу. Кийин 1877-жылы Нольде жана анын жакын жан-жөкөрлөрү текшерилип, пара алгандыгы аныкталган. Алар Түркстан генерал-губернаторунун 1978-жылкы чечими менен 8 жылга Сибирге каторгага айдалган[1].

М.Д. Скобелевдин Г.А. Колпаковскийге 9-июнь күнү жазган билдирүүсүндө ошол мезгилдеги тоо арасындагы жана элеттеги кырдаал мындайча сүрөттөлөт. Кокон хандыгындагы тынчыбаган калк көбүнчө түштүк-чыгыш тоо этектериндеги элеттерде, Өзгөн, Гүлчө, Үч-Коргон, Сох, Исфара тизиминде жайгашкан. Бул чөлкөмдөрдүн ичинен кара-кыргыздар Оштун тегерегинде өтө жыш жашайт. Эки-Суу арасындагы, Наманган бөлүмүндөгү, Кокондон түштүктөгү Чимион, Кожент уезддериндеги кыргыздар коркунучту туудурбайт. Фергана өрөөнүнүн Өзгөндөн Үч-Коргон, Шаймардан, Исфарага чейинки чыгыш жана түштүк-чыгыш тилкени туруктаган кыргыздардын жайлоолору кенен, эли калың жана өздөрү бай турушат, ошондуктан аларда баш ийбөөчүлүк, тартипсиздик көбүрөөк. Бул кыргыздардын ишенгени Алай тоолору. Ошондуктан мындай ишенимди жок кылуу зарыл. Гүлчө чыңдоосундагы биринчи болуш Турсункулга жакында Асанбек менен Бекжан келишиптир. (Сөз кылынган бул миңбашы 25-апрелде өлгөн Бекжандан башка инсан.) Алардын айтымында Курманжан датканын айылы, Абдылдабектин үй-бүлөсү, уулу Камчыбек менен Арчалы жайлоосунда. Абдылдабек, Оморбек, Сулайман удайчы, Таныкул Берди тоолордо жашынып жүрүшөт, —делген[2].

Ош уездинин биринчи башкаруучусу М.Е. Ионовдун 10-июнда М.Д. Скобелевге жазган катында ага Кара-Кулжа тараптагы Акимбектин болуштугунан таз баргы Мама келгендиги, ал Ош уездинин башчысы М.Е. Ионовго 8-июнь күнү Абдылдабектин иниси Асанбек 40 жигити менен Акимбек болушту, анын уулу Термечикти, таз баргы уруусунун бийи Темиржанды, кара баргыдан Болотбекти, сары баргыдан Солто бийди байлап кеткендиги жөнүндө билдиргендиги жазылган.

М.Е. Ионовдун маалыматы боюнча Абдылдабек 400 жигити менен июндун башында Ажыке жайлоосуна келген. Анын жанында Оморбек, Сулайман жана Кудаяр хандын алыс тууганы Жетим хан жүргөн[3]. Өзгөн болушу Орозаалынын 10-июндагы билдирүүсүндө Абдылдабек 600 киши менен Өзгөндөн 5 чакырым

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—415-бет.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—82—85-баракчар.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—70-барак жана анын арты, 85-барак.

алыстыкта токтогон. Анын келишин өзгөндүктөр кубатташууда, Абдылдабек "кыл куйрук" талап кылып жатат деген маалыматтар да бар эле[1]. Ал эми Кара-Кулжа болушу Акимбектин 21-майдагы билдирүүсүндө Думана хандын кишилери кайрадан Тар суусунун жээгиндеги кыргыздардан кошуун чогулта баштагандыгы айтылат[2].

Абдылдабек менен Думана хандын Кара-Кулжа жана Өзгөнгө келишине байланыштуу ал жакка Анжыян уездинин башчысы Смирнов атайын отряд менен аттанды. Бул отряд Өзгөндө туруктуу кызмат өтөөсү тийиш эле. Абдылдабектин жигиттери 13-июнда Кур-Жар деген жерде орус отряды менен бир аз кармашты да, кийин Бел-Башат аркылуу Жолборстуга өтүп кетти[3]. Эртеси күнү Абдылдабектин күчтөрү Өзгөндөн Кашкарга кетчү жолдун Адгрин кыштагында жыйналып жатыптыр деген кабар келди[4]. Ал эми 15-июнь күнү Абдылдабек алыс узап, Ак-Бооз суусуна жетип калган болучу[5].

Чимион уездинин башчысы капитан Лящевскийдин маалыматы боюнча Абдыкерим бектин кошууну Суу-Башы өрөөнүнүн батыш тарабындагы Сох дарыясына жакын жайланышып, анын курамында 400дөй киши бар эле. Жетекчилери кыргыздардын абагат уруусунун бийи Орозаалы, коженттик кыргыз Каракозу, тажиктерден исфаралык Хабиб-Эшен жана өзбектерден кокондук Калма-Юнус болушкан[6].

Абдыкерим бектин бул тобунан башка лейлектик кыргыздардан да өз алдынча топ түзүлгөн. Анын жетекчилери кыргыздардын абагат уруусунан Абдырахман, Осмон жана Эрманбет пансат болушкан. Абагаттардын Молдо Касым баштаган экинчи бөлүгү тынч эле. Абагаттарга кыргыз-кыпчак уруусунун өкүлдөрү келип кошулду. Бул топ Журт-Каландан алгач Субаимге, андан Кара-Булакка келди[7]. Абагаттар менен кыргыз-кыпчактар Абдыкерим бекке кошулууга аракеттенишкен, кыймылды жалпы өзөмөлдөп турган Абдылдабек менен да байланышта болушкан.

11-июнь күнү М.Д. Скобелев күчтүү отряд менен Маргаландан чыгып келип, Сох жана Исфара өрөөндөрүнүн ортосунда жайгаш-

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—72-барак жана анын арты.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—85—86-баракгар.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—59-барак.
[4] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—61-барак.
[5] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—55-барак.
[6] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—89—90-баракгар.
[7] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—67—68-баракгар.

кан Кара-Булак кыштагында абагаттарды жана кыргыз-кыпчактарды талкалап салды[1]. 12-июнь күнү ал андан ары Лейлекке жөнөдү. Жолдо абагаттардын мал-мүлкүн талап-тоноп, кыштоолорун өрттөп жүрүп олтурду[2].

Июнь айынын ортосунда Чимион уездинде көтөрүлүшчүлөрдүн дагы бир тобу пайда болду. Алар ичкиликтердин нойгут уруусунун бийи Молдо Ашырдын жетекчилигиндеги жигиттер эле. Нойгуттардын башка бийлери Касым менен Абдылда ал мезгилде Кара-Булакта жүрүшкөн болучу. Буларга каршы алгач Чимион уездинин башчысы Лящевскийдин казак-орустардан жана жергиликтүү жигиттерден турган чакан отряды жөнөдү. 18-июнда алар Ноо жайлоосуна кире бериштеги Зардалы деген жерде көтөрүлүшчүлөр коргонуп жаткан чыңдоону ала алышпастан, Кан кыштагына кайтууга аргасыз болушту. Лящевский Сох кыштагынын жанында жайгашкан орус отрядынын аскер башчысы Сполатбогдон көмөк сурап кайрылды. Жүздөй киши менен Сполатбог Кан кыштагына келип 21-июнда Ашырдын кошуунуна каршы жөнөдү. Ашыр 600дөй жигити менен Ноо жайлоосунда жазалоочуларды күтүп жаткан. 23-июнда болгон бул салгылашууда Лящевский менен Сполатбог кыргыздарды багындыра албады да, чегинүүгө аргасыз болду[3]. М.Д. Скобелев орус аскеринин мындай жеңилүүсү жергиликтүү элдин духун көтөрүүгө шарт түзөт деп Сполатбогдун аракеттерине катуу нааразылык билдирди[4].

М.Д. Скобелев мерчемдүү жерлерге көзөмөл бекеттерин коюп, чалгын жүргүзүп, айрыкча жаңы дайындалган болуштарды пайдаланып, кыргыздардын кыймылдары тууралуу маалымат алып турду. Аны айрыкча Абдылдабектин тобу кызыктырган. Себеби, анда көтөрүлүшчүлөрдүн саны көп эле. Анын үстүнө Абдылдабектин тобу башка кыймылдарды координациялап турган. 2-июлдагы маалыматтар боюнча Абдылдабек Өзгөндөгү кармаштан кийин Гүлчө чөлкөмүнө ооп келген. М.Е. Ионовдун билдирүүсү боюнча ал июлдун башында Алайдагы Бугу-Жайлоо деген жерде, ал эми инилери Асанбек менен Мамытбек Сопу-Коргондо кол топтоп жаткандыгы билинди. Аравандык серкер Магомет Фазылдын маалыматы боюнча Абдылдабек Папандагы Турук де-

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—368-барак.

[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—68-барак жана арты.

[3] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—27—28-беттер; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—72-барак.

[4] К истории Кокандского похода.—ВС.—1897.—№ 9.—1-бөлүк.—28-бет; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—153—154-барактар.

ген жерге келгендиги, Суранчы деген жигитти лашкер башы дайындап, Шер жеген жигитти көтөрүлүшкө үндөө үчүн ичкилик кыргыздарына жибергендиги дайын болду[1].

Абдылдабектин колу июлдун биринчи жарымында эки миңден ашып, ага Абдыкеримбек кошулган. 12-июлдун түнү көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү Гүлчөдөгү орус аскерине кол салып, анда капитан А.Н. Куропаткин колунан оор жарадар болду[2]. Ал андан ары Кашкарга элчиликке бармак эле. Натыйжада элчилик кийинкиге калтырылды.

Генерал М.Д. Собелев Абдылдабектин колун талкалоо үчүн эң негизгиси өрөөндөгү жана элеттеги кыргыз айылдары менен анын байланышын үзүүгө аракеттенди. Алай тоолорунан төмөн Фергана өрөөнүнө келүүчү бардык жолдорду тосуп, Костакозго, Исфарага, Сохко, Вуадилге, Үч-Коргонго, Ноокатка чакан отряддарды жайгаштырды. Анжыян, Ош, Гүлчө гарнизондорунан бир нече тез көчмө отряддар уюштурулду. Отряддардын жалпы жетекчилигине полковник Меллер-Закомельский дайындалды. Өзү Абдылдабектин күчтөрүнө тике барууну максат кылып, 200дөй аскер, 1 тоо замбиреги жана 2 ракеталык станок менен Оштун Ак-Буура капчыгайы аркылуу тоо арасына жөнөдү. Мындан башка М.Е. Ионовдун отрядын сол тараптан Талдык ашуусу аркылуу, Витгенштейндин отрядын оң тараптан Кызыл-Коргон аркылуу Абдылдабектин тылынан чыгууга аттандырды[3]. Анын отрядында орус генералдарынын чакыруусу менен Түштүккө келген Шабдан Жантай уулу жана анын 25 жигити бар эле.

Шабдан Жантай уулу Ферганадагы элдик кыймылдын жүрүшүн 1873-жылдан бери эле байкап жүргөндүгү, 1874-жылы Кожент кыргыздарынын суранычы боюнча алар менен байланыш түзүүгө аракеттенгендиги, бирок мындай кадамды орус бийликтери тыйып койгондугу жогоруда жазылган саптардан маалым. Жети-Суу облусунун башчысы 1875-жылы августта Махрам чебинен качып, Фергана өрөөнүнүн чыгыш элетиндеги кыргыз айылдарынан кол топтоп жүргөн Искакты кармап келүү үчүн Шабданды Түштүккө жиберүүгө аракет кылды. Бирок, манаптын туугандарынын мындай "орунсуз миссияны" аткаруу айтылуу Жантайдын уулуна ылайыксыз экендигин эскерткендигине байланыштуу, ал Түштүккө баруудан алгач баш тарткан[4].

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—96-иш.—92,98-баракчар.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—72-барак.
[3] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—416-бет.
[4] *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки политической истории...—349-бет.



Шабдан баатыр Жантай уулу

Ошол айда генерал Троцкий Шабданды Түштүккө келип Махрамдан качкан Полот ханды, Олуя-Ата уездиндеги камактан качып, Көк-Арт тарапта жашырынып жүргөн Абдымомунду издөөгө, Түштүк кыргыз урууларын орус букаралыгына киргизүүгө көмөктөшүүгө сунуштады. К.П. Кауфман Махрамдан качкан Аптабачыны кармоо үчүн барон Штакельбергдин казак-орус жүздүгүнө кошулуп, качкындарды куугунтуктоого катышуусун тапшырды. Ошондуктан Шабдан иниси Абдрахман, жөкөрү Баяке жана 40 жигити менен Тогуз-Торо аркылуу Көк-Арт өрөөнүнө келген. Аны менен кошо Тогуз-Торо болушу Базаркул, бийлер: Бекболот, Эгемберди, Атаке, аткаминер жигиттер: Кожогалы, Кулмамбет, Шадыкан жана Дөңбайлар бар эле. Алгач Шабдан Сузактагы Жаңы-Чек деген жерге токтоп, Жусуп бий, Чеки бий, Ормон бий, Абдрахман бий, Таштан казылар менен байланыш түзгөн[1]. Андан кийин Шабдан жигиттери менен Штакельбергдин отрядынан алдыга озуп, Кауфмандын буйругу менен Анжыянга жөнөдү. Бирок анын жолун Айым кыштагы ченде Полот хандын жигиттери тосуп, Шабдандын К.П. Кауфманга жиберген чабарманын колго түшүрүшөт. Ушуга байланыштуу манапка Штакельбергди күтүүгө туура келди. Орус отряды менен кошулган Шабдандын жигиттери К.П. Кауфмандын Наманган тарапка кеткенин угушуп, ошол жакка бет алышты. Жолдо Избаскен, Ботокара чөлкөмдөрүндө Полот ханды жигиттери булардын алдын экинчи жолу тосушту. Барон Шаткельбергдин 1875-жылдын 1-октябрындагы рапортунда Избаскен менен Ботокаранын жанындагы көтөрүлүшчүлөр менен болгон кагылышууларда Шабдандын "көрсөткөн эрдигин" жогору баалаган. "Өзгөчө манап Шабдан жана менин татар котормочум Шерад экөө Тогуз-Тородон чыккандагы чек аралык бекет Атай капчыгайынан баштап Наманганга чейин керектүү чалгын маалыматтарын жыйноодо, инсургенттердин чабуулдарын кайтарууда зор көмөк көрсөтүштү",—деп жазат барон[2].

---

[1] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—81-иш.—338-барак.
[2] ОБМСТА.—1393-ф.—1-оп.—85-иш.—55—57-барактар.

Бул окуядан кийин Шабдан Жантай уулу орус жазалоочулары менен бирге Наманганда турду, Анжыянда болду. "Жакшы кызматы үчүн" Шабдан, анын жигиттери Георгиев крести, сый халаттар, акча менен сыйланышты. Коженттен октябрдын аяк ченинде Чүйгө кайткан Шабдандын отряды, бир жыл эс алгандан кийин гана эми М.Д. Скобелевдин чакыруусу менен 1876-жылы июлда Ошко келген болучу[1].

Шабдандын калган жигиттеринин онун М.Д. Скобелев Штакельбергге, онун чалгынга бөлдү. Көтөрүлүшчүлөр Турук капчыгайында орус аскерин күтүп жатышкан. 18-июль күнү М.Д. Скобелев Абдылдабектин кошуунуна жакындаганда, күчтүн жетишсиздигин сезген көтөрүлүшчүлөр, Кайыңды ашуусу аркылуу Чоң-Алай тарапка чегинип кетишти[2]. М.Д. Скобелев Ошко кайтты, жазалоочулар менен Шабдандын жигиттери көтөрүлүшчүлөрдү Кайыңдыга чейин кууп келишти да, кайра тартышты.

Аларга жетпей тургандыгына көзү жеткен М.Д. Скобелев, Абдылдабекти үгүтөө менен баш ийдирүүгө аракеттенип көрдү. 21-июлда ал Оштон үч жигит көштогон Шабдандын иниси Абдрахмандан Абдылдабекке кат жиберди. Катта: *"Абдылдабек датка. Сизге Абдыкеримбекти жаныңызга алып, адамдарыңыз менен ыктыярдуу түрдө бизге келишиңизди сунуш кыламын. Сиз жеңилбес орус армиясын тоолор да, суулар да, душмандар да токтото албасына, алардын алдында өзүңүздүн да туруштук бере албашыңызга көзүңүз жетти. Ошондуктан Сиз качандыр бир кезде колго түшмөйүнчө качкын болуп жүрө бериңиз айкын. Эгер Сиз багынып берсеңиз, анда "Жарым падышанын" улуу боорукердигине жана ырайымына бөлөнөр элеңиз! Чынында өзүңүз баарын жакшы түшүнөсүз..."*—деп жазылган[3].

М.Д. Скобелев 20—21-июль күндөрү алайлык кыргыздарга эки түрдүү чакырык таратты. Алардын 27 нускадан турган биринчи түрүндө М.Д. Скобелевди Алайда тынчтык орнотууга жарым падыша өзү жибергендиги, көтөрүлүшчүлөргө жардам бергендиги үчүн адыгине, сарттар урууларынын мал-мүлкү тартылып алынары, эгер "каракчыларга" кимде-ким дагы көмөк көрсөтө берсе дагы ушундай болору, тартипти орнотууга, "шайкаларды" жок кылууга кол кабыш кылгандарга ак падышанын жана жарым пады-

---

[1] Караңыз: КУИА.—Коомдук илимдер фонду.—1696-оп.// Шилтенген материал *Б. Жамгерчиновдун* "Очерки политической истории.." деген китебинин 400—404-беттеринен алынды.

[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—182—185-баракчар.

[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—154-барак.

шанын ырайымы жарыялана тургандыгы жазылган[1]. Ал эми алайлык кыргыздардын жапалак, төлөйкөн, жоош, качыбек, көк-чө, бөрү, жылкелди, көк-жатак, кушчу, тооке, баргы, бакал, субай, олжоке, жору, сарттар, карабаргы, сарыбаргы, тазбаргы сыяктуу 19 уруунун бийлерине багышталган чакырыктардын экинчи түрүндө жогоркудай мазмундагы сөздөрдөн кийин уруу башчылары Чупан-Ата, Зара-Булак, Хива, Махрам, акырында Анжыян кыргындарын эстеп коюуларын, эгер алар кол куушуруп М.Д. Скобелевдин алдына келишсе, "аман" жарыяланарын айтып, Абдыкерим бек сыяктуу адамдарды кармап, аларды тирүүбү же өлүүбү, айтор орус бийликтерине тапшырышса, урматтуу таксырдын жана жарым падышанын ырайымына калары эскертилген[2]. Чакырыктарды таратууга туш-тушка киши чаптырылды.

7.2. Алайдагы акыркы таймаштар

М.Д. Скобелев 1876-жылы 20-майда эле Түркстан генералгубернаторуна жазган рапортунда алай кыргыздарын тынчтандыруу үчүн жай мезгилинде "Алай илимий-согуштук экспедициясын" уюштуруу керек деген пикирин айткан болучу[3]. Андан берки окуялардын жүрүшү, орус баскынчыларынын жер уусун чалгындоо менен Алай тоо кыркалары жөнүндө керектүү согуштук-стратегиялык маалыматтарды топтошу, айыгышкан кармаштарда эркиндикти сүйгөн тоо журтунун алсырашы жана башка факторлор "Алай экспедициясынын" башталышына ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Бул жүрүш Түштүк кыргыздарын биротоло орус колонизаторлорунун алдында тизе бүктүрүүнүн иш жүзүндө аткарылышына зор мааниси бар эле.

1876-жылдын июлунун экинчи жарымында Алай тоолорунда чачкын чыгуулар токтоп, орус баскынчыларына каршылык көрсөткөндөрдөн негизинен Абдылдабек менен Абдыкеримбектин күчтөрү гана калган болучу. М.Д. Скобелев Абдылдабекке жазылган каттын жообун күтпөстөн, Ошто айтылуу. "Алай илимий-согуштук экспедициясына" шашылыш даярданды да, 22-июль күнү аны баштоого буйрук берди. Экспедицияны баштоо жөнүндө К.П. Кауфмандын буйругу 26-июль күнү чыкты. Мындай иш-чара алай кыргыздарын орус букаралыгына биротоло баш ий-

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—153-барак.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—155-барак жана анын арты.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—65-барак.

дирүүгө зор жардам бермек. Буйрукта кыргыздардын орус бийлигин таанығысы келбей, көтөрүлүштү кайрадан тутандырууга аракеттенип жаткандыгына байланыштуу генерал М.Д. Скобелев-ге чакан отряддар менен Фергана өрөөнүнө чыгуучу жолдорду тосуп, анан Алай тоолорунун чыгыш бөлүгүнө башкы күчтөр менен жүрүш уюштуруу керектигин буйрудум деп жазылган эле[1].

Экспедициянын курамына аскердик күчтөрдөн тышкары бир топ окумуштуулар кошулду. Астрономиялык, барометриялык байкоолорду жүргүзүүгө подполковник А.П. Бонсдорф, механик Михельсон, зоогеографиялык материалдарды жыйноого В.Ф. Оша-нин, статистикалык маалыматтарды чогултууга Л.Ф. Костенко, топографиялык чиймелерди даярдоого Лебедев чакыртылды. Ошондуктан бул экспедиция "Алай—Памир согуштук-илимий экспедициясы" деп аталып калды. Чынында анын негизги максаты алай кыргыздарын биротоло каратууга багытталган кадимки эле согуштук басып алуу экспедициясы болучу.

Алай экспедициясы мурункудай эле үч колоннанын жүрүшү менен башталды. 1-колонна полковник Витгенштейндин башчылыгында Папан, Шат, Турук капчыгайлары аркылуу, 2-колонна подполковник Вардердин, капитан А.Н. Куропаткиндин жетекчилигинде Үч-Коргондон Чоң-Алай багытына, негизги — 3-колонна М.Д. Скобелевдин, М.Е. Ионовдун жетекчилигинде Ош—Гүлчө—Сопу—Коргон аркылуу Алай тоолоруна жүрдү. Ар бир колонна жол көрсөткүч жана көмөкчү согуштук күч катары кыргыз жигиттери менен коштолду. М.Д. Скобелевдин командасында белгилүү Шабдан баатыр Жантай уулу нөкөрү Баяке, экинчи иниси Байбосун баштаган 40тан ашуун жигиттери менен болду. Экинчи колонна менен жөнөгөн генералдык штабдын капитаны А.Н. Куропаткин андан ары Кашкарга элчиликке баруусу пландаштырылды[2].

М.Д. Скобелев 26-июль күнү Сопу-Коргонго жеткенде Асанбек агасы Абдылдабектин М.Д. Скобелевге жазган жооп катын алып келди. Кат алып келгендердин ичинде М.Д. Скобелевдин 21-июндагы катын Абдылдабекке алып берген Шабдандын иниси Абдрахман жок эле. Чамасы аны Абдылдабек барымтага алып калса керек.

Каттын тарыхый маанисинин олуттуулугуна байланыштуу төмөндө анын мазмунун толук беребиз.

---

[1] Голос.—1876-жыл.—22-сентябрь.

[2] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—411-бет.



Абдылдабек Алымбек уулу

М.Д. Скобелевдин катын алып "ыраазы" болгондугун айтып келип, Абдылдабек катта мындай деп жазыптыр: "*Кудайга жана анын пайгамбарына ишенген биз ушул мезгилге чейин силерге каршылык көрсөтүп келебиз. Бул иш Сиз тараптан шартты бузгандык үчүн жасалып олтурат. Мисалы, жарым паша Насирдинге Кокон хандыгын берип койгонуңуздар менен, аны алдап, кайра Сибирге жөнөтүп жибердиңиздер. Ал эми Сиз, генерал Скобелев, элге кадырлуу Абдрахман аптабачыны жана бир нече биздин бийлерди Коконго олтургузамын деген куру убадалар менен колго түшүрүп алгандан кийин так ошондой эле жол менен Сибирге жөнөттүңүз. Мына ушулардын баары биз үчүн коркунучту жана ишенбөөчүлүктү туудурду. Ошондуктан Исламды туткан бир нече адам силерге катуу каршылык көрсөтүүгө бел байладык.*

Сиз, өзүңүздүн чоң жана жеңилбес армияңыз менен сыймыктанасыз. Ал эми биз кичине адамдарбыз, ошондуктан кудайга сыйынып, шүгүрчүлүк гана кылабыз. Мүмкүн Көктөгү жараткан бизге да ырайым кылаар...

Эгер берген убадаларыңызды так аткарсаңыз, биз да Сиздин сунуштарыңызга макулдугубузду берет элек. Бирок жогорку себептер менен биз эми кашык каныбыз калганча силерге каршы күрөшө беребиз. Биз көчмөнбүз, ошондуктан бизге эч кандай мүлктүн кереги жок, кудайдын берген даамына жана тузуна ыраазыбыз.

Токмоктон баштап Сиз кыргыздарды, кыпчактарды, сарттарды убадаңызды аткаруу менен багындырып келе жатасыз. Ал эми Коконду алганда Сиз таптакыр өзгөрдүңүз, ошондуктан ушул толкундоолор чыгууда, эгер Сиз сөзүңүздө турсаңыз, бул болмок эмес.

Эгер Сиз тынчтыкты каалап, убадаңызды аткарсаңыз, анда бул ишти Шабдан баатырга тапшырыңыз, биз ошого макулдугубузду беребиз. Шабдан кандай ойлосо ошондой чечилсин. Чынында ал өз ишиңиз.

Анан дагы бир нерсе. Эгер Шабданды Ош уездинде калтырсаңыз, анда ал бул жерде тынчтыкты орнотор эле деп ойлойбуз".

Каттын кайсы күнү жазылгандыгы жөнүндө маалымат жок. Аягында Абдылдабектин мөөрү басылган[1]. Каттын мазмуну Абдылдабектин дипломатиялык жөндөмү, анын айтылган убаданы мыйзам катары кабыл алган тоолук кыргыздын чынчыл жана убадага бек турган түз мүнөзү, кырдаалды туура түшүнгөн билимдүүлүгү, жеңилсе да, элинин келечегин ойлоп, анын тагдырын орус баскынчыларына кошулуп жүрсө да кыргыз өкүлү катары Шабданга тапшырган тарыхый кеменгерлиги ачык көрүнөт.

М.Д. Скобелев Сопу-Коргондо 27-июлда отрядга өргүү берип, Абдылдабекке экинчи жолу кат жазды, аны алып барып берүүгө Шабдандын экинчи иниси Байбосунду жана орус баскынчыларына көмөк көрсөтүп жүргөн Ташбек датканы жиберди. Асанбек да алар менен кошо кетти. Кыска жана өкүм жазылган катта төмөнкү сөздөр бар эле:

"Сиздин катыңызга жооп кылып, мен төмөнкүлөрдү билдиремин... Мен мурунку катта баарын түшүнүктүү эле жазгамын. Аны дагы түшүндүрүп олтурууга убакытым жок. Ошондуктан, Сиз бизден ырайым кааласаңыз, анда мен атайын жиберип жаткан Шабдан баатыр жана Ташбек менен бизге келиңиз! Скобелев"[2].

Алынган маалыматтарга караганда Абдылдабектин лагеринде Шабдан жана Ташбек датканын Абдылдабек жана Абдыкерим бектин катышуусунда сүйлөшүүлөр жүргөн. М.Д. Скобелевдин каты окулуп, кеңеш өткөрүлгөн. Шабдандын Ош уездинде башчы болуп калышы элге тынчтык болоруна үмүттөнгөн Абдылдабек багынып берүүнү сунуш кылган. Бирок такты кайтарууну самап, кыргыздардын абалына жана тагдырына кайдигер караган хан урпагы Абдыкерим бек бул сунушка караманча каршы болду. Аны Абдылдабектин башка шериктери да коштоп кетишти. Натыйжада Абдылдабек үмүтсүз күрөштү уланта берүүгө аргасыз болду да,

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-ип.—154-барак.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-ип.—154-барак.

Шабдандын иниси Абдрахманды эки жигити менен барымтага алып, Кызыл-Артты ашып, Чоң-Алайга өтүп кетти[1]. Кийинчерээк Абдрахманды Адилбай менен Смандияр байлардын суранычы менен Абдылдабек бошотуп жиберди[2].

29-июлда Үч-Дөбөдө М.Д. Скобелевдин негизги отрядына кошулган Витгенштейндин колоннасы жана Шабдандын жигиттери Абдылдабектин кошуунун куугунтуктап, Кызыл-Артка чейин келишти. Эртеси капитан Боголюбовдун чакан отряды Шабдандын жигиттеринин көмөгү менен Кара-Көлдө тыныгып жаткан көтөрүлүшчүлөрдү капыстан басууга даярданып жатканын байкап калган Абдылдабек өзүнө караштуу адамдары менен Чоң-Суу капчыгайы аркылуу Кашкарга алып барчу Туюк-Суу өзөнүнө кирип кетти. Князь Витгенштейн Шабдандын жигиттери менен Абдылдабекти бир аз куугунтуктады, бирок изин жоготуп жиберди. Мунгуш уруусунун бийи Пулаттын кийлигишүүсү менен Абдылдабектин энеси Курманжандан уулун издөөгө убадасын алгандан кийин гана Витгенштейн артка кайтты. Ал эми Суранчы бий, Молдо Ашыр, Болотбек баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн экинчи бөлүгү Кара-Мыкты ашып, Кара-Тегинге чегинди[3].

М.Д. Скобелевдин 21—22-июлдардагы алайлык кыргыздардын бийлерине жазган чакырыктары тоолуктарга көп деле таасир бербеди. Алар Абдылдабекти кармоону уюштурбады, орус бийликтерине кол куушуруп да келишпеди.

Майор М.Е. Ионов 29-июль күнү отряды менен Кашкардан кайтып Ооганстанга өтүп бара жаткан Курманжан датканын көчүн кууп жетип, датка-айымды колго түшүрдү.

Датка июнь айындагы кармаштарда эле Кашкарга көчүп кеткен болучу. Бирок ал жерде Курманжандын айылы тынч жашай албады. Ошол мезгилде бийлигинин акыркы күндөрүн өткөрүп жаткан Жакыпбек (ал 1877-жылы июнь айында өлгөн) Курманжан датканын келишин жактырган эмес. Ошондуктан июль айынын акырында Курманжан датка-айым айылы менен талап-тонолгон мал-мүлкүнүн калган-катканын алып Алайга кайра көчкөн. Бул жерде "Алай экспедициясы" кызуу жүрүп жаткандыгын билгенден кийин ал шашылыш түрдө Ооганстандын Памирине көчө качууну ойлоп калган болучу.

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—220-барак жана анын арты.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—220-барак жана анын арты.
[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—221—222-баракгар; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—234—240-баракгар.

М.Е. Ионовдун туткунуна Курманжан каршылык көрсөтпөдү, анын М.Д. Скобелевге жолугуу жөнүндөгү талабына макул болду. Бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбекти жана небереси Мырзапаясты алып, ал Чоң-Алайда М.Д. Скобелевдин лагерине түштү.



Курманжан датка-айым

Генерал Датканын келишине чоң дасторкон уюштуруп, алтын чөйчөк белек берди жана парча чапан жапты. Курманжандын туткун абалына карабай өзүн салабаттуу кармап, акылдуу жана терең сөздөрү менен М.Д. Скобелевди таң калтыргандыктан, генерал Даткага орус бийликтерине ал жөнүндө маалымдаган алгачкы рапортунда "Алай канышасы" деген наам ылайык келерин жазды. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Курманжан орус бийликтерине багынгандыгын билдирип, балдарын кайра мурунку жайларына көчүрүп келүүгө, алайлыктарды орус букаралыгын кабыл алууга көмөктөшүүгө убадасын берди[1].

Курманжандын бул кадамы көтөрүлүштүн ишине чыккынчылык деп саналбайт. Алысты көрө билген айым тарыхтын жазмышын таасын түшүнүп, пайдасыз кармаша бергенден көрө орус букаралыгын таануунун туура чечим деп эсептеген.

Ушул окуялардан кийин алай кыргыздарынын бийлери Чоң-Алайдын Арча-Булак деген жеринде өргүү алып жаткан М.Д. Скобелевге саламга келе баштады. 31-июлда адыгине уруусунан Касымбек менен Кожогелди бий, монгуштардан Гадай бий, Исфандияр, Пулат бий, Гусулман бий өзүлөрүнүн багынгандыктарын

[1] *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки...—399-бет.

билгизип, Үскөбүл пашанын алдына келишти[1]. Ошол эле күнү ичкиликтердин тейит, кесек урууларынан да бийлер келишти. Аларды М.Д. Скобелев мурункудан бир жарым эсе ашык зекет төлөөгө (эгер Кокон бийлиги кезинде зекеттин өлчөмү 100 койдон болуп, ал 4 орус рублине туура келсе, эми анын ордуна 6 рублден берүүгө туура келген.); 150 солдат үчүн жарамдуу ат-көлүк берүүгө, Гүлчөдөн Талдык-Даван аркылуу Кызыл-Суу өрөөнүнө араба жол салууга милдеттендирди[2].

Курманжан артка кайтуу жөнүндө уулу Абдылдабекке кат жазып, аны алып барып берүүгө монгуштардын Пулат бийи жөнөдү. Абдылдабек инилери Асанбек менен Мамытбекти артка кайтарганы менен, өзү орустарга багынып берүүгө караманча каршы болду. Бир аздан соң ал Памир тарапка ооп кетти.

Алай кыргыздарынын акырындап мурунку жайларына кайта баштагандыгын байкаган М.Д. Скобелев Алай тоолорунун калкы эми гана орус бийлигине багынды деп эсептеди да, ал жөнүндө 5-август күнү К.П. Кауфманга телеграмма жөнөттү. Телеграммада Курманжан датканын кармалгандыгы билдирилди[3].

1876-жылдын августунун башында Алай экспедициясынын үчтөрт багытка тарап кеткен топтору Чоң-Алай өрөөнүндөгү Дароот-Коргон кыштагына топтоло баштады. М.Д. Скобелев бул жерди узак мезгилге чейин ыңгайлуу өңүт катары пайдалангысы келген. Анткени Дароот-Коргон коңшу турган Бухара эмирлигинин ээлиги болуп эсептелген Кара-Тегин өрөөнүнө ыңгайы келсе басып кирүүгө жакын жер болучу.

Абдылдабектин күчтөрү талкаланганы менен тоолуктар али толук тынчый элек эле. Кара-Тегин тарапка качып кеткен Абдыкерим бек 29-июлда орус колонизаторлоруна каршы газават уюштуруу жөнүндө ичкилик кыргыздарына үндөө менен кайрылды[4]. Витгенштейндин отряды менен Шабдандын жигиттери Кара-Көлгө чейин көтөрүлүшчүлөрдү куып баргандыгы белгилүү. Кара-Көлдө козголоңчулардын бири колго түштү, андан Зардалыдан 30 чакырым жерде көтөрүлүшчүлөрдүн ири тобу жайгашкандыгы жөнүндө маалымат алынды. Ошондуктан М.Д. Скобелев Дароот-Коргонго кайтып келген Витгенштейндин тез көчмө отрядына

---

[1] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—223-барак.

[2] *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки...—399-бет; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—238—239-баракгар.

[3] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—307-барак; ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—68-иш.—239—240-баракгар.

[4] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—288-барак.

жана Шабдандын жигиттерине Туз-Алтын-Дарага чейин барып, ичкилик кыргыздарынын урууларын орус букаралыгына баш ийдирип келүүнү буйруду[1].

Бул уруулар июлдун экинчи жарымында эле көтөрүлгөн Сох суусунун Дургумак, Кара-Көл, Раут куймаларынын бойлорунда жашаган ичкилик кыргыздардын 800дөй жигиттери болучу. Алардын башында Мамбет бий, Жармамбет, Кудайназар, Маткерим, Муратбай жана Эшмамбет турушкан. Алар Абдылдабектин тобуна кошулбастан өздөрүнчө аракеттенип жатышкан. Молдо Ашырдын тобуна тилектештигин билдирип, ал Кара-Тегинге качканда кабарлашып, күчтөрдү бириктирүүгө аракеттенишкен. Ошондуктан Молдо Ашырдын 50 түтүн туугандарынын айылына жакын Жоро ашуусунда жайгашып, орус аскерлеринин келе жатканын укканда кийин Абдыкерим менен Молдо Ашырга тилектеш ичкилик кыргыздарынын жайлоолоруна орус жазалоочуларын өткөрбөөнү максат кылышып, үч кабат таш тоскоол даярдашып, күтүп жатышты.

Молдо Ашырдын айлын талкалоону Колетеевдин жүздүгүнө калтырып, Витгенштейн менен Шабдандын отряды көтөрүлүшчүлөргө чабуул коюшту. Анда санда гана милтелүү мылтыктын атылганы болбосо негизинен таш, союл менен куралданган көтөрүлүшчүлөр ар бир таш тосмону оңойлук менен бере коюшпады. Капитан Щерпинскийдин, сотник Дризендин отряддарынын коргонуучуларды айланып өтүп, алардын капталынан мөндүрдөй жаадырган огу гана чабуулга ийгилик алып келди. Көтөрүлүшчүлөрдүн 51 киши си, алардын ичинде Эшманбет, өлдү. Төрт саат бою айыгышкан кармаштан кийин коргонуучулар артка чегинип, натыйжада Молдо Ашырдын айылы тыптыйпыл талкаланды. Малмүлк олжолонуп, "эрдиги үчүн Шабдандын жигиттерине тартууланды[2].

Абдыкерим бек, Молдо Ашыр жана башкалар Кара-Тегинге жашынгандыктан, М.Д. Скобелев Кара-Тегинди каратып, аны Бухара эмирине тартуулоо менен эмираттын Орусияга вассалдык көз карандылыгын дагы бир жолу ырастоо, ушундай ыкма менен Кара-Тегин жана Памир тургундарынын көз алдында орус куралынын күчүн көрсөтүп коюу сунушу менен К.П. Кауфманга кайрылды. К.П. Кауфман мындай текебердүүлүктү жактырбады, бирок Бухара эмирине Кара-Тегиндин беги Раим Шаага орустар-

---

[1] *Костенко Л.Ф.* Экспедиция в Алайские горы.—ТС.—Т.150.—128-бет.
[2] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—21—24-баракгар.

дан качкан көтөрүлүшчүлөрдү кайтарып берүүсүн талап кылган кат жиберди[1].

Сунушун К.П. Кауфман колдобогон М.Д. Скобелев эми эч болбосо Кара-Тегин менен жаңы орус ээликтерин тактап алууну көздөдү да, августун биринчи жарымында Шабдан менен Ташманбет байды Раим Шаага жиберди. Элчилер алып барган катта Орусия менен Бухара достук мамиледе болгондуктан Кара-Тегиндин беги да ак падышанын колтугунда болуп калары, эгер ал Орусияга каршы кандайдыр бир каршы аракеттерди жасаса аёосуз жазаланары эскертилип келип, чек ара боюнча бир топ талаптар көрсөтүлгөн болучу[2].

Раим Шаа шашканынан элчилерге кошуп өзүнүн иниси Сопуханды М.Д. Скобелевге жиберди. Дароот-Коргондо, анан Чоң-Кара-Мыкта өткөн сүйлөшүүлөрдөн кийин 28-август күнү чек ара боюнча орус—каратегин келишими түзүлдү. Келишим боюнча мурунку кокон—букара чек арасы калыбына келтирилди[3] жана Кара-Тегиндин беги Раим Шаа М.Д. Скобелев койгон талаптардын баарына макулдугун берди[4].

1876-жылдын август айынын этегинде Дароот-Коргонго чакан гарнизон калтырып, генерал М.Д. Скобелев Фергана өрөөнүнө кайтты да, өзүнүн негизги иши — облус губернаторлугу ордуна олтурду.

"Алай илимий-согуштук экспедициясы" 1875—76-жылдардагы Фергана өрөөнүн Орусияга каратуу кампаниясында олуттуу саясий-согуштук мааниси бар этап болуп калды. Муну менен Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуу аяктады. Падыша өкмөтүнүн толук эмес маалыматтары боюнча 17380 түтүн алайлык кыргыздар (адыгине — 3145 түтүн, ичкиликтер —1225 түтүн, монгуш — 13010 түтүн) орус букаралыгына киргизилди. Алардан Гүлчө, Ак-Буура, Ноокат болуштуктары уюштурулуп, Ош уездинин курамынын негизин түздү[5].

Алай тоолорундагы кармаштар орус аскери үчүн ыңгайсыз жана татаал шарттарда жүргөндүктөн, өзүнүн оордугу жана саясий-стратегиялык мааниси жагынан Фергананын түздүктөрүндө 1875-жылдын августунан 1876-жылдын февралына чейин созулган согуштарга тете болгон. Бул жөнүндө генерал К.П. Кафумандын

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—418—419-беттер.
[2] ОБМСТА.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—319—320-баракчар.
[3] ОБМСТА.—1438-ф.—1-оп.—1-иш.—20-барак жана анын арты.
[4] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.2.—419-бет.
[5] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—86-барак.

1876-жылдын ноябрындагы буйругу маалымдайт. Анда"... Кокон хандыгын Улуу Таксырдын букаралыгына алып келген даңктуу жортуулдан жана тоолуктарды тынчыткан ошондой эле даңктуу, кыйынчылыгы да кем эмес Алай тоолоруна болгон жортуулдан кийин... Фергана өрөөнүндө тынч турмушка өтүү ишке ашты",— деп жазылат[1].

Бирок Алайдын калкы 1876-жылдын акырына чейин толкундоолорун тыйбады. Майда-майда чачкын козголоңдор тоолордун ар кайсы жерлеринен чыгып турду. Абдылдабек куралын таштабады. Анын акыркы күчтөрүн Витгенштейн 8-сентябрь күнү Сох өрөөнүнүн баш жагында талкалагандан кийин гана ал ииниси Мамытбекти кошуп, Ооганстан тарапка өтүп кетти[2]. Ал жакта Меккеге барууга даярданып жатып көз жумду. Мамытбек агасынын сөөгүн балга ороп Алайга алып келген деген маалымат санжырада айтылат.

Күз айларында алайлыктардын нааразычылыктарын басып, орус бийлигин кыргыздарга биротоло таанытууга көмөк алуу үчүн М.Д. Скобелев Курманжан менен Мадыда жолугушууга мажбур болду. Алай калкын тынчытуу үчүн Курманжан убада берди, бирок М.Д. Скобелевге көтөрүлүшкө катышкандарды куугунтуктабоо, туткунда калган алайлык кыргыздарды бошотуу, уулдарынын мекенине кайтышына тоскоолдук кылбоо сыяктуу шарттарды койгон. Ошондон кийин гана толкундоолор токтоп, К.П. Кауфман 1877-жылдын январь айында Петербургга Кокон хандыгынын мурунку чөлкөмдөрүндөгү "толук жеңиш" жөнүндө телеграмма жибере алды[3].

1873—76-жылдардагы элдик кыймылдын экинчи мезгилинин акыркы—үчүнчү баскычында көтөрүлүштүн катышуучуларынын курамынын мурунку баскычтардан олуттуу айырмалангандыгы байкалат. 1876-жылдын жаз жана күз айларындагы чыгуулар социалдык жагынан кеңири болгону менен өзүнүн моноулуттуулугу боюнча өзгөчөлөнүп турат. Бул баскычта орус баскынчыларына каршы туруктуу күрөшкөн козголоңчуларды элеттик жана тоолук кыргыздар гана түзгөн. Муну менен 1873—76-жылдардагы элдик кыймыл кыргыздар менен башталып, кыргыздар менен аяктагандыгын жана алардын кыймылдын идеяларына башкалардан тереңирээк сугарылгандыгын баамдоо кыйын эмес. Көчмөндөрдүн

---

[1] ӨБМТА.—715-ф.—1-оп.—69-иш.—200-барак.
[2] *Джамгерчинов Б.Д.* Очерки...—399-бет.
[3] *Бабабеков Х.* Народные движения...—108-бет.

кыймылдагы олуттуу ролун орус баскынчыларынын өздөрү да жогору баалагандыгын ошол учурдун мезгилдүү басма сөз материалдары даана көрсөтөт[1].

Ошентип, Алай өрөөнүнүн кыргыздарынын 1876-жылдын аягына чейин орус букаралыгын таануусу Кыргызстандын түштүгүнүн Орусияга каратылышынын ишке ашырылышы болду. Кандуу согуштар менен коштолгон бул процесс Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүн каратып алууга караганда өзүнүн катаалдыгы менен айырмаланды. Ал эми согуштук-саясий маанилүүлүгү боюнча Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүн каратуудан кем калбаган айтылуу "Алай жүрүшү" Орусия империясынын колониялык басып алуусунун жалаң гана куралдын күчү менен ишке ашырылгандыгын айкын көргөздү. Буга Абдылдабектин, Абдыкерим бектин, Молдо Ашырдын жана башка көптөгөн өз элинин эркиндигин ыйык тутткан инсандардын орус баскынчылыгына каршы аракеттери күбө. Ошондуктан Орусиянын Кыргызстанды басып алышынын экинчи доору болгон Түштүк кыргыздарды каратуу процессин тикеден тике басып алуу деп атоо туура экендигин баса көрсөтүү тарых логикасына туура.

Азаттыктын деми менен суугарылган тоолуктарды атайын иштелип чыккан "Алай илимий-согуштук экспедициясынын" жүрүшү гана жеңе алды. Багынып берүүдөн өлүмдү артык санаган Абдылдабек сыяктуу эл уулдары өз өмүрүн кыюу менен кийинки муундарга ЭРКИНДИКТИН идеясын түбөлүккө таштап кетишти.

---

[1] О борьбе русских с кыпчаками и кара-киргизами.—Голос.—1876.— 105.

КОРУТУНДУ

Кыргызстандын Орусия империясына каратылышы кеминде 80 жылды кучагына алган узак жана көп кырдуу жараян. Орусиянын Түркстанды басып алуусу бул жердеги көп улуттуу калктын тарыхый тагдырына олуттуу бурулуш алып келди. Ал жараян, түркстандыктар кааласа да, каалабаса да, дүйнөлүк алакага кирүүгө объективдүү жол ачты. Ошондуктан каралып жаткан драмалуу окуялардын XXI кылымдын босогосунда турган кыргыз улутунун азыркы абалына маанилүү тарыхый роль ойноп тургандыгын танууга болбойт.

Кыргыз элинин жана Кыргызстандын Орусияга каратылыш маселеси тарыхнаамалык таризде Кыргызстандын азыркы эгемендүү өнүгүш учурунда кандай мааниге ээ болсо, кыргыз тарых илиминин XXI кылымдагы өнүгүшүндө да ошондой эле мааниге ээ боло берери бышык. Демек, изилденип жаткан актуалдуу маселенин тигил же бул жактары узак мезгилдерге чейин кыргыз тарыхнаамасынын иликтөө объектиси болуп, алардын айланасында тарыхнаамалык талаш-тартыш, талкуу улантыла берет.

Жогорудагы аздыр-көптүр изилдөөбүздүн жыйынтыгын чыгарып келип, төмөнкүлөрдү айтмакчыбыз.

I. Орусия жалпы Түркстанга, анын ичинде Кыргызстанга келечектеги колониялануучу объект катары XIX кылымдын биринчи чейрегинен баштап көңүл буруп, аны иш жүзүндө аткаруу ошол эле кылымдын 60—70-жылдарына туура келген. Алгач **оозеки келишимдер** (1813-жылы Ысык-Көлгө келген А.Л. Бубеновдун аракеттери, кийинки жылкы Семейге, Тобольскиге барышкан Качыбек Шералы уулу менен Жакыпбек Ниязбек уулунун миссиясы, 1824-жылы Омбуга барышкан Акылбек Олжобай уулу, Алгазы Шералы уулу жана Алымбек Жапалак уулунун, 1825-жылы Ысык-Көлдүн Жыргалаңындагы кыргыз бийлеринин жыйынына катышкан Ф.К. Зибберштейн менен Т.В. Нюхалевдин, 1827-жылы ошол эле жерде жана Жууку өрөөнүндө болуп кайткан А.Л. Бубеновдун миссиялары), **документалдуу бүтүмдөр** (Омбу шаарында 1855-жылы 17-январда бугу уруусунун атынан, 1863-жылы 13-октябрда чериктердин атынан орус букаралыгына өтүү жөнүндө берилген кыргыз бийлеринин анттары жана бул окуяларды тастыктаган келишим-документтер) менен коштолгон жараян,

1860—1863-жылдардагы Чүй, Нарын чөлкөмдөрүндөгү орус колонизаторлорунун согуштук-саясий аракеттери, Орусиянын Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүн каратууга ыңгайлуу шарттарды камсыз кылды.

1864-жылы Орусия империясынын Түркстанды куралдын күчү менен басып алууларынын башталышы Кыргызстанга олуттуу залакасын тийгизди. Натыйжада Ысык-Көлгө — Ак-Суу (1865), Каракол (1869), Тянь-Шанга — Нарын (1868) чыңдоолору курулду. 1867-жылы Балбай туткунга алынды. Нарын чөлкөмүнө уюштурулган Проценконун аскердик жүрүшүнөн кийин Үмөтаалынын орус букаралыгын таанышы жана башка окуялар Орусиянын колониялык бийлигинин Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүндө иш жүзүндө орногондугун көрсөттү. Ал эми Орус падышачылыгынын Кыргызстандын түндүгүн каратуу процесси 1864—65-жылдары М.Г. Черняевдин Чүйдөн Ташкентке чейинки басып алуу жүрүштөрү, жаңы ээликтерге орус чыңдоолорун (Токмоктогу "биринчи баскычтагы", Меркеде "экинчи баскычтагы" деп аталган) куруу менен коштолуп, Кыргызстандын түндүгүн "Жаңы Кокон тизимине" киргизүү ишке ашырылган. Ал окуялар 1865-жылы Түркстан облусунун, 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунунун негизделишине алып келген. Жаңыдан уюштурулган Жети-Суу облусунун Токмок, Ысык-Көл уезддеринде административдик-саясий бийлик структурасынын түзүлүшү, 1867-жылдан баштап бул чөлкөмдөрдө отор пункттарынын даярдалышы жана алгачкы оторчулардын келиши сыяктуу иш-чаралар менен бекемделген.

Ошентип, Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы толук түрдө 1863-жылы эмес, 1868-жылы гана ишке ашкан. Бул жерлерди каратып алууда эки модел: (келишимдер, бүтүмдөр жана куралдуу басып алуу) колдонулуп, орус бийликтери алгач 1860—62-жылдары солгун, ал эми 1864-жылдан баштап активдүү согуштук басып алууга өткөндүгү белгилүү. Натыйжада Кыргызстан "толук же чыныгы типтеги" (Түркстандын саясий-стратегиялык маанисине байланыштуу жергиликтүү бийлигинде согуштук жана граждандык башкаруу бириккен) колонияга айлана баштаган.

